КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

КЛАССИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР ЖАНА ТЕКСТТЕР

ЫБРАЙЫМ АБДЫРАХМАНОВ
СЕМЕТЕЙ, СЕЙТЕК, МАКАЛ-ЫЛАКАПТАР

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясынын астында

Түзгөндөр
Кубат ИБРАИМОВ,
Нарынбек ӨСКӨНАЛИЕВ

Бишкек
«ПОЛИГРАФБУМРЕСУРСЫ» – 2018

УДК
ББК
К

Кыргыз Республикасынын 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, №119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомунун (2015-ж. 6-апрель, №151-б.) негизинде жарык көрдү.

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.

Редколлегия:

Акматалиев А. А.
Байгазиев С. О.
Жайнакова А. Ж.
Маразыков Т.
Мусаев С. Ж.
Садыков Т.
Токтоналиев К. Т.
Эркебаев А. Э.

К **Классикалык изилдөөлөр жана тексттер:** Ыбрайым Абдырахманов. Семетей, Сейтек, макал-ылакаптар / Түзгөндөр: К.Ибраимов, Н.Өскөналиев. – Бишкек: «Полиграфбумресурсы», 2018. – 528 б.

ISBN

«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер» сериясынын бул томуна Ыбрайым Абдырахмановдун вариантындагы «Семетей», «Сейтек» эпосторунун үзүндүлөрү жана эл арасынан жыйнаган макал-лакаптары кирди.

Китеп фольклористика, манастаануу адистиги боюнча эмгектенген окумуштууларга, жогорку окуу жайлардын филология факультеттеринин студенттерине, аспиранттарга жана элдик маданий мурастарга кызыккан жалпы окурмандарга сунуш кылынат.

УДК
ББК

К

ISBN

© КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2018

© Принт-экспресс, 2018

© Сооронов О., 2018

СЕМЕТЕЙ

СЕМЕТЕЙДИН ҮРГӨНЧКӨ ЖӨНӨГӨНҮ

Чоролор качан келер – деп,
Кандай кабар берер – деп.
Ала-Көлдүн четинде,
Карап турган кезинде.
Эрбең-сербең алыстан,
Эки караан көрүндү,
Карап туруп ошондо,
Көргөндө көөнү бөлүндү.
Анык кабар алышып,
Акшумкарды табышып,
Жетип келди төрөгө,
Эки чоро жарышып.
Сүйүнчүлүү кеп айтып,
Сүйүнчү аба, деп айтып.
«Акшумкарың табылды,
Абийрибиз жабылды!
Ала турган колууктуң,
Айчүрөк келип кабылды.
Үргөнчтүн каны Акун хан,
Кайының экен абаке,
Акундун кызы Айчүрөк,
Зайбың экен абаке!
Периден бүткөн бала экен,
Перишталүү жан экен!
Перини берген бактың,
Абаке ишиң ак экен!
Аксакал Бакай абамдан,
Угуп келдик дайынын,
Акундун кызы Айчүрөк,
Абаке сенин айымың!»
Чоролор айтып токтолду,
Угуп алып бар сөздү,
Эр Семетей султандын,
Оболку дарты козголду.
Чоролордон кеп угуп,
Акундун кызы Айчүрөк,
Анташкан жарың – деп, угуп.
«Жетимдик менин өөнүм – деп,
Жетилбеди көөнүм – деп.
Хан Бакай кеңеш кеп айтпай,
Хан Акун кайның, деп айтпай.
Кайнымды катып жүргөнү,
Кастыгын мага түйгөнү,
Кагылайын чоролор,

Кана Бакай күйгөнү!
Душмандар ушак кеп айтар,
Кеп айтканда эп айтар!
«Өз жесирин ала албай,
Жаманынан Семетей,
Өксүп калды – деп, айтар!
Абасы Бакай айтпаса,
Кайдан билем жакынды,
Канykей айтып бербесе,
Кантип билем Акунду!
Акундун шаары Үргөнчкө,
Барбай кантип тынамын,
Шумкарды алган чүрөктү,
Албай кантип тынамын!
Кайрылып үйгө барбаймын,
Катынга кеңеш салбаймын!
Кара жан аман турганда,
Бул сапардан калбаймын!
Чоролорум турбастан,
Аттын башын бурбастан,
Айтканым эки кылбастан.
Бакай ханга барып кел,
Кабарды мыктап салып кел,
Сары хан менен Бакайды,
Алдыңа салып алып кел!
Кайнарга кайта барып кел,
Канykейди алып кел,
Казынада жаракты,
Кулагына салып кел!
Жортобуз чором Үргөнчкө,
Жоо жарагын камдап кел!
Он төрт атты айдап кел,
Күлазыкты шайлап кел,
Бала төрө Семетей,
Оюна албай бөлөктү,
Чоролорун жөнөттү.
Эки чоро жарышып,
Үзөнгүсү кагышып.
Сары ханга барганы,
Бакайга кабар салганы.
Жылкынын баарын жыйнатып,
Абасынын алдына,
Ала-Көл көздөй айдатып.
Сай бууданды такалап,
Таластын суусун жакалап.
Отко коюп чалдырып,
Он төрт атты алдырып.
Салгар жолго салды ошол,
Сары хан жөнөп калды ошол.
Аксакалын жайкалтып,
Көк тулпарын чайпалтып.
Калкын жыйнап алды ошол,
Хан Бакай жөнөп калды ошол.
Акылы ашык Канykей,
Казынаны ачтырып,
Ирет менен түгөлдөп,
Ак кагазга жаздырып.
Казынага жыйнаган,
Айбалта, мылтык кылычын,
Семетейге билдирбей,
Шайдоот кылган тымызын,
Ок, дарысын мол кылып,
Канykейдин кылышын.
Жоо жарагын камданып,
Калың журту таңданып,
Кереметүү Канykей,
Жөнөп калды шаңданып.
Ала-Көлдүн боюнда,
Арстан төрө жатканда,
Ардемени көп санап,
Кайгыга кабат батканда.
Калкты баштап калкылдап,

Асаба, желек жалпылдап,
Байдын уулу хан Бакай,
Акшумкардай баркылдап,
Эр Семетей султанга,
Жетип келди шартылдап.
Абасы Бакай келгенде,
Бакайга султан кеп айтты
Кеп айтканда деп айтты
«Ала-Көлдүн боюнда,
Абаке жатты зарыгып,
Бакайга айтты бар сөзүн,
Бала төрө таарынып.
Буруларга бутак жок,
Кайрыларга канат жок,
Армандуу жалгыз жан болдум,
Айтканымда калат жок,
Акылың мындай болот – деп,
Акыл айтар ага жок!
Армандуу жетим жаш калдым,
Армандуу болбой турганда,
Акундун кызы Чүрөктү,
Албайт белем талам жок!
Акундун кызын алдырбай,
Абам Бакай кас болдуң,
Жабырымды билбестен,
Жайкаган сөзгө маш болдуң!
Абаке Бакай чыныңды,
Айтпадың мага сырыңды,
Кыямат кетер чагында,
Кыла кой Бакай чырыңды!
Ардыгымдан Семетей,
Азыр бүгүн өлгөнүм,
Өкүрүп жатып көп ногой,
Семетейди көмгөнүң,
Ата ордуна кармаган,
Ушубу сенден көргөнүм!»
Деп, Семетей айтып токтолду,
Тескери карап октолду.
Эр Бакай эми кеп айтат,
Элирип сөздү эми айтат,
«Сагынсаң кызга жетерсиң,
Сабыр кылгын» – деп айтат.
Угуп тургун сөзүмдү,
Ушу турган калайык,
Тамтыгы жок мен болсо,
Таарынганы ылайык.
Айткан сөздү угуптур,
Абаңда айып бар болсо,
Айып сөзгө жыгып тур!
Абаңда айып жок болсо,
Айтышпай менден ыгып тур!
Билбедим балам сынарың,
Чүрөктүн мындай кыларын!
Ачууңду мага келтирбей,
Абыдан жыйна эсиңди,
Акундун кызы Чүрөккө,
Келтирер кудай кезиңди.
Аксакалым жайкалтып,
Атаңа кызмат мен кылдым,
Ата-бала экөөңө,
Аянбай кызмат тең кылдым!
Катын болсо табылат,
Качкан куш келип кабылат,
Калган көңүл,чыккан жан,
Хан Бакай кайдан табылат!
Ургачы болсо табылат,
Учкан куш келип кабылат,
Ушул айткан сөзүңө,
Уятың кандай жабылат!
Арбак сыйлап Акун хан,
Албай кетти эсине,
Түпөйүл кылып бул сөздү,

Түйүп койдум ичиме,
Акунду арбак урсун – деп,
Айтканым жок кишиге.
Айнып калды батадан,
Акунду арбак урсун – деп,
Кетти го качып периге,
Айчүрөк кайдан турсун – деп,
Кайыптын кызы молтолуу,
Кайдан сабыр кылсын – деп.
Батадан Акун жанды – деп,
Баштагы сөзүн танды – деп,
Бейилин салбай Айчүрөк,
Периге кетип калды – деп,
Жашырып жүрдүм сырымды,
Эми айтайын чынымды.
Айчүрөк алып кушуңду,
Кандырды менин кыбамды,
Сабырдын түбү сары алтын,
Сабырлуу адам жетичүү,
Сабыры жок адамдын,
Колунан иш кетүчүү!
Барсаң Чүрөк аларсың,
Барбасаң куру каларсың,
Баштагы сөздө бар болсо,
Батаны кантип танарсың!

АТТАР

Ногойдон чыккан он төрт ат,
Орошон күлүк Буурул ат.
Шайымбеттин Аккөкүл,
Кыздын кызыл жоргосу.
Чыйырдынын Боз жорго,
Чачыкейдин Тик тору,
Каныкейдин Кара кашка аргымак.
Бакай хандын Көкчолок,
Сары хандын Туучунак.
Абыкенин Кактелки,
Көбөш хандын Суртелки.
Калдуу кызыл, жалдуу көк,
Азык арткан Акборчук,
Арак арткан Көкборчук.
Ат багар алты кызматка,
Эки чоро,бир төрө.
Калың журттан бата алып,
Жолдун дайынын жаздырып,
Бакай хандан кат алып.
Он төрт атты айдатып,
Союшуна алты бээ,
Аны кошо шайлатып.
Жазайыл жондо жаркылдап,
Асаба колдо калкылдап,
Бала төрө Семетей,
Жөнөп калды шаркылдап.
Кылыч белде кыңгырап,
Айбалта жанда шыңгырап,
Манастын уулу эр Семең,
Эрикпеген эр немең.
Акшумкарын качырып,
Ала-Көлдөн учуруп.
Алыс жерден кеп угуп,
Айчүрөк алды – деп угуп.
Көп ногойдон бата алып,
Бакайдын сөзүн жат алып.
Жыйырма чоро жолдошу,
Канчоро менен Күлчоро,
Жанга күйөр жолборсу.
Азык кылып алты бээ,
Эки чоро ат айдап,
Энтелешип бат айдап.

Алтын ооз жез канжа,
Күлчоро сууруп алды эле,
Он эки чейрек тамеки,
Оозуна жаба салды эле.
Жез канжага от коюп,
Чоң чарадай чок коюп.
Кабылан төрө Семетей,
Канжаны оозго алды эле,
Оозго салып Семетей,
Коркурата сорду эле.
Кайра тартып канжаны,
Оң колуна алганы,
Бир кекирип алганы.
Канжадан чыккан түтүнү,
Кол ыштыктай буркурап,
Оозунан жалын шыркырап.
Мурундан чыккан көк түтүн,
Закым болуп созулуп,
Жөө тумандай буралып,
Булутка барып кошулуп.
Найзанын учу жылтылдап,
Бала төрө Семетей,
Жөнөп калды кылкылдап.
Күндөп-түндөп жол жүрдү.
Ат аябай мол жүрдү.
Отуз күнү жол жүрдү,
Мындай болуп ким жүрдү.
Жол түгөнүп уч болду,
Тоо түгөнүп түз болду.
Жер түгөнүп чөл болду,
Суу түгөнүп көл болду.
Дөбө, сеңир жеринин,
Сарынын кайкы белинин,
Түбүнө келип турду эле,
Буурулдун оозун бурду эле,
Алдына келген Семетей,
Бура тартып турду эле.
Чоролору артында,
Он төрт атты катуу айдап,
Токтотпостон бат айдап.
Чоролорго кеп айтат,
Бала төрө – деп айтат:
«Ушу жерге конолу,
Бир күн өргүү бололу.
Өзүбүз да эс алып,
Аттарды суутуп алалы,
Жоо бетине келдик бейм,
Эртең эрте биз туруп,
Акун кандын шаарына,
Белден дүрбү салалы.
Жалпы чоро ошондо,
Аттарынын түштү ошол,
Иштерин ыкчам бүттү ошол,
Кош колоңун аңтарып,
Кош аттарды каңтарып.
Чатырды эми жайды ошол,
Казыктарын сайды ошол.
Кендирден кылган танабын,
Керип-чоюп тартышып,
Темирден кылган казыгын,
Жергелете кагышып.
Кош төө, бээден союшуп,
Мүчөлөп этин коюшуп.
Жез казанды асышып,
Чүйгүн эттен салышып,
Отунду терип алышып,
Жалынды жаба жагышып.
Жез казанды кайнатып,
Тасторконду жайнатып.
Ак куржун оозун ачышып,
Ар уруу жакшы азыктан,
Алып келип чачышып.

Боз калта оозун сөгүшүп,
Ар уруудан жемишти,
Абасынын алдына,
Алып келип төгүшүп.
Суусуна чай ичип,
Аш-тамагын жай ичип.
Көөкөрдөгү арактан,
Алтындан кылган чөйчөккө,
Удаа куюп төрттү ичип,
Кызыл жалын өрттү ичип.
Кезектешип чоролор,
Ат кайтарып калышты,
Байпак чечип, бут чоюп,
Уйкулары канышты.
Эр Семетей ошондо,
Баш көтөрүп караса,
Тараза жылдыз батыптыр,
Таң кашкайып атыптыр.
Эми төрө ойлонуп,
Ары-бери толгонуп.
«Жоо бетине келген соң,
Эми жатыш болбойт го,
Жатканда ишим оңбойт го!
Буурулду минип алайын,
Бул жолду өзүм чалайын.
Ошону ойлоп Семетей,
Буурулду минип булкунтуп,
Атырылтып жулкунтуп.
Дөбө-Сеңир жерине,
Сарынын кайкы белине,
Салып чыгып келди эле.
Чыгып келип Семетей,
Буурулдун оозун бурду эле,
Бура тартып турду эле.
Бурдуруп кылган ак тизгин,
Буурул атка чак тизгин.
Ак каңкынын кашына,
Бек каңтара салды эле,
Бугу тери чылбырды,
Түшө калып Семетей,
Ичке билек бакайга,
Жүйүр тушап койду эле.

АЙЧҮРӨКТҮН ТҮШҮ

Айчүрөктүн ак сарай,
Аземин артык бир далай.
Көөхар менен якуттан,
Төрт бурчуна койдурган,
Көргөндүн көзүн тойдурган.
Күндүзгүдөй түнүндө,
Үйдүн ичин жарыткан,
Көргөндүн көзүн талыткан.
Акундун кызын Чүрөктүн,
Кырк кыз нөкөр кашында,
Өзү жыйырма жашында.
Сарайында Айчүрөк,
Уктап жатып түш көрөт,
Таң ажайып иш көрөт.
Эрте туруп Айчүрөк,
Жалпы кызга кеп айтат:
«Түндө жатып түш көрдүм,
Түшүмдө сонун иш көрдүм.
Байланды буудан мамыга,
Теппей жерди тербелтит,
Буудайык конду туурума,
Талпынса күндү бүркөдү,
Булбул конду талыма,
Сайраса боюм эриди.
Бул эмне болучу,
Эже, синди,курдаштар,

Бул түшүмдү жоручу!
Кара чаар кабылан,
Калаанын ичин жойлоду,
Карс этип иттер койбоду.
Карс этип иттер чыкпады,
Чыкмак турсун баарысы,
Куйругун кысып чатына,
Короого кирип ыктады.
Алтымыш кулач ажыдаар,
Айбат менен ышкырып,
Оозун ачып сойлоду,
Карап турган калайык,
Түк бир жанды куткарбай,
Сордуго деп ойлоду.
Сойлогон жери коо болду,
Топурагы тоо болду,
Айбаттанып ышкырса,
Ала-Тоо менен тең бодду.
Арбашына чыдабай,
Аргын суулар токтолду,
Ала-Көл толкуп чайпалды.
Заарына чыдабай,
Алма, мейиз күбүлдү,
Жедигердин көп колу,
Кара жандан түңүлдү.
Бул эмне болучу,
Эже, синди, курдаштар,
Бул түшүмдү жоручу!»
Кандын кызы Калыйман,
Калыйман сүйлөп какылдап,
Мен жоруйм деп шакылдап.
«Мен жоруюн түшүндү,
Кудай таала-кудурөт,
Оңдогон экен ишиңди!
Колуңа берет экен го,
Самап жүргөн кишиңди!
Байланса буудан мамыга,
Тайбуруул келе турганы,
Чынкожо менен Толтойду,
Аныктап арбак урганы.
Буудайык консо тууруңа,
Акшумкар турат колуңда,
Азыркы ишиң оңунда.
Кара чаар кабылан,
Калаанын ичин жойлосо,
Карс этип иттер койбосо.
Кан жездем келип калганы
Жедигердин көп колун,
Астын-үстүн салганы.
Канчоро менен Күлчоро,
Кабыландын жолдошу,
Кабары бизге ишкере,
Катылган душман оңбосу!
Ал экөө кошо келгени,
Аныктап кудай бергени,
Ажыдаар сен көрсөң,
Арстан жездем Семетей,
Ажыдаардан кем бекен,
Чынкожо, Толтой жездеме,
Кайсы жерде тең экен!»
Калыйман жоруп таштады,
Калың кыздар баарысы,
Каткырыгы баш жарып,
Катуу күлө баштады.

КЫЗДАР

Кандын кызы Калыйман,
Бектин кызы Бегимжан.
Шыгайдын кызы Уулжан,
Шыңкылдаган Уулман.
Шыпты кашка Бурулкан,
Шайыр сөздүү Акылай,
Жантайдын Алтынай,
Жанузактын Салкынай.
Боромбайдын Ботокөз,
Айылчынын Аккербен,
Карабайдын Акбермет,
Мурат бийдин Акшербет.
Коргонбек кызы Каракөз,
Коргошун ийик,коло жез.
Кадырдын кызы Тынымкан,
Кендирбайдын Сейилкан.
Айткан сөздү кенебей,
Атабайдын Телегей.
Темирдин кызы Сейилжан,
Бектурдун кызы Дейилди,
Мелтиреген Мээркан.
Атабектин Акмоймол,
Ажыбайдын Актолгон.
Кармышак кызы Канышай,
Бакайдын кызы Күмүшай.
Токтордун кызы Толгонай,
Толукшуган болгон ай,
Акундун кызы Алыйма,
Ботобайдын Калыйча,
Үмөттүн кызы Үрпүжан,
Олтурган жери күлкүжан,
Урушкан кызы Үрпүкан,
Удургуган Сулпукан,
Уяты артык Сүйүмкан.

Сооронбайдын Күлбүбү,
Токойдун кызы Нурбүбү.
Медердин кызы Бедеркан,
Мендибайдын Дилдекан.
Шадыбектин Сайракан,
Шаабайдын кызы Канымжан.
Сатайдын кызы Шактар дейт,
Балтабайдын Бакта дейт.
Аштыкчынын Кирмоюн,
Алды каткан кир моюн.
Сугатчынын Сугалак,
Суудан балык кубалап.
Чомордун кызы Чолпонай,
Ашырдын кызы ак Айдай.
Калыйман анда кеп айтат:
Ой, Айчүрөк эжеке,
Мен айта турган кеп болсо,
Айткан сөзүм эп болсо,
Ушу турган баарыбыз,
Токтобой жөнөп калалы,
Жездекемдин алдынан,
Утурулап баралы».
Акундун кызы Айчүрөк,
«Калыйман сөзү эп – деди,
Ушу жакшы кеп» – деди.
Ак чатырды бүктөтүп,
Атандарга жүктөтүп.
Азык-түлүк мол алып,
Азыр жүрдү жол алып.
Абыр-шабыр ат токуп,
Аялдабай бат токуп.
Шаардан чыгып алышып,
Чоң Үргөнчтү бет алып,
Токтолбой жолго салышып.

Ак-Кыянын оюна,
Айтылуу Үргөнч боюна,
Ак чатырды көрүнтүп,
Асмандан түтүн бөлүнтүп.
Көк чатырды көрүнтүп,
Көктөн түтүн бөлүнтүп.
Кызыл-тазыл куш баш ээр,
Аттарды сартча байлатып,
Ар шайманын шайлатып.
Арстандын уулу төрөнү,
Айчүрөк тозуп калды эле,
Аңгемени салды эле.

АКУН КАНДЫН ШААРЫНЫН КӨРҮНҮШҮ

Кабылан төрө Семетей,
Сарынын кайкы белеске,
Жүйүртө басып отуруп,
Көңүлгө ар иш толтуруп.
Дүрбүнү колго алганы,
Акундун шаарын карата,
Дүрбүнү көзгө салганы.

ДҮРБҮ

Атадан калган үлгүсү,
Арстан эрдин дүрбүсү.
Кере кулач, кез бою,
Кетмен ооз чоң дүрбү.
Тышы кооз болсун – деп,
Тышын сырдап боегон,
Аныгын уккан душмандар,
Алыстан көрөт экен – деп,
Алыстан угуп кологон.
Оозуна чөгөрүп,
Асыл таштан орноткон,
Айланасын дүрбүнүн,
Алтын менен чордоткон,
Алты күндүк жерлерди,
Аркан бою келтирген,
Табы менен акыры,
Майда жанды өлтүргөн.
Чыгырыгын имерип,
Чындап көзгө жиберип.
Дүрбүнү көзгө салды эле,
Арстан төрө Семетей,
Акундун шаарын бет алып,
Тиктеп карап калды эле.
Акундун шаары бек экен,
Айланасы чеп экен.
Карарып коргон кент болгон,
Кармашкан жоосу мерт болгон.
Адамы кумдан көп болгон,
Алмасы бүрдөп көк болгон.
Өлкөгө малы жык толгон,
Өрүгү бүрдөп көк болгон.
Жан жаныбар быжырап,
Шаардын ичи кыжылдап.
Сакчылары сандан көп,
Саркердем кумдан көп.
Дарбазасы болоттон,
Сайышпай жоону колоткон.
Куланы ойнойт чөлүндө,
Өрдөгү сүзөт көлүндө,
Күкүгү сайрайт көгүндө,
Бакасы чардайт чалчыкта,
Булагы таршыйт белинде.
Булбулу сайрайт талында,
Бугусу өксөйт шагында.

Талаасын көрүп алам – деп,
Талаага дүрбү салам – деп.
Талаага дүрбү салды ошол,
Айталаада жайнаган,
Чынкожо менен Толтойдун,
Көп колун көрүп алды ошол.
Колдү байкап караса,
Желеги алтын туусу бар,
Жер селкинген чуусу бар.
Ак асаба туусу бар,
Асман жарган чуусу бар.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Кара атын каргытып,
Каарын төгүп арбытып.
Жедигердин Толтою,
Суркоенду чуратып,
Оозунан жалын буратып.
Аларды көрдү Семетей,
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Өзүнөн өзү күүлөнүп,
«Чынкожо менен Толтойдун,
Аралап колун барсамбы,
Компоңдогон эрлерге,
Бөрү тийген кой өңдүү,
Койдой кыргын салсамбы.
Имерип тийген жаандай,
Ителги тийген таандай,
Ийирип айдап кырсамбы,
Кырандыгым ошонтип,
Кылымга маалым кылсамбы.
Жана байкап караса,
Шаардан чыкты бир топ жан,
Карап туруп Семетей,
Тааный албай болду таң.
Шаардын чыкты бөлүнүп,
Жаркыны күндөй көрүнүп.
Жүк артылган төөсү бар,
Жетелеген бээси бар.
Чоң Үргөнчтүн боюна,
Кара тоонун оюна,
Кош-колоңун түшүрүп,
Кызматына күтүнүп.
Арстан бала Семетей,
Жана тиктеп караса,
Асманга түтүн бөлүндү,
Агарып чатыр көрүндү,
Аю көрпө, жез быштан,
Аземдүү аттар көрүндү.
Көктөн түтүн көрүндү,
Көгөрүп чатыр көрүндү,
Көрпөчөлүү кушбаш ээр,
Көркөм аттар көрүндү.
Кыядан булут бөлүндү,
Кызарып чатыр көрүндү,
Кызыл-тазыл кушбаш ээр,
Кыздын аты өңдөндү.
Карап туруп Семетей,
Көңүлү кетти бөлүнүп,
Көзүнө кыздар көрүнүп.
Көңүлү кетти чачылып,
Кабагы карыш ачылып.
«Кербенчи келип калганбы,
Керектүү жолум болгонбу.
Базарчы келип калганбы,
Бактылуу жолум болгонбу.
Же темир кийген жообу – деп,
Телегей кийген кызбы – деп,
Же теңтуш Чүрөк узбу – деп,
Бизге көөнү түзбү» – деп,
Мына ошондо Күлчоро,
«Абам бирди көрдү – деп,
Көрүп көңүл бөлду» – деп.

Жетип барып Күлчоро,
Абасынан кеп сурайт:
«Не көрдүң аба – деп сурайт.
Кабагың карыш ачылып,
Не көрүндү көзүңө,
Не билинди өзүңө,
Көргөнүңдү айт мага,
Салайын кулак сөзүңө»
Анда Семең кеп айтат:
«Чоң Үргөнчтүн боюнан,
Ойноп жаткан кыз көрдүм,
Көлүктөрүн жүз көрдүм.
Акундун кызы Айчүрөк,
Ак чатырын курган бейм,
Бизди тозуп турган бейм.
Керетинде билген бейм,
Бизди тозуп келген бейм.
Канчоро менен Күлчоро,
Бирөөң азыр барып кел,
Ким да болсо алардан,
Аныктап жооп алып кел.
Жолоочу болсо жолго сал,
Жортуулчу болсо кабар ал,
Бачымырак барып кал.
Кимиң барсаң, аның бар,
Бир кишилик алың бар»
Канчоро анда кеп айтат,
Сөзгө чоркок неме элем,
Мына ошондой кем элем,
Күлчоро барсын – деп айтат.
Канчоро айтып токтолду,
«Бар десең аба барайын,
Барбай кантип калайын»,
Ак жыландай октолду.
Астымдагы Актелки,
Туягы мукур ит эле,
Ашуусу бийик тоо келсе,
Учуп өлүп калбайын,
Агына катуу суу келсе,
Агып өлүп калбайын.
Буурулду берчи минейин,
Ак олпок берчи киейин,
Анан жолго кирейин.
Сыр найза берчи алайын,
Ач албарс берчи абаке,
Белиме бекем чалайын,
Андан кийин абаңа,
Бар деген жакка барайын,
Беттеш келген жоо болсо,
Астын-үстүн салайын,
Кабылан төрө Семетей,
Бербеймин – деп айта албай,
Баланын көөнүн кайтарбай,
Түшүп берди буурулду,
Чечип берди буулумду.
Он экиде Күлчоро,
От-жалындай шер чоро.
Темир таман үзөнгү,
Тайбуурулдун үстүнө,
Теппей чурап мингени,
Ак олпокту үстүнө,
Кымырып баса кийгени.
Ач албарсты байланып,
Асмандагы булуттай,
Аркы-терки айланып.
Сыр найза колдо койкоюп,
Накери бутта чойкоюп,
Арбагы ашып Күлчоро,
Ала-Тоодой зоңкоюп.
Жолго кирди каргытып,
Аңгемесин арбытып.

БУЛДУРСУН

Асый өгүз терисин,
Өрүм кылган булдурсун
Өрүмүн мыктап өрдүргөн,
Өзөгүн мыктап кирдирген.
Түшкүнүнүн учуна,
Коргошундан салдырган,
Чапкандын эсин талдырган.
Опол тоонун ак ыргай,
Түбү менен жулдурган,
Жайы-кышы он эки ай,
Сары тапка койдурган.
Өзөгүн жезден булдурган,
Сыртынан көк жал урдурган.
Каяша берген катынды,
Кайкалаткан булдурсун.
Компоңдогон бейбашты,
Кокуйлаткан булдурсун,
Чапканда кулак тундурсун.

ТАЙБУУРУЛДУН ЧУРКАШЫ

Толгомо саптуу булдурсун,
Толгой кармап имерип,
Тоодой болгон Буурулду,
Томукка тартып жиберип.
Чапкан жери оюлуп,
Чапкандан түшкөн этине,
Бөрү, түлкү тоюнуп.
Койдой эти бөлүнүп,
Коендой жону түзөлүп.
Тайдай эти бөлүнүп,
Тайгандай жону түзөлүп.
Эти ачынган чоң буурул,
Чыргалай түшүп оңолуп,
Карап турган кишинин,
Көздү ачып, жумганча,
Көрүнбөй көзгө жоголуп.
Колокойлоп баш чайкап,
Ооздук чайнап, көз жайнап.
Таноодон чыккан көк буусу,
Жеңдей болуп буркурап,
Үйдөй болгон даңканы,
Чоронун төбөсүндө чыркырап.
Булуттай учуп дыркырап,
Оозун тартып жыйганда,
Чоронун эки колу зыркырап.
Учкан куш менен жарышып,
Каран калган Буурулдун,
Оозу менен алышып.
Көрүнгөндө көрүнүп,
Көрүнбөсө Тайбуурул,
Көк түтүн болуп бөлүнүп.
Адыр-күдүр дебестен,
Ашып келет Тайбуурул,
Алда канча аңгек,сай,
Басып келет Тайбуурул,
Барган сайын арымы,
Ашып келет Тайбуурул.
Бала Күлүс ошондо,
Буурул атты булкунтуп,
Атырылтып жулкунтуп.
Чоң Үргөнчтүн боюна,
Жетип келип калганы,
Агыны катуу Үргөнчкө,
Байкап көзүн салганы.

ҮРГӨНЧТҮН КӨРҮНҮШҮ

Атагы чыккан чоң Үргөнч,
Аябаган зар Үргөнч.
Тоосу бийик доолдап,
Токтой калып байкаса,
Башынан урган жел-аргы,
Таш учуруп шоолдап.
Үргөнч деген суу болгон,
Өйүз менен бүйүзгө,
Адамдардын баарысы,
Катташа албай чуу болгон.
Канаттуу карга өтпөсө,
Каттаган адам жок болгон,
Калаадагы кербендер,
Калаадан чыкпай токтолгон,
Үстү жагы Үргөнчтүн,
Тоодой көбүк агыптыр,
Төө өркөчтөп күркүрөп,
Ала салып калыптыр.
Үстү жагын караса,
Үйөр жүрүп алыптыр,
Карагай,кайың тал терек,
Каршы терши агыптыр.
Орто жери шар болуп,
Эки четин караса,
Ат кесерден кар болуп.
Бурулуп агып шар болуп,
Бурулуп тийген жерлери,
Бута бою жар болуп,
Кирген экен чоң Үргөнч,
Кечерге жандар зар болуп.
Толкун тийген жерине,
Тоо туруштук бере албай,
Кечмек тургай Үргөнчтүн,
Доошуна жандар келе албай.
Жабыла тийген жерине,
Жар туруштук бере албай,
Кечмек тургай Үргөнчтүн,
Жанына киши келе албай.
Ала салган Үргөнчкө,
Аркан салса бойлобой,
Ай батынан чочунуп,
Адырын түлкү жойлобой.
Чындап кирген Үргөнчкө,
Чылбыр салса бойлобой,
Жытынан чочуп Үргөнчтүн,
Чыбырын түлкү жойлобой.
Күкүк болуп күүлөнүп,
«Кечпегиниң мени» – деп,
Күңгүрөнүп сүйлөнүп.
Аз болгондо ар туштан,
Алтымыш дайра кошулуп,
Капкара болуп ыраңы,
Кан жыттанып жошулуп.
Үйдөй таштар алдында,
Кагышып агып калдырттап
Калмак болуп балдырттап.

СУУНУ КЕЧҮҮ

Өйүздө турган калың кыз,
Карап турат жарданып,
Күлчорого таңдайып.
Сакчы койгон сары кыз,
Кароол койгон кара кыз.
Кирип барып шамдагай,
Айчүрөккө кеп айтат:
«Ой, эжеке сүйүнчү,

Тон, өтүгүң кетинчи!
Кызыл буурул ат минген,
Кыл куйругун чарт түйгөн,
Атынын моюну алчактай,
Айбандан түркү көрүнөт,
Өзүнүн көркү эң сүрдүү,
Адамдан сүрдүү көрүнөт.
Кызыл чийкил жаш бала,
Жол көрбөгөн мас бала.
Үргөнчтүн келди боюна,
Сууну кечүү оюнда.
Кан жездемдин өзү экен,
Өзү тургай көзү экен!»
Анда чүрөк кеп айтат:
«Эбиребе эки кыз,
Жебиребе чиги кыз.
Семетей андай жан эмес,
Шашып келе коюучу,
Жеңил-желпи ал эмес.
Жеңил-желпи неме эмес.
Келе коючу эр эмес.
Алмамбет уулу Күлчоро,
Күлчоро келип калгандыр,
Семетей дешиң жалгандыр.
Жалпы кыздар уккула,
Угуп сөзүм туткула!
Шыбырашып сүйлөшпө,
Шылдыңдашып күлүшпө.
Сумсайып тыныч тургула,
Моюнуңарды бургула!»
Бала жолборс Күлчоро,
Өйдө-төмөн бойлобой,
Өлөмүн деп ойлобой.
Жардын башын уратып,
Сууга кирди чуратып.
Айбандан тулпар тайбуурул,
Сууну сүзүп аркырап,
Каалгадай кашка тиш,
Ай тийгендей жаркырап.
Ак болотту дат алып,
Адис болгон Тайбуурул,
Агынын көздөй матылып.
Көк болотту дат алып,
Эр жагына маталып.
Көнүк болгон Тайбуурул,
Суудан чыкты суурулуп,
Карап турган кыздардын,
Заманасы куурулуп.
Суудан чыкты калчылдап,
Булгаары тердик, көк токум,
Бурчунан суусу тамчылап.
Таманы жерде тарсылдап,
Кара болот ооздук,
Көмөкөйдө карсылдап.

КҮЛЧОРОНУН АЙЧҮРӨККӨ БЕТТЕШКЕНИ

Бала жолборс Күлчоро,
Тайбуурулду камчылап,
Калың кызды аралап,
Жетип келди жакындап.
Калыйманды Күлчоро,
Моюнунан бурай алганы,
Эмчекке колун салганы,
Ал ишин көрүп Айчүрөк,
Ачуусу келип калганы.
Жүйөлүү сөздөн салмакка,
Баланын бешин алмакка.
Күлчорого бет алып,
Айчүрөк басты шоодурап,
Аркардай көзү жоодурап.

Басып келип камынып,
Сөз баштады чамынып:
«Уятсыз кандай баласың,
Кимге колуң саласың!
Бул кылыгың койбосоң,
Ыза болуп каласың!
Эки жагың бир карап,
Элеңдеген сен кимсиң?
Эркек кара каргадай,
Сереңдеген сен кимсиң?
Козу кара кочкордой,
Кодоңдогон сен кимсиң?
Кара торпок букадай,
Чодоңдогон сен кимсиң?
Бирөөнүн атын мингенсип,
Бирөөнүн тонун кийгенсип,
Бир жумушта жүргөнсүп.
Кайсы жактан келесиң,
Кайсы жакка барасың,
Чыныңды айтып саласың.
Жериң кайсы жер болот,
Элиң кайсы эл болот?
Элиңде жакшың ким болот?
Өз атаңды катпай айт,
Элиңдеги жакшыңды,
Атам деп атын сатпай айт,
Анда Күлүс кеп айтат:
«Ой, жеңеке Айчүрөк,
Ук сөзүмдү» – деп айтат.

КҮЛЧОРО

«Аяп мени коргобо,
Айтып сөзүң торгобо!
Жерсиз киши дейсиңби,
Жеримден кайгы жейсиңби,
Жерсиз киши мен болсом,
Жер таап берем дейсиңби!
Элсиз киши дейсиңби,
Элимден кайгы жейсиңби,
Элсиз киши мен болсом,
Эл таап берем дейсиңби!
Атасыз киши дейсиңби,
Атамдан кайгы жейсиңби,
Атасыз киши мен болсом,
Аталуу кылам дейсиңби!
Жеримдин жайын мен айтсам,
Жерибиз Кең-Кол, кең Талас,
Атабыз ногой шер Манас.
Аргын, ногой элим бар,
Арстан Манас баласы,
Семетей төрө эрим бар.
Сары кан деген каным бар,
Калк атасы бул күндө,
Кан Бакай аттуу карым бар.
Өз атамды катпаймын,
Элимдеги жакшыны,
Атам деп атын сатпаймын.
Өзүмдүн атым Күлчоро,
Атамдын аты Алмамбет,
Пайгамбарга чын үмөт.
Алтын айдар, чок белбоо,
Чоң Бээжиндин шаарында,
Азиз кандын баласы,
Айтып турган сөзүмдүн,
Эч бир жоктур чаласы.
Ак ислам дин издеп,
Ак пайгамбар пир издеп.
Таштаган кытай журттарын,
Талак кылган буттарын.

Кудай жалгыз, куран чын,
Ак пайгамбар дини ак,
Бээжинде калган алтын так,
Дин талашып Алмамбет,
Мусулман келген ошол чак»

АЙЧҮРӨК

«Жолоочу болсоң жол мына,
Зордукчу болсоң биз мына.
Кайдан келсең сен бала,
Келген жол менен кайтып кет,
Көргөн менен билгениң,
Өз жериңе айтып кет.
Жеңе деп сөздү айтасың,
Жеңең белем мен сенин,
Калжыраган бир сөзүң!»

КҮЛЧОРО

«Торгоп-торгоп болбойсуң,
Торгоп сөзүң койбойсуң.
Көрбөгөнсүп сүйлөйсүң,
Өз сөзүңдү түзөйсүң.
Аккуу болуп кубулуп,
Акбула болуп созулуп.
Ак чалгының сыдырып,
Учкулук менен тыңгылык,
Учуп жүрүп кыдырып.
Ала-Көлгө баргансың,
Абакемдин шумкарын,
Алып кетип калгансың.
Ала качып шумкарды,
Арыктаттың тулпарды».

АЙЧҮРӨК

Анда Чүрөк кеп айтат:
«Кандай курган баласың,
Жок жердеги доону айтып,
Догуңду кимге саласың,
Бул жоругуң койбосоң,
Бир балаага каласың!
Шумкар деген эмне,
Шум сөздү айттың тегеле.
Семетей деген эмне,
Сенделип айттың тегеле.
Буйлалаган төөсү бар,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Чын аташкан күйөөм бар.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Чыңаган көкжал темирдей,
Багыштын эр Толтой,
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Ушунчаңда кеткиле,
Убалыңды маа жүктөп,
Семетей өлдү дедирбей».

КҮЛЧОРО

Күлүстөн чоро күүлөнүп,
Айчүрөккө сүйлөнүп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Айтып турган бу сөзүң,

Өз башыңа чоң дүмөк.
Ойлоп айткын сөзүңдү,
Ким дейсиң менин өзүмдү!
Чынкожо менен Толтойду,
Өткөрө айтып мактайсың
Каардансам Күлчоро,
Эч амандык таппайсың!
Чынкожону зордойсуң,
Арстандын уулу төрөмдү,
Артыкча төмөн кордойсуң,
Карабет долу оңбойсуң!
Ала качып шумкарды,
Арыктаттың тулпарды.
Акшумкардын бутунда,
Ак жибектен боосу бар,
Кокусунан жоготсоң,
Сен өңдөгөн долуну,
Башы кылып акыры,
Алтымыш кыздын доосу бар!
Абам укса сөзүңдү,
Олжо кылып өзүңдү.
Ач билектен албасын,
Ат сооруна салбасын.
Кашыңдагы кырк кызды,
Жыйырма чоро келбесин,
Экиден эңип алышып,
Таласты көздөй желбесин.
Аны менен тим болбой,
Шаарыңды талкалап,
Ойрон кылып койбосун,
Моюну жоон эриңдин,
Кара көзүн ойбосун,
Кандарын ичип тойбосун.
Жөн алпар өзүңдү,
Уккун айткан сөзүмдү.
Кербайталга мингизип,
Кементайды кийгизип.
Шалпылдатып айдатып,
Шоруңду антип кайнатып.
Эрке катын Чачыкей,
Апарып берип салбасын,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Дене күң кылып албасын!»

СЕМЕТЕЙДИН АЙЧҮРӨККӨ БЕТТЕШКЕНИ

Манастын эр Семең,
Кенебеген эр немең.
Сарынын кайкы белесте,
Эрикпей карап олтуруп,
Санаага ар иш толтуруп.
Чоң Үргөнчтү карата,
Жана дүрбү салды ошол,
Кабылан Күлүс баланын,
Калың кызга кошулуп,
Тамашага батканын,
Эми көрүп алды ошол.
Ичин жыйып ошондо,
Ачуусу келип калды ошол,
Канчорого кол булгап,
Айкырыкты салды ошол.
Колун булгап бакырып,
Канчоролоп чакырып.
Анда чоро муну ойлойт:
«Абакемдин өзүнө,
Не көрүндү көзүнө.
Ат жанында Канчоро,
Алдырады ошондо.
Абам жоону көргөн бейм,
Күлчоро көрбөй кеткен бейм,

Башка жактан өткөн бейм.
Канчоро келип кеп айтат:
«Айланайын абаке,
Не көрүндү көзүңө,
Не билинди өзүңө?»
Анда Семең кеп айтат:
«Баягы чунак Күлчоро,
Калың кызга жетиптир,
Аралашып кетиптир.
Тамашага каныптыр,
Бизди унутуп салыптыр»
Сенда ошондой кыласың,
Билгениң кылып тынасың.
Аттарды бери бат айда,
Токтолбостон катуу айда.
Кош-колоңду арткыла,
Аргамжыны тарткыла».
Камбардын уулу Канчоро,
Абасынан кеп угуп,
Аттарды айда – деп угуп.
Эр Канчоро акырып,
Чоролорду чакырып.
Аттардын баарын айдатып,
Кош-колоңун шайлатып.
Кош-колоңун тарттырып,
Кош аттарга арттырып.
Эр Канчоро ат айдап,
Аялдабай бат айдап,
Агасынын алдына,
Кирип келди катуу айдап.
Он төрт атты ошондо,
Токтотпостон айдатып,
Чоронун көзүн жайнатып.
Кабылан төрө Семетей,
Кактелкини каргытып,
Жүргөн жолун арбытып,
Чоролорун дарбытып.
Чоң Үргөнчтүн боюна,
Жетип көзүн салганы,
Киргенине дайранын,
Азыр-азыр калганы.
Канчоро анда кеп айтат:
«Ушу суудан абаке,
Кечебиз кантип – деп айтат.
Айландыра санайлы,
Кечүүсүн издеп карайлы.
Бөөдө агып өлбөйлү.
Кыяматты көрбөйлү!»
Анда Семең кеп айтат:
«Ал сөзүңдү ит уксун,
Ит укпаса ким уксун!
Өйүздөгү калың кыз,
Чоросунан төрөсү,
Коркок экен дебейби,
Ошонтип мени жебейби!
Ажал жетсе өлөрбүз,
Азап менен тозокту,
Башка салса көрөрбүз.
Ал сөздү айтып Семетей,
Аттарды сууга күргүчтөп,
Өзү сүрүп айдады,
Камбардын уулу Канчоро,
«Кандай болом суудан» – деп,
Калтырап көзү жайнады.
Аттар сүздү аркырап,
Каалгадай тиштери,
Ат тийгендей жаркырап.
Семетей менен Канчоро,
Ал экөө кирди сүздүрүп,
Карап турган кыздардын,
Ойрон болду экөө – деп,
Үмүттөрүн үздүрүп.

Аман-эсен ал экөө,
Суудан чыкты суурулуп,
Карап турган кыздардын,
Заманасы куурулуп.
Суудан аман чыкканы,
Эки баатыр ошондо,
Кийимдерди чечинип,
Шаркырата сыкканы,
Токтолуп карап турбастан,
Буудандардын үстүнө,
Кайра аттанып чыкканы.
Эки баатыр алкылдап,
Кең багалак балкылдап.
Жыйылып жаткан кыздарга,
Кирип барды шаркылдап.

АЙЧҮРӨК

Акундун кызы Айчүрөк,
Ар бир иши бир дүмөк.
Кой ичинде серкеси,
Акун кандын эркеси.
Өрдөк моюн, алмабаш,
Акак тиштүү, кыйгач каш.
Күрөктөй тиши кашкайып
Күзгүдөй бети тастайып,
Күймөлсө жыпар жыттанып.
Бели ничке, бети айдай,
Бейиштен чыгып келбесе,
Бендеден чыкпайт эч мындай
Мурду кобул порумдуу,
Айткан сөзү орундуу.
Өңү аппак чүчтөдөй,
Устукан сөөгү мистедей.
Тогузду кийип түрлөнүп,
Тотукуштай үндөнүп.
Бешти кийип белсенип,
Пери ургандай теңселип.
Асылдан кийип шоодурап,
Айнектей көзү жоодурап,
Кундуздай чачы булайып,
Ак тамагы кылайып.
Акырын басып тепеңдеп,
Семетейдин алдына,
Басып келди Айчүрөк,
Айтар сөзүн белеңдеп.

СЕМЕТЕЙ КҮЛЧОРОНУ ЖЕМЕЛЕГЕНИ

Эр Семетей күүлөнүп,
Күлчорого сүйлөнүп.
«Кандай курган баласың,
Кечүү чал деп жиберсем,
Келбей жатып аласың,
Казып душман сураса,
Кардыңдагы сырыңды,
Калтырбай айтып саласың,
Кара тумшук чунагым,
Как талаада каласың!
Бое казган кыз менен,
Болбой ойноп аласың,
Болжоп душман сураса,
Болгон сырдын баарысын,
Болтуруп айтып саласың,
Акырында чунагым,
Боздоп ыйлап каласың!
Куурай терген кыздарга,
Кубанып ойноп каласың,
Кууланып душман сураса,

Куп сырыңды айтып саласың,
Кубулжуган чунагым,
Кур талаада каласың,
Бул кылыгың койбосоң,
Мени бир балаага саласың!
Суудан агып биз кетсек,
Сөөгүмдү кайдан табасың!
Тиктирип койгон үйүң жок,
Күттүрүп койгон бетиң жок.
Сойдуруп койгон бээң жок,
Теги сенде мээң жок!
Атты сурап минесиң,
Ак олпок сурап киесиң,
Ай баттанып акыры,
Анан жолго киресиң!»

КҮЛЧОРОНУН СӨЗҮ

«Кара чунак бу мага,
Кандай сөз айттың абаке,
Калыстыгың канаке!
Кararган шаар чоң Үргөнч,
Качан биздин жер эле,
Кайратыңды чакырба,
Кара шаар Үргөнч эл,
Качан биздин эл эле,
Кадырыңды билүүчү,
Кара ногой эл беле!
Жоголгон жогум табылып
Абийрим анык жабылып,
Айчүрөк жолдон кабылып.
Кимге барам үй издеп,
Кимге барам бий издеп.
Бээни кайдан табамын,
Тааныбаган бул элдин,
Кимисине чабамын!»

АЙЧҮРӨКТҮН СӨЗҮ

Айчүрөк сөздү баштады,
Булбулдай үнүн таңшытып,
Сөз айтуудан шашпады.
«Кандай жансыз өзүңүз,
Орой экен сөзүңүз!
Ачуу сөз айттың кулуңа,
Таң каламын мунуңа!
Адырмактуу кең сайды,
Ашып келген жер эмес,
Айтканыңа көнгүдөй,
Аргын, ногой эл эмес.
Будурмактуу кең сайды,
Мурун коргон жер эмес,
Буйругунду жуткудай,
Булар аргын эл эмес!
Ачуунду мында чакырба!
Аргимди бирден жакырба!
Менин жайым сурасаң,
Кой ичинде серкеси,
Кан Акундун эркеси,
Акундун кызы Чүрөкмүн,
Алактаган сендейге,
Ар кылган ишим дүмокмүн.
Тезек терген – деп айтып,
Теңсинбей сөздү көп айтып,
Бое казган деп айтып,
Болумсуз сөздү көп айтып.
Кайдан келген адамсың,
Кайсы жакка барасың?
Буйлалаган төөм бар,

Шыгайдын уулу Чынкожо,
Чын аташкан күйөөм бар.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Чыңаган болот темир дей,
Шыркыратат көмүрдөй,
Жедигердин Толтою,
Чондугу тоонун теңиндей,
Кайта тарткын турбастан,
Ошол эки баатырдан,
Семетей өлдү дедирбей.
Уккан менен көргөнүн,
Аргын ногой элиңе,
Төкпөй – чачпай айтып кет!
Он эки тайпа ногойдо,
Акмагы сендей жок деген,
Алапайын табалбай,
Атасы менен агасын,
Катар жуткан жок деген!

СЕМЕТЕЙДИН СӨЗҮ

Чүрөктөн мындай кеп угуп,
Чынкожо күйөөсү – деп угуп.
Мына ошондо Семетей,
Карчыгадай камынып,
Каарын төгүп ошондо,
Ач арстандай чамынын.
«Эсирген долу не дейсиң,
Эпсиз сөздү сен айтып,
Эгер болгон кедейсиң.
Кара бет долу не дейсиң,
Каралы жок сөз айтып,
Калжыраган кедейсиң.
Акун кандын чорусун,
Жандын төмөн корусуң.
Эр албаган эски күң,
Туурук таман каски күн!
Акун кандын сары күң,
Атасынын төрүндө,
Эр албастан отуруп,
Тууттан калган кары күң!
Башынан кеткен баркы күң!
Эр албаган даркы күң!
Чачы Куудай болгуча,
Тиши буудай болгуча.
Саамай чачы ак болгон,
Атасынын төрүндө,
Эр албастан олтуруп,
Уяты кетип зак болгон.
Тиерине эр таппай,
Сиерине жер таппай.
Жолоочу жолун тазган күң,
Жолго казан аскан күң.
Кербенчи жолун тозгон,
Кербенчинин жолуна,
Келип казан аскан күң,
Уят, намыс билбестен,
Абыдан кара баскан күң!
Ак тасма сыдырып,
Ай ааламдын баарысын,
Аралаган кыдырып.
Кызылды кийген тоңорбу,
Кыз башы мен капырай,
Эр издеген оңорбу!
Жашылды кийген тоңорбу,
Жалтанбастан капырай,
Жар издеген оңорбу!
Ушундай шумдук болобу,
Катын болот сени – деп,
Алган киши оңорбу!
Уяты качкан долунун,

Кылып турган эбин көр,
Чынкожо менин эрим – деп,
Айтып турган кебин көр!
Чынкожо деген ким эле,
Чындап каарым төккөндө,
Ушу менен өзүмө,
Чыдабай качкан тим эле.
Толтой деген ким эле,
Тозогума чыдабай,
Ушу менен өзүмө,
Токтолбой качкан тим эле.
Чын жиниме тийгенде,
Чынкожону жөөлөттүм,
Эки бетин көөлөттүм.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Каарыма чыдабай,
Жаккан отун өчүргөн,
Айылын жөөлөп чубуртуп,
Жет-Кайтты карай көчүргөн.
Жедигердин Багышы,
Кара дөңдүн элине,
Кордук кылып турганда,
Таң атырбай ал элге,
Зордук кылып турганда.
Эр Багышты сойгомун,
Жедигерди жөөлөтүп,
Кара көзүн ойгомун
Анда Толтой кайда экен,
Чынкожо кайсы жайда экен.
Анткар долу карабай,
Ала-Көлдүн боюнан,
Ак шумкарды алдың сен,
Алып кетип калдың сен.
Ала качтың шумкарды,
Арыктаттың тулпарды.
Сен өңдөнгөн даркыны,
Аламын – деп нетемин,
Алаксытпай кара бет,
Шумкарды бергин кетемин.
Бербес болсоң шумкарды,
Азыр кармап аламын,
Ат сооруна саламын.
Олжо долу кыламын,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Өткөрүп берип колуна,
Ашмачы кылып тынамын.
Кер байталды мингизем,
Кементайды кийгизем.
Алакачкан шумкардын,
Ак жибектен боосу бар,
Сен өңдөнгөн долудан,
Алтымыш кыздын доосу бар.
Кашыңдагы кырк кызды,
Айыпка баарын аламын,
Аргын менен ногойго,
Олжо кылып барамын!
Аны менен тим калбай,
Шаарынды бузам талкалап,
Ажыратып ала албас,
Ушу менин өзүмдөн,
Арачалап калкалап.
Канчоро менен Күлчоро,
Катар турган көп жоро.
Айтып турган долуну,
Ач билектен алгыла,
Ат сооруна салгыла.
Бирин койбой кырк кызды,
Киргиле баарын олжолоп,
Сүйгөнүңдү болжолдоп,
Төрөсү буйрук кылганда,
Чоролор карап турабы,
Бөрк ал десе, баш кескен.

Каарданса таш кескен.
Чоролор кирди акырып,
Манастап уран чакырып».

Чүрөктүн шайы кеткени,
Мурдунун суусу жеткени.

АЙЧҮРӨКТҮН СӨЗҮ

Эми Чүрөк кеп айтат,
Булбуйдай сайрап ошондо,
Муңдуу сөздү эми айтат:
«Атамдын уулу Султаным,
Атындын башын буруп тур,
Арыз айтамын азыраак,
Ашыкпастан угуп тур.
Атаң арстан өлгөндө,
Абыке, Көбөш эки агаң,
Атандан калган сан дүйнө,
Камчыга ченеп бөлгөндө.
Кара кандын шаарына,
Качып кетип сен калдың,
Кайрылып качан келет – деп,
Кайгыңды тартып мен калдым.
Темир кандын шаарына,
Тентип кетип сен калдың,
Теңтушум качан келет – деп,
Телмирип ыйлап мен калдым,
О дүйнө кеткен атандын,
Ороюн сыйлап көп жүрдүм,
Оендан калган бир жалгыз,
Оенум келер – деп жүрдүм.
Ал дүйнө кеткен атаңдын,
Арбагын сыйлап көп жүрдүм,
Арстандан калган бир жалгыз,
Аташкан келер – деп жүрдүм.
Азабың тартып отуруп,
Каргандыгым дагы чын.
Акырында сени издеп,
Баргандыгым дагы чын.

Чымындай жандын айынан,
Чынкожо, Толтой жайынан.
Ак чалгыным сыдырдым,
Жер жүзүндө дөөлөрдү,
Учуп сынап кыдырдым.
Таласка бардым сени издеп,
Сен келбедиң мени издеп.
Аташкан сенин атындан,
Жолоочунун жолдорун,
Тозгондугум дагы чын.
Жолго келип казанды,
Аскандыгым дагы чын.
Ак шумкарың байлалуу,
Токту койдун томук эт,
Тоютуна бергемин.
Арык койдун ашык эт,
Тарткысына бергемин».
Ал сөздү айтып Айчүрөк,
Жүйөлүү сөздөн салганы,
Актелкинин чылбырын,
Барып кармай калганы.
Кабылан төрө Семетей,
Айчүрөк сөзүн укканы,
Көңүлү абдан жумшады.
Аттан түштү кампайып,
Бала куштай балпайып.
Кыздардын баары кымпылдап,
Сөз сүйлөшүп шыңкылдап.
Карап турат жарданып,
Күлчорого танданып.
Семетейди ээрчитип,

Ак чатырга киргизип.
Акундун кызы Айчүрөк,
Артыктыгын билгизип.
Абдырасын ачтырып,
Ар түрдү даамдын баарысын,
Дасторконго чачтырып.
Данканга чайын кайнатып,
Ар кыл жемиш баарысын,
Тасторконго жайнатып.
Казы кертип, жал коюп,
Аш-тамагын жай коюп.
Көөкөрдөн арак куйдурап,
Чоролордун баарына
Кыдырата сундуруп.
Акундун кызы Айчүрөк,
Ак боз бээни алдырып,
Ай туякка чалдырып,
Түлөөсүн түштө өткөрүп,
Өткөргөнүн кыз көрүп.
Казысына бөлөнүп,
Картасына жөлөнүп.
Жыргап- кунап калышып,
Көнүлдөгү кайгыны,
Чыгарып такыр салышып.
Арстан төрө Семетей,
Айчүрөктү көргөндө,
Тура албастан токтолуп,
Сабыр кылып тура албай,
Чүрөктү карай октолуп.
Моюнунан бурай бир кармап,
Оозунан жыттады,
Бек кучактап кысканы.
Анда Айчүрөк кеп айтат:
«Шарыяттан тышкары,
Сабыр кылып турбастан,
Иш кылдың төрөм деп айтат.
Катту бакыт күндөрдө,
Бир кысталыш түйшүктү,
Көрөсүң акыр,» – деп айтат.

АЙЧҮРӨК СЕМЕТЕЙДИ ШААРЫНА АЛЫП БАРГАНЫ

Жана Айчүрөк кеп айтат:
«Төрөм сизге эп болсо,
Мында туруп нетели,
Токтолбостон аттанып,
Шаарга кирип кетели.
Чынкожо, Толтой күчтүү жоо,
Кабарлап акыр калбасын,
Каптап келип акырын,
Балакет иш салбасын!
Буйтка жол салалы,
Түн боюнча аттанып,
Шаарга кирип баралы»
Андай болсо аткар – деп,
Аттаналы макул – деп.
Кош-колоңун тарттырып,
Кош атка жүгүн аттырып.
Аттарына миништи,
Алда деп, жолго киришти.
Изин буруп жашырып,
Буйтка жолго салышып,
Акундун шаары Үргөнчкө,
Түн боюнча барышып.
Акун кандын ак сарай,
Каалгасы болоттон,
Кармашкан жоону колоткон.
Дарбазаны урганда.
Ылдам ачкын – деп айтып,
Акундун кызы Айчүрөк,

Буйрук кылып турганда.
Дарбазачы кара сарт,
Ачып оозун бергени,
Атырылтып баарысы,
Дарбазадан киргени.
Сай тулпардын баарысын,
Кирмеге аса байлашты,
Алыстан келген мейманды,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ак сарайга киргизди,
Арстан эрди киргизди.
Баяндостон мамыкка,
Ак сарайдын акыры,
Сөөлөтүнө таң калып.
Кызматчылар кылкылдап,
Бүргөдөй ыргып түйүлүп,
Кызмат кылып шыпылдап.
Ар даамды бүт коюп,
Кишмиш чайкап сүт коюп.
Алтындан кылган кесеге,
Аркыттан арак куюшуп,
Алып келип сунушуп.
Аш-тамакка тойгонсоң,
Алаканды жайышып,
Бата кылып койгонсоң.
Чарчап келген эрендер,
Чыканак жерге салышты,
Чындап уктап калышты.
Айчүрөк башчы кырк кыздын,
Бары чогуу тарашат,
Жай-жайына карашат.
Күлүстөн бала Күлчоро,
Акыл-ою кең жоро.
Ордунан туруп октолуп,
Тура албастан токтолуп.
Абасын булкуп ойготуп,
Эми Күлүс кеп айтат:
Уйкуга бөөдө сайдырбай,
Тур абаке – деп айтат.
Айчүрөккө барсанчы,
Бир кумардан кансаңчы.
Бул жатышың эп эмес,
Бул укташың кеп эмес!»
Күлчородон кеп угуп,
Жатышың болбойт – деп, угуп,
Кабылан төрө Семетей,
Ордунан турганы.
Акун кандын ордого,
Арымды мыктап урганы.
Акун кандын ордого,
Басып кирип барганы.
Уктап жаткан Акунга,
Таазим кылып бүгүлүп,
Купуя салам бергени,
Токтолбостон арымдап,
Айчүрөккө жүргөнү.
Тубардан кылган көшөгө,
Тура тартып алды ошол,
Айбыкпастан Чүрөккө,
Арстан төрө Семетей,
Барып колду салды ошол.
Акундун кызы Айчүрөк,
Чукуранап ойгонуп,
Ары-бери толгонуп.
Бул Семетей экенин,
Анык Чүрөк билгени,
Айта турган сөздөрүн,
Айтып эми киргени.
«Арстан төрө султаным,
Бул келишиң акыры,
Шариятта жаман иш,
Абдан күнөө арам иш.

Никеси жок иш кылыш,
Шариятта болбойт – дейт,
Мусулмандын баласын,
Шарият урса оңбойт – дейт.
Анда Семең болбоду,
Андай эмес Чүрок – деп.
Атырылып койбоду,
Анда Чүрөк ойлоду.
Атасынан бабасы,
Адамга сырын айтпаган,
Айтканыма болбойт – дейт.
Ачуусу келсе бул төрөм,
Ушу менин өзүмдү,
Аябастан сомдойт – дейт.
Эми Чүрөк кеп айтат:
«Мен айтамын бир сөздү,
Арстан төрөм» – деп айтат.
Айтканыма көнүңүз,
Мен сураган бир ишти,
Кечикпестен бериңиз.
Шаатемир кызы Чачыкей,
Чачыкейдин кордугу,
Алдына ыйлап барганда,
Өткөн мага зордугу.
Чачыкейди зайыбым – деп,
Аяк шилтеп баспаска,
Убададан жазбаска,
Антты мага бериңиз,
Андан кийин Чүрөккө,
Жылып сойлоп кириңиз».
Анда Семең ант кылды,
Аялдабай бат кылды:
«Чачыкейдин үйүнө,
Эгерим басып кирбеске,
Бетин карап күлбөскө.
Ак курандын каты урсун,
Арбак урсун, бата урсун,
Төшү түктүү жер урсун,
Төбөсү ачак көк урсун!
Ак келтенин огу урсун,
Ак милтенин чогуу урсун!
Ач албарстын мизи урсун,
Атам Манас өзү урсун!»
Айткан антты укканы,
Акундун кызы Айчүрөк,
Бир сөз ооздон чыкпады.
Эми Айчүрөк кеп айтат:
«Ар качан айтсам болбостон,
Куу напсиңе алданып,
Торгодуң төрөм – деп айтат,
Ак никени кыйдырып,
Шарияттка сыйдырып,
Анан боюң кошбодуң,
Каттуу мүшкүл күндөрдө,
Бир кысылат окшодуң!
Шарият калды талаада,
Акырысы бир күндө,
Учурайсын сен төрөм,
Каттуу кысым балага!
Напси деген балаадыр,
Отко, сууга саладыр,
Ак азамат эр болсо,
Алданбастан напсиге,
Аман-таза каладыр,
Напсисин тыйган азамат,
Шайтандын мойнуна сындырып,
Периште көөнүн тындырып.

ТОЛТОЙДУН ЧАЛГЫНГА КАЛГАНЫ

Аны таштап коелу,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Анын кандай сөзү бар,
Кабарынан бололу,
Чынкожонун кеби бар,
Чыңалып айтар эби бар,
Убада кылган үч айга,
Чүрөктү алар деми бар.
Чынгожо, Толтой баш кошуп,
Кеңеш кылып олтуруп,
Акылын кармап толтуруп.
«Түлкүнүн уулу Түмөнбай,
Убада кылган үч айга,
Убада сөзүн бек кармап,
Күтүп жаттык бир жайга.
Убадасы бүткөн соң,
Айчүрөктү бермек – деп.
Бермек турсун Түмөнбай,
Өз алдыма келмек – деп.
Эр Түмөнбай баатырга,
Түмөнбай турсун Акунга,
Эр Кадырбай барсын – деп,
Барып кансын – деп,
Түмөнбайдан жоопту,
Анык бүгүн алсын – деп.
Убада сөздө бар болсо,
Айткан сөзү шар болсо.
Май-Дөбөнүн белине,
Баштап алып келсин – деп,
Келип жооп берсин – деп.
Баатыр Толтой, Чынкожо,
Башкарып калкын имерди,
Барып кабар алсын – деп,
Кадырбайды жиберди.
Ак кызыл атын каргытып,
Оозунан көбүк баргытып.
Жаагы жок чечен эр ошо,
Эр Түмөнбай баатырга,
Салып келген жери ошо.
Салам айтып калышып,
Эсендик-соолук сурашып,
Амандашып алышып.
Кадырбай сөздү баштады,
Эсине келген жумушун,
Баарын айтып таштады.
Түмөнбай менен Ажыбай,
Май-Дөбөнүн белине,
Болжол кылгын жерине
Салган бойдон келишип,
Келип салам беришип,
Чынкожо менен Толтойго,
Ажыбай менен Түмөнбай,
Амандашып көрүшүп.
Аттан түшүп олтурду,
Абыдан кеңеш толтурду.
Баштан аяк сүйлөшүп,
Масилетин болтурду.
Эр Чынкожо ошондо,
Түмөнбайга кеп айтты,
«Үч ай бүтүн ай өттү,
Саратан жайлоо жай өттү.
Саратан өтүп күз болду,
Саналуу айың үч болду!»
Алдоого салып сөз айтып,
Айткан сөзүң күч болду!
Кандай сөзгө келесиң,
Кандай жооп бересиң!»
Деп Чынкожо айтканда,

Эр Түмөнбай кеп айтат,
Кеп айтканда – деп айтат:
«Толтой менен Чынкожо,
Сенден кордук көрбөймүн.
Карындашым Чүрөктү,
Эрдик менен беремин,
Эржем кылбай жарашсан,
Элдик менен беремин.
Калың айдап мал алып,
Теңдик менен беремин.
Куда болуп той союп,
Моюн кайрып кой союп.
Кара атындын башына,
Аяктай кебез байлатып,
Кошок кылып жанына,
Тегиз бир кыл аттардан,
Токсонду кошуп айдатып.
Калктан бата аласың,
Акун канга барасың,
Калыңдан качсаң Чынкожо,
Как талаада каласын.
Акылга дыйкан Түмөнбай,
Айтып сөздүн урганда,
Туура карап турганда.
Кулдук уруп Чынкожо,
Ордунан турду октолуп,
Тураалбастан токтолуп.
Айтып турган сөзүңө,
«Кулдугум бар Түмөнбай
Токсон эмес жүз кылам,
Баарын тегиз түз кылам!
Кара атымдын көкүлгө,
Аяктай кебез байлаймын.
Айткандын баарысын,
Орду менен жайлаймын.
Калың журттун баарына,
Тойгуза тойду беремин,
Айтканыңа көнөмүн!»
Түмөнбай эми кеп айтат:
«Хан Чынкожо, эр Толтой,
Эртең келгин – деп айтат»
Эртең эрте келгин – деп,
Куда болуп курчаштык,
Ызатымды көргүн – деп.
Эр Түмөнбай кеткен соң,
Шаарына жеткен соң.
Батыр Толтой кеп баштап,
Баарын уккун – деп баштап:
«Түмөнбай түрдүү кеп айты,
Чүрөктү берем – деп айтты,
Ичинде турат бикири,
Өзүнө жакан эпти айтты!
Кандайлыктан Чүрөктү,
Азыр берем – деп айтты!
Чаары – турат көзүндө,
Чалгырты турат сөзүндө,
Аярсынган кул экен
Ар кандай амал эсинде.
Өлмөйүнчө Чүрөктү,
Бермек эмес Түмөнбай,
Алдыбызга эгилип,
Келмек эмес Түмөнбай,
Зордугуңду Чынкожо,
Көрмөк эмес Түмөнбай,
Айчүрөктү берем – деп,
Көнмөк эмес Түмөнбай.
Эр Түмөнбай берем – деп,
Эрке Чүрөк белендеп,
Кара атты берсең калынга,
Бул сөзүңө көнөм – деп.
Айтып турган сөзүндө,
Аярлык бар өзүндө!

Калыңга Кара ат берем – деп,
Чынкожо досум эсирбе,
Манастын уулу Семетей,
Ар качан болсун эсиңде!
Кара атыңдан айрылып,
Калбагын досум кесирге!
Түмөнбайдын кеби бар,
Ичи толгон кеги бар,
Билдим анын мүнөзүн,
Бир жерден тынган жери бар!
Көөнү келсе Семетей,
Келип калган чени бар.
Учуп жүргөн кайып кыз,
Сага болчу зайып кыз.
Учканы жума түн болгон,
Үч ай токсон күн болгон,
Айчүрөк учуп кеткени,
Атпай журтка дүң болгон.
Чоң Үргөнчтүн оюнан,
Чоң дайранын боюнан,
Манастын уулу Семетей,
Келе турган жолунан,
Чалгынды барып чалайын,
Ак-Инектин кечүүдөн,
Анык кабар алайын.
Суркоенго мингени,
Жедигердин эр Толтой,
Тоодой боюн топчулап,
Толо боюн үпчүлөп,
Бастырып жолго киргени.
Кашка жол менен каргытап,
Жүргөн жолун чаргытып,
Суркоендой тулпардын,
Оозунан көбүк баргытып.
Кербен жолдон из карап,
Эки көзүн чоң ачып,
Эңкейип алып түз карап,
Бир карабай, үч карап.
Жолдон изди табалбай,
Эч бир изге кабылбай,
Бурулуп Толтой барды эле,
Из табаалбай эр Толтой,
Бура тартып калды эле.
Эр Семетей султаның,
Асмандан жылдыз жошулуп
Айчүрөккө кошулуп.
Жыргап-куунап оңгондо,
Капанын бары жоюлуп,
Көңүлү көлдөй толгондо,
Арстан бала Күлчоро,
Абасына кеп айтат:
«Эчтемени элебей,
Жатпайлы минтип» – деп айтат.
Элебей жата бергидей,
Кең-Кол, Талас жериң жок,
Кеңешчи Бакай абакең,
Сары хандай эриң жок!
Дайрага сүзөр кемең жок,
Такалып турган убакта,
Такалбай акыл табычуу,
Канык каныш энең жок!
Же бел байлаган болжош жок,
Азыркы күндө абаке,
Канчоро мене Күлчоро,
Экөөнөн башка жолдош жок!
Жооп берсен абаке,
Тай буурулду минейин,
Бастырып жолго кирейин!
Чынкожо, Толтой жаман жоо,
Чалып салчуу каманжоо.
Сыртынан чалгын чалайын,
Иштери кандай болду экен,

Байкап ишин алайын!
Деп Күлчоро айтканда,
Эр Семетей куп деди,
Айткан сөзүн эп деди.
«Бармактай болгон бир бала,
Чалгынга кетип баратат,
Жараткан өзүң аманат!
Ат арытып мине элек,
Алыска сапар жүрө элек!
Топ тоздуруп кие элек,
Жолго чыгып жүрө элек!
Түпөктүү найза колго алып,
Кыйкырып жоого кире элек!
Уйкусу бүтүп кана элек,
Чалгынды мурун чала элек!
Шыйпанарга куйрук жок,
Куланга чалыш кылбагын,
Басарыма бутум жок,
Жыланга чалыш кылбагын,
Зарлап турган зарымды,
Жараткан өзүң сындагын!»
Арстан бала Күлчоро,
Тайбуурул минип алкылдап,
Ак найза колдо калкылдап,
Ак келте жондо жаркылдап,
Май-Дөбөнүн белине,
Чынкожо менен Толтойго,
Түмөнбай айткан чегине.
Жолду бекем кармады,
Жолуксам деп, карады.
Түн ортосу болгондо,
Арстан бала Күлүстү,
Уйку басты көшүлтүп,
Бүткөн боюн эзилтип.
Чынкожо менен Толтойдун,
Келер мезгил өттү – деп,
Өтпөгөндө нети – деп.
Көңүлүн бала жайлады,
Астындагы Буурулду,
Терекке аса байлады.
Баса түшүп жол карап,
Бир карабай он карап.
Жерге сөөнүп ыктады,
Үргүлөп барып уктады.
Суркоенду чулгутуп,
Туягын жерге малгытып,
Кашка жолдун оюна,
Жетигердин эр Толтой,
Май-Дөбөнүн жонуна,
Жетип келди закымдап,
Күлчорого жакындап.
Суркоёндун дүбүртүн,
Тайбуурул угуп алыстан,
«Кара башка иш түшсө,
Калбасмын деп жарыштан.
Жерди чапчып жулкунуп,
Тегеренип булкунуп.
Солкулдатып теректи,
Чылбырын чоюп алыптыр,
Окуранып калыптыр.
Тайбуурулдун дүбүртүн,
Күлчоро угуп ойгонуп,
Кандай заман болду – деп,
Ойгонгондо ойлонуп.
Көзүн ачып Күлчоро,
Тайбуурулду караса,
Айландыра санаса.
Айбандан эстүү жаныбар,
Ичин тартып кошкуруп,
Тегеренип алыптыр,
Жерди чапчып оюлтуп,
Ороо кылып салыптыр.

Муну көрүп Күлчоро,
Муңая түштү ошондо,
Мына ошондо Күлчоро,
Темир таман үзөңгү,
Теппей чурап мингени,
Бастырып жолго киргени.
Эки жагын каранып,
Эрди мурдун жаланып,
Карап турган кезинде,
Толтой келер бекен – деп,
Санап турган кезинде.
Кашка жолдун оюнда,
Келе жатат бир караан,
Айбаты артык ал караан.
Ак сур тулпар аты бар,
Ал атына караса,
Айбандан бөлөк заты бар.

СУРКОЕН

Болот туяк, тайкы жол,
Айбандан башка бул бир мал.
Омурткасы оркоюп,
Кабыргасы каркайып.
Кең сорусу даңкайып.
Кундуздай жүнү жылтылдап
Басыгын салып зыпылдап.
Аркар шыйрак, нар туяк,
Буура көкүл, үкү аяк.

ТОЛТОЙ

Астында тулпар аты бар,
Абайласа Толтойду,
Бир адамча башы бар.
Эңчегер бойлуу, кең далы,
Эң башкача эр экен.
Эрегишкен душманга,
Кара көк жал бөрү экен.
Эки ийнине Толтойдун
Эки киши конгондой,
Эки бети табактай,
Көргөндүн көзү толгондой.
Тепме кара чапандуу,
Быжыгыр кара сакалдуу.
Кең көкүрөк, жайык төш,
Келишимдүү кара көк.
Чондугу төөнүн нарындай,
Толкуну көлдүн шарындай.
Кыран Толтой эр экен,
Жедигердин шери экен.
Батыр Толтой келди эле,
Эр Күлчоро көрдү эле.
«Бул Толтойдон чочунуп,
Качып берсем уят го,
Качканымдын акыры,
Кереметтүү Айчүрөк,
Керегинде туят го!
Абакеме айтпайбы,
Абакеси угуп алган соң,
Күлчоро жолу кайтпайбы!»
Деп ойлондуп Күлчоро,
Манас – Манас бакырып,
Манастап уран чакырып,
Баатырлыгын ашырып,
Ак найзаны сундуруп,
Кой качырган бөрүдөй,
Толтойду көздөй качырып.

Беттеп Күлүс жетерде,
Белин бүктөп өтөрдө.
Мына ошондо эр Тотой,
Жүргү кетип кабынан,
Билеги кетип сабынан.
«Семетей кайдан жетти – деп,
Жетпегенде не нетти – деп,
Амалы такыр кетти – деп,
Токтоно албай эр Тотой,
Бура тартып калганы,
Суркоенго камчы уруп,
Качып жөнөп калганы.
Аркасынан Күлчоро,
Аянбай кууп алганы.
Ондон-солдон камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Жан аябай барыптыр,
Жакын жетип калыптыр,
Аябай найза салыптыр.
Алтын кемер чети – деп.
Ай далынын бети – деп,
Өпкө, боор тушу – деп,
Өлөр жери ушу – деп,
Качырып жетип бек сайды,
Сойдум кулду – деп сайды.
Алтын кемер ортодон,
Бөлүнүп кетти быркырап,
Түпөгүнө найзанын,
Билектей болгон кызыл кан,
Жабылып кетти шыркырап.
Батыр Толтой ошондо,
Ээрден ооп кынтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып.
Кырданын эми кетерде,
Ачалбарсты колго алып,
Башын чаап өтөөрдө.
Бала жолборс Күлчоро,
Уюган чаңга кирбеген,
Уруштун ыгын билбеген.
Жоо көрө элек жаш бала,
Жол көрө элек боз бала.
Кош колдоп сайып салып тыр
Колундагы кош тизгин,
Колунан тайып калыптыр,
Алдында буурул ат,
Эки колун салыптыр,
Тизгин атты бек тушап,
Тонкочуктап калыптыр.
Батыр Толтой токтобой,
Асмандан булут түйүлдү,
Аянбай качып кутулду.
Бала жолборс Күлчоро,
Бармагын тиштеп токтоду.
Куткардым жоону кокуй,
Арманын айткан окшоду.
«Канетейин арман көп,
Качырган жоону алган көп,
Качкан жоону албаган,
Күлчоро менде арман көп!
Караңгы көрдө эшик жок,
Шыкааларга тешик жок,
Качкан жоону куткарган,
Күлчородо кешик жок!
Эми абама кантип барамын,
Кандай кабар саламын.
Того чыгып барсамбы,
Тоодогу элди тоздуруп,
Кыргынды кыйла салсамбы,
Жоодон алдым кегим – деп,
Абама айтып барсамбы!
Ойго түшүп барсамбы,
Ойдогу элди тоздуруп,

Абыдан кыргын салсамбы,
Душмандан кегим алдым – деп,
Минтип айтып барсамбы!
Алдымдагы Буурулдун,
Кулагын кесип алсамбы,
Куусам жетпей койду – деп,
Мындай деп, айтып барсамбы!
Асынганым ак келте,
Шыйрагын жулуп алсамбы,
Атсам жетпей койду – деп,
Мындай айтып барсамбы!
Колумдагы сыр найза,
Тыгын үзүп алсамбы,
Сайсам өтпөй койду – деп,
Мындай айтып барсамбы!
Белимдеги ач албарс,
Балдагын үзүп алсамбы,
Чапсам өтпөй койду – деп,
Мындай айтып барсамбы!
Баары мүлктүн баарысы,
Адам кордоор мүлк эмес,
Кыянат кылып калп айтып,
Кылар ишим бул эмес!
Жалган айтсам оңомбу,
Эгерде эки боломбу!
Акундун кызы Айчүрөк,
Керетинде билбейби,
Баракелди чоро – деп,
Мыйыгында күлбөйбү!
Айчүрөк билип алганда,
Купул сөзгө салганда,
Анда абакем билет го,
Жалганчы белем чором – деп,
Түпөйүл болуп жүрөт го!
Жалган сөз мага арам – деп,
Чынымды айтып барам! – деп.
Бура тартып калганы,
Бууданды жолго салганы,
Абасына Күлчоро,
Аныгын айтып барганы.
Айланайын абаке,
Алдейлеген Күлчороң,
Жаман чыктым мынаке!
Жамандыгым билинди,
Жар моюнума илинди!
Чала сайып Толтойду,
Бизге душман жолтойду.
Асмандан булут тутулду,
Жедигердин Толтою,
Көрүнөө качып кутулду!
Кутулуп Толтой кеткени,
Качкан жоону куткарган,
Эркелеткен Күлчороң,
Жамандыгы эмей неткени!»
Бала жолборс Күлчоро,
Айтып сөзүн токтолду,
Арстан төрө Семетей,
Доош салып октолду.
«Жаза сайган жаштыгың,
Балалыгың мастыгың.
Бүгүн Толтой кутулар,
Кутулганга кутурар,
Эрегишкен эки кул,
Эртең колго тутулар!»
Аны таштап салалы,
Найза жеген эр Толтой,
Ошондон кабар алалы!
Жедигердин эр Толтой,
Суркоенго камчы уруп,
Оңдоп-солдоп каршы уруп.
Чынкожонун алдына,
Чыңырып Толтой эр барды,

Толтойдун үнүн угушуп,
Калың кара эл барды.
«Эр Семетей келди – деп,
Келгенин көзүм көрдү» – деп,
Бакырып Толтой келгени,
Баарына кабар бергени.
Чындап Толтой эми айтат,
Чынкожого кеп айтат:
«Шыгайдын уулу Чынкожо
досум,
Өлөр жериң чын ошо досум!
Айткан тилди албайсың досум,
Арам өлдүк кандайсың досум!
Кой десем тилим албайсың
досум,
Комутта өлдүк кандайсың досум
Эрке кыз албай, эңди ал досум!
Манастын уулу Семетей,
Оңо турган эр эмес,
Оңдура турган жоо эмес,
Азыр келип мени көр,
Аманат жаным соо эмес!
Айтышып адам жеңе албайт,
Алышып адам эңе албайт.
Атышкан адам оңбойт го,
Бизди алмайынча койбойт го!
Жүр Чынкожо кетели,
Айчүрөк алып нетели,
Эртерек кетип Чынкожо,
Опол-Тоого жетели!
Кылымды эсен сактайлы,
Кызыл башты каптайлы,
Кызыл баштын элинен,
Бир кызыл чийкил кыз алып,
Атын кыз Чүрөк коюп мактайлы,
Айылды аман сактайлы,
Бир ак кызыл болгон кызды алып,
Атын Айчүрөк коюп мактайлы,
Кыялды досум оңдойлу,
Кыз үчүн кыргын болбойлу!
Май-Дөбөнүн белинде,
Түмөнбайдын бизди алдап,
Чектеп кеткен жеринде.
Кызыл буурул ат минген,
Кыл куйругун шарт түйгөн.
Кызыл чийкил жаш жигит,
Бир жандан коркпос таш жигит.
Басылбастан бакырып,
Манастап ураан чакырып.
Качырып чыгып бек сайды,
Бир сайганда жеп сайды.
Семетейди көргөндө,
Кайра тарттым тура албай,
Кайратты катуу кыла албай,
Не кыларым биле албай,
Ар качандан бир качан,
Турасың досум тил албай!
Качырып чыгып сайганда,
Найза тийип тайганда,
Ыраазы болдум Суркоен,
Алдымдагы айбанга!
Найза ыргыды колумдан,
Кан куюлду жонумдан.
Терең болгон бир арык,
Каршы чыкты жолумдан.
Аттап өттү Суркоен,
Айбандан артык бироен.
Алдымдагы Суркоен,
Бууданынан кутулдум,
Манастын уулу Семетей,
Кууганынан кутулдум!
Аттай албай Тайбуурул,

Арыкка келип токтолду,
Карабадым артыма,
Табыш чыкпай жок болду.
Омурткамдын оңу ооруйт,
Оң далымдын үстү ооруйт.
Кабыргам жаман катуу ооруйт,
Как далымдын үстү ооруйт!
Алтын кемер чети ооруйт,
Ай далымдын бети ооруйт!
Өпкө, боор тушу ооруйт,
Өлөр жерим ошо ооруйт!»
Түкүргөндө кызыл кан,
Кусуп турат эр Толтой,
Азыр качып кетүүгө,
Кызып турат эр Толтой.
Эр Чынкожо кеп айтат,
Кеп айтканда эп айтат:
«Акырын досум аста – дейм,
Акылыңдан шашпа – дейм!
Бала-чака коркпосун,
Бакырыкты ташта – дейм!
Семетейден качпачы,
Жаш баладай оолукпай,
Жакшы жорук баштагын!»
Оң колуна чыракты,
Алып туруп Чынкожо,
Толтойдун көрдү жарасын,
Көрүп туруп Чынкожо,
Анык билди чамасын.
Табыптарын алдырып,
Найза тийген жерине,
Аябай дары салдырып,
Тоодой болгон Толтойду,
Акыл-эстен тандырып.
Аккан канын токтотуп,
Абыдан жууду окшотуп.
Таза кылып жуудурду,
Барайы менен буудурду.
Кытайдан барып алдырган,
Кырма кызыл дары – деп,
Бул дарымдын бары – деп,
Ажалсыз жанга бир себеп,
Кыла турган дары – деп.
Сепкен жерден өң тартты,
Сергип Толтой жөн тартты.
Табыптары Толтойду,
Таза кылып алган соң,
Жарасында шеги жок,
Таза кылып алган соң.
Эр Чынкожо кеп айтат,
Кеп айтканда деп, айтат:
«Менин айткан сөзүмө,
Кулак салгын!» – деп айтат.
Сени сайган эр Толтой,
Семетей эмес Күлчоро,
Күчү башка эр чоро.
Он бешке чыкпас жаш бала,
Токтоно элек мас бала.
Жаш балага сайдырып,
Болупсуң досум маскара!
Айтылуу күлүк Буурул ат,
Жетпей калчуу мал эмес,
Семетей сени сайганда,
Сойбой койчуу жан эмес!
Сайдырган кишиң Күлчоро,
Эр Семетей ал эмес!
Семетей андай болчуу эмес,
Найзасы тийген оңчуу эмес!
Манастын уулу жетимден,
Мен коркпоймун эр Толтой,
Аянбастан атышам.
Кызыл канга батышам!

Кара жан өлбөй турганда,
Качып тайбайм шертимден,
Манастын уулу Семетей,
Баатыр эмес эч кимден!

Шыгайдын уулу Чынкожо,
Чындап сайрап турганы,
Жедигердин Толтойго,
Айтып сөзүн урганы.

ТОЛТОЙДУН ЖОМОГУ

КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ

Ошондо Толтой кеп баштап,
Кеп баштаса деп баштап:
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Чыйраксынба сен өзүң,
Эр Манастын кылганын,
Калтырбай айтам мен өзүм!
Көкөтөйдүн ашынын,
Берген жерин айтайын,
Көкөтөйдүн ашына,
Көңкү дөөлөр баарысы,
Келген жерин айтайын.
Көңкү дөөнүн баарысы,
Көкжал Манас баатырдын,
Өкүмүнө ошондо,
Көнгөн жерин айтайын.
Көрүп туруп жүрөгү,
Өлгөн жерин айтайын.
Сары ногой журтунан,

БОКМУРУН

Кызыл чийкил-нур жүздүү
Кырдач мурун, жумур баш,
Тулку бою куйгандай,
Эрибеген кара таш.
Кабагы бийик, жылма бет,
Адамзаттын уулуна,
Жакында болбойт мындай кез.
Көзү чолпон жылдыздай,
Чач, каштары кундуздай.
Он эки мүчө тең келген,
Көкүрөк жагы кең келген.
Ачууланып айкырса,
Ач арстандай үнү бар,
Айбаты катуу дүмү бар,
Аркасында бир карыш,
Туу кара кыл жүнү бар.
Кең Ташкендин жеринде,
Көкөтөй деген кан болгон,
Жерге сыйбай малдары,
Байлыгы журтка даң болгон.
Бокмурун деген баласы,
Кылым журтту чакырып,
Аш бергенин карачы!
Кечээ Кара Тоо калка болгондо,
Кара көл чалкар толгондо,
Капыр менен мусулман,
Кайнап өсүп ошондо,
Кара курттай оңгондо,
Кан Көкөтөй өлгөндө,
Сарбап менен буудуруп,

Зам-зам менен жуудуруп.
Токсон киши карматып,
Санат кылып көмгөндө.
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Төрт түлүк малын төлдөтүп,
Байытып элин көлдөтүп.
Элин каркап бай кылып,
Кийгендерин баарысын,
Торгуп, тубар шай кылып.
Эр Бокмурун ошондо,
Айтып сөзүн чамынып,
Аш берүүгө камынып.
Жетип келип Таласка,
Кеңеш салыш Манаска.
«Алакандай Анжиян,
Аты кантип чабабыз,
Акылды кандай табабыз!
Такыядай Ташкенге,
Тамаша кантип болот – деп,
Капыр менен мусулман,
Кара курттай толот! – деп.
Бокмурун айтып калганда,
Манаска кеңеш салганда.
Анда Манас кеп айтып,
Айтканың ырас деп, айтып.
«Манас билер кеп болсо,
Айтканым сага эп болсо.
Жаккан отуң өчүргүн,
Жалпы элдин баарысын,
Үч-Каркыра , Кегенге,
Как ошого көчүргүн!
Саадактын огун жонгун – деп,
Капыр менен мусулман,
Ортосуна конгун – деп.
Деп, Манас айтып турганда,
Аш кеңешин курганда.
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Жаккан отун өчүрүп,
Сары ногой көп журтун,
Кең Ташкенден көчүрүп.
Сандатып малып айдатып,
Салкынга элин жайлатып.
Как ыргайды жонгону,
Үч-Каркыраа, Кегенге,
Капыр менен мусулман,
Жүлүн жара конгону,
Көкөтөй ашын сойгону.
Беш дөбөнүн түбүнө,
Бээ байлатып Бокмурун,
Үч дөбөнүн түбүнө,
Үй тиктирип Бокмурун.
Ботонун сазын бойлогон,
Күндө кумар ойноп,
Күрсүлдөгөн Жолойго,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Ат жетелеп кирди дейт,
Алтындан күрмө кийди дейт,
Ашкере төрө болду дейт,
Калдай менен дос болуп,
Туз кайнатып алды дейт.

АШКА ЭЛДИ ЧАКЫРТКАНЫ

Көкөтөйдүн Бокмурун,
Мааникер атын идерип,
Жайма көкүл жаш Айдар,
Мааникерди мингизип,
Капыр менен мусулман.

МААНИКЕР

Шыйрагын шыпшап жонгондой,
Ар мүчөсү баарысы,
Кол менен жасап койгондой.
Жал, куйругу төгүлгөн ,
Айдын караңгысында,
Жүнүнөн чыккан жарыкка,
Жол жоголбой көрүнгөн.
Ак жуумал келген түрү бар,
Жылкыдан башка үнү бар.
Желгенине жел жетпес,
Жебелеп аткан ок жетес.
Кара болот туягы,
Айбандан башка сыягы.
Алп-дөөлөрдүн баарына,
Чакырыкчы жүргүзүп.
Көкөтөй ашы болду – деп,
Үч-Каркыраа, Кегенге,
Сары ногой көп журту,
Кара курттай конду – деп.
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Бул ашыма келсин – деп,
Өнөрүмдү көрсүн – деп,
Бул ашыма келбесе,
Өнөрүмдү көрбөсө.
Кыздарынын чачтарын,
Беш көкүлдөп өрсүн – деп,
Көкөтөйдүн кызыл туу,
Үй үстүнөн көрсүн – деп.
Ашыма келип калсын – деп,
Санатсыз мөрөй кыламын,
Олжону калың алсын – деп.
Ашыма келбей ким калса,
Өкүнчү калат өзүндө,
Көрүнбөсүн көзүмө!

Каңгайдын берки четинде,
Кара тоонун бетинде,
Хан Коңурбай калдайга,
Кара кытай калкынын,
Хандарынын далайга.
Кара калмак журтунун,
Кабылан Жолой ээсине
Канчалык кыйын дөөсүнө.
Четки кароол Мырадыл,
Айтса сөзү эң бадыл.
Кара чоктуу Борончу,
Катындан чыккан Ороңгу.
Кызыл чоктуу Нескара,
Кылымга толгон кытайдын,
Көктүгүнө не чара.
Чакыртып ашка баарысын,
Калмак, кытай жамысын.
Кеңири кыпчак элинде,
Керме тоонун жеринде,
Элемандын эр Төштүк,
Эрикпей жорткон алп Төштүк.
Алакандай мусулман,
Кутманы экен эр Төштүк,
Алакандай мусулман,
Сырттаны экен эр Төштүк.
Буга да кабар бергени,
Мааникер менен желгени.
Сары-Өзөн-Чүйдүн жеринде,
Нары жагы Ысык-Көл,
Сандаган калың элинде.
Буда кыпчак уругу,
Эки Кемин туругу.
Кара үңкүрүн үй кылып,
Кара токой мал кылып.

Жарды жүрүп байыган,
Жалгыз жүрүп көбөйгөн.
Эгиз кара аты бар,
Эпсиз чечен эр Үрбү,
Буга кабар салганда,
Жайма көкүл жаш Айдар,
Андан жөнөп калганда.
Сары-Арканын жеринде,
Сандаган казак элинде.
Көк өтүктүн өкчөсү,
Айдаркандын Көкчөсү.
Көгала сындуу ат минген,
Көк сүлөөсүн бөрк кийген.
Саймалуу жаргак шым кийген,
Алтындан кемер курчанган.
Олоңуңун башы алтын,
Ээринин кашы алтын.
Алача көйнөк , ак дамбал,
Балтыр жүнү байпагына батпаган,
Мактанчак андан ашпаган.
Ага кабар айтыптыр,
Атчан туруп кайтыптыр.
Андан чыгып жаш Айдар,
Оогандын ханы Акунга,
Букардын ханы Темирге,
Калчанын ханы Шоорукка,
Кабар салып жаш Айдар,
Далайды доорукка.
Эштектердин Жамгырчы,
Анжияндын Сынжибек,
Ада өзүнчө тың жибек.
Буудайык хандын Музбурчак,
Жарагы бойдо бир кучак.
Агыш менен Кожошко,
Акбай менен Мамбетке.
Жедигердин Багышка,
Чакыртты анын баарысын,
Көкөтөйдүн ашына,
Тамашага канышка,
Калың олжо табышка.
Карга учкусуз жол менен,
Сандаган түмөн кол менен.
Катагандын Кошойго,
Калк атасы ошого,
Агада кабар айтканы,
Орустун каны Чоң Темир,
Кийген тону сом темир,
Бугада кабар салганы.
Кабар айтты кандарга,
Касиеттүү жандарга.
Жайма көкүл жаш Айдар,
Булуттай учкан Мааникер,
Атырылтып аргытып,
Артынан чаңын баргытып.
Кыдырып жүрүп айтыптыр,
Каркап бир ай болгондо,
Каркырага кайтыптыр.

АШКА КЕЛГЕНДЕР

Угуптур досум сөзүмдү,
Эми ачайын көзүңдү!
Атакем Багыш үстүнө,
Жыйын болгон табы эле,
Бул кезинде атакем,
Кыйын болгон чагы эле.
Атакемдин кашында,
Ойноп турдум мен Толтой,
Он экиде жашымда.
Ыраңы кер даңкайган,

Ач маралдай шаңкайган.
Астында тулпар аты бар,
Үстүндөгү жаш жигит,
Адамдан башка бар.
Жетип келип жыйынга,
Салам айтып салганы,
Атакем алик салганы,
Амандык –соолук сурашып,
Айкалышып калганы.
Аш-тамакка тойгон соң,
Алакан жазып кол ачып,
Бата кылып койгон соң,
Жанынан алып атакем,
Атакеме кат берди,
Кат бергенде бат берди.
Катын окуп атакем,
Ой, шумурай бала – деп,
Башын чайкап калганы,
Бармагын тиштеп алганы,
Ошо замат атакем,
Жедигерден кол жыйды,
Кол жыйганда мол жыйды,
Аз гана эмес мол менен,
Санаты бир сан кол менен.
Аттанып чыкты күңгүрөп,
Доол кагып дүңгүрөп.
Ушу турган Толтойго,
Тору ала жорго мингизип,
Торконун күлүн кийгизип.
Ала барды кашына,
Хан Көкөтөй ашына,
Барып түштүк кылкылдап,
Каркыранын сазына.
Конокко бөлүп алганы,
Көкөтөйдүн Бокмурун
Жайлантып колду салганы,
Анын арка жагынан,
Чакырган дөөнүн баарысы,
Кара курттай бажылдап,
Жайнап түштү бул ашка,
Кумурскадай кыжылдап,
Кайнап түштү бул ашка.
Калмактан калың кол келди,
Кара курттан мол келди.
Кытайдан кырк сан кол келди,
Кылымды басып мол келди.
Орустан он сан кол келди,
Ойротту басып мол келди.
Топосу тоодой бурулду,
Капыр менен мусулман,
Туусу тууга урунду.
Кабылан Манас баатырды ,
Эми келет – деп турду,
Эртең келет – деп турду,
Төрт аяктуу малдарды,
Капырлар талап жеп турду.
Каркап бир ай толгуча,
Манастан кабар болбоду,
Калмак, Кытай талап жеп,
Сары ногой эли оңбоду!
Аларды таштап салалы,
Манаска барган жаш Айдар,
Ошондон кабар алалы:
Жайма көкүл жаш Айдар,
Мааникерди жулкунтуп,
Атырылтып булкунтуп.
Манаска келип кеп айтып,
Кеп айтканда деп, айтып:
«Самарканда сарт Манас,
Сары кулак сен Манас!
Анжияндын тоң алмасын
кемирген,

Чийки нанга семирген!
Жатасыңбы жамбаштап,
Көкөтөйдүн ашына,
Барбайсыңбы жол баштап,
Турбайсыңбы туу аштап.
Көкөтөй ашы болгону,
Үч-Каркыра, Кегенге,
Капыр менен мусулман ,
Кара курттай толгону!
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Дөөкүрсүп жатпай Таласта,
Өзү келсин башына,
Атакемдин ашына.
Бул ашыма келсин дейт,
Бул ашыма келбесе,
Көкөтөйдүн кызыл туу,
Как үстүнөн көрсүн дейт,
Кыздарын чачтарын,
Беш көкүлдөп өрсүн дейт!»
Деп, жаш Айдар айтып турганда,
Өкүм сөздү урганда.
Кырк чоро турду күүлөнүп,
«Жиндисиңби? Тазабы?!»
Жаш Айдарга сүйлөнүп.

«Бокмурун деген ким эле,
Сайрап турган ушуну,
Эми бир ооз сүйлөтпөй,
Алалы башын тим эле.
Бозуул , Баймат булкунуп,
Жаш Айдарды карата,
Атырылып жулкунуп.
Ач албарс алып колуна,
Азыр башын аларда,
Өлүм кылып саларда.
Манас баатыр болкулдап,
Башкача күлүп сомкулдап.
«Кой баатырлар койгула,
Бул Айдарда жазык жок,
Өзүбүз айткан кеп эле,
Мунун айтары да эп эле!»
Айдарды жолго салыптыр,
Аркасынан эрМанас,
Колун жыйып калыптыр.
Аз гана эмес мол менен,
Санаты он сан кол менен.
Аземин арттырып,
Алтын ооз кернейди,
Арылдата тарттырып.

АШКА МАНАСТЫН КЕЛИШИ

Кара кашка аргымак,
Каныкейге токутуп,
Чоролордун баарына,
Салабатын окутуп.
Жүк көтөрчүү карат лөк,
Ачык тулуп тарттырып,
Хан Көкөтөй агасы,
Ар санатын баарысын,
Ырамандын Ырчыуулга,
Какылдатып айттырып,

Тууну тууга урдуруп,
Сурнай кулак тундуруп.
Керди керге урдуруп,
Керней кулак тундуруп.
Аргымагын жалпоочтоп,
Абайы үртүк жаптырып,
Ак куланы бош коштоп.
Манас жүрдү дүңгүрөп,
Доол согуп күңгүрөп.
Ашка Манас барганда,

Келип калды баатыр – деп,
Жаш Айдар кабар салганда,
Кошой баштык карысы,
Мусулмандын ошондо,
Хандарынын баарысы.
Алдынан тозуп чыкканы,
Бейбаштыгын күчөтүп,
Талоон салган калмактар,
Манас келди дегенде,
Барарына жер таппай,
Батарына тоо таппай,
Качып баары ыктады.
Ашта жаткан көпчүлүк,
Манасты көрүп таң калды,
«Эми кандай болот!» –деп,
Кытай, калмак сандалды,
Ашка барып түшөрдө,
Жазайылын жаткырып,
Замбиректи аттырып.
Ак келте үнү чаңырды,
Ак келте үнүн укканда,
Ашта жаткан көпчүлүк,
Алда эмне кылат – деп,
Ачууланса бул Манас,
Ажалдан мурда кырат – деп.
Шашып жүргөн андан көп,
Алды алдынан дыркырап,
Качып жүргөн андан көп.
Сынаймын деген сынчы өлдү,
Тыңдаймын деген тыңчы өлдү.
Үрөмүн деген ит өлдү,
Үрө албастан мүрт өлдү.
Ал аңгыча эр Манас,
Кайда деди Бокмурун,
Кызы талак бейбаштан,
Акыл эси жоктугун!
Өзүн өзү билгенсип,
Өр таянып чыгыптыр!
Капыр менен мусулман,
Атасынын ашына,
Баарын жыйып алыптыр,
Азганакай журтуна,
Азапты катуу салыптыр!»
Деп айтып каарын төккөнү,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Алтын жамбы баш кылып,
Тогуз кур ат жалпоочтоп,
Арстан төрө Манастын,
Алдына келип чөккөнү.
Баатыр Манас султанды,
Ак ордого киргизип,
Сарамжалын билгизип.
Акбоз бээден сойдурган,
Ар даамдын баарысын,
Арак менен шарабын,
Азыр кылып койдурган.
Ошонун баарын мен көрдүм,
Качан досум сен көрдүң!
Көкөтөйдүн ашына,
Хандар барды мен бардым,
Хандар менен тең бардым,
Качан досум сен бардың!
Каркыранын сазында,
Хан Көкөтөй ашында,
Атам Багыш кашында,
Он экиде жашымда,
Самайым бар башымда.
Көкүлүм бар кашымда,
Мен көргөмүн Манасты,
Көкөтөйдүн ашында.
Манас барды бешимде,
Бейшемби күн кечинде.

Эртесинде Бокмурун,
Кемегени ойдурду,
Кур семиздин баарысын,
Куран окуп багыштап,
Кемегеге сойдурду.

АГЫШ МЕНЕН НЕСКАРА БААТЫРЛАРДЫ СЫНАШКАНДАРЫ

Каркыранын сазына,
Хан Көкөтөй ашына,
Калк жыйылып толгондо,
Капыр менен мусулман,
Кара курттай болгондо.
Чыканактай эр Агыш,
Бүткөн бою тарамыш.
Артык сынчы Агыш ал,
Акылы артык даанышман.
Кытай, калмак баатырын,
Толук байкап сыноого,
Тору ала жорго ат минип,
Торгун, тубар тон кийип,
Кытайдын элин аралап,
Кыдырып жүрдү эр Агыш,
Кытай, калмак баатырын,
Калтырбастан сынады.
Аяк-башын кынады.
Муну таштап салыңар,
Кытайлардын Нескара,
Андан кабар алыңар!
Кытайлардын Нескара,
Акыл-ою башкача,
Артык сынчы жан экен,
Кырк хандын эли кытайда,
Бир бөлүмдүн ханы экен,
Чечендиги ашынган,
Кытайды баскан ал экен.
Атка минип эрмекке,
Мусулмандын баатырын,
Барып сынап көрмөккө,
Эсен хан сындуу чоң ханга,
Кабарын айтып бермекке.
Келе жаткан кезинде,
Ар жумуш эсинде.
Алдынан чыкты бир адам,
Тааный албай болду таң.
Астында кула аты бар,
Адамдан башка заты бар,
Нескара байкап көз салса,
Нечен түрдүү ою бар,
Чыканактай бою бар.
Эл ортосу чегинде,
Хандар турган чегинде.
Эки баатыр беттешти,
Дөбөчө сеңир керүүдө.
Салам менен кооманы,
Катарынан айтышып,
Нескар, Агыш беттешип,
Экөө катар турганы,
Жайы-көйүн сурашып,
«Ким болосуз өзүңүз,
Жайыңды айткын – деп сурайт
Нарк сурамак келбеттен,
Жөн сурамак иметтен»
Эр Нескара кеп айтат
Кеп айтканда деп айтат:
«Менин жайым сурасан,

Уругум кытай улуу журт,
Көпчүлүгү кара курт.
Кылым кытай болот,
Кылайып адам жеңелбай,
Өздөрү кыйрап тим болот.
Кырк хандык толук эли бар,
Кыяматка жеткенче,
Бузулбайт деген кеби бар.
Ханым жаткан какан чын,
Байкатайын сага журтум.
Кырк хандын эли кытайдын,
Бир бөлүмдүн ханымын,
Атым менин Нескара,
Билими артык жанымын.
Калтырбай сөзүн эми, айтып,
Ар кайсыны көп айтып.
«Жайыңды айткын сен бурут,
Өзүң кимсиң» деп айтып.
Чыканактай Агыштан,
Жайы-көйүн сурады,
Акылды кенен курады.
Анда Агыш кеп айтат,
«Ой, Нескара!» – деп айтат.
Менин жайым сурасаң,
Кырк уруу болгон кыргызмын,
Кыбылада жылдызмын.
Кыргыздын башын кураган,
Кабылан төрө эр Манас,
Жердеген жери кең Талас.
Манас деген мыкты – деп,
Алтайдан туулуп чыкты – деп,
Түмөндөгөн кытайды,
Түркстандан кубалап,
Түп Бээжинге тыкты – деп.
Өзүмдүн атым сурасаң,
Чыканактай эр Агыш,
Бүткөн боюм тарамыш.
Сен кыргызды көрбөдүң,
Мен кытайды көрбөдүм,
Адегенде Нескара,
Өзүңдү мактап сөздөдүң.
Кылым кытай журтунун,
Баатырларын сыноого,
Келдим эле өзүм – деп,
Ушу менин сөзүм!» – деп,
Агыш айтты мындай кеп,
Агыш менен Нескара,
Эки баатыр кеп кылды,
Көргөн, билген иштерин
Жашырбайлык деп, кылды,
Убадасын бек кылды.
Эр Нескара кеп сурайт,
«Ой, Эр Агыш!» – деп сурайт,
«Калкамандын кара атын,
Камчыланган мунун ким?
Ак олпок тон кийген,
Атпай журтту ийирген.
Адамда мындай ким болгон,
Ажыдаар туткан баатырлар,
Алдына келсе бул эрдин,
Ачылбай оозу тим болгон.
Арстандар тутар буйругун,
Алдына келсе бул эрдин,
Чатына тыгар куйругун.
Башындагы кийгени,
Казандай кара бөркү бар,
Капыр менен мусулман,
Не кылам десе эрки бар,
Байпай мунуң эр экен,
Телегейи тең экен!
Кара кулак шер экен.
Ичин карап олтурсам,

Жер жүзүнөн кең экен!
Кабагы бийик, заары күч,
Катылгандар болот түз!
Сынын айтсам бир күндүк!
Бул баатырың ким болот?!»
Анда Агыш кеп айтат:
«Ой, Нескара» – деп айтат:
Анын жайын айтайын,
Айта түшүп кайтайын!
«Анын жайын мен айтсам,
Түн атасы Түмөн хан,
Түмөн хандан Бөён хан,
Бөён хандан Чаян хан,
Чаян хандан Кара хан,
Кара хандан тараган.
Өз атасы хан Жакып,
Өз энеси Чыйырды,
Чыйырдынын чын Манас,
Чычала көздүү шер Манас.
Кең Алтайда туулган,
Кытай, Калмак элинин,
Башына салган чуулган.
Курсакты катуу сүзгөн бул,
Эки колун толтура,
Кан чеңгелдеп түшкөн бул.
Тогузунда токтолгон,
Согушкан душман жок болгон.
Он жашында октолгон,
Ок аткан душман жок болгон.
Он бир жашка чыкканда,
Терең акыл ойлогон,
Теңешкен жоолор сойлогон.
Он экиге чыкканда,
Деңиздин боюн бойлогон,
Ногойдун элин башкарып,
Калмакты чаап тойлогон.
Он үчүндө мүчөгөн,
Оттой күйүп түтөгөң,
Баш көтөртпөй душманын,
Барган сайын күчөгөн.
Жыйырма жашка чыкканда,
Жылбаган көп-көк жаш болгон,
Атышкан жоого маш болгон.
Отуз жашка чыкканда,
Орундуу орчун хан болгон,
Ойротко сөзу даң болгон.
Катар турган артында,
Кыйгактуу найза, көк түнөк,
Кылымды бузган кара көк,
Кырк чоро деген эр ошол,
Аркадагы калың кол,
Аргын, ногой эл ошол!
Чыканактай эр Агыш,
Айтып турган мен ошол!»
«Чал куйрук сындуу ат минген,
Чайыңгиден тон кийген,
Алакандай мусулман,
Кутманы экен турбайбы,
Алакандай мусулман,
Сырттаны экен турбайбы,
Көңүлүндө кири бар,
Жер табы өткөн чени бар,
Бул алпыңдын аты ким?»
«Чал куйрук сындуу ат минген,
Чайыңгидей тон кийген,
Калкы кыпчак ичинде,
Элеман байдын Эр Төштүк,
Эрикпей жорткон алп Төштүк,
Жер алдына түшкөнү,
Жети жылдар болду эле,
Арбагын сыйлап туугандын,
Үйүнө тынчып жатпастан,

Көкөтөйдүн ашына,
Келип турган кези эле.
Желмогуз менен алышып,
Аянбастан салышып,
Каны калган бир кашык,
Эти калган көк жашык!»
«Боз жорго сындуу ат минген,
Борумдуу олпок тон кийген,
Алачар көзү чолпондой,
Ай кулагы калкандай,
Ак сакалы жаркылдап,
Аш башкарган баркылдап,
Нарктуу ишти көздөгөн,
Калыс сөздү сөздөгөң,
Бул баатырың ким деген?»
Анда Агыш кеп айтат;
«Ой, Нескара!» – деп айтат.
«Бекип калган Бээжиндин,
Бетин ачкан Эр Кошой,
Карап калган Кашкардын,
Кашын ачкан Эр Кошой,
Туруп калган Турпандын,
Тушун ачкан Эр Кошой.
Хан Кожонун Билерик,
Өзүң кармап алганда,
Кара чайга салганда.
Шаарыңды ошондо,
Талкалаган окшотуп,
Как өзүңдүн оруңдан,
Билерикти бошотуп,
Алган Кошой эмеспи!»
«Көгала сындуу ат минген,
Көк телегей тон кийген,
Көк сүлөөсүн бөрк кийген.
Олоңунун башы алтын,
Куюшканы куйма алтын,
Алача көйнөк, ак дамбал,
Балтыр жүнү байпагына
батпаган,
Бул алпыңдын аты ким?»
«Сары-Арканы жердеген,
Салышып душман жеңбеген,
Керегеси жыгачтан,
Аркы атасы Алачтан,
Айдаркандын Эр Көкчө,
Атагы кыйын бөлөкчө,
Ал Эр Көкчө эмеспи»
«Көк тулпар сындуу ат минген,
Көк торгундан тон кийген,
Ак сакалын жайкаган,
Азелге оозун чайкаган,
Аппак чырай, нур жүздүү,
Бул алпыңдын аты ким?»
«Арстан Манас баатырдын,
Артык жакын сырдашы,
Акыреттик курдашы,
Акыл тапкан тар жерде,
Жол көргөзгөн бар жерде,
Ал Эр Бакай эмеспи!»
«Көк теке сындуу ат минген,
Эңчегер бойлуу – кең сары,
Оту чыккан көзүнөн,
Кайраты чыккан сөзүнөн,
Айкыр үнү таш жарган,
Кыйкырык үнү баш жарган,
Бул алпыңдын аты ким?»
Анда Агыш кеп айтат;
«Ой, Нескара!» – деп айтат,
«Уругу Нойгут элинен,
Келип конгон Таласка,
Чоро болгон Манаска,
Кырк чоронун кыйыны,

Алтымыштын артыгы,
Азыр толгон убагы,
Акбалтанын Чубагы,
Ал эр Чубак эмеспи!»
«Көк казык сындуу ат минген,
Көк күрөөкө тон кийген,
Көк калтардан бөрк кийген,
Бул алпыңдын аты ким?»
«Көк казык тулпар ойноткон,
Көрүнгөн жоону сойлоткон,
Урушкан уулу көк бөрү,
Айткандан кайтпас бек бөрү,
Ал Көкбөрү эмеспи!»
Эр Нескара кеп айтат:
«Ээ, Агыш баатыр!» – деп айтат
«Эгиз кара ат минген,
Желбегей торко тон кийген,
Эпсиз чечен кара жаак,
Бул сынына карап бак!
Бул алпыңдын аты ким?»
Анда Агыш кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Кара үңкүрүн үй кылган,
Кара токой мал кылган,
Эгиз кара ат байлаган,
Эки кемин жайлаган,
Калк алдында сайраган,
Ал эр Үрбү эмеспи!»
«Тобурчак буудан ат минген,
Тордомо кымкап тон кийген,
Аргымагын кекейтип,
Көк кепичин тепейтип,
Көкүрөгүн көтөргөн,
Бул алпыңдын аты ким?»
Нескара сурап калганы,
Чыканактай Эр Агыш,
Жооп берип салганы.
«Анын жайын сурасаң,
Тегерек наны коюнунда,
Айры кетмен моюнунда,
Сарттын ханы Сынжыбек,
Атышкан жоого тың жибек,
Ал Сынжыбек эмеспи!»
Эр Нескара кеп айтат:
«Ой, Эр Агыш!» – деп айтат.
Жаратып кызыл ат минген,
Жалтырак соот тон кийген,
Узун бойлуу, кең далы,
Маңдайында бар калы,
Бул алпыңдын аты ким?»
«Мунун жайын сурасаң,
Эштектердин Жамгырчы,
Душманга туура каш кылчуу,
Ал Жамгырчы эмеспи!»
Телкүрөң сындуу ат минген,
Телегейден тон кийген,
Муздай темир курчаган,
Бурулуп өңүн сур чалган,
Бул алпыңдын аты ким?»
«Анын жайын айтайын,
Айта түшүп кайтайын.
Ар кылган иши түз бурчак,
Душманга намыс бербеген,
Буудайык хандын Музбурчак,
Ал Музбурчак эмеспи!»
«Тел кызыл сындуу ат минген,
Тел кызыл аты мойногон,
Теңешкен душман сойлогон,
Атка жеңил, жайга чак,
Уйкусу жок жолго сак,
Ашып кетсе жыйырма жаш,
Алышкан жоону талкалап,

Жок кылууга болгон маш,
Бул баатырың ким болот?
Салышкан душман түз болот.
Анда Агыш кеп айтат:
«Ой, Нескара!» – деп айтат.
Анын жөнүн сурасаң,
Кара соот кыргагы,
Кабылан Манас баатырдын,
Кайраты ашык сыргагы,
Ал эр Сыргак эмеспи!»
«Мааникер сындуу ат минген,
Бадана асыл тон кийген,
Мааникер аты алкылдап,
Бадана тону жаркылдап,
Аш башкарган баркылдап,
Бул алпыңдын аты ким?»
«Сууга чыккан жалбызы,
Атасына аш берип,
Кылымдын баарын чакырган,
Душманды чөптөй жапырган,
Ал Бокмурун эмеспи!»
Эми Агыш кеп айтат:
«Ой, Нескара!» – деп айтат.
Ар ишти ойлоп кынадың,
Мусулмандын алптарын,
Бүт калтырбай сынадың!
Кезегимди кайтып бер,
Кытай, калмак алптарын,
Эми мен сынаймын айтып бер!
«Тоодай кара ат минген,
Топчулугу тогуздан,
Көк торгундан тон кийген,
Ак найзаны колго алып,
Торала желек булгалап,
Көөкөр сындуу чоң күпсар,
Ал жанында шаркылдайт,
Аяктай алтын шуру таш,
Ай төбөдө жаркылдайт,
Көз айнеги балкылдайт,
Булгары өтүк бурмабел,
Буруксаган мунуң ким?»
Кереге темир курчанган,
Келберсиген мунуң ким?
Көзү күөлдүн буткулдай,
Көрүнгөндү жуткудай,
Көз үстүндө кара каш,
Бөктөргөлүү чапандай.
Кылагар көзүн кылайтып,
Кыл мурутун шыйпайтып,
Муруттары бар экен,
Чоң балтанын сабындай,
Мурунуда бар экен,
Селебенин сабындай,
Бул алпыңдын аты ким?»
Нескара анда кеп айтат,
«Ой, Агышым!» – деп айтат.
Алгара сындуу ат минген,
Алтындан торгун тон кийген,
Уктуң бекен сен башта,
Кара кытай манжуудан,
Кашкая чыккан Коңурбай,
Каары катуу чоң калдай.
Ал Коңурбай эмеспи!»
Эми Агыш кеп айтат,
«Ой, Нескара!» – деп айтат.
«Ач буудан сындуу ат минген,
Көк торгундан тон кийген,
Күзгү кирген букадай,
Күркүрөгөн алпың ким?»
Малакайы башында,
Жайсаңдары кашында,
Эр Нескара кеп атйтат,
«Угуп тур Агыш!» – деп айтат.
Кара калмак журтунан,

Кашкая чыккан Жолой эр,
Балбандыгы башкача,
Кара чаар жолборс шер!
Анын аты Жолойдур,
Жолойго киши Жолойбу,
Жер үстүндө дөөлөрдүн,
Алышканын койбогон,
Бир каманды бүт жесе,
Курсагы такыр тойбогон.
Балбан Жолой эмеспи,
Басташканды бас кылып,
Алган Жолой эмеспи,
Акыр заман душманга,
Салган Жолой эмеспи!
Кара Калмак журтуна,
Коргон Жолой эмеспи.
Жана Агыш кеп сурайт,
«Ой, Нескара» – деп сурайт.
«Кызыл жейрен ат минген,
Кызыл түпөк найза алган,
Кыл мурутун имерген,
Бул алпыңдын аты ким?»
«Кылган иши бап-бадыл,
Кырымдын уулу Мырадыл,
Ал Мырадыл эмеспи!»
Эми Агыш кеп айтат:
«Эр Нескара» – деп айтат.
«Кызыл буурул ат минген,
Кызылдан күрмө тон кийген,
Ала-Тоодой айбаты,
Кара тоодой карааны,
Бул алпыңдын аты ким?»
«Нескара эми кеп айтат,
Тыңда сөзүм! – деп айтат,
Кара кытай журтунун,
Калың дубал коргону,
Кайраты ашык Бороончу,
Ал Бороончу эмеспи!»
Боз качырдай ат минген,
Боору ачык күрмө тон кийген,
Боз жалпак келген түрү бар,
Болжолсуз башка сүрү бар,
Бул алпыңдын аты ким?»
«Кызыл чоктуу кытайдын,
Кыйынынын бири ошо,
Эр Бозкертик да ошо!»
Анда Агыш кеп айтат:
«Нескара уккун!» – деп айтат.
Бээжиниң бекем жер экен,
Бээжиндеги кытайың,
Уй түгүндөй эл экен,
Дүнүйөнү баскан көп экен,
Көп да болсо чөп экен,
Чөп көчүк болгон көп алпың,
Кимисин сынап турайын,
Кетүүгө көңүл бурайын!»
Эр Нескара кеп айтат:
«Сөз тыңда Агыш!» – деп айтат.
Сен өз журтуңду зордодуң,
Кытайдын журтун кордодуң,
Кызы талак оңбодуң!»
Ээрин кагып Нескара,
Көңүлгө алып көп санаа.
«Мусулман журту аз экен,
Аз да болсо дөөлөрү,
Жылбаган кара таш экен!
Баатырлары шок экен,
Копшоп койгон ок экен,
Агыштын айткан сөзү чын,
Кытайды журту көп экен,
Көпда болсо чөп экен,
Кыран Манас барында,
Кытайдын шагын сындырар,
Журтунун көөнүн тындырар!

КАЛМАКТЫН КАРА ТАЗ ЫРЧЫСЫ ХАНДАРДЫ МАКТАГАНЫ

Калмак ырчы Каратаз,
Айтар сөзгө болгон маш,
Мусулмандын хандарын,
Кыдырып барып көргөнү,
«Куралган экен баары» – деп,
Мактап коё бергени:
«Кырк уруу кыргыз атпай журт,
Калкың аман барсыңбы?
Аксакалын жайкаган,
Азелге оозун чайкаган,
Журт атасы хан Кошой,
Карың аман барсыңбы?
Акын хан менен Темир хан,
Барың аман барсыңы?
Айкөл Манас сырдашы,
Акыреттик курдашы,
Касиеттүү хан Бакай,
Дагы аман барсыңбы?
Токсонго барып мүркүгөн,
Чалдар аман бар бекен?!
Томолонуп ойногон,
Балдар аман бар бекен?!
Кең Түркстан – Ала-Тоо,
Жериң аман бар бекен?!
Кең дөөлөт элдин коргону,
Толуп жаткан сайкашка,
Бегиң аман бар бекен?.
Элеман байдын эр Төштүк,
Эрикпей жорткон алп Төштүк,
Көк өтүктүн өкчөсү,
Айдаркандын Көкчөсү,
Алты шаар Кашкарды,
Хан Жамгырчы башкарды.
Жарагы бойдо он кучак,
Буудайык хандын Музбурчак,
Анжыяндын Сынжыбек,
Кара жаак хан Үрбү,
Жалпың аман барсыңбы?!
Каркыранын сазы экен,
Калк чогулуп жыйылган,
Хан Көкөтөй ашы экен.
Аш башкарып кураган,
Айкөл Манас өзү экен,
Калмактан ырчы Каратаз,
Ырдап турган кези экен.
Кырк уруу кыргыз балдары,
Дөөлөтүң көлдөй толгон кез,
Кылымдын баары кыңк этпей,
Көз каранды болгон кез.
Жаткырып төө комдогон.
Шаймандын баарын оңдогон.
Сыдырым сыртты жайлаган,
Зыңкыйтап күлүк байлаган,
Сызылтып казы чайнаган.
Төрт түлүктүү мал күткөн,
Төгүлтүп дүйнө зар күткөн,
Боз үй тиккен көчмөндүү,
Элиң аман бар бекен?!
Кырк уруу кыргыз төрөсү,
Кыран туулган хан Манас,
Шериң аман бар бекен?!
Арстан Манас – айкөл – шер,
Кытайдан алдың кумулду,
Кылымга даңкың угулду,
Баары хандар ошондо,
Улук, кичик карысы,

Жалпы журттун баарысы.
«Калыс айтып өттү – деп,
Чынынан айтып кетти» – деп.
Арстан Манас кеп айтат:
«Ой, Калайык!» – деп айтат.
Ашка, тойго ар качан,
Ырчылар ырдап келүүчү,
Ызат кылып ырчыга,
Өбүлгөсүн берүүчү!»
Манас мындай дегенде,
Ар кайсы хандар бир тогуз,
Токиш курат байлады,
Абайы үртүк жаптырып,
Аземдүү жүгөн каттырып,
Ырчынын көөнүн жайлатты,
Какылдап турган ырчыга,
Бир жүз курат айдатты.

КОҢУРБАЙ МААНИКЕРДИ СУРАГАНЫ

Алаңгыча болбоду,
Мааникерди булкунтуп,
Бокмурун келди чапкылап,
Ээрдин кашын каккылап,
Бокмурун келди Кошойго,
Журт атасы ошого.
Келип туруп кеп айтты,
Абаке Кошой – деп айтты.
«Калдайдан чыккан Коңурбай,
Ушу менен өзүмө,
Каарданды доңузай!
Мааникерди бергин – дейт,
Айтканыма көнгүн – дейт,
Айтканыма көнбөсөң,
Ажалдан мурда өлдүң – дейт,
Ат алдырып минейин,
Каарданган капырдын,
Айтканына кирейин,
Дегенине көнөйүн!
Бокмурун айтып турганда,
Ушу сөздү урганда.
Анда Кошой кеп айтты,
Мааникерге кийликпей,
Берсең бергин деп айтты,
Аксакал Кошой айкырды,
Мусулмандын дөөлөрүн,
Келгиле деп чакырды.
Элемандын эр Төштүк,
Буудайык хандын Музбурчак,
Анжыяндын Сынжыбек.
Айдаркандын эр Көкчө,
Артык чечен эр Үрбү,
Менин атам эр Багыш,
Эштектергин Жамгырчы.
Хан Кошойдун алдына,
Баары келди жабылып,
Абакеси Кошой дөө,
Сөз айтууга камынып,
Хан Кошой анда кеп айтты:
«Менин айткан сөзүмдү,
Уккула хандар» – деп айтты.
«Коңурбай калча ушунда,
Ашка келген тушунда,
Бокмурунду чакыртып,
Айтканыма көн дептир,
Мааникер тулпар атыңды,
Мага тартуу бер дептир,
Мааникерди бербесең,

Талап кетем ашыңды,
Тамашамды көр дептир!
Баарыңарга эп болсо,
Мен бийлеген кеп болсо,
Мааникерди берсек бейм,
Бул каарданган калчанын,
Айтканына көнсөк бейм!
Кытайдын журту көп экен,
Жерден өскөн чөп экен,
Мусулман журту аз экен,
Кара кытай көп манжур,
Мусулмандын журтуна,
Оболдон бери кас экен!
Уй түгүндөй кытайга,
Алакандай мусулман,
Канткенде жетет чаркыбыз,
Канткенде жетет баркыбыз!»
Ушу сөздү укканда,
Хандар турду селейип,
Бир айтпай элейип,
Кидирбастан Кошой дөө,
Хандарга мындай деп, айтты,
Бир ооз айтып Манаска,
Берелик анан, деп айтты.
Ал хандардын баарысы,
Кошой баштык карысы.
Жөнөп калды дабырап,
Сөз сүйлөшүп жабырап,
Бокмурун тиккен ак ордо,
Ак ордонун эшикте,
Жерди чийип алышкан,
Чоролору чогулуп,
Ордодон оюн салыптыр,
Оён Манас кабылан,
Алтын күрсү үстүндө,
Оң кырынан жатыптыр.
Аксакал Кошой баш болуп,
Жалпы хандар келгени,
Жетип келип Манаска,
Баарысы салам бергени.
Карап алып эр Манас,
Өйдө боло калганы,
Саламга алик алганы,
«Жол болсун аба жол болсун»
Эр Манас айтып салганы.
Анда Кошой кеп айтты,
«Канкорум уккун – деп айтты,
Кытайдан чыккан Коңурбай,
Кыйын экен чоң калдай!
Бокмурунду чакыртып,
Мааникерди бересиң,
Айтканыма көнөсүң,
Мааникерди бербесең,
Айтканыма көнбөсөң,
Билгенимди кыламын,
Бириңди койбой кырамын!
Ашыңды талап кетемин,
Кетпегенде нетемин!»
Деп ошонтип Коңурбай,
Күлө сөзүн айтыптыр,
Эмне кылам муну – деп,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Капаланып кайтыптыр!
Айтканына калчанын,
Көнө койсок не болот,
Ичи бокко, тышы түк,
Мааникерди Коңурга,
Бере койсок не болот!»
Кошой айтып токтолду,
Кошойдун сөзүн укканда,
Арстан Манас ошондо,
Айбатын салып Кошойго,

Ажыдаардай октолду.
«Нени айтасың сен Кошой,
Акылыңдан танып алдырап,
Алжып сүйлөп кем Кошой!
Сакалыңдын агында,
Сапарың чукул чагында,
Кордук ишке көндүңбү,
Ошонтип Кошой өлдүңбү?!
Ушу сөздү айткыча,
Абаке Кошой өлсөңчү,
Акыретти көрсөңчү,
Абакем өлдү – деп өзүм,
Аруулап жууп көмсөмчү!»
Деп эле айтып эр Манас,
Төөдөй болгон доолду,
Күрс дедире урганда,
Буйрук кылып турганда.
Доолдун үнү күркүрөп,
Кылкандай болуп кырк чоро,
Атка минди дүңгүрөп.
Ордодо чүкө чачылып,
Кырк чоронун баарысы,
Аттарына асылып.
Аламанды чоролор,
Коюп кирди кытайга,
Аткычтары жааларын,
Чоюп кирди кытайга.
Аламан койду жаңырып,
Тозоңун тоодой сапырып.
Аламанды баатырлар,
Коюп кирди ошондо,
Айбалталап чокусун,
Оюп кирди ошондо,
Миңден, жүздөн ар жерге,
Союп кирди ошондо,
Ал аңгыча болбоду,
Кытайдан чыккан Коңурбай,
Кырымдын уулу Мырадыл.
Калмактардын хан Жолой,
Чоктуу кара Бороончу,
Кыл караны жетелеп,
Арстан Манас баатырдын,
Алдына келди энтелеп.
«Тартууга келдик баатыр – деп,
Кыргыныңды токтоткун,
Журтташалык акыр!» – деп.
Тартуусун Манас алганы,
«Эми кырбай токтол – деп,
Арстан эр айтып салганы.
Аламан чабуул токтолду,
Ушундан кийин бул ашта,
Кытай менен калмактан,
Үн деген бирөө жок болду.
Как ошондо Чынкожо,
Кошой барды мен бардым,
Кошо качан сен бардың!

КЕМЕГЕГЕ АТ ЧАБЫЛГАНЫ

Хан Көкөтөй ашында,
Каркыранын сазында,
Тууну тигип тургузуп,
Манас туруп башында,
Катагандын Кошою,
Жолдош кылып кашына.
Байгесин катка жаздырып,
Арыш кылып ачтырып,
Аягына дайындап,
Баарына мөөр бастырып.
Тогуз атка эки үйдөн,
Аппак кылып бордотуп,

Аземдетип кылдырып,
Жүз катынга оңдотуп.
Сынчыларга сындатып,
Жыгачын жакшы сыздатып,
Түзөтүп чийип келтирип,
Тор жибектен чырматып.
Манас менен макмалдан,
Жабык башын ойдуруп,
Ортосуна оюунун,
Актан милте койдуруп.
Кундузун жаз карматып,
Ат байгеге арнатып,
Ат башына эки үйдөн,
Айтып сөзүн жардатып,
«Аты келген алсын» – деп,
Атпай журтка аңдатып.
Жыгачын жакшы копшотуп,
Торкөз кылып окшотуп.
Ак кийизден тыш кылып,
Атилестен ич кылып.
Торкөз кылып токсон баш,
Атка экиден үй сайды,
Экиден калча кул сайды,
Экиден калмак күң сайды.
Чыккан аттын байгеси,
Үйү даяр угулуу,
Эки ургачы, эки эркек,
Кулу даяр угулуу.
Үйгө кошуп Бокмурун,
Жүз ботолуу төө сайды,
Миң кулундуу бээ сайды.
Экинчи аттын байгеси,
Үйү даяр сайылуу,
Эки ургачы, эки эркек,
Калча, калмак багылуу.
Үйгө кошуп Бокмурун,
Ботолуу элүү төө сайды,
Кулундуу беш жүз бээ сайды,
Козулуу беш жүз кой сайды.
Үчүнчү аттын байгеси,
Алтымыш атан төө сайды,
Алтымыш кур ат сайды,
Козулуу үч жүз кой сайды.
Төртүнчү аттын байгеси,
Кырк беш иңген төө сайды,
Кырк кулундуу бээ сайды,
Эки жүз элүү кой сайды.
Бешинчи аттын байгеси,
Кырк атанча төө сайды,
Кулундуу отуз бээ сайды,
Эки жүз субай кой сайды.
Алтынчы аттын байгеси,
Отуз каймал төө сайды,
Отуз субай бээ сайды,
Эки жүз соолук кой сайды.
Жетинчи аттын байгеси,
Жыйырма беш төө сайды,
Жыйырма беш ат сайды,
Жүз козулуу кой сайды.
Сегизинчи аттын байгеси,
Жыйырма атан төө сайды,
Жыйырма байтал бээ сайды,
Сексен субай кой сайды.
Тогузунчу аттын байгеси,
Он жети атан төө сайды,
Он эки байтал бээ сайды,
Алтымыш субай кой сайды.
Ат айдаган жаш Айдар,
Айтар сөзгө маш Айдар.
Каркырадан ат айдап,
Токтотпостон бат айдап.
Кызыл-Кыя, Сан-Таштан,

Кыя салып киргизип,
«Адашып балдар кетет» – деп,
Алдына адам жүргүзүп,
Анык жолду билгизип.
Болжолдуу жерди жайлашып,
Кеч киргенде аттарды,
Керме салып байлатып.
Чөп салдырып суутуп,
Жемин берип жайлатып.
Жайма көкүл жаш Айдар,
Таң сүргөндө айдатып,
Жетип барды үч күндө.
Челек чарын сазына,
Баатыр Манас дайындап,
Айтып берген жайына.
Эми Айдар кеп айтты,
Кеп айтканда эп айтты:
«Ат чапкан балдар токтолуп,
Кебимди уккун!» – деп айтты.
Калыстан атты айдаган,
Калк жыйылып жайнаган.
Кырк жолдошун «келгин» – деп,
«Айтканыма көнгүн – деп,
Кең чарындын сазы ушул,
Балдарга бата бергин!» – деп.
Таң кашкайып атканда,
Жылдыз тарап батканда,
Бата берди балдарга,
«Баарың аман баргын!» – деп,
Күнүн жетип байгеңди,
Күлүгүң барып алгын!» –деп.
Ат жөнөдү кайрылып,
Чаң тополоң болушуп,
Чапкан балдар чаң жутуп,
Далай балдар солушуп.
Анык тулпар-буудандар,
Чаңдан чыгып бөлүнүп,
Аянбастан арымдап,
Анык элге көрүнүп.
Жайма көкүл жаш Айдар,
Мааникерди каргытып,
Аянбаган чунагың,
Аңгесин арбытып.
Буудандыгын билгизип,
Бура салып жүргүзүп.
Топусун алып балдардын,
Бир, бирине кийгизип.
Бууп келет закымдап,
Айтып сөзүн шакылдап.
Тамаша кылып жаш Айдар,
Жаш балдарга жакындап.
Үрбүнүн кыйды карасы,
Далай аттын сарасы,
Жарым жолго бу чыкты,
Келишинче чамасы.
Жарым жолдон өткөн соң,
Көкчөнүн аты Көгала,
Алдыга түшүп алганы,
Арышын керип союлгур,
Закым болуп калганы.
Таманы жерде тарсылдап,
Кара болот ооздук,
Көмөкөйдө карсылдап,
Эң алды болуп ал келди,
Келгенин анык көз көрдү.
Анын арка жагынан,
Тулпар экен будагы,
Нескаранын Күрөңү,
Айбандан чоң мал экен,
Аябай табын келтирсе,
Озуп койчу ал экен.
Эки болуп ал келди,

Келгенин аныk көз көрдү.
Анын арка жагынан,
Үрбүнүн кыйды карасы,
Далай аттын сарасы,
Үчүнчү болуп ал келди,
Келгенин аныk көз көрдү.
Мунун арка жагынан,
Бороончунун Тоотору,
Маңдайында бир кашка,
Айбандан сыны бир башка,
Төрт болуп ошондо,
Арышын керип бул келди,
Келгенин аныk көз көрдү.
Чегиш алптын Суркызыл,
Минилбеген кур кызыл,
Жакшы таптап чаптаган,
Жалпы журту мактаган,
Бешинчи болуп бул келди,
Келгенин аныk көз көрдү.
Мунун арка жагынан,
Жамгырчынын Карагер,
Алтынчы болуп бул келди,
Келгенин аныk көз көдрү.
Анын арка жагынан,
Көбөштүн аты Сур телки,
Кулан сындуу, тайкы жал,
Жети болуп бул келди,
Келгенин калыс көз көрдү.
Анын арка жагынан,
Аныk буудан абыдан,
Акбалтанын чубактын,
Аныk буудан Кер кашка,
Адам өлчөөр мал эмес,
Айбандан сыны бир башка,
Сегиз болуп ал келди,
Келгенин калыс эл көрдү.
Калкамандын Кара аты,
Кайгуулчул эрдин канаты,
Карып калган жаныбар,
Тогуз болуп ал келди,
Келгенин калыс эл көрдү.
«Ат келип тамам бүттү» – деп,
Баатыр Кошой жар салды,
Келген аттын ээлери,
Байгелерин бөлүшүп,
Колдоруна такалды.

ЭТ ТАРТКАНЫ

Көкөтөйдүн Бокмурун,
Кур семизден сойдуруп,
Жер очокту ойдуруп,
Күрүчүн майлуу бастырып,
Кымыздан арак тарттырып.
Даңканга чайын кайнатып,
Албан түрдүү жемишти,
Дасторконго жайнатып.
Дасторкону тубардан,
Көргөндөр чыкты кумардан.
Патнос менен аптама,
Чылапчыны алтындан,
Көргөндүн көзү жалтанган.
Кытайдан барып алдырган,
Кызыл гүлдүү чынысы,
Бокмурунду ошондо,
Кылымды басты мунусу.
Ошончо колдун алдына,
Жибектен килем салдырды,
Көргөндүн көзүн талдырды.
Эки киши бир табак,
Тууратып этин тарттырды.

Ошончолук көпчүлүк,
Түгөтпөй этин арттырды.
Табактардын баарысын,
Капыр менен мусулман,
Калың колго Бокмурун,
Көрсөттү кыйла кызыкты.
Бир табагын кайта албай,
Буратала бергени,
Ушу кылган жосунун,
Калайык бүтүн көргөнү.
Ашка келген көпчүлүк,
Аш тамакка тойгону,
Мусулман журттун баарысы,
Куран окуп ошондо,
Алакан жазып кол ачып,
Бата кылып койгону.

АТТАРДЫ ЧУБАТУУГА САЛГАНЫ

Көкөкөтөйдүн көк туусу,
Көтөрүлүп калкылдап,
Ырамандын Ырчыуулу,
Жар чакырып шанкылдап,
Калайыкка жар салды,
Жар салганда шар салды.
«Ашка келген көпчүлүк,
Бириң эмес баарың ук,
Жашың менен карың ук,
Калк бийлеген жаның ук!
Атыңды бүгүн чабасың,
Атың келсе байгеге,
Аябай олжо табасың!
Чыккан аттын байгеси,
Сан сарыча төө болот,
Сан кулундуу бээ болот,
Сан козулуу кой болот,
Сан ак жамбы бул болот.
Ар шайманы бүт болгон,
Аппак кылып бер дыйкан,
Аземин артык эң дыйкан,
Тигилүү бир миң үй болот,
Кимдин аты чыксада,
Санай албай бай болот.
Экинчи аттын байгеси,
Биринчинин жарымы,
Аны санап алууга,
Эч кимдин жетпес арымы.
Андан кийин байгелер,
Жарымдан болот баарысы,
Ошондода канат го,
Аттары келген жамысы,
Алтымыш атка байге бар,
Андай олжо кайда бар!»
Деп ырчысы жар айтты,
Байгени тактап шар айтты,
Жарчынын жарын укканы,
Ашка келген көпчүлүк,
Чабыла турган аттардын,
Көкүл менен куйругун,
Шүйүп коштоп чыкканы.
Жарчынын жарын ошондо,
Атпай журт баары билгени,
Ашта жаткан көпчүлүк,
Дүңгүрөп атка мингени.
Ат-атына камынып,
Адамдын баары жабылып.
Ат чубатар жерине,
Көчө тартып калды ошол,
Чабыла турган аттарды,
Чубатууга салды ошол.
Сынчылар сынап турушуп,

Сын сөздөрүн урушуп.
Сынчылар анда кеп айтып,
«Аккула менен Ачбуудан,
Талаш болот» – деп айтып,
Ушул аштын аягы,
Чатак болот» – деп айтып.
Экинчи болот байгеге,
Эр Төштүктүн Чалкуйрук,
Үчүнчү болот байгеге,
Жаш Кенеейдин Кула тай,
Жаштыгынан жаныбар,
Арманда болуп баратай,
Төртүнчү болот байгеге,
Эр Багыштын Суркоён,
Бешинчи болот байгеге,
Чоң Темирдин Сур аты,
Алтынчы болот байгеге,
Эр Үрбүнүн Кара аты,
Кыйдылыгы болбосо,
Кылат эле санатты.
Байгенин башын кудурет,
Буюрду эле Карага,
Кыйдыланам – деп туруп,
Баш байгеден куру калып,
Өзү калды балаага.
Уурдап жеп – суу ичип,
Табын бузуп алганы,
Айбанда болсо бул Кара ат,
Балаага башын салганы,
Баш байгеден ошонтип,
Айрылып куру калганы.
Жетинчи болот байгеге,
Көкчөнүн аты Көгала,
Сегиз болот байгеге,
Нескаранын Торала,
Эр Агыштын Карала.
Алтымыш болот байгеге,
Ороңгунун Кула бээ,
Ороңгу катын кыйла дөө,
Чабылган аттар ошондо,
Санаты миңге толгону,
Каркап миңге толгону.
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Ат чапкан бир миң балага,
Бир сыйрасын бүт кылып,
Кызылдан макмал кийгизди,
Кыларына келгенде,
Кызматын журтка тийгизди.
Көк жекеден балдарга,
Буттарына кийгизди,
Көңкүгө пайда тийгизди,
Душмандын ичин күгүздү.
Жайма көкүл жаш Айдар,
Мааникер минип алкылдап,
Бадана тору жаркылдап,
Көөтөйдүн көк туусу,
Оң колунда калкылдап,
Ат айдады баркылдап,
«Чабылган аттар баарысы,
Кай жерден кайра тартат,
Айтып сөзүн шаңкылдап,
Токтолбой Үрбү сүйлөдү,
Ат кайтар жерди бийледи.
Баары журтка эп болсо,
Мен бийлеген кеп болсо,
Ары барсын эки күн,
Бери келсин эки күн.
Ыссык-Көлдүн күңгөйү,
Күңгөй ылды салсын дейм,
Чүйдүн башы Боомго,
Как ошого барсын дейм,
Төрт күн болот дегенде,

Кайра келип калсын дейм!»
Үрбүнүн сөзү токтолду,
Ажыдаар түгүн чыгарып,
Арстан Манас ошондо,
Үрбүнү көздөй октолду.
«Бадирек Үрбү не дейсиң,
Бийликти сага ким койду,
Балдыраган кедейсиң!
Кызы талак Үрбү не дейсиң,
Кылымды билгиң келеби,
Өзүнүн сөзүн эп кылган,
Кыжылдаган кедейсиң!»
Кара жаак булдурсун,
Чапса кулак тундурсун,
Кабылан Манас ошондо,
Кармап колго имерди,
Какылдаган Үрбүнү,
Оройго тартып жиберди.
Жаактан каны шороголоп,
Калың колду аралап,
Хан Үрбү качты корголоп.
Эми Манас кеп айтты,
«Менин айткын сөзүмдү,
Жаш Айдар уккун – деп айтты,
Аттарды айдап жаш Айдар,
Кызыл-Кыя ашырып,
Күңгөй ылдый түшүрүп.
Боомдун өтүп алгын сен,
Сары-Өзөн-Чүйгө салгын сен.
Ташкенге барып токтогун,
Бир өрүү кылып аттарды,
Абыдан санап жоктогун.
Жолдон бир ат кошпосун,
Жолдон кошкон ат болсо,
Атын атып өлтүргүн,
Ал өңдөнгөн куулардын,
Шумдугун башка жеткиргин!»
Буйрукту Манас бергени,
Аттарды айдап жаш Айдар,
Алда жолго киргени.

КҮРӨШ

Ырамандын ырчы уулу,
Жар чакырып кеп айтат,
«Көпчүлүк уккун, деп айтат.
Калмак журттан бир балбан,
Мусулман журттан бир балбан,
Ортого күрөш салат – деп,
Жыкканы мөрөй алат – деп,
Жыгылган куру калат – деп.
Балбандын алар байгеси,
Айгырлары салылуу,
Баары окшош тор ала,
Алтымыш байтал мал болот,
Алтымыш жамбы да болот,
Алгандын көөнү куп толот!»
Жарчынын жарын укканда,
Калмактын калың журтунан.
Ханзаданын нуркунан,
Камданып Жолой дөө чыкты.
Ат көтөргүс жөө чыкты.
Майданга келип олтурду,
Мусулман журттун ошондо,
Көөнүнө корку толтурду.
Ар мүчөсү келишкен,
Адамдан түрү бир башка.
Кара калмак калкынан,
Балбандыгы ашынып,
Кашкая чыккан көй кашка.
Мына ошондо чоң Жолой,

Көпчүлүктүн көзүнө,
Бир дөбөдөй көрүндү,
Мусулмандын дөөлөрү,
Көргөндө көөнү бөлүндү.
Катагандын хан Кошой,
Карысада карпаңдап,
Карт буурадай тартаңдап.
Атка минип желгени,
Мусулмандын алптарга,
Кыдырып айтып келгени.
Жолой чыкты балбанга,
Кандай балбан болсода,
Чалкасынан салганга.
Сен кандайсын эр Көкчө,
Жолойго беттеш барганга,
Жыксаң намыс алганга,
Жыгылсаң куру калганга.»
Анда Көкчө мындай дейт:
«Мен түшпөймүн Жолойго,
Жолойго барган оңорбу!»
Андан өтүп абакең,
Үрбүгө жетип келгени,
Бул Жолойго беттөгө,
Сен кандайсың дегени.
Атаганат абаке,
Акылыңыз канаке!
Мени салба балбанга,
Мени салсаң балбанга,
Каласың өзүң арманда!»
Андан Кошой өткөнү,
Сынжыбекке жеткени.
Сен кандайсың дегенде,
Жолобоймун Жолойго,
Жообун берди Кошойго.
Абакең андан бастырып,
«Түшөсүңбү Жолойго,
Хан Жамгырчы баатырга,
Айтып сөзүн салганы.
Жолойго кантип барамын,
Барган менен Абаке,
Жолойду кайдан аламын!
Андан өтүп Абакең,
Музбурчакка барды ошол,
«Түшөсүңбү Жолойго»
Барып айта салды ошол.
«Мен Жолойго чыга албайм,
Чыккан менен жыга албайм,
Андан өтүп Абакең.
Эр Төштүккө кеп айтат,
Сен Жолойго барууга,
Майданда күрөш салууга,
Кандайсың Төштүк – деп айтат.
«Бар десең аба барайын,
Барбай кантип калайын!
Кааласаңыз абаке,
Бир намыска жарайын!»
Карап туруп абакең,
«Жер астына сен түшүп,
Алптар менен алышып,
Дөөлөр менен салышып.
Калыптыр каның бир кашык,
Болуптур этиң көк жашык!
Койдум Төштүк барбагын,
Тоодой болгон Жолойго,
Барып күрөш салбагын!»
Баатырлар баары ыктады,
Мусулмандын дөөлөрдөн,
Бет алышып барууга,
Жолойго бирөө чыкпады.
Жашы толуп сексенбеш,
Барганын айтты эр Кошой,
Башка токтоп турбаган,

Дүнүйөнү ушундай,
Жалганын айтты, эр Кошой,
Капаланып кеп айтат,
«Беттешүүгө Жолойго,
Кандайсың Манас! – деп айтат.»
«Чыкпай байге бердикпи,
Кара Кытай манжуудан,
Ушундай кордук көрдүкпү!?»
Анда Манас кеп айтат:
«Ат үстүндө ок элем,
Азелден жөөгө жок элем!»
Абакеңиз эр Кошой,
«Аргам эми кетти – деп,
Кетпегенде нетти – деп.
Байгесин алсын дөө Жолой,
Ат минбеген жөө Жолой.»
Бастырып Кошой кеткенде,
Байгеге сайган байталды,
Айдап барып бермекке,
Байталдарга жеткенде.
Мусулмандын хандары,
Манаска карап кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты:
«Абакеңдин өз башын,
Кармасаңчы» – деп айтты.
Арчатору тулпары,
Камчыланып эр Манас,
Калың жыйын ичинде,
Алчыланып эр Манас.
Кошойду жандап бастырып,
Кошойго Манас кеп айтат:
«Ушу Жолой капырга,
Абаке өзүң чыксаңчы,
Алда кудай жар берсе,
Мактантпай аны жыксаңчы,
Топого башын тыксаңчы!»
Деп айтып Манас токтолду,
«Сен каалап айтып турганда,
Түшпөй кантип коём – деп,
Атынан түшүп октолду.
«Бул капырга барайын,
Карысамда мен Кошой,
Барып күрөш салайын!

КОШОЙДУН АРМАНЫ

Кеткен экен бир өтүп,
Жер солкулдап жыйырма беш,
Жыйырма бештен айрылдым,
Атанын арман сексен беш!
Карадан тулпар ат минип,
Карадан камка тон кийип,
Кара түпөк найза алып,
Жоо качырдым бир кезек,
Отуз беште болбодум,
Очоктой Жолой балбанды,
Ойрон кылып койбодум,
Атанын арман сексен беш!
Кызылдан жейрен ат минип,
Кызыл камка тон кийип,
Көч баштадым бир кезек,
Кырк беш жашта болбодум,
Кызы талак Жолойду,
Кыйратып жерге жакшылап,
Кызылдай канга тойбоду!
Атанын арман сексен беш!
Жоого кирдим бой түзөп,
Топко кирдим тил безеп,
Элүү беште болбодум,
Ушул Жолой ит менен,

Эңишип жатып өлбөдүм,
Атанын арман сексен беш!
Эң болбогон күнүмдө,
Алтымыш беште болбодум,
Ушу Жолой ит менен,
Алышып жатып өлбөдүм,
Атанын арман сексен беш!
Сексен беш деген жаш экен,
Оболтодон акырга,
Адамзатка кас экен,
Сексен бешке барганда,
Ар кандай адам болсода,
Үн чыкпас кара таш экен!
Сексен беште жашымда,
Сексейген аппак башымда,
Канкорум каалап калганы,
Кайрылып эки келбеген,
Кашайган дүйнө жалганы.
Кандагайым жок эле,
Кабылан Манас канкорум,
Абаңа тапкын кандагай,
Кидирбестен шамдагай!
Хан Кошой айтып болгону,
Арманын угуп Кошойдун,
Кайышып хандар толгондо,
Арстан Манас ошондо,
Хандардын баарын айкырды,
«Кел бери – деп кыйкырды,
Токтобостон Манастын,
Алдына хандар келгени,
Чечтирип алып ошондо,
Кандагайдын баарысын,
«Кийип көргүн аба – деп,
Хан Кошойго бергени.
Бирден, бирден бутуна,
Абаң Кошой салганы,
Кандагайдын баарысы,
Тизеден өтпөй калганы.
Бурдап кармап баарысын,
Ушу турган хандардын,
Башынан алыс ыргытты,
Асманды карай дыргытты.
«Колунан келген азамат,
Тандап катын албайбы,
Курушкан колду катынды,
Катыным деп кубанбай,
Айдап жолго салбайбы!»
Ал сөздү айтып абакең,
Каарын төгүп күүлөнүп,
Хандарга карап сүйлөнүп.
Ал аңгыча болбоду,
Аллам ишин оңдоду.
Ажыбай менен эр Серек,
Акылы артык эң зейрек.
Манаска келип кеп айтты:
«Каныкей кылган кандагай,
Абакемдин бутуна,
Ошол батат – деп айтты.»
«Андай болсо акыр – деп,
Алып келгин бачым – деп,
Арстан эр айтып салганы,
Ажыбай, Серек чапкылап,
Каныкей кылган кандагай,
Алып келип калганы.
Абакеңе бергени,
Абакең бутун салыптыр,
Жоон санга келгенде,
Жогору өтпөй калыптыр,
Карап турган кабылан,
Ажыбай менен Серекти,
Каарына алыптыр.
«Эки доңуз кылдың – деп,

Шагым жаман сынды – деп,
Душмандын көөнү тынды – деп.
Ачып көздү жумгуча,
Андай мындай дегиче,
Акыл тапты Сереги,
Азыр тийди кереги.
«Тегин эмес кандагай,
Каныкей кылган шамдагай.
Эки жагын тарталы,
Бүгүшүндө танапты,
Керип-чоюп тарталы!»
«Серектин сөзү акыл – деп,
Уга турган маакул кеп!»
Ажыбай, Серек ушалап,
Ары-бери тартканда,
Танабы кетти жазылып,
Бүгүшү кетти ачылып.
Абакең бутун салганы,
Чайканды келбей калганы,
Тартып койсо кандагай,
Була болуп чоюлуп,
Коё берсе кандагай,
Шили болуп жыйылып.
Абакең Кошой ошондо,
Кандагай кийип шымданып,
Кара боюн чыңданып.
Билегин түрүп күүлөнүп,
Өзүнөн өзү сүрдөнүп.
Кыбыла казап кырданып,
Каарын салып сурданып.
Хан Көкөтөй ошондо,
Хан Кожо бар башында.
Алакан жайып буркурап,
Хан Кожосу баш болуп,
Атпай журту мусулман,
Абакеси Кошойго,
Батасын берди чуркурап.
Балпактап басып Кошой дөө,
Жолойго басып барды жөө.
Балбан Жолой ошондо,
Ордунан турду камынып,
Ач арстандай чамынып.
Ордунан турду күркүрөп,
Көргөндүн бою үркүрөп.
Бет алышып эки дөө,
Ач билектен алышып,
Ары-бери тартышып.
Билектеги терилер,
Колдоруна келишип,
Көк букадай челишип.
Багалектен түрүшүп,
Балбандар башка сүрүшүп.
Белден кармап тирешип,
Бек сыгышып күрөшүп.
Бирин бири булкушуп,
Ач арстандай жулкушуп.
Сүрүшкөн жери аң болуп,
Кол көрүнбөй чаң болуп.
Сүрүшкөн жери коо болуп,
Топурагы тоо болуп.
Үндөрү күндөй күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп.
Түш убакта күрөшкөн,
Эки балбан тирешкен.
Күн ылдыйлап ошондо,
Көтөрмө бою калганда,
Бул өңдөнгөн балбандар,
Болгон эки жалганда.
Абакеңиз Кошойдун,
Сары суу тарап боюна,
Акыл ойлоп оюна.
Жолойду белден алды ошол,

Оң буттан чалма салды,
Тоодой болгон Жолойду,
Тушап алып бутунан,
Чалкасынан салды ошол.
Чоң Жолой калды жыгылып,
Топого башы тыгылып.
Башынан аттап өткөнү,
Басып Кошой кеткени.
Мусулман журту буркурап,
Ураан тартып чуркурап.
Кошойду колго алышып,
Алаканга салышып.
Балбан көтөр кылганы,
Карап туруп ошондо,
Калмактын шагы сынганы,
Мусулман көөнү тынганы.
Мына ошондо токтобой,
Калмак, Кытай буркурап,
Мусулман журтту карата,
Аламан койду чуркурап.
«Балбанды жыкмак бар эле,
Баш аттамак жок эле.
Буруттардын көрдүгү,
Башкача өттү зордугу!»
Аш башкарып ортодо,
Атка минип турушкан,
Калыстан канча хандар бар,
Касиеттүү жандар бар.
Орустун ханы Чоң Темир,
Кийген тону сом темир.
Кара Кытай калкынан,
Чоктуу Кара Бороончу,
Муздай темир ороончу.
Оогандын ханы Акун хан,
Букардын ханы Темир хан.
Казактардан хан Көкчө,
Кабылан Манас чоң төрө.
Калмак менен кытайды,
Калыстар тозуп кеп айтат:
«Калбаңды койгун» –деп айтат,
Чоң Темир туруп – кеп айтат,
«Чоголдук кылба» – деп айтат.
Балбаның Жолой жыгылды,
Тоного башы тыгылды.
Чарчап калган абышка,
Токтото албай өз боюн,
Күүлөнүп басып кеткендир,
Аттаса аттап өткөндү!»
Арасына барганы,
Калмак, Кытай, буруттун,
Жигин айрып калганы,
Чырын басып салганы.
Мөрөйдү Кошой алганы,
Абакеңиз Кошойдун,
Эч калбады арманы.
Абакең Кошой жуунуп,
Эсин жыйып суунуп.
Манаска Кошой кеп айтат:
«Кабылан Манас канкорум,
Бутумдагы кандагай,
Аласыңбы – деп айтат,
Абаңдын чечпей бутунан,
Жоомартттыкты бир кылып,
Саласыңбы?!» – деп айтат.
Оён Манас баатырдын,
Оң муруту былк этип,
Оң бөйрөгү солк этип.
Сол муруту былк этип,
Сол бөйрөгү солк этип.
Күлүмсүрөп кеп айтат:
«Кандагай аба сиздики,
Кылган кызмат биздики.

Өлбөгөн кулга абаке,
Ар дүнүйө табылар,
Канкоруңдун канышы,
Каныкейдей келиниң,
Абаке абийри качан жабылар,
«Кайып хан кызы Карабөрк,
Катында болбойт андай көрк.
Камап элин барганда,
Кайыпка бүлүк салганда,
Чакыртып алдым талаадан,
Кармап алдым ошондо,
Үч коргондун камоодон,
Мынданда мерсет көрбөдүм!
Шоорук хан кызы Акылай,
Шоодураган капырай,
Калчаны камап барганда,
Калчага бүлүк салганда.
Чакыртып алдым талаадан,
Кармап алдым ошондо,
Аскар тоонун жандоодон,
Мынданда мерсет көрбөдүм
Кара хан кызы Каныкей!
Кайындап алган зайыбым,
Мынданда мерсет көрбөдүм!
Алда таала-кудайдын,
Өкүмүнө көнгөнмүн!
Абаке Кошой бата бер,
Ар түрдүү санаа курадым,
Батаңды сурап турамын!»
Абакең Кошой ошондо,
«Батамды канкор аябай,
Ушул азыр берейин,
Алда-таала-кудайдан,
Чындап сурап көрөйүн!
Каныкей келин кайда – деп,
Кашыма келсин мында!» – деп,
Хан Кошой айтып салганы,
Эликтей болуп түйүлүп,
Хан Кошойдун алдына,
Каныкей келди жүгүнүп.

КАНЫКЕЙ

Шыңга бойлуу, кара сур,
Чыractай көзү жалтылдап,
Катында болбойт мындай түр.
Короздой моюну суналып,
Кундуздай болгон колоң чач,
Аркасында чубалып.
Тиши аппак жубардай,
Кабагына караса,
Кара кашка тынардай.
Буралып бели ийилген,
Сурмадай кашы чийилген.
Абакең Кошой ошондо,
«Атаганат канкорум,
Бул Каныкей келиним,
Жалындап турган чок экен,
Ак жоолукта жок экен!
Желке чачы жүн экен,
Өзүңдүн көзүң өткөн соң,
Эмгекке туулган күң экен!»
Кошойдун батасы.
Абакеңиз Кошой дөө,
Алакан жайды буркурап,
Атпай турган мусулман,
Тилек кылды чуркурап.
«Берсе кудай тилекти,
Туулсун мындан бир бала,
Кылымды бузган эр бала,
Кара кулак шер бала!

Темирди бузсун балталап,
Тентекти тыйсын талкалап!
Туюкту бузсун балталап,
Душманды бузсун талкалап.
Ак болотун майласын,
Ачуусу чындап кармаса,
Абыке менен Жакыпты,
А дедирбей жайласын!
Көмөрүнө келгенде,
Көбөштү кармап жайласын!
Кыраңдуу жерди майласын,
Кыйыгына тийгенде,
Кырк чорону жайласын!
Кыдыра кырчын тал болсун
Кырга чыга бергиче,
Кылуучу кудай жар болсун!
Толкусун дайра кемедей!
Аты болсун Семетей!»
Алмамбеттин Аруукe,
Каныкейдин туурада,
Ада турган жүгүнүп,
Тизеси жерге бүгүлүп.
Абакең Кошой кеп сурап,
Бул кайсы келин деп сурап.
Алманбеттин зайыбы,
Ала-Тоонун кайыбы,
Аты Аруукe деп айтты,
Кабылан Манас кеп айтты.
«Буга да бата берейин
Кудайдан сурап көрөйүн!
Аруукe туусун бир бала,
Душманга салсын чоң балаа!
Болуп калсын ал бала,
Семетейдин чоросу,
Ар качандан бир качан,
Кеңеши бирге жоросу.
Асмандан жылдыз болжошу,
Семетейдин жолдошу.
Аты болсун Күлчоро,
Семетейге жан жөкөр.
Кошой бата бергени,
Кайып менен мусулман,
Кошо бата бергени,
Жор дүңгүрөп калганы.
Калмактар жалпы зуулдап,
Сөз сүйлөшүп чуулдап.
Кызы талак буруттун,
Бул не деген ырымы,
Бул не деген кылымы!
Топ олуя бириккен,
Тобосунан бүткөн кул,
Бар олуя биригип,
Батасынан бүткөн кул,
Болжоп кара Чынкожо,
Семетей жайы мына бул!
Батадан бүткөн бала бар,
Байкап кара Чынкожо,
Баары ишиңде чала бар,
Байкабасак Чынкожо,
Башыбызга балаа бар!»

ЭҢИШ

Ырамандын ырчы уулу,
Кызыл тилин кайрады,
Жар сөзүн айтып сайрады.
Калмак журттан бир баатыр,
Бурут журттан бир баатыр,
Атка минип чыгат, деп
Ортого эңиш кылат деп.
Кармалашып өтсүн, деп,

Көк бөрү тарткан улактай,
Эңип алып кетсин, деп.
Эр эңиштин байгеси,
Так алтымыш сур байтал,
Баары семиз кур байтал.
Алтымыш шөңшуур ак күмүш,
Алганга болот көргөн түш!
Кара калмак калкынан,
Нескара чыкты эңишке,
Эңишкенди жеңишке.
Атка минди камынып,
Ак жолборстой чамынып,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп,
Көк аскар тоодой көрүнүп,
Анда Манас айкырды,
«Кайдасын Агыш келгин – деп,
Эр Агышты чакырды.
Катын жандуу, кыз накыш,
Кайда жүрөт эр Агыш.
Чоролор атка мингени,
Агышты издеп жүргөнү,
Кегендин бою токойго,
Келин, кыздан алыптыр,
Тамашаны салыптыр.
Катын жандуу, кыз накыш
Кайдасың? – деп – эр Агыш!»
Чоролор барды акырып,
Эр Агышты чакырып.
Алып жетип келгени,
Хан Кожосу баш болуп,
Мусулман журту чуркурап,
Баары бата бергени.
Чыканактай эр Агыш,
Бүткөн бою тарамыш.
Кер тулпарын токунуп,
Келмесин айтып окунуп.
Белине кемер курчанып,
Бети, ыраңы сур чалып.
Чопкутун кийип камынып,
Ач арстандай чамынып.
Эр агыштай баатырды,
Алманбет коштоп барганы,
Нескараны чылбырдан,
Мырадыл коштоп алганы.
Айкырышып жетишип,
Жакадан булкуп өтүштү.
Белден чапчып кармашып,
Өбөктөшүп жармашып.
Чиренишие тартышып,
Моюнга колун артышып.
Катар чаап сүрөшүп,
Ат үстүндө күрөшүп.
Жарым күнү алышты,
Тамашаны салышты.
Күн обоого толгондо,
Түш ооган кези болгондо.
Ажырашып кетишти,
Ат чабым жерге барышып,
Кайра тартып акырын,
Эки баатыр ошондо,
Каарларын төгүп бакырып.
Жана келип калышты,
Майданга эңиш салышты.
Нескара алды жакадан,
Эр Агыш алды кокодон.
Катуу кармап алганы,
Чыканактай эр Агыш,
Эр Нескара баатырды,
Аттан алып салганы.
Чоролор жетип жабылып,
Агышка азыр камынып.
Ураан тартып чуркурап,

Коштоп чыкты буркурап.
Чыканактай Эр Агыш,
Байгени айдап алганы,
Токойдогу кыз, келин,
Кайтадан ага барганы.

ТӨӨ ЧЕЧИШ

Төө чечкендин мөрөйү,
Тогуз аппак атанга,
Шурудан буйла тактырып,
Калыдан килем жаптырып.
Тогуз алтын дейилда,
Тогуз жамбы ак күмүш,
Көкөтөйдүн ашына,
Бокмурун кылды мындай иш.
Алтындан чачпак байлады,
Төө чечүүчү катындын,
Ар шайманын шайлады.
Жарчысы чыгып журтка айтты.
«Азыр өнөр төө чечүү,
Уккула муну, деп айтты.
Талапкер катын төө чечет,
Көпчүлүктүн алдында,
Энеден туума жылаңач,
Эңкейип туруп жөө чечет.
Тырдай болуп чечинет,
Уяттан бүтүн кечинет!»
Кандай катын чечет – деп,
Дүнүйөгө алданып,
Уяттан кантип кечет – деп,
Мусулман журту ардыкты,
Кытайдан көрдү ошондо,
Уяттан кечкен кардыкты.
Ороңгу деген катындыр,
Түк уятты билбеген,
Орою суук капырдыр.
Тырдай болуп чечинип,
Уятынан кечинип.
Жып жылаңач капырың
Шапалактап такымын.
«Мен катындан чыккан кеменгер,
Калкка карап немен дээр:
Падышаны – хандарды,
Баатыр, балбан аларды,
Аларды тапкан бул көтүм,
Түк уялбайт бул бетим!
Коңурбай менен Манасты,
Аны тапкан бул көтүм,
Бул уялбайт бул бетим!
Кошой менен Бакайды,
Төштүк менен Көкчөнү
Аны тапкан бул көтүм,
Түк уялбайт бул бетим!
Чоктуу кара Бороончу,
Кырымдын уулу Мырадыл,
Аны тапкан бул көтүм,
Түк уялбайт бул бетим!
Айтып, айтып Ороңгу,
Артында чачпак салаңдап,
Төөгө басты дардаңдап,
Ороодогу казыктан,
Эңкейип туруп чечкени,
Чечип алып кеткени.

ЖАМБЫ АТЫШ

Карагайдан түркүктү,
Жерге бекем какканы,
Кырк танап менен чырматып.
Аяктай алтын жамбыны,
Башына мыктап такканы.
Жарчы чыгып ырдады,
Көпчүлүк сөзүн тыңдады,
Атка аттанып мергендер,
Аяктай алтын жамбыны,
Ат менен чаап атасың,
Атып алсаң жамбыны,
Карк олжого батасың!»
Мергендер мылтык октошуп,
Миңден, жүздөн топтошуп.
Милтелерин түтөтүп,
Мергендигин күчөтүп.
Кароолго көзүн салышып,
Шыкаалашып калышып,
Аттан чаап атышып,
Карап турган көпчүлүк,
Тамашага батышып.
Бараңдын огу күркүрөп,
Уккандын бою дүркүрөп.
Керели кечке атышты,
Кеч киргенде жатышты,
Эртең менен турушту,
Кайта атууга киришип.
Күпсөрдөн дары күбүлдү,
Атуудан мерген түңүлдү.
Бир убакта ошондо,
Манастан келди чабары,
Айтып келди кабарды:
Мергендер эми кетсин – деп,
Бизге кезек жетсин – деп,
Мергендер чыга бергени,
Эр Манастын кырк чоро,
Буларга кезек келгени.
Атчан чаап жетишип,
Ар чоросу бир атты,
Бирден тандап кыя атты.
Бир огу сая кеткен жок,
Атканы бөөдө өткөн жок.
Кырк чоросу кырк атты,
Арстан Манас ошондо,
Арча тору бууданды,
Атырылтып чуратты,
Ак келтени дүрмөттөп,
Чаап келип бир атты,
Бир танапты кыя атты,
Жамбыны жерге түшүрдү,
Алууга Манас күтүндү.
Жамбыны эңип алганы,
Кайта тартып калганы,
Абакеси Кошойдун,
Алдына таштап салганы.

САЙЫШ

Эми баатырлар чыгып сайышат,
Найзалары майышат.
Кытайдан чыгат бир баатыр.
Мусулмандан бир баатыр.
Жарчынын жарын укканда,
Мындай кабар чыкканда,
Эр Коңурбай ошондо,
Алгараны токунуп,

Бурканына чокунуп.
Соот, чопкут кийинип,
Бурканына сыйынып.
Тоодой боюн топчулап,
Толо боюн үпчүлөп.
Көк найзаны колго алып,
Каарданып сурданып,
Алгараны булкунтуп,
Атырылтып жулкунтуп.
Алты сан кытай, миң калдай,
Ошолордун ичинде,
Артыкча баатыр Коңурбай,
Ал өңдөнгөн баатырга,
Беттешкен баатыр оңорбай.
Сайыш майдан жерине,
Сүрдөнүп Коңур чыкканда,
Балкылдаган манжуулар,
Сүлкүлдөгөн иш болор.
Жер союлуп дүңгүрөп,
Барабан согуп күңгүрөп,
Коңурбайдын кырк төрө,
Өз дининче окунуп,
Бурканынына чокунуп,
Орой чоку таш башат,
Майданга келип турду ошол.
Коңурбай түрүн көргөндө,
Мусулман журту чогулду,
Ушу турган Коңурга,
Кандай баатыр чыгат – деп,
Эт жүрөктөр козуду,
Ал аңгыча болбоду,
Катагандын хан Кошой,
Калк атасы эр Кошой.
Ак сакалын сеңселтип,
Ак боз атын теңселтип,
Манаска келип кеп айтат:
«Коңурбай чыкты майданга,
Кантесиң, канкор – деп айтат.
Сенден башка алп-дөөлөр,
Коңурбайга барчуубу,
Каарданган калчаны,
Барган менен алчуубу!
Барган менен сайылат,
Талпагы ташка жайылат!»
Деп, Хан Кошой айтканда,
Анда Манас кеп айтат:
«Абаке айткан сөзүң эп эле,
Мен уга турган кеп эле.
Каарданган каапырга,
Хан Коңурбай баатырга,
Менден башка ким барат,
Беттешип аны ким алат!
Маакул – аба маакул – деп,
Биз баралы акыр – деп.
Жалын чыгып көзүнөн,
Кылкандай болуп сары түк,
Сайылып чыгып бетинен,
Ак олпок кийип чыңданып,
Кандагай кийип шымданып.
Арстандай көзү жайнады,
Күрөктөй болгон кашка тиш,
Качырата чайнады,
Түрүн көргөн адамдар,
Туш-тушка качып сайылды.
«Ак кула чаппай койбой – деп,
Бул байгеден тойбой – деп.
Мааникер тулпар дагы жок,
Ар качандан бир качан,
Жолуң каткан мусулман,
Мусулман журттун багы жок!
Ак кула менен Мааникер,
Бирөө болсо астымда,

Кара көзүн кашайтып,
Ойбойт белем калчаны.
Канын төгүп ушунда,
Сойбойт белем калчаны!
Ат таптыргын абаке,
Ак куланы чаппа – деп,
Бир ооз айтсан болбойбу,
Акыл – эсиң канаке!»
Баатыр Манас кабылан,
Антип айтып турганда,
Абакеси Кошойго,
Жеме оодарып турганда.
Абакен Кошой баркылдап,
Аксакалы жаркылдап.
Мусулмандын аттарын,
Текши баарын карады,
Ошончо аттын ичинен,
Сарала буудан жарады.
Алдырып келип Манаска,
Сараланы токуду,
Ак жолтой буудан канкор, деп,
Абакеңиз Эр кошой,
Булбул болуп окуду.
Сарала минип камынып,
Арстан Манас ошондо,
Ач арстандай чамынып.
Сыр найза булгап колуна,
Беттешүүгө Коңурга,
Майдандын чыкты жолуна.
Алакан жайып буркурап,
Хан Кожо туруп башында,
Атпай журту мусулман,
Батасын берди чуркурап.
Кырк чоронун баарысы,
Кылкандай болуп аттанып,
Такоол болуп барганы,

Анда Коңур муну айтты,
Адам уккус шум айтты:
«Майданга Манас келдиң – деп,
Мурунку кезек меники,
Кезегимди бергин!» – деп.
Сыр найзаны таянып,
Туруп берди эр Манас,
Арстан көк жал шер Манас.
Качырып сайды Коңурбай,
Кайып турду эр Манас.
Туштап сайды Коңурбай,
Туруп берди эр Манас.
Каарын төгүп Коңурбай,
Качырып келип сайганда,
Канатын керип жайганда.
Кабылан Манас баатыр шер,
Былк этпеди ошо жер.
Кара атка камчы салганы,
Кайра тартып калганы,
«Кезегин алгын бурут» – деп,
Коңурбай айтып калганы,
Саралага камчы уруп,
Оңдоп, солдоп каршы уруп,
Колундагы сыр найза,
Мелтирете сундуруп,
Өпкө, боор тушу – деп,
Өлөр жери ушу – деп.
Калмак ээр кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп.
Арстан Манас Коңурду,
Качырып жетип сайганда,
Какайып турду Коңурбай,
Кайратту мындай болорбу ай!
Мына ошонтип баатырлар,
Алмак, салмак сайышты,
Тулпар бели майышты.

Эки баатыр ошондо,
Ажырашып кетишип,
Түшчүлүк жерге жетишип.
Каарларын жыйып боюна,
Карап турган көпчүлүк,
Айран азыр таң болду,
Арстандардын оюнуна.
Кайра тартты Коңурбай,
Каарданып бакырып,
Каңгайлап ураан чакырып,
Желегин желге жапырып,
Кайра тартып эр Манас,
Ногойлоп ураан чакырып,
Чаңды асманга сапырып.
Эки баатыр күү менен,
Качырып келип сайышты,
Аттардын бели майышты,
Кабыргалар кайышты,
Тоодой болгон Коңурга,
Манастан найза жеткени,
Алгаранын үстүнөн,
Арстан баатыр Коңурбай,
Ала салып кеткени.
Коңурбай жерге сойлоду,
Алгара аты ойноду.
Манас баатыр токтобой,
Ногойлоп ураан чакырып,
Кайра салды жолуна,
Мусулман журттун колуна.
Эр сайыштын байгеси,
Жүз чаар байтал, жүз жамбы,
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Өткөрдү санап тапшырып,
Кабылан Манас, Коңурду,
Кара жерге жапшырып.

АТТАРДЫН КЕЛИШИ

Аны таштап салыңар,
Чабылып кеткен аттардын,
Алда кандай сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар!
Жайма көкүл жаш Айдар
Мааникер тулпар ат менен
Аттарды айдап кетиптир,
Кең Ташкендин чегине,
Болжогон жерге жетиптир.
Бир өңчөй кылып аттарды,
Жатып тынчтык алыптыр,
Уйкуну мыктап салыптыр.
Аттарды жакшы чалдырып,
Ичирип сууга кандырып,
Ат чабуучу балдарды,
Аш-тамакка тойдуруп,
Эки түн жакшы кондуруп.
Таң сөгүлүп атканда,
Тараза жылдыз батканда.
Таңдын муздак жели зыркырап,
Балапан торгой чуркурап.
Балдарды өйдө тургузуп,
Бет-колдорун жуунтуп,
Белдерин бекем буунтуп.
Аттардын баарын топтотуп,
Баарын тактап жоктотуп.
Жолдош болуп Айдарга,
Ат айдаган жанаша,
Кырк калыс бар кашында,
Жаш Айдар туруп башында,
Эр жаш Айдар кеп айтты:
«Ат чапкан балдар токтолуп,

Угуңар кепти – деп айтат,
Калыстан бириң калбастан,
Баарың уккун – деп айтат.
Кең Ташкендин чеги ушул,
Хан Көкөтөй жери ушул.
Жолуң болсун балдарым,
Аман баргын жандарым!
Балдарым аман баргыла,
Күнүн барып байгени,
Күлүк аттар алгыла!
«Алло акбар» – деп айтып,
Бата берди балдарга,
Ат чапкан балдар баарысы,
Аттарды санга бир салып,
«Алда» – деп жолго салышты.
Аттардын арка жагынан,
Жайма көкүл жаш Айдар,
Мааникерди каргытып,
Тамашасын арбытып,
Жаш Айдар кошо жөнөдү,
Жаш Айдардын артынан,
Калыстар баары өмөлдү.
Анык тулпар буудандар,
Көп айттан озуп бөлүндү,
Учка келген сүрөөнчү,
Сүрөөнчүлөргө көрүндү.
Үрбүнүн Кыйды карасы,
Жарым жолго чыкканы,
Жарым жолго келгенде,
Башына балаа жеткени,
Токтобой ичи өткөнү.
Жарым жолдон өткөн соң,
Жолойдун аты Ачбуудан,
Табына келип эн сууган.
Ач буудан өттү бөлүнүп,
Көрүнгөндө көрүнүп,
Көрүнбөсө Ачбуудан,
Көк түтүн болуп бөлүнүп.
Ач буудандын артынан,
Аккула келет такымдап,
Ачбууданга жакындап,
Атырылып түйүлсө,
Куюшканы шакылдап,
Кара болот ооздук,
Көмөкөйдө карчылдап,
Таманы жерге тарсылдап.
Канатын жайып дыркырап,
Туягы тийген таштары,
Асманга учуп чыркырап.
Капчыгайдан өткөндө,
Ысык-Көлгө жакындап,
Азыр барып жеткенде.
Ачбуудандан Аккула,
Бута атым озуп чыкканы,
Көрө салып чоң Жолой,
Аккуланы ошондо,
Чоң камчы менен бир уруп,
Көмөлөнтүп жыкканы,
Жолойдун андай кылганын,
Алманбет көрө калганы,
Ачбууданды Алманбет,
Ак найзанын сап менен,
Орой чоку уюлга,
Келтирип туруп салганы.
Ачбуудан кетти кырданып,
Эми кандай кылам – деп,
Чоң Жолой калды сурданып.
Сүүрөөнчүлөр акырып,
Аккуланы чылбырлап,
Ногойлоп ураан чакырып.
Моңголдун баары бакырып,
Ак бууданды чылбырлап,

Каңгайлап ураан чакырып,
Тополоң түшүп сүрөдү,
Буркан колдой көргүн – деп,
Кара жанын үрөдү.
Каркыра, Кеген жерине,
Тууну тигип белгилеп,
Сөөрө кылган жерине.
Аккула барып киргени,
Аркасынан тай чабым,
Ачбуудан жете жүргөнү.
Аккула менен Ачбуудан,
Ыраңдары тааныльбай,
Чамбыл ала чаң болгон,
Экөөн айыра тааныбай,
Көргөндөр баары таң болгон.
Ал аңгыча болбоду,
Чоң Жолой келди күүлөнүп,
Кордугуң өтүп кетти – деп,
Буруттарга сүйлөнүп.
«Чыккан атты жыктың – деп,
Кетирип күчүн атымдын,
Аңга башын тыктын – деп.
Зордугуңа көнбөймүн,
Силерге мен буруттар,
Баш байгени бербеймин!»
Деп, сүйлөнүп чоң Жолой,
Каарданып бакырып,
Калмактарды чакырып.
Аламан коюп барышты,
Баш байгени бүт бойдон,
Айдап жолго салышты.
Кабылан Манас канкор шер,
Мааникерди мингени,
Сай Кашканы чакырып,
Тозоңун тоодой сапырып,
Байгени сүргөн калмактын,
Аркасынан жүргөнү,
Аркасынан жакындап,
Арстан Манас ошондо,
Чоң Жолойго жеткени,
Жеткен жерден токтолбой,
Чоң Жолойнун оң жагын,
Жара чаап өткөнү.
Жаагынан каны шорголоп,
Эшик эндүү жарылып,
Калың калмак ичине,
Качып кирди корголоп.
Көргөн калмак кеп айтат:
«Не болду жаагың?» – деп айтат,
«Жанагы чырылдаган ит Манас,
Чыркыраган ит Манас,
Чаап кеткен го» – деп айтат.
Арстан Манас баш болуп,
Жоо бөрүсү кырк баатыр,
Байгени кууган калмакка,
Кыямат салды таптакыр.
Бөрү тийген кой өңдүү,
Бөлүп кирди дыргытып,
Тебетей сайган немедей,
Тегеретип ыргытып.
Айрылбаган баштар жок,
Алжайбаган каштар жок.
Кара жанын калкалап,
Качып жүргөн калмактар,
«Көкө теңир урду!» – деп,
Шашып жүргөн калмактар.
Калмактарды копшотуп,
Аябай сайды окшотуп.
Аттан тыйпыл жөө кылды,
Эки бетин көө кылды.
Олжого алды аттарын,
Бейбаштык кылып байге алган,

Кимге айтат эми даттарын.
Байгени алды кайтарып,
Калмактын мизин майтарып.
Качып Жолой дөө кетти,
Аркасынан чубуруп,
Калмактын баары жөө кетти.
Калмакты таштап салалы,
Аттардан кабар алалы:
Чабылган аттар келгени,
Даекчилер ошондо,
Аттарды тактап көргөнү,
Аттарды тактап өткөрдү,
Көпчүлүктүн баарысы,
Өткөргөнүн көз көрдү.
Экинчи болуп байгеге,
Чал куйрук келди закымдап,
Сөөрөгө жетти жакындап.
Үчүнчү болуп байгеге,
Жаш кенедейдин кулатай,
Арманда кетип барат ай.
Же кунан чагым болбодум,
Же бышты чагым болбодум!
Аккула сага айла жок,
Сур кула сага суроо жок!
Чал Куйрук сага чаара жок,
Төртүнчү болуп байгеге,
Эр Багыштын Суркоён,
Буда өттү сөөрөдөн,
Жылкыдан чыккан бир коён,
Бешинчи болду байгеге,
Чоң Темирдин Сары аты,
Жылкыдан бөлөк санаты,
Алтынчы болду байгеге.
Үрбүнүн Кыйды карасы,
Жетинчи болуп ал келди,
Эр Көкчөнүн Көгала,
Сегизинчи болгону,
Нескаранын Төрала,
Тогуз болду байгеге,
Эр Агыштын Карала,
Алтымыш болуп ал келди,
Ороңгунун Кула бээ.
Даекчилер ошондо,
Байгени тактап өткөрдү,
Өткөргөнүн көз көрдү.
Ач буудандын байгесин,
Эр Төштүккө бергени,
Бергенин көңкү көргөнү.
Аккуланы жыгам – деп,
Калмактардын Чоң Жолой,
Өз башына кылганы,
Баары бирдей жөө кетип,
Калмактын бели сынганы.
Аш тарады, кечинде,
Кечки салкын бешимде.

МАНАСТЫН АКУН ХАНГА БЕЛ КУДА БОЛГОНУ

Ашка келген көпчүлүк,
Тарап алып кеткенин,
Манастын көргүн неткенин,
Хандарды алды кашына,
Кошой менен Бакайды,
Экөөн алды башына.
Мына ошондо арстан эр
Хандарга кеп айтат:
«Оогандын Акун ханына,
Бел куда болом – деп айтат,
Абакем Кошой батасы
Катаа кетпейт акыры,

Сөзүмдүн болбоос катаасы.
Куда болом Акунга,
Бергиле бата хандарым
Канкоруң Манас баатырга.
Манас мындай дегенде,
Кошой баштык карысы
Жалпы хандар баарысы
«Баатырдын сөзүн орун – деп,
Бул айтканы сонун – деп.
Маакул баатыр – маакул!» – деп,
Баарысына болду эп.
Мөрөйдөн алган жүз чаарга,
Бары бирдей баратты,
Текеши кылка атты,
Тогуз кылып санатын,
Ушу жерде камдатты,
Бир кара аттын көкүлгө,
Аяктай кебез байлатты.
Кулдук уруп той сойду,
Баатырың кылып чоң тойду.
Бата берди баарысы,
Кошой, Бакай каарысы.
Мын ошондо Акун хан,
Алтын гүлдүү сарпайдан,
Алтымышты кийитке,
Азыр алып келгени,
«Кийитим баатыр ушу» – деп,
Арстан эрге бергени.
Көзүнө сүртүп кеп айтат:
«Ажыбай менен эр Серек,
Кийит тонду хандарга,
Жапкыла азыр» – деп айтат.
Серек менен Ажыбай,
Тондорду жапты хандарга.
Батасын кылып тарады,
Жай жайына карады.

АШТЫН ТАРАШЫ

Катагандан Хан Кошой.
Казактардын Көкчөсү,
Кара жаак эр Үрбү,
Элемандын Төштүгү,
Эштектерден Жамгырча,
Анжияндын Сынжибек,
Буудайык хандын Музбуурчак,
Аш башкарган бул баатыр,
Аман-эсен кайтты акыр.
Падыша Манас башында,
Баатырдын баары кашында.
Кошой журттун карысы,
Кол салам – деп байгеге,
Кытай менен калмакта,
Кор болуптур баарысы,
Атын укса Манастын,
Өңкөй, кытай, калмактын,
Өңүнөн чыгып сарысы.
Жалпы кыргыз ошондо,
Төрт түлүктүү малдарын,
Дүңгүрөтүп айдашып,
Жолго салып барларын,
Кошундуу жоону колотуп,
Компоңдогон душмандан,
Коңурбай менен Жолойду,
Кор кылыптыр сойлотуп,
Кара калмак журтунун
Керегесин кыйратып,
Керүүдөн байтал туйлатып,
Келин, кызын ыйлатып,
Кемпир менен чалдарын,
Кемшеңдетип куратып.

Босогосун кыйратып,
Боордон байтал туйлатып,
Боз уланын ыйлатып,
Бостогу малын жыйнатып.
Төрүнө кудук казыптыр,
Дөөкүрсүгөн калмактын,
Төрт түлүгүн чачыптыр.
Душмандын шагын сындырып,
Туугандын көөнүн тындырып,
Көкөтөйдүн көп байге,
Жолго салып жылдырып.
Үйлөгөн тоодой жамбыны,
Сандаган нарга арттырып,
Алтын ооз кернейди,
Арылдата тарттырып,
Аяктап ашты таратып,
Ашка келген көп журтту,
Жер-жерине каратып,
Бузук кылган калмакты,
Сай кашкага талатып.
Кытайдын элин бүлдүрүп,
Кыргыздын элин күлдүрүп.
Калмактын элин бүлдүрүп,
Калкынын баарын күлдүрүп,
Тубарды туура бүктөшүп,
Тулпарга кошун жүктөшүп,
Туура сөз айткан душманды,
Үн чыгарбай шүк дешип.
Камканы кайра бүктөшүп,
Качырга кошун жүктөшүп,
Кайыр айткан душманды,
Кайтарып сөзүн шүк дешип,
Аштан олжо алгандар,
Тубар, буулум, барча бул,
Алтын менен күмүштү,
Атандарга арттырып,
Жүктөй албай чыкканы,
Агача келин, сулуу кыз,
Уптөй албай чыкканы,
Сандатып алган көп мүлктү,
Жайлай албай чыкканы,
Төрт түлүктүү көп малды,
Айдай албай чыкканы.
Бакырлар текши бай болду,
Ичкени кызыл чай болду,
Жегендери май болду,
Кийгендери баарынын,
Торгун, тубар, шай болду,
Кайыр айткан душмандар,
Өзүнөн өзү жай болду.
Көкөтөйдүн ашында,
Арстан Манас баатырдын,
Айтканын хандар эп кылды,
Атышкан жоосун мерт кылды,
Ар кайсы журттар кеп кылды,
Кылганын угуп Манастын,
Кылым кытай журтуна,
Акыры бирди кылат ! – деп,
Бээжиндеги Эсен хан,
Тагында жатып шек кылды.

ЧЫНКОЖО, ТОЛТОЙДУН ӨЛҮМҮ

Толтойдун бүттү жомогу,
Эми кайта козголсун,
Чынкожонун домогу.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Толтойдун айткан сөзүнө,
Чыңалды азыр мына ошо.
Эр Чынкожо сүйлөнүп,
Каарын төгүп күүлөнүп,

«Кетсең Толтой кете гой,
Опол – Тоого жете гой!
Айтканымдан кайтпаймын,
Канкордун уулу чунакты,
Толтой кыйын деди – деп,
Өлсөм кайра тартпаймын!»

Бул сөздү айтып Чынкожо,
Алтын туусун аштады,
Айгай салып токтобой,
Аламан чабуул баштады.
Доолбасын урдуруп,
Кыйгый кулак тундуруп.

ЧЫНКОЖО

Кара сур келген өңү бар,
Мурду кырдач, көзү үңүр,
Ар качандан бир качан,
Кер какшык айткан сөзү бар,

Сакалы сейрек жайылган,
Муруту типтик сайылган.
Карадан олпок тон кийген,
Канаттуу кара ат минген.

КАРА АТ

Чынкожонун Кара аты,
Капталында канаты.
Кундуздай тайкы жүнү бар,
Кишинесе Кара аттын,
Жылкыдан башка үнү бар.
Шыйрагын шыпшап жонгондой,
Ар мүчөсү келишкен,
Кол менен копшоп жонгондой.
Басканында бул Кара ат,
Жел кайыптай зыркырайт,
Туягы тийген сом таштар,
Асманга учуп чыркырайт.
Бир катуулап жүгүрсө,
Тегеренип өйдөлөп,
Таз карадай айланат,
Үстүнө минген Чынкожо,
Кандай баатыр болсода,
Ок атууга шайланат.
Аркырап өйдө учканда,
Булутка барып кошулат,
Артынан туман жошулат.

Желек туудан бөлүнбөй,
Жердин бети көрүнбөй,
Желеги алтын туу тартып,
Жедигерлеп чуу тартып.
Колду баштап Чынкожо,
Кара аты менен каргытып,
Калабасын арбытып.
Кара талаа жык толуп,
Жайнап алып жөнөдү,
Арка жагын эр Толтой,
Айдап алып жөнөдү.
Оң жагында Төлөгү,
Сол жагында Кадырбай,
Куушуруп айдап кирди ошол,
Сак болушуп жаздырбай.
Эр Семетей ошондо,
Жаткан экен кенебей,
Чынкожо менен Толтойду,
Бучкагына теңебей,
Эр Семетей жатканда,
Мылтыктын огу тарсылдап,

Доолдун үнү карсылдап.
Асман жарган чуу чыгат,
Эр Толтойлоп чуу чыгат.
Жер дүңгүрөп дуу чыгат,
Чынкожолоп чуу чыгат.
Доолдун үнүн уккан соң,
Толтойлоп ураан чыккан соң.
Эр Семетей толгонуп,
Жоо келди деп ойлонуп.
Ордунан турду октолуп,
Жата албастан токтолуп.
Чоролорум тургула,
Кеңешти мыктап кургула!
Атыңды токуп тыңдангын,
Кара боюң чыңдангын!
Бар жаракты байланып,
Жоо жаракты шайланып,
Шаардын ичин бүлдүрбөй,
Шаарга зыян тийдирбей.
Талаага чыгып атышам,
Тамашага батышам!
Деп айтып сөзүн Семетей,
Аттанып чыкты шаңданып,
Атышууга камданып.
Аттын башын бурбастан,
Аял кылып турбастан.
Койго тийген бөрүдөй,
Жедигердин көп колун,
Качырып кирди аралап,
Мылтык атып, кылыч чаап,
Соо койбостон жаралап.
Орто жерин Семетей,
Оюп кирген жери ошол,
Канчоро мене Күлчоро,
Эки четин куушуруп,
Союп кирген жери ошол.
Ак келте үнү күркүрөп,
Аны укканда жедигер,
Азат бою дүркүрөп.
Ай балта башка шак-шак,
Ак найза төшкө така-так.
Ителги тийген таандай,
Ийирип айдап кирди ошол,
Бөрү тийген кой өңдүү,
Бөлүп айдап кырды ошол.
Жаны кетип теңинен,
Томурайып ар жерде,
Өлүп жаткан андан көп,
Алсырап жаткан тирүүсүн,
Теги карууң кандай, деп,
Көрүп жаткан андан көп.
Көздөрүнөн айрылып,
Олойгондор андан көп,
Кулак менен мурундан,
Бура тала айрылып,
Молойгондор андан көп,
Кол, буттардан айрылып,
Чолойгондор андан көп.
Атанын кокуй бир боорум,
Эми кайдан көрөмүн,
Мындай сөздү айтышып,
Ыйлап жүргөн андан көп,
Кара жанын карч уруп,
Кыйнап жүргөн андан көп.
Айрылбаган баш калбай,
Алжайбаган каш калбай.
Ээр, токумдар боорунда,
Куюшкан кетип сооруга,
Чылбарларын сүйрөшүп,
Аттардын баары бош кетти,
Аман калган жандардын,
Көздөрүнөн ошондо,

Он эки талаа жаш кетти.
Калың кара жедигер,
Чынкожону каргашып,
Бир, бирине жармашып,
Көздүн жашын тыйбады,
Эр Семетей баатырга,
Жан соогалап ыйлады.
Эр Семетей ошондо,
Арча тору тулпарды,
Атырылтып аргытып,
Артынан чаңын баргытып.
Аралап айдап кырганда,
Жердин бетин кан кылып,
Тамашаны кылганда.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Канкорго беттеп турбастан,
Беттеп уруш кылбастан.
Кара аты менен каргытып,
Тамашасын арбытып.
Чынкожо чыкты асманга,
Чыдай албай шашканда.
Акбараң мылтык имерип,
Асмандан окту жиберип.
Жетик бараң имерип,
Жебенин огун жиберип.
Айланпа мылтык алты атар,
Алтыдан атат Чынкожо,
Алеңгир жаа сыр жебе,
Кошо тартат Чынкожо,
Асмандан окту жаадырып,
Кайра тартат Чынкожо.
Асмандан ок жаңылып,
Атка тийип кабылып.
Арча тору ат өлдү,
Ат өлгөндө бат өлдү.
Алдында минген аты өлүп,
Семетей көрдү кысымды,
Тайбуурул келип мингенче,
Заманасы бузулду.
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Семетейди сойдум – деп,
Союп таштап койдум – деп,
Эрегишкен канкордун,
Кара көзүн ойдум – деп.
Кара аты менен каргытып,
Ар амалын арбытып,
Туман менен аралаш,
Жүргөн жолун чаргытып.
Чынкожодон асмандан,
Ок жааганын көргөндө,
Астындагы аты өлүп,
Арстан төрө Семетей,
Жөө калганын көргөндө.
Камбардын уулу Канчоро,
Келтирип берди буурулду,
Буурулду төрө мингиче,
Заманы жаман куурулду.
Буурулду Семең мингени,
Жедигердин көп колун,
Жанаа аралап киргени,
Заманасын куурултуп,
Көңтөрүлтүп сүргөнү.
Эр Семетей султаның,
Эрикпеген шумпайың.
Чынкожо менен атышып,
Тамашага батышып.
Төрт күнү аңдып Семетей,
Асманды карап олтуруп,
Атып жатып түгөтүп,
Ок дарысын болтуруп.
Күпсөрдөн дары күбүлүп,
Кара жандан түңүлүп.

Ак келтеден ок жетпейт,
Атып өтөт Чынкожо,
Ар келгенде куру өтпөйт.
Ак келте атса жеткен жок,
Шыгайдын уулу Чынкожо,
Айланып учуп кеткен жок,
Семетейдин ошондо,
Заманы башка айланды.
Ак келтени таянып,
Аманат жанын аянып.
Кандай болот – деп,
Карап турган кезинде,
Эр Күлчоро чунактын,
Абасы жүргөн эсинде.
Ак келте үнү чыкпады,
Чыкканын Күлүс укпады.
Чочуп кетип Күлчоро,
Абакеме нетти – деп,
Көрүнбөй кайда кетти – деп.
Абасынын кашына.
Ашып шашып ошондо,
Жетип келди Күлчоро,
Күлүстөн туулган эр Чоро
Ак келтени таянып,
Абасы, турат кеңгиреп,
Бир караңгы түн уксун!
Күлүктү берем дегенче,
Күлчоро өлдү десеңчи
Күлчороң өлүп калган соң,
Анан берем десеңчи!
Ак келте берем дегенче,
Арстаным өлдү десеңчи,
Арстаның өлүп калган соң,
Анан кийин берсеңчи!
Айчүрөктү бергенче,
Атышып өлөм десеңчи,
Атышып өлбөй Чүрөктү,
Канткенде берем десеңчи!
Айланайын абаке,
Келе бери келтени,
Акмалап туруп атайын,
Тамашага батайын!
Арстан бала Күлчоро,
Ак келтени дүрмөттөп,
Күлүмсүрөп турду ошол,
Ак келтенин оозуна,
Күпсөрдөн дары куйду ошол,
Коргошун окту келтеге,
Колдуратып турду ошол,
Колодон кылган жез сүмбө,
Огун чыңап урду ошол.
Чынкожону шыкаалап,
Карап турган кезинде.
Эңкейип карап Чынкожо,
Көзүн ачып бек карап,
«Жайладым кулду !» – деп карап.
Жана мылтык атарда,
Закымдап кайра тартарда,
Шыкаалап турган Күлчоро,
Калкылдап учкан Кара аттын,
Канаттын түбү мүрү – деп,
Кар жиликтин түбү – деп.
Чынкожонун башы – деп,
Өлөр жери ушу – деп,
Өлчөлүү жердин тушу – деп.
Баатыр бала шашпады,
Машаны ирмеп таштады.
Эрдемсиген Кожонун,
Ок жаңылды башына,
Келип түштү айланып,
Күлчоронун кашына.
Эрдемсиген Кожонун,

Кара башын талкалап,
«Кандай кылдым итти!» – деп,
Күлчоро турду чалкалап.
Чынкожо колго тутулду,
Карматпай Кара ат закымдап,
Кайып болуп кутулду.
Акун хан эли дуулдап,
Карап турду чуулдап.
Мына ошондо эр Толтой,
Сур коёнго камчы уруп,
Оңдоп – солдоп каршы уруп.
Толтой качып жөнөлдү,
Тайбуурулга камчы уруп,
Семетей кууп өмөлдү.
Качты Толтой сөзулуп,
Семетейдин артынан,
Күлчоро түштү кошулуп.
Толтой качты закымдап,
Семетей кууду такымдап,
Аркасынан Күлчоро,
Ада кууду шакылдап.
Адырмакка салышып,
Аянбай кууп алышып.
Кара жолго салышып,
Кашкая кууп алышып.
Айтылуу күлүк Буурул ат,
Артынан кууп жеткенде,
Жедигердин эр Толтой,
Эми аргасы кеткенде,
Айчүрөккө кабылып,
Алдынан качып өткөндө.
Айчүрөк турган башында,
Отуз келин, отуз кыз,
Айчүрөктүн кашында.
Эр Толтойду көргөндө,
Семетей кууп келгенде.

Кыздан жүйрүк Калыйман,
Ыргып турду кыйгачтан,
Эр Толтойго сөз баштап:
«Суркоён менен каргытып,
Өз азабын арбытып.
Качкан жоону ким десем,
Ким экенин билбесем,
Толтой жездем турбайбы,
Ким экенин билбесем,
Күлчоро жетим турбайбы!
Күйөө болуп кайындап,
Элге-журтка дайындап.
Кыз алчуу Толтой качканбы,
Жаш баладан шашканбы!
Бармактай болгон баладан,
Баатыр Толтой качпай кал,
Айрөк Толтой шашпай кал!
Абийриңди ачпай кал!
Балдыздар басып барарда,
Баарыбыз тозуп аларда!
Менин эжем Чүрөктү,
Эми Толтой аларда.
Бул качканың айып ко,
Кыз, келиндер карачы,
Ушул качып жүрүшү,
Эркек эмес зайып ко!
Толтой жезде кайрылгын,
Айчүрөктөн айрылдың,
Кайрылбасаң жездеке,
Кара жерди жай кылдың!
Толтой жезде келе кой,
Белек-бечкек бере кой,
Менин эжем Чүрөктү,
Келип жезде көрө кой!
Ашыкпастан жездеке,
Айчүрөктү ала кет,

Айчүрөктү албасаң,
Айдап жолго сала кет!
Качып жүрүп ушинтип,
Өлөсүңбү жездеке,
Семетейге Чүрөктү,
Бересиңби жездеке!
Айрөк сөздөр чыкканда,
Аны Толтой укканда.
Ардыгына чыдабай,
«Айтса айтпаса төгүнбү,
Кара жанга бир өлүм,
Коркконум ушул өлүмбү!»
Мына ошондо эр Толтой,
Бура тартып калды ошол,
Эр Семетей токтобой,
Озунуп найза салды ошол.
Как жүрөктүн тушу – деп,
Өлөр жери ушу – деп.
Эр Семетей бек сайды,
Жедим кулду – деп сайды.
Бир сайганда кыйшайды,
Ээрден көчүк кылтайды,
Тоодой болуп кулады,
Үзөңгүдөн бут тайды.
Тоодой кылып кулатты,
Узунунан сулатты,
Карабастан Толтойду,
Арстан төрө Семетей,
Кубалап кетти сур атты,
Жетип келип Күлчоро,
«Хандын башын кесүүчү,
Кылычым турса колумда,
Толтойдун несин аяйм!» – деп,
Шилтеп өттү моюнга.
Толтойду Күлүс жайлады,
Түк арманы калбады,
Кубалап жетип Сур атты,
Эр Семетей кармады.
Канчоро менен Күлчоро,
Экөө катар жарышып,
Үзөңгүсү кагышып.
Айкырыкты салышты,
«Соогат аба, соогат « – деп,
Алдынан тозуп барышты,
Суркоёнду талашып,
Аябай чатак салышты.
Анда Семең кеп айтты,
Кеп айтканда эп айтты:
Канчором менен Күлчором,
Каралды мага жан жором!
Экөөң мага инисиң,
Силерден башка карам жок,
Иним эмей кимимсиң!
Бириңди ала көрбөймүн,
Бириңди кула көрбөймүн!
Экөөңдү башка бөлбөймүн!
Ынтымак менен алыңар,
Таарынсаңар бир атка,
Салдыңар мени азапка!
Мындай кылык баштаймын,
Сур коёндун чылбырын,
Ортого калыс таштаймын.
Мурун жетип кол сермеп,
Кол жеткениң алгынчы,
Таарынч деген балаадан,
Куткарып мени салгынчы!
Деп айтып туруп Семетей,
Ыргытты калыс чылбырды,
Канетип албай коём – деп,
Эр Толтойдун тулпарын,
Мурун жетип илгени,
Эр Күлчоро шумпайың.

Канчоро калды шалдайып,
Сөз айта албай далдайып.
Камбардын уулу Канчоро,
Иле албай калып чылбырды,
Суркоёндон айрылды,
Ыза болуп ошондо,
Абыдан жаман кайгырды.
«Улуу болсо, мен болсом,
Сайышсам жоого тең болсом,
Өлгөнүм жакшы бу көрө,
Өз олжомо кем болсом!!
Күлчоро күлүк алды го,
Канчоро куру калды го,
Семетей абам чылбырды,
Ийе таштап салды го!
Семетей айтат жоботуп,
Канчорону сооротуп:
«Айланайын Канчоро
Андан көрө эсиң бар,
Алаптаган жиндиден,
Сенде көрөр көзүң бар!
Ат болсо акыр табылат,
Абийир кайдан жабылат,
Көрүп туруп Канчоро,
Көңүлүң неден чагылат!
Агасына эркелеп,
Иниси күлүк алуучу,
Аз күндөн кийин чунактын,
Сонуну таркап калуучу!
Жаш балага зарылба,
Далай күлүк табылар,
Абаң султан барында!»
Жедигерди ошондо,
Жергеси менен каратып,
Колдон түшкөн көп атты,
Акун хандын элине,
Олжо кылып таратып,
Баргандын баары олжо алып,
Балдыздар бештен жорго алып,
Бала төрө Семетей,
Барып түштү ордого,
Баргандар жыргап олжого,
Балдыздар жыргап жоргого.
Душманды жеңип мыш кылып,
Жайкы күнүн кыш кылып,
Акун хандын элине,
Көрүп өткөн түш кылып.

АКУН ХАН АЙЧҮРӨКТҮ КӨЧҮРГӨНҮ

Түмөнбай менен Ажыбай,
Той баштады жаңыдан,
Арбакты сыйып унутпай,
Касиеттүү Акундун,
Нээтинин агынан.
Түндүгүнө бээ сойду,
Түштүгүнө тай сойду.
Семетей менен Чүрөккө,
Кутпа окутуп молдого,
Кыйдырды нике ошого.
Казынасын ачтырды,
Алтын менен күмүштү,
Карып менен мискинге,
Аябастан чачтырды.
Айчүрөктүн тоюна,
Топтотуп малдар союлду,
Тоюнбаган тоюнду.
Отуз күнү ойнотту,
Кырк эле күн кыңшытты,
Кыдырата шимшитти.

Тамаша менен таң атып,
Күлкү менен күн батып.
Жүз баштуу аппак ордону,
Ак манат менен жаптырып,
Аземин башка арттырып.
Ууктарын учтаган,
Угуга манат тыштаган.
Керегенин көктөрү,
Күмүш менен тээктүү,
Жабык баштын баштары.
Карыш кундуз жээктүү,
Каалгасы күмүштөн,
Босогосу жез болгон,
Болжолдо мындай ким болгон.
Кереге, уугу сырдалган,
Чийи жибек чырмалган.
Боолору баары жибектен,
Душмандын көзүн жүдөткөн.
Жүгүнө жыйган толтура,
Баашайы менен бор чана,
Торгун, тубар канчаны.
Манат, буулум, дүрүйө,
Аты айтылбай калгандан,
Толуп чыкты дүнүйө.
Ак чүчтө менен суптарды,
Бермет менен жубарды.
Дейилда менен кымкап тон,
Айчүрөк менен Семеңдин,
Келтирди кудай ишин көр!
Калыдан килем жайылган
Көргөндөр көзү тайыган.
Идиш-аяк баарысы,
Күмүш менен алтындан,
Көргөндөр көзү жалтанган.
Асыл таштан бир канча,
Берген септер бир санча.
Ичиктердин баарсы,
Кундуз, суусар, кара киш,
Касиеттүү хан Акун,
Көрсөттү журтка мындай иш.
Кийитти артык кийгизди,
Каларына келгенде,
Кызматын журтка билгизди.
Кызыл куйрук, жүз нарга,
Жасалгасын жүктөттү,
Килемге ороп бүктөттү.
Алтындаган жактанды,
Жүз нарга бирден арттырды,
Жибектен аркан тарттырды.
Айчүрөктүн өзүнө,
Башына салып шөкүлө,
Желбегей торко кийгизди,
Абайы үртүк жаптырып,
Желбеген жорго мингизди.
Алакан жайып буркурап,
Атпай ооган калың журт,
Хан Акун өзү баш болуп,
Бата берди чуркурап.
«Ой Айчүрөк кулунум,
Маңдайымда маанайым,
Кудай таала кудурет!
Кайыптан берген таалайым!
Сууга чыккан жалбызым,
Кыздан туяк жалгызым!
Токсонго жашым толду эле,
Топуракка мен Акун ,
Кошулар табым болду эле.
Айчүрөк туруп колумда,
Өз колуң менен көмбөдүң,
Ошондо Акун өлбөдүм!
Кудайдын салган буйругу,
Башыма келди көргөнүм!»
Акун хан боздоп буркурап,
Атпай журту зыркырап.

СЕМЕТЕЙДИН ЭЛИНЕ КЕЛИШИ

Жердин бетин союлтуп,
Көргөндүн көзүн тоюнтуп.
Жебилгеси жер чийип,
Жеке сан үнү баш жарып.
Жүк артканы баарысы,
Жеке сан таккан кызыл нар,
Колго көчү бара бар.
Акундун кызы Айчүрөк,
Кер жорго минип шалкылдап,
Кейп тон кийип жаркылдап.
Сур жорго минип шалкылдап
Суптан тон кийип жаркылдап.
Таластын бети союлуп,
Айчүрөк келди чоюлуп.
Арчын, ногой күңгүрөп,
Семетейдин алдынан,
Тозуп чыкты дүңгүрөп.
Келгендердин баарысы,
Жашы менен карысы,
Көрүмдүктөр беришип,
Сур жорго менен шалкылдап,
Суптан тон кийип жаркылдап.
Айчүрөктү көрүшүп.
Кыз, келиндер жандашып,
Көрүмдүгүн камдашып.
Тизеси жерге бүгүлүп,
Аксакалдын баарына,
Айчүрөк турду жүгүнүп.
Канык ей каныш ошондо,
Сары улакты таптырып,
Садагасын чаптырып,
Тогуздап бээден сойдуруп,
Аргын менен ногойду,
Аппак майга тойдуруп.
Киргизип отко Чүрөктү,
Кыйлага салган дүмөктү.
Семетейдин ошондо,
Кылганы кетти кылымга,
Кытай менен урумга.
Тентип кеткен Семетей,
Ат көтөргүс зор болуп,
Алышкан душман кор болуп.
Атасы Манас ордосун,
Кайта келип алды – деп,
Кармалашкан душманын,
Каңтарып жерге салды – деп,
Таласка кайта конду – деп,
Атасындай Семетей,
Таамай Султан болду – деп,
Чалкалаган душманын,
Ажыдаардай оп тартып,
Такыр койбой сорду – деп.
Айтышканын жыкты – деп,
Алп урушкан душманын,
Тирүүлөй көргө тыкты – деп.
Хан Коңурбай калчага,
Кабары катуу угулду,
Ал кабарды укканда,
«Канкордун уулу Семетей,
Капырай бирди кылат,
Хан Коңурбай баатырдын,
Жүрөгү оозго тыгылды.

КОҢУРБАЙДЫН КҮТҮНҮШҮ

Семетейдин кабарын угуп
Коңурбай,
Кайраттанды момундай.
Кабагы карыш түйүлүп,
Кайгырып ичи күйүнүп.
Алгараны токунуп,
Бурканына чокунуп.
Алты миң амбал, миң калдай,
Ошолордун ичинде,
Артыгы баатыр Коңурбай.
Жаңжуңдарын чакырып,
Амбалдарын кыйкырып,
Коңурбай анда кеп айтат:
«Укмушту кабар мен уктум,
Уккула, журтум!» – деп айтат.
Баягы Манас канкордун,
Кылымды бузган анткордун,
Жетим калган баласы,
Арбайып адам болуптур,
Ат жалын тартып миниптир.
Тентип жүрүп Букарда,
Таласка кайра келиптир,
Дөөкүрсүгөн душманын,
Сазайын колго бериптир.
Таласка кайта конуптур,
Орундуу султан болуптур,
Кол салышкан душманын,
Ажыдаардай оп тартып,
Бирин койбой соруптур!
Келбей койбойт Бээжинге,
Кенендик бербейт элиңе!
Чаппай койбойт калмакты,
Калмак, кытай журтуна,
Салбай койбой салмакты!
Кароолдоп жолду тозбосок,
Ушу баштан камынып,
Чыңгоолду мыктап койбосок,
Ишибиз болор бекер – дейм,
Канкордун уулу ал чунак,
Бейгам болуп жатканда,
Талкан кылып кетет – дейм!
Кароолчу башы хан эле,
Кайраты артык жан эле.
Кырымдын уулу Мырадыл,
Кытай менен калмактын,
Күн батыш жакы четине,
Ысык – Көлдүн баш жагы,
Кызыл – Кыя бетине,
Кароолго барып консун – дейм,
Саадактын огун жонсум – дейм.
Буйругун угуп Коңурдун,
Кырымдын уулу Мырадыл,
Кырк жайсаң алып кашына,
Сарамжалын шай кылып,
Келип калган жери ошол,
Ысык – Көлдүн башына.
Коңурбайдын өзү да,
Тынчыбай чалгын чалды ошол,
Жер өлчөөсүн алды ошол.

СЕМЕТЕЙДИН КОҢУРБАЙГА ЖООРТУЛУ

Арстан бала Семетей,
Атасынан жаш калып,
Акыланан бош калып.
Кара хан барып чоңоюп,
Кайтадан иши оңолуп.
Темир хан барып чоңоюп,
Жетимдин иши оңолуп.
Эрешен тартып эр болуп,
Эл улуу менен тең болуп.
Арбайып адам болгондо,
Ат жалын тартып мингенде,
Ата жөнүн билгенде,
Эрмелип адам болгондо,
Элинин жөнүн билгенде.
Айтылуу Талас жерине,
Арзып кайра келгенде,
Аргын, ногой элине.
Кара болот кайраган,
Каарына алганда,
Хан Жакыпты жайлаган.
Ак болотун майлаган,
Ачуусуна тийгенде,
Абыкени жайлаган.
Көк зоонун ташын үйүргөн.
Көктүгү кармап келгенде,
Көбөштү көргө кийирген,
Көп душманын ийирген.
Кыраңдуу жерди майлаган,
Кылмышын коюуп моюнуна,
Кыжырына тийгенде,
Кырк чорону жайлаган,
Чыңалышкан душмандан,
Чынкожо менен Толтойдун,
Чынжырлап колун байлаган,
Дым чыгарбай байлаган.
Семетей кайта келгенде
Аргын, ногой сүйүнгөн,
Арбагын артык укканда,
Акыры бирди кылат деп,
Алыскы душман күйүнгөн.
Ак болотун бүлөгөн,
Айдыңын анык укканда,
Анжынын ханы Коңурбай,
Абыдан чочуп жүдөгөн.
Көк болотун бүүлөгөн,
Көп душмандар жүдөгөн,
Атадан калган кадимки,
Айтылуу, Талас жерине,
Кайта келип конгондо,
Аргын, ногой элине,
Арбактуу султан болгондо.
Кең-Колго келип конгондо,
Кеңири аргын, ногой,
Кебелбес султан болгондо.
Сары хан даңктуу болуп,
Хандыгы журтка дың болуп,
Акыл таап берүүчү,
Абасы Бакай ал болуп,
Акылы хандан башкача,
Канык ей каныш жан болуп,
Акындын кызы Айчүрөк,
Алган пери жан болуп,
Ак кылган иши шар болуп,
Алышам деген душмандын,
Заманасы тар болуп,
Жан жолдошу ошондо,
Камбардын уулу Канчоро,
Кара кулак шер туулаган,

Мажиктин уулу Күлчоро.
Эки чоро берени,
Туурадан жайган төр болуп,
Тутушкан душман кор болуп,
Алдына жайган тор болуп,
Алышкан душман кор болуп,
Обурагы ашынып,
Арстандын уулу Семетей,
Дуулап калган кезинде,
Аргын ногой ошондо,
Арстан Манас барындай,
Куунап калган кезинде.
Арстандын көзү өткөндө,
Ар тарапка чачылган,
Аргын, ногой мууңдуу журт,
Кара-Буура, Чаткалга,
Кайта баштан каралып,
Конуп калган кезинде
Манастын бары кезиндей,
Оңуп калган кезинде.
Кең-Кол менен Таласты,
Жайлап калган кезинде,
Кермеге салып аттарын,
Байлап калган кезинде,
Сары-казы, кыйма жол,
Чайнап калган кезинде.

СЕМЕТЕЙДИН КАМЫНЫШЫ

Арстан төрө Семетей,
Отурса, турса ошондо,
Орундуу акыл ойлонуп,
Оң жагына толгонуп,
Коңурбайды калчадан,
Күндү кандай кууймун – деп,
Калдайынан бир тобун,
Кандарын ичип сууймун – деп
Кайтадан жылкы кууймун – деп,
Кызыл чок, ойрот, кытайдын,
Кыйынынан акыры,
Кыркты өлтүрчү сууймун – деп.
Ойлонуп жүргөн оюнда,
Ойлонгондо Семетей,
Такааты турбай боюна.
Бир түнү жатып Семетей,
Уктабай таңды атырып,
Санабай жылдыз батырып.
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык тийгенде,
Ордунан туруп октолуп,
Тура албастан токтолуп,
Колун сууга салганы,
Кол даратын алганы,
Бутун сууга салганы,
Бут даратын алганы.
Экөө сүннөт, экөө парз,
Кудай таала өзүнөн,
Бендесине улуу карз,
Төрт ирекет багымдат,
Төкпөй окуп алганы,
Алакан жазып, кол ачып,
Бата кылып салганы.
Окуп намаз болгон соң,
Арбактарга багыштап,
Бата кылып болгон соң.
Канчорого акырып,
Кел бери деп чакырып,
Семетей эми кеп айтат
Камбардын уулу Канчоро,
Абакем Бакай, Сары хан,
Чыкыр мында! – деп айтат,

Төрөнүн сөзүн укканда,
Буйрук сөзү чыкканда.
Ашыккан бойдон ат минип,
Эр Канчоро ошондо,
Аялдабай бат минип,
Абасы Бакай, Сары хан,
Азыр жетип келгени,
Келип салам бергени.
Эр Канчоро кеп айтып,
«Абаке Бакай, Сары хан,
Арстан төрө Семетей,
Чакырды азыр» – деп айттып.
Айтып сөзүн билдирди,
Сары хан, Бакай абасын,
Азыр чоро бүлдүрдү.
Чакырып төрө жатат – деп,
Канчоро айтып киргени,
Абасы Бакай, Сары хан,
Чакырыктын маанисин,
Айттырбастан билгени.
Абакең Бакай, Сары хан,
Аттарына минишип,
Ашыгып жолго киришип.
Алтын сарай коргонго,
Айчүрөктүн ордого,
Азыр жетип барганы,
Желдеттер атын алганы,
Эшикте турган күзөтчү,
Эшик тартып калганы.
Эр Семетей ошондо,
Кол куушуруп бооруна,
Абасы Бакай, Сары хан,
Салам айтты доорuна.

Салам алик алышып,
Амандык-соолук сурашып,
Айкалышып калышып,
Көшөгөдө Айчүрөк,
Тизеси жерге бүгүлүп
Ушу кирген хандарга,
Таазим кылып жүгүнүп.
«Байбол келин бай болгун,
Көңүлүң балам жай болгун,
Ар тилегин берсин – деп,
Алиги келген хандарың,
Көңүлүнө алганы.
Алдыңа орун салган соң,
Отуруп орун алган соң,
Акундун кызы Айчүрөк,
Эргилтип акыл сүйүнүп,
Эликтей болуп түйүлүп.
Даңканга чайын кайнатып,
Тубардан жайып тасторкон,
Тасторконун жайнатып.
Абдырасын ачтырып,
Сары казы, кыйма жал,
Албан түрдүү жемишти,
Тасторкондун бетине,
Аралаша чачтырып.
Асыл таштан кесеге,
Арак-шарап куйдуруп,
Аркы-терки сундуруп,
Алиги келген хандарын,
Аш тамакка тоюшуп,
Алакан жазып, кол ачып,
Бата кылып коюшуп.

СЕМЕТЕЙДИН СӨЗҮ

Арстандын уулу Семетей,
Алиги келген хандарга,
Арбагы артык жандарга,
Токтолбостон кеп айтат,
Доош салып бек айтат.
«Абаке Бакай, Сары хан,
Алдыңда турган жетимге,
Айткандарың дары хан,
Айтамын азыр бир сөздү
Артыкча башка куу сөздү.
Айланып Талас келгени,
Аргын, ногой журтумдун,
Айкашып жүзүн көргөнү.
Ар душман менен алыштым,
Аянбастан салыштым,
Беттешкенди мерт кылдым,
Кара жердин бетине,
Жалындуу кара өрт кылдым!
Ар душмандан тайбадым,
Аяк, колун байладым!
Эрегишкен душманды,
Алдыма салып айдадым,
Сүйлөтпөй тилин байладым!
Аргын, ногой журтумдун,
Азгандарын курадым,
Ал кылганым иш эмес
Азыркы күндө абыке
Атактуу каным Сары хан,
Айламды таппай турамын!
Атамды сойгон калчага,
Айланы кандай кыламын!
Арбагы ашык калчадан,
Кун куубай кантип тынамын!
Каспақ тоону жердеген,
Калдайдан чыккан Коңурбай,
Каары катуу эр деген,
Кармашып душман жеңбеген!
Алоокенин Коңурбай,
Атамды сойгон эме экен,
Ааламды баскан шер экен,
Кылым кытай журтунан,
Суурула чыккан эр экен!
Телегейи тең экен;
Кылым Кытай көп журтун,
Кыбыратпай ал калча,
Бийлеп турган эр экен!
Алтымыш уруу кытайдан,
Алым алып Коңурбай,
Күчөп турган кези экен,
Ар дөөлөтү шай болуп,
Өйдө кулап таштары,
Түтөп турган кези экен!
Беттешем деген душманы,
Катары жетип Коңурдан,
Мүчөп турган кези экен!
Кара кытай-манжууну,
Карсылдатып Коңурбай,
Айдап турган кези экен,
Каяша кылам дегенди ,
Каарына алса Коңурбай,
Жайлап турган кехи экен!
Бет алышкан душманын,
Соруп турган кези экен,
Ай ааламдын баарысы,
Азыркы күндө калчадан,
Коруп турган кези экен!
Алтымыш ашып, жетимиш,
Ааламды баскан ал калча,

Барып калган кези экен,
Азыркы күндө ал калча!
Карып калган кезип экен!
Кыл-Эртиштин боюнда,
Хан Коңурбай калчанын,
Түмөндөгөн жылкысы,
Жайнап жатат деп уктум,
Кумурскадай быжырап,
Кайнап жатат деп уктум,
Кыл-Эртиштин боюнда,
Көлдөп жатат деп уктум!
Кара калмак-манжуулар,
Алтай тоону этектеп,
Көчүп турат деп уктум,
Төрт түлүк маалы дүркүрөп,
Жерге сыйбай бул күндө,
Өсүп турат деп уктум,
Кара калмак-шибелер,
Алтай тоонун сырттарын,
Жайлап турат деп уктум,
Эң аягы миң жылкы ,
Айдап турат деп уктум,
Кара калмак-шибенин,
Дөөлөтү каркап толуптур,
Дөөрүп жүрбөй мен эми,
Жөөлөшөр чагым болуптур!
Белиме саадак чалсам дейм,
Бээжиндеги калчадан!
Берендер кунун алсам дейм!
Белиме саадак буусам дейм,
Бээжиндеги калчадан,
Берендер кунун куусам дейм,
Калмактан жылкы куусам дейм,
Кара чоктуу калмактан,
Калдайынан бир тобун,
Канын ичип суусам дейм!
Кытайдан жылкы куусам дейм!
Кызыл чоктуу ойроттон,
Кырандардын каны үчүн,
Кыйынынан мен тандап,
Кыркты өлтүрүп суусам дейм!
Калмактын малын чачсам дейм,
Калкымдын жолун ачсам дейм!
Кытайдын малын чачсам дейм!
Кылымдын көөнүн бассам дейм,
Алтындан тууну аштагын!
Абаке жолду баштагын!
Эркек козу туулганда,
Курмандыкка жараткан,
Эркек уул туулаганда,
Намыс үчүн караткан.
Намысым колдон кеткен соң,
Туулбай туна чөгөйүн,
Тирүү жүрбөй өлөйүн!
Эр Коңурбай калчанын,
Эртиштен алып жылкысын,
Элинин ачып уйкусун
Алтайдан алып жылкысын!
Төбөсүнөн басайын,
Төрт түлүгүн чачайын!
Умачтай көзүн ачайын!
Ушу жолду бийлегин,
Абаке азыр сүйлөгүн!»

БАКАЙДЫН СӨЗҮ

Семетей айтып басылды,
Бакайдын оозу ачылды,
Абасы Бакай кеп айтат:
«Ой, Семетей кулунум,

Ук сөзүмдү!» – деп айтат
Кун кууганың макул го,
Уга турган акыл го!
Ушу быйыл кулунум,
Айчүрөк алган чагында;
Кандуу бут болгон табында.
Сапарга чыгар кез эмес,
Санасам ишиң эп эмес,
Айтканымды уга көр,
Ушу быйыл тура көр!
Барса келбес чоң Бээжин,
Барган адам көп болгон,
Келген адам жок болгон!
Пайгамбар баркы жетпеген,
Чалыяр чаркы келбеген!
Кызыр чапкан жол менен,
Кырк эки түмөн эл менен,
Атаң Манас шер барган,
Аргын, ногой эл барган!
Жети хандын эл барган,
Каптаган кыян сел барган!
Берен атаң ошондо,
Бээжинге кирип кайрылган,
Берендерден айрылган!
Аккула окко учурган,
Алманбет шейит кечирген!
Келерки жылы жаз менен,
Жетимиш түмөн кол алып,
Жер майышкан туу алып,
Алтымыш түмөн кол алып,
Ат майышкан туу алып.
Анан кийин баралы,
Кара калмак манжууга,
Барып уруш салалы,
Хандардын өчүн алалы!
Алтындан тууну аштайын,
Аксакал болгон кезимде,
Колду өзүм баштайын!
Ошоңгуча болгон жок,
Алты сан аргын, көп ногой,
Кабарчыдан кеп угуп,
Кабылган төрө Семетей,
Казат кылып калмакка,
Барганы жатат деп угуп.
Жабыла келди барысы,
Жашы менен карысы.
Кең Таластын боюна,
Кең-Кол ата оюна,
Алтын сарай коргонго,
Айчүрөктүн ордого.
Тегерек тартып тең болду,
Ортосу ачык кең болду.
Кабылан төрө Семетей,
Аргын, ногой келди – деп,
Алда Кудай берди – деп.
Ак боз бээден алдырып,
Ай туякка чалдырып,
Жүз кур семиз сойдуруп,
Келген элдин баарына,
Сары казы, кыйма жал,
Ооздорунан чыгарып,
Аябастан тойдуруп.
Аракка суусун кандырып,
Кымыздан ичип жандырып.

САРЫ ХАНДЫН СӨЗҮ

Сары хан сөздү баштады,
Сөз айтуудан шашпады.
Эр Сары хан кеп айтат:
«Ээ, калайык» – деп айтат.

Кайнап жаткан кытайга,
Хандардын кунун кууганы,
Бармак болду Семетей,
Калдайдан чыккан Коңурдун,
Каран түндү башына,
Салмак болду Семетей!
Быйыл кой деп турабыз,
Аргын, ногой көп журтум,
Кандай арга кылабыз!
Келерки жылы болгондо,
Көгала майдан – көк шибер,
Жайкалып өсүп толгондо,
Андан кийин барсак – деп,
Үй түгүндөй кытайга,
Барып уруш салсак – деп,
Ушунетип калың журт,
Арстандар өчүн алсак! – деп.
Сары хан айтып токтолду,
Аркасынан токтолбой,
Аргындын Кара Кесеги,
Сөз айтууга октолду.

КАРА КЕСЕКТИН СӨЗҮ

Кара Кесек кеп айтат:
«Ээ, кулунум Семетей,
Сөзүмдү уккун!» – деп айтат.
Аксакал тилин алгының,
Армандуу болбой калгының!
Эр Бакай тилин алгының,
Эч армансыз калгының!
Барар болсоң тил албай,
Желекти туудан бөлүнтпөй,
Жердин жүзүн көрүнтпөй!
Азаматты мол жайып,
Алтымыш түмөн кол жыйып.
Бараңдын ичин майлатып,
Сандаган колдун баарысын,
Күлчорого айдатып,
Асмандан күндү жайлатып.
Кылычтын баарын курчтатып!
Найзанын баарын учтатып.
Акылды мыктап токтолтуп,
Тулпардын баарын октотуп.
Келерки жазында,
Анан кийин баралы,
Кара кытай, манжууга,
Барып уруш салалы!
Кара Кесек сайрады,
Кызыл тилин кайрады.
Аргын, ногой буркурап,
Кесектин сөзү орун – деп,
Койдой маарап чуркурап.
Көпчүлүк чуулап коктолду,
Кабылан төрө Семетей,
Кайраты толуп боюна,
Каары келип жүзүнө,
Сөз айтууга октолду.

СЕМЕТЕЙДИН СӨЗҮ

«Атпай журтум не дейсиң,
Ажалдын камын не жейсиң!
Кокуй журтум не дейсиң,
Коркуунун камын не жейсиң!
Айтып сөздү торгойсуң,
Алдыдан ажал жеткенде,
Анда кантип коргойсуң!
Сүйлөп сөздү торгойсуң!

Туура ажал жеткенде,
Түбүндө кантип коргойсуң!
Туулмак бар, өлмөк бар,
Башка келген бир ишти,
Туш-тушунда көрмөк бар,
Асман болгон куу жанды,
Ажал келсе бермек бар!
Тобокөлгө саламын,
Толкуган калың кол жыйбай,
Өзүм жалгыз барамын,
Алда берсе кезекти,
Алыскы, Кара кытайдан,
Арстандар өчүн аламын!
Калкты убара кылбаймын,
Жапа-жалгыз мен барып,
Кайратымды сынаймын!
Абакем болот башымда,
Канчоро менен Күлчоро,
Экөө жолдош кашыма!
Көнүлүмдү куп жайлап,
Он төрт атты бош айдап.
Барып чабам калмакты,
Хан Коңурбай калчага,
Саламын оор салмакты
Жылкысын алып бүлдүрүп,
Калдайын союп какшатып,
Хандарын союп аксатып,
Кечилин союп кержейтип,
Кебелбей жаткан калмактын,
Кесирдүүсүн сенделтип.
Жарык күнүн түн кылып,
Жайкы күнүн кыш кылып,
Башына оор иш кылып.
Тулумдуусун тул кылып,
Таш сайынган төрөсүн,
Коржойгон кара кул кылып.
Мындай бир кылбасам,
Кылып жаным тынбасам,
Манастан туулбай калайын,
Кара кытай-манжуунун,
Балаага башын салайын!
Коё бер журтум колумду,
Тозбогун менин жолумду!
Мен өңдөгөн бир бала,
Кабыргадан кагынат,
Кас ажалы табылат,
Сыймыгың кетсе башыңдан,
Жок жерден бала жабылат,
Ажал алса жакадан,
Ар кандай жандар болсода,
Кара жерге кагылат!
Өлбөгөн жандар болбоу,
Өлүмдөн корккон оңобу?!
Семетей айтып салганы,
Аркасынан токтолбой,
Ормонбек сүйлөп калганы.
Жамгырчы хандын Ормонбек,
Жасалуу жоого коргонбек.

ОРМОНБЕКТИН СӨЗҮ

Ормонбек туруп кеп айтат:
«Ой калайык, деп айтат.
Мунун атасынан бабасы,
Айтканынан кайтпаган,
Адамга сырын айтпаган,
Жалган айтып жазбаган,
Акыретке барганда,
Тозок отун баспаган,
Беттешкен жоодон качпаган,
Берендиги белгилүү,

Мерт таптырган душманын,
Эрендиги белгилүү,
Ар иши жандан башкача,
Тереңдиги белгилүү
Атасынан бабасы,
Ар кылган иши оң болгон,
Алышкан жоосу сомдолгон,
Өз билгенин бербеген,
Беттешип душман жеңбеген!
Алдынан тороп буубайлы,
Аркасынан куубайлы!
Барса барсын казатка!
Душманын салсын азапка.
Хан Коңурбай калчанын,
Жылкысын айдап сапырсын
Душмандын мизин жапырсын!
Душманын жеңип бүлдүрсүн,
Аргын, ногой баарыңдын,
Кабагын ачып күлдүрсүн!
Кармаш кылсын капырга,
Хан Коңурбай баатырга!
Ормонбек сөзү токтолду,
Андан кийин ал топто,
Үн деген бирөө жок болду.

СЕМЕТЕЙДИН АТТАНГАНЫ

Арстандын уулу Семетей,
Ач арстандай чамынып,
Жоо жарыгын камынып.
Он төрт атты шайлатып,
Чоролорго айдатып.
Азык-түлүк артырып,
Алтын ооз кернейди,
Арылдата тарттырып.
Арбакка куран окутуп,
Тайбуурулду токутуп.
Кумайыкты кыңшытып,
Акшумкарды шаңшытып,
Аттанып чыкты алда – деп,
Обуректар колдо – деп.
Атпай аргын, көп ногой,
Арстандын уулу төрөгө,
Батасын берди чуркурап.

АЙЧҮРӨКТҮН СӨЗҮ

Ал аңгыча болбоду,
Айчүрөк чыкты шоодурап
Айнектей көзү жоодурап,
Аткан таңдай кылайып,
Ак эмчеги буулайып,
Акырын сүйлөп муңайып,
«Сапарың салкын күз болсун,
Салышкан душман сомдосун,
Ар кылган ишиң оң болсун,
Арбактар азыр колдосун,
Алышкан душман сомдосун,
Айтамын азыр бир сөздү,
Акылга сыяр куу сөздү!
Тил алсаң төрөм барбагын
Кара кытай-манжууга,
Барып уруш салбагын!
Бээжинге барба быйылча
Бээлесем ишиң кыйынча!
Кара-Шаар барба быйылча,
Карасам ишиң кыйынча!
Түндө жатып түш көрдүм,
Түшүмдө жаман иш көрдүм!

Очогор огу жаңылды,
Ойдо жок бала табылда.
Очогор тийди өзүңө,
От чагылды көзүңө!»
Күкүк үндү Айчүрөк,
Күймөлүп үндү салганы,
Булбул үндүү Айчүрөк,
Муңканып үндү салганы.
Олоңуна оролуп,
Чылбырына чырмалып,
Чыркырап айтып турганы.
Мына ошондо Семетей,
Кабагы карыш салынып,
Каардуу ачуу жабылып,
«Коё бер долу колумду,
Тозбогун менин жолумду!
Чылбырлап катын турганда,
Менин атым не болду!
Олуя болуп кеттиңби?
Машайык болуп жеттиңби?
Үйдо отурган катындын,
Өзүнчө болор иши бар,
Талаага чыккан эркекке,
Катыша турган неси бар!
Жатып жаман түш көрсөң,
Атаң Акун хан өлө турганы,
Агаң Түмөнбай өлүп курганы.
Мен жоорудум түшүңдү,
Бузуптур кудай ишиңди!»
Бул сөздү айтып Семетей,
Толгомо саптуу булдурсун,
Толгой кармап имерди,
Акундун кызы Чүрөктү,
Сооруга тартып жиберди,
Кош кабырга чапканда,
Кошу менен кыйрады,
Коңгурап Чүрөк ыйлады.
Кабыргасы сөгүлдү,
Мончоктоп каны төгүлдү.
Бүлдүркөн ала көйнөгү,
Бүгүшүнөн сөгүлдү,
Бүрүлдөп каны төгүлдү.
Калдыркан ала көйнөгү,
Капшытынан сөгүлдү,
Катарлап каны төгүлдү.
Катарлап каны шорголоп,
Алтын сарай ордого,
Акундун кызы Айчүрөк,
Качып кирип корголоп,
Арстандын уулу Семетей,
Алда деп жолго салганы,
Атпай аргын, көп ногой,
Артынан карап калганы.

АЙЧҮРӨКТҮН КАРГЫШЫ

Акундун кызы Чүрөктүн,
Кабыргасы сөгүлүп,
Каны жерге төгүлүп.
Кара жерди кучактап,
Көзүнүн жашы буурчакатап.
Каргышы ката кетпеген,
Бир каргаган адамы,
Бир айга толук жетпеген.
Каарданып калганы,
Кабылан төрө Семеңди,
Катуу каргап салганы.
«Барганыңдан келбей кал,
Базар үйүң көрбөй кал!
Кеткениңден келбей кал,

Кербен үйүң көрбөй кал!
Кайра айланып көрбөчү,
Калаалу коргон чебиңди,
Кара ногой элиңди!
Келип кайра көрбөчү,
Кең-Кол, Талас жериңди,
Кеңири аргын элиңди!
Очогор огу жаңылсын,
Ойдо жок душман кабылсын!
Бараңдын огу жаңылсын!
Очогор тийсин өзүңө,
От чагылсын көзүңө!
Жолуңду саат жолдосун,
Жолуңдан бай Коңур чыгып
оңдосун!
Атынды алсын Мырадыл,
Өтүңдү алсын Бороончу.
Бозкертик алсын тонуңду,
Жайсаңдар сыйрып жонуңду,
Төбөсү менен тик түшүп,
Каргап ыйлап бүк түшүп.

АЙЧҮРӨК КАРГЫШЫН КАЙТА КАЙТАРГАНЫ

Айчүрөк Каныш болкулдап,
Наалып ыйлап солкулдап,
Ардыгып ыйлап турганда,
Каргыш сөздү урганда.
Канықей келди какылдап,
Айчүрөккө жакындап.
«Койлуу катын куйрук жейт.
Таяк жеген сен эмес,
Аман калган мен эмес,
Кайын атаң арстан башында,
Такыячан жашымда,
Жезден така жеке өтүк,
Таамайлап туруп тепкенде,
Каарын салып жеткенде.
Кош кабыргам кыйраган,
Кокуйлап энең ыйлаган.
Кара сөзүң майтаргын,
Каргышыңды кайтаргын!»
Канықей мындай айтты эле,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ырайынан кайтты эле.
Жүзүн жууп таранып,
Эки жагын каранып.
Кара сууга барганы,
Кайтарып демди салганы.
Ылайланды Кара суу.
Көбүктөнүп жырылды,
Кара сууда балыктар,
Калбай бир кырылды.
Суу үстүндө калкылдап,
Суунун бетин бербестен,
Балыктар чыкты жаркылдап.
Кайра басып Айчүрөк,
Үйдөй кара бир ташка,
Келип демди салганы,
Как жарылып кара таш,
Күкүм болуп калганы.
Арстандын уулу Семетей,
Аколпок кийип чыңданып,
Кандагай кийип шымданып,
Ар шайманын тыңданып.
Ок, дарысын аттарга,
Ою менен арттырып,
Сурнайын суулап тарттырып.
Союш бээни айдатып,
Көргөндүн көзүн жайнатып.

Абасы Бакай башында,
Эки чоро кашында.
Эр Семетей султаның,
Жолго түшүп калганы,
Жылдызын оңго салганы.
Абасы Бакай ак жолтой,
Атышкан жоого сан колдой.
Эскиси түшүп эсине,
Жаштыгы түшүп жадына.
Бакай-Бакай болгону,
Бакай атка конгону.
Жортуп-жортуп болбодум,
Жоо малына тойбодум!»
Алып-алып болбодум,
Арам малга тойбодум!
Сакалымдын агында,
Сапарым чукул чагында.
Мурутумдун агында,
Бул жалгандан бир жолу,
Бурулбай кетер чагымда!
Жаш балдарды ээрчитип,
Уялбастан мен Бакай,
Дагы эле жортуп калганым,
Көтөрдүм алда салганын,
Кайрылып эки келбеген,
Кашайган дүйнө жалганын!
Атка токтоп отурбай,
Арык болуп баратам,
Аргамды акыр табалбай,
Жашым жетип токсонго,
Карып болуп баратам!»
Арстан төрө Семетей,
Тайбурулду каргытып,
Артынан чаңын баргытып.
Таласты бойлоп жол басып,
Ат аябай мол басып.
Ала-Бел-Өтмөк ашканы,
Суусамырды басканы.
Кең Кочкордун оюна,
Ак-Мазардын боюна,
Азыр келип калганы,
Кырк чорого багыштап,
Коштошуп жүргөн бээлерден,
Бирин союп салганы.
Кулкулдабат куранды,
Куп окуду буларды.
Табарикти так окуп,
Ясынды бат окуп.
Бата кылып багыштап,
Чоролорго табыштап.
Алакан жазып кол ачып,
Батасын кылып салганы,
Андан кошун артышып,
Жана жолго салганы.
Кочкордун жерин басканы,
Семиз-Белди ашканы,
Ысык-Көлдүн багытка,
Күүгүм кире барганы.
Айдатып жүргөн бээлерден,
Жана бирин мууздатып,
Ысык-Көлдү тайыды,
Ысык-Көлдү көргөндө,
Кабылан төрө Семетей,
Көңүлү өсүп байыды.

ЫСЫК-КӨЛДҮН КӨРҮНҮШҮ

«Бул жарыктык Ысык-Көл,
Жер соорусу турбайбы,
Жердесе ногой тунбайбы!
Жайлоосу жакын турбайбы,

Жайылса ногой тунбайбы!
Кыштоосу жакын турбайбы,
Кыштаса ногой тунбайбы!
Бетеге белден буулаган,
Элиги ээн сулаган,
Ар коктудан үзүлбөй,
Сымаптай суулар кулаган,
Бадал менен черинде,
Бугу, марал чураган.
Карагай, кайың, тереги,
Адамга артык кереги!
Дүйүм жыгач баары бар,
Салпылдап учкан сары бар,
Канаттуунун баары бар.
Караган адам таң калар,
Аркар жүрөт камалып!
Ар бир аянт жеринде,
Аркардын жүнү сабалып.
Бугусу жүрөт камалып,
Ар бир аянт жеринде,
Бугунун жүнү сабалып.
Маралы жүрөт камалып,
Ар бир аянт жеринде,
Маралдын жүнү сабалып.
Эчки, теке ташта ойноп,
Аркар, кулжа баста ойноп.
Өлөңүн көр, сазын көр,
Көлдүн бетин бербеген,
Өрдөк, чүрөк, казын көр!
Көлдүн үстүн бербеген,
Куулары сүзүп чатырдай,
Дүйүм чөптүн баарысы,
Буруксуган атырдай!
Миң түр эгин баары бар,
Дүйүм дары чөбү бар,
Атын атап билбеген,
Байчечекей көбү бар.
Балтырканы билектей,
Маралдарын карса,
Мала кашка инектей.
Көпөлөк учуп делбиреп,
Жумшак жел сызып желбиреп.
Бакасы чардап көлүндө,
Торгою сайрап чөлүндө,
Күкүгү таңшып көгүндө,
Аркарлар маарап төрүндө.
Ысык, суугу орточо,
Акыры түбү оңбойтко,
Ысык-Көлдү кордосо.
Күңгөйдөн куюп Миңбулак,
Тескейден кюуп Миңбулак,
Ашып-ташып кетпеген,
Бийриси тирүү жер экен!
Бетегеси май экен,
Бечаранын жайы экен.
Жердеген адам бай экен!
Эсен-аман сен болсоң,
Абаке эсиңде болсун Ысык-Көл!
Семиз-Бел ашып бир конуп,
Бээни жарып куп оңуп.
Арстан төрө Семетей,
Тескей өйдө жол жүрдү,
Ат аябай мөл жүрдү.
Коңур-Өлөң, Ала-Баш,
Аны басып өткөнү,
Манжылыга жеткени.
Улук мазар Манжылы,
Аны тайып бир бээни,
Дагы союп салганы,
Андан жөнөп калганы.
Тоң менен Тозор, Тамганы,
Катар басып өтүптүр,

Барскоон, Жууку кечиптир,
Жер сорусу Жети-Өгүз,
Жети-Өгүзгө жетиптир.
Анда конуп бир бээни,
Дагы түлөө кылыптыр,
Андан көчүп жылыптыр.
Ырдык менен Кара-Кол,
Катар басып алышып,
Ак-Суу менен Түргөндү,
Аны катар басышып,
Боз-Учукка барышып.
Боз-Учук мазар дээр экен,
Кабылан Манас илгери,
Түлөө кылып бээ союп,
Конуп өткөн жер экен.
Боз-Учукка келгенде,
Абакеси хан Бакай,
Арманын айтып болкулдап,
Наалып ыйлап солкулдап.
Боз-Учукка бир бээни,
Дагы түлөө чалганы,
Арбактар азыр жар бол – деп,
Анда конуп алганы,
Ысык-Көлдүн ошондо,
Баш-аягын таңыркап,
Арстандын уулу Семетей,
Айран-азыр калганы,
Өлбөсөм жердейм муну – деп,
Көңүлгө мыктап салганы.
Жерди, жолду кан Бакай,
Айтып бир баштан,
Бакайдын сөзү түгөнбөйт,
Ар бирөөсү бир дастан.

МЫРАДЫЛДЫН АТТАРДЫ АЛГАНЫ

Кызыл-Кыя жердеген,
Кырымдын уулу Мырадыл,
Бели катуу эр деген.
Кызыл-Кыя жайлаган,
Чаар айгырын байлаган,
Жоо дегенде шайланган
Калмактын берки четинде,
Кызыл-Кыя бетинде.
Кырк жайсаң кашында,
Четки кароол чегинде,
Кароолчу болгон башында.
Кара сууну уюткан,
Жайчылыгы дагы бар,
Келер ишти куп билген,
Балчылыгы дагы бар.
Ар амалды так билген,
Ыктуулугу дагы бар,
Амал менен жоолаган,
Мыктылыгы дагы бар,
Абакең Бакай, Семетей,
Кызыл-Кыя түбүндө,
Келип калган чагы бар.
Коштун баарын түшүрүп,
Коно турган бул жерге,
Сарамжалын күтүнүп.
Чатырды тигип алышып,
Айдап жүргөн бир бээден,
Дагы бирди жарышып.
Жан казанын астырып,
Казы менен картаны,
Аябай арбын бастырып.
Даңканга чайын кайнатып,
Тастарконун жайнатып,
Абдыраны ачтырып,

Албан түрдүү жемишти,
Аралаша чачтырып.
Суусунга ичип аракты,
Дагы катар ичишип,
Албан түрдүү шарапты.
Казыга артык бөлөнүп,
Картасына жөлөнүп.
Калыңдап төшөк салышып,
Жан жыргатып калышты.
Мырадылдын жөө желдет,
Тынбай чуркап желгени,
Ак чатырды көргөнү,
Болуп жаткан шумдукту,
Мырадылдай баатырга,
Жетип кабар бергени.
Кулагын салып Мырадыл,
Канкордун уулу Семетей,
Камынып жортуп келген бейм,
Кароолдогу өзүмө,
Кадикти буркан берген бейм!
Баштагы Манас тукуму,
Бала чунак Семетей,
Баса жортуп келген бейм,
Басташкан душман кабылып,
Бадикти буркан берген бейм!
Андай болсо акыр – деп,
Камынайын азыр – деп.

МЫРАДЫЛДЫН ЖАЙЫ

Жанындагы жай ташын,
Жибекке байлап бек чырмап,
Кара сууга салганы,
Токтолбостон Мырадыл,
Күндү жайлап калганы,
Калмакча кара дубаны,
Калдырап капыр окуду,
Кытайча кылым дубаны,
Кыжылдап капыр окуду.
Оргочордун үстүнө,
Оркойтуп булут тургузду,
Кызыл-Кыя белине,
Кызыл мунар тургузду,
Сегиз сай мөндүр – шыбыргак,
Бадыратып ургузду.
Кыбыладын дүркүрөп,
Кызыл бороон күркүрөп,
Кар аралаш борошо,
Каршы-терши урулуп,
Караган жандан түңүлүп,
Жакага жамгыр жаадырып,
Бөксөгө мөндүр жаадырып.
Күндү жайлап алганы,
Азапка жанды салганы.
Ат кесерден кар түштү,
Талаадагы ар бир жан,
Ала салып бүк түштү.
Абакең Бакай кеп айтат,
«Аңдагыла балдарым,
Айтканымды деп айтып.
Кокустан жааган ушул жаан,
Мырадыл калмак жайы го!
Бош койбостон аттарды,
Кермеге салып тушаңар,
Керилип жатып албастан,
Кезек менен уктаңар!
Аттарды багуу оң болот,
Ат бакпаган кор болот,

Кызыл-Кыя кароолдо,
Кырымдын уулу Мырадыл,
Кылымдан ашкан зор болот!»
Ал сөздү айтып кан Бакай,
Тайбурул менен Көкчолок,
Кишен салып бутуна,
Кермеге аса байлады,
Кебелбей көөнүн жайлады.
Канчоро менен Күлчоро,
Хан Бакайдын өзүнө,
Кулактарын салбастан,
Какшап айткан сөзүнө.
Аттарды отко айдады,
Абыдан көңүл жайлады.
Тобокөлгө салышты,
Топоюп уктап калышты.
Хан бакайдын какшаган,
Сөзү калды талаада,
Кара жолтой эки кул,
Өздөрү калды балаага.
Жортуп келген эрендер,
Оор уйкуга киргенде,
Кырымдын уулу Мырадыл,
Коё берип аттарын,
Уктаганын билгенде.
Чаар айгырын каргытып,
Аңгемесин арбытып.
Чаар-Жон алды салганы,
Оттоп жүргөн аттарды,
Түп көтөрө баарысын,
Тийип кетип калганы.
«Колдо буркан колдо – деп,
Колдогун ушу жолдо – деп.
Жортуп келген буруттун,
Балаага башын салдым,
Как талаага улутуп,
Аттарын тийип алдым,
Буркан мага берди – деп,
Өрөпкүп келген буруттар,
Талаада ачтан өлдү – деп.
Калмагынча окунуп,
Бурканына чокунап.
Изин карга бастырып,
Жолун буруп жазгырып.
Аттарды айдап алганы,
Кең Текестин туюк төр,
Айдатып баары Мырадыл,
Ошого салып салганы.
Жайланып жатып калганы.
Аны мындай таштайлы,
Жортуп келген баатырлар!
Ошондон кабар баштайлы.
Таң сөгүлүп атканда,
Тараза жылдыз батканда,
Бакай хан башын көтөрсө,
Күн ачылып алыптыр,
Тоо башынан суук жел,
Зыркырап жүрүп калыптыр,
Тайбурул менен Көкчолок,
Чыйрыккан аттар токтобой,
Окуранып октолуп,
Жер чапчылап туруптур,
Чоролорун караса,
Коё берип аттарды,
Кара жолтой эки кул,
Тургула деп бакырды.
Уктап жаткан эки кул,
Бакайдын үнүн укканда,
Доош катуу чыкканда,
Умачтай көзү ачылды,
Өрөпкүп жүрөк басылды.
Жүрөгү кетип кабынан,

Билеги кетип сабынан.
Аттары үшүп оюна,
Такааты турбай боюна.
Учуп туруп ордунан,
Тулпарларды караса,
Амандыгын санаса.
Аттары эчак кетиптир,
Кырымдын уулу Мырадыл,
Тийип алып аттарды,
Минтип түпкө жетиптир,
Издерин чалып караса,
Айландыра санаса,
Ат кесерден кар баскан,
Караса көзгө илинбейт,
Кай кеткени билинбейт.
Алаканды шак коюп,
Көчүгүн жерге так коюп.
Чоролор турат калтырап,
Ботодой көзү жалдырап.
Өлөйүн десе жан татты,
Кирейин десе жер катуу.

БАКАЙДЫН АРМАНЫ

Хан Бакай турат кайгырып,
Өткөн күнүн эскерип,
Акылынан айрылып.
Айткан сөзүм тутпадың,
Арбак урган эки кул,
Кылар ишиң муна бул!
Ат бак десем болбойсуң,
Сөзүмдү тозуп торгойсуң,
Бадирек кулдар оңбойсуң!
Аттарыңдан айрылып,
Сөөгүң калсын талаада,
Карып калган чагымда,
Силерди ээрчийм деп жүрүп,
Мен калыпмын балаага!
Акыр заман кайдадыр,
Ат жок болгон жердедир,
Аксакал болгон бул Бакай!
Ай талаада өлдүбү,
Азапты артык көрдүбү!
Сакалымдын агында,
Сапарым чукул чагымда!
Мурутумдун агында,
Бул дүйнөдөн мен Бакай,
Бурулбай кетер табымда!
Талаада калып өлгөнүм,
Балааны башка көргөнүм!
Азапты артык көргөнүм,
Ачкадан Бакай өлгөнүм,
Кудайдын бергенде,
Курдашым Манас барында,
Кутуруп турган чагымда,
Куралган дөөлөт-багымда,
Курулган алтын тагымда,
Мында Бакай өлбөдүм,
Сөзүм өтпөй кулдарга,
Ушул күндү көргөнүм,
Теңирдин берген багында,
Теңтушум Манас барында,
Теңселип турган чагымда,
Тегиз дөөлөт багымда,
Термелген алтын тагымда,
Мында Бакай өлбөдүм,
Кутуруп кеткен кулдардан,
Бул кордукту көргөнүм!
Кара – шаар – камбылды,
Камап туган чагымда,

Калдай менен амбалын,
Сабап турган чагымда,
Калдыратып жамбысын,
Санап турган чагымда,
Кара мылтык – ок бараң,
Көөлөп турган чагымда,
Кара-кытай манжууну,
Жөөлөп турган чагымда,
Хан казына мүлктөрүн,
Ээлеп турган чагымда!
Жети-Бээжин, Кара-Шаар,
Билип турган чагымда,
Тескери баскан манжууну,
Ийлеп турган чагымда!
Ошондо өлбөй калганым,
Как талаада тентиреп,
Акырында мен Бакай,
Көтөрдүм алда салганын!
Калыйпа-Султан-Меккеге,
Кабарым барып өткөндө,
Бул жорукту не көрдүм,
Карылыгым жеткенде!
Ааламды билген чагымда,
Алмамбет, Чубак барында,
Анда Бакай өлсөмчү,
Акырет жайды көрсөмчү!
Эрге келет бир кезек,
Жерге келет бир кезек,
Ушу күндө мен Бакай,
Журтта калган куу тезек!
Өтүп кеткен кезекти,
Айтып айтпай не керек!»
Арманын айтты хан Бакай,
Адамга опа кылбаган,
Бул алакчы дүйнөнүн,
Жалганын айтты хан Бакай,
Башынан кеткен бир кезек,
Арманын айтты хан Бакай.
Эр Семетей күүлөнүп,
Эки кулга сүйлөнүп:
«Багып албай атыңды,
Сен бадирек эки кул,
Айтасың кимге датыңды.
Абамдын тилин албайсың,
Арам өлдүң талаады,
Эми жайың кандайсың!
Эми айдасам чоро баспайсың,
Арстаным чоро батпайсың,
Бекитип алып аттарды,
Анан кийин жатпайсың!
Кутурган кулдар оңбойсың,
Кесириңди койбойсуң!
Эртиш кайда, жер кайда,
Калмак кайда, эл кайда,
Кабылан абам мындайда!
Эми чура жөө басып,
Энтеңдеген эки кул,
Эки бетиң көө басып!»
Бул сөзүдү айтып Семетей,
Багымдат намаз окунуп,
Тайбурулду токунуп.
Ок, даарынын баарысын,
Бир үңкүргө бекитип,
Эки кулду кекетип.
Абакесин ээрчитип,
Жаш кулундай телчитип.
Семетей жолго салганы,
Ай талаада каңгырап,
Эки чоро калганы.
Хан Бакай менен Семетей,
Кызыл-Кыя ашканы,
Каркыраны басканы.

Көкөтөйгө аш берген,
Кең Кегеңге келгени,
Шамырдай какшап эр Бакай,
Эр Семетей султанга,
Ашта болгон өнөрдүн,
Баарын айтып бергени.
Коңурбай менен Манастын,
Сайышкан жерин айтканы,
Кошой менен Жолойдун,
Күрөшкөн жерин айтканы,
Капыр менен мусулман,
Карга учкус жол болгон,
Тирешкен жерин айтканы.
Үч-Каркыра жер экен,
Ала-Айгыр – Сайкал дээр экен,
Башынан ээлеп келгени,
Кара калмак эл экен.
Каркыранын сазы экен,
Аргын, ногой эки журт,
Кара калмак-тыргоотко,
Оболтон бери кас экен,
Арстан Бакай, Семетей,
Андан ары жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп.
Үч-Капкакты басканы,
Өгүз-Кечүү, Тай-Ашуу,
Тай-Айшууну ашканы.
Маңкан менен Кордойду,
Басып өтүп олорду.
Эчки-Өлбөстөн өткөнү,
Каңгар тоого жеткени.
Каңгардын кара тоосу ошол,
Касташкан калмак жоосу ошол.
Тыргоот, шибе эл ошол,
Ары жагы багыты,
Кара-Шаар, Шыйкуу жери ошол.
Тал-Чокунун бели ошол,
Андан ары өткөндө,
Сандаган кытай эл ошол.
Кытайдын берки четинде,
Каңгар тоонун бетинде.
Кароолдо жаткан ак кулжа,
Кара кытай – манжуунун,
Кабарчысы бир мынча.

АК КУЛЖАНЫ АТКАНЫ

Эми Бакай кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Ой, Семетей кулунум,
Ук сөзүмдү» – деп айтат.
Каңгар тоонун бели ошол,
Анын ары жагында,
Кара кытай көп манжуу,
Кайнап жаткан эли ошол!
Кара кытай – манжуунун,
Канча түрдүү амалы.
Башына түшөр заманы!
Каңгар тоонун белинде,
Кароолдо жаткан кулжа бар,
Кабарчысы мынча бар.
Ак кулжаны аталы,
Ар кызыкка баталы!
Ак кулжа атып алалы,
Кароолдогу кулжанын,
Азапка башын салалы!
Кулжаны атып биз алсак,
Кудай бизге бергени,
Куткарып ийсек кулжаны,
Бизди кудай урганы.
Ал сөздү айтып эр Бакай,

Акыл ойлоп жайма-жай.
Семетейге жол баштап,
Албан түрдү сөз баштап.
Каңгар тоону бет алып,
Кулжаны өңүп барганы,
Кайда жатат кулжа – деп,
Абайлап көзүн салганы.
Ак курубунун өтөктө,
Ак кулжа жатат тырайып,
Төрт аягы сырайып.
Эми Бакай кеп айтат:
«Ой, Семетей кулунум,
Келе бери Аккелте,
Мен атайын» – деп айтат.
Анда Семең кеп айтат:
Айланайын абаке,
Каарыганда күүлөнүп,
Неткен кыйын жан элең,
Мен атайын – деп айтат.
Эр Семетей токтолбой,
Аккелте дүрмөт урду эле,
Белде жаткан кулжаны,
Өңүп карап турду эле.
Бир убакта Аккулжа,
Эки жагын каранып,
Адамдын жытын алганы,
Тайтайып туруп ошондо,
Качып жолго салганы.
Шыкаалап туруп Семетей,
Кароолуна келтирип,
Күркүрөтө бек атты,
Аккулжаны чуратты.
Жаза атып калыптыр,
Алты аяр ал кулжа,
Арымдап жөнөп калыптыр.
Карап турган эр Бакай,
Айкырык үнү таш жарып,
Кыйкырык үнү баш жарып.
Көк чыбык мылтык сундуруп,
Айгай кулак тундуруп.
Туурасынан шыкаалап,
Көк чыбык менен кыя атты,
Алдыңгы колун сый атты.
Жана качып жөнөлдү,
Аркасынан кулжанын,
Кумайык кууп өмөлдү.
Жетип барып кумайык,
Борбуюн жулуп алганы,
Адамдан эстүү кулжаны,
Өлүм кылып салганы.
Кулжаны белге союшуп,
Этине мыктап тоюшуп.

КУМАЙЫКТЫН ТҮЛКҮНҮ ТИШТЕГЕНИ

Эми Бакай кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Каңгар тоонун аркы алды,
Кара таштын түбүндө,
Кароолдо жаткан бүгүндө,
Кырк кулач кызыл түлкү бар,
Тиштеп берсе Кумайык,
Чыга турган күлкү бар!
Кумайыкты жетелеп,
Ал түлкүгө салалы,
Тиштетип алып түлкүнү,
Кумардан чыгып каналы!»
Кумайыкты жетелеп,
Тулкү жаткан кара таш,
Шилисине барыптыр,
Адамдын жытын алыптыр,

Кырк түлкү токтобой,
Зымырап жөнөп калыптыр.
Туурадан чыгып хан Бакай,
Арткы бутун сый атты,
Бул түлкүнү кыйратты.
Үч буту менен арымдап,
Болбой качып жөнөлдү,
Аркасынан ошондо,
Кумайык кууп өмөлдү.
Жетип барып Кумайык,
Моюнун кыя чалганы,
Адамдан аяр түлкүнү,
Өлүм кылып салганы.
Түлкүнү союп ал жерге,
Терисин сыйрып алганы,
Ошо жерден аттанып,
Арстан Бакай, Семетей,
Жолго түштү шаттанып.

АКШУМКАРГА КУУ ӨРДӨКТҮ АЛДЫРГАНЫ

Абасы Бакай кеп айтат:
«Ой, Семетей кулунум,
Аңдачы сөзүм» – деп айтат.
Мындан ары түшчүлүк,
Аңыртынын бели бар,
Ошол белдин алдында,
Жашыл-Көл деген көлү бар,
Ошол көлдү ээлеген,
Жез канаттуу куу өрдөккө,
Акшумкарды салалы,
Алдырып алып өрдөктү,
Абыдан кумар каналы.
Тил алгының Семетей,
Мен шилтеп шумкарды,
Кары сокмокко салайын,
Жаздырбастан шумкарды,
Карып калган чагымда,
Бир кумардан канайын!
Абасы мындай дегенде,
Семетей анда мындай дейт,
Атаганат абаке,
Намысыңыз канаке!
Мен шилтейин өрдөккө,
Атамдан калган кушумду,
Өрдөктү илип алдырып,
Бүтүрөйүн абаке,
Көңүлдөгү ишиңди!»
Айтканга болбой Семетей,
Акшумкарды колго алып,
Жашыл көлгө барганы,
Эрдин кашын какылап,
Хан Бакай айгай салганы.
Чаң тополоң болушуп,
Көлдөгү жаткан көп өрдөк,
Сапырылып учуптур,
Кабылан төрө Семетей,
Кынабына келтирип,
Качан учар өрдөк деп,
Куу өрдөктү бугуптур.
Чыдай албай куу өрдөк,
Баркылдап учуп алганы,
Оңтойлогон Семетей,
Акшумкарды ошондо,
Катуу шилтеп калганы,
Жаза шилтеп шумкарды,
Ташка уруп салганы.
Ташка урунуп Акшумкар,
Оозунан кан кетти,
Тырп деп барып жыгылды,
Уялгандан Семетей,

Жүрөгү оозго тыгылды.
Жез канаттуу куу өрдөк,
Жер кыртышынан учканы,
Учуп көлдөн чыкканы.
Канаты менен кар сабап,
Куйругу менен жер сабап,
Куу өрдөк кетти Бээжинге,
Хан Коңурбай эрине.
Хан Бакай турат кайгырып,
Акылынан айрылып.
«Манастан кандай калдым мен,
Жаш балдарга кор болуп,
Акылымдан тандым мен».
Ал аңгыча болбоду,
Адам ишин оңдоду,
Тырпырап жаткан Акшумкар,
Өйдө болду силкинип,
Канат, куйрук таранып,
Эки жагын каранып.
Суудан жутуп алганы,
Кеткен өрдөк артынан,
Баркылдап учуп калганы.
Акшумкар кетти баркылдап,
Канат, куйрук жаркылдап,
Асманга чыкты калкылдап.
Алкылдап көздөн үзүлдү,
Карап туруп эр Бакай,
Кара көзү сүзүлдү.
Жылдызга чыгып Акшумкар,
Жымырылып жөнөдү,
Эчак кеткен өрдөктү,
Эми шумкар көргөнү.
Куу өрдөк барат зыпылдап,
Акшумкар барат шыпылдап.
Куу өрдөк барат каркылдап,
Акшумкар барат жакындап.
Чоң бээжиндин ордого,
Куу өрдөк жетип калганы,
Эсенкандын ордонун,
Тешигинен түшөөрдө,
Акшумкар жетип алганы.
Акшумкар жетип алыптыр,
Барк деп өрдөк тешикке,
Башын салып кирерде,
Акшумкар илип калыптыр.
Жез канттуу өрдөктүн,
Барк деген үнүн укканда,
Доошу катуу чукканда.
Күзөтчүлөр таң болду,
Өрдөк кайдан келди – деп,
Айран-азыр маң болду.
Өрдөктү илип Акшумкар,
Чокусунан мээледи,
Кайра тартып калкылдап,
Акшумкар сызып келеди.
Эртесинде кечинде,
Кечки салкын бешимде.
Акшумкар келди зымырап,
Куу өрдөк жаткан көлүнө,
Падыша Бакай эрине.
Кабылан Бакай ошондо,
Моюнуна курун салынып,
Жаратканга жалынып.
Куу өрдөктү алыптыр,
Этинен отко салыптыр,
Бакай менен Семетей,
Оозуна малыптыр.
Канаты менен кол бутун,
Кумайыкка салганы,
Калган этин өрдөктүн,
Канықейге берем деп,
Кабылан Бакай ошондо,

Кисеге катып алганы.
Ал иштердин болушу,
Эң илгерки заман дейт,
Куу өрдөк этин таткандан,
Хан Бакай менен Семетей,
Акшумкар менен Кумайык,
Кадимки каныш Канукей,
Ушу күндө өлбөстөн,
Бул дүйнөдө аман дейт.
Токтолбостон дүйнөнү,
Кезип дооран сүрөт дейт,
Ушу күндө ошолор,
Кээ адамга көрүнүп,
Аман-эсен жүрөт дейт.
Үйү бар дейт үстүндө,
Малдары бар дейт колунда,
Жүрөт экен ошолор,
Бир кудайдын жолунда.
Абакең Бакай, Семетей,
Кароолдогу айбандан,
Баарын ойрон кылганы,
Кылып көңүл тынганы.
Эми Бакай кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
Кыл-Эртиш барбай деп айтат,
Кыл-Эртиштин боюнда,
Алтай тоонун оюнда,
Хан Коңурбай Калчанын,
Жерге сыйкыс түмөн мал,
Жаткандыр азыр кыжылдап,
Кумурскадай быжылдап.
Менин сөзүм илип ал,
Жылкычы башы Карагул,
Карагул жайын билип ал!
Түбү казак баласы,
Калмак болгон бузулуп,
Эч жоктур сөздүн чаласы.
Ал Карагул чочконун,
Айласы жандан бир башка,
Акылы артык көй кашка.
Кезигип калса кокустан,
Айткан тилим ала көр,
Сүйлөтпөй башын чала көр!
Жалынса жанын койбогун,
Жалбарганга болбогун!
Миң жерден уурдайт акылды,
Сырын айтам мен сага,
Ал Карагул капырды!
Мындан ары мен барбай,
Ушу жерде калайын,
Кайдан чалгын чалайын!
Ар сөзүн айтып эр Бакай,
Кароол Белде калганы,
Абакесин калтырып,
Семетей чалгын чалганы.

КЫЛ-ЭРТИШТИН КӨРҮНҮШҮ

Алтай тоонун белине,
Азыр жетип барганы,
Жетип дүрбү салганы,
Кыл-Эртишти көргөндө,
Айран азыр калганы.
Ала-Тоолуу кең Алтай,
Башы мөңгү агарып,
Ар коктудан туура суу,
Агып жатат сандалып.
Бөксө жагын караса,
Карагай, кайың талы бар,
Жан бүткөндүн баары бар.

Алтайдын тоосун аралап,
Жарып өтүп Кыл-Эртиш,
Агып жатат калкылдап,
Жылтырган менен бетеге,
Ак күмүштөй жаркылдап.
Алтай тоонун чокусу,
Ак мөңгүлүү кар экен,
Кыл-Эртиштин дайрасы,
Агыны катуу шар экен,
Ала-Тоолуу Алтайда,
Ар кандай сонун бар экен,
Өзү капыр болсо да,
Алтайда ойрот, калмакка,
Алла Таала жар экен.
Күкүгү таңшып багында,
Булбулу сайрап талында.
Тереги көктү тиреген,
Кайыптар чөбүн жиреген.
Кундузу сууда ойногон,
Жыланы чөлдө сойлогон.
Куланы кумда жөңкүгөн,
Аскасына караса,
Жалаң жылкы мөңкүгөн.
Балыгы сууда жаркылдап,
Бакасы чардап бакылдап.
Илбирси жойлоп чубалжып,
Суусары жүрөт кубулжуп.
Жейрен, бөкөн жайнаган,
Кудугу ташып кайнаган.
Кашкулак, суур, бөрүсү,
Асманда жүрөт аркырап,
Таз кара менен ак кажыр,
Бүркүтү менен жорусу.
Аюусу жүрөт аксайып,
Жолборсу жүрөт чакчайып.
Туйгун, тунжур, кара куш,
Көптүгү койдой жайылган,
Токойунда толгон киш.
Берекеси артылган,
Элдин кени Кыл-Эртиш,
Алтын, күмүш артык көп,
Жердин кени Кыл-Эртиш.
Кабылан төрө Семетей,
Делөөрүп көңүл бөлүнчү,
Карап турса Кыл-Эртиш,
Чын бейиштей көрүнчү.
Тайбуурулду булкунтуп,
Атырылтып жулкунтуп.
Тайбуурул аты закымдап,
Токтолбостон Семетей,
Эртишке барды жакындап.
Коңурбайдын көп жылкы,
Эми көзгө көрүндү,
Кабылан төрө Семетей,
Көргөндө көөнү бөлүндү.

ЖЫЛКЫНЫН ТҮРЛӨРҮ

Ала-Тоолуу Алтайдын,
Албан түрдүү төрү го,
Төрлөрдөн ылдый карата,
Кыл-Эртиштин боюнда,
Хан Коңурбай калчанын,
Кутуруп жаткан көп жылкы,
Көпчүлүгүн көрүп ал.
Дүркүн-дүркүн бөлүнүп,
Түрлөрү ачык көрүнүп,
Чыйырчыктай карала,
Чыпка куйрук уя жал,
Баашайыдай сарала,

Кебежи курсак кең соору,
Макмал жүндүү капкара,
Топ жазбаган торуала,
Көгүчкөндөй көгала.
Суксур моюн кара жал,
Билериктүү сур жылкы,
Чөйчөк алган баарысы,
Минилбеген кур жылкы.
Кыска куйрук, тайкы жал,
Чаарлары сан толгон,
Сары алтындай жаркырап,
Сарысына көз тойгон.
Сопол куйрук, сом туяк,
Манаттай жээрде бөлүнгөн,
Түрлөрү ачык бөлүнгөн.
Буура көкүл, үкү аяк,
Чаңкай бозу эсеп жок,
Санатында кезек жок.
Буурул, күрөң торусу,
Санатына сан жетпей,
Ар кайсы түрү ар башка,
Аркар шыйрак, нартамак,
Кер маралдай кер кашка.
Букта бакай кулан жал,
Карды салык кулача,
Маңдайында тумарча.
Карагер менен чабдары,
Кара курттай кайнаган,
Кара талаа жайнаган.
Кучак куйрук, барак жал,
Кара кызыл, сары кызыл,
Ар кимиси сандаган,
Карап туруп ошондо,
Эр Семетей таң болгон.
Карап турса жылкыны,
Бедөө тулпар бар экен,
Тулпарлары сан экен.
Жолдон озгон жорголор,
Топтон озгон күлүктөр.
Тобурчак менен аргымак,
Көптүгүнө карап бак!
Алтайдын тоосу малга жай,
Кара калмак, көп ойрот,
Артыкча экен малга бай.
Май жебеген иттери,
Кийгендери киш тери.
Дөөлөткө каркап мас экен,
Ичкени арак аш экен,
Абалтадан акырга,
Бурут журт менен кас экен,
Туурдугу киш экен,
Ит аягы мис экен.
Кара калмак ойроттун,
Дөөлөтү ташып толуптур,
Эр Семетей муну ойлойт,
Дини кара капырга,
Жөөлөшөр чагы болуптур.

КОҢУРБАЙДЫН КЕЛИШИ

Эр Семетей султаның,
Тайбуурулдай бууданын,
Чытырмандуу токойго,
Аса байлап салганы,
Эртиш дайра боюнда,
Бир теректи бет алып,
Жылкычынын сөөлөтүн,
Аныктап карап калганы.
Карап турса Семетей,
Санат жеткис көп жылкы,

Тоо таянып дүркүрөп,
Жылкычы башы Карагул,
Жолум үйдүн ичинде,
Жылкычыны жекирип,
Көк асмандай күркүрөп.
Токсон баштуу жолум үй,
Көгала майдан шиберге,
Боз дөбөдөй тигилип,
Эр Карагул баатырга,
Миң жылкычы баарысы,
Чөгөлөшүп жүгүнүп.
Жолум үйдү курчаган,
Аз болгондо жүз келет,
Төрт төбөлүү көк чатыр,
Ар чатырдын ичинде,
Калмагынча кайлашып,
Ырдап жаткан көй баатыр.
Коңурбайды макташып,
Карагулду жакташып,
Комузун чертип бийлешип,
Албан турлүү сүйлөшүп.
Көөкөрдөн арак ичишип,
Майга тойгон жылкычы,
Бет-бетинен кусушуп.
Майга тоюп магдырап,
Этке тоюп чалкалап.
Бура сүйлөп койгонун,
Уруп-керип талкалап.
Жылкычынын баарынын,
Баштарынан ошондо,
Кара булоо баркырап,
Бир-бирине ээ бербей,
Сөз талашып чуркурап.
Буркан уруп койбосун,
Жашатпай сени сойбосун,
Бирин бири тыйышып,
Сүйлөп жаткан дагы бар,
Мына ушул учурда,
Көп жылкыны аралап,
Коңурбай келген чагы бар.
Сурнайын суулап тарттырып,
Аземин башка арттырып.
Доолду согуп күңгүрөп,
Жер көчүрүп дүңгүрөп.
Алтышым кечил, кырк төрө,
Эр Коңурбай баатырды,
Жандап курчап алыптыр,
Мына ошондо Коңурбай,
Качырган жолборс баштанып,
Каарын катуу салыптыр.
Ажыдаар түстөнүп,
Ачыккан арстан үндөнүп,
Көгала сакал чачы экен,
Жаштыгы өткөн табы экен.
Оң мурутун имерип,
Оң кулакка жиберип.
Сол мурутун имерип,
Сол кулакка жиберип.
Аппак болгон айдары,
Аңдап турса Коңурду,
Адамдан башка айбаты.
Кайнаган кудук көздөнүп,
Каардуу шамал сөздөнүп.
Калпакта каухар ташы бар,
Жан казандай башы бар.
Бир айгырдын жалындай,
Маңдайында кашы бар.
Сексен жашка куушуруп,
Кирип барган жашы бар.
Шамал чыгып оозунан,
Жалын чачып көзүнөн.
Отогот, диңсе калкылдап,

Аяктай болгон якут таш,
Төбөсүндө жаркылдап.
Алтындаган айдары,
Аркасында балкылдап,
Таш көз айнек жалтылдап,
Көөкөр сындуу чоң күпсөр,
Ал жанында шаркылдап.
Кемер кур белде жылтылдап,
Алгара аты кылтылдап.
Тоодой боюн топчулап,
Толо боюн үпчүлөп.
Канжа тартып коркурап,
Оозунан чыккан түтүнү,
Жөө тумандай буркурап,
Сандап жаткан көп жылкы,
Баары үркту чуркурап.
Коңурдун келген кабары,
Эр Карагул баатырга,
Айтып келди чабары.
Дуулап жаткан Карагул,
Коңурбай келди дегенде,
Угуп турду мына бул.
Карагул чуркап калтаңдап,
Бир жылкычы калбастан,
Карагулдун артынан,
Баары чуркап тамтаңдап.
Эр Карагул баш болуп,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Жылкычылар баарысы,
Коңурбайдын алдына,
Таазимдн турду жүгүнүп.
Сембанит деп айтышып,
Эр Коңурбай кеп айтат:
«Асмансыңбы чоң калдай,
Малдарың аман» – деп айтат.
Эр Коңурбай кеп баштап,
Кеп баштаса деп баштап:
«Курачылар кеп айтат,
Баягы куу баш Бакай чал,
Аман экен деп айтат.
Манастан калган бир бала,
Семетейдей чунакты,
Жол көрсөтүп Бакай чал,
Келмек болду деп айтат.
Тынбай алты ай мен жүрүп,
Жердин баарын чардадым,
Чоң Бээжинге барбадым.
Коңурбай калдай карыды,
Алгара тулпар арыды!
Жылкыга кошом кара атты,
Канкор Манас башында,
Көргөзгөн мага санатты.
Алгара сөөгү агарсын,
Жерди чардап Карагул,
Жылкыны жакшы багарсың.
Башка ат бергин өзүмө,
Кулак сал айткан сөзүмө!
Эр Карагул ошондо,
Сарыкердей тулпарды,
Карматып келип токуду,
Ар бир сөздү Коңурбай,
Булбул болуп окуду.
Агытканда Алгара,
Кошулбастан жылкыга,
Бет алып Коңур калдайга,
Окуранып турганы,
Айтайын десе тили жок,
Кара атты кудай урганы.
Эр Коңурбай ошондо,
Оттосунчу Алгара,
Боор оорусам билбестен,
Келесиң мага карана!

Кайта басты Карасы,
Жылкыдан башка сарасы.
Коңурбай калды элебей,
Эр Карагул ичинде,
Көөдөк Калча деп айтып,
Коңурбайды жемелеп.
Коңурбайга баталбай,
Алгаранын маанисин,
Ашкерелеп айталбай.
Ал аңгыча Коңурбай,
Өйүзгө көзүн салганы,
Семетей турган теректи,
Байкап карап калганы.
«Өйүзгү терек түбүндө,
Бир караан көзгө көрүнөт,
Оюма түшүп ар бир иш,
Көңүлүм башка бөлүнөт.
Мына ошондо Семетей,
А дагы биле калганы,
Коңурбай байкап калганы,
Көңүлүнө алганы.
Башындагы кара бөрк,
Ала коюп колуна,
Ачыкты көздөй ыргытты,
Тебетейди зыргытты.
Коңурбай анда ойлонуп,
Оң жагына толгонуп.
Менин көргөн карааным,
Тарп талашып калдаңдап,
Учкан жору экен го,
Шекинишим бекер го.
Ар сөздү айтып Коңурбай,
Шар коюп кайра бастырды,
Эр Семетей ошондо,
Кекселик кылып бу дагы,
Коңурбайды жазгырды.

СЕМЕТЕЙДИН ЭРТИШТИ АРЗЫШЫ

Эр Семетей султаның,
Эртишти көрүп эндиреп,
Коңурду көрүп кубанып,
Өз-өзүнчө жубанып.
Арзыган сөзүн айтканы,
Айта түшүп кайтканы.
«Калкылдап жаткан Кыл-Эртиш»
Менин жерим болсочу.
Калдайдан чыккан Коңурбай,
Менин эрим болсочу.
Кара ногой көп журтум,
Эртишке келип консочу,
Калыстан көргөн башканын,
Карап бир көөнү толсочу.
Кылкылдап жаткан Кыл-Эртиш,
Менин жерим болсочу,
Кызыл чоктуу көп ойрот,
Менин элим болсочу,
Кылымда баскан Коңурбай,
Менин эрим болсочу,
Кылыктуу аргын көп журтум,
Кыл-Эртиш келип консочу,
Кылымдын көөнү толсочу!
Ала-Тоолуу кең Алтай,
Атамдын жери болсочу,
Алты зубун көп калмак,
Атамдын эли болсочу!»

КАРАГУЛДУН СӨӨЛӨТҮ

Ал аңгыча Карагул,
Кылар иши мына бул.
Жылкычыга кеп айтып,
Кеп айтканда деп айтып:
«Коңурбай калча кетти деп,
Кетпегенде нетти деп.
Кысыр эмди тайлардан,
Ыкчам бирди алыңар,
Токтобостон баарыңар,
Жез казанга салыңар,
Кумардан чыгып калыңар!»
Уялбас ултаң бетиби,
Карагулдун айтканын,
Эки дешти айтарга,
Жылкычылар көтүбү.
Макул айттың абасы деп,
Эки дебей айтканын,
Кызмат кылып абама,
Азыр өзүм жагам деп,
Жылкычылар барганы,
Кысыр эмди тайлардан,
Бирин кармай алышып,
Коштоп келип капырлар,
Бата кылып мууздабай,
Шамшар менен жарышып,
Балжа-булжа кылышып.
Жез казанга салышып.
Көөкөрдөгү арактан,
Алтын кесе куюшуп,
Жутуп алгын аба, деп,
Эр Карагул баатырга,
Эңкейип келип сунушуп.
Жылкычылары чуулдашып,
Карагулду курдашып.

Эр Карагул баатырдын,
Бирөө башын ушалап,
Бирөө колун ушалап.
Аркасын мыкчып бир экөө,
Карагулдун үстүндө,
Буулум тубар күрөөкө.
Олпок мамык астында,
Тубар жаздык башында.
Карап турса Карагул,
Өңү болуп кара көк,
Артык аяр ал бир лөк.
Чаначтай мурду дардайып,
Эки эрини калбайып.
Карабулоо башынан,
Түтүн болуп буркурап,
Кара бойдон аккан тер,
Булак болуп шыркырап.
Канжасын тартып коркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап,,
Колтокмоктой карачач,
Аркасында салаңдап,
Тик карабай бетине,
Жылкычылар баарысы,
Эки көзү алаңдап.
Кыяк, чоор тарттырып,
Аземин артык арттырып.
Бийчилерин бийлетип,
Кокустан бирөө жаңылса,
Чылгый тери ийлетип.
Дооран сүрүп Карагул,
Кылган иши мына бул.
Ал аңгыча болбоду,
Күүгүм кирип күн батты,
Эр Карагул баатырың,

Тамаша менен ал жатты.
Күүгүм кирип болгон соң,
Жылдыз накта толгон соң.
Атка минип Семетей,
Эртишти кечип алыптыр,
Жолум үйдүн артында,
Дүпкүр болгон байтерек,
Тайбуурулдай тулпарды,
Аса байлап салыптыр.
Аса байлап салганы,
Басып келип Семетей,
Жолум үйдүн артынан,
Жабыктан башын салганы.

СЕМЕТЕЙДИН КАРАГУЛГА АЛДАТКАНЫ

Карагулдун ордодон,
Карап турду Семетей,
Эр Карагул баатырды,
Марап турду Семетей.
Карагулдун сөөлөтүн,
Көрүп турду Семетей.
Ыкас берип кызыгып,
Өлүп турду Семетей.

ОТ ЖАККАН БАЛАНЫН ТҮШҮ

От жаккан бала үргүлөп,
Укмуштуу кыйын түш көрүп,
Түшүндө башка иш көрүп,
Түшүнөн чочуп ойгонуп,
Эргип турду комдонуп.
Сайрап бала кеп айтат:
«Ой, абаке Карагул,
Жаман түш көрдүм деп айтат,
Кызыл буурул ат минген,
Кыл куйругун чарт түйгөн,
Кызыл чийкил жаш бала,
Акыры сизге кас бала.
Ала-Тоодой аты бар,
Аңдап карап байкасам,
Адамдан башка каркы бар,
Миң кишилик баркы бар.
Аты бар экен бир тоодой,
Өзү бар экен бир зоодой.
Албарстан кылыч байланып,
Аралап кирип келгенде,
Калың кара жылкычы,
Сийдиги булут айланып,
Жылкычыны кырганы,
Кырып жаны тынганы,
Карагул аба өзүңдү,
Көөдөнгө баса мингени,
Тартынбастан киргени.
Сакалың сабат дыргытты,
Мурутуң булкуп ыргытты.
Тишиңди кагып түшүрдү,
Ишиңди абдан бүтүрдү.
Жылкыны түрүп айдады,
Көңүлүн бекем жайлады.
Казан-аяк чачылып,
Абийриң калды ачылып.
Жолум үй калды жыгылып,
Баткакта калды тыгылып.
Баланын айткан түшүнө,
Ачуусу келди Карагул,
Абыдан каарын төктү бул.
Өңү кетти сурданып,
Мурду кетти кырданып.

Ооздон оту буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап.
«Ой бадирек сен бала,
Нени айтасың кем бала!
Ал эмне дегениң,
Алжып бокту жегениң!
Буркан урган бадирек,
Олуя болуп кеттиңби?
Машайык болуп кеттиңби?
Бүгүн кордук кылайын,
Таң атканда бадирек,
Башыңды алып тынайын.
Түшүң түлкү богудур,
Өзүң менин богумсуң!»
Ал сөздү айтып Карагул,
Түшүн айткан баланы,
Караңгы үйгө каматты,
Камчылатып сабатты.
Өзү барып бир тепти,
Бул бадирек не көптү.
Үч чака сууну ичирди,
Антип ишин бүтүрдү.
«Кара сууга кеме жок,
Кам жебеңер жылкычы,
Кан Коңурбай Карагул,
Аман-эсен турганда,
Кара калмак журтуна,
Каш кайтарар неме жок.
Бадирек бала сөзүнө,
Коркпогула жөнү жок,
Карагул аман турганда,
Жылкычы сага өлүм жок.
Айтып оозун жыйгыча,
Башка сөздөн ургуча.
Шыкалап турган Семетей,
Ок жыландай октолуп,
Эми турбай токтолуп.
Чуркап кирип келгени,
Карагулдай абаңдын,
Көөдөнүнө шак минип,
Лыкылдата желгени.
Эр Карагул баатырдын,
Оозунан кетти сары зил.
Артынан кетти сары суу,
Эр Семетей султандын,
Кылар иши мына бу.
Сакалын тыйпыл жулганы,
Мурутун сыйда кылганы.
Ооздон тишин күбүдү,
Антип ишин бүтүрдү.
Ачалбарс колго аларда,
Башын чаап саларда.
Карагул боздоп буркурап,
Сөз сүйлөдү зыркырап.
«Арманым жок кудайга,
Карып болгон башыма,
Көргөздү жарык мындайда,
Семетей ботом келдиңби,
Мага кудай бердиби!
Найзадан калган желегим,
Арстандан калган белегим.
Мен жайымды сурасаң,
Уругум казак эл элем,
Колуна түшүп калмактын,
Өмүрүмчө кордукту,
Тартып жүргөн кез элем.
Калмактан келбей койду деп,
Мусулмандын ак динин,
Карагул акмак жойду деп.
Ичи жаман тарыгып,
Мага катуу таарынып.
Абакең Бакай табыштап,

Сүйлөтпөй сойгун дегендир,
Ал Карагул капырың,
Бокту мыктап жегендир,
Атаң арстан өлгөндө,
Абыке, Көбөш арамдар,
Камчыга ченеп бөлгөндө.
Булбул энең Каныкей,
Кулунум сени калкалап,
Каракандын шаарына,
Качып барган аркалап.
Каттоочудан кеп уктум,
Карагандын шаарынан,
Каралдым сени чоңоюп,
Кайтып келди деп уктум.
Кербенчиден кеп уктум,
Эренден калган Семетей,
Эрешен тартып эр болуп,
Эл уулу менен тең болуп,
Элине келди деп уктум.
Кайра Талас келгенде,
Атасын баштап сойду деп,
Абыке, Көбөш агасын,
Кырк чорону кыйратып,
Өлүм кылып койду деп.
Чынжырлап колун байлады,
Чынкожо менен Толтойду,
Дым чыгарбай жайлады,
Алыша келип душманын,
Азууга салып чайнады.
Таласка келип конду деп,
Аргын менен ногойго,
Орундуу султан болду деп.
Белсени ашкан душмандан,
Коңурбайа калча калды деп,
Андан башка душманын,
Ойрон кылып салды деп.
Кабарың катуу угулду,
Калдайдан чыккан Коңурбай,
Жүрөгү оозго тыгылды.
Качан келер экен деп,
Тилеп жүрдүм Карагул,
Кара калмак манжуунун,
Мага кылган иши бул.
Калмактын көрдүм кордугун,
Калчанын көрдүм зордугун!
Карыганда Чыйырды,
Чоң энең аман бар бекен?
Кайгыны тарткан Каныкей,
Өз энең аман бар бекен?
Карып болгон хан Бакай,
Карың аман бар бекен?
Калың аргын, көп ногой,
Калкың аман бар бекен?
Ээ, айланайын кулунум,
Карыгыча Карагул,
Капыр калча калдайың,
Каарын тартып курудум!
Аңдып жүргөн аяр көп,
Мен Карагул абаңды,
Кубалап жүргөн кыяр көп.
Түшүн айткан баланы,
Эгер андай кылбасам,
Кара нээт чоң калдай,
Башыма салат балааны!
Карагул сайрап турганда,
Кайгылуу сөзүн урганда.
Кабылан төрө Семетей,
Эбедейи эзилип,
Эт тырмагы жазылып,
Күнөөмдү кечир деп,
Абасына жалынып.
Калмактардын колунда,

Карыгыча мал багып,
Карып болгон абам деп,
Кара жаным барында,
Абамды өзүм багам деп.
Айланайын абаке,
Дабаан болсоң ашыргын,
Дарыя болсоң кечиргин!
Сакалың менен мурутуң,
Бири калбай жулунду,
Кудайга үнүң угулду.
Кыйратып койдум тишиңди,
Ченебей кылдым кесирди,
Сабыр кылып токтобой,
Чунагың мынча эсирди!»
Семетей мындай дегенде,
Карагул анда кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Башкадан душман кылбастан,
Айланайын Семетей,
Мен Карагул абаңа,
Сен кылдың го деп айтат..
Абаң үчүн кайгырба,
Акылыңдан айрылба!
Карагул мында кеп айтат:
«Эми жүрүп кеп болбойт,
Жылкыны сүрбөй деп айтат.
Жылкыны сүрүп алалы,
Айдап жолго салалы!
Күрөдөгү көп кечил,
Бирөөн аман жибербей,
Кара көзүн оелу,
Каттам кылып коёлу!
Жылкычыны соёлу,
Жылма кылып коёлу!»
Ал сөздү айтып Карагул,
Оозу-башын чайкады.
Амалын ашык ашырып,
Семетейди жайкады!
Көөкөрдөгү арактан,
Куйдуруп келип Карагул,
Семетейге сундурду,
Чарчап келген чунакты,
Абасы сыйлап тундурду.
Кайратын жыйып боюна,
Ар бир түрдүү амалды,
Карагул алып оюна.
Аркыттагы арактан,
Аркырата жутканы,
Алактаган көөдөктү,
Аярдан башка Карагул,
Амалы менен утканы.
Казы менен картадан,
Кабылан эрге жедирди,
Катуу айласын арбытып,
Карагул каапыр эсирди.
Каарданып Карагул,
Кылычын кыя байланып,
Жоо-жарагын шайланып,
Асмандагы булуттай,
Аркы-терки айланып.
Кабагы карыш салынып,
Колдой көргүн эми деп,
Чоң бурканга жаланып.
Кабагы карыш түйүлүп,
Кадиксиз колдой көргүн деп,
Бурканына сыйынып.
Белин бекем курчанып,
Бек тиштенип сурданып.
Кабагы карыш түйүлүп,
Аял-уял кылбастан,
Чуркап чыкты түйүлүп.
«Семетей бачым тургун деп,

Мени менен жүргүн деп.
Токтолбостон баралы,
Күрөөдө жаткан көп кечил,
Бирин аман койбостон,
Кыргын кылып салалы!
Эр Семетей султаның,
Атка минип камынып,
Аял-уял кылбастан,
Күрөөдө жаткан кечилге,
Азыр жетип барганы,
Бирин аман жибербей,
Өлүм кылып салыптыр,
Кылычтап башын алыптыр.
Кечили өлдү сороюп,
Жылкычылар шашканы,
Жан талашып баарысы,
Бет-бетинен качканы.
Эр Семетей Карагул,
Качкан жагын кубалап,
Жылкычыны кубалап,
Бурулбастан качканын,
Баарын кырып салганы,
Качпай токтоп турганын,
Аман алып калганы.
Качпагандар бүгүлүп,
Эр Семетей султандын,
Алдына келди чуркурап,
Жан соогалап жүгүнүп.
Баарын кырып салганы,
Карагул айтат мындай кеп.
Эр Семетей кеп айтат:
Кой абаке, деп айтат,
Убалына калбайлы,
Жазыгы жок байкушту,
Бөөдө кырып салбайлы.
Жылкы айдатып алалы,
Аман алып баралы!
Эр Семетей кеп айтат:
«Коңурбайдай Калчанын,
Жылкыга кошкон Алгара,
Кармап бер аба» – деп айтат.
«Макул болот, макул деп,
Бул айтканың акыл деп.
Эр Карагул аттанып,
Аралап жылкы бат барып,
Тоодой бир кара ат,
Кармап алып келгени,
Мына балам Алгара,
Эр Семетей султанга,
Токуп аны бергени.
Эр Семетей султаның,
Алгара минип чалкалап,
Кечилди кырып талкалап.

СЕМЕТЕЙДИН СУУГА АГЫШЫ

«Абаке эми токтобой,
Жылкыны айдап сүрөлү,
Аяк-башын түрөлү,
Айдап жолго кирели!»
Эр Карагул кууланып,
Бул айтканың акыл – деп,
Макул болот акыр – деп.
Укурук колго алганы,
Эрдин кесе тиштенип,
Аралап жылкы барганы.
Алгарыны Карагул,
Өзү кармап токунду,
Жалгай көргүн буркан деп,
Чокунду сөзүн окунду.

Карагул көңүл жайлады,
Жылкыны түрүп айдады.
Карагул жүрөт каркылдап,
Айдап жылкы баркылдап.
Түмөндөгөн жылкынын,
Ал учуна бир чыгып,
Бул учуна бир чыгып,
Каарданып унчугуп.
Жылкычылыр чуулдап,
Түмөндөгөн жылкыны,
Кыл-Эртиштин дайрага,
Шыкап кирди дуулдап.
Караса көзгө илинбей,
Каран калган көп жылкы,
Кайсы экени билинбей.
Арстан төрө Семетей,
Ак доолду карс коюп,
Ак келте мылтык тарс коюп.
Ак келте үнү чаңырды,
Арстан төрө Семетей,
Ач кыйкырык жаңырды,
Айгайын уккан жылкычы,
Эр Карагул абасы,
Акылынан жаңылды.
Санат жеткис көп жылкы,
Сууну көздөй жабылды.
Чыбыраган көп кулун,
Чыбырап сууга кеткени,
Шынкылдаган бээлери,
Чыгып суудан кеткени.
Эр Семетей ошондо,
Тоодой Кара ат камчылып,
Эртишке кирди камынып,
Арстандай болуп чамынып.
Калкылдаган Кыл-Эртиш,
Тоо Кара ат жонун ашырып,
Эр Семетей төрөнүн,
Ийининен ашырып.
Эртиштин суусу толкундап,
Токтобой Кара ат солкулдап.
Эртиштин суусу күркүрөп,
Токтоно албай Семетей,
Азат бою дүркүрөп.
Каран калган чоң Кара ат,
Мүдүрүлүп жыгылды,
Эр Семетей ошондо,
Жүрөгү оозго тыгылды.
Семетей акты калкылдап,
Аккелте мылтык ийинде,
Анда-санда жаркылдап.
Эр Семетей калкылдап,
Агып кетип баратат,
Көзөмөлдөп Карагул,
Багып кетип баратат.
Буруларда Карагул,
Бойлоп суунду жеткени,
Укурук менен Семеңди,
Чокуга тартып өткөнү.
Укурук башка чабылды,
Карыш жери жарылды.
Карагул колу кубанып,
Алдатып салдым кулга деп,
Семетей барат жубанып.
Эр Карагул ошондо,
«Кайда кетти Тайбуурул,
Тайбуурул кармап алайын,
Адамдан эстүү карандын,
Башын чаап салайын.
Ал аңгыча Тайбуурул,
Жылкыдан чыгып жөнөдү,
Агып кеткен Семетей,
Ошону көздөй өмөлдү.

Семетей барат калкылдап,
Аккелте жондо жаркылдап.
Кубайт бир, кубайт Тайбуурулу,
Жылкыдан чыгып бөлүнүп,
Бери жака сен суурул.
Улутунуп кишенеп,
Мына ошондо Тайбуурул,
Эртишти бойлоп желгени,
Эр Семетей султанга,
Куйругун сала бергени.
Буурулду алып куйруктан,
Суудан чыкты суурулуп,
Эр Семетей султандын,
Заманасы куурулуп.
Суудан чыкты шалпылдап,
Эр Семетей калтылдап.
Суудан аман чыкканы,
Ак олпокту ошондо,
Шаркырата сыкканы.
Тайбуурулдун үстүнө,
Семетей азыр мингени,
Карагулга бет алып,
Качырып Семең киргени.
Амалын башка ашырып,
Жылкыны кайра жапырып,
Жүргөн экен Карагул,
Капталынан качырып,
Семетей кирди мына бул.
Карагул качып жөнөлдү,
Семетей кууп өмөлдү.
Алгара барат закымдап,
Тайбуурул барат такымдап.
Закымдап учуп Алгара,
Кыл-Эртишке токтолду.
Боюн күүлөп союлгур,
Катуу арымдап октолду.
Ал аңгыча ичип-жеп,
Тайбуурул жетти Карага,
Колго тийсе Карагул,
Калмак эле балаага.
Эңкейе түшүп Семетей,
Алгараны куйруктан,
Жетип жулуп алганы,
Каран калган Алгара,
Кол арыктын суусундай,
Кылкылдаган Эртишти,
Аттап кетип калганы.
Кыл-Эртиштен арымдап,
Алгара кетти октолуп,
Башынан аша чыкпаган,
Тайбуурул калды токтолуп.
Семетей калды үшкүрүп,
Тайбуурул турат бышкырып.
Аман чыгып Карагул,
Эр Семетей султанды,
Табалады мына бул.
«Кызыталак көсөр кул,
Көрөр ишиң мына бул.
Алдаганым билбейсиң,
Мени ойлочу ким дейсиң!
Менин атым Карагул,
Көөдөк атаң Манаска,
Кыла келген колум бул!
Койбоймун тирүү жаныңды,
Курумдай төгөм каныңды!
Хан Коңурга барамын,
Каптаган кошун аламын,
Башыңа балаа саламын!
Таласыңды чабамын,
Эсебиңди табамын!
Көрбөгөнүң көр кылып,
Жебегениң бок кылып,

Тукумуң үзүп жок кылып,
Кыргынды кыйла саламын,
Кызыңды тартуу аламын!
Ал сөздү айтып Карагул,
Алаптады мына бул.
Эр Семетей кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат.
«Алактаган капыр кул,
Ыйманы жок жакыр кул,
Качып туруп капырым,
Оозуңа келген бокту жеп,
Опурулуп сүйлөбө,
Өз сөзүңдү бийлебе!
Кара боюң күүлөбө,
Баатыр болсоң капыр кул,
Качпай келип сайышкын,
Кабыландай тайышкын!
Сен карышкыр, мен жолборс,
Карышкыр качып абалтан,
Ак жолборско жолобос!
Капыргул келчи эр болсоң,
Кара кулак шер болсоң!
Каныңды суудай төгөйүн,
Кабыргаңды сөгөйүн!
Кардыңды эшип жарайын,
Жол боюна сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарайын!
Акылыңдан шашып бар,
Менден көргөн сыйыңды,
Төкпөй-чачпай деңиз кул,
Коңурбайга айтып бар!
Каңгар тоонун оюна,
Жашыл көлдүн боюна,
Он беш күнү күтөмүн,
Он беш күндө келбесе,
Таласты көздөй кетемин!
Акылымдан шапаймын,
Коңурбайдай калчадан,
Коркуп шашып качпаймын.
Мени менен Коңурбай,
Маңдайлашып сайышсын,
Найзанын учу майышсын!
Айбалта менен чабышсын,
Очогор менен атышсын,
Кылыч менен кыймалап,
Кызылдай канга батышсын!
Он беш калганда,
Түмөндөгөн жылкыны,
Сүрүп алып кетемин,
Кең таласка жетемин!
Манастын уулу Семетей,
Каракчыдай иш кылып,
Тийип алып жылкымды,
Качып кетти дебесин,
Антип бокту жебесин!»
Бул сөздү айтып Семетей,
Кайра тартып калганы,
Доолду колго алганы.

ЖЫЛКЫ ТИЙҮҮ

Ак доолду карс коюп,
Аккелте мылтык тарс коюп,
Манастап ураан чакырып,
Арстан төрө Семеңдин,
Ач кыйкырык жаңырды,
Санат жеткис көп жылкы,
Сүрүп айдап жүргөндө,
Айдап жолго киргенде.
Бээлеринин баарысы,
Шыңкылдашып кишенеп,

Айгырлары азынап,
Аттар үркүп дабырттап,
Аргымактар алкынып,
Буудандары булкунуп,
Жорголору бөкүшүп,
Бедөө тулпар жөңкүшүп,
Бет-бетинен мөңкүшүп,
Кулундары куюгуп,
Кунан, тайлар жарышып,
Куйругун сыртка салышып,
Аңгилери алышып,
Көксөө болгон карысы,
Дартмандары баарысы,
Аркасында калышып.
Жер казылып оюлуп,
Жердеги чөптөр союлуп.
Жердин бети кара чаң,
Караган адам айран таң.
Көп жылкыны ошондо,
Жылкычылар сүргөнү,
Айдап жолго киргени.
Асмандан жылдыз жошулуп,
Абакеси хан Бакай,
Каршы чыгып алдынан,
Семетейге кошулуп.

ЧОРОЛОРДУН КОШУЛУШУ

Аны таштап салыңар,
Аттарынан айрылган,
Ай талаада кайгырган,
Канчоро менен Күлчоро,
Андан кабар алыңар!
Айрылып аттан жөө басып,
Эки бетин көө басып.
Аттарынан айрылып,
Арман кылып кайгырып.
Ээр-токумун көтөрүп,
Энтелешип жөтөлүп.
Аз гана эмес мол басып,
Алты күнү жол басып.
Калмактын берки четине,
Кара тоонун бетине.
Келип булар калыптыр,
Жан жаккка көзүн салыптыр,
Кара тоонун өрдөштөн,
Калың жылкы көргөнү,
Канчоро менен Күлчоро,
Ошого карай жүргөнү.
Аралап азыр барганы,
Эки атты тандап ичинен,
Азыр кармап алганы.
Чала кармап алыптыр,
Ээр токумду салыптыр.
Аттанып алып мол жүрдү,
Дагы эки күн жол жүрдү.
Үчүнчү күнү шашкеде,
Каңгар тоонун оюна,
Жашыл көлдүн боюна.
Келип булар калганы,
Сан жетпеген көп жылкы,
Жылкыга көзүн салганы.
Абайлап анык караса,
Айландыра санаса,
Коңурбайдын малы экен,
Абасы Бакай, Семетей,
Шыпкай алып баарысын,
Каңгар тоонун оюна,
Келип калган чагы экен.
Асмандан жылдыз жошулду,

Канчоро менен Күлчоро,
Абасы Бакай, Семетей,
Экөөнө келип кошулду.
Акбоз бээден алышып,
Ай туягын чалышып,
Сары казы, кыйма жал,
Жан казанга салышып.
Казысына бөлөнүп,
Картасына жөлөнүп.
Жатып жамбаш талдырып,
Уктап уйку кандырып.

КАРАГУЛДУН КОҢУРБАЙГА БАРЫШЫ

Кара саат Карагул,
Каарданып мына бул.
Асмандан булут тутулуп,
Амал менен капырың,
Семетейден кутулуп.
Алгараны каргытып,
Оозунан көбүк баргытып.
Эр Карагул күүлөнүп,
Коңурбайга сүйлөнүп.
Ордосуна барганы,
Алтымыш амбал, кырк жаңжуң,
Карап көзүн салганы,
Карагулду көргөндө,
Айран азыр калганы.
Алгарада куйрук жок,
Карагулда сакал жок!
Эр Карагул кеп айтып,
«Коңурбай калча деп айтып,
Канкор Манас баласы,
Кара чунак Семетей,
Семетей келип калыптыр,
Баягы Бакай куу сакал,
Баштап жолго салыптыр.
Алып кетти жылкыңды,
Ачып кетти уйкуңду!
Кечилдерди керсейтти,
Жылкычыны серейтти.
Мен Карагул шордууда,
Сакал, мурут калбады,
Капыстан басып Семетей,
Билгенин салганы.
Тишимдин баарын кыйратты,
Жылкычынын баарысын,
Бой боздотуп ыйлатты.
Амалымдын молунан,
Ажалымдын жогунан,
Асмандан булут тутулду,
Азапты көрүп Карагул,
Араң качып кутулду!
Алдоого салдым канкорду,
Атасынан ашынып,
Ааламды баскан анткорду.
Оңбогон Калча оңбогун,
Эгерде эки болбогун!
Жердин баарын чалдым деп,
Кароолдон кабар алдым деп,
Жалганчылык сөздөрдү,
Ченеп айтсаң болбойбу,
Бул жоругуң койбосоң,
Акырысы түбүндө,
Семетей көзүң ойбойбу!
Кароолдогу айбандан,
Баарын жылма кылыптыр,
Кылып жаны тыныптыр,

Аккулжаны атыптыр,
Тамашага батыптыр.
Кумайык итин жолотуп,
Түлкүнү белден чалыптыр,
Абыдан кумар каныптыр.
Куу өрдөктү көлүнөн,
Акшумкарга алдырып,
Абыдан кумар кандырып,
Эр Семетей кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты:
«Каңгар тоонун оюна,
Жашыл-Көлдүн боюна,
Он беш күн жатам деп айтты.
Коңурбай калча өзүңдү,
Ошого чейин келсин деп,
Сайышып жүзүм көрсүн деп.
Он беш күндө келбесе,
Айдап жылкы кетем деп,
Кең Таласка жетем деп.
Канкордун уулу Семетей,
Каракчыдай жылкы алып,
Качып кетти дебесин,
Антип бокту жебесин!
Кайратың болсо камынгын,
Бурканыңа табынгын!»

КОҢУРБАЙДЫН АТТАНЫШЫ

Карагул кабар салыптыр,
Кара чунак Семетей,
Жылкыны алды дегенде,
Каарданып калыптыр.
Алтымыш амбал, кырк жаңжуң,
Алты сан черүү ошондо,
Арстан баатыр Коңурду,
Айлана курчап жарданып,
Ачуусуна таңданып,
Эр Коңурбай кеп айтты:
«Ээ, калайык деп айтат,
Оболтодон акырга,
Буруттардын Манасы,
Кара калмак калкына,
Асылганын койбоду,
Арам малга тойбоду!
Манастын уулу Семетей,
Эртиштен алып жылкымды,
Эми ачыптыр уйкумду!
Алтайдан алып жылкымды,
Абыдан ачып уйкумду!
Жылкычыны союптур,
Жылма болгон Семетей,
Жылас кылып коюптур!
Кечилдерди союптур,
Кесир кылып коюптур!
Бул канкордун кордугу,
Ар качандан бир качан,
Артык өттү зордугу!
Баарыңарга эп болсо,
Байкоңур айтар кеп болсо.
Төрт-беш келген бурутка,
Төрт-беш киши барайын,
Буркан азыр жар болсо,
Дөөкүрсүгөн буруттун,
Төгүп канын салайын!
Кошуун жыйып, кол жыйып,
Убарага салбайлы,
Андай болуп барбайлы!
Коңурбай айтып турганда,

Ушу сөздү урганда.
Калдайлары кобурап,
Жаңжуңдары жабырап,
Кан Коңур сөзү эп дешип,
Ушу жакшы кеп дешип.
Көпчүлүк айтып токтолду,
Жаалданып Коңурбай,
Семетейдин артынан,
Бармак болуп октолду.
Амалын башка арттырды,
Алгарадай атына,
Алтын менен күмүштөн,
Усталарды сыйдырып,
Сым куйрукту тарттырды.
Көп куйрукту тактырды,
Көргөн адам жактырды.
Тоодой болгон эр Коңур,
Тоодой боюн топчулап,
Толо боюн үпчүлөп,
Бар жарагын байланып,
Жоо жарагын шайланып.
Кабагынан кара жаап,
Мурутуна муз тоңуп.
Алгараны токунуп,
Бурканына окунуп,
Жалгай көр деп чокунду.
Кырк жайсаңы кашында,
Эр Карагул башында.
Жөнөп калды Коңурбай,
Жолуккан жандар оңорбу ай!
Алгарасын аргытып,
Алтындуу диңсе жаргытып.
Атасы Манас канкорду,
Өз колум менен жайладым,
Сан түмөндүү бурутту,
Кырып-жоюп айдадым.
Каш кайтарам дегенин,
Азууга салып чайнадым!
Буркан азыр жар болсо,
Кылар ишим шар болсо.
Ажалым жетпей өлөйүн,
Алым келсе бурутту,
Толопоюн туз кылып,
Соолтуп кайра жөнөйүн!
Тирүү туруп кайран баш,
Чыйраксып келген бурутка,
Жылкымды кайдан берейин,
Буркан азыр болсо,
Сыйпалтып кайра келейин!
Куу сакал болгон Бакайдын,
Сакал менен мурутун,
Бирин койбой терейин!
Ал сөздү айтып Коңурбай,
Аркырап жолго салыптыр,
Ал жоругун көргөндө,
Алтымыш амбал, кырк жаңжуң,
Айран азыр калыптыр.
Жөнөп кетти Коңурбай,
Ар качандан бир качан,
Амалы ашкан доңуз ай!
Аны таштап салалы,
Арстан Бакай, Семетей,
Алда эмине сөзү бар,
Андан кабар алалы.
Каңгар тоонун оюнда,
Жашыл-Көлдүн боюнда.
Туу байталдан союшуп,
Туурап этке тоюшуп.
Жаткан экен ошондо,
Аркасынан жылкынын,
Коңурбай келди ушунда.

КОҢУРБАЙДЫН КҮЛЧОРОГО АЛДАТЫШЫ

Абакеси эр Бакай,
Акыл ойлоп жайма-жай.
Абасы Бакай кеп айтып,
«Менин айткан сөзүмдү,
Уккула балдар!» – деп айтып.
Эстесем жүрөк сезгенди,
Коңурбай келер кез келди!
Канчоро менен Күлчоро,
Бирөөң кароол карагын,
Карап ишке жарагын!
Хан Коңурбай чоң калдай,
Капыстан басып калбасын,
Балакетти салбасын!»
Абамдын сөзү акыл, деп,
Уга турган макул, кеп.
Күлчоро турду түйүлүп,
Жоо жарагын кийинип.
Абасынан бата алып,
Ар айткан сөзүн жат алып.
Суркоёнго мингени,
Суурулуп жолго киргени.
Каңгар тоонун белине,
Кароол карар жерине.
Салып чыгып барды ошол,
Дүрбүнү алып колуна,
Көзгө мыктап салды ошол.
Жоо-жобуркай билинбейт,
Көзгө бир караан илинбейт.
Ооздугун алдырып,
Атын отко чалдырып.
Ал аңгыча болбоду,
Күүгүм кирип, күн батты,
Кароолдон көзүн айырбай,
Эр Күлчоро түн катты.
Таңдын эре-середе,
Эр Күлчоро чыдабай,
Жерди көздөй ыктады,
Чыканак таяп уктады.
Уйкуга көзү барыптыр,
Уюп уктап калыптыр.
Ал аңгыча жакындап,
Коңурбай келип калыптыр.
Коңурбайды көргөндө,
Суркоён тулпар токтобой,
Окурануп кошкурду,
Жерди чапчып бышкырды.
Аял-уял кылбастан,
Күлчоронун кашына,
Коңурбай келип калганы,
Кандай жаткан бала деп,
Байкап көзүн салганы.
Коңурбай байкап караса,
Адамдан түрү бир башка,
Ааламды бузар көй кашка.
Коңурбай карап калыптыр,
Балага көзүн салыптыр.
Ал аңгыча болбоду,
Кабылан бала Күлчоро,
Чукуранып ойгонуп,
Оң жагына толгонуп.
Ачып көзүн караса,
Ажап кызык тамаша!
Коңурбай көзгө көрүндү,
Күлүстөн бала Күлчоро,
Көргөндө көөнү бөлүндү.
Коңурбай келген экен, деп,
Бул жатышым бекер, деп,
Ордунан туруп октолуп,

Тура албастан токтолуп.
Тизеси жерге бүгүлүп,
Коңурбайга жүгүнүп,
Коомасын айтып кожурап,
Сембанит деп божурап.
Коомасын алып Коңурбай,
Карап турду жайма-жай.
Күлчоро тыңшап сарайды,
Кызыл тилин кайрады.
Эр Күлчоро кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
Калкыңдан безген качкындын,
Кара басып токтобой,
Калк-дүйнөсүн чачкандын.
Кара нээт Алмамбет,
Алмамбеттин баласы,
Как Күлчоро өзүмүн,
Каракан кара көзүмүн!
Атама жетсин убалым,
Абаке сага туш болуп,
Арзымды айтып турамын!
Бурутта туулуп өскөнүм,
Акырында токтобой,
Абаке сени көксөдүм!
Кызы-талак бурутка,
Кызматты кылып жакпадым,
Акырында курган жан,
Кытайды көздөй качканым!
Ач-Кайкалаң белесте,
Акылымдан айрылдым,
Адашып жолдон кайгырдым!
Куу сакал Бакай карысы,
Семетей канкор баш болуп,
Буруттардын баарысы.
Азгана эмес мол болуп,
Алты түмөн кол болуп.
Манастын кунун кууймун деп,
Кара чоктуу калмактын,
Кандарынан бир тобун,
Коңурбайды баш кылып,
Канын ичип сууймун – деп.
Каңгар тоонун оюнда,
Жашыл-Көлдүн боюна,
Кара курттай толгону,
Абаке сенин өзүңө,
Казат кылмак болгону.
Кароолдогу айбандын,
Баарын өлүм кылганы,
Кылып алып тынганы.
Эртиштин алды жылкыңды,
Эпсиз ачты уйкуңду!
Алтайдан алды жылкыңды,
Абыдан ачты уйкуңду!
Карагулду курутту,
Сакал, мурут калтырбай,
Сыйда жулуп баарысын,
Ач бөрүдөй улутту!
Кечилдерди керсейтти,
Жылкычыны ыйлатты,
Жылма кылып кыйратты!
Ардыгыма чыдабай,
Качып чыктым камынып,
Чоң бурканга жалынып!»
Күлчоро турат баш чайкап,
Айтканына ынанып.
Айткан сөзү чын го – деп,
Артык чечен бала экен,
Адамдан башка тың го – деп.
Качып келген окшойт – деп,
Байкабасам болбойт – деп.
Дүнүйөгө карабай,
Баарын жерге чачыптыр,

Элим кытай экен деп,
Мени карай качыптыр.
Күлчоро балам кел – деди,
Колуңду мага бер деди.
Кол алышып турганы,
Мына ошондо Коңурбай,
Оболку сөздөн урганы.
Сенин атаң Алмамбет,
Мусулман болуп бузулуп,
Кара жаны кысылып.
Кытайды таштап кеткени,
Буруттарга жеткени.
Алмамбет барып Манаска,
Жан жолдош болуп алганы,
Кара кытай манжунун,
Башына балаа салганы.
Элим кытай экен деп,
Жерим Бээжин экен деп,
Чоро болуп жан сактап,
Буруттардын ичинде,
Бул жүрүшүм бекер деп.
Балам келип калыпсың,
Коңурбай агам экен деп,
Көңүлүңө алыпсың!
Балам сени мен эми,
Алтын таажы кийгизем,
Алтын такка мингизем,
Кылым кытай элине,
Келгениңди даңк кылам,
Так кырк күнү той кылып,
Манжуу журтка кан кылам!
Агаң болом арыдым,
Жашым ооп карыдым!
Чектеп ал Бээжин жериңди,
Күтүп алгын кулунум,
Кылым кытай элиңди!»

Ал сөздү айтып Коңурбай,
Эбедейи эзилип,
Эт тырмагы жазылып,
Кабагы күндөй ачылып.
Атына минип Күлчоро,
Коңурбай экөө бастырды,
Алдоого салып Күлчоро,
Коңурбайды жазгырды.
Эми Коңур кеп айтат:
«Карагул баштык кырк жайсаң,
Азыр келет деп айтат.
Кырк жайсаңды чуу кылып,
Кызы талак бурутка,
Аламанды коёлу,
Айбалталап чокусун,
Капысынан оёлу!
Куу сакал болгон Бакайды,
Тирүү кармап алалы,
Өлтүрбөстөн житирбей,
Башына коок салалы,
Семетейди токтотпой,
Башын чаап салалы!»
Ал сөзду айтып Коңурбай,
Алгараны булкунтуп,
Атырылтып жулкунтуп.
Ал аңгыча болбоду,
Коңурбайдын кырк жайсаң,
Аксакалы Карагул,
Келип калды мына бул.
Жашыл-Көлдүн боюнда,
Жайнап жаткан көп жылкы,
Жылкыны көздөй жөнөлдү,
Эр Карагул кырк жайсаң,
Аркасынан өмөлдү.
Эр Күлчоро, Коңурду,
Жандай салып бастырып,

Ар амалын ашырып.
Семетей жаткан өтөккө,
Жакын келип калганда.
Эр Күлчоро октолуп,
Тура албастан токтолуп.
Эр Коңурбай калчаны,
Табарсыктын тушу – деп,
Өлөр жери ушу деп,
Табарсыкты туштады,
Бөрү тилдүү сыр найза,
Сыр найза менен муштады.
Ак доолду карс коюп,
Алмабаш мылтык тарс коюп.
Алмабаш үнү чаңырды,
Манас-Манас бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Эр Күлчоро баатырдын,
Ач кыйкырык жаңырды,
Айгайын уккан кырк жайсаң,
Акылынан жаңылды,
Найзаларын сундуруп,
Сайышууга камынды.
Алмабаш үнүн укканда.
Эр Семетей, Канчоро,
Атка минди камынып,
Алдынан жоосу табылып.
Ээрдин кашын кучактап,
Кара кан агып буурчактап.
Коңурбай барат кансырап.
Эр Семетей, Канчоро,
Экөө катар акырып,
Манастап ураан чакырып.
Кыйгактуу найза сундуруп,
Кыйгый кулак тундуруп.
Семетей келип жеткени,
Эр Коңрбай калчаны,
Тебетей сайган эмедей,
Тегеретип кеткени.
Кырк жайсаң кирди бакырып,
Манжуулап ураан чакырып.
Эр Семетей султаның,
Найзасын кайра алганча,
Ач албарсты колго алып,
Коңурбайдай калчанын,
Башын чаап салганча,
Кырк жайсаң келип калганы,
Коңурбайды жайсаңдар,
Жөлөп атка салганы.
Каран калган Алгара,
Ар качандан бир качан,
Кача бермей адаты.
Алгара качты закымдап,
Семетей кууду такымдап.
Асмандан булут тутулду.
Ажалсыз экен Коңурбай,
Ашкере качып кутулуп,
Жайсаңдар калды тутулуп.
Эр Канчоро Күлчоро,
Жайсаңдарды имерди,
Бирөн аман куткарбай,
Кыргын кылып жиберди.
Карагул капыр калдаңдап,
Эки өңүрү далбаңдап.
Аярлыкка салыптыр,
Заңгел терең чоң аңга,
Көрүнбөй кире качыптыр.
Аңга кирип Карагул,
Аман калып кутулду,
Андан башка жайсаңдар,
Өлүмгө башы тутулду.
Жарадар болуп Коңурбай,
Жаны ачып доңуз ай.

Асмандап булут жошулуп,
Кара калмак-манжуга,
Аман жетти кошулуп.
Табыптар келди жыйылып,
Чоң бурканга сыйынып.
Кайнатма кара дарыдан,
Кырып алган сарыдан.
Жарасына жапканы,
Коңурбайдай калчаны,
Табыптар мыктап бакканы.
Үчүнчү күн болгондо,
Ооруган жери басылып,
Умачтай көзү ачылып.
Манжуу кытай буркурап,
Коңурбайдын алдына,
Баары келди чуркурап.
Эр Коңурбай кеп айтат,
«Ээ, калайык» – деп айтат.
Эс-акыл менде калбаптыр,
Илгерки кеткен Алмамбет,
Бузуктун уулу Күлчоро,
Абыдан мени алдаптыр.
Алдоосуна көнгөнүм,
Азапка каркап толупмун,
Жарым өлүм болупмун.
Жайсаңдарды жалмады,
Эс-акыл менде калбады!
Асмандан булут тутулду,
Анык тулпар Алгара,
Алып мени кутулду!
Алмамбеттин Күлчоро,
Кызарган жалын чок экен,
Адамда андай жок экен!
Семетей артык эр экен,
Жаралган адам уулунан,
Кара кулак шер экен.
Жайсаңдарды жалмады,
Жалгыз бирөө калбады,
Аярлык менен Карагул,
Кутулгандай окшоду,
Андан башка жайсаңдын,
Бирин койбой копшоду.
Кароолдогу Мырадыл,
Кандай күндө болгондур,
Кабылып калса буруттар,
Кармап алып сойгондур,
Кара көзүн ойгондур!»
Эр Коңурбай күркүрөп,
Кашындагы манжуулар,
Азат бою дүркүрөп,
Каарданып чамынды,
Кара атын минип камынып,
«Карагул менен Мырадыл,
Өлүү-соосун билемин,
Камынгыла жайсаңдар,
Токтобой жолго киремин.
Ал сөздү айтып эр Коңур,
Жүз жайсаң тандап алганы,
Булуттай өңү бузулуп,
Жана жолго салганы.
Каңгар тоонун бетине,
Келип калды хан Коңур,
Жашыл көлдүн четине.
Коңурбай келип караса,
Айландыра санаса.
Семетей, Бакай бул жерден,
Жаккан отун өчүрүп,
Түмөндөгөн жылкыны,
Сүрүп жолго салыптыр,
Эчак кетип калыптыр.
Эр Коңурбай токтобой,
Жылдызын салып оңуна,

Жуңгардын салып жолуна,
Алдынан тороп чыгууга,
Атышып туусун жыгууга,
Алгараны моюндап,
Көк кутуну коюндап,
Атка кылды өкүмдү,
Сүрүп алып жылкыны,
Кеткенине өкүндү.
Жер союлган жылкыны,
Сүрүп алып Семетей,
Зордогондо бүгүндө,
Ала-Айгыр сакал жерине,
Алты зубун элине.
Араң барып калгандыр,
Салгар жолго салгандыр!»
Эр Коңурбай жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Ала-Айгыр сакал жерине,
Тай-Ашуунун белине,
Азыр келип калганы,
Белге чыгып Коңурбай,
Болжоп дүрбү салганы.
Дүрбү салып караса,
Айландыра санаса,
Каркырага конуптур,
Каран калган көп жылкы,
Кара курттай толуптур.
Өзөндүү сууга конуптур,
Эр Семетей султаның,
Өз алдынан болуптур.
Туу байталдан союптур,
Туурап этке тоюптур.

СЕМЕТЕЙГЕ КОҢУРБАЙДЫН ОГУ ЖАҢЫЛГАНЫ

Амалы артык Коңурбай,
Дүрбү салып олтуруп,
Көңүлгө өрүш толтуруп,
Абыдан карап олтуруп,
Акылга ар иш толтуруп.
Семетейди байкаса,
Аколпокту чечинип,
Бөктөрүнүп алыптыр,
Мына ошондо үстүнө,
Желбегей күрмө салыптыр.
Ошо түрүн көргөндө,
Эр Коңурбай Кыл-Эртиш,
Буркан бермек болду деп,
Кабагын ачып жым этти.
Эр Коңурбай камынып,
Алгарага мингени,
Ашыгып жолго киргени.
Кайнап жаткан көп жылкы,
Көп жылкыны аралап,
Эр Семетей султандын,
Бастырар жолун чамалап.
Коңурбай карап турганы,
Очогорго дүрмөттү,
Колдурата урганы.
Эр Семетей султаның,
Кенебеген шумпайың.
Кыйып өтө бергенде,
Кынабына келгенде,
Как жүрөктүн тушу деп,
Өлөр жери ушу деп,
Очогорду сундуруп,
Күркүрөтө бек атты,
Нээти казат деп атты.
Тайбуурул үрктү жалт этип,
Эр Семетей султаның,
Жыгылды жерге жалп этип.

Ал аңгыча Күлчоро,
Карчыгадай камынып,
Арыстандай чамынып.
Суркоёнго камчы уруп,
Сыр найзаны сундуруп.
Коңурбайга бет алып,
Өрттөй көзү тутанып.
Күлчорону көргөндө,
Коңурбай качып жөнөлдү,
Аркасынан саргара,
Күлчоро кууп өмөлдү.
Алгара барат закымдап,
Суркоён барат такымдап,
Барган сайын Алгара,
Аягы жерге сайылып,
Жал куйругу жайылып.
Булуттай учуп кыркырап,
Туягы тийген таштары,
Туш-тушунан быркырап.
Коңурбай сыза качканы,
Каңгар тоону ашканы.
Алгара кетти октолуп,
Күлчоро калды токтолуп.
Кабылан туулган Күлчоро,
Кайра тартып чапкылап,
Абакеси кандай болду деп,
Чочуп жүрөк шашкылап.
Эр Күлчоро келгени,
Ок токтоп жаткан абасын,
Келип Күлүс көргөнү.
Акылдан танып алдырап,
Семетейге бет алып,
Карап турду жалдырап.
Хан Бакай турат акырып,
Семетейлеп чакырып.
Семетейдин ичине,
Каны токтоп алыптыр,
Абакеси хан Бакай,
Абыдан чочуп жүрөгү,
Кабагын карыш салыптыр.
Абасы Бакай кайгырып,
Акылынан айрылып.
Күлчорого кеп айтат:
«Айчүрөктү Күлчоро,
Алып келгин» – деп айтат.
Акундун кызы Айчүрөк,
Семетейди көргөндө,
Токтоп калган бул окту,
Түшүрүп аттап берсин де.
Беш убак намаз жазбаган,
Акундун кызы Айчүрөк,
Бейдаарат жерди баспаган.
Күлүстөн туулган Күлчоро,
Суоркоёнго мингени,
Сумсайып жолго киргени.
Күндөп-түндөп жол жүрүп,
Ат аябай мол жүрүп,
Бир күн, бир түн болгондо,
Жетип келди Күлчоро,
Түн ортосу мезгилде,
Кең Таласта коргонго.
Суркоёндой тулпарды,
Жез түркүккө чалганы,
Айчүрөктүн ордого,
Акырын басып барганы.
Акырын басып караса,
Айландыра санаса,
Баркырап шамы жаныптыр,
Айчүрөктү бээлесе,
Тамашага каныптыр.
Аны көрүп Күлчоро,
Бузулган экен Айчүрөк,

Бул кылышы чоң дүмөк!
Абамдын эстен чыгарып,
Боз балдар жыйып кашына,
Акырындап жашына.
Тамаша менен таң атып,
Күлкү менен күн батып,
Жаткан долу турбайбы,
Долуга бирди кылбасам,
Мени кудай урбайбы!
Шыпыр, албарс ак болот,
Азыр колго алайын,
Перинин кызы жөөттүн,
Башын чаап салайын!»
Дагы басып Күлчоро,
Такшы каалап караса,
Каары толуп боюна,
Айландыра санаса.
Уктабай таңды атырып,
Санабай жылдыз батырып,
Келме сөзүн окунуп,
Уктабастан отуруп.
Ал түүн көрүп Күлчоро,
Акундун кызы Чүрөккө,
Ыраазы болду ошондо.
Аста басып зымпыйып,
«Амансыңбы жеңе! – деп,
Күлчоро кирди кымыйып.
Акундун кызы Айчүрөк,
Ыргып туруп ордунан,
Ыргала басып кыңгырап,
Акырын сүйлөп зыңгырап,
Айчүрөк эми кеп баштап,
Акырын айтып бек таштап.
«Алыска сапар аттанып,
Карыганда жол тарткан,
Абакеси аман бар бекен?
Арстандан калган бир жалгыз,
Агакең аман бар бекен.
Камбардын уулу Канчоро,
Тай, кулундай тебишкен,
Талашып эмчек эмишкен,
Жолдошуң аман бар бекен?
Кыяматтык кыйшайбас,
Болжошуң аман бар бекен,
Айчүрөк сурап турганда,
Ушу сөздү урганда,
Күлчоро турду кеп баштап.
««Айчүрөк жеңе» – деп баштап,
Коңурбайдай калчанын,
Кароолдогу айбанын,
Баарын ойрон кылдык биз,
Тыңдап тургун жеңе сиз.
Кыл-Эртиштин боюнан,
Кан Коңурбай калчанын,
Айдап алдык жылкысын,
Ачып салдык уйкусун.
Ачканыбыз курусун,
Абакеме Коңурдун,
Очогор огу жаңылды,
Ок токтоп калып чыкпастан,
Абакем катуу сабылды.
Сени алып келгин деп,
Абакем мени жиберди.
Аттап окту түшүрүп,
Ак кызмат кылып берсин деп,
Абакем сизди имерди.
Күлчоро мындай дегенде,
Быйты күң ыйлап буркурап,
Алаканын шак коюп,
Качып берди чыркырап.
Эр Күлчоро обдулуп,
Быйты күңдү эшиктен,

Чуркап барып алганы,
Оозун басып тумчулап,
Ак куржунга салганы.
Жеңеке бачып камынып,
Турбай жолго чыккын деп,
Ак куу кебиң кийинип,
Асмандап учуп сызгын деп,
Байланып алып Быйтыны,
Журт үркүтөр куйтуну.
Күлчоро кетип калганы,
Токтобой жолго салганы.
Акундун кызы Айчүрөк,
Боюн сууга салды ошол,
Бой даараты алды ошол.
Ак куу кебин кийинип,
Жаратканга сыйынып.
Айчүрөк учту зымырап,
Жылдызга чыгып жамырап.
Ак куу болуп кубулуп,
Айчүрөк учуп жетиптир,
Мына ошондо Семетей,
Шайманы жаман кетиптир,
Кан Бакай турат алдырап,
Карап көзү жалдырап.
Канчоро турат калтылдап,
Боздоп ыйлап токтобой,
Ботодой көзү жалтылдап,
Күлчоро турат күйүнүп,
Кабагы карыш түйүлүп.
Айчүрөк түштү асмандан,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Кыя тартып ийилип,
Абасына жүгүнүп.
«Тилегиң кабыл келсин деп,
Тигилген душман өлсүн деп,
Алкап салды абасы,
Ак ниеттүү бабасы.
Акундун кызы Айчүрөк,
Келме шаадат сөздөрдү,
Келтире шар окуп,
Парайыз сөзүн токтотпой,
Бачымыраак дагы окуп,
Бир аттады төрөсүн,
Акырысы түбүндө,
Адал жүргөн Чүрөктүн,
Кереметин көрөсүң!
Бир аттоодо түшпөдү,
Акыры түшпөй койбос деп,
Абасы үмүт үзбөдү.
Экинчи аттап октолду,
Октон кабар жок болду.
Мына ошондо Айчүрөк,
Зар ыйлады буркурап,
Сай-сөөгү зыркырап.
«Чымындай жандын айынан,
Чынкожо, Толтой жайынан,
Аккуу болуп кубулуп,
Акбула болуп созулуп,
Ак чалгыны сыдырып,
Анжиянды, Көлөптү,
Учуп жүрчү кыдырып.
Ай ааламды сыдырдым,
Алптардын баарын кыдырдым,
Ариеттерин мен бейбак,
Абыдан байкап кынадым,
Алптардын баарын сынадым!
Бар жазыгым ушу эле,
Ушундай күндү көрмөгүм,
Жараткандын иши эле.
Наалыш сөз айтып Айчүрөк,
Үчүнчү аттап өткөнү,
Токтогон ок чоп этти,

Токтобой ыргып кеткени.
Эр Семетей султандын,
Ооруган жери басылып,
Умачтай көзү ачылып,
Тулку бою жазылып.
Кайнатма кара дарыдан,
Кайнатып алган сарыдан.
Кырма кызыл дарыдан,
Кырып алган сарыдан,
Жарасына жапканы,
Жарага дары жакканы.
Жаранын оозу кымыйып,
Семетей турду жымыйып,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ак куу кебин кийди ошол,
Алда деп кайра сызды ошол.

МЫРАДЫЛДЫН ӨЛҮМҮ

Кабылан төрө Семетей,
Ак чатырын бүктөтүп,
Ак борчукка жүктөтүп.
Көк чатырын бүктөтүп,
Көк борчукка жүктөтүп.
Түмөндөгөн жылкыны,
Түп көтөрө айдатып,
Каркыранын талаасын,
Кара курттай жайнатып.
Коңурбай шагын сындырып,
Калкынын көөнүн тындырып,
Жылкысын айдап жылдырып,
Баатырлар жолго салыптыр,
Аттардын баарын шатектеп,
Айдатып алып Мырадыл,
Бээжин көздөй бет алып,
Эми жолго салыптыр.
Уюган чаңды карата,
Канчоро дүрбү салыптыр.
Мырадыл алган аттарды,
Ашкере таанып алыптыр.
Абасына кеп айтып,
Кырымдын уулу Мырадыл,
Алган аттын баарысын,
Жолго салып айдатып,
Кетип барат деп айтып.
Канчоро айтып токтолду,
Каарданып Семетей,
Ач арстандай октолду.
Доолбасты урдуруп,
Кылка найза сундуруп.
Байрак булгап бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Мырадыл шорун катырып,
Мылтыктан түтүн булатып,
Качырып кирип баатырлар,
Ар кайсы жерге сулатып.
Айбалта башка шака-шак,
Ак найза төшкө така-так,
Кылычтап башын алганы,
Кызылдай кыргын салганы.
Кырк жигитин кыйратып,
Мырадылды ыйлатты.
Аттарын айдап жыйнатты,
Аттарын олжо кылганы,
Мырадылды баш кылып,
Баарын олжо кылганы.

СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА КЕЛИШИ

Жылдырып жылкы айдатып,
Жырылтып казы чайнатып,
Жердин бети жошулуп,
Эр Семетей султаның,
Аргын менен ногойго,
Аралашты кошулуп.
Аргын, ногой буркурап,
Арстандын уулу төрөнүн,
Алдынан чыкты чуркурап.
Ак боз бээден алдырып,
Ай туягын чалдырып,
Сан жетпгеп жылкыга,
Карап көзүн талдырып.
Коңурбайдын санкара,
Таластын бетин каптады,
Сары-Өзөнгө батпады.
Арстандын уулу Семетей,
Акыл менен ой кылып,
Алты жүз жылкы сойдуруп,
Алты күнү той кылып.
Казынаны ачтырып,
Карып менен мискинге,
Алтын, күмүш чачтырып,
Атсыздарга ат берип,
Саансызга бээ берип.
Тонсуздарга тон берип,
Кол кайырды чоң берип.
Аргын менен ногойго,
Көп жылкыны талатып,
Олжону берип тойгуза,
Жай-жайына каратып.
Аргын менен ногойдун,
Береке тапты баарысы,
Жашы менен карысы.
Бергенин жыргап алышты.
Кара кашка кедейлер,
Орто байып калышты.
Абасы Бакай башында,
Канчоро менен Күлчоро,
Эки иниси кашында.
Эр Семетей султаның,
Эриксе элик атышып,
Эрикпесе Таласта,
Эркин ойноп жатышып,
Ордо атып, чакмак алышып,
Оюнга кумар канышып.
Аны таштап салыңар,
Жылкычы башы Карагул,
Алда эмне сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар.

КАРАГУЛДУН КОҢУРБАЙДЫ ЖОКТОГОНУ

Жылкычы башы Карагул,
Айласы жандан башкача,
Жылас болгур мына бул,
Жайсаңдар баары шашканда,
Күлчородон Коңурбай,
Өз жанын ала качканда.
Мына ошондо Карагул,
Аярлыгы ашынып,
Анда калган жашынып.
Өз жаны аман кутулуп,
Муну ойлогон Карагул,
Буруттардын колунда,
Акыры болду болбоду,
Хан Коңур калды тутулуп.

Амалы артык Карагул,
Андан чыгып алыптыр,
Колдодуң акыр буркан деп,
Эки жагын каранып,
Эрди, мурдун жаланып,
Элеңдеп жолго салыптыр.
Бурут көрөр бекен деп,
Эр Карагул тепеңдеп.
Атка кылды өкүмдү,
Хан Коңурдан айрылып,
Калганына өкүндү.
Карагул жалгыз боздоду,
Арманын айткан окшоду.
Анжы-Бээжин жерим ай,
Адамдан чыккан башкача,
Асыл Коңур эрим ай!
Бээжинди баскан береним,
Белгилүү калдай эреним,
Жети Бээжин Кара-Шаар,
Бегирээк иштер керегиң!
Кайран калдай Коңурбай,
Кара кытай манжууда,
Кайраттуу сендей болурбу ай,
Буруттардан өлдүңбү,
Караңгы жайды көрдүңбү!»
Карагул ыйлап буркурап,
Тулку бою зыркырап,
Бээжинди көздөй жол жүрдү,
Ат аябай мол жүрдү.
Капкасы болот коргонго,
Коңурбайдын ордого,
Карагул кирип барганы,
Алты сан кытай, миң калдай,
Артыкча шери Коңурбай.
Отурган экен баарысы,
Ак сакалдуу карысы.
Коңурбайды көргөндө,
«Өңүмбү деп түшүмбү,
Же түшүмдө көргөн ишимби.
«Кылым кытай туусу,
Калдайым аман келдиңби?
Чоң Бээжиндин коргону,
Зардалым аман келдиңби?
Мээнет тарткан Карагул,
Жүзүңдү аман көрдүмбү?!»
Карагул кулап атынан,
Коңурбай бутун кучактап,
Ботодой боздоп өкүрүп,
Көзүнүн жашы бурчактап.
Буруттун кылган кордугу,
Өткөрө өттү зордугу!
Түп көтөрө калтырбай,
Алып кетти жылкыны,
Ачып кетти уйкуну!»

КОҢУРБАЙДЫН ТАЛАСКА ЖҮРҮШҮ

КОҢУРБАЙДЫН СӨЗҮ

Хан Коңурбай күүлөнүп,
Дуудуу менен дотайга,
Амбал менен чыйтайга,
Ачууланып сүйлөнүп.
«Кытайдын журту көп экен,
Көп да болсо чөп экен.
Буруттун журту аз экен,
Аз да болсо жыластар,

Жылбаган кара таш экен!
Атасынан бабасы,
Асылганын койбоду,
Арам малга тойбоду!
Калың кытай, көп манжуу,
Оболтодон акырга,
Бир пайданды көрбөдүм,
Журт кайтарам деп жүрүп,
Мен Коңурбай өлгөнүм!
Өлбөгөндө не болдум,
Жоо жоолаймын деп жүрүп,
Карып өлүп жоголдум.
Атасы Манас ал канкор,
Чапты Бээжин жеримди,
Кырды кытай элимди.
Манас менен кармаштым,
Ажыдаардай арбаштым!
Акырында курган жан,
Өлдүм-талдым дегенде,
Жалындуу отун өчүрдүм,
Бул дүйнөдөн көчүрдүм.
Ал кызматым билбедиң,
Ушу турган Коңурду,
Тааныбастан ким дединг!
Аркамдан бекер тилдединг!
Канкор Манас дүйнөдөн,
Кыяматка кетти эле,
Кылып келген иштери,
Өз башына жетти эле.
Ал Манастан артыкча,
Семетей чунак туулган,
Атасынан өткөрө,
Кара-кытай манжууга,
Баарың көрүп турасың,
Салып кирди чуулган!
Семетей аман турганда,
Талкалайт Бээжин жериңди,
Кыйратат кытай элиңди.
Олжо кылат малыңды,
Ойрондойт кытай баарыңды!
Боздотот го карыңды!
Тартып алат тагыңды,
Жалынсаң койбойт жаныңды!
Тим турсак да болбоду,
Ар качандан бир качан,
Тийишкенин койбоду!
Калтайсак да болбоду,
Ар качандан бир качан,
Кастыгын бурут койбоду!
Кара-кытай манжу журт,
Кайратты бойго жыялы,
Кандай да болсо тобокел,
Кармашып көрүп тыналы!
Тобокелге салалы,
Толкутуп черүү алалы,
Тоотпогон бурутка,
Токтолбостон баралы!
Ар шайманды шайлайлы,
Асманда күндү жайлайлы!
Жеңилсек карап берели,
Башка келген мүшкүлдү,
Өз тушунда көрөлү!
Буркан берсе тилекти,
Жеңип калсак бурутту,
Кара нээт журутту.
Баш-аягын түрөлү,
Букардын көк ташынан көрүп,
Кырып-жоюп баарысын,
Сыйынганы мекеси,
Мекеге дейре сүрөлү!
Бурутта болгон бооз катын,
Бирин койбой жаралы,
Аттаналы баралы!
Курачылар курадан,

Карап туруп кеп айтат:
«Коңурбай сенин өлүмүң,
Чукул калды деп айтат.
Ушу менен өзүмө,
Өлүм чиркин аз калды,
Ажалың анык буруттан,
Деп айтуудан жазганды.
Карып калган чагымда,
Кара сакал агында,
Өлүп жаным тынайын,
Жаным өлүп кеткиче,
Алакандай бурутка,
Атышты мыктап кылайын!»
Коңурбай сөзү токтолду,
Аркасынан токтолбой,
Манжуулуктун Нескара,
Нескара сөзү козголду.

НЕСКАРЫНЫН СӨЗҮ

Эр Нескара кеп айтат:
«Ээ, калайык!» – деп айтат.
Коңурдун сөзү акыл сөз,
Уга турган макул сөз.
Кылым кытай кор болду,
Алакандай бурут журт,
Ааламды баскан зор болду!
Кызыталак буруттун,
Кылым кытай журтуна,
Кылбаган иши калбады,
Кыйланы союп жалмады!
Кара жолтой Манастын,
Чоң казаты болгондо,
Кылым кытай көп журтун,
Ажыдаардай соргондо,
Калмактан Жолой хан өлдү,
Баатырдан канча жан өлдү,
Хан Мадыхан эр өлдү,
Канча түрдүү шер өлдү!
Талкалады бутуңду,
Талаанга салды журтуңду!
Кырыла жүргөн кытай эл,
Көптүгү толкун кыян-сел!
Казат кылып көрөлү,
Кара жолтой буруттан,
Казаа жетсе өлөлү!»
Кайрат сөз айтты Нескара,
Мунун жашы дагы ооп,
Сексенге барган бечара.
Нескара Коңур сөзүнө,
Айтып өткөн сөзүнө,
Калың кытай эл дешти,
Айтканы акыл кеп дешти,
Кол көтөрдү чуркурап,
Көңкү кытай буркурап.
Өз дининче окунуп,
Бутканада чоң буркан,
Жабыла баары чокунуп.
Бурутка казат кылууга,
Макул болду баарысы,
Жашы менен карысы.
Найзаларын учташып,
Кылычтарын курчташып,
Жоо жарагын шайланып,
Күл азыкты байланып.
Тулпарларын жулкунтуп,
Бедөөлөрүн булкунтуп,
Алооке хандын кызыл туу,
Асмандатып аштады,
Алты түмөн көп колду,
Эми Коңур баштады.

КОЛДУН ЖҮРҮШҮ

Арстан, Коңур, Нескара,
Артыкчасы Бозкертик,
Алты түмөн кол алып,
Ат майышкан туу алып.
Жети түмөн кол алып,
Жер майышкан туу алып.
Ит жээрден алып бир түмөн,
Бит жээрден алып бир түмөн.
Калмактын колу бир түмөн,
Манжуунун колу бир түмөн.
Шибенин колу бир түмөн,
Солондун колу бир түмөн,
Кара кытай журтунан,
Эки түмөн кол болду,
Кара курттан мол болду,
Карга учкусуз жол болду.
Керкке кошун артышып,
Керней-сурнай тартышып.
Керди керге урдуруп,
Керней кулак тундуруп.
Тууну тууга урдуруп,
Сурнай кулак тундуруп,
Кара жер бети чаң болуп,
Караган жандар таң болуп,
Желеги көктө даркырап,
Көп канжанын отуна,
Жердин жүзү жаркырап.
Туусу көктө даркырап,
Туш-туштун баары жаркырап,
Жер майышып солкулдап,
Көргөндө жүрөк болкулдап,
Туу желектен бөлүнбөй,
Жердин бети көрүнбөй,
Хан Коңур колу жүргөнү,
Караламан кара журт,
Кайратын көрүп дүрбөдү.
Кең Алтайдын оюнан,
Кыл-Эртиштин боюнан,
Аттанып чыгып жол басып,
Арадан канча тоо ашып.
Жунгардын тоосун ашыптыр,
Кең Илени басыптыр.
Алматыдан өтүшүп,
Сары-Өзөн, Чүйгө жетишип,
Кабар берип салат деп,
Кезиккен адам баарысын,
Баарын байлап алыптыр,
Башына коок салыптыр,
Калың кошуун баарысы,
Сары-Өзөнгө конушуп,
Эс алышып оңушуп,
Колу-буттарын чоюшуп,
Кан Коңурбай кеп айтып,
Кеп айтканда деп айтып:
«Калың кол уккун деп айтып,
Таласта аргын, ногойду,
Тил түшүрбөй биз туруп,
Капысынан баралы,
Камындырбай чабалы!»
Бул сөздү айтып эр Коңур,
Амалы артык оңбогур,
Сурнай-керней тарттырбай,
Колун айдап алыптыр,
Сары-Өзөн бойлоп салыптыр.
Ашмара, Мерки ашырып,
Ала-Тоого жашырып,
Түн боюнча ашканы,
Баш жагын алып Таластын,
Туйгун жаткан кезинде,
Аргын менен ногойду,
Төбөсүнөн басканы.

КОЛДУН ТАЛАСТЫ БАСКАНЫ

Кытайдан келген көп черүү,
Суунун башын алышып,
Бир тамчы суу чыгарбай,
Тескери буруп салышып.
Бир тамчы суусу жок сай калды,
Көрүнгөн жанды байлады.
Төрт аяктуу малдарды,
Бирин койбой алганы,
Калың кошуун ошондо,
Союш кылып салганы.
Бөксөдө жаткан түмөн мал,
Баарын тийип алды дейт,
Таластын башын өткөрүп,
Айдатып жолго салды дейт.
Кара кытай манжуунун,
Оболтодон бери жакка,
Өзүнө иши эп келген,
Бака, жылан, коңузду,
Терип баарын жеп келген.
Кара кытай кошууну,
Сары-Өзөн менен Таласты,
Эң артыкча макташып,
Айтып сөзүн такташып.
«Ала-Тоолуу Сары-Өзөн,
Эт, май экен чөбү деп,
Жылан менен коңузу,
Бакасынын көбү деп.
Кашкулак, сууру көп экен,
Жердеги өскөн чөп экен!
Аюулары аксайып,
Тарбыгын семиз тастайып,
Бурут деген бу журт,
Ырысы каткан куурулуп,
Булардын этин жебептир,
Ушуну жесек болот деп,
Бир оозуна келбептир!»
Ит жээр, бит жээр кошууну,
Бака, жылан, коңузду,
Терип алып талаадан,
Чийкилей жешти ушуну.
Тентип кетти талаага,
Кошуунуна ээ болбой,
Калыптыр Коңур балаага.
Тарбыгын аюу уулашып,
Көбү тоого кеткени,
Хан Коңурбай чоң калдай,
Куураган эмей неткени.
Ит жээр, бит жээр кошуунун,
Токтото албай кокуйлап,
Уруп жүрөт ар жерден,
Кайра айдаса болбосту,
Кырып жүрөт ар жерден,
Аттардын баары бош кетип,
Ооган жакка баш кетти.
Эр Коңурбай кайгырып,
Акылынан айрылып.
Кең Таластын башында,
Токсон эки жашында.
Хан Жамгырчы айылын,
Түк чыгарбай дайынын.
Кыргынды кыйла кылды ошол,
Жамгырчыдай карыны,
Өлүм кылып тынды ошол,
Хан Коңурбай ошондо,
Эми чабуул токтотту,
Черүүлөрүн жоктотту.

АЙЧҮРӨКТҮН ТҮШҮ

Акундун кызы Айчүрөк,
Керемети, акылы,
Адамдан башка бир дүмөк,
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Шашып туруп толгонуп.
Колун сууга салынып,
Кол даараты алынып.
Бутун сууга салынып,
Бут даараты алынып,
Жаратканга жалынып.
Түн намазын окуптур,
Көргөн түштөн чочуптур.
Акундун кызы Айчүрөк,
Төрөсүнө бата албай,
Көргөн түшүн айталбай.
Кайын энеси Канықей,
Канықейге кеп айтат:
Түндө жатып эжеке,
Бир шумдуктуу түш көрдүм,
Түшүмдө мындай иш көрдүм.
Баш жагынан Таластын,
Каракан акты шаркырап,
Карап адам тургусуз,
Кара шамал зыркырап,
Каптаган кыян сел келди,
Күндүн бетин бербестен,
Ыраң-түрү бир башка,
Кара курттай эл келди!
Макул деп төрөм тил алса,
Кошуун жыйып, кол жыйып,
Ашуунун баарын тоздурсун,
Акылын мындай оздурсун!»
Айчүрөктүн түшү экен,
Түшүндө көргөн иши экен.
Кабылан төрө Семеңе,
Канықей каныш кеп айтты,
Айчүрөк көргөн шумдук түш,
Өзүмдүн түшүм деп айтты.
Оо, кулунум Семетей,
Түндө жатып түш көрдүм,
Түшүмдө укмуш иш көрдүм.
Күн чыгыш жактан жел келди,
Каптаган кыян сел келди.
Коңурбай келет көрүнөт,
Козголуп көөнүм бөлүнөт.
Идерлүү күлүк азамат,
Баарын жыйып алдыргын,
Кадиктүү жолду чалдыргын!»
Семетей анда мындай дейт:
Энеке сөзүң албаймын,
Кулагымды салбаймын!
Келиниң көргөн ишиңди,
Жорутпа мага түшүңдү!
Түн ортосу болгондо,
Жыбырап жылдыз толгондо,
Очогору күркүрөп,
Укандын бою дүркүрөп.
Доолбасты кактырып,
Керней-сурнай тарттырып,
Кара кытай көп манжуу,
Аргын менен ногойду,
Каптап кирген жери ушу.

КАНЫКЕЙДИН СӨЗҮ

«Ой, кулунум Семетей,
Айтсам бир албайсың,
Арманда өлдүң кандайсың!
Борой бир, борой күн жаады,
Боз керешке токой жок,
Боло турган ишти айтсам,
Болжобой жатып аласың,
Эми босогону басып жоо келди,
Болушарга ногой жок!
Керей бир, керей күн жаады,
Керешке болор токой жок,
Келе турган ишти айтсам,
Кебелбей жатып аласың,
Эми керегең басып жоо келди,
Керешерге ногой жок,
Атыңды бачым токунгун,
Курандан аят окунгун!
Аттангын бачым жоо келди,
Аламын деп доо келди!»
Айтып оозун жыйганча,
Калың кол каптап кеткени,
Семетейдин ордосун,
Жетимиш курчап өткөнү,
Ордону курчап салыптыр,
Тайбуурулдай бууданды,
Байлоодон чечип алыптыр.
Тайбуурул колго тийген соң,
Кара кытай черүүсү,
Кайра тартып калыптыр!
Аргын, ногой туюнуп,
Ар коктудан топтошуп,
Азыр келди куюлуп.
Капкасы алтын коргонго,
Семетейдин ордого,
Аргын менен ногойдун,
Колу келди буркурап,
Айгайлашып чуркурап.
Тайбуурулдан айрылып,
Эр Семетей жөө калган,
Ар коктуда төө калган.
Аргын, ногой топтошуп,
Бирин-бири жоктошуп,
Азаматтар таңдашып,
Жоо-шайманын камдашып.
Абакең Бакай баркылдап,
Аксакалы жаркылдап.
Камбардын уулу Канчоро,
Кайраттуу баатыр Күлчоро,
Эр Күлчоро күүлөнүп,
Эчен сөз айтып сүйлөнүп,
Күлчоро кылды айланы,
Асманда күндү жайлады.
Кыбыладан кыркырап,
Кызыл бороон зыркырап.
Кар аралаш борошо,
Каршы-терши ургулап.
Тоолорго толук кыш болду,
Жакага жалтыр муз болду,
Кийими жука кытайлар,
Кыңшылашып кыз болду.
Ашуунун баары бекиди,
Андай ишти көргөндө,
Акыры бурут кылды,
Кара кытай шекиди деп.
Аргын менен ногойдун,
Аттанып чыкты көп колу.
Тозуп алды ар жолду.
Ар жолду тозуп алганы,

Кара кытай манжууга,
Акыр заман салганы.
Арстандын уулу Семетей,
Сур коёнду токунуп,
Курандан ият окунуп.
Бар жарагын байланып,
Жоо жарагын шайланып,
Каары жүзүнө айланып.
Канчоро менен Күлчоро,
Көктелки менен Суртелки,
Буудандарды мингени,
Төрөсүнө кошулуп,
Бет алып жоого киргени.
Сары хан колду айдады,
Сандаган кошуун жайнады.
Жазайылын жаткырды,
Төөмылтыгын аттырды,
Жазайыл үнү күркүрөп,
Кара кытай манжуунун,
Азат бою дүркүрөп.

УРУШ

Кара-кытай манжуулар,
Атка минди камынып,
Алышаар душман табылып.
Капыр менен мусулман,
Майдан тартып турушту,
Кезек менен урушту.
Кара кытай калкынан,
Чабалдай деген бир балбан,
Беттешкен дөөнүн баарысын,
Узунунан бу салган,
Илгерки өткөн Мады дөө,
Мады дөөнүн уулу экен,
Ар кылган иши чуулуу экен.

ЧАБАЛДАЙ

Чоңдугу бар бир тоодой,
Канжасы бир ноодай,
Адамдын түрү бир башка,
Ай ааламдын баарысын,
Жеке эле бузар көй кашка.
Керик менен үйрөтүп,
Бутун жерге сүйрөтүп.
Маңдайда жалгыз көзү бар,
Аркы-терки сүйлөгөн,
Адам билбес сөзү бар.
Карагайдай бою бар,
Ай ааламдын баарысын,
Айдап салып астыма,
Аламын деген ою бар.
Даш казандай башы бар,
Узундугу ар кандай,
Кылчык кара чачы бар.
Ач арыстан түрдөнүп,
Ажыдаар түстөнүп.
Оң колуна көтөргөн,
Жолум үйдөй чоюн баш,
Тулку бою кара таш.
Он кулач кылыч байланып,
Устундан найза карманып,
Жекеге чыкты капыры,
Кел Семетей жекеге,

СЕМЕТЕЙ МЕНЕН ЧАБАЛДАЙДЫН САЙЫШЫ

Семетейди чакырды,
Эр Семетей султаның,
Тайбуурул жок деп турбастан,
Бетин кайырып бурбастан,
Ач арстандай чамынып,
Ач болотту салынып,
Сыр найзаны колго алып,
Айбалтаны байланып,
Каар бетине айланып.
Суркоён болуп мингени,
Чабалдайга бет алып,
Суурулуп Семең киргени.
Арбак урган Чабалдай,
Кырк кулач сүнгү өңөрүп,
Кайра кандай көгөрүп.
Качырып бу да калганы,
Каңгайлап ураан чакырып,
Эр Семетей султанга,
Жетип найза салганы.
Найзанын учу жеткени,
Ат-маты менен Семетей,
Чалкасынан күүлөнүп,
Алты аркан бою кеткени.
Оңоло түшүп турганы,
Суркоёнго камчы уруп,
Айбатын салып акыра,
Чабалдайга карата,
Качырып найза урганы.
Семеңден найза жеткени,
Керк-мерки менен Чабалдай,
Кырк кулач жерге чалкадан,
Кендиргелеп кеткени.
Эки баатыр кайтадан,
Айбалта колго алышып,
Айкырышып качырып,
Орой чоку төбөгө,
Айбалта менен чабышып.
Айбалта башка шака-шак,
От жалындап алоолоп,
Доошу чыкты чака-чак.
Алда канча чабышты,
Ач арстандай алышты.
Үндөрү күндөй күркүрөп,
Капыр менен мусулман,
Карап турган канча жан,
Азат бою дүркүрөп.
Кылычты колго алышып,
Бирин-бири баатырлар,
Кыймалашып чабышып,
Кылычтары быркырап,
Чаңы колдо калышып,
Айбалталар быркырап,
Сабы колдо калышып.
Жабдыктардан кутулуп,
Жакалашып тутушуп,
Ооздон канды кусушуп,
Түп этектен алышып,
Сүрөшүп жүрүп калышып.
Колдун баары союлуп,
Колтуктун баары чоюлуп,
Кара кытай көп манжу,
Кара ногой, аргындар,
Баатырлардын колуна,
Кайрадан жабдык беришип,
Тамашасын көрүшүп.
Жер солкулдап майышты,
Эки баатыр тынымсыз,
Күнү-түнү сайышты.

Керктин баскан жерлери,
Кокту жылга коо болду,
Топурагы тоо болду.
Кайта-кайта сайышып,
Кабыргалар кайышып.
Жер көрүнбөй чаң болуп,
Капыр менен мусулман,
Караган адам таң болуп.
Чарайналар быркырап,
Асманды көздөй чыркырап.
Туулга кыйрап майышып,
Эки баатыр күн-түнү,
Алышалбай тайышып.
Кабылан төрө Семетей,
Ачалбарс колго алганы,
Каарданып бакырып,
Чабалдайды ошондо,
Шилтеп туруп калганы.
Моюнуна кылыч чабылды,
Чабалдай эстен жаңылды.
Чабалдай өлдү таң болуп,
Жердин бети кан болуп.
Оозунан түтүн бурады,
Тоодой болгон Чабалдай,
Тоодой керик үстүнөн,
Тоо ураган немедей,
Томкорулуп кулады,
Кара-кытай манжуулар,
Көздөрүн басып чуулады.
Чабалдай дөө өлгөнү,
Кан Коңурбай Нескара,
Кара кытай манжуулар,
Өлгөнүн көзү көргөнү.
Кара нээт Семетей,
Манастан артык эр экен,
Кара кулак шер экен!

Чабалдайды сойду деп,
Кара көзүн ойду деп,
Канын ичип тойду деп.
Барарына жер таппай,
Басып кирер көр таппай,
Жан талашып кытайлар,
Алакташып алганы,
Аргын, ногой кошуну,
Аламан коюп калганы.
Манас, Манас бакырып,
Ошончолук калың кол,
Манастап ураан чакырып.
Аламанды кытайга,
Коюп кирди баатырлар,
Айбалталап чокусун,
Оюп кирди баатырлар,
Миңден, жүздөн ар жерге,
Союп кирди баатырлар.
Жердин бетин көрүнтпөй,
Капкара туман чаң кылып,
Өлтүргөнүн сан кылып.
Орто жерин Семетей,
Оюп кетип баратат,
Канчоро менен Күлчоро,
Эки четин куушуруп,
Союп кетип баратат,
Аткычылдар жааларын,
Чоюп кетип баратат,
Кара көзүн кашайтып,
Оюп кетип баратат,
Кара канга камбылдар,
Тоюп кетип баратат.
Кара кытай-манжуулар,
Качып кетип баратат,
Аргын, ногой эрени,
Карыш кадам жылдырбай,

Басып кетип баратат,
Кандары кыян сел болуп,
Ташып кетип баратат.
Өйдө тартып калмактар,
Өрүп кетип баратат,
Кыяматты кызылдай,
Көрүп кетип баратат,
Миңден сандан ар жерге,
Өлүп кетип баратат,
Аргын менен ногойдун,
Өкүмүнө аргасыз,
Көнүп кетип баратат,
Хан Коңурбай, Нескара,
Баштап кетип баратат,
Жоо бөрүсү кырандар,
Карагай найза, көк сүңгү,
Калмак, кытай жонуна,
Аштап кетип баратат.
Кең Таластын керүүгө,
Керип кетип баратат.
Калмак менен кытайдын,
Сазайларын колуна,
Берип кетип баратат.
Кара кытай манжуулар,
Бет-бетинен өзүнчө,
Бозуп кетип баратат.
Алдын алып кырандар,
Тозуп кетип баратат.
Аргын, ногой колунан,
Бир канчасы бөлүндү,
Бөлүнүп көзгө көрүндү,
Бир-бирине кеп айтып,
Кеп айтканда деп айтып:
«Өзүнчө кеткен жайылып,
Коңуз терген ит жээрди,
Сары-Өзөн, Талас жеринен,
Уулагыла деп айтып,
Бирден койбой аларды,
Уулап жүрүп кыргыла,
Өлүктөрүн тоо кылып,
Өрттөп ийип тынгыла!»
Бөлүнгөн кошуун баарысы,
Ит жээр менен бит жээрди,
Тоо менен таштын баарысын,
Кезип жүрүп кырганы.
Бирин да аман жибербей,
Тыйпыл өлүм кылганы.
Аттардын баары бош калды,
Жыгылган жерде баш калды.
Кара кытай манжуулар,
Чыдай албай кыргынга,
Дүнүйөнү чачканы,
Ала-Бел өтмөк ашышып,
Суусамырды басышып.
Кең Кочкорго түшүшүп,
Куу жандан үмүт үзүшүп.
Бир дүркүнү кытайдын,
Сары-Өзөндү бет алып,
Ысык-Көлдү нээтке алып,
Качып кирди чуркурап,
Боздоп ыйлап буркурап.
Аркасынан баатырлар,
Сары изине чөп салып,
Саргара кууду акыры,
Куу изине чөп салып,
Кубара кууду капырды.
Бараңдын огун түтөтүп,
Кайратын катуу жыйышып,
Кара кытай манжууга,
Кыргындарын баатырлар,
Уламдан улам күчөтүп,
Ысык-Көлдү бет алып,

Кара кытай манжуулар,
Бойлоп кетип баратат,
Эр Семетей баш болуп,
Тойлоп кетип баратат.
Кара кытай манжуунун,
Талаага жайнап өлүгү,
Өзүнчө басып бош жүрөт,
Астында минген көлүгү,
Каркырага жеткенде,
Алдынан тозуп айкырып,
Токтотту колун Коңурбай,
Кара кытай манжууга,
Кыямат болду момундай!
Ысык-Көлдүн боюна,
Чолпон-Ата оюна,
Эр Күлчоро ошондо,
Кара-кытай манжууга,
Кыргынды кыйла салыптыр,
Олжого кеткен буурулду,
Ажыратып алыптыр.
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү тоо болуп,
Муруттарын чычайтып,
Мына ошондо Карагул,
Канчорого кабылып,
Кас ажалы табылып.
Кабылып ал кул калганы,
Кууланат элең Карагул,
Куп ажалың жетти деп,
Жетпегенде нетти деп.
Токтотпой башын алганы,
Өлүм кылып салганы.
Алмадай алтын баштары,
Кесилгендер дагы көп,
Ичеги карды чубалып,
Эшилгендер дагы көп.
Жаны чыгып кеталбай,
Туйлап жаткан бир канча,
Кокуй ботом өлдү деп,
Өлгөнүн көзүм көрдү деп,
Ыйлап жаткан бир канча.
Найза тийип бооруна,
Айбалта тийип чокуга,
Боздоп жүргөн бир канча.
Андайларды сарпооштоп,
Коштоп жүргөн бир канча.
Чала жан болуп өлө албай,
Тырпырап жаткан мындан көп,
Ырас эле өлдүңбү,
Кыяматты көрдүңбү?!
Мына мындай сөз айтып,
Чыркырап жүргөн андан көп.
Кара кытай манжуунун,
Көк далымбоо күрмөсүн,
Чечип жаткан мындан көп.
Коондой кылып баштарын,
Кесип жаткан андан көп.
Аргын менен ногойлор,
Топ-топ кылып аттарды,
Айдап жүргөн андан көп.
Кара кытай манжууну,
Эки колун көтүнө,
Байлап алып топтотуп,
Айдап жүргөн сандан көп.
Кара кытай манжууга,
Акыр заман айланып,
Кыяматтай күч болду,
Аргын менен ногойдун,
Олжо кылган аттарга,
Чылбырга колу үч толду.
Тотуну үйдөй кылды ошол,
Күрмөнү үйдөй кылды ошол.

Эр Семетей султаның,
Кара кытай манжуунун,
Калтырбай жинин какты дейт,
Жер бетине кара кан,
Дарыя болуп акты дейт.
Кара кытай манжуунун,
Баргандары иш болуп,
Акыр заман калкына,
Унуткусуз иш болуп.
Эр Семетей султаның,
Хан Коңурбай калчанын,
Атышып туусун жыкканы,
Баш көтөргүс бир кылып,
Кара жерге тыкканы.
Мына ошондо Коңурбай,
Каркыранын талаага,
Калың колун токтотуп,
Өлгөнүндө эсеп жок,
Өлбөй аман калганын,
Эсебин алып жоктотуп.
Эсебин Коңур алыптыр,
Айдап келген колунун,
Үч бөлөгү кырылып,
Бир бөлөгү калыптыр.
Мына ошондо Коңурбай,
Капалыкка чыдабай,
Наалып айгай салыптыр.

КОҢУРБАЙДЫН ӨЛҮШҮ

Эр Коңурбай кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Ат айлангыс түн болду,
Кара кытай манжууга,
Акыр заман күн болду!
Алышып алым келген жок,
Атаңа наалат бурутка,
Күрөшүп күчүм жеткен жок!
Оболтодон акырга,
Кара кытай манжууга,
Асылып колу кеткен жок!
Арбак урган бурутка,
Бурут деген журутка,
Алты атам колду алышты,
Аянбастан салышты,
Кай жерде тынчып калышты!
Эрмелип атка мингенден,
Эл кадырын билген соң,
Кара жолтой бурутка,
Карагай найза боолаштым,
Карыганча жоолаштым!
Акболот мизин майтардым,
Анжы кытай калмакты,
Аксакал болуп карганча,
Ар душмандан кайтардым!
Баарыңарга эп болсо,
Коңурбай билген кеп болсо.
Семетей менен бүтөлү,
Манастын кунун тартынбай,
Берүүгө журтум түтөлү!
Эми кармаш кылбайлы,
Бөөдө журтту кырбайлы!
Атасы Манас кабылан,
Кызыр чапкан жол менен,
Так кырк түмөн кол менен,
Бээжинге кылган казатты,
Кара кытай манжууга,
Берген болчу азапты!

Манастын уулу Семетей,
Андай колду жыйбастан,
Андай-мындай ойлонуп,
Аял кылып турбастан!
Төрт киши менен келгени,
Акырында көрдүңөр,
Сазайды минтип бергени!
Манастын уулу Семетей,
Муну менен тим болбой,
Күн батышта манжуунун,
Баарын бүтүн жыюучу,
Баса келип Манастай,
Бээжинге казат кылуучу!
Болор жерин кылалы,
Семетей менен тыналы!
Кырылып алып кетпестен,
Үйүбүзгө жетпестен,
Арага элчи салалы,
Айткандарын бүт берип,
Аргын, ногой эл менен,
Куп жарашып алалы!»
Коңурбай айтып мындай деп,
Менин сөзүм кандай деп.
Эр Нескара, Бозкертик,
Булар дагы эп деди,
Амбал, дотай, жаңжуңдар,
Баарысы макул кеп деди.
Эр Коңурбай кеп айтат,
Эр Нескара, Бозкертик,
Буруттардын алдына,
Элчиге барсын деп айтат.
Жуучулукка кордук жок,
Элчиликке өлүм жок.
«Кунду берип тынабыз,
Кара кытай, буруттар,
Өсүүчү антты кылабыз.
Мындан кийин эки журт,
Кучакташып, достошуп,
Курчалашып калабыз,
Кудалашып алабыз!»
Эр Коңурбай, чоң калдай,
Элчилерге сөз айтып,
Нечен сөздү көп айтып.
Эр Нескара, Бозкертик,
Ашып-шашып ат менен,
Аялдабай бат минип,
Элчиликке келгени,
Кытайынча бүгүлүп,
Калмагынча жүгүнүп,
Сары хан менен Бакайга,
Келип салам бергени.
Коомасын айтып кожурап,
Төмөнчүлүк сөз менен,
Айта турган сөздөрүн,
Ашкере айтып божурап.
Эр Нескара токтолбой,
Кызыл тилин кайрады,
Булбул болуп сайрады.
Нескара сөздү баштады,
Сөз айтуудан шашпады:
«Аксакал Бакай, Сары хан,
Элчиге келдик жаңыдан,
Сөзүмдү уккун абыдан!
Кара кытай, бурут журт,
Оболтодон кас болдук,
Эрибес кара таш болдук!
Кыйгактуу найза боолаштык,
Кылымдар бою жоолаштык!
Эндөөлүктөн эр өлдү,
Эчен түрдүү бөрү өлдү!
Карадан өлдү, хан өлдү,
Канча түрдүү жан өлдү!

Кара жер бети кан болду,
Кара шаар бузулуп,
Баары кыйрап нан болду!
Элчилик сөздү айтамын,
Арстан Бакай, Сары хан,
Айтып берип кайтамын.
Хан Коңурбай кеп айтты,
Кеп айтканда деп айтты:
Семетей, Бакай, Сары хан,
Баарыңа салам сөз айтты!
Өткөн кекти жоёлу,
Өздөшүп тууган бололу!
Кеткен кекти жоёлу,
Келишип тууган бололу!
Аралаш айыл конолу,
Агарып тууган бололу!
Короолош айыл конолу,
Коопсуз тууган бололу!
Айткан сөздөн танганды,
Айтышып коюп жанганды,
Буркан урсун, көк урсун,
Көкө Теңир бек урсун!
Өлөр антты кылалы,
Өргүшүп журтту тыналы!
Хан Коңурбай чоң калдай,
Калайык кара журт үчүн,
Кайгырды азыр мамындай!
Дегениңе көнөм дейт,
Атасы арстан Манастын,
Арттырып кунун берем дейт.
Тойгузам дейт элиңди,
Толтурам дейт жериңди!
Сары кан менен эр Бакай,
Акылдашып отуруп,
Ушу менен өзүмө,
Жообуңду берген жайма-жай!»
Эми Бакай кеп айтат:
Сары кан менен Семетей,
Аргын менен ногойдун,
Аксакалдуу карыга,
Кеңешели деп айтат.
Кеңешти кенен куралы,
Алдыга келген элчиге,
Кандай иштер болсо да,
Жооп берип тыналы!
Сунуп турган моюнду,
Суурган кылыч кеспейт дейт.
Өткөн ата бабадан,
Айтылып келген бу бир кеп!
Алдыга тоодой сөз келди,
Кандай кылсак болот эп!
Кытайда болсо кылым журт,
Калмак да болсо кандуу журт,
Алдыга келип турган соң,
Ачылып агарышпасак,
Асылык болор мунубуз!
Айткан сөзүм эп болсо,
Абакең айтар кеп болсо.
Тобокелге салалы,
Кара кытай эл менен,
Журт болушуп калалы,
Алык менен салыкты,
Аябастан алалы!
Айтканы туура Коңурдун,
Журт тынчытып коёлу,
Айтканды алып кытайдан,
Аянбастан тоёлу!
Бакырлар баары бай болсун,
Беш күндүк жалган дүйнөдө,
Көңүлдөрү жай болсун!
Биз чакырып эки элчи,
Кытай жактан эки элчи,

Ортого калыс барышсын,
Сүйлөшүп сөзгө канышсын!
Жарагы жок боюнда,
Жамандык жок оюнда.
Бетме-бет болуп турушсун,
Кеңешип кенен курушсун!
Хан Бакай айтты мындай деп,
Бул айтканым кандай деп.
Семетей менен Сарыкан,
Жамгырчы хандын Ормонбек,
Жасалуу жоого Коргонбек.
Аргын, ногой карысы,
Хан Бакай сөзү маакул деп,
Чуркурашты баарысы.
Абамдын сөзү макул деп,
Бул айтканы акыл деп.
Семетей менен Ормонбек,
Сары кан менен хан Бакай,
Эр Нескара баатырдын,
Алдына келди жайма-жай.
Арстан Бакай кеп баштап,
Ой Нескара деп баштап.
«Айткан сөзү бап келди,
Баарыбызга эп келди.
Кытай, бурут, эрени,
Журт коргону берени.
Тилге жүйрүк чечендер,
Тил билгичтен нечендер.
Конуш билген жакшылар,
Кол башкарар кашкалар,
Чогулушсун бетме-бет,
Менин айткан бул сөзүм,
Нескара сага кандай эп!
Бетме-бет болгон эрендер,
Түйүн чечер берендер.
Боюнда жабдык жок келсин,
Барбы, жокпу боюнда,
Калыстар карап өткөрсүн!
Хан Бакай айтып басылды,
Аркасынан токтобой,
Нескара оозу ачылды:
«Хан Бакай сөзү эп деди,
Ушул макул кеп! – деди.
Эр Нескара, Бозкертик,
Элчилер кайра аттанып,
Аксакал Бакай карынын,
Ар бир айткан сөздөрүн,
Акылына жатка алып.
Эр Нескара кайтканы,
Ар бир сөздүн баарысын,
Эр Коңурбай баатырга,
Төкпөй-чачпай айтканы.
Хан Коңурбай баатырдын,
Кабагы карыш ачылып,
Капалыгы жазылып.
Алтымыш амбал, кырк жаңжуң,
Акылмандар кашында,
Хан Коңурбай Нескара,
Ошолордун башында.
Жарактын баарын таштады,
Жакшылык өрнөк баштады.
Алтындан куйган бурканды,
Аны өңөрүп алышты,
Каркыранын талаагы,
Азыр келип калышты.
Семетей менен Ормонбек,
Сары кан менен эр Бакай,
Аргын, ногой карысы,
Акылмандар баарысы,
Жарактын баарын ташташып,
Баары келип калышты.
Калыстар карап өткөрдү,

Өткөргөнүн көз көрдү.
Хан Коңурбай баш болуп,
Кытайлар айтып кооманы,
Буруттар айтып саламды.
Кол алышып турушуп,
Учурашып көрүшүп.
Кара кытай манжуулар,
Алтындан куйган бурканды,
Алып чыгып тургану,
Өз дининче окунуп,
Анттын сөзүн урганы.
Бурут журттун баарысы,
Аксакал Бакай карысы.
Акселде ороп башына,
Ак куран кармап колуна,
Курандан аят окушуп,
Көңүлгө ыйман токушуп.
Келмени айтып чуркурап,
Алакан жазып кол ачып,
Батасын кылып чуркурап.
Куранды уруп төшүнө,
Алланын атын жат айтты,
Ант сөзүн берип көрүнөө.
Кытай, бурут эки журт,
Көпчүлүгү кара курт.
Ант сөздү ачык айтышып,
Кол алышып турушуп,
Кобурап кебин урушуп.
Көңүлдөн кирди чыгарып,
Көп сөздөр айтып кубанып.
Аны таштап салалы,
Мажиктин уулу Күлчоро,
Алда эмне сөзү бар.
Андан кабар алалы:
Кара кытай буруттун,
Беттешип келген берени,
Элчиликке келишкен,
Эл башкарган эрени.
Жабдыгын таштап боюнан,
Жамандык кетти оюнан.
Аттарын алыс байлаган,
Абыдан көңүл жайлаган.
Кабылан баатыр Күлчоро,
Кайраты башка эр Чоро.
Жарагы жалпы боюнда,
Ар түрдүү акыл оюнда.
Суркоён тулпар ат менен,
Тайбурулду жетелеп,
Ашыкпастан энтелеп.
Ары-бери бастырып,
Ар кандай кыйын адамга,
Ашкере кылбай билгенин,
Алаксытып жазгырып.
Алгараны абыдан алыс байлаткан,
Арамдык албай оюна,
Абыдан көңүл жойлоткон.
Ары-бери өткөндө,
Алгарага Тайбуурул,
Жакын барып жеткенде.
Алгараны Тайбуурул,
Катуу, катуу тээп какшатты,
Алдыңкы колун аксатты.
Ыйык жалдан тиштептир,
Чыдай албай Алгара,
Каңылдашы күчөдү.
Ал аңгыча бул ишти,
Коңурбай көрө салганы,
Оюна бир иш алганы.
Коңурбай байкап караса,
Айландыра санаса.
Аттары алыс калыптыр,
Атасы душман Күлчоро,

Азапты башка салыптыр.
Эр Коңурбай кеп айтат:
«Ээ, Семетей» – деп айтат.
«Күлчоро кулдун кордугу,
Кыйын экен зордугу!
Күлчоро кулдун мазагы,
Кыйын экен азабы.
Эгештирип айбанды,
Ким көргөн экен момундай,
Кара шайтан сайганды!
Ченеп эрке кылсаңчы,
Коңурбай мындай дегенде,
Күлчоро анда муну айтат:
«Атаңдын көрү Калча кул,
Атаңдын көрү капыр кул,
Намысы жок жакыр кул!
Аксөөк калча сен белең,
Кара сөөк кул мен белем,
Алмамбетке сен калча,
Кайсы жерде тең элең!
Сен өңдөнгөн Калча кул,
Бой көтөрүп семирет,
Башы калып талаада,
Көк дөбөттөр кемирет!»
Ал сөздү айтып Күлчоро,
Каарданып бакырып,
Манастап ураан чакырып.
Ачалбарс колго алганы,
Хан Коңурбай Нескара,
Катар башын алганы,
Эки ханды өлүм салганы,
Бузуктун башы буурулда,
Акыр заман журтуна,
Айтылып сөздү калганы,
Алла билер бул сөздүн,
Чыны канча жалганы.

Эр Коңурбай, Нескара,
Катар өлүп алганы,
Капыр менен мусулман,
Күлчоронун ишине,
Айран азыр калганы.
Семетей, Бакай, Сарыкан,
Алар да турат маң болуп,
Күлчоронун ишине,
Айран азыр таң болуп.
Алтымыш амбал, кырк жаңжуң,
Баары бирдей буркурап,
Колдорун алып төбөгө,
Таазим кылып чуркурап.
Жан соогалап жалынып,
Бурканына табынып.
«Өлөр Коңур өлдү» – деп,
Кыямат жайды көрдү деп.
Антты-шертти актайлы,
Тынчытып журтту сактайлы!»
Кабылан Бакай кеп баштап,
Кеп баштаса деп баштап:
Калайык уккун деп баштап.
Кара кытай манжуунун,
Айтканы маакул кеп деди,
Тынч болуубуз эп» – деди.
Кара кытай мусулман,
Урушканын коюшуп,
Таркашты ушундан.
Баары тарап алганы,
Коңурбай менен Нескара,
Экөө катар өлгөн жер,
Ошо күндөн ушу күн,
Эки баш атка калганы.
Анда Семең ойлонуп,
Капыр да болсо Коңурбай,
Ыйыктыгы бар эле,

Кылымды баскан жан эле.
Анты мага ооду деп,
Акырысы түбүндө,
Кайдан ишим оңду деп,
Хан Коңурбай өлгөн соң,
Өлгөнүн көзү көргөн соң.
Каран калган Алгара,
Алгарага не чара.
Тиштеп алып чылбырын,
Күн чыгышты бет алып,
Качып алып жөнөлдү,
Аркасынан токтолбой,
Күлчоро кууп өмөлдү.
Каран калган Алгара,
Колтугунда канатын,
Жазып кетип баратат.
Чарадай болгон чоң туяк,
Кара жердин кыртышын,
Казып кетип баратат.
Алгара барат закымдап,
Суркоён барат такымдап.
Каран калган Алгара,
Кангар тоонун белинен,
Ашып алып кеткени,
Аркасынан такымдап,
Суркоён кууп жеткени.
Бир убакта чылбырга буту
чалынды,
Азапка башы кабылды.
Күлчоро жетип токтоосуз,
Чылбырдан илип калганы,
Кылган сыйым ушу деп,
Оң кулагын ошондо,
Жарымын кесип салганы.

СЕМЕТЕЙДИН ӨЛҮШҮНҮН БЕШ СЕБЕБИ ҮМӨТӨЙДӨН

СЕМЕТЕЙ МЕНЕН ҮМӨТӨЙДҮН ЖОО БОЛУШУ

Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Манастын уулу Семетей,
Акеркеч менен Каныкей,
Букардын каны Карахан,
Кара хандын кызы экен,
Акылга дыйкан уз экен.
Шаатемир хан Кара хан,
Ушул экөө бир тууган.
Манастын уулу Семетей,
Кең Букардан көчкөндө,
Ашыгып үйдү чечкенде.
Шаатемирдин кызы эле,
Өзүнүн аты Чачыкей,
Оймоктуудан уз эле.
Орго ашын салыптыр,
Чачыкейге Үмөтөй,
Оболунда башында,
Ойноо бала жашында,
Аташып койгон күйөөсү,
Ар бир ишин бир башка,
Өзүнчө болот жүйөсү.
Чачыкейди Үмөтөй,
Оболунда башында,
Аташып койгон кайыны,

Ар бир ишинин бир башка,
Өзүнчө болот дайыны.
Темир ханга хан Көкчө,
Куда болгон тай союп,
Куда болгон бээ союп.
Куда болуп келгенде,
Токсон окшош торала,
Тораланын башына,
Аяктай кебез байлаган,
Айдаркандын Көкчөнүн,
Тоюна келген калың эл,
Сары казы – кыйма жал,
Туура кесип чайнаган.
Букардын ханы Темир хан,
Айдаркандын Көкчөгө,
Алтын кымкап дейилде,
Ак күрөккө, булсун тон,
Алтымыштан кийгизген,
Артыктыгын билгизген.
Батасы бар башында,
Атпай журттун кашында,
Семетей Талас көчкөндө,
Тайэнеси Чачыкей,
Тал түштө нике байлаган,
Семеңдин көөнүн жайлаган.
Аташкандан айрылып,
Асаланып кайгырып.
Үмөтөй калган талаада,
Акырында Семетей,
Ошон үчүн калыптыр,
Калабалуу кара балаага.
Семетей Талас келгенде,
Каталдык кылган душмандык,
Кайра чыкпас бир жолу,
Орго башын салыптыр,
Бузуп алып чыккысыз,
Торго башын салыптыр.
Ополдун тоосун түптөгөн,
Оолукмасы кармаса,
Олуя чалды бүктөгөн.
Кашкардын тоосун түптөгөн,
Каарына алганда,
Каргашаны бүктөгөн.
Чоң Бээжиндин казатта,
Баатыр Манас кабылан,
Кытайды салган азапка.
Ошол болгон казатта,
Акбалтанын Чубагы,
Адамдан башка ынагы.
Ок жаңылып качыптыр,
Ой-акылдан шашыптыр.
Же өлүүсү, тирүүсү,
Билинбей кайып болуптур,
Кабылан Манас баатырың,
Кайгыга каркап толуптур.
Семетей Талас келгенде,
Кербенчиден кеп угуп,
Кашкардан көргөн Чубакты,
Кашкарлык сойгон деп угуп.
Кабылан төрө Семетей,
Камап барып Кашкарды,
Кайда Чубак таап бер деп,
Кашкарды камап билди алган,
Кара көз сулуу кыздардан,
Тандап жүрүп миңди алган.
Айтуучудан кеп угуп,
Анжиян келген Чубакты,
Анжияндык сойду деп угуп.
Арстан төрө Семетей,
Аша барып Анжиянга,
Чубак кайда таап бер деп,
Анжияндын элинен,

Аргымактан санды алган,
Аргымакка жүктөтүп,
Ак жамбыдан дагы алган.
Коконду чапкан талкалап,
Котонду бузган балталап.
Чубактын куну бүтпөстөн,
Чубалып далай жыл өткөн,
Чубактын куну тууралуу,
Далай журттан эс кеткен.
Оболтон бери кеп калган,
Кеп калганда деп калган:
Кандай элдин ичинде,
Бүтпөй бир иш ырбаса,
Эр Чубактын кунундай,
Чубалжыды деп айткан.
Кабылан төрө Семетей,
Саадагын байлап белине,
Манастын кунун кууп барып,
Санамсыз кытай элине.
Хан Коңурбай калчанын,
Кыл-Эртиштиштин боюнан,
Жылкысын айдап бүлдүрүп.
Олжо кылып ногойго,
Ойроттун белин сындырган.
Кан Коңрбай калчаны,
Өлсүн кылып тындырып.
Аргын менен ногойго,
Акыл салып баш берип,
Коңурбайдын сан кара,
Кылым журтту чакырып,
Баарын сайып байгеге,
Чоочуп турган чагында,
Аргын менен ногойду,
Кара коргон чеп болуп,
Каары катуу душман деп,
Тозуп жүргөн чагында.
Кабыландын дөөлөтү,
Толкундуу көлдөй шарданып,
Ташып жүргөн чагында,
Обурагы кылымды,
Басып жүргөн чагында,
Алыстагы душмандар,
Атагын угуп күйүнүп,
Шашып турган чагында.
Катылгандын сазайын,
Берип турган чагында,
Ташка жайып талпагын,
Керип турган чагында.
Айбаты кыйын душманды,
Ажыдаардай оп тартып,
Соруп турган чагында,
Айбатынан душмандар,
Коруп турган чагында,
Ак болотту куурайдай,
Оруп турган чагында.

ҮМӨТӨЙДҮН ТАЛАСКА ЖҮРҮШҮ

Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Манастын уулу Семетей.
Семетейди көрө албай,
Тынчып акыры жүрө албай,
Кылымдын баары кыңк этпей,
Күчөгөндө Семетей,
Алапайын таба албай,
Ичи күйүп Үмөтөй.
Ала турган зайыбы,
Чачыкейди алдырып,
Ич күйдү болгон жери бар,
Семетейге Үмөтөй,

Жүрөктөн кеткис кеги бар.
«Кантип алсам кегимди,
Канеткенде – чыгарам,
Жүрөктөгү черимди!»
Деп Үмөтөй ойлонуп,
Жатса турса тынчыбай,
Ойлоп жүрөт толгонуп.
Бир күнү жүрүп Үмөтөй,
Калың кара казакка,
Катуулап кабар салганы,
Сары-Аркада казактан,
Санжырлаган сан колду,
Үмөтөй жыйып алганы.
Казактын колу калкылдып,
Кара курттай кылкылдап.
Үмөтөйдүн төрөгө,
Казыр келип калыптыр,
Калың кара казакка,
Үмөтөй төрө токтобой,
Сөзүн айтып салыптыр.

ҮМӨТӨЙДҮН СӨЗҮ

Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Үмөтөй туруп кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Калың кара журтум,
Сөзүмдү уккун !» – деп айтат.
Сары-Арка биздин жерибиз,
Сары-Арканы жердеген,
Сандаган казак элибиз,
Санга толуп турсак да,
Кеткен го биздин бейлибиз!
Ногойдон казак кем беле,
Көкчөдөн Манас эр беле!
Жер соорусу Сары-Арка,
Эмнеси кем эле,
Алакандай Таластан,
Айдаркандын Көкчөсү,
Кайсы жерде кем эле,
Жакыптын уулу Манастан!
Жакып деген бай эле,
Төрт түлүгү шай эле,
Айдарканга ал Жакып,
Качан теңтуштай эле!
Ар качандан бир качан,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Жыргап-куунап жатты го,
Конушунда кебелбей!
Жакыптын уулу Манастан,
Семетей деген туулган,
Балтыр бешик чагында,
Сүрүлүп ногой, аргындан,
Кең Букара куулган!
Букарга барып чоңоюп,
Кара тумшук Семетей,
Бурулуп иши оңолуп.
Кайра келип Семетей,
Таласка конуп чалкалап,
Ашкере көрүп турабыз,
Кылымды бузду талкалап!
Шаатемир кызы Чачыкей,
Ала турган зайыбым,
Билесиң журтум дайынын,
Калың кара казакты,
Киши-миши дебестен,
Убайым-кам жебестен.
Алып алды зайыбымды,
Атпай журттун алдында,
Ашкере кылды бу менин,
Бели бош чабал айыбымды!

Аны менен тим турбай,
Акундун кызы Айчүрөк,
Ар кылган иши бир дүмөк!
Айчүрөктү алыптыр,
Эч жазыксыз кургурду,
Салбыр кылып салыптыр!
Каттоочудан кеп уктум,
Ошо курган Чачыкей,
Теңдигине жете албай,
Какшап жүрөт деп уктум!
Кербендерден кеп уктум,
Кеңири күлүп жүрбөстөн,
Кейип журөт деп уктум!
Үмөтөй айткан кеп болсо,
Журтум сага эп болсо!
Ал Семетей чунакка,
Бир беттешип көрөйүн,
Ажалым жетсе өлөйүн,
Алла таала бир өзү,
Азапты салса башыма,
Учурунда көрөйүн,
Бир беттешпей курган жан,
Туулбай туна чөгөйүн!
Ажал жетсе өлөйүн!
Аксакалдар сүйлөчү,
Акылмандар турасың,
Бул ишиңди бийлечи!

АЛЫМСЕЙИТТИН СӨЗҮ

Үмөтөй мындай дегенде,
Алымсейит кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
Үмөтөйдүн сөзүндө,
Катасы жок, деп айтат.
«Коёнду камыш өлтүрөт,
Эрди намыс өлтүрөт!
Жалтанып эми турбайлы,
Башка сөздү урбайлы!
Чачыкейди бергин деп,
Арага элчи салалы,
Абдан сөзгө каналы!
Чачыкейди бергин деп,
Айткан сөзгө көнгүн деп!
Чачыкейди бербесең,
Айткан сөзгө көнбөсөң,
Санга толгон казактан,
Тамашаны көргүн деп.
Алымсейит сүйүндү,
Анын арка жагынан,
Акэркеч боюн күүлөдү.
Акэркеч эми кеп баштап,
Акырын айтып бек таштап.
Акэркеч кепти баштады,
Сөз айтуудан шашпады.

АКЭРКЕЧТИН СӨЗҮ

«Калың кара казак журт,
Айткан сөзүм тыңдап ук!
Акылга кеңсе кургула,
Ал Семетей чунакка,
Жамандашпай тургула!
Арстан Манас баатырга,
Алышам деген кар болгон,
Атасынан бабасы,
Оболтон иши оң болгон!
Алышып алың келе албайт,

Күрөшүп күчүң жете албайт.
Куру намыс башты айрат,
Бөөдө намыс кылбаңар,
Менин сөзүм тыңдаңар!
Намысты сууга салгыла,
Андан көро көп журтум,
Арган, ногой журт менен,
Таттуулашып алгыла!
Азапка башты салбаңар,
Азапка бөөдө калбаңар!»
Акэркеч айтып токтолду,
Аркасынан токтолбой,
Сөз айтууга камынып,
Тынымсейит октолду.

ТЫНЫМСЕЙИТТИН СӨЗҮ

Тынымсейит чамынып,
Сөз айтууга камынып.
«Калың кара көп казак,
Ал Семетей чунакка,
Чачыкейди алдырып,
Башында болдук чоң мазак!
Жалтанып коркуп турбастан,
Башка сөздү урбастан.
Тобокелге салалы,
Канокордун уулу чунакка,
Токтолбой элчи салалы,
Маакул болуп Семетей,
Чачыкей берсе алалы,
Маакул экен дебесе,
Чачыкейди бербесе,
Кармашты катуу салалы!
Азабын колго берели,
Бере албасак азабын,
Башка келген азапты,
Өз тушунда көрөлү!»
Булардан башка ал топто,
Үндөгөн бирөө жок болду,
Барууга сөзү токтолду,
Калың казак баарысы,
Улуу кичүү карысы,
Чеченден тандап ыйгарды,
Каалашып элчи чыгарды.
Алымсейит карысы,
Тынымсейит калысы.
Элчиликке барууга ,
Ушул экөө тандалды,
Бармак болуп камданды.
Алда деп атка миништи,
Таласты көздөй бет алып,
Элчилер жолго киришти.
Аз гана эмес мол жүрүп,
Арада кенча жол жүрүп.
Таласка жетти элчилер,
Сөз тартуучу ченчилдер.
Капкасы алтын коргонго,
Семетейдин ордого,
Элчилер келип калыптыр,
Эшик сакчы желдеттер,
Элчинин атын алыптыр.

ЭЛЧИЛЕРДИН СӨЗҮ

Арстан Бакай, Семетей,
Амандашып элчиге,
Аңдоого келген ченчиге,
Конок үйгө кондуруп!
Конок кылып оңдуруп.
Алымсейит кеп баштап,

Кеп баштаса деп баштап:
«Элчиликке өлүм жок,
Жуучулукка кордук жок,
Алымсейит мен өзүм,
Элчиге келдик деп айтат.
«Сары-Аркада сан казак,
Кең Таластын жеринде,
Аргын, ногой аралаш.
Оболтодон акырга,
Жоону бирге жоолаштык.
Кара кытай-манжууга,
Казатка бирге барыштык,
Кай жерде көңүл калыштык!
Тирүү болуп турганда,
Бир дөбөдө болуштук,
Өлүп калган күндөрдө,
Бир чуңкурда калыштык,
Качан сөздөн жаныштык!
Оболунда башында,
Казак, аргын, ногойго,
Арстан Манас, эр Көкчө,
Шол экөө баш эле,
Кара калмак калың журт,
Мусулманга кас эле,
Семетей менен Үмөтөй,
Ал кезекте жаш эле.
Манас, Көкчө өткөнү,
Ал арстандар өткөн соң,
Казак, ногой, аргын журт,
Конушабыз бөлүнүп,
Ажырашып кеткени.
Айта турган сөзүм бар,
Баары жогун аткарган,
Арстан Бакай көзүң бар!
Шаатемир кызы Чачыкей,
Баатыр Көкчө барында,
Куда болуп кой сойгон,
Үмөтөйдүн зайыбы,
Анык сөздүн дайыны.
Чачыкейди теңдиксиз,
Семетей алып алганы,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Аташкандан айрылып,
Как талаада калганы.
Үмөтөй бизди имерди,
Элчиликке жиберди.
Эр Үмөтөй кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
Чачыкейди Семетей,
Кайтып берсин деп айтат.
Ал Чачыкей кургурду,
Өзү каалап алыптыр,
Акырында жазыксыз,
Салбар кылып салыптыр!
Кайта берсе Чачыкей,
Коюм болот короолош,
Ашым болот жороолош!
Жоону бирге жоолайбыз,
Доону бирге доолайбыз!
Үмөтөй сөзү ушу деп,
Арстан Бакай, Семетей,
Акылыңды которуп,
Жооп берер тушуң деп,
Алымсейит басылды,
Аркасынан токтолбой,
Бакылдап оозу ачылды,
Хан Бакай сөздү баштады,
Айтар сөздү калтырбай,
Баарын айтып таштады.
Арстан Бакай кеп айтат:
«Алымсейит аксакал,
Менин айткан сөзүмө,

Кулак салгын деп айтат.
Акылды башка кураба,
Чачыкейди бергин деп,
Жанашып бизден сураба!
Деген сөзгө көнүлбөйт,
Чачыкей кайра берилбейт.
Тартууну кабат беребиз,
Ушундай ишке көнөбүз!»
Ал сөздү айтып эр Бакай,
Ар түр аттан бир тогуз,
Алтындан жүгөн каттырып,
Абайы үртүк жаптырып,
Токсон нарга окшотуп,
Шуурудан буйла тактырып,
Ар бир нардын үстүнө,
Калыдан килем жаптырып.
Тогуз тулпар жабуулап,
Тогуз шумкар жагоолоп.
Тартуусуна бериптир,
Арага келген элчилер,
Тартууну көзү көрүптүр.
Арстан Бакай кеп айтып,
Алдыңа тартуу келгенде,
Атаңдын куну болсо да,
Кечирип жибер деп айтып.
Айтылып турган ушул сөз,
Алыскы ата-бабадан,
Нуска болгон бу бир кеп.
Тартууну алып кеткин деп,
Үмөтөйгө жеткин деп.
Ичтеги кекти жоёлу,
Иришкен тууган бололу!
Кары кекти жоёлу,
Кадырлаш тууган бололу!»
Арага келген элчилер,
Тартууну кабат алышып,
Сары-Арканы бет алып,
Самсып жолго салышып.
Аман-эсен элчилер,
Сары-Аркага кайтканы,
Семетей менен Бакайдан,
Уккан көргөн сөздөрүн,
Төкпөй-чачпай айтканы.
Мына берген тартуусу,
Бакай менен Семетей,
Ушул болду айтуусу!»
Көкчөөнүн уулу Үмөтөй,
Элчилерден кеп угуп,
Төбөсүнөн басууга,
Төрт түлүгүн чачууга,
Семетей демин басууга.
Сары-Өзөн Чүйдү басты ошол,
Кең Таласты ашты ошол,
Аргын менен ногойду,
Туйгун жаткан кезинде,
Төбөсүнөн басты ошол.
Казактын калың кошууну,
Караңгыда камынып,
Үч-Кошойдун бөксөөдө,
Түмөндөп жаткан көп жылкы,
Ошого карай жабылып.
Добулбасты карс коюп,
Мылтык атып тарс коюп.
Калың казак айкырып,
Көкчөөлөп ураан чакырып.
Түмөндөп жаткан жылкыны,
Айдап жолго салганы,
Жылкычынын баарысын,
Байлап жолго салганы.
Жылкычыдан экөө,үчөө,
Асмандан булут тутулуп,
Казактын калың колунан,

Араңдан качып кутулуп.
Кең Таласта коргонго,
Кенебестен ойронго,
Алар жетип келгени,
Жылкыны казак алды деп,
Келип кабар бергени,.
Жылкыны казак алды деп,
Жылкычынын баарысын,
Байлап жолго салды деп.
Көк жаңырган айкырык,
Көкчөөлөп ураан чакырып.
Асман жарып айкырык,
Айдаркандап чакырып!»
Кабылан төрө Семетей,
Жылкычыдан кеп угуп,
Түп көтөрө жылкыны,
Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Алып кетти деп угуп.
Канчоролоп айкырып,
Күлчоролоп чакырып.
Сары хан менен Бакайга,
Бачым кабар бер деди,
Бачым алып кел деди.
Канчоро менен Күлчоро,
Абыр-шабыр ат минип,
Аялдабай бат минип.
Бакайга кабар салды ошол,
Сары ханды токтотпой,
Семетейдин ордого.
Алып келип калды ошол.
Бар жарагын байланып,
Арстандар бир дем токтобой,
Жоо жарагын шайланып.
Тулпарларга минишип,
Турбастан жолго киришип.
Ак асаба туу болуп,
Асман жарган чуу болуп.
Көк асаба туу болуп,
Көк жарылган чуу болуп.
Асманга чаңды сапырып,
Манастап ураан чакырып.
Ак келте огу күркүрөп,
Ак келте үнүн укканда,
Алдыңкы казак көп колу,
Азат бою дүркүрөп.
Жолун бууп алганы,
Буудандар уруш салганы.
Калың казак кошууну,
Кайра тартып турушту,
Качпай туруп урушту.
Карагай найза майышты,
Качпай туруп сайышты.
Көкчөөнүн уулу Үмөтөй,
Үмөтөй чыкты жекелеп,
Семетейди мекелеп.
Мына ошондо Күлчоро,
Абасына кеп айтат,
«Үмөтөйгө беттешип,
Мен барайын» - деп айтат.
Барбагын деп айта албай,
Күлүстүн сөзүн кайтарбай.
«Барсаң баргын Күлүсүм,
Ушу жолу өзүңдүн,
Башкача болсун жүрүшүң!
Алаптаган казакты,
Атынан сайып түшүргүн,
Артыкча салгын азапты!
Өлтүрбөстөн житирбей,
Алып келгин мында деп,
Абыдан сөзүм тыңда деп.
Түшүрүп колго кор кылып,
Айланысын тор кылып.

Агартып тууган кылалы,
Мына ошентип тыналы!»
Мажиктин уулу Күлчоро,
Суркоён менен сууруултуп,
Калың кара казактын,
Заманасын сууруултуп.
Манас-Манас бакырып,
Манастап ураан чакырып.
Желегин желге жапырып,
Жетти Күлүс качырып.
Эр Үмөтөй акырып,
Көкчөлөп ураан чакырып.
Маңдайлаша калганы,
Эки баатыр токтобой,
Батыра найза салганы.
Найзанын учу быркырап,
Асманга учуп чыркырап.
Эки баатыр тайышып,
Аттардын бели майышып.
Айкырып найза сунушуп,
Албан түрдүү урушуп.
Айбалта башка чабышып,
Жакалашып алышып.
Колдун баары союлуп,
Колтуктун баары чоюлуп.
Жарым күнү сайышты,
Көргөндүн ичи кайышты.
Эки баатыр бир бирин,
Айбалта менен чабышып,
Айбалталар быркырап,
Сабы колдо калышып,
Кылычы менен чабышып,
Кылычтар кыйрап быркырап,
Чаңы колдо калышып.
Ээрдин кашы үбөлүп,
Этектин баары түгөнүп.
Калкандын баары кайрылып,
Чапандын баары айрылып.
Айбалта башка шак-шак,
Найзалар төшкө так-так.
Эки баатыр кайрадан,
Эки жакка кетишип,
Найзаларын ошондо,
Мелтирете сундуруп,
Качырышып жетишип.
Күлүстөн чоро баатырдан,
Эр Үмөтөй баатырга,
Найзанын учу жетиптир,
Боордон тийген сыр найза,
Далыдан теше өтүптүр.
Үмөтөй аттан кулады,
Кара жерге сулады.
Алгара көзүн аңтарып,
Акырет көздөй жол тартып,
Кылагар көзүн кылайтып,
Кыл мурутун шыйпайтып,
Кыямат көздөй жол тартып,
Калың казак күңгүрөп,
Катуу өкүрүп дүңгүрөп.
Эр Семетей көп ыйлап,
Өлчөө менен сайбайсың,
Күлчоро кылдың деп ыйлап.
Оң бөйрөгүн таянып,
Ойронум бөлөм деп ыйлап.
Сол бөйрөгүн таянып,
Солтонум бөлөм деп ыйлап,
Солкулдап Семең көп ыйлап.
Сайыштырбай бөлөмдү,
Ажыратып албай деп,
Аман алып калбай деп.
Казактын колу камынып,
Аттан түштү жабылып.

Айгай салып акырып,
Жан соогалап бакырып.
Үмөтөй болсо өлдү деп,
О дүйнөнү көрдү деп.
Кабылан төрө Семетей,
Катаалдыкты кылба деп,
Калың кара казакты,
Каарданып кырба деп.
Алымсейит башында,
Тынымсейит кашында.
Калың кара казактын,
Аксакалдуу карысы,
Азыр келди Бакайга,
Акылмандын баарысы.
Бакай менен Сары хан,
Ар айткан сөзү дары хан.
Алымсейит кеп баштайт,
Кеп баштаса деп баштайт.
Казак, ногой, аргын эл,
Өлүп калып Үмөтөй,
Казактын башы болду тел!
Эми чырды таштайлы,
Туугандык өрнөк баштайлы.
Кагылыштан кан өлдү,
Канча түрдүү жан өлдү.
Упалуу беттен кан акты,
Убалы кимдин моюнуна,
Сурмалуу кыздан жаш акты,
Суусу кимдин койнуна!
Касиеттүү кан Бакай,
Кетилгенди септегин,
Арасын ачпай бул элдин,
Акыл менен эптегин!
Карагай найза боолаштык,
Капырдан бетер жоолаштык!
Жоо болушту таштайлы,
Жосунду өрнөк баштайлы!»
Алымсейит ушундай,
Журтчулуктан сөз айтып.
Кан Бакайдын кеби бар,
Калтырбай айтар эби бар,
Калыстыкка калганда,
Кай жеринде кеми бар.
Кабылан Бакай кеп баштап,
Калайык уккун деп баштап:
«Өлгөн жан кайта келеби,
Өтүп кеткен бир ишти,
Өкүнгөн менен береби.
Кеткен жан кайта келеби,
Кетип калган бир ишти,
Кейиген менен береби.
Өтүп кеткен бир ишке,
Өкүнгөндү коёлу,
Мындан кийин калайык,
Өмүрлүк тууган бололу!
Кетип калган бир ишке,
Кейигенди коёлу,
Мындан кийин калайык,
Келишип тууган бололу!
Канча тартуу мал берип,
Казакты тууган кылалы,
Мындан кийин калайык,
Касташпастан тыналы!»
Калың журттун барысы,
Жашы менен карысы.
Бакайдын сөзү акыл деп,
Уга турган макул деп.
Алакан жазып буркурап,
Атпай журттун баарысы,
Алакан жайып кол ачып,
Батасын кылды чуркурап.
Кабылан төрө Семетей,

Сары ханга кеп айтып,
Абаке уккун деп айтып.
«Тайбурулдай тулпарга,
Айбандан чыккан шумкарга.
Абайы үртүк жаптырып,
Алтындан кежим тактырып,
Үмөтөй сөөгүн арттырып.
Үмөтөйдүн сөөгүнө,
Ак олпок тонду сөөккө жаап,
Ачык жулун тарттырып.
Ушул ишти кылайын,
Кылып жаным тынайын!»
Анда Бакай мындай дейт,
Менин сөзүм кандай дейт.
«Канатыңдан кайрылба,
Тайбурулдан айрылба!
Ак олпок тонду чечинбе,
Аманат жандан кечинбе!
Маңдайыңда маңгыт бар,
Капталыңда даңгыт бар!
Капталыңда каңгай бар,
Касташкан жооң далай бар!»
Бакайдын тилин албастан,
Бир кулагын салбастан.
Тайбурулдун үстүнө,
Абайы үртүк жаптырды,
Алтындан кежим тактырды,
Үмөтөйдүн сөөгүнө,
Ак олпок тонду жаптырып,
Тайбурулга арттырды.
Семетей анда кеп айтып:
«Каржайган бөлөм Үмөтөй,
Өлгөнүңдү билип кет,
Мыйыгыңдан күлүп кет!»
Ал сөздү Семең айтканы,
Үмөтөй сөөгүн жетелеп,
Дүңгүрөп казак кайтканы,
Калайык журт кеп айтып,
Кеп айтканда деп айтып:
«Кабылан төрө Семетей,
Тайбурул берип тартууга,
Сыймыгы кетти деп айтып,
Сыймыгы баштан учту деп,
Арбагы баштан качты деп,
Акылынан шашты деп.
Жылдызы жерге түштү деп,
Сыймык кушу учту деп.

КАНЧОРО МЕНЕН ЧАЧЫКЕЙДИН ЧЫККЫНЧЫЛЫГЫ

Камбардын уулу Канчоро,
Суркоён үчүн таарынып,
Ардыгы сыйбай ичине,
Жүргөн экен камыгып.
Ардыгы аттын чоң болуп,
Агарбай жүрөк тоң болуп.
Кордугу койдон чоң болуп,
Койдой муздар ичине,
Эрибестен да тоңуп.
«Бу канкордун кордугу,
Кар качандан бир качан,
Артыкча өтөт зордугу!
Ар качандан бир качан,
Айткан сөзүм кенебейт,
Анжыдан келген атасы,
Күлчоро кулга теңебейт.
Обурагы бул кулдун,
Өсүп кетип баратат,
Мен Канчоро кургурдун,
Жерге түшүп жылдызы,

Өчүп кетип баратат.
Ааламга аты угулуп,
Обурагы бул кулдун,
Ашып кетип баратат,
Күндөн күнгө бул мени,
Кара жерге киргизип,
Басып кетип баратат,
Толкундуу көлдөй шарданып,
Ташып кетип баратат,
Ар бир иши арандап,
Жүрүп кетип баратат,
Камбардын уулу Канчоро,
Кара жерге казбастан,
Кирип кетип баратат!
Өйдө карап таштары,
Кулап кетип баратат,
Кылымга аты угулуп,
Кызы талак Күлчоро,
Буулап кетип баратат,
Камбардын уулу Канчоро,
Ардыгына чыдабай,
Куурап кетип баратат!
Атаңа наалат Күлчоро,
Алышканды камандай,
Чалып кетип баратат,
Камбардын уулу Канчоро,
Атагым бир кыр ашпастан,
Уйга жетпес чабурдай,
Калып кетип баратат!
Алышканды талкалап,
Астыңдагы атыңды,
Камбардын уулу канчоро,
Аягынан башында!
Алты карыштай шор кайнап,
Аң-чуңкурга жашынды!
Жашым улуу болсо да,
Мени киши дебестен,
Суркоёнду ал алды,
Сумсайган бойдон мен калдым!
Коңурбайдын Алгара,
Абийирсиз канкор өзү алды!
Аңыраган бойдон мен калдым!
Тулпарлардын баарысын,
Өздөрү минди чалкалап,
Тумшугу жок Канчоро,
Турду го башын калкалап!
Жоболоңдуу кул менен,
Жоону сайсам тең сайдым,
Кай жеринен кем сайдым!
Чалгынды бирге чалыштым,
Кай жерде андан калыштым,
Эрди сайса тең сайдым!
Энеси талак ал иттен,
Не жеринен кем сайдым!
Жортуулга бирге жүрүштүм,
Жоолашкан жоосун сүрүштүм,
Атасы менен атам тең,
Алакан жасса батам тең,
Атаңа наалат ал кулдан,
Кандайлыктан болом кем!
Кызматымды билбеди,
Кызы талак ал канкор,
Ар качандан бир качан,
Бир көзүнө илбеди,
Камбардын уулу Канчоро,
Казбай көргө киргени!
Эч жазыгы жок туруп,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Салбар болуп калганы,
Ушундай болот экен го,
Уйпалган дүйнө жалганы!
Канчоро менен Чачыкей,

Биригип экөө кеп кылып.
Өз билгенин эп кылып,
Кеңеш кылып кеп кылып,
Кеңештерин эп кылып.
Кудайсыган конкордун,
Кутуруп жүргөн анткордун.
Бир эсебин таппасак,
Төбөсүнөн баспасак,
Төрт-түлүгүн чачпасак!
Айчүрөктөй күл жарын,
Олжо катын кылбасак,
Көксө биздин кантип сууйт,
Ушундай кылып тынбасак!
Туулмак бар, өлмөк бар,
Жамандык менен жакшылык,
Алда таала кудайдын,
Моюнга түшсө көрмөк бар!
Ажал түшсө өлмөк бар,
Азапты салса бул башка,
Амал канча көрмөк бар!
Ар качандан бир качан,
Атаңа наалат канкордун,
Кордугун көрүп жүргүчө,
Кор болуп жүрүп өлгүчө!
Балааны башка көргүчө,
Байлоосунда өлгүчө!
Айланы кылып көрөлү,
Айлабыз келбей калган соң,
Амал барбы өлөлү!
Жедигердин кыязга,
Кабарды катуу салалы,
Калабалуу канкордон,
Калтырбай өчтү алалы!»
Канчоро менен Чачыкей,
Кеңештерин бүтүрүп,
Токтолуп бир да турбастан,
Иштерин кылды күтүнүп.
Жедигердин Кыязга,
Салам дуба кат жазды,
Кат жазганда бат жазды,
«Жедигердин эр Кыяз,
Сөзүбүздү уккун» - деп жазды.
«Адамга намыс бел болбойт,
Ар кандай адам болсо да,
Намысы колдон кеткен соң,
Айбандарга тең болот,
Ар кылган иши кем болот!
Биздин айткан сөздөргө,
Кулак салгын эр Кыяз,
Атаң Багыш, эр Толтой,
Кимден өлдү ээ Кыяз!
Манастын уулу Семетей,
Кылбаганы калбады,
Угат бекен кулагың,
Кылымдын баарын жалмады!
Коңурбайды сойлотту,
Сан карасын жылдырып,
Аргын, ногой элине,
Аябастан тойлотту!
Көкчөнүн уулу Үмөтөй,
Үмөтөйдү кулатты,
Кара жерге сулатты!
Ушу кезде канкордун,
Арбагы учту башынан,
Сыймыгы качты кашынан.
Канатынан кайрылды,
Тайбурулдан айрылды!
Ак олпок тонун чечинди,
Аманат жандан кечинди!
Үмөтөйдүн сөөгүнө,
Акылдан азган ал канкор,
Ак олпок тонду жапканы,

Сөөгүн артып жүктөтүп,
Тайбурулду тартканы.
Коңурбайдын Алгара,
Алгараны ат кылды,
Канчоро менен Чачыкей,
Бизди өзүнө жат кылды!
Коңурбайдын Алгара,
Кара жолтой Күлчоро,
Кулагын кесип салганы,
Айбан да болсо Алгара,
Арманда болуп калганы,
Суркоён жүрөт муңайып,
Алгара жүрөт чунайып.
Жедигердин эр Кыяз.
Канчоро менен Чачыкей,
Ушу күндө бириктик,
Канкорго бирди кылууга,
Бекем болуп кириштик!
Жалынса жанды коёбу,
Жаалы катуу ал канкор,
Жалбырган менен болобу!
Жалтанбастан канкорго,
Бир беттешип көрөлү!
Канкордун келди кыябы,
Как ушундай сыягы!
Макул деген кат бергин,
Кечиктирбей бат бергин!
Жалтанган болсоң чыныңды айт,
Такалып жүргөн сырыңды айт!»
Канчоро менен Чачыкей,
Алтын берип барага,
Кербенчиден кат берди,
Кечиктирбей бат берди.
Жедигердин эр Кыяз,
Кербенчиден кат алып,
Кечикбестен бат алып.
Катты окуп алганы,
Кандай жумуш бул иш деп,
Айран болуп калганы.
«Канчоро менен Чачыкей,
Алдоосубу чыныбы,
Же болбосо ал экөө,
Аныктап айткан сырыбы?!
Айтып кеткен бир сөзгө,
Ишенүүгө болбойт деп,
Кыларына келгенде,
Ишенип сөзгө оңдойт деп.
Бул катына ишенбей,
Жансыз киши салайын,
Тактап кабар алайын.
Кабарды кабат угайын,
Кабарды кабат уккан соң,
Айткан сөзү чын болсо,
Камынып анан чыгайын!
Катыны менен чоросу,
Айткан сөзү чын бекен,
Же болбосо баягы,
Акыл тарткан шум бекен?»
Жедигердин эр Кыяз,
Кайра салам кат жазды,
Карап турбай бат жазды.
«Канчоро менен Чачыкей,
Берген катың алдым деп.
Көрбөгөн соң көзүңдү,
Биле албадым сөзүңдү!
Оюнуңбу, чыныңбы,
Же сынап айткан сыныңбы!
Жазганыңа түшүнбөйм,
Бул сөзүңө ишенбейм!
Кылар ишиң чын болсоң,
Кылымдан ашкан тың болсоң!
Айла менен бир келип,

Мага келип беттегин,
Убададан кетпегин!»
Жедигердин эр Кыяз,
Атайлап киши жиберди,
Акылын жыйып имерди.
Кабарчысы желиптир,
Камбардын уулу Чорого,
Эч бир жанга туйдурбай,
Кыяздын катын бериптир.
Камбардын уулу Канчоро,
Каттагы сөзгө түшүндү,
Кандай кылып беттешем,
Камынып чоро күтүндү.
Камбардын уулу Канчоро,
Семетейге кеп айтат:
«Зериктим аба деп айтат.
Салбырынга барайын,
Жерди чардап карайын,
Жоо-жобуркай кезиксе,
Согушту мыктап салайын!
Коңурбайдын Алгара,
Бир үстүнө чыгайын,
Жоо чыгып калса алдымдан,
Кара жерге жыгайын!»
Канчоро мындай дегенде,
Кабылан төрө Семетей,
Барбагын деп айта албай,
Канчоро сөзүн кайтарбай.
Барса барып келсин деп,
Жоо-жобуркай бар бекен,
Арытып чардап көрсүн деп.
Ат табылар бу мага,
Аябайын чородон,
Алгараны алсынчы,
Таарынчы тарап калсынчы!
Барсаң чором барып кел,
Жоо-жобуркай бар бекен,
Жерди байкап алып кел,
Өз оюңча жүрүп кел,
Тамаша доорун сүрүп кел!»
Кабардын уулу Канчоро,
Абасынан жооп алып,
Алгарага аттанып,
Ачылып кабак шаттанып.
«Кудай кулду берер деп,
Куп тилегим келер деп,
Бадырек канкор Семетей,
Канчородон көрөр деп,
Ажалы жетсе өлөр» – деп.
Жарагын бойго байланып,
Аттанып чыкты камданып.
Жет-Кайттын жүрдү жерине,
Жедигердин элине,
Жедигердин туткасы,
Жеткелең Кыяз бегине.
Алгараны аргытып,
Артынан чаңын баргытып.
Аз гана эмес мол жүрүп.
Жет-Кайттын келди жерине,
Жедигерди бийлеген,
Жеткелең Кыяз бегине.
Салоодон салом алеки,
Сандыргалуу эр Кыяз,
Жаттыңбы аман шер Кыяз!
Мени ким деп сурасаң,
Камбардын уулу Канчоро,
Семетей канкор чоросу,
Кадырдан калган жоросу!
Атаңа наалат канкордун,
Кордугун көрүп мен келдим,
Жедигердин эр Кыяз,
Кабарың билбей сенделдим!

Кайгыдан күйүп кат бердим,
Кабылан Кыяз өзүңө,
Калтырбай сөзүм жат бердим!
Ишенбедиң катыма,
Канчоро деген атыма!
Катың барды өзүмө,
Камбардын уулу чоронун,
Карагын Кыяз сөзүнө!
Алдап алып канкордон,
Алгара минип желдим мен,
Алдыңа Кыяз келдим мен!
Манастын уулу Семетей,
Алышканды койбоду,
Ай-ааламды соргону,
Азыркы күндө бадырек,
Аргын, ногой коргону.
Амалын кандай табабыз,
Аргасын кандай кылабыз,
Экөөбүз бирге баш кошсок,
Атаңа наалат канкордун,
Аңгекке башын тыгабыз!
Өзөктөн күйгөн өрт жаман,
Өздөн чыкан жоо жаман!
Чачыкей менен Канчоро,
Ичинен чыгып бөлүндүк,
Алдыңа келип эр Кыяз,
Аныктап көзгө көрүндүк!
Амал кылып жатабы,
Амал кылып ал экөө,
Апарып алып бир жолу,
Торго башты чатабы.
Ойлонбогун андай ой,
Жаман ойду ичтен жой!
Баатыр болсоң эр Кыяз,
Айткан сөзгө көн Кыяз.
Көнбөс болсоң чыныңды айт,
Ичиңдеги сырыңды айт!
Сенден анык түңүлсөм,
Калмакка кирип кетемин,
Кетпегенде нетемин,
Бул канкордон беземин!
Колумдан келсе канкорго,
Бир жамандык кыламын,
Кылбай кантип тынамын!
Макул болсоң эр Кыяз,
Өлөр антты кылабыз,
Өлөр антты кылган соң,
Андан кайда жылабыз!»
Анда Кыяз кеп айтат:
«Сабыр кылгын Канчоро,
Калкым менен мен дагы,
Кеңешейин деп айтат.
Калкыма кеңеш салайын,
Көңкү журтка эп болсо,
Анан кийин барайын,
Эч келбесе көңкүгө,
Ушу бойдон калайын,
Убара кылбай сени мен,
Кайтарып жолго салайын!»
Ал сөздү айтып жедигер,
Жедигердин баарысына.
Кыяздан кабар болуптур,
Калың кара жедигер,
Эр Кыяздын үстүнө,
Кара курттай толуптур.
Жедигер кайнап толгону,
Эр Кыяздын үстүнө,
Калың жыйын болгону.
Эми Кыяз кеп айтат.

КЫЯЗДЫН КАЛКЫНА КЕҢЕШКЕНИ

КЫЯЗДЫН СӨЗҮ

«Калың кара жедигер,
Сөзүмдү уккун деп айтат.
Сөз айтамын баарыңа,
Улуу-кичүү-карыңа!
Акыл салам баарыңа,
Аксакалдуу карыңа!
Манастын уулу Семетей,
Баарыңарга белгилүү,
Жедигердин калкына,
Кылып келген кордугу,
Кыйын өткөн зордугу!
Өзүмдүн атам эр Багыш,
Эр Багышты өлтүрдү,
Нечен түрдүү балааны,
Жедигер сага жеткирди!
Эки бетин көөлөттү,
Такалуудан тай койбой,
Баарын алып жөөлөттү!
Аны менен тим турбай,
Кара жерди майлады,
Хан Толтойду жайлады,
Жедигерди жана да,
Тартып чилдей айдады,
Барарына жай таппай,
Баш калкалаар бай таппай,
Жедигер журту сайлады!
Кара чунак Семетей,
Кылбаганы калбады,
Кылымдан чыккан дөөлөрдүн,
Кыйласын союп жалмады!
Каш кайтарар канкорго,
Кылымдан баатыр калбады!
Ушу кезде калың журт,
Айтып турган сөзүмдү ук!
Ал Семетей чунактын,
Өз ичинен жоо чыкты,
Түгөнбөс катуу доо чыкты!
Канчоро деген чоросу,
Кадимден берки жоросу.
Чачыкей деген айымы,
Салбар болуп калыптыр,
Сөздүн ушу дайыны.
Экөө бирдей кас болду,
Ушу кезде ичтери,
Эрибес кара таш болду!
Толтойдун аты Суркоен,
Олжого кеткен башында,
Айдан анык ашкере,
Ушу жүргөн жедигер,
Өзүңөрдүн кашыңда!
Ай жаныбар Суркоен,
Олжо болуп душманга,
Жүргөн экен муңайып,
Коңурбайдын Алгара,
Адамдан эстүү жаныбар,
Кулагынан айрылып,
Жүргөн экен чунайып.
Айбандар кылып ардыкты,
Ал кабарды уккан соң,
Алапайын таба албай,
Ичим жаман тардыкты!
Куруп калган куу жанды,

Сактансак да өлөбүз,
Алда башка салганды,
Күтүлбөстөн көрөбүз!
Бул жалганчы дүйнөдөн,
Өлбөй адам калабы!
Төгүлбөй турган кан барбы,
Өлбөй турган жан барбы!
Ушу кезде жедигер,
Теңдик кеткен колуңдан,
Элү эмеспиз, тирүүбүз,
Тирүү болуп турсак да,
Өлгөн жандын бирибиз!
Оокат кылып турабыз,
Айыгышкан жообузду,
Аттанып чыгып сүрбөстөн,
Кайра качып жылабыз!
Жалтанып жүрүп өлгүчө,
Чарпышып жүрүп өлсөкчү,
Алда башка салганды,
Учурунда көрсөкчү!
Тобокелге салсам дейм,
Толкуган кошун алсак дейм,
Аргын менен ногойго,
Токтолбостон барсак дейм.
Алда таала жар берсе,
Адиден ашкан канкордон,
Атанын кунун алсак дейм,
Алда жарым кылбаса,
Армандуу болуп жүргүчө,
Акыретке барсак дейм!
Берсе кудай кезекти,
Биз табарбыз эсепти!
Башын салып өлүмгө,
Ал бадырек канкордун,
Малын салып бөлүмгө.
Таласын талкан кылабыз,
Баатырсынган дөөлөрүн,
Баарын бирдей кырабыз!
Өзүнөн жоо чыккан соң,
Алабыз го канкорду,
Адиден ашкан анткорду!»
Жедигердин элинин,
Көп жашаган карысы,
Көптү көргөн сарысы,
Акылмандын баарысы.

ТӨЛӨКТҮН СӨЗҮ

Акылмандар ичинде,
Карыя Төлөк кепти айтат:
Калың кара жедигер,
Багыштун уулу эр Кыяз,
Сөзүмдү уккун деп айтат.
Баарыңарга эп болсо,
Төлөк чал айтар кеп болсо.
Катылбайлык ногойго,
Кадимден ногой оңойбу!
Ногойго адам жолойбу!
Түгөнөт десе түтөгөн,
Түбүнөн кайра күчөгөн!
Түптүү ногой эл ошол,
Түгөнбөс кыян-сел ошол!
Өлдү десе өрчүгөн,
Өздөрүн кызыр ээрчиген,
Өкүм ногой эл ошол,
Өкүрүп аккан сел ошол,
Өткөөлсүз туюк бел ошол!
Ногойго адам жетпеген,
Беттешкен жоосу четтеген,
Беттеше кеткен душманы,

Өкүнчү баштан кетпеген.
Ногойго кудай жар болгон,
Атасынан бабасы,
Ар кылган иши шар болгон,
Алыша кеткен душманы,
Заманасы тар болгон!»
Карыя Төлөк ар сөздү,
Сайрап айтып басылды,
Аркасынан токтолбой,
Оолугуп Кыяз чачылды.
«Карыган Төлөк не дейсиң,
Карап турсаң өзүңдү,
Калжыраган кедейсиң!
Башында коркуп канкордон,
Киреріңе көр таппай,
Тантыраган эмесиң!
Айтып турам мен өзүм,
Турасың угуп сен өзүң,
Алсам алып калганым!
Ала албасам канкорду,
Арманда өлүп калганым!
Өлсөм мейли өлөрмүн,
Бу жалганчы дүйнөдөн,
Өксүгөн бойдон жөнөрмүн!
Өлбөй турган болобу,
Өлүмдөн корккон оңобу!»
Бу сөздү айтып эр Кыяз.
Жет-Кайттагы жедигер,
Жедигерди чакырып,
Каарын төгүп бакырып.
Азаматын бактатып,
Жаратарын тактатып,
Жоо шайманын чактатып,
Эр Канчоро кеп айтат:
«Менин айткан сөзүмө,
Кулак сал Кыяз деп айтат,
Курулай сөздү айтпастан,
Өлө турган шерт кылып,
Как ушундай кеп кылып.
Кыяматтык болушуп,
Ушунтип көңүл толушуп.
Аксак сары ат антыбыз,
Как ортого коелу,
Акыреттик бололу!
Кара жолтой канкордун,
Тамынын баарын кулатып,
Талын кыйып сулатып,
Аргын менен ногойду,
Аябастан чуулатып.
Казынасын ачабыз,
Кара жолтой канкордун,
Кара малын чачабыз!
Айчүрөктү олжого,
Алып берем эр Кыяз,
Абыдан тыңда шер Кыяз!
Ушу сөздөн ким чыкса,
Ак бараңдын огу урсун,
Ак милтенин чогу урсун!
Ач албарстын мизи урсун,
Арбактардын өзү урсун!
Төшү түкүү жер урсун,
Төбөсү ачык көк урсун!
Канчоро менен эр Кыяз,
Ант сөздөрүн айтышып,
Кучакташып турушту,
Мылтыкты төшкө урушту,
Бараңдын оозун өбүшүп,
Кылычтын мизин жалашып,
Кыямат жайды карашып,
Эми Кыяз жан достум,
Сөзбүмдү уккун деп айтат,
Бул жерге турбай кетемин,

Кең Таласка жетемин.
Кара жолтой канкорго,
Жерди чардап келдим деп,
Жоону байкап келдим деп,
Алдоо сөздү айтамын,
Антип көөнүн байытамын!
Камдап алып колуңду,
Түздөп алып жолуңду.
Жылдызды оңго сала көр,
Шардаан кылбай калыкка,
Жыбыт менен бара көр!
Кең Чаткалдын тоосуна,
Тоо ичинде коосуна,
Боюңду бекке сала көр,
Болжоп жатып кала көр!
Кең Таласка мен барып,
Тынчып жатып калбастан,
Күндө чалгын чалармын,
Күндө кабар алармын!
Түндө чалгын чалармын,
Түндө кабар алармын!
Кыябына келтирип,
Сага кабар салармын!»
Камбардын уулу Канчоро,
Кош-кош сөзүн айтканы,
Алгараны аргытып,
Таласты көздөй кайтканы.
Аз гана эмес мол жүрүп,
Алты күнү жол жүрүп.
Капкасы алтын коргонго,
Семетейди ордого,
Канчоро жетип келгени,
Абасына билдирбей,
Кирип салам бергени.
Абасы алик алганы,
Амандык-соолук сурашып,
Акылдашып калганы.
Эр Канчоро кеп айтып:
«Жерди чардап абаке,
Кумардан чыктым деп айтып.
Көп жерлерди чалдым мен,
Көп жерлерге бардым мен.
Алгаранын аягын,
Аябастан аштым мен,
Далай ашуу аштым мен.
Каран калган Алгара,
Тулпарлыгы чын экен,
Жел кайптан жалгашты,
Деп айтканы чын экен!
Он беш күнү жол бастым,
Нечен дайра суу кечтим.
Жоо-жобуркай билинбейт,
Карасам көзгө илинбейт.
Аны мындай таштайлы,
Жедигердин эр Кыяз,
Алда кандай сөзү бар,
Андан кабар баштайлы.

КЫЯЗДЫН ТАЛАСКА ЖҮРҮШҮ

Жедигердин эр Кыяз,
Жедигерден кол жайды,
Кол жыйганда мол жыйды.
Алты сан кара кол менен,
Ат майышкан туу менен.
Жети сан кара кол менен,
Аң уулаган аңчыны,
Мал кайтарган мал чыны,
Баарын байлап алышты,
Азапка башын салышты.

СЕМЕТЕЙДИН ТҮШҮ

Кабылан төрө Семетей,
Алтын сарай коргондо,
Айчүрөктүн ордодо.
Түндө жатып түш көрдү,
Тушүндө укмуш иш көрдү.
Атасы Манас шер көрдү,
Айбаты башка эр көрдү.
Ала-Тоодой түрү бар,
Адамдан башка сүрү бар!
Аккула аты астында,
Ак олпок тону үстүндө.
Ак келте мылтык ийининде,
Ач албарс кылыч белине.
Кабагына кар жаап,
Мурунуна муз тоңуп.
Ооздон оту буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап.
Үнү күндөй күркүрөп,
Андай түрүн көргөндө,
Эр Семетей султандын,
Азат боюу дүркүрөп.
Арстан Манас арбагы,
Ар сөз айтып сүйлөнүп,
«Унуттуң го мени» – деп,
Ачууланып күүлөнүп.
Кабылан төрө Семетей,
Уйкудан чочун ойгонуп,
Оң жагына толгонуп.
Ордунан туруп октолуп,
Тура албастан токтолуп.
Колун сууга салганы,
Кол дааратын алганы.
Бутун сууга алганы,
Бут дааратын алганы,
Экөө сүннөт, экөө парз,
Алла таала-кудайдан,
Бендесине буйрулган,
Кечирилбес улуу парз,
Төрт ирекет багымдат,
Төптөп окуп алганы,
Арстан эрге багыштап,
Курандан аят куп окуп,
Бата кылып салганы.
Канчоро менен Күлчоро,
Катар экөөн чакырып,
Каарданып айкырып.
«Канчоро менен Күлчором,
Каралды мага жан жором!
Түндө жатып түш көрдүм,
Түшүмдө укмуш иш көрдүм!
Арстан Манас арбагы,
Каарданып камынат,
Унутуп койдуң мени деп,
Ажыдаардай чамынат,
Ак боз бээден алалы,
Бүгүндөн калбай биз эми,
Ак күмбөзгө баралы!
Арбакка атап багыштап,
Ак боз бээни чалалы.
Таарынчынан арбактын,
Кара жолтой Канчоро,
Семетей сөзүн узартып,
Тил алдырам канкорду,
Кулжадай көзүн казартып,
«Ак күмбөзгө абаке,
Бүгүндөн калбай баралы,
Атакемдин арбагын,
Азыр тайып салалы!

Арбакты сыйдап алган соң,
Ала-Көл көздөй барсак дейм,
Эриккенди бир жазып,
Акшумкарды салсам дейм,
Абаке азыр тил алгын,
Кумардан чышып калсак дем,
Айласы келсе барбаска,
Күлчоро турат баш чайкап.
Кабагын чытып каш чайкап.
Атасынан бабасы,
Айтканынан кайтпаган,
Адамга сырын айтпаган.
Канчорого кеп айтып,
Сары кан менен Бакайды,
Чакыргын мында деп айтып.
Эр Канчоро ат минип,
Аялдабай бат минип.
Сары хан менен Бакайды,
Алып жетип келгени,
Чакырылган эгиз хан,
Ак ордого киргени.
Сары хан менен Бакайга,
Акундун кызы Айчүрөк,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Тооп кылып жүгүнчү.
Бакай хан менен Сары хан,
Бай бол келин бай бол деп,
Ар тилегиң шайбы деп,
Алкоосун хандар айтканы,
Тооп кылып алган соң,
Ордосуна кайтканы,
Эр Семетей кеп айтат:
«Абаке Бакай, Сары аба,
Ак күмбөздү таюуга,
Барабыз азыр» – деп айтат.
Абасы Бакай Сары хан,
«Ал айтканың акыл деп,
Ак күмбөздү таюуга,
Барганыбыз макул кеп!»
Арстан төрө Семетей,
Ак боз бээни жетелеп,
Акшумкарды жебелеп.
Атка минди камынып,
Ак жолборстой чамынып.

АЙЧҮРӨКТҮН ТҮШҮ

Акункандын Чүрөгү,
Ар качан бекер жүрөбү!
Түндө жатып түш көрүп,
Түшүндө укмуш иш көрүп.
Көргөн түштөн чоочунуп,
Даарат алып боюна,
Курандан аят окунуп.
Туу түбүндө өкүрдү,
Катуу туйлап секирди!
Кырк эмчектүү куу канчык,
Өзүнөн өзү кыңшыды,
Ордонун ичин аралап,
Кыдырата шимшиди!
Көктү карап улуду,
Мен бей таалай Айчүрөк,
Көрүп жандан түңүлдү!
Минген аты Алгара,
Коштолуңку көрүндү,
Үстүндөгү булум тон,
Бөктөрүңкү көрүндү!
Алтындай айнек асыл көз,
Жумулуңку көрүндү,
Алмадай болгон кызыл бет,
Кабарыңкы көрүндү!

Сары-Өзөн ылдый өрт күйдү,
Ой-тоону басып көп күйдү.
Кара баткак ылайлуу,
Сел каптады Таласты,
Кара туман аралаш,
Жел каптады Таласты!
Кең Таластын бетине,
Түрү башка эл толду,
Качып чыкты туш-тушка,
Алапайын таба албай.
Аргын, ногой тел болду!
Абамдан сакал жулунду,
Атпай аргын, ногой эл,
Ач бөөрүдөй улуду!
Сары хан көзү оюлду,
Кең Таластын бетинен,
Бирди-бири калбастан,
Кararган токой жоюлду!
Мен, бей таалай Айчүрөк,
Бетимден акты кызыл кан,
Анык көрдүм абаке,
Андай шумдук ичинде,
Аргын, ногой кысылган,
Балаага башың салбагын!
Жылкы жылкы жыйырма беш,
Мүчөл жылың ушул кез,
Укмуштуу түштү мен көрүп,
Айчүрөк бейбак болдум нес!
Катар турат башында,
Жыйырма беш жашында!
Тил алып төрөм барбачы,
Балаага башың салбачы!
Ушул түшүм опкон түш,
Жүрөгүм башы копкон түш!»
Безеленип белсенип,
Пери ургандай теңселип.
Айчүрөк турду буркурап,
Айтып сөзүн чуркурап.

КАНЫКЕЙДИН СӨЗҮ

«Атасынан бабасы,
Айткан тилди албаган,
Айтканынан жазбаган!»
Болбогону ушу деп,
Ак күмбөзгө кирдирбей,
Бара турган тушу деп.
Мен айтамын бир сөздү,
Көңүлгө алгын куу сөздү!
Ак күмбөзгө барганда,
Ар керемет көрүнөр,
Көргөндө көөнүң бөлүнөр!
Букардан жетим келгенде,
Ак күмбөздү көргөндө,
Кулак салгын сөзүмө,
Ак күмбөздүн өзүнөн,
Ар бир түрдүү шумдуктар,
Көрүнгөн шумдук өзүңө!
Ошо белги көрүнсө,
Кудай бизге бергени,
Көрүнбөсө ал белги,
Анда кудай урганы!
Атаңдан калган жез казан.
Бээнин этин салганда,
Ак көбүктөп кайнаса,
Анда кудай бергени,
Кара көбүк кайнаса,
Анда кудай урганы!
Башка айтар сөзүм жок,
Токтоп турар кезим жок!
Ишиңди кудай оңдосун,

Жолуңду кыдыр колдосун,
Жолборс атаң колдосун!
Аман барып соо келгин.
Алакан жазып кол ачып,
Батасын берди Канықей,
Атка камчы шарт уруп,
Абасы Бакай Сары хан,
Алда деп жүрдү Семетей.
Астындагы тулпарды,
Атырылтып аргытып,
Артынан чаңын быргытып.
Ак күмбөзгө барышты,
Курандан аят окушуп,
Алакан жазып кол ачып,
Арстан эрге багыштап,
Бата кылып салышты.
Кыбыланы каратып,
Арстан эрге багыштап,
Бата кылып салышты,
Ак шамшар менен чалышты,
Жез казанга суу куюп,
Бээнин этин салышты.
Канчоро менен Күлчоро,
Отун терип от жагып,
Отурбастан бат жагып.
Кайнады казан шаркырап,
Үстүн байкап карашса,
Кара көбүк баркырап.
Күмбөздөн белги болбоду,
Акыр бул иш оңбоду!
Ал аңгыча Канчоро.
Бугу көрдүм тоодон деп,
Чаап чыгып барганы.
Күтүп жаткан Кыязга,
Барып кабар салганы.
Добулбасты карс коюп,

УРУШ

Мылтык атып тарс коюп.
Жедигердин көп колу,
Жедигерлеп бакырып,
Багыштап ураан чакырып,
Тозоңун тоонун сапырып,
Ак күмбөздү карата,
Аламан койду жапырып.
Кокусунан жоо келди,
Ойго келбес доо келди.
Ак күмбөздө баатырлар,
Абыр-шабыр ат минип,
Аялдабай бат минип.
Аламан койгон көп колдун,
Алдынан тозо барышып,
Арстандар уруш салышып.
Арстан төрө Семетей,
Алгараны аргытып,
Артынан чаңын баргытып.
Сыр найзаны сундуруп,
Манастап ураан чакырып,
Доошу кулак тундуруп.
Орто жерин Семетей,
Оюп кирген жери ошол,
Оң тарабын Күлчоро,
Союп кирген жери ошол!
Сол тарабыг Сары хан,
Чоюп кирген жери ошол!
Камбардын уулу Канчоро,
Кара нээт ит чоро,
Асмандан жылдыз жошулуп,
Эчак кетип калыптыр,
Жедигерге кошулуп.

Канчоронун табасы,
«Кандайсың канкор жайың деп,
Ушундай белең шайың деп.
Тең көрбөсөң чороңду,
Ийиндеш өскөн жороңду!
Дөбөт иттей үрөсүң,
Ар качандан бир качан,
Күлчоро дейсиң жүрөсүң!
Суркоен атты бересиң,
Калмактан келген бир кулду,
Менден өйдө көрөсүң!
Ар качандан бир качан,
Кеп-кеңешти жашырып,
Кесириңди ашырып.
Хан Коңурбай өлгөндө,
Алгарадай тулпарды,
Олжо болуп келгенде,
Анда качан тең кылдың,
Ушу менин өзүмдү,
Аябастан кем кылдың!
Ардыгым аттан чоң болуп.
Ичим жалын чок болуп,
Ошондо да Канчоро,
Сабыр кылдым токтолуп.
Жоону бирге жоолаштым,
Доону бирге доолаштым!
Чалгынды бирге чалыштым,
Чаңдатып жылкы алыштым,
Күлчородой кулуңдан,
Кай жерде өзүм калыштым!
Кызматты бирге кылыштым,
Кызы талак канкор кул,
Кыйшайып качан жылыштым!
Кылычтын мизин жалаштым,
Кыямат жайга караштым,
Кызматтан качан талаштым!
Тоорумду бирге тооруштум,
Качан көөнүң ооруттум!
Тозок отко сен күйүп,
Ар качандан бир качан,
Көңүлүмдү ооруттуң!
Аткан мылтык огумду,
Канчородон көрө тур,
Как ушундай сонунду!»
Арстандын уулу Семетей,
Сары хан менен Күлчоро,
Мылтык менен көп атып,
Жакын кирип келгени,
Найза сайып кулатып.
Кылычын кайсалап,
Бир канчасын майдалап.
Чамбыл ала чаң кылып,
Кыйырына келген душманды,
Кызыл ала кан кылып.
Ак найза учун май кылды,
Аламан койгон жедигер,
Алты миңин жай кылды.
Жебенин огун май кылды,
Жедигердин элинен,
Жети миңин жай кылды.

КЫЯЗ

Эртеги өткөн Толтойдун,
Иниси Кыяз эр экен,
Кылымдан чыккан бу дагы,
Кара кулак шер экен.
Башын көрсөң Кыяздын,
Он эки карыш казандай,
Айкырса үнү арстандай.
Эки ийиндин ортосу.

Он эки карыш келгидей,
Ар кандай дөө болсо да,
Беттеше келсе жегидей.
Кара кочкул өңү бар,
Мен менсиген дөөлөрдү,
Коен чапкан немедей,
Ала турган жөнү бар.
Мурду кырдач, көзү үңкүр,
Тулку боюн караса,
Тоодон түшкөн бир сеңир,
Бул сыяктуу дөөлөрдү,
Жараткан экен бир теңир!
Сакал менен муруту,
Айгырдын кылчык жүнүндөй,
Бетиндеги чырымтал,
Ажыдаардын түгүндөй.

ТООТОРУ

Кыяздын аты Тоотору,
Анын жайын айтайын,
Айта түшүп кайтайын.
Чымкый тору ыраңы,
Жылкыдан башка сыягы.
Чоңдугу тоодой мал экен,
Жолу каткан Тоотору,
Далысында доңуздай,
Баары жогун билүүчү,
Адамча ээси бар экен.
Түштүк жерден дүбүртү,
Ашпай-шашпай угулган,
Дүбүртүнөн азуулу,
Чуркай албай кайсалап,
Жүрөгү оозго тыгылган.
Жедигердин Кыяздын,
Айкырык үнү таш жарып,
Кыйкырык үнү баш жарып.
Жеке-жеке-жекелеп,
Семетейди мекелеп.
Ак найзасын сундуруп,
Айгай кулак тундуруп.
Семетейди беттеген,
Мурунтадан Кыяздын,
Беттешкен жоосу кетпеген.
Кабылан төрө Семетей,
Алгарага камчы уруп,
Сыр найзаны сундуруп.
Манас-Манас бакырып,
Манастап ураан чакырып.
Маңдайлаша кеткени,
Сыр найза учу жеткени,
Тоодой болгон эр Кыяз,
Тоотору тулпардан,
Томолонуп кеткени.
Кабылан төрө Семетей,
Ачалбарсты алгыча,
Башын чаап салгыча,
Каран калган Алгара,
Мурунку кекти кектеген,
Кайра кетенчиктеген.
Мына ошондо эр Кыяз,
Оңолуп атка мингени,
Тооторуга камчы уруп,
Ойкучтап жолго киргени.
Каран калган Алгара,
Кары кекти эскерип,
Камчыласа баспады,
Кара кырды ашпады.
Кара тер басып камыгып,
Кара бою нымыгып.
Малдан аяр Алгара,

Таноосунан буу чыгып,
Тар колтуктан суу чыгып,
Шалдырап жүрбөй калыптыр,
Алгара жүрбөй калганда,
Эр Кыяз көрө салыптыр.
Алгарыны камчылап,
Эр Семетей дөө калды,
Ак келтени таянып,
Боз сеңирде жөө калды.
Бир атарга дары жок,
Бит сыгарга кары жок.

СЕМЕТЕЙДИН ӨЛҮМҮ

Мына ошондо эр Кыяз,
Тооторуну имерип,
Семетейди карата,
Найзанын учун жиберип.
Боорго сайып өткөнү,
Найзанын учу коройуп,
Сыртынан чыгып кеткени.
Семетей жерге кулады,
Узунунан сулады.
Оозунан түтүн бурады,
Мына ошондо эр Кыяз,
Башын кесип алууга.
Арым уруп чурады.
Ана-мына дегиче,
Ачып көзду жумгуча,
Кара туман аркырап.
Кар, борошо аралаш,
Катуу жүрдү зыркырап.
Ат айлангыз күн болду,
Кун карңгы түн болду.
Калың колдун баарысы,
Бирин-бири көрбөдү,
Кокту менен колотту,
Жан талашып токтобой,
Бет-бетинен өрдөдү.
Күнү-түнү жети күн,
Кар-борошо басылбай,
Жааган күнү ачылбай.
Кокту-колот тыгынды,
Майда малдан калбастан.
Баары жогу кырылды.
Тоо-тоонун баары муз болду,
Жайдын күнү кыш болду,
Жедигердин кошуну,
Ушундай күнгө туш болду.
Семетейдин өлүгү,
Калды каптал сеңирде,
Кабылан Бакай, Сары хан,
Жалбарып ыйлап теңирге.
Семетейдин жанына,
Азуулуну жолотпой,
Кумайык турду бакалап,
Канаттууну жолотпой,
Ак шумкар турду сабалап.
Күлчоро менен Сары хан,
Оңго ооп бир атып,
Ар атканда жазбастан,
Онун катар сулатып.
Солго ооп бир атып,
Солтондорун сулатып.
Эки күнү, эки түн,
Катарынан урушту,
Калың кара кошунга,
Алдырбастан турушту.
Бараңдын огу жеткени,
Эр Сары хан баатырдын,

Көзүнө ок жаңылып,
Башын бузуп өткөнү.
Сары хан баатыр ошондо.
Туучунактан кулады,
Кара жерге сулады.
Эр Сары хан өлгөнү,
Кыяматты көргөнү.
Күлчоро жүрөт майышып,
Жалгыз өзү сайышып.
Көөдөгө батпай көп санаа,
Көзүнүн жашы он талаа.
Канатынан кайрылды,
Хан абасы Сары хан,
Кабылан төрө агасы,
Семетейден айрылды.
Каран калган Суркоен,
Эски кеги ичинде,
Кечки салкын бешимде,
Ичин тартып болоктоп,
Буда жүрбөй калыптыр,
Алда таала-кудурөт,
Азапты башка салыптыр.
Ала-Тоонун чокуга,
Арыш уруп жөө чурап,
Качып чыгып Күлчоро,
Акылынан айрылып,
Шашып чыкты Күлчоро,
Абакелеп өкүрүп,
Ыйлап чыкты Күлчоро,
Кара жанын карч уруп,
Кыйнап чыкты Күлчоро.
Арстан туулган Күлчоро,
Чокуда туруп атышты,
Кызыл канга батышты.
Ок-дарысы күбүлдү,
Ойрон жандан түңүлдү.
Канчоро жүрөт акырып,
Кара жолтой Күлчоро,
Кайдасың деп бакырып.
Күлчоронун кутуда,
Бир атым дары калбады.
Канчоро капыр баш болуп,
Алың кара жедигер,
Камалып курчап турушуп,
Темир торго түшүрүп,
Күлчорону кармады.
Күлчоро торго чалынып,
Азапка башы чоголуп,
Жакындан душман табылып,
Боздоп ыйлап сабылып.
Аны кое салалы,
Сеңирде калган Семетей,
Андан кабар алалы.
Боз сеңирде Семетей,
Айдай бети кубарып,
Айнектей көзү тунарып.
Күндөй бети кубарып,
Кундуздай көзү тунарып.
Өлүү десе тирүүдөй,
Тирүү десе өлүүдөй.
Жатып калган тушунда,
Айчрөктүн төркүнү,
Көй-каптагы перилер.
Келген экен ушунда.
Семетейди сеңирден,
Перилер алып кеткен дейт,
Көй-Кап тоого жеткен дейт,
Өлгөндүгү жалган дейт,
Адамзаттан оолактап,
Кайып болуп калган дейт.
Каарын төгүп Канчоро,
Эр Кыяздап баркырап,

Багыштап ураан чакырып.
Семетейдин ордого,
Жетип чабуул коюптур,
Кара нээт ал капыр,
Кара боорун өлтүртүп,
Кара канга тоюптур.
Семетейдин түмөн мал,
Баарын айдап жайдырып,
Өз билгенин кылдырып.
Малдын баарын топтотуп,
Баарын алды логлотуп.
Казына оозун ачтырып,
Катындарды таптырып.
Бакайды байлап алыптыр,
Балаага башын салыптыр.
Куур тон менен куур шым,
Хан Бакайга кийгизип,
Чөптөн курган алачык,
Алып барып киргизип.
Каныкейди какшатып,
Аргын менен ногойду,
Баш көтөртпөй аксатып.
Каныкейди Канышты,
Музоо артынан салганы,
Кара тумшук Канчоро,
Кылбаганы калбады.

КАНЧОРОНУН ХАН БОЛУШУ

Тоюна токсон сур союп,
Баарысын бирдей кур союп.
Ак сары башыл койлордон,
Алты жүздөй кой союп,
Ааламдан ашкан той союп.
Кымыздан арак тартылып,
Аземи башка артылып.
Тамаша менен таң атып,
Күлкү менен күн батып.
Жедигер журту күңгүрөп,
Жер көчүрүп дүңгүрөп.
Эр Канчоро баатырды,
Ак кийизге салды ошол,
Жети айланып көп колду,
Аргын менен ногойго,
Кан көтөрүп салды ошол.
Кожо молдо жайдырып,
Эр Канчоро баатырга,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Тал түштө нике кыйдырып.

КЫЯЗДЫН АЙЧҮРӨКТҮ АЛГАНЫ

Жедигердин Эр Кыяз,
Кылымды бузган шер Кыяз.
Эр Семетей султандан,
Төбөсүнөн баскан соң,
Төрт түлүгүн чачкан соң,
Эми Кыяз кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Акундун кызы Айчүрөк,
Тийсин мага» – деп айтат.
Тийсин Чүрөк өзүмө,
Кулак салсын сөзүмө!
Тийбейм десе соёмун,
Кара көзүн оёмун.
Канын ичип тоёмун!
Тийсе каныш болору,
Карк дөөлөткө толору,
Аныктан анык оңору!
Андай сөз айтып имерди,

Айчүрөктүн өзүнө,
Сөздүн жөнүн билчүүдөн,
Арачылар жиберди.
Арачылар барыптыр,
Кыяздын айткан сөздөрүн,
Чүрөккө айтып салыптыр.
Акундун кызы Айчүрөк,
Амалы артык чоң дүмөк.
Арачыга кеп айтат:
«Алар болсо эр Кыяз,
Аргын ногой элимди!
Күлчорону сойбосун,
Канын ичип тойбосун!
Бул айтканым кылбаса,
Аккуу кейпин мен кийип.
Азыр учуп кетемин,
Көй-Каптагы периге,
Көз жумганча жетемин!»
Жедигердин эр Кыяз,
Арачыдан кеп угуп,
Айчүрөк сөзүн бек угуп.
«Айтканына көнөмүн,
Акундун кызы Чүрөктүн,
Ар тилегин беремин!
Булдурбөйм Талас жерин мен,
Аргын, ногой эки журт,
Бүлүнтпөймүн элин мен!
Казынасын албаймын,
Калкына азап салбаймын!
Айтканымдан жанбаймын!»
Ак селдечен кожолор.
Дарс окууган молдолор.
Кутпанын сөзүн куп окуп,
Ият менен адисти,
Арпы менен жуп окуп.
Айчүрөк менен Кыязы,
Никени кыйып салды дейт,
Акундун кызы Чүрөктү,
Эми Кыяз алды дейт.

АЙЧҮРӨКТҮН КӨЧҮШҮ

Кызыл куйрук нарларга,
Семетейдин ордодон,
Кымбаттуу дүйнө арттырып,
Керней-сурнай тартырып.
Кызыл байрак туу менен,
Кылкылдаган жедигер,
Кыйкырык улуу чуу менен,
Жер солкулдап чайпалат,
Акундун кызы Айчүрөк,
Айтылуу Талас жеринен,
Аргын, ногой элинен,
Көчүп чыкты жайкалып.
Аргын, ногой буркурап,
Айчүрөк менен коштошуп.
Жер көчүрүп чуркурап.
Аргын, ногой күйүнүп,
Жедигер калкы сүйүнүп.
Манастын туусу жыгылып,
Аргын менен ногойдун,
Жүрөктөрү оозуна,
Аптыгып келип тыгылып.
Аргын, ногой эки журт,
Айчүрөтүн өзүнө,
Амандашып коштошуп,
Айры төөдөй боздошуп.
Канык ей келди чыркырап,
Колунан алып Чүрөктү.
Кайгы сөз айтып буркурап.

«Кош аман бол Айчүрөк,
Келе бери колуңду,
Оңдосун кудай жолуңду!
Ой кулунум Айчүрөк,
Кандай жорук баштадың,
Мен Канықей бей таалай,
Аны кимге таштадың!
Тирүү жүрбөй мен эми,
Ичиме бычак салайын,
Арстандан калган белектен,
Ажырап кантип калайын!
Жалганда куурап жүргүчө,
Акырет жайга барайын!
Маңдай сөөгү кайкы деп,
Баатырдын көзү өткөн соң,
Күн көрөрү тайкы деп.
Желке чачы жүндүр деп,
Арстандын көзү өткөн соң,
Азапка туулган күңдүр деп.
Көкөтөйдүн ашында,
Абакем Кошой айтты эле,
Ошол сөзү келиптир,
Кудай таала кудурөт,
Кууралды башка бериптир!»
Анда Айчүрөк мындай дейт:
«Кудайдын салган буйругун,
Бенде чиркин көрбөйбү,
Ажал алса жакадан,
Алам саат кидирбей,
Акырет жайды көрбөйбү!
Бөөдө энеке өлбөгүн,
Акырет жайды көрбөгүн!
Алты айлык бала боюмда,
Айланайын энеке,
Айтканымды алгын оюңа!
Эркек болуп эр болсо,
Атасын тарткан шер болсо.
Өткөн өчтү алуучу,
Кара жолтой Кыяздын,
Өлүмгө башын салуучу!
Өз билгениң кыларсың,
Анда мейлиң энеке,
Кыямат жайга жыларсың!
Эркек болсо бул бала,
Акыл менен багармын,
Жедигердин Кыязга,
Алдап-соолап жагармын.
Он эки жашка келгенде,
Ата жөнүн билгизип.
Айтып жолго киргизип,
Кудай берсе бадикти,
Кыяздын эбин табармын!»
Канықей менен коштошуп,
Айры төөдөй боздошуп.
Айчүрөк кетти Жет-Кайтка,
Кудай башка салган соң,
Канықей калды Таласта.
Темирден торго чалынып,
Карып болуп Күлчоро,
Абасынан айрылып.
Боздоп кетип баратат,
Эки көздөн аккан жаш,
Көл-дарыя-сел болуп,
Тоздоп кетип баратат.
Кудайдын салган буйругун,
Көрүп кетип баратат,
Кыяздын кылган ишине,
Кайран арстан Күлчоро,
Көнүп кетип баратат.
Сары-Өзөн, Талас жер калды,
Самсып жаткан Таласта,
Аргын, ногой эл калды!

Карып болуп Таласта,
Аксакал Бакай чал калды,
Каракан кызы Канықей,
Кайгылуу болуп ал калды.
Камбардын уулу Канчоро,
Эр Кыязга кеп айткан,
Кеп айтканда деп айткан:
«Кара жолтой Күлчоро,
Күлчорону эр Кыяз,
Өлтүрбөстөн житирбей,
Жарым жан кылгын» – деп айткан.
Жедигердин Эр Кыяз,
Жери Жет-Кайт жерине,
Жедигердин элине.
Жетип тынчтык алганы,
Күлчоронүн далысын,
Далыдагы кечирин,
Кестирип таштап салганы.
Жарым жан кылып чорону,
Жылкычыга бергени,
Башына келген балааны,
Күлчоро шордуу көргөнү.
Отун алып суу куюп,
Жылкычыга кул болду,
Көргөн күнү бул болду.
Кементай кийди үстүнө,
Чокой кийди бутуна.
Жылкычынын кордугун,
Күлчоро көрдү зордугун,
Жылкычынын мазагын,
Күлчоро тартты азабын.
Каарданса жылкычы,
Күлчоронун өзүнө,
Чылгый тери ийлетип,
Кеч киргенде чорону,
Калмак кылып бийлетип.
Жөндүү тамак бербестен,
Челек-челек суу ичирет,
Аманат жандан кечирет.
Каарына алганда,
Караңгы үйгө каматат,
Камчылатып сабатат.
«Абакеси арстан өлбөй кал,
Аркаңда калган Күлчоро.
Бул өңдөнгөн кордукту,
Бендесине бербей кал!
Көкүрөктө чымындай,
Жаным турат аманат,
Чороңду салбай кордукка,
Арстаным абам ала жат,
Этим калды көк жашык,
Каным калды бир кашык!
Булкунсам чыгып кете албас,
Тордо калды Күлчороң,
Маңдайынан арылгыс,
Шордо калды Күлчороң!
Эгерим туйлап чыккысыз.
Тереңдиги кырк кулач,
Ордо калды Күлчороң!
Канықей энем какшады,
Аргын, ногой аксады!
Абам Бакай куурады,
Атаңа наалат Канчоро,
Аргымак минип дуулады!
Аргын менен ногойго,
Канчоро арам баш болуп,
Арстандан калган кайран эл,
Ачылбай оозу таш болуп,
Көздөрүнөн акканы,
Кан аралаш жаш болуп.

ЭЛДИН АРМАНЫ

Аргын, ногой буркурап,
Жер көчүрүп чуркурап.
Калайык ыйлап кан ыйлап,
Кары, жашы баары ыйлап.
Томолонгон бала ыйлап,
Кайың, терек, тал ыйылап,
Тоодогу жүргөн кайберен,
Канаттуу куштар бүт ыйлап.
Жер силкинип токтобой,
Төрт түлүктүү айбан мал,
Жерден чөптү оттобойт.
Баарысы аса күткөнү.
Каран калган кара жер,
Калыңдыктан түткөнү.
Төөлөр боздоп буркурап,
Иттер улуп чуркурап.
Койдун баары маарашып,
Уйдун баары мөөрөшүп.
Кишинеп жылкы дүңгүрөп,
Тоо таштардын боорунан,
Шамал чыгып күңгүрөп.
Күндүн бети тутулуп,
Айдын бети бузулуп.
Атпай журттун баарысы,
Эл эскирип өткөргөн,
Акылы артык карысы.
Карылары кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Айкөл Манас султандын,
Түп атасы Бөйөн кан,
Бөйөндөн чыккан душманды,
Бөлөк жүргөн душманды,
Ичине салган бушманды.
Бөйөндөн Чаян болду эле,
Чаян кандын тушунда,
Аргын менен ногойдун,
Дөөлөтү көлдөй толду эле,
Бет алышкан жоолордун,
Ичине деми толду эле.
Чаян кандан Кара кан,
Кара кандын тушунда,
Качып кирер көр таппай,
Кара ногой калкынан,
Качып душман тараган.
Кара кандын өзүнөн,
Какбаш Жакып туулган,
Какбаш Жакып тушунда,
Алты сан аргын көп ногой.
Кара кытай – манжуга,
Алдырып салып бээлебей,
Башына түшкөн чуулган!
Арстан Манас кабылан,
Кең Алтайда туулуп,
Кезекти кудай бергенде,
Кара калмак-манжуулар,
Ала-Тоодон куулуп,
Алдагы иши оң болуп,
Атышкан душман кор болуп.
Конуп өткөн жерине.
Короолоп чынар орноду,
Кожо сандар колдоду,
Кокусунан чалдырып,
Кордук күн мындай болгону!
Түнөп өткөн жерине,
Түптүү чынар орноду,
Түбүнөн кудай оңдоду,
Түк кабынан чалдырып,
Дүмөк күн мындай болгону!

Айчүрөктүн боюнда,
Алты айлык күмөн бар экен,
Эр Манас баатырга,
Абалтан кудай бар экен,
Атасынан баласы,
Ар кылган иши шар экен!
Түгөндү деп турабыз,
Түгөнбөй кайра түтөйт го,
Түптүү шердин тукуму,
Түбүнөн кайра күчөйт го,
Арстан Манас тукуму,
Тентип жүрүп кайрылмак,
Теңдешкен душман баарысын,
Теңирден жардам болгондо,
Тели болгон жылкыдай,
Телмиртип күнүн тар кылмак.
Качып кетип кайрылмак,
Каардуу душман баарысын,
Кайрылып кайта келгенде,
Кашайтып күнүн тар кылмак.
Мураз болуп кетти го,
Ушундай буйрук жетти го!
Акун кандын Айчүрөк,
Амалы артык чоң дүмөк!
Акун кандын Чүрөгү,
Асты бекер жүрөбү!
Арстан Манас баатырдын,
Арбагы азыр бар болсо,
Алда таала жар болсо.
Айчүрөк табар бир амал,
Туз арамы Канчоро,
Алаптаган эр Кыяз,
Жүргүзөр чапкан чоң шамал!
Эркек туулса эр болор,
Атасынан өөдөрөк,
Кара кулак шер болор!
Өзөндүү жерди май кылар,
Өкүмсүгөн душманды.
Өз тушунда жай кылар!
Жамгырчы кандын Ормонбек,
Жасалуу жоого коргон бек.
Ормонбек сөздү баштады,
Душмандарга угузбай,
Акырын айтып таштады,
Ормонбек элге кеп айтат,
«Ой калайык» – деп айтат:
«Түндө жатып түш көрдүм,
Түшүмдө кызык иш көрдүм!
Кең Таластын өзөнүн,
Кара туман каптады,
Карыш бир жер көрүнбөй,
Кадамдап адам баспады.
Ага катар сел жүрдү,
Суук шамал тең жүрдү.
Бир убакта карасам,
Күн жаркырап чыкканы,
Сел токтолуп ошондо,
Суук борон кайтадан,
Шашкеликке ыктады.
Мына ошондо карасам,
Калың кара жедигер,
Каарман баатыр эр Кыяз,
Каарданып киргенде,
Ал Кыязды ким тыят.
Тооторуну мойнотуп,
Аргын менен ногойдун,
Кез келгенин сойлотуп.
Канчоро жүрөт бакырып,
Кыяздап ураан чакырып,
Ал аңгыча болбоду,
Аларды кудай оңдоду:
Үч-Кошойдун бөксөдөн,

Алтымыш кулач ажыдаар,
Заарын төгүп заркырап,
Казандай көзү жаркырап.
Ажыдаар сойлоду,
Ышкырыгы таш жарып,
Заарлары баш жарып.
Жедигердин колун,
Бир демге калбай соргону,
Калың кара жедигер,
Тешик таппай ошондо,
Жан куткарып коргонду.
Туура жактан ошондо,
Кара чаар кабылан,
Кабылан кирди чамынып,
Кара кулак арстан шер,
Канчоро менен Кыязга,
Качырып кирди камынып.
Канчоро менен Кыяздын,
Катар башын чалганы,
Баштарынан айрылып,
Тулку бою калганы.
Бул эмине болуучу.
Ак сакалдуу карылар,
Бул түшүмдү жооручу!
Айчүрөк тууса эрди тууйт,
Кара кулак шерди тууйт!
Он эки мүчө теңди тууйт,
Оң далысы кеңди тууйт,
Ойротту бузар шерди тууйт!
Аман туулуп чоңойсо.
Талкан кылат душманды,
Кылганын башка жеткирип,
Ичине салып акыры,
Эригисиз бушманды!
Өткөн өчтү алар дейм,
Өкүлдөгөн душмандын,
Өз кылганын башына,
Өткөрбөстөн салар дейм!
Кеткен кекти алар дейм,
Кеңирсинген душмандын,
Кезекти берсе бир кудай,
Кейишке башын салар дейм!
Алдырабай калың журт,
Акылды кенен курайлы,
Алда таала-кудайдан,
Арстандан тукум калтыр деп,
Как ошону сурайлы!
Берсе кудай тилекти,
Дөөгүрсүгөн душманга,
Кычашкан жериң кайсы деп,
Түрүнөлү билекти!
Курандан аят окуйлу,
Кутуруп жүргөн душмандын,
Шыпырып мээсин чокуйлу!
Кудайдын салган ишине,
Азыр моюн суналы.
Күмөн бар деп Чүрөктө,
Ичибизден тыналы!
Ай караңгы болгондо,
Түн ушундай турбайбы,
Арстан эрден айрылдык,
Алда башка салган соң,
Күн ушундай турбайбы!
Кайгыра берип нетели,
Сабырдын түбү сары алтын,
Сабырлык менен жетели!
Башка келген балаага,
Байгамбарлыкка сабырды,
Жан бүткөндүн баарысы,
Кара жерге кагылды!
Азирет Аалы шер кудаа,
Чын казасы жеткенде,
Капырлардан жыгылды,
Кара жерге тыгылды!»

БАКАЙДЫН АРМАНЫ

Байдын уулу эр Бакай,
Кара кулак шер Бакай,
Акылга дыйкан кең Бакай.
Арманын айтып боздоду,
Наалып алып токтоду,
Арстан Манас жан достун,
Акыреттик болжошум,
Бакайды койбой ала көр,
Коюнуңа сала көр!
Ой Семетей кулунум,
Найзадан калган белегим!
Бозала тунжур болпоңум,
Болумдуу туулган чолпонум!
Ийнеден калган учугум,
Жолборстон калган артында,
Кара чаар күчүгүм!
Көлдөн калган чалчым,
Дайрадан калган булагым,
Өчтүбү менин чырагым!
Кара-шаар камбылды,
Камаганда өлбөдүм,
Кара кытай манжуунун,
Амал менен дотайын,
Карсылдатып курган жан,
Сабаганда өлбөдүм!
Калдыратып жамбысын,
Санаганда өлбөдүм!
Кудайдын берген багында,
Курдашым Манас барында.
Теңирдин берген багында,
Теңтушум Манас барында!
Акылды артык курганда,
Алты миң жамбы миң кундуз,
Айда салып Кокондон,
Алым алып турганда!
Жетик акыл курганда,
Жетимиш жамбы миң кундуз,
Айда салып кытайдан,
Жетик алып турганда,
Мында өлбөй не болдум,
Куудай сакал агында,
Куруп калган табымда,
Бул жорукту не көрдүм!
Жашым кетти узарып.
Кузгундай көзүм кызарып!
Сексенге келген жашымда,
Сексейген аппак башымда,
Канатымдан кайрылдым,
Кара жолтой мен Бакай,
Каралдымдан айрылдым!
Байлоодо калды көлүгүм,
Эми көмүлбөй калды өлүгүм!
Башыма түштү аламат,
Баатырым Манас ала жат!
Айланайын жалгызым,
Алты өзөн толгон мал калды,
Алды канча үй толгон,
Алтын күмүш зар калды,
Аксакалды арбайтып,
Аркаңда Бакай чал калды!
Сары-Өзөн, Талас жер калды,
Санга толгон санаты,
Аргын ногой эл калды!
Айчүрөк Каныш жар калды,
Аттанып кеттиң чолпонум,
Талак кылып жалганды!
Аркаңда калган бир күмөн,
Күмөнүң орун басабы,

Күйүттүү черди жазабы!
Аргымак үздү боолугун,
Арамдан бүткөн Канчоро,
Алдын ала билбедиң,
Ал арамдын жоолугун!
Тобурчак үздү боолугун,
Токтоп байкап билбедиң,
Тозоку иттин жоолугун!
Шаатемир кызы Чачыкей,
Катындын сырын билбедиң,
Кандай деп көзгө илбедиң!
Катын болду душманың,
Кара жолтой мен,
Кардымда калды бушманым!
Тууганың болду душманың,
Тумшугу жок мен Бакай,
Тушумда кетти бушманым!
Аргын, ногой ыйлады,
Аксакал Бакай абакең,
Арстаным сенин айыңдан,
Азаптуу жанды кыйнады!
Акылыңдан сен шашып,
Атадан калган ак олпок,
Ак олпок тонду чечиндиң,
Тайбурул берип тартууга,
Аманат жандан кечиндиң!»

КАНЧОРОНУН КЫЛЫГЫ

Семетейди сойдуруп,
Тындым кылып койдуруп.
Канчоро журтка кан болуп,
Кандыгы журтка даң болуп.
Кандыгын журтка ашкере,
Дайын кылып Канчоро,
Шаатемир кызы Чачыкей,
Айым кылып Канчоро.
Өз билгенин Таласка,
Кылмак болду Канчоро,
Ак сакалдуу Бакайдын,
Сакал менен мурутун,
Жулмак болду Канчоро,
Адам кылбас бузукка,
Бармак болду Канчоро.
Семетей атын айтканда,
Соймок болду Канчоро,
Кара көзүн кашайтып,
Оймок болду Канчоро,
Кара канга абыдан,
Тоймок болду Канчоро.
Калың кара мал менен,
Канчалык дүйнө зар менен.
Айчүрөк берип Кыязна,
Жаккан отун өчүрдү,
Жет-Кайттагы жедигер,
Жедигерге көчүрдү.
Айчүрөктү токтоосуз,
Жет-Кайт жерге кетирди,
Же том бузук Канчоро,
Ченебей кылды кесирди,
«Бакайды баалуу дебейсиң,
Канык ей айым дебеске,
Аргын менен ногойду,
Аябастан жекирди.
Башы кетет өлүмгө,
Малдары кетет бөлүмгө,
Аргын, ногой угуп кой,
Арадан бирөөң айтканың,
Эгерим көзгө көрүнбө!
Манасты айтып мактаба,
Күлчорону жактаба!

Колдорду куушур бооруңа,
Канчоро менен Чачыкей,
Бул экөөнүн дооруна!
Азыр ушу күнүмдө,
Айтсам сөзүм ылайык,
Семетейди сергилтпей,
Союп салдым чунайтып.
Мындай кийин калың журт,
Канчорону эр дегин,
Кара кулак шер дегин!»
Алып келип Бакайга,
Куурдан тон, шым кийгизди,
Тыйпыл жулуп сакалын,
Чөптөн кылган алачык,
Алачыкка киргизди,
Арамдан бүткөн Канчоро,
Атпай журттун алдында,
Арамдыгын билгизди.
Каныкейдей Канышка,
Кара кийиз кементай,
Каарын салып кийгизди,
Кара жолтой Канчоро,
Калың журттун алдында,
Каапырлыгын билгизди.
Музоо, торпок артына,
Салып койду Канышты,
Кандын айымы Каныкей,
Кайгыман бай ашкере,
Кадыр алда-кудайга,
Канчалык кылып наалышты.
Айчүрөктүн ак ордо,
Чачыкейге калганы,
Армандан бүткөн Канчоро,
Аргын менен ногойго,
Кылбаганы калбады.

КЫЯЗДЫН ЖЕТ-КАЙТКА БАРГАНЫ

Багыштын уулу эр Кыяз,
Душманын сойгон шер Кыяз.
Семетей атын өчүрүп,
Семетейдин көп дүйнө,
Олжого алып Чүрөктү,
Жет-Кайтка келди көчүрүп.
Жер союлуп былкылдап,
Жедигер эли кылкылдап.
Олжого мысыр болушуп,
Жер союлтуп жедигер,
Жетип Жет-Кайт конушуп.
Ай туякка бээ союп,
Ак сары башыл кой союп,
Жедигердин эр Кыяз,
Кубангандан тай союп.
Казынасын ачтырып,
Алтын менен күмүштөн,
Карып менен мискинге,
Кайыр кылып чачтырып.
Ала-Тоодой эт кылып,
Ала-Көлдөй чык кылып.
Тоюнбаган тоюнуп,
Топтогон малдар союлуп.
Керней сурнай тартылып,
Келбети башка артылып.
Ырчылар ырын ырдашып,
Сынчылар сынын сындашып,
Тыңчылар тыңын тыңдашып.
Жедигердин эр Кыяз,
Калың журтка кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Калың кара көп журтум,

Сөзүмдү уккун» – деп айтат.
Манас кандай шер эле,
Семетей кандай эр эле!
Беттешкенди мерт кылган,
Жердин жүзүн өрт кылган.
Атам Багыш, Толтойду,
Ал Семетейди сойду эле,
Калың кара жедигер,
Кара көздү ойду эле!
Эркек козу туулганда,
Курмандыкка жараткан,
Эркек бала туулганда,
Намыс үчүн караткан!
Намысым алдым канкордон,
Ааламды бузган анткордон.
Ойрон кылдым Манасты,
Омкордум ордо Таласты!
Семетейди сулаттым,
Күлчорону кулаттым!
Айчүрөк алдым олжого,
Калың кара жедигер,
Кыязды бекер болжобо!
Аргын менен ногойдун,
Абыдан жашын санаттым,
Бээжинден алган олжосун,
Жедигер сага талаттым!
Албаганың калган жок,
Калың кара жедигер,
Сенде кенедей арман калган жок!
Мындан кийин жедигер,
Бармактуу сага батабы,
Тумшуктуу сени чегеби,
Аргын, ногой өлдү го,
Келип бизден кек алуу,
Колдорунан келеби?!»
Мактанып Кыяз турганда,
Ушундай сөздү урганда.
Жедигер журту буркурап,
«Айтканың ырас Кыяз» – деп,
Жер көчүрдү чуркурап.
Жедигер элдин ичинде,
Көптү көргөн сарысы,
Көп жашаган карысы.
Карылары кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Ала көөдөн Кыяздын,
Айтканы кандай? – деп айтат.
Манасты бастым дегени,
Балпайта бокту жегени!
Семетей сойдум дегени.
Сезбестен бокту жегени!
Баатыр Манас султанды,
Башынан кудай колдогон,
Алакандай биз эмес,
Манжуу-кытай сомдогон,
Түбүнөн иши оң болгон,
Түп Бээжинде көп кытай,
Түбүнөн бери сомдологон.
Арбагы азыр Манаска,
Акылың босо башыңда,
Артык сөз айтып жанашпа!
Кесир сөз айтсак кээ болот,
Келер ишти ойлойлу,
Акырысы түбүндө,
Калың кара жедигер,
Итке минип жөө болот!
Айчүрөктүн бар экен,
Алты айлык бойдо баласы,
Төрөсө эркек кокустан,
Эр Кыяздын башына,
Баладан жетер балаасы!
Айчүрөк тегин жан эмес,

Акырысы түбүндө,
Кыязды мойсоп кетет го,
Канын ичип тоёт го!
Кара динден ак болгон,
Кара кытай-манжудан,
Алмамбеттин арбагы,
Дин талашып жат болгон.
Арбагы азыр жар болор,
Алаптаган бул Кыяз,
Алаамат түшсө башына,
Кең дүйнө тар болор!
Айчүрөктү алганы,
Азапка Кыяз калганы.
Айчүрөк алдым дегени,
Акырысы түбүндө,
Алмадай башын жегени!
Алаптап Кыяз эсирди,
Акырысы түбүндө,
Бей момун жаткан бул журтка,
Кылмак болду кесирди!
Чийдирмек болду сызыкты,
Сексендеги чалдарга,
Боорун жерден албаган,
Томолонгон балдарга,
Көргөзмөк боду кызыкты!
Сойдурмак болду касапты,
Жедигирдин башына,
Көргөзмөк болду азапты.
Кезек экөө, кудай бир,
Арстан Манас баатырга,
Артык кесир кылбастан,
Акылың болсо ойлоп жүр!»
Баатыр Кыяз ошондо,
Тамаша менен таң атып,
Күлкү менен күн батып.
Кыяздын көөнү толгону,
Ушу болгон тоюнда,
Таң-тамаша болгону.

КҮРӨШ

Жедигерден бир балбан,
Аргын менен ногойдон,
Алардан чыгып бир балбан,
Ортого күрөш салсын деп,
Жыкканы мөрөй алсын деп,
Жыгылган куру калсын деп,
Жарчылар чыгып жар салып,
Жалпы журтка шар салып.
Тогузу төө, тогуз ат,
Байгесине байлады,
Жыгып мөрөй алсак деп,
Балбанмын деген жигиттер,
Чачырап көзү жайнады.
Жедигердин элинен.
Коконбай деген дөө чыкты,
Ат минбеген жөө чыкты.
Жан казандай башы бар,
Бир дөбөдөй чоңдугу,
Жакжайыңкы төшү бар,
Адам заттан башкача,
Аркы-терки сөзү бар,
Ортого келип очоюп.
Көк жорудай чочоюп.
Армандуу аргын, ногойдон,
Чыгарга балбан жок болду,
Бар турганы он киши,
Байкуштар чоочуп токтолду.
Ал аңгыча болбоду,
Алардын ишин ошондо,
Арбактар азыр оңдоду.

Каратай чыкты камынып,
Алмамбет, Манас шерлердин,
Шейит кеткен эрлердин,
Арбагына жалынып.
Ак суптан күрмө кийинип,
Арбактарга сыйынып.
Арбагы азыр бар болсо,
Арстан Манас колдо деп,
Төлгө кылам ушуну,
Колдогун ушул жолдо деп.
Суп чепкен кийип чыңданып,
Кандагай кийип шымданып.
Билегин турүп камынып,
Басып барды майданга,
Каратай балбан чамынып.
Коконбай турду күр этип,
Аргын, ногой тогуз жан.
Кандай болор экен деп,
Кара бою дүр этип.
Ач билектен алышты,
Майданда күрөш салышты.
Белден алып булкушуп,
Ач бөрүдөй жулкушуп.
Багалектен алышып,
Буттан тооруй чалышып.
Бир убакта Каратай,
Оң жагына караса,
Аккуланы булкунтуп,
«Азыр өлүм кылыгын» – деп,
Айбатын салып жулкунтуп.
Манас келип калганы,
Сол жагына караса,
Саралыны самсытып,
Карма башын жулгун деп,
Алмамбет айгай салганы.
Аркасынан ат коюп,
Ат койгондо бат коюп.
Сыргак келет акырып,
Манастап ураан чакырып.
Арбактарды көргөндө,
Каратай кылды кайратты,
Караган көзүн жайнатты.
Кымтый кармап Коконду,
Калдайтып жерге урганы,
Кайра бакпай Коконбай,
Кадеми катып курганы.
Бели үзүлдү быркырап,
Мээси жерге чачырап,
Жаны кетти чыркырап.
Коконбай өлдү таң болуп,
Жердин бети кан болуп.
Аргын, ногой тогузу,
Каратайдай балбанды,
Балбан көтөр кылышты,
Төлгөбүз оңго ооду деп.
Көңүлу бир аз тынышты.
Жедигердин карысы,
Көптү көргөн сарысы.
Күбүр шыбыр кеп айтып,
Өлүмдүн алды болду деп,
Бир-бирине көп айтып.

ЭҢИШ

Эр эңиштин мөөрөйгө,
Тогуз кур ат, тогуз төө,
Алып келип байлады,
Какылдап жарчы сайрады:
«Жедигерден бир киши,
Аргын менен ногойдон,

Андан чыгып бир киши,
Ортого келип эңишет,
Чабандеси жеңишет.
Жарчынын жарын укканда.
Алып көнгөн Каратай,
Дагы аттанды камынып,
Ач арстандай чамынып.
Аны көргөн жедигер,
Жүрөгүнөн кап кетти,
Билегинен сап кетти.
Эт бышымдай токтолду,
Чыгууга киши жок болду.
«Чыкпасаң бергин мөөрөйдү,
Билесиң чыксаң өлөрдү!»
Ал сөздү айтып Каратай,
Айгай салып акырып,
Жедигерди чакырып.
Каратай кылды кайратты,
Жедигер көзүн жайнатты,
Калың кара жедигер,
Айтканына көнгөнү,
Байгени айдап бергени.
Жедигердин элинен,
Алуунун алды болду деп,
Арстан Манас, Алмамбет,
Арбактары конду деп.
Аргын, ногой он киши,
Ай туякка ат айтып,
Ак сары башыл кой айтып.
Кайра тарты Таласка,
Арбагына дуба окуп,
Акырет кеткен Манаска.

АЙЧҮРӨКТҮН КЫЯЗ МЕНЕН ТУРУШУ

Жедигердин эр Кыяз,
Айчүрөк алып той берип,
Тоюуна толгон эл келип.
Кожо-молдо жайдырып,
Айчүрөктү Кыязга,
Көрүнө нике кыйдырып.
Багыштын уулу эр Кыяз,
Айчүрөктү алды дейт,
Муразга чыгып канды дейт.
Акундун кызы Чүрөк,
Амалы кетип чоң дүмөк.
Жедигердин Кыязын,
Сыйкырлап көзүн байлады,
Катын кылып сүрөттү,
Түн киргенде жаткырды,
Амалын башка ашырып,
Кыяздын шорун катырды.
Сарамжалын шай кылды,
Алдап-соолап Айчүрөк,
Кыяздын көөнүн жай кылды.
Айчүрөктүн өзүнө,
Кыяздын көөнү толду ошол,
Сыр билгизбей эч кимге,
Агарып катын болду ошол.

СЕЙТЕК

ЭСКЕРМЕ

Жедигердин Кыязга,
Колтук ачып Канчоро,
Семетейдей кырааңды,
Өлтүргөнү белгилүү.
Аргын менен ногойго,
Ала-Тоодой кайгыны,
Жеткиргени белгилүү.
Канчоро, Кыяз биригип,
Таласта аргын, ногойду,
Чапкандыгы белгилүү.
Манастан калган казына,
Чачкандыгы белгилүү.
Жедигердин Кыязы,
Күлчоро менен Чүрөктү,
Олжо кылып колуна,
Алгандыгы белгилүү,
Адам көрбөс кордукка.
Салгандыгы белгилүү.
Оң далысын ойдуруп,
Күлчорону жарым жан,
Кылгандыгы белгилүү.
Жедигердин көп колу,
Олжого карк болушуп,
Тунгандыгы белгилүү.
Акундун кызы Чүрөктүн,
Үч айлык бала боюнда,
Калгандыгы белгилүү.
Айчүрөктү алганга,
Эл чакырып, чоң тойду,
Бергендиги белгилүү.
Чачыкейди Канчоро,
Алгандыгы белгилүү.
Каныкей менен Бакайды,
Адам көрбөс азапка,
Салгандыгы белгилүү.
Азуулуу арстан камандай,
Чалгандыгы белгилүү.
Канчоронун Таласка,
Зор болгону белгилүү,
Аргын менен ногойдун,
Кор болгону белгилүү.
Тегереги темирден.
Тор болгону белгилүү,
Маңдайынан арылгыс,

Шор болгону белгилүү.
Аким болуп Канчоро,
Аргын менен ногойду,
Билгендиги белгилүү.
Каш кайтарган ким болсо,
Соорусунан кайышты,
Тилгендиги белгилүү.
Жылкычыга Күлүстү
Биратало кул кылып,
Бергендиги белгилүү,
Жылкычыдан кыйноону,
Күлүстөн Күлүс артыкча,
Көргөндүгү белгилүү.
Күлчоро, Бакай, Канықей,
Курсакта калган баланы,
Күткөндүгү белгилүү.
Сабыр кылып кордукка,
Түткөндүгү белгилүү.

СЕЙТЕКТИН ТУУЛУШУ

Сейтек бойго бүткөнү,
Тогуз айга толуптур,
Акундун кызы Айчүрөк,
Төрөр маалы болуптур.
Акундун кызы Айчүрөк,
Айласы артык чоң дүмөк.
Акун кандын Чүрөгү,
Акыл-айла ойлобой,
Ооз ачып бекер жүрөбү.
Толгоо баштап киргенде,
Оң, сол жакка оңдонүп,
Ойлоп акыл толгонуп:
«Жетилип ичим толду бейм,
Ичимдеги бул күмөн,
Чыгар мезгил болду бейм.
Кыз болсо жаным тынармын,
Эгерде эркек төрөсөм,
Кандай арга кылармын!
Мыкачы Кыяз сойбосун,
Төрөмдөн калган белектин,
Ичип канын тойбосун,
Калың аргын, ногойдун,
Кара көзүн ойбосун.
Амалымды ашырып,
Баламды эптеп жашырып,
Атаңа наалат Кыяздын,
Көзүнө чөптү салайын,
Арстандан калган белекти,
Аман сактап калайын.
Сууга боюн жууюн,
Суп менен белин бууюн.
Асмандан булут тутулуп,
Айдай жүзү бузулуп,
Күүгүмдөн булут тунарып,
Күндөй жүзү кубарып,
Толгоо кирди өзүнө,
От чагылды көзүнө.
Багыштын уулу эр Кыяз,
Кабарчыдан кеп угуп,
Ушу кезде Чүрөккө,
Толгоо кирди деп угуп.
Амалын артык ашырып,
Ар элдеги кемпирге,
Азаматтар чаптырып:
«Чүрөктүн тууган баласы,
Кыз болсо багып алайын,
Эркек болсо эгерде,
Тындым кылып салайын.
Эркек болсо эр болот,
Атасын тарткан шер болот.

Күйүп турган чок болот,
Атылып тийген ок болот,
Ааламды бузган шок болот,
Атышкан эрлер токтолот.
Эрешен тартып эр болот,
Эл уулу менен тең болсо,
Ата жөнүн укkан соң,
Ак болотту майлайт ко,
Акыры мени жайлайт ко,
Кара көзүм оебу,
Ичимдеги кара кан,
Кочуштап ичип тоебу!
Атанын кегин албайбы,
Азапка башым салбайбы!
Азаматтар аттангын,
Колго кылыч, камчы алгын,
Кең өзөн Жет-Кайт жеринен,
Жет-Кайт жерди жердеген,
Жедигердин элинен,
Жезкемпирден жетини,
Желмогуздан экини,
Алып жетип келгиле,
Тапшырып мага бергиле».
Буйрук угуп Кыяздан,
Азаматтар ат минип,
Аялдабай бат минип,
Тогуз мастан кемпирди,
Алып жетип келгени.
Тогуз мастан кемпирге,
Эми Кыяз кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат,
Келгенин Кыяз көргөнү:
«Айткан менин сөзүмдү,
Энелер уккун» – деп айтат.
Энелер уккун сөзүмдү,
Караңар ачып көзүңдү!
Акыл-эсиң жыйначы,
Энелер сөзүм тыңдачы!
Акундун кызы Чүрөктүн,
Адамзаттан башкача,
Амалы артык дүмөктүн,
Ай күнүнө толуптур.
Ушу бүгүн капырдын,
Төрөр маалы болуптур.
Айтканыма көнгүлө,
Багыштын уулу Кыязга,
Адал нийет ой менен,
Кызмат кылып бергиле.
Айчүрөктү энелер,
Бек кайтарым алгыла!
Кыз төрөсө эгерде,
Этегиңе бек ороп,
Ушу менин өзүмдөн,
Сүйүнчүңөрдү алгыла!
Эгер эркек төрөсө,
Боорун эзип тезинен,
Өлүм кылып салгыла!
Анда да берем сүйүнчү.
Айтам сөздү жеткирип,
Энелер сөзгө туюнчу,
Жарасаңар кызматка,
Акыңарга ат берем,
Аянбастан бат берем,
Жетелетип төө берем,
Желини карыш бээ берем.
Төөдөн тандап нар берем,
Алтын, күмүш зар берем,
Саарыңа уй берем,
Киреriңе энелер,
Аппак ордо үй берем.
Короооңорго, кой берем,
Удаасы менен жети күн

Эл чакырып той берем!»
Жедигердин эр Кыяз,
Шамырдай какшап кеп айтып,
Кемпирлерге көп айтып,
Тогуз болот ак шамшар,
Азыр берди эр Кыяз,
Тогуз мастан колуна.
«Эптеп жүрүп сойгун» – деп,
Аларды салды жолуна.
Тогуз кемпир даанасын,
Ашкерелеп айтайын.
Бир кемпирдин маанисин,
Сокусун минген теминип,
Сокбилегин колго алып,
Камчы кылган бу кемпир,
Ысык ичкен, бу мастан,
Суюк төккөн желмогуз,
Үзөңгүсү туткучу,
Жүрүшү эң укмуштуу,
Кара жылан өңү бар,
Кожураган сөзү бар,
Түн жалаңкыч көзү бар,
Эмчеги жерге сүйрөлгөн,
Кара боюн күүлөгөн,
Чачы кеткен жайылып,
Азуусу карыш сайылып,
Каш-кабагы тырышкан,
Көрүнгөн менен урушкан.
Жөө жомок айтып жобурап,
Төлгө тартып кобурап,
Коко тикен колго алып,
Этин тырмап жыргаган.
Барган сайын капырдын,
Балаалуу иши ырбаган.
Кыязга кемпир кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Мен жараймын ишиңе,
Сен жарагын эр Кыяз,
Сураган менин ишиме!
Он бештеги балага,
Алып бергин өзүмдү,
Кайта баштан жашарып,
Мен ачайын көзүмдү!»
Анда Кыяз кеп айтат,
Кубанычтуу эп айтат:
«Жарап берсең ишиме,
Тилегиңди энеке,
Орундатам», – деп айтат.
Кыяздан жылуу сөз угуп,
Балакет баскан кемпирдин,
Кабагы карыш ачылып,
Кайгы кетти чачылып.
Акундун кызы Айчүрөк,
Кереметтүү кашка күң.
Керээти жандан башка күң,
Өзү аяр молтолуу,
Ар качандан бир качан,
Алаптаган душманга,
Ар кылган иши жолтолуу.
Ал аңгыча болбоду,
Тогуз мастан кемпирлер,
Аларды кудай оңдоду,
Жабыла кирип баарысы,
Айчүрөктү торгоду.
Акылы тунук Айчүрөк,
Амалын мурун жамдаган,
Калакка ченеп уу салып,
Кымызга кошуп камдаган.
Чүрөк туруп кашкайып,
Кемпирлерге кеп айтат:
«Энелер келгин» – деп айтат,
Чарчап келген энелер,

Чаңкап келген энелер,
Кымыздан жутуп алгыла,
Суусунуңар кангыла!
Андан кийин энелер,
Ичимди оңдоп калгыла!»
Келген тогуз кемпирге,
Ак кымыздан ичирди.
Бир эле демге жеткирбей,
Баарынын ишин бүтүрдү.
Тогузу катар бүк түштү,
Төбөсү менен тик түштү.
Кемпирлер жатат тырпырап,
Өңгөчтөрү кыркырап,
Айчүрөктүн кашына,
Умай эне келгени,
Келип жардам бергени,
Курсак башын ушалап,
Дүнүйөгө чыккан деп,
Баланы сүрүп айдады.
Айчүрөктүн ошондо,
Ботодой көзү жайнады.
Чыкты бала баркырап,
Отуздагы кишидей,
Доошу чыгып аркырап.
Боромбайдын катыны,
Жедигердин элинен,
Айчүрөккө жакыны,
Анын аты Толгонай.
Айчүрөк Жет-Кайт келгенде,
Көңүлү жакын болгон ай.
Ак жоолукка баланы,
Азыр салып, алыптыр,
Эркек бекен, кыз бекен?
Балага көзүн салыптыр.
Эркектигин билгени,
Кубанып күлүп Толгонай:
«Сүйүнчү, Чүрөк!» дегени.
Курсакты катуу сүзгөнү
Семетейдин күмөнү.
Эки колун толтура,
Кан чеңгелдеп түшкөнү.
Кармап туруп Толгонай
Киндигин кесип алганы,
Этегине салганы.
Ал аңгыча болбоду,
Кыяз келди күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп.
Келди Кыяз камынып,
«Кайда кетти» – деп айтып,
Кемпирлерге чамынып.
Кемпирлер жатат тороюп,
Мас болуп кыйрап жыгылып,
Баштарын жерден албастан,
Баарысы текши сороюп.
Каарданып Кыяз акырып,
«Тирүүсүңбү, өлдүңбү?»
Кемпирлерди чакырып.
Кемпирлер жатат тырпырап,
Кекиртеги кыркырап.
Каарданып эр Кыяз,
Кылычын колго алганы,
Кемпирлердин баарысын,
Кыя чаап салганы.
Шыйрагынан байлатып,
Аңгекке тыкты жайлатып.
Амалы артык Айчүрөк,
Кемпирлерди жайлатты,
Аңгектин ичин майлатты.
Каары катуу эр Кыяз,
Каарын төгүп бакырып:
«Кайда бала, кайда?!» – деп,
Айчүрөктүн үстүнө,

Кирди Кыяз жапырып,
Кылычын колго жалантып,
Көргөндөрдү таңдантып.
Айчүрөк турду күүлөнүп,
Кыязга карап сүйлөнүп:
«Аңылдаган көр Кыяз,
Айбандан жаман жер Кыяз,
Акылы жок ит Кыяз,
Алдыңке жерге жит Кыяз,
Жаш балада не жазык,
Акырымда болбойбу,
Өлбөй аман чоңойсо,
Алтын түркүк, жез казан.
Билдиң беле жөнүмдү,
Билбеген болсон эгерде,
Билдирейин өзүмдү:
Перинин кызы Чүрөкмүн,
Амалым артык дүмөкмүн!
Ушу сенин колуңа,
Бойго болуп тутулдум,
Ошону үчүн Айчүрөк,
Ит Кыяз сага утулдум.
Бошодум азыр боюмдан,
Айткан менин сөзүмдү,
Чыгарбагын оюңдан.
Кебимди кийип кетемин,
Ачып көздү жумганча,
Көй-Кап тоонун бетинде,
Көп периге жетемин!
Каласың өзүң уңкуюп,
Тарпка конуп отурган,
Көк жорудай зуңкуюп,
Каласың акыр талаада,
Аны менен тим койбой,
Башыңа салам чоң балаа!
Аккуу кебим кийемин,
Асман менен жүрөмүн,
Ак тасманы сыдырам,
Айааламдын баарысын
Учуп жүрүп кыдырам.
Канатымды тараймын,
Жер жүзүндө дөөлөрдүн,
Бирин койбой караймын.
Бирөөнө тандап тийемин.
Жет-Кайт сенин жериңе,
Көп колун айдап киремин.
Алты түмөн кол менен,
Ат майышкан туу менен,
Жети түмөн кол менен,
Жер майышкан туу менен,
Таш коргонуң талкалап,
Кум коргонуң кулатып,
Кырып-жоюп элиңди,
Сындырамын белиңди!
Өлүм кылам өзүңдү,
Оемун эки көзүңдү!
Терең ойлоп сен Кыяз,
Уккун айткан сөзүмдү!
Тегин экен дебегин,
Айчүрөк менин өзүмдү!
Тынчып калсаң сен Кыяз,
Агарып кагын боломун,
Ак ордо күтүп оңомун.
Мындан кийин сен Кыяз,
Ойлобогун жаман ой,
Бул сөзүмө кулак кой.
Айтып туруп ант бергин,
Өлүп кетчүү шерт бергин!»
Айчүрөктөн сөз угуп,
Каардуу сөздү көп угуп,
Оолугуп кирген Кыяздын,
Боконо сөөгү болк этип,

Боор, ичиги солк этип,
Жүрөгү кетип кабынан,
Билеги кетип сабынан,
Айчүрөктөн мындай сөз
Укканда Кыяз токтолду.
Каардуу сөз оозунан,
Чыкканда Кыяз токтолду.
Эси чыгып эндиреп,
Экинчи сөзү жок болду.
Айчүрөктүн айтканы,
Кыязга тийген ок болду.
Адамзаттан башкача,
Аярлыгы белгилүү,
Катын да болсо Чүрөктүн,
Жаяндыгы белгилүү.
Кыяз акыл ойлонуп,
Ары-бери толгонуп:
«Бул бейилден кайтайын,
Айчүрөктүн өзүнө,
Өлөр ант сөз айтайын».
Эми Кыяз кеп айтат:
«Ой, Айчүрөк канышым,
Ук сөзүмдү» – деп айтат.
«Менден кеткен каталык,
Дабаан болсоң ашыргын,
Дайра болсоң кечиргин!
Кылычтын мизин жалайын,
Айткан антка турбасам,
Адам болбой калайын.
Мындан кийин баланы,
Өз баламдай көрөйүн.
Айткан шертке турбасам,
Ант уруп акыр өлөйүн!
Ак бараңдын огу урсун,
Ач албарстын мизи урсун,
Асман менен жер урсун,
Ата-баба арбагы,
Алардын кусур пири урсун!»
Ант сөзүң айтып эр Кыяз,
Кылычтын мизин жалады.
Кыя тартып жымыйып
Айчүрөккө карады.

СЕЙТЕКТИН ТОЮ

Багыштын уулу эр Кыяз,
Ант сөздөрүн өткөрүп,
Убада сөзүн бүткөрүп,
Айгай салып бакырып:
«Калың кара жедигер,
Бириң калбай келгин» – деп,
Жедигер элди чакырып,
Жедигер элдин баарысы,
Чакырганда Кыязга,
Жабылып келип калышты.
Кыяз туруп кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Калың кара жедигер,
Уккула сөзүм» – деп айтат.
«Ак сакалдуу карың ук,
Бала-чака дебестен,
Бириң калбай жамың ук!
Айчүрөктү алганым,
Ар жыргалга калганым,
Ала-Тоодой душманды,
Астын-үстүн салганым.
Айчүрөк тууду бир бала,
Кубанычтамын мен азыр,
Ар ишимде жок чала!
Ушу бала өзүмкү,
Кararган кара көзүмкү,

Акыл жеткиз ой кылам,
Бул балама той кылам.
Ала-Тоодой эт кылам,
Ала-Көлдөй чык кылам,
Тоюна токсон сойдурам,
Таң-тамаша өткөрүп,
Балама ат койдурам».
Айтып сөзүн токтотуп,
Чөйчөк алган жылкыдан,
Токсонду сойду топтотуп.
Ата-уулунун баарысын,
Чакырды тойго жоктотуп.
Үй тиктирип жанаша,
Калың кара жедигер,
Кылганы оюн-тамаша.
Кымыздан арак тарттырды,
Жедигердин Кыязы,
Кыларына келгенде,
Кылганын журттан арттырды.
Толгон мал тойго союлду,
Жетим, жесир, мискиндер,
Капчыгы чыгып тоюңду.
Тамашасы артылды.
Ар кишинин башына,
Экиден табак тартылды.
Балбан күрөш байгеси,
Тогуз бодо, токсон кой,
Жедигердин Кыязы,
Кошомат кылып Чүрөккө,
Баласына берген той.
Жарчылар чыгып кеп айтып,
Жардын сөзүн бек айтып:
«Эки балбан талапкер,
Ортого күрөш салышат,
Тогуз бодо, токсон кой,
Жыкканы тандап алышат».
Каттоочудан кеп угуп,
Эркек төрөп Айчүрөк,
Жедигердин Кыязы
Таң-тамаша өткөрүп,
Той берет экен» – деп угуп,
Аргын менен ногойдо,
Кадиктүү балбан Каратай,
Тогуз жолдош ээрчитип,
Наркызыл атын жетелеп,
Жөнөдү шашып-энтелеп.
«Күрөшүнө мен түшүп,
Балбанын өлүм кылам» – деп,
«Кудай берсе Кыяздын
Байгесин алып тынсам» – деп,
«Наркызылды чапсам» – деп,
Чыгып келсе Наркызыл,
Байгесин алып Кыяздын,
Калың олжо тапсам» – деп,
«Кыяздып белин сындырып,
Журтумдун көөнүн тындырып,
Бир кумардан чыксам!» – деп.
Каратай келди бул тойго.
Ашып-шашып камынып,
Ак жолборстой чамынып,
Каратай келип чечинди:
« Жедигердин элинен,
Эптеп бирин сойсом « – деп,
Аманат жандан кечинди.
Каратай чыгып бакырат:
«Күрөшкө чыкчуу балбандар,
Кел бери» – деп чакырат,
Жедигердин элинен,
Ордобай балбан дөө чыкты,
Ат минбеген жөө чыкты,
Көпчүлүк турду карашып,
Эки балбан марашып,

Белдеги курдан алышып,
Бек булкушуп калышып,
Билектерин түрүшүп,
Көк букадай сүрүшүп,
Багалектен алышып,
Алмак-салмак чалышып,
Кармашкан жери коо болуп,
Топурагы тоо болуп,
Ажырашып кетишип,
Тегеренип жетишип,
Башы менен сүзүшүп,
Бирде бирин калтырбай,
Топчуларын үзүшүп.
Калктын баары жарданып,
Карап турат шаңданып.
Каарданып Каратай,
Ордобайдай балбанды,
Белден кармап түргөнү,
Чалкалата сүргөнү.
Камтый кармап алганы,
Чалкасынан салганы.
Тоо кулаган эмедей,
Ордобай балбан кулады.
Чалкасынан сулады.
Башы кетти быркырап,
Жаны кетти чыркырап.
Аны көргөн жедигер,
Сай-сөөктөрү зыркырап.
Ордобай балбан өлгөнү.
Калың кара жедигер,
Өлгөнүн көзү көргөнү.
Таластан барган тогузу,
Баары чубап жетишип,
Балбан көтөр сөздү айтып,
Каратайдай балбанды,
Көтөрүп алып кетишип,
Мөөрөйдү санап алышып,
Жер караган байкуштар,
Көтөрүлүп калышып.
Жедигер элдин карысы,
Акылмандар баарысы,
Кожурашып кеп айтат:
«Төлгө жаман башталды,
Кыяздын иши түбүндө,
Оң болбойт ко» – деп айтат.
Анын арка жагынан,
Эр эңиш болду жаңыдан.
Эр эңиштин мөөрөйү,
Тогуз кур ат, тогуз төө.
Эңишип чыгып эки дөө.
Жарын айтты ырчылар,
Жардын сөзүн угушту:
«Тойго келип турчулар,
Козубек чыкты эңишке,
Бетине беттеп чыкканды,
Аттан эңип жеңишке».
Козубекке бет алып,
Адылбай чыгып калганы.
Келер замат Адылбай,
Козубектей баатырды
Улак эңген эмедей,
Эңип аттан салганы.
Тогуз ат менен тогуз төө
Байгесин айдап алганы.
Аларды мындай таштайлы,
Ат чабыштан баштайлы.
Чыккан аттын байгеси:
Тогуз кур ат, тогуз төө,
Тогуз жүз кой мал болду.
Кыяздын берген бул тою
Калың журтка даң болду.
Тогуз жамбы пул болду,

Уккандарга дүң болду.
Аты күлүк адамдар,
Ат куйругун түйгөнү,
Жарчылары какылдап,
Жар айтууга киргени.
Экинчи аттын байгеси,
Жарымындай чыккандын,
Дагы ошондой мал болду.
Жар сөздөрүн угузуп,
Какылдап ырчы дал болду.
Жарымдан болуп отуруп,
Тогузга байге токтолду.
Тогузга кирбей калганга,
Байге деген жок болду.
Чабылуучу аттар баарысы,
Беш жүз ат болду жамысы.
Чубатуудан өткөрдү,
Тойго келген көпчүлүк,
Өткөргөнүн көз көрдү.
Аттарды коно айдады,
«Серүүн болуп калсын» – деп,
Жайчылар күндү жайлады.
Болжогон жерге кондуруп,
Ат айдаган азамат:
«Жолдуу болсун балдар» –деп,
Бата берип салганы.
Айдоочудан жооп угуп,
Аттар кайра салганы.
Чаң асманга бөлүндү,
А дегенде Көккашка
Эр Кыяздын аты бу.
Алдыга чыгып көрүндү,
Көрүнгөндө көрүнүп,
Көрүнбөсө Көккашка,
Көк түтүн болуп бөлүнүп.
Көкүлүн көккө ыргытып,
Туягын жерге мылгытып,
Учуп барат зыркырап,
Даңкандан чыккан боз чалма,
Асманды карай чыркырап,
Жибектей болгон кыл куйрук,
Такымды карай чапкылап,
Ооздукту кажылап,
Ар чуркаса бир кадам,
Озуп кетип баратат,
Караан үзүп аттардан,
Өтүп кетип баратат.
Жер-Коого кирип келгенде,
Арам өлгөн Көккашка,
Кош арыктан чуркады,
Чуркаганда сулады.
Ооз омуртка быркырап,
Жаны кетти чыркырап.
Анын арка жагынан,
Каратайдын Наркызыл,
Араандай оозу ачылып,
Ак көбүгү чачылып,
Аркардай арыш алыптыр,
Аябай чуркап калыптыр.
Көккашка өлгөн Жер-Коого,
Желип алып киргени.
Кулактарын жапырып,
Өлүп жаткан Кашканы
Кишинеп карап көргөнү.
Бир кишинеп алганы,
Кандайсың деген өңдөнүп,
Жана жолго салганы.
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Жылкыдан буудан Наркызыл
Кыяздын туусун жыкканы,
Алдыга өзүп чыкканы.

Каратай балбан камынып,
Кайраттанып чамынып,
Айдап алган жери ошол,
Наркызылдын байгесин,
Көккашкага күйүнүп,
Эр Кыяз кылды кайгысын:
«Кандай жорук болгону,
Менин ишим оңбоду.
Балбаным өлдү, ат өлдү,
Токтолбостон бат өлдү!»
Кайтадан Кыяз ойлонуп,
Кайгыланып толгонуп,
Баланы эптеп союуга,
Кара көзүн оюуга,
Чиймек болуп сызыкты,
Кылмак болуп бузукту,
Калың кара жедигер,
Тегерек тартып тең болду,
Ортосу ачык кең болду.
Тойго келген көп элге,
Экиден табак тарттырды,
Түгөтө албай баарысын,
Эттин көбүн арттырды.
Багыштын уулу эр Кыяз,
Айчүрөктүн баласын,
Ак супка салып оротуп,
Ичине түйүп арамдык,
Көпчүлүктүн көзүнө,
Жакшылыкка жоорутуп,
Кучактап өзү көтөрүп,
Айбаттанып жөтөлүп.
Ак ала сакал карыга,
Атпай журттун алдына,
Ак сакалга ат берди,
Аянбастан бат берди.
«Ардактаган бул бала,
Качан эле меники,
Семетейдин баласы,
Акыры иттик кылат ко,
Баланын мага балаасы.
Жоо аяган жаралуу,
Катыны калат каралуу,
Үйдөй көк таш алдында
Ташка жакын апарып,
Колдон тайды кылайын,
Балакеттүү баланы,
Ташка чаап мээсин,
Тындым кылып тынайын»,
Деп ойлонуп эр Кыяз,
Ташты көздөй жөнөдү.
Эр Кыяздын артынан,
Кереметтүү Айчүрөк,
Учкан куштай өмөлдү.
Жетип келип күүлөнүп,
Эр Кыязга сүйлөнүп,
«Арам нээт ит Кыяз,
Кара жерге жит Кыяз,
Ичип антка тойбойсуң,
Ар качандан бир качан
Арамдыгың койбойсуң,
Акмак Кыяз оңбойсуң!
Ат байлаган жез казык,
Жаш балада не жазык.
Бул жоругуң койбосоң,
Алып келип дөөлөрдү
Кара көзүң ойбосом,
Ичиңдеги кара кан,
Кошколдоп ичип тойбосом,
Айчүрөк болбой өлөйүн,
Эми сенден келгенди,
Как төбөмдөн көрөйүн!»
Деп ушундай сөз айтып,

Жулуп алды Кыяздан,
Колуңдагы баланы.
Кайратына Чүрөктүн,
Карап турган калың эл,
Айран азыр калганы.
Ат койдуруп алууга,
Атпай журттун алдына,
Айчүрөк басып барганы.
Аркардай таңы кылайып,
Ак эмчеги булайым,
Акырын сүйлөп муңайым,
Маңдайы жарык бото көз,
Булбул үндүү ширин сөз,
Өрдөк моюн, түймө баш,
Алкымынан көрүнөт,
Кара мейиз ичкен аш.
Күлсө күрөктөй тиши кашкайып,
Күзгүдөй бети тастайып,
Күймөлсө жыпар жыттанып,
Кара жерге кар жааса,
Карды көр да этин көр,
Кар үстүнө кан тамса,
Канды көр да, бетти көр.
Шыйрагын шыпшап жонгондой,
Эки ийинине карасаң,
Бул тотулар конгондой.
Калың кара жедигер
Келбетин көрүп Чүрөктүн,
Керемети артык дүмөктүн,
Таңыркап моюн бурушуп,
Таң калышып турушуп.
Айчүрөк турат бүгүлүп,
Атпай журттун алдында,
Салт боюнча жүгүнүп,
Ак сакалдуу карылар,
Эл эскирткен сарылар:
«Бай бол, келин, бай бол», – деп,
Жабырап алкап турушуп,
Кобурап сөзүн урушуп.
Калың эл эми кеп айтат:
«Айчүрөктү талашып,
Арстан Толтой, Чынкожо,
Эп экен өлөрү,
Ошолордун» – деп айтат.
«Ушу Кыяз баатырда
Айчүрөктү алган соң,
Кенедей арман калган жок.
Айтылган сөздөр жалган жок».
Багыштын уулу эр Кыяз,
Ак сакалга ат берип,
Кара сакал, кер мурут,
Калгандарга тон берип:
«Оозу жүйрүк сүйлөгүн,
Ат асмандан келет» – дейт.
«Акылы бар билет» – дейт.
Кыяз мындай дегенде,
Ак сакалдуу карысы,
Жамы журттун баарысы,
Жакшы ат кирбей оозуна,
Эт бышымга жеткиче,
Жалдырашты калышты.
Андай-мындай дегенче,
Ачып көздү жумганча,
Аза таяк колунда,
Ак күлөсү башында,
Куу баштыгы мойнунда,
Кызыл чийкил дубана,
Дубана келип кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Кары-жашың аралаш,
Чогулушуп алыпсың,
Чоң олжого канып сың.

Ат кое албай балага,
Чоң кыстоого калыпсың!
Айтканыма көнүңөр,
Мен коеюн бир атты,
Мага уруксат бериңер».
«Ат коюп бер дубана!»
Бизди кылба убара,
Ошол мезгил тушунда,
Овонун түрү бузулду.
Бороон болду ушунда,
Кыбыладан кыркырап,
Кызыл мунар зыркырап,
Борошолоп бургулап,
Адамдын башын көтөртпөй,
Аркы-терки ургулап,
Күн күүгүмдөп түн болду.
Тойго келген көпчүлүк
Бирин-бири көрүшпөй,
Буулугуп ичи дүң болду.
Алиги келген дубана,
Алакан жайып, ооз ачып,
Кобурап сөзүн баштады,
Сөз айтуудан шашпады:
«Мунун ата-бабасы,
Түбүнөн иши оң болгон,
Түртүшкөн жоосу сомдолгон.
Башкы ата-бабасы,
Башынан иши оң болгон,
Басташкан жоосу сомдолгон,
Ар кылган иши оң болгон,
Алышкан жоосу сомдолгон,
Урааны ногой эл болгон,
Учташкан жоосу дел болгон.
Уруш кылган душмандар
Ичтери толгон дем болгон.
Баш көтөрбөй кайтадан
Кара жер менен тең болгон.
Конуп өткөн жерине
Короолоп кызыл тал бүткөн,
Кожосандар жар бүткөн,
Түптүү кызыл тал бүткөн,
Түпкүр кызыл тал бүткөн,
Түбүнөн кыдыр жар бүткөн,
Аты Сейтек болду – деп,
Уккандар көөнү толду» – деп,
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Ат коюп турган дубана,
Караса көзгө илинбей,
Кай кеткени билинбей,
Көздөн кайым болуптур.
Айчүрөктүн ошондо,
Көңүлү каркап толуптур.
Күн ачылды жарк этип.
Аты Сейтек баланын,
Доошу чыкты барк этип.
Ыйлады бала баркырап,
Отуздагы кишидей,
Доошу чыгып аркырап.
Жедигер элдин ичинде,
Эл эскирткен карысы,
Акылмандар баарысы:
«Капыстан ово бузулуп,
Көпчүлүк жаман кысылып,
Акыркысы түбүндө,
Бир шумдук болбой койбойтко,
Кыяздын иши оңбойтко!»
Ушундай сөзүн айтышты,
Тою тарап кайтышты.
Тою тарап кеткени,
Амалы артык Айчүрөк
Аман сактап баласын,

Талабына жеткени.
Айчүрөктү эр Кыяз
Агартып зайып кылам деп,
Малын чачты аябай,
Мал көзүнө карабай,
Булун чачты аябай,
Бул көзүнө карабай.
Амалы артык Айчүрөк
Семетейдин Сейтегин,
Мойнуна тумар такканы.
Төрөмдөн калган туяк деп,
Алдейлеп жакшы бакканы.

КҮЛЧОРОНУН АБАЛЫ

Аргын, ногой элинде
Ардагы эле Күлчоро,
Болот капка дарбаза
Чарбагы эле Күлчоро.
Качырган жоодон кайтпаган,
Казаттан башын тартпаган,
Адамга сырын айтпаган,
Бир сөзүнөн кайтпаган,
Айтканын эгер танбаган,
Эндиреп үйдө жатпаган.
Эрдигин эли тактаган,
Ичкен суусун актаган.
Атпай аргын, ногойдун
Зардалы эле Күлчоро.
Жоо беттесе кебелбес,
Эч ким буга теңелбес,
Салмагы эле Күлчоро.
Атпай аргын, ногойду,
Айдыңы менен бийлеген.
Ак жолборстой чамынып,
Айбат менен сүйлөгөн,
Азгырган сөзгө кирбеген,
Акылын адам билбеген.
Бала кезде Семетей,
Баатырлыкка тиздеген.
Баатырлыктан жол алган,
Жол алганда мол алган,
Басташып келген душманга,
Баатыр Күлүс кол салган.
Канатынан айрылып,
Абасынан айрылып,
Кокусунан Күлчоро
Көк каманга чалдырып,
Абакеси Семетей,
Жаман жоого алдырып,
Кыйын төрө Семетей,
Кыяз итке алдырып,
Түшкөн кайра чыккысыз
Орго түшүп Күлчоро,
Маңдайынан арылгыс,
Шорго түшүп Күлчоро,
Кечип өтүп кеткисиз,
Чокко түшүп Күлчоро,
Түшкөн кайра чыккысыз,
Отко түшүп Күлчоро,
Күлчорону кордуктап,
Адам көргүз зордуктап,
Оң далынын кечирин
Алган экен эр Кыяз.
Жылкычысы Сарбан кул,
Сарбан кулдун колуна,
Бекемдеп айтып тапшырып,
Салган экен эр Кыяз.
Талпак кылып Күлүстү.
Керген экен эр Кыяз,
Кордуктап күткүн муну! – деп,

Сарбан кулдун колуна,
Берген экен эр Кыяз.
«Алп – дөөлөрдүн баарысын,
Сойгон Чоро как ушу.
Ичиндеги кара кан
Тойгон Чоро как ушу.
Чынкожо менен Толтойдун
Кара көзүн кашайтып,
Ойгон Чоро как ушу.
Өлөңдүү жерге өрт койгон,
Өткүр Чоро как ушу.
Тулаңдуу жерди тутанткан,
Туйгун Чоро как ушу.
Кара сууга кан куйган,
Канкор Чоро как ушу.
Калың журтка чыр салган,
Канкор Чоро так ушу»,
Жедигердин Кыязга
Күлчорону бекемдеп,
Табыш кылган Канчоро.
Бардык сырын көп айтып,
Тааныш кылган Канчоро.
Такып-акып кеп айтып:
«Күлчорого эгерим,
Ырайым кылба» – деп айтып.
«Ырайым кылсаң көрөсүң,
Арманда болуп өлөсүң!»
Жедигердин Кыязы,
Канчоро тилин алыптыр,
Күлчорону кордуктап,
Ит көрбөгөн кордукка,
Эми Кыяз салыптыр.
Сарбан кулга тапшырып,
Күлүстөн баатыр Күлүстүн
Кабыргасын капшырып,
Сарбан деген капыр кул,
Кара ниет жакыр кул.
Багыштын уулу эр Кыяз
Сарбан кулга кеп айтып,
Кеп айтканда деп айтып:
«Камапдай кулду тынымсыз,
Оттунчу кылып алыңар,
Азапка башын салыңар.
Эки күндөн өткөрбөй,
Тепе-тепке алыңар.
Өлөрчө кылып салыңар.
Бээ байлатып шабырга,
Бербеңер тыштуу кабырга.
Кыла турган жумушту
Сол колу менен иштесин,
Эрдин кесе тиштесин!
Он эки аркан отунду
Сол ийнине көтөрсүн,
Өпкөсү чыга жөтөлсүн.
Отун өйкөп бир жолу,
Сол далысы жоюлсун.
Кызыталак бул кулдун,
Кара көзү оюлсун!
Бир аякча кымызга,
Бир челек сууну куюңар.
Үч убак берип туруңар.
Өпкө-боордон тиштетпе,
Бир ууртам сорпо ууртатпа.
Сындырым нан жебесин,
Келе бери дебесин.
Тебетей бербе башына,
Чокой бергин бутуна.
Куур тон кийсин үстүнө,
Куу шым кийсин көтүнө.
Бул кулга жан тартканды,
Жетип мага айтыңар,
Айтып коюп кайтыңар.

Башы кетет өлүмгө,
Малы кетет бөлүмгө.
Ичиңден бирөөң жашырсаң,
Көрүнбөгүн көзүмө.
Жылкычылар таарынба,
Таңда күнү өзүмө,
Баатыр Кыяз сөзүнө,
Койгула кулак сөзүмө.
Сарбанга бердим бекитип,
Күтсүн Сарбан кекетип,
Башын көргө салгыча,
Кызмат кылсын Сарбанга.
Сарбанымды ушу кул,
Көтөрүп эшик чыгарып,
Көтөрүп үйгө киргизсин.
Темтеңдеп абдан мүргүсүн!
Күлүстөн Күлүс ошондо
Ителгидей кара көз,
Ирмебестен жаш кетип,
Карагаттай кара көз,
Камчы бою жаш кегип.
Заманы башка айланып,
Сарбан кулдун колунда
Мүңкүр болду байланып.
Кыяздын айткан буйругун
Оруңдатты Сарбан кул,
Ырайымсыз дардаң кул,
Күлүстөн чоро Күлүстү
Каарына алганы.
Бир дем жанын тындырбай,
Кызматына салганы
Сол колу менен бээ саады,
Сол колу менен мал сойду,
Он эки карыш чоң казан,
Сол колу менен көтөрүп,
Кайратын жыйып боюна,
Күлүстөн чоро жөтөлүп,
Суу-пу ташып, от жагып,
Сарбан кулдун алдына
Жорголоду жан багып.
Бир да туруп калбастай,
Он эки аркан отунду,
Алып келет Күлчоро.
Сол ийнине көтөрүп,
Салып келет Күлчоро.
Кымыздан чаңгыт кара суу,
Ар бир күнү үч чака,
Ичип турат Күлчоро.
Жылкычы кылган кордукка
Түшүп турат Күлчоро.
Курсактагы балага,
Күтүп турат Күлчоро.
Чөптөн болгон төшөккө,
Жатып турат Күлчоро.
Адам көрбөс кыйноого,
Батып турат Күлчоро.
Кара суудан даамды,
Татып турат Күлчоро.
Жылкычынын ичинде,
Болумду экен Бозбала,
Кордуктагы Күлүскө,
Болушуп турду аз гана.
Бозбала жайын айтайын,
Айта түшүп кайтайын:
Кайраты артык эр экен,
Кардыгачтан туулган,
Арстан Манас жээни экен.
Жедигердин Кыязга
Кара дөңдүн уруусу,
Тең болбогон кем экен.
Жылкычылар каткырып,
Күлчорого киргенде,

Билектерин түргөндө,
Бозбала кирет камынып,
Кайраттанып чамынып,
Бозбаланы кордуктайт,
Аябастан зордуктайт.
Жылкычыларга көргөзбөй,
Күлчорого көп тамак,
Берип жүрөт Бозбала,
Жылкчылардан келгенди,
Көрүп жүрдү Бозбала.
Күлчорону жашырып,
Сыйлап жүрдү Бозбала.
Кара жанын аябай
Кыйнап жүрдү Бозбала,
Арстан Күлүс чоронун,
Көрбөгөнү көр болду,
Жебегени бок болду.
Мындай муңдуу жок болду.
Каны калды бир кашык,
Эти калды көк жашык.
Кордук иш түшүп башына,
Күлүскө келди бир кезек.
Асыл башы Күлүстүн.
Болуп турду бул күндө,
Журтта калган куу тезек.
Кара тон менен куур шым,
Чоло жери калбастан,
Далбаа болуп тытылды.
Ырайымсыз кулдарга,
Күлчоро минтип утурду.
Чачы түштү кабакка,
Чыдай берип таякка,
Бит куюлду көзүнөн,
Дарман кетти өзүнөн,
Тантырады сөзүнөн.
Кычы болуп эттери
Бети кара көө болду,
Каарын төгүп Күлүскө,
Сарбан кулу дөө болду.
Сарбан кулга жорголоп,
Аманат жанды корголоп.
Төшөгүн салып жаткырып,
Уктабай таңды атырып,
Санабай жылдыз батырып,
Эрте туруп бээ байлап,
Жылкычылардын кызматын,
Керели кечке куп жайлап.
От жагып, казан кайнатып,
Шамдагайы болжолсуз,
Жылкычылардын кызматын,
Орду менен жайлатып.
Ачууланып Сарбан кул,
Ырайымсыз айбан кул.
Кабагы карыш тырышып,
Күлчорого урушуп.
Жаактан ары койгулап,
Ууртунан чойгулап:
«Оңбогон кул оңбойсун,
Жакшылап кызмат, кыл десем,
Тескери моюн толгойсуң!
Бул кылыгың койбойсуң.
Көрбөгөндү көрөсүң,
Акыры бир күн өлөсүң!»
Каарына алганда,
Жылкычыларга айкырып,
Моюн бурат Сарбан кул.
Кай бир кезде чорону
Боор-сырты тепкилеп,
Өзү урат Сарбан кул.
Түн киргенде Күлүскө,
Уктатпай жылкы кайтартат.
Сыртынан көргөн башканын,

Жүрөктөрүн майтартат.
Төшөнчү бербей алдына
Такыр жерге жаткырат.
Кайран асыл Күлүстүн
Ырысын чогуу катырат.
Үстүндөгү кементай
Далба болуп бөлүнүп,
Тамтыксыз эти көрүнүп.
Келип Кыяз кай кезде,
Өзү урат Чорону.
Андан кордук кылуудан
Кыяздын неси короду.
Жана Сарбан акырып,
Жылкычыларды чакырып:
« Жерди булгап жиберди,
Сасыган итке жабылчы,
Жылкычылар камынчы.
Сүйрөп сууга салгыла,
Битин сууга агызып,
Таза кылып алгыла».
Сарбан кул буйрук кылганда,
Жылкычылар камынат,
Сууга сүйрөп жабылат.
Өөдө-төмөн сүйрөтүп,
Ташка апарып жаткырып,
Минетип шорун катырып,
Кыйноонун даамын таттырып,
Күлүстөн эле Күлчоро,
Күжүрмөн баатыр эр Чоро,
Адамдан башка шер чоро,
Кордук көрүп сабылып,
Акыл-эстен жаңылып,
Абыдан шашты кеткенде,
Өлүмгө жакын жеткенде,
Арманын айткан окшоду,
Абакесин жоктоду:

«Айланайын абаке,
Жан көтөргүс балакет
Башыма түштү мынаке!
Чымындай жаным чыркырап,
Кордукту көрүп турамын.
Сарбан кул, Кыяз капырдан,
Зордукту көрүп турамын!
Сайсөөгүм кетти быркырап,
Акыл-эстен айрылып,
Карып болуп турамын.
Сүлдөрүм кетип, дарман жок,
Арык болуп турамын.
Кайра чыкыс кырк кулач
Орго түшүп турамын.
Кайнатылган заардуу
Шорго түшүп турамын.
Башыма түштү алаамат,
Айланайын абаке,
Күлчороңду кыйнабай,
Өзүңө кошуп ала жат!
Атакем Манас кабылан,
Арбагыңа жалынам!
Душманды бузган шердигиң,
Туура көк жал эрдигиң,
Карып болуп Күлчороң,
Каары катуу душмандан,
Кадиксиз кетти теңдигим!
Арбагың азыр бар болсо,
Бир көзүңдү салсаңчы,
Күлчороңду куткарып,
Коюнуңа алсаңчы?!
Кара динден ак болгон,
Кара кытай, манжуудан
Качып чыгып жат болгон,
Сарала тулпар мойноткон,
Сан жетпес кара кытайды,

Сапырып жалгыз сойлоткон.
Кара шаар Бээжинге
Казат кылып барганда,
Кара кытай, манжууга
Азап кылып барганда,
Шейит болгон атакем,
Күлчороңду колдочу?!
Ала кеткин жаныңа,
Эгер тирүү койбочу?!
Өлөйүн десем жан таттуу,
Кирейин десем жер катуу.
Кордукту көрдүм жаман ат,
Кокуй күн атам ала жат?!
Шейит болгон чоролор,
Атакемдин жоролор,
Күлчородой карыпка
Көзүңөрдү салсаңчы?!
Арбактар азыр жар болуп,
Алсыратпай бул мени
Жаныңарга алсаңчы?!
Абакем Бакай карыя,
Каныкей энем олуя,
Алар кандай күндө экен?
Кордукка түшүп алар да,
Иштери толгон муң бекен?
Айчүрөк жеңем кайда экен?
Бар болсо кандай жайда экен?
Төрөдү бекен баласын?
Же болбосо Кыяздын,
Көрдү бекен Айчүрөк,
Каардуу катуу балаасын!
Күлчором кандай күндө деп,
Ойлойт бекен Айчүрөк?
Капаланып кайгырып,
Боздойт бекен Айчүрөк?
Же болбосо Айчүрөк,
Жедигердин Кыязга,
Алынышып алган бейм.
Түк ойлобой бул мени,
Чыгарып ойдон салган бейм!
Кабарын билбей турамын.
Айланайын арбактар,
Кандай арга кыламын?!
Ичим жалын-тышым чок,
Бозбаладан башкадан,
Карып болгон башыма,
Ырай кылар кишим жок,
Жөөлүп турган башымды,
Көөнү келсе Сарбан кул,
Өлүм кылып коет ко,
Кара көзүм оет ко.
Көк жашык болгон этиме,
Карга, кузгун тоет ко!
Көмүлбөстөн сөөгүм,
Талаада куурап калар дейм.
Атаңа наалат Кыяздын,
Табасы чогуу канар дейм!»
Арстан Күлүс ушундай,
Арманын айтып болкулдап,
Наалып ыйлап солкулдап,
Шайманы кетип жыгылды,
Жерге башы тыгылды.
Тил сүйлөбөй шылк этип,
Жатып калган Күлчоро,
Адам көрбөс азапка,
Батып калган Күлчоро,
Уйкуга көзү илинип, .
Көзү илинген кезинде,
Күлчоронун өзүнө,
Жакшылык белги билинип,
Көзү илинип түш көрүп,
Түшүндө сонун иш көрүп.

Жол таба албай сенделип,
Караңгы туман ичинде,
Жүргөн экен Күлчоро.
Этек-жеңин так туйнак,
Түргөң экен Күлчоро.
Болот кылыч колуна,
Алган экен Күлчоро.
Каршы келген алдына,
Аюу, жолборс, кабылан,
Кылыч менен кыймалап,
Жарган экен Күлчоро.
Ал аңгыча болбоду,
Алдам ишин оңдоду.
Кыбыладан кыркырап,
Кызыл бороон зыркырап,
Тумандан неме калбады,
Туш-туштан шамал айдады,
Булуттан неме калбады.
Буркурап шамал айдады,
Күн ачылды жаркырап,
Күчтүү шамал заркырап.
Алмамбеттин Күлчоро,
Алды жагын караса,
Ажап кызык тамаша,
Аза таяк колунда,
Анык актын жолунда,
Ак күлөлүү дубана,
Дубана туруп муну айтат:
«Карып балам Күлчоро,
Болбоссуң эми убара!
Менин жөнүм айтайын:
Жигит пири шаймерден,
Шаймердендин өзүмүн,
Как караган көзүмүн!
Кудайга ыйың жеткени.
Ушу бүгүн Күлчоро,
Башыңдан балаа кеткени,
Аз күндө багың ачылат.
Жедигердин Кыяздын,
Дөөлөтү күлдөй чачылат!
Айчүрөк төрөп эр бала,
Атасынан анча артык,
Кара кулак шер бала!
Аты Сейтек коюлду,
Айчүрөктүн өзүнөн,
Кам кайгысы жоюлду!
Амал менен айласы,
Ашып чыкты Айчүрөк,
Алаптатан Кыяздын,
Ишин алып колунан,
Басып чыкты Айчүрөк!
Ар бир кылган иштери,
Озуп чыкты Айчүрөк!
Жедигердин Кыяздын,
Сөзүн алып оозунан,
Тосуп чыкты Айчүрөк.
Ташта болсо Сейтектен
Ыгып калды эр Кыяз,
Токтобостон жүрөгү,
Аптыгып келип оозуна,
Чыгып калды эр Кыяз!
Мындай сөз айтып дубана,
Көздөн кайым болуптур.
Ойгонуп Күлүс караса,
Карышып жаткан өзүнө,
Токчулук ичке толуптур.
Ордунан туруп октолуп,
Туралбастан токтолуп,
Байкап өзүн караса,
Кубат кирген өңүнө,
Айран болот түшүнө,
Дубана айткан сөзүнө:

«Тилегим кабыл келеби,
Тилекти кудай береби!»
Араң туруп Күлчоро,
Бозбалага жетиптир.
Бозбала карап байкаса,
Күлүстүн өңү кызарып,
Жаагы ылдый чубуруп,
Тер куюлуп кетиптир.
Бозбаладан токтобой,
Күлүстөн Күлүс кеп сурайт,
Кеп сураса деп сурайт:
«Айланайын Бозбала,
Көңүлүм жакын дос бала!
Бүгүн ишим оңунан,
Берейин айтып бир баштан,
Жакшылык иштин чоңунан.
Мен көргөндү көрдүңбү?
Мен туйганды туйдуңбу?
Же туйбай-билбей турдуңбу?
Чүрөктөн кабар билдиңби?!»
Бозбала анда кеп айтат,
Сайрап сөзүн кеп айтат:
«Билдим Чүрөк кабарын,
Эркек бала тууду деп.
Кайрат кылып Айчүрөк,
Белин бекем бууду дейт.
Жедигердин Кыязы,
Тоюна көп мал сойду дейт.
Калың журтту чакырып,
Таң-тамаша көп кылып,
Атын Сейтек койду дейт.
Баласы үчкө чыкты дейт.
Ушу күндө эр Кыяз
Айчүрөктөн ыкты дейт,
Кулагым эчак түргөмүн,
Айтпай сага жүргөмүн».
Бозбаладан кеп угуп,
Жакшылык кабар эми угуп,
Кубаттанды Күлчоро,
Күптүсү чыгып чачылып,
Күйүттүү жүрөк басылып,
Умачтай көзү ачылып,
«Кут кылган болсо кудайым,
Кудайдан ошо баланын,
Өмүрүн узун сурайын!»
Күлүстөн Чоро ошондо,
Кабагы карыш ачылып,
Кайгысы кетип чачылып,
Токойду көздөй барганы,
Калыбынча кайран эр,
Он эки аркан отунду,
Шапа-шапа алганы,
Сол ийнине көтөрүп,
Жолум үй карай салганы.
Кырдан туруп Күлчоро,
Отунду төмөн кулатты.
Кулаган отун жеткени,
Жолум үйдү камгантай,
Тоголонтуп өткөнү.
Уктап жаткан Сарбан кул,
Кабакка карай бет алып,
Ала салып кеткени.
Ала салып кулады,
Баткакка башы тыгылды,
Узунунан сулады.
«Ит кул мени жедиң – деп,
Жейин эми сени» – деп,
Сарбан кул турду бакырып,
Жылкычыларды чакырып,
Тозоңун тоодой сапырып,
Сарбандын үнүн укканда,
Доош катуу чыкканда,

Тогузу келди дабырап.
Эмне болуп кетти деп,
Сөз сүйлөшүп жабырап.
Кыйкырып Сарбан кеп айтат:
«Тогузуң бирдей жабылып,
Кармагыла» – деп айтат.
Сасыган кара коңуздун,
Жер түртүп кеткен доңуздуң,
Кара көзүн ойгула,
Дүнүйөгө койбостон,
Өлүм кылып койгула!
Алмадай башын алгыла,
Шыйрактан байлап сүйрөтүп,
Аңгекке тыгып салгыла!»
Катуу буйрук Сарбандын,
Оозунан чыкканда,
Келген тогуз жылкычы,
Баары текши укканда,
Тогузу бирдей камынып,
Чапкылады кыр жакка.
Күлчоро көздөй жабылып,
Тогуздун бири Бозбала,
Жан тартып жүргөн башынан,
Күлчорого дос бала,
Бозбала туруп кеп айтат:
«Ой курдаштар арача!
Жарым жан болгон карыпка,
Асылбайлы» – деп айтат.
«Кылгысы келсе кудурет,
Тоо күл болот турбайбы,
Зообу тийсин бу бизге,
Ушу жолу баатырлар,
Бу байкушту урбайлы!»
Берки сегиз жылкычы,
Бозбаланын бу сөзүн,
Кулагына алышты,
Жулунбай токтоп калышты.
Эки жаат болуп жылкычы
Токмоктошуп калышты.
Сөөк талашкан иттердей,
Өздөрүнчө чабышты.
Бозбала жааты сойгону,
Жулунуп барган төртөөнү,
Кан жөткүртүп койгону.
Сарбан кул турду дал болуп,
Не кыларын биле албай,
Айланып башы маң болуп.
Ал аңгыча караса,
Күлчоро келди октолуп,
Сарбан кулдун алдына,
Салам айтып токтолуп.
Салам айтып бүгүлүп,
Таазим кылып жүгүнүп.
«Ай, абаке, Сарбаным,
Менин жоктур дарманым.
Кырда туруп мен шордуу,
Токтото албай отунду,
Кулатканым дагы чын.
Жолум үйдү камгактай,
Уратканым дагы чын!
Дабаан болсоң ашыргын,
Дайра болсоң кечиргин!
Мыдырап тирүү жүргөндө,
Кой териси кулуңмун,
Өлүп калсам кокустан,
Ит териси булуңмун!
Башым көргө киргиче
Алдыңа кызмат кылайын,
Ажал алса жакадан,
Акырет кетип тынайын!
Жан соога, аба, жан соога,
Жылкычылар көпкөндөн,

Өзүнчө кылды бир коога!»
Күлчородон кеп угуп,
Жан соога сөздү эми угуп.
Сарбан кул токтоп калганы.
Өзүн өзү токтотуп,
Ачуусун басып калганы.
Күлүстөн чоро копулдап,
Сарбан кулдун алдында.
Кызмат кылып шыпылдап,
Даңканга чайын кайнатып,
Дасторконун жайнатып,
Көөкөрдөн арак куйганы,
Алып келип бөжөңдөп,
Сарбан кулга сунганы.
Этти чачтай туураптыр,
Ырайымсыз Сарбан кул.
Мас болуп жөөлүп калганда,
Кайраттанган Күлчоро,
Туураган этти бурдаптыр.
Сарбан кулду Күлчоро,
Жууп-чайып чечинтип,
Жөлөп-таяп көшүлтүп,
Туураганын сугунтуп,
Абакем чарчап калды деп,
Боору ооруган сөздөрдөн,
Кара нийет каапырдын,
Кулагына угузуп,
Жаап жаткырып салыптыр.
Магдыраган доңуз кул,
Катуу тартып коңурук,
Козголбой уктап калыптыр.
Жылкычылар бүкчүңдөп,
Сөз сүйлөшүп чүкчүңдөп,
«Бул тыңып калыптыр,
Кол-колуна тийбестен,
Шымаланып алыптыр.
Кандайда болсо бир жерден
Кабар уккан чени бар,
Көтөрүлүп бул кулдун,
Көөнү тынган жери бар»
Жылкычылар бөлүнүп,
Тең жарымы Күлүскө
Ачык болуп калыптыр,
Жал тарткандык көрүнүп.
Бир күнү Күлүс ойлонуп,
Сарбан кулдун алдына,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Сөз сүйлөдү жойлонуп:
«Ай, абаке арзым бар,
Айта турган дартым бар,
Мен бир карып кулуңмун,
Бир өзүнө сыйынам,
Айтып турган сөзүмдө.
Жалганы жок мунумун,
Үстү-башым тытылып,
Абыдан жүдөп курудум.
Кара жаным аябай,
Ай, абаке кулак сал,
Кызматыңда турамын,
Далба болуп кийимим,
Абыдан кулуң куурадым,
Ырайм кылгын абаке,
Өлтүрсөң кулуң мынаке!
Айчүрөккө барайын,
Кара тон менен куур шым,
Жаматтырып алайын.
Кара боюм тыңытып,
Эртең келип калайын.
Бир байтал бергин минейнн,
Токтобой жолго кирейин».
Күлчоро мындай дегенде,
«Барсаң кулум барып кел,

Эртеңден калбай жанып кел!
Бээ калынса саалбай,
Отун калса алынбай,
Суу калынса ташылбай,
От калынса жагылбай,
Көргүлүктү көрөсүң,
Ажалдан мурда өлөсүң!»
Сарбан кул жооп бергени,
Жылкычылар баарысы,
Бергенин көзү көргөнү.
Сар курмушу чоң тердик
Күлүстөн чоро кучактап,
Көзүнөн жашы бурчактап,
Ак жүгөн менен ноктоону,
Кармап Күлүс колуна,
Жылкы жаткан жайытка,
Басып жетти тоорула,
Карчыгадай калдайып,
Барды чоро шалдайып.
Күлчорону көргөндө,
Үрктү жылкы чатырап,
Үйүр-үйүр болуп дабырап.
Чаң ыскытып талааны,
Куйругун сыртка салышып,
Көп жылкы салды балааны.
« Кыройт-кырой кырылгыр,
Талпагың ташка жайылгыр,
Куйругуң кумга сайылгыр!
Айбаны минтип жоолады.
Адамы кайдан аясын!
Кайдан жаным жай алсын!
Бакай кандын Көкчолок,
Как чолоктун тууганы,
Бой-боздоп турган Күлүскө,
Көк байтал мойнун сунганы.
Кишинеп байтал келди эле,
Келгенин Күлүс көрдү эле.
«Айланайын Көк байтал,
Эмне түштү эсиңе,
Не көрүндү көзүңө!
Байталдын мойнун кучактап,
Көзүнүн жашы бурчактап.
Жүгөндү катып башына,
Сары тердик үстүнө,
Ыңырчак ээрди токуду.
Арманын айтып Күлүстөн,
Булбул болуп окуду.
Көк байталдай тулпардын,
Жоргосуна көндүрүп,
Басыгына көңдүрүп.
Ак дөбөдөй ак үйдү,
Көрдү Күлүс дагы үйдү.
Кыяз барбы дөңдө деп,
Эки жагын каранып,
Ээрди мурдун жаланып,
Көрүнбөйт Кыяз көзүнө,
Билинбеди өзүнө.
Мылтык атып, жаа тартып,
Жедигердин Кыяздын,
Кеткени кыйла күн болгон,
Күлчоронун кордугу,
Атпай элге дуу болгон.
Байталды байлап мамыга,
Үйгө кирип келгени,
Далбалаган чоронун,
Келгенин Чүрөк көрганү.
Күлчорону кучактап,
Солкулдатып Айчүрөк,
Көзүнүн жашы бурчактап,
Чай кайнатым болгончо,
Солкулдады Айчүрөк,
«Айланайын Күлүстөн,

Абакеңден айрылып,
Сен ушундай болдуңбу?
Арстандардан айрылып,
Азап тартып кайгырып,
Мен ушундай болдумбу!!
Курсакта калган куу жетим,
Куу жетимдин жайынан,
Куураган жандын айынан,
Кыязга жеңең жорголоп,
Кара тумшук чунакты,
Амалымды ашырып,
Чымындай жанын корголоп,
Жетимиң келет жетилип,
Тулпарлардын туягы,
Ичтен душман жоо чыгып,
Ташка тийип кетилип,
Учуп кетти бу баштан.
Бак-дөөлөттүү, сыймык куш,
Абакең Бакай, чоң энең,
Ушу кезде Күлүстөн,
Кайгылуу күнгө болду туш!
Айтып айтпай пайда жок,
Армансыз дүнүйө кайда жок!
Ал аңгыча эшиктен,
Сейтек кирди жүгүрүп,
Жакшылыктан бир жолу,
Күлчоро калган түңүлүп.
Баланы карап алганы,
Баса түшүп Күлчоро,
Темтеңдеп жерге жыгылып,
Бакырыкты салганы,
«Айланайым күмөнүм,
Кордук көрүп кулдардан,
Ардыгымдан өлбөстөн
Араңдан зорго турумун.
Найзадан калган желегим,
Айланайын аманат,
Арманда өткөн абакем,
Абамдан калган белегим!
Дайрадан калган булагым,
Аманат калган курсакта,
Арманда өткөн абакем,
Абамдан калган чырагым!
Аманат сени күтөм деп,
Кордукту көрүп кулдардан,
Сөз укпай калды кулагым!
Кулдардын көрдүм зордугун,
Артыкча көрдүм, курган жан
Сарбан кул иттин зордугун!»
Кучактап жыттап Сейтекти,
Чай кайнамга ыйлады.
Арманы арбын Күлчоро
Аманат жанын кыйнады.
Анда Чүрөк кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Сабыр кылгын Күлүстөн,
Канэтесиң» – деп айтат.
«Ушу каран дүйнөдөн,
Кимдер өлбөй калбаган.
Аркасында калгандар,
Баары да биздей сандалган.
Ойлоп турсак Күлүстөн,
Ушу жарык дүйнөдө
Туягы бүтүн тулпар жок,
Канаты бүтүн шумкар жок.
Кара жер соргон баарысын,
Жан-жаныбар, макулук
Бирөөнда аман таштабай,
Койнуна алган баарысын!»
Чорого кайрат сөз айтып,
Кымыз сунду Чорого.
Армандуу күндү өткөргөн,

Арстандан калган жорого,
Казы кертип, жал берди,
Суусунуна бал берди.
Суу жылытып даярдап,
Самынды берди колуна,
Киринип келгин Күлүс деп,
Айтып сөзүн баяндап,
Ак суптан көйнөк, ыштанды
Кийип алгын муну – деп,
Каран калган бул көйнөк,
Бир байталдын куну – деп.
Кабакка барып Күлчоро,
Самындап боюн жуунуп,
Суп менен белин буунуп,
Кир-когунан кутулуп,
Көтөрүлүп көңүлү,
Азганакай жуунуп,
Кара тон менен кементай,
Башына бүтүн малакай,
Кайтадан жаңы кийгизди,
Кабычыл камкор Айчүрөк,
Камкорлугун билгизди.
Куржунга салып даярдап,
Гүл азыктан мол берди,
Эми кайткын Күлүс деп,
Күлчорого кол берди.
Күлүстөн баатыр Күлчоро,
Бир конуп уйку кандырып,
Сейтекти көрүп бечара,
Жыттады мээрин кандырым.
Чунак Сейтек баланы
Абайлап Күлүс караса,
Семетейдин өзүндөй,
Кararган кара көзүндөй.
Күлүскө Чүрөк кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Айланайын Күлүстөн,
Сабырдын түбү сары алтын,
Башка келген мээнетке,
Сябыр кылгын» – деп айтат.
«Жетимиң аман чоңойсо,
Өкүлдөгөн Кыяздан,
Өткөн өчүң аларсың,
Өкүнүчүң чыгып каларсың!
Кеткен кегиң аларсың,
Кезекти берсе жараткан,
Кейишиң кетип башыңдан,
Кемигиң толуп каларсың!
Текебер бизден өткөндүр,
Текеберди кысасы,
Айланып жүрүп олтуруп,
Башыбызга жеткендир.
Мындан кийин Күлүстөн,
Көзүмдү салып турармын.
Көмүлгөн көөсөр Кыяздын,
Көзүнө топо урармын.
Астыртан жардам жиберип,
Акыл айтып турармын.
Алаптаган Кыязды,
Амалдап ишин бузармын.
Сарбан кулга жорголоп,
Кыла бер жакшы кызматты,
Сенин көргөн кордугуң,
Сай сөөгүмдү сыздатты».
Айчүрөк сайрап токтолду,
Арыш уруп Күлчоро,
Эми атка минүүгө,
Эшикти көздөй октолду,
Көк байталды чуратып,
Артынан чаңын буратып,
Жетип келип Күлчоро,
Сарбан кулдун алдына,

Салам айтты бүкчүйүп,
Тизесин жерге тийгизип,
Отурду Күлүс чүкчүйүп.
Күлүстү көрүп Сарбан кул,
Боконо жүрөк болк этип,
Боор, ичеги солк этип,
Баштагы түрү жоголуп,
Кабагы карыш ачылып,
Эликтей болуп түйүлүп,
Күлчоро калган оңолуп.
«Бул кул тыңып калыптыр,
Башын өөдө көтөрүп,
Алчыланып калыптыр.
Кандай да болсо бул кулдун,
Көңүлү тынган жери бар,
Кыязданбы, башкадан,
Жылуу сөз уккан чени бар.
Баштагыдай кызматты
Кыла берди Күлчоро,
Тыңдык кирип өзүнө,
Күндөн күнгө илгери,
Жыла берди Күлчоро.
Баштагыдай каардабай,
Жоошуп калды Сарбан кул.
Уят-ынсап билбеген,
Ырайымсыз дардаң кул.

СЕЙТЕКТИН ӨСҮШҮ

Семетейдин Сейтеги,
Бирге чыкты билинип,
Экиге чыкты илинип,
Үчкө чыкты үргүлүп,
Жедигердин Кыязы,
Сейтектин түрүн көргөндө,
Семетейге окшош деп,
Эт жүрөгү болк этип,
Эси чыкты солк этип,
«Үчкө толду бала – деп,
Акыры сага түбүндө,
Камынбасам астыртан,
Баладан көрөм балаа – деп,
Сүннөт тоюн берейин,
Атасын тартчу чунакка,
Ойлобой тура бербестен,
Айла кылып көрөйүн.
Сүннөт кылчу кишиге,
Кара болот устара,
Карматайын колуна,
Уу болотко күйгүзүп,
Түбү душман чунакты
Буратала айдайын
Кыяматтын жолуна.
Аны ойлонуп эр Кыяз,
Алтымыш ала бээ союп,
Алты жүздөй кой союп,
Сарамжалын арттырып,
Кымыздан арак тарттырып,
Үй тиктирип жанаша,
Баштатты оюн-тамаша.
Тойду Кыяз баштады,
Толкуп келгеп көп элди,
Тойгузуп тойго таштады.
Балбан күрөш, ат чабыш,
Баары болду бул тойдо,
Кандай амал кылам деп,
Кыяз болду чоң ойдо.
Тою тарап кеткенин,
Кыяздын көргүн неткенин!
Токтобой Кыяз акырып,
Сүннөтчүнү чакырып.

Сүннөтчү аты Кабылбай,
Кылдаттыгы болжолуу.
Башынан бери карата
Келе жаткан жаңылбай,
Багыштын уулу эр Кыяз,
Кабылбайга кеп айтат:
«Мен айтамын ,бир сөздү,
Уккун Кабыл деп айтат.
Кара болот устара,
Тийсе болот кыйын уу,
Уу сыйпаган мизине,
Билгизбегин Кабылбай,
Өзүңдөн башка кишиге.
Чунак Сейтек баланы,
Кармап сүннөт кыла көр,
Заарды бойго жайылтып,
Жайлап берип тына көр!
Энеси канчык Айчүрөк,
Адам заттан башкача,
Айласы катуу чоң дүмөк,
Айчүрөк билип калбасын.
Кокустан билсе Айчүрөк,
Жүйөлүү сөздөн көп айтып,
Уят кылып салбасын.
Жарап берсең ишиме,
Самаганың беремин,
Жакындан жакын көрөмүн.
Эр Кыяз айтып көп сөздү,
Өзүнө жаккан эп сөздү.
Кабылбайды ээрчитип,
Эшик ачып киргизди.
Акундун кызы Айчүрөк,
Кабылбайды күлгүздү.
Жекендос жерден алганы,
Баяндос мамык салганы.
Кыяз кетти аттанып,
Билмексенге салынып,
Айчүрөккө актанып.
Кабылбайга Айчүрөк,
Күрөөкө тондон жапканы,
Суп жоолук байлап колуна,
Амалын мыктап тапканы.
Дасторкон жайып алдына,
Казы кертип, жал берип,
Суусунуна бал берип,
Даңканга чайын кайнатып,
Жемиштен төгүп жайнатып,
Албан түрдүү, сонун аш,
Арак менен шарабы,
Адам татса болгон мас.
Сүннөт кылчуу Кабылбай,
Арак ичип мас болуп,
Жерден башын көтөрбөй,
Өзүнө арга табылбай,
Кабылбай жатты мас болуп.
Ээ дээрге эси жок,
Бир сөз айтар кези жок.
Жылбас кара таш болуп,
Амалы артык Айчүрөк,
Кара болот устара,
Кабылбайдан алганы,
Ташка чаап салганы.
Ак болот кестик алыптыр,
Бекем кармап Сейтекти,
Байыртан берки салт ушул,
Сүннөт кылып салыптыр.
Амалы артык Айчүрөк,
Кабылбайды азгырды.
Арам ойлуу Кыяздын,
Дагы амалын жазгырды.
Эр Кыяз оозун карманды.
Айчүрөктүн амалы,

Барган сайын ашынып,
Ичинде кылды арманды.
«Амал, аргам түгөндү,
Алаптаган Айчүрөк,
Аргамды такыр түгөтүп,
Башыма катты жүгөндү.
Кандай арга кылайын,
Ичимде толгон убайым,
Амал барбы канчыкка,
Сыр билгизбей турайын.
Айчүрөктүн сөзүнө,
Аргам барбы көнөйүн.
Башыма келген иш болсо,
Учурунда көрөйүн!».
Кыяздын сөзүн таштайлы,
Семетейдин Сейтеги,
Ошондон сөздү баштайлы:
Семетейдин Сейтеги,
Төрткө жашы төп болду,
Туулгандан бери карата,
Кыязда кастык көп болду.
Бешке жашы илинип,
Жедигердин элине,
Эр Кыяздын өзүнө,
Сейтектин түрү билинип,
Алтыга жетип арымдап,
Жүрүш менен турушу,
Көргөн айран калгандай,
Каптаган селдей арылдап,
Жетиге жашы толуптур,
Боорун жерден көтөрүп,
Анча-мынча дөөлөргө,
Дегелишер болуптур.
Жетиге чыкты серпилип,
Курсакта келип душманга
Акырында төрөлдү.
Таптаган болот өңдөнүп,
Кайра баштан жетилип,
Жетиге жашы толгондо,
Серпилтип кирип молдодон,
Окуур чагы болгондо,
Энекеси Айчүрөк,
Эр Кыязга кеп айтат:
«Ушу Сейтек балаңды,
Кармап берип молдого,
Окуталы» – деп айтат.
Анда Кыяз ,мындай дейт:
«Макул Чүрөк, макул дейм,
Бул айтканың акыл дейм»
Ала көөдөн бул Кыяз,
Айчүрөк менен Сейтекке,
Алынып калган кези экен.
Өзүмдүн балам болду деп,
Эми көөнүм толду деп,
Ушу Сейтек балага,
Айланайын ботом деп,
Жалынып калган кези экен.
Көңүлүн буруп Чүрөккө
Коошуп калган кези экен.
Каарын төкпөй Күлүскө
Жоошуп калган кези экен.
Көңүлдөгү бузугун,
Жоюп калган кези экен,
Каарданбай Күлүскө,
Когоп калган кези экен.
Айчүрөккө көңүлү,
Тоюп калган кези экен.
Семетейдин Сейтеги,
Молдодон сабак окуду.
Окугандын баарысын
Көңүлгө бекем токуду.
Балдардан озо окуду.

Теңдешем деген балдарды,
Бүркүттөй мээден чокуду.
Сабак окуп молдодон,
Зейректиги ашынып,
Жедигердин элине,
Маалим болду бул Сейтек.
Төрт-беш жылдын ичинде,
Молдосуна теңелип,
Аалым болду бул Сейтек.
Жаман менен жакшыны,
Ачык айткан айырып,
Тааныш болду бул Сейтек.
Семетейдин Сейтеги.
Он эки жашка толуптур,
Обоологон душманды,
Ойрондор чагы болуптур.
Он эки мүчө тең чыкты,
Оң, сол далы кең чыкты.
Ойротту бузар шер чыкты.
Күйүп турган чок чыкты.
Күрдөлдүү журтта жок чыкты.
Атып ийген ок чыкты.
Ааламда мындай жок чыкты.
Көзүнөн оту чачырап,
Оозунда тиши качырап.
Караса көздөн от жанат,
Кармаса колдон кан чыгат.
Бузуктарды урганы,
Бурултпай элден кууганы.
Какаарлууну, камады,
Карсылдатып сабады,
Кабылан бала Сейтектин,
Каарына бас келбей,
Калың кара жедигер,
Кайра айталбай жадады.
Кара нээт бузуктар,
Алыс болду бул Сейтек,
Кара кылды как жарган,
Калыс болду бул Сейтек.
Жетим, жесир карыпка,
Жакын болду бул Сейтек,
Чечендиги башкача,
Акын болду бул Сейтек,
Залимдерден жат болуп,
Адил болду бул Сейтек.
Туура сөздүү бир айткан,
Бадил болду бул Сейтек.
Сейтекке өөдө карабай,
Коруп калды эр Кыяз,
Не кыларын биле албай,
Болуп калды эр Кыяз.
Эми Кыяз ойлонуп,
Кайгысы ичке жык толду,
«Ата, жөнүн бир билсе,
Ушу менен өзүмдү,
Соер кези болду го,
Кара көзүм кашайтып,
Оер кези болду го.
Ичимдеги кара кан,
Кош уучтап туруп бир күнү,
Тоер кези болду го!
Атам менин кайда деп,
Чыгар кези болду го.
Алып жулуп башымды,
Кара жерге бир күнү,
Тыгар кези болду го!
Эсебимди бир жолу
Табар кези болду го,
Калың кара элимди,
Кан сыктатып талкалап,
Чабар кези болду го!
Окчонтойго ок салып,

Атар кези болду го,
Калың кара малымды,
Күл сапырган эмедей,
Чачар кези болду го,
Дем чыгарбай бул мени,
Басар кези болду го!
Орок оргон эмедей,
Орор кези болду го.
Калың кара журтумду,
Ажыдаардай оп тартып,
Сорор кези болду го!
«Сен» деп айтсам, бул мени,
Урар кези болду го,
Билгенинен бурулбай,
Турар кези болду го!»
Эр Кыяз кылып убайды,
Бул Сейтектен чочунуп,
Кудайсыган капырың,
Эсине алды кудайды.
«Менин айткан сөзүмө,
Көнөр бекен Айчүрөк.
Мени менен бир жүрүп,
Өлөр бөкен Айчүрөк.
Көнбөс болсо Айчүрөк,
Кылганым жетип өзүмө,
Как караган көзүмө!»
Эр Кыяздын казына,
Ачып кирди бул Сейтек,
Карып менен касарга,
Чачып кирди бул Сейтек,
Аламанды малына,
Коюп кирди бул Сейтек,
Канды булоон түшүрүп,
Союп кирди бул Сейтек.
Сөз сүйлөтпөй Кыязды,
Шүк деп койду бул Сейтек,
Теңдигинен кетирип,
Жедигердин Кыяздын
Ооз, омуртка-моюнун.
Бүктөп койду бул Сейтек.
Кара жинин Кыяздын,
Басып койду бул Сейтек.
Дүнүйөсүн омойлоп,
Чачып койду бул Сейтек.
Эки көзүн умачтай,
Ачып койду бул Сейтек.
Кыяздын демин түгөттү,
Буратала жүдөттү.

СЕЙТЕКТИН АТА ЖӨНҮН УГУШУ

Муну мындай таштайлы,
Эми айтылар сөздөрдү,
Күлүстөн баатыр Күлчоро,
Күлчородон баштайлы.
Сейтектин болгон кабарын.
Угуп турду Канчоро.
Ичиндеги арманы,
Күндөн күнгө аз-аздан,
Чыгып турду Күлчоро.
Бир күнү туруп ойлонуп,
Оң, сол жакка толгонуп,
«Анчүрөккө барайын,
Арстандан калган белектен,
Аныктап кабар алайын!
Аныктап көзүн көрөйүн,
Алдейлеген жетимди,
Абыдан жыттап өбөйүн!
Сарбан кулга барайын,
Жаманып келсем деп айтып,
Өзүнөн жооп алайын»

Деп ойлонуп Күлчоро,
Сарбан кулдун алдына,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Таазим кылып жүгүнүп,
Салам айтып божурап,
Сүйлөдү сөзүн кожурап,
«Абаке Сарбан кулак сал,
Мен бир карып кулуңмун.
Не кылсаң өзүң билесиң,
Сатар болсоң булуңмун!
Кара тон менен куур шым,
Далбаа болуп тытылды,
Албырдан тайып бу кулун,
Абыдан жаман утулду!
Мен өлсөм сизге не пайда.
Отун алып, от жагып,
Кызмат кылып берейин,
Жарык дүйнө бу жайда.
Айчүрөккө барайын,
Далба тонду жаматып,
Кайта алдыңа абаке,
Эртең келип калайын».
Күлчоро мындай дегенде,
Макул болду Сарбаны.
Жүгөндү кармап колуна,
Карып болгои Күлчоро,
Жылкыны көздөй барганы.
Жылкы ичинде Көк байтал,
Күлүстү көрүп алыстан,
Кишинеген боюнча,
Мойнун сунуп калганы.
Тумшугунан шур жыттап,
Айланайын жаныбар,
Аркимдин сүйгөн малы бар.
Тулпарым байтал деп жыттап,
Жүгөн катып башына,
Ыңырчагын токунуп,
Өз ичинде окунуп,
«Желмогуз Кыяз алдына,
Тартынбастан барайын,
Каарын төксө кокустан
Эшектей кардын жарайым!»
Көк байталды аргытып.
Артынан чаңын баргытып.
Эр Кыяздын ордого,
Күлчоро жетип барганы.
Байталды байлап мамыга,
Ордого кирип калганы.
Жедигердин Кыязы,
Мылтык атып, жаа тартып,
Кеткени кыйла болуптур,
Кыяздын жогун көргөндө,
Күлүстөн көөнү толуптур.
Айчүрөк менен Күлчоро,
Амандык-соолук сурашып,
Муңдуу болгон байкуштар
Азгана жыргап куунашып,
Күлчорого Айчүрөк,
Казы кертип, жал берип,
Суусунуна бал берип,
Даңканга чайын кайнатып,
Ар бир даамдын баарысын,
Дасторконго жайнатып.
Аш-тамакка тойдуруп,
Алакан жайып, кол ачып,
Батасын кылып койдуруп,
Ал-аңгыча болбоду,
Алиги келген Күлчоро,
Абыдан иши оң болду.
Бала Сейтек баркылдап,
Кирди эшиктен жаркылдап.
Чорону көрүп чочуду,

Өзүнөн өзү козуду.
Козуп Сейтек кеп айтат:
«Ой, энеке Айчүрөк,
Ким деген киши болот бу?
Жайын айткын» – деп айтат.
«Талаадан уктум бир сөздү,
Тири укмуштуу түр сөздү.
Жууганда кетпес кир сөздү.
Азыр чының айтасың,
Айтпас болсоң энеке,
Акыретке кайтасың!
Талаада жүрүп мен бүгүн,
Тентектиги ашынган,
Бир баланы урганда,
Мойнунан кармап бурганда,
Энеси кемпир какылдап,
Мен укпаган сөздү айтып,
Ооз-оозуна жукпастан,
Сүйлөдү кемпир шакылдап,
Ой, энеке Айчүрөк,
Жедигердин Кыязы
Атам эмес турбайбы,
Атаң ушу деп жүргөн
Өзүңдү кудай урбайбы?!
Кемпирден уктум мындай сөз,
Сүйлөдү кемпир какылдап,
Каратып туруп көзмө-көз,
Башыңдан өткөн ар түрдүү,
Жапаанды айтып билдирди.
Түбүмдү түрүп бир баштан,
Атамды айтып билдирди.
Аргын, ногой калың журт,
Элимди айтып билдирди.
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Жеримди айтып билдирди.
Аягы Ташкен, башы Чүй,
Таласты айтып билдирди.
Арбагың дайын белгилүү,
Манасты айтып билдирди.
Таласты барып эр Кыяз,
Чапканын айтып билдирди.
Күлчоронун далысын,
Чакканын айтып билдирди.
Отунчу кылып, оор жүк,
Тапканын айтып билдирди.
Каныкей, Бакай кордукта,
Жаткананын айтып билдирди.
Канчородон кыйындык,
Кабылан Бакай абамдын,
Көргөнүн айтып билдирди,
Тирүүлөй жүрүп олуяң,
Өлгөнүн айтып билдирди».
Анда Чүрөк кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Кемпирден уккан сөздөрүң,
Чын баарысы» – деп айтат.
Айтайын анык сөзүмдү,
Ачайын Сейтек көзүңдү.
Тегин экен дебегин,
Айчүрөк менин өзүмдү.
Укканыңдын баары чын,
Атакеңе кас санап,
Колтук ачып Кыязга,
Канчоро какмар кылган чын.
Жетимим сенин айыңдан,
Кызмат кылдым Кыязга,
Амал менен жорголоп,
Бир чымындай жаныңды,
Сактап келдим корголоп.
Балтыр этиң толгондо,
Балапан чагың болгондо,
Жүрөк этиң толгондо,

Жүткүнөр чагың болгондо,
Уюган чаңга кирерде,
Уруштун ыгын билерде,
Ошондо айтсам деп жүрдүм.
Аз жүрбөдүм көп жүрдүм!
Сейтек менен Күлүстөн,
Мында туруп албаңар.
Акылыңды жамдаңар,
Жаракты мыктап камдаңар!
Аттанып жөнөп чамдаңар!
Бачым жетип жылкыга,
Сарбаң кулду баш кылып,
Жылкычыларды сойгула!
Бирин аман койбостон,
Кара көзүн ойгула!
Кандарын ичип тойгула!
Сарбан кулду өлтүрбөй,
Тирүү кармап алгыла!
Башына соолу кийгизип,
Бутуна кишен салгыла!»
Ал сөздү айтып Айчүрөк,
Чечиндирип Күлүстү,
Торгун, тувар, барчадан,
Чымкыттай кылып кийгизди.
Акылга дыйкан Айчүрөк,
Ургаачыдан бир чыккан,
Сырттандыгың билгизди.
Самындап этин жуудуруп,
Көк жибектен дүңгө кур
Белине бекем буудуруп,
Кайнатма кара дарыдан,
Кадырлуу дары барынан,
Кытайдын кызыл дарыдан,
Кымбаттуу дары барынан,
Жаратка тарткын муну деп,
Ар дарынын баалары,
Ондон бодо куну дейм.
Берди Чүрок чорого,
Арстандан калган жорого.
Жана Чүрок кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Айланайын каралдым,
Уга көр сөзүм» – деп айтат.
«Туу бээлерден жара көр,
Казысынан Күлүстүн,
Жараатына жаба көр!
Күндө сойгун бээлерин,
Чыгара көр Кыяздын,
Кап-кайдагы кээлерин!
Кең Букардын шаарында,
Атакеңдин курдашы,
Акыреттик сырдашы,
Кызыл досу бар эле,
Табыптыгы ашынган,
Касиеттүү жан эле,
Ошого кабар бере көр!
Бозбаланы чаптырып,
Шашкалаң алып келе көр!
Айыктырып абаңды,
Калыбына келген соң,
Андан кийин Кыязга,
Болжошорсуң чаманды!»
Айчүрөк айтып көп сөздү,
Акылга сыйчу төп сөздү.
Күлчоронун өз ээрин,
Көк байталга токуду,
Ар бир сөздүн баарысын
Булбул болуп окуду.
Жана Чүрөк кеп айтат,
«Бир айда Кыяз келүүчү,
Келип калса көөдөктү,
Сазайын Чүрөк берүүчү.

Алдап-соолап Кыязды,
Тоо торусун минермин,
Тоо тору колго тийген соң,
Токтолбой жолго кирермин».
Амалы артык Айчүрөк,
Күлчоро менен Сейтекке,
Такып-такып кеп айтып,
Жарак-жабдык шайманды,
Баарын берди колуна.
Толгон сөздү Күлүстөн
Угарсың Сейтек деп айтып,
Экөөнү салды жолуна.
Сейтек менен Күлчоро,
Аттанышты койкоюп,
Накери бутта чойкоюп,
Аттанып чыкты бул экөө.
Кийгендери күрөөкө.
Сейтекке Күлүс кеп айтат:
«Мен айтамын жомокту,
Айланайын жетимим,
Сал кулагың – деп айтат.
Түбүңдү түрүп өтөйүн,
Тегиңди терип берейин.
Жериңдин жайын айтайын.
Жеткилең жерди жердеген,
Элиңдин жайын айтайын.
Жериң Талас жер деген,
Ал Таласты жер кылган,
Аты угулган ааламга,
Аргын, ногой эл деген.
Уктуң бекен кулагың,
Аргын менен ногойдон,
Кабылан Манас эр чыккан,
Катылганды кайсаган,
Кара кулак шер чыккан.
Оолугуп келген душманды,
Оруп турган эр Манас.
Аргын менен ногойду.
Канаттууга кактырбай,
Тумшуктууга чектирбей,
Коруп турган эр Манас.
Асылышкан душманды,
Ажыдаардай оп тартып,
Соруп турган эр Манас,
Ошол Манас чоң атаң,
Семетей болот өз атаң.
Чоң атаң Манас кабылан,
Кара шаар Бээжинге,
Казат кылып барганда,
Кара кытай, манжууга,
Азап кылып барганда,
Аккула окко учурган,
Алмамбет шейит кечирген,
Чубак, Сыргак эр өлгөн,
Кыраандардан көп өлгөн.
Чоң атаң арстан ошондо,
Коңурбайдан балта жеп,
Акырет кеткен кайрылып,
Балтыр бешик чагында,
Семетейден айрылып,
Чоң энең аты Каныкей,
Канаты сынып кайрылган,
Кабыландан айрылган.
Кандуу бети тытылуу,
Өлөйүн деп өлө албай,
Өз жанын өзү кыя албай,
Аза күтүп турганда,
Айкөл Манас баатырга,
Күнү катын баласы,
Ичинде көп аласы,
Абыке, Көбөш алты арам,
Арамдыгын ашырган,

Зордуктап туруп алам деп,
Чоң энекең Канышты,
Кең Таластан качырган.
Арамдардын колунда
Алты сан кара мал калган,
Алтын, күмүш зар калган,
Ак ордодой үй калган.
Семетейди чоң энең,
Букардын каны Темиркан,
Өз атасы болучу,
Асмандан булут тутулган,
Ордолуу шаар Букарга,
Ала качып кутулган.
Сенин атаң Семетей,
Букарга барып чоңойгон.
Күндөн күн иши оңолгон.
Он эки жашка чыкканда,
Көмүр өчүрүп көө болгон,
Бир токойго ээ болгон.
Чөйчөктөй көздүү Сары таз,
А да сенин тууганың.
Сары таздан кеп уккан,
Салтың ногой деп уккан,
Жериң Талас деп уккан,
Атаң Манас деп уккан.
Сенин атаң Семетей,
Таласка кайта келгенде,
Арбакты кудай бергенде,
Ак болотун майлаган,
Ачуусуна тийгенде,
Чоң атасы кан Жакып,
Абыке, Көбөш агасын,
Катарынан жайлаган.
Кыраандуу жерди майлаган.
Кыйыгына тийгенде,
Манастан калган чородон,
Катары менен жайлаган.
Кайсы бирин айтайын,
Арманым арбын, дартым зор,
Менин атым Күлчоро,
Канчоро, Кыяз кылды кор!
Өзүмдүн жайым айтайын,
Айта түшүп кайтайын.
Түп атамды түрөйүн,
Түгөл айтып берейин.
Калың кытай журтунан,
Манжуу кытай журтунан,
Чоң Бээжин экен калаасы,
Атам болот Алмамбет,
Азиз кандын баласы,
Талкалаган буттарын,
Таштаган кытай журттарын.
Келип жеткен Таласка,
Кол кармашып достошуп,
Жан жолдош болгон Манаска!
Алмамбет жолдош болгондо,
Манастын иши оң болгон.
Алышкан душман сомдолгон.
Чынкожо менен Толтойдун
Калтырбастан домогун,
Ырдап айтат Күлчоро.
Башынан берки иштерди
Чындап айтат Күлчоро.
Эр Толтойду сойгондо,
Олжого тулпар Суркоен,
Алганын айтат Күлчоро.
Сур Коен үчүн таарынып,
Камбардын уулу Канчоро
Калганын айтат Күлчоро.
Нескара менен Коңурду
Сойгонун айтат Күлчоро.
Ичиндеги Каракан,

Тойгонун айтат Күлчоро.
Көкчөнүн уулу Үмөтөй
Өзү келип катылып,
Өлгөнүн айтат Күлчоро.
Ак олпок менен сөөгүн жаап.
Тайбуурулга жүктөтүп,
Барганын айтат Күлчоро.
Семетейдей кыраандын,
Ошондон кийин сыймыгы
Кеткенин айтат Күлчоро.
Чачыкей менен Канчоро
Чыккынчы болуп Кыязга,
Ал экөөнөн балакет
Семетейдин башына,
Жеткенин айтат Күлчоро.
Жедигердин Кыязы,
Семетейдин башына,
Кыяматтын кыстоосун,
Салганын айтат Күлчоро.
Семетейди өлтүрүп,
Акундун кызы Чүрөктү,
Алганын айтат Күлчоро,
Аргын, ногой эки журт,
Абасы Бакай, Каныкей,
Канчоронун кордугун,
Көргөнүн айтат Күлчоро.
Сары кандай баатырдын,
Өлгөнүн айтат Күлчоро.
Кашындагы бул Сейтек,
Үч айлык келип курсакта,
Туулганын айтат Күлчоро.
Өзүнүн түшкөн башына,
Чуулганын айтат Күлчоро.
Жылкычылардын колунда,
Он эки жылы кор болуп,
Турганын айтат Күлчоро.
Кыяз менен Сарбан кул
Ит көрбөгөн кордуктар,
Кылганын айтат Күлчоро.
Семетейден айрылып,
Абакелеп кайгырып,
Каардуу душман колунда
Калганын айтат Күлчоро.
Кара нээт ит Кыяз,
Жарым жан кылып бул өзүн,
Адам көрбөс кордукка,
Салганын айтат Күлчоро.
Бозбала деген баланын,
Ар качандан бир качан,
Жардамын айтат Күлчоро.
Кайгы менен Чүрөктүн,
Карыганын айтат Күлчоро.
Аюу, жолборс, кабылан,
Ушу турган өзүнөн,
Өлгөнүн айтат Күлчоро.
Жедеп шайы кеткенде,
Өлүмгө жакын жетенде,
Эр Кыяздын үйүнө,
Сарбан кулдан суранып,
Барганын айтат Күлчоро,
Сейтекти көрүп кубанып,
Калганын айтат Күлчоро.
Күбанычтан чыдабай,
Акыл-эстен айрылып,
Талганын айтат Күлчоро:
«Өңүм бекен, түшүмбү,
Же түшүмдө Көргөн ишимби?!»
Башынан өткөн иштерди,
Күлчоро сайрап турганда,
Манастан бери которуп,
Армандуу сөздөн урганда,
Семетейдин Сейтеги,

Кулап түшүп атынан.
Кучактап келип жыгылды
Күлчоронун бутунан.
«Айланайын абаке!
Кандай айткан бул сөзүң?
Курсакта жетим атанып,
Абаке айттың шумдукту.
Укпай турган экемин,
Бул өңдөнгөн укмушту!
Атадан жетим калганым,
Жедигердин Кыязды,
Атам деп жүргөн экемин.
Арылбаган арманым,
Көтөрүп жүргөн экемин.
Башына кудай салганын.
Сынган экен канатым,
Калың журттан айрылып.
Абакем Бакай, чоң энем
Кор болгон экен кайгырып.
Атамдан калган калың эл,
Аргын, ногой элиме,
Аргын, ногой куураптыр,
Арбак урган Канчоро,
Ашына көөп дуулаптыр.
Күлчоро абам кор болуп,
Күрсүлдөгөн ит Кыяз
Күйүттү салып чоң болуп!»
Деп ушундай муң айтып,
Кабылан бала Сейтектин,
Ботодой көзү жайнады.
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш,
Качырата чайнады.
Оозунан оту буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Ажыдаардай октолуп,
Тура албады токтолуп.
Эми Күлүс кеп айтат:
«Көп кайгырба Сейтегим,
Абамдан калган тентегим.
Өткөн иш кайта келчү эмес,
Өкүнсөң кудай берчү эмес,
Кеткен иш кайта келчү эмес,
Кейисең кудай берчү эмес.
Кайгы төлөө болобу,
Кайгычыл адам оңобу?
Жок кайгыны коелу,
Алдыңкы ишти ойлойлу.
Сарбан кулдун алдына,
Түп-түз кирип барбайлы,
Акылды терең жамдайлы.
Кокустан көрсө ал доңуз,
Не кечиктиң доңуз – деп,
Жердеги ,кара коңуз – деп,
Сарбан кул чочко урбасын,
Өз билгенин кылбасын!
Каарданса каапыр кул,
Кара көзүм оет ко,
Канымды ичип тоет ко!
Акыл менен баралы,
Асмандаган доңуз кул,
Токтолбостон башына
Акыр заман салалы!

ЖЫЛКЫЧЫЛАРДЫН ӨЛҮШҮ, КҮЛЧОРОНУН КАЛЫБЫНА КЕЛИШИ

Сарбан кулдун алдына,
Кандай түр менен барууга,
Алактаган доңуздун,
Акыр заман башына,
Кандай кылып салууга,
Сейтекке Күлүс кеп айтат:
«Отунду арбын алалы,
Он эки аркан толтуруп,
Бекемдеп туруп таңалы,
Кулатып кырдын башынан,
Жолум үйүн каптатып,
Ойрон кылып салалы.
Ала салып жыгылсын,
Коломтодо үймөк күл
Ошого башы тыгылсын».
Бала Сейтек камынып,
Ач арстандай чамынып,
Айсал-буйсал болбостон,
Он эки аркан толтура,
Отунду мыктан таңыптыр,
Кырга сүйрөп апарып
Белен кылып салыптыр.
Жылкычы башы Сарбан кул,
Жылма болгур капыр бул,
Түрдүрүп салып эшикти,
Башына мамык койдуруп,
Астына олпок салдырып,
Буту башын жигитке,
Ушалатып кылдырып.
Кымыздан тарткан аракты,
Суусунуна жутканы,
Упаратып жатыптыр,
Ушу дүнүйө талакты.
Туу байталдан сойдуруп,
Казы менен картаны,
Кыя кесип койдуруп,
Дуулап жаткан кезинде.
Ырчылары кашында
Ырдап жаткан кезинде,
Оолугуп Сарбан кеп айтып:
«Акмак кул кайда жоголду?
Бээлер калды саалбай,
Отун калды алынбай,
Ишибиз кайдан оңолду!
Кап, доңуз кул сойбосом,
Кара көзүң ойбосом.
Биротоло жоготуп,
Тындым кылып койбосом!»
Кырга койгон отунду,
Бала Сейтек итерип,
Кабакты карай кулатты.
Кулаган отун жөн кетпей,
Төөдөй ташты уратты.
Кулап отун жеткени,
Жолум үйдү талкалап,
Сыйпаган бойдон өткөңү.
Түндүгү түштү дүп этип,
Үй ичинде Сарбан кул,
Доошу чыкты, күрс этип,
Күлгө башы тыгылып.
«Эмне шумдук болду!» – деп,
Жүрөгү оозго тыгылып,
Шашып туруп антаңдап,
Туралбастан тамтаңдап.
Оозуна сөз кирбей,
Шашып калып анталап,

Бети, башы канталап,
Тамтаңдап басып айкырып:
«Келгилечи бачым» – деп,
Жылкычыларды чакырып.
Сарбандын үнүн укканда,
Доошу катуу чыкканда,
Жылкычылар дабырап,
Сөз сүйлөшүп жабырап,
Жылкычылар жабылды,
Бейкут жаткан кезинде
Балакет баса табылды.
Сарбан кул анда кеп айтат:
«Жылкычылар – деп айтат.
Айбалта, кылыч жаракты,
Камдагыла – деп айтат.
Атка минип баарыңар,
Чамдагыла – деп айтат.
Кутурган кулдун кордугу,
Эки жол отун кулатып,
Өттү мага зордугу!
Жетип башын алайын,
Тындым кылып салайын!
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарайын!
Аман кайдан коеюн,
Кутурган кулду соеюн!»
Аттанышты жабырап,
Баштап алып Сарбан кул,
Алтымыштай жылкычы,
Жөнөп калды дабырап.
Кырдан ары талаа жер,
Кыяздап ураан чакырып,
Алды барат Сарбан эр.
Кыяздап ураан чыкканда,
Сарбандын үнүн укканда,
Бала Сейтек, Күлчоро,
Атынын оозун жайганы.
Амалдарын ашырып,
Качып жөнөп калганы.
Жылкычылар айкырып,
Кууп калды закымдап.
Жетип барды экөөнө,
Омуроолоп такымдап.
Бала Сейтек, Күлчоро,
Кайра тартты акырып.
«Манас, Манас, Манас» – деп,
Манастап ураан чакырып,
Айбалта колго алышып,
Айбатын суук салышып,
Кой качырган бөрүдөй,
Жан көзүнө көрүнбөй,
Аралап кирип барышты.
Тополоңун тоз кылып,
Баарысынын башына,
Акыр заман салышты.
Бала Сейтек баатырдын,
Чапканы түштү чалкадан,
Урганы түштү узундан.
Кандай жан качып кутулат.
Жаралуу каман Күлчоро,
Ач арстандай чамынган.
Бала Сейтек ушундан,
Он эки жылдан бер жакка,
Жоо көрбөй Күлүс калыптыр.
Томого тарткан бүркүттөй,
Дарбып кирип калыптыр.
Сол колунда айбалта,
Айбалта менен Күлчоро,
Жыга чаап өтүптүр.
Бала Сейтек артынан,
Башын чаап кесип жүр.
Теминип кирип Сейтеги,

Соройто чаап өтүп жүр.
Аркасынан Күлчоро,
Башын чаап кесип жүр.
Сарбан кул качты закымдап.
Бала Сейтек, Күлчоро,
Төрт жылкычы, Бозбала,
Кууп калды такымдап.
Жаралуу каман Күлчоро,
Сарбан кулга жеткени,
Сыр найза менен неткени.
Камгак учкан эмедей,
Күркүрөгөн Сарбан кул,
Аттан кулап кеткени.
Сарбанкул калды жыгылып.
Тоодой болгон бадирек,
Топого башы тыгылып,
Эргип өөдө бөлгондо,
Айбалтанын сырт менен,
Чокуга берип өткөнү.
Сарбан кулдун башына,
Кокустан балаа жеткени,
Чапканда кулап бүк түштү,
Төбөсү менен тик түштү.
Оозунан кетти кара кан,
Артынан кетти сары зил,
Колу буту салактап,
Көзү кетти алактап.
Сарбан кулду кармады,
Кармап колун байлады.
Соолу салды мойнуна,
Оң көзүн олуп алганы,
Мурдун шылып салганы.
Кулагын кести кулжуйтуп,
Мурдун тамам, мулжуйтуп,
Оң колунан алганы,
Чыканактап бир жолу,
Таарып көзүн салганы.
Кан агызбай бир тамчы,
Кесилген мүчө баарысын,
Майга салып кайнатты.
Көрүп билип турсун деп,
Жалгыз көзүн жайнатты.
Оозунан тишин күбүттү,
Аманат жандан түңүлттү.
Сакал менен мурутун,
Бир талдан жулуп курутту.
Журтта калган ит өңдүү,
Сарбан кулду улутту.
Тирүү кармап бир жылы,
Анан кийин союуга,
Өлүм кылып коюуга.
Күлчоро кийген кийимди,
Сарбан кулга кийгизип,
Дүйнөгө турбай кетерин,
Аныктады туйгузуп.
Мындан кийин жылкычы,
Бул кылганын койсун – деп,
Карга, кузгун, сагызган,
Эттерине тойсун – деп,
Өлүгүнүн баарысын,
Аттарына арттырып,
Аргамжы менен тарттырып,
Ак кардуу тоонун башына,
Алып барып таштатты,
Ушундай жорук баштатты.
Терең орду каздырып,
Сарбан кулду апарып,
Орго салып таштады.
Каарына алганда,
Бала Сейтек, Күлчоро,
Жылкычынын баарына,
Ушундай өрнөк баштады.

Ар качандан бир качан,
Боз баланын жолдошу,
Акыреттик болжошу.
Төрт жылкычы байкушту,
Аман сактап калыптыр.
Алтымыштай жылкычы,
Сарбан кулдун жөлөгү,
Баарын сыйпап салыптыр.
«Жылкыны сүрүп келгин» – деп,
Аман калган төртөөнү,
Жылкыны көздөй чаптырып,
Акыл-кеңеш баарысын,
Күлчорого таптырып,
Төрт жылкычы аттанып,
Колго укурук, камчы алып,
Алар барды айкырып:
«Айда бери жылкыны!»
Жылкычыга кыйкырып:
«Кан ,Кыяз келип калды» – деп,
«Жылкыны айдап келүүгө,
Буйрук кылып салды» – деп,
Андай сөздү укканда,
Чаң-тополоң түшүрүп,
Жылкыны сүрүп келишти.
Бала Сейтек, Күлчоро,
Келгенин көзү көрүштү.
Отуз экен жылкыда,
Жылкычылар баарысын,
Жашы менен карысы,
Эми Сейтек кеп айтат:
«Ой, абаке Күлчоро,
Ушуларды биз эми,
Кылабыз кандай?» – деп айтат.
Анда Күлүс кеп айтат
«Атаганат каралдым,
Сары жоонун баары жоо,
Койбойлук бирин аман соо!»
Бирин койбой сойлотту,
Бөрү, жору, кузгунду,
Эттерине тойлотту.
Жылкычыларын жай кылып,
Кара жерди май кылып,
Ак боз бээден алдырып,
Ай туягын чалдырып,
Күлүстөн Күлүс кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Кубатым абам барында,
Кулан кууп, куш салып,
Кутуруп турган табымда,
Теңизим абам барында,
Жеңишер дөө жок болуп,
Теңселип турган чагымда,
Жети катар кетменди,
Көтөрүп коюп курган жан,
Жебени тартып атканда,
Тамашага баткаңда,
Баарынан огум өтчү эле,
Самаган жерге жетчү эле.
Эми менде дарман жок,
Кенедей дарман калган жок!
Жедигердин Кыязга,
Азыр колду салбайлы.
Ойлобой туруп кол салып,
Өкүнүчтүү болуп калбайлы!
Айланайын каралдым,
Балапан жүнүң башында,
Чырымтал жүнүң этиңде,
Булчуң этиң толо элек,
Жедигердин Кыязга,
Булкушар кезиң боло элек.
Жүрөктө майың толо элек,
Жүткүнөр кезиң боло элек!

Карып болгон атаңдын,
Каны калган бир кашык,
Эти калган көк жашык.
Дарыланып олтуруп,
Канымды мыктап толтуруп,
Калыбыма келейин.
Анан кийин Кыязга,
Бир беттешип көрөйүн!»
Деп Күлчоро айткан соң,
Анда Сейтек мындай дейт:
«Абаке айттың акыл кеп,
Уга турган макул кеп.
Андай болсо абаке,
Кур бээлерден жарайын,
Карып болгон өзүңдү,
Казыга бөлөп салайын!»
Кызыр эмди тайлардан,
Чөйчөк алган бээлерден,
Күндө бирден жарганы.
Күлүстөн Күлүс абасын,
Жаш териге алганы.
Казысына бөлөдү,
Картасына жөлөдү.
Карып болгон Күлүстүн,
Ооруган жери басылып,
Умачтай көзү ачылып,
Бүркөлгөн кабак жасылып,
Көзү толуп семирди,
Тулку бою кеңиди.
Күндөн күнгө күч кирип,
Баштагы кубат бүт кирип.
Муну мындай коелу,
Кызыл сарт деген кишинин,
Кабарынан бололу.
Кең Букардын шаарында,
Кызыл сарт деген бар экен.
Табыптыгы ашынган,
Ар өнөр анда бар экен.
Асмандан мунар боз экен,
Семетей менен Кызылсарт
О дүйнөлүк дос экен.
Асманда чолпон жылдыздай,
Болжош экен Кызылсарт,
Семетейге башында,
Жолдош экен Кызылсарт,
Табыптыгы адамдан,
Ашкан экен Кызылсарт,
Табып салбай алдына,
Баскан экен Кызылсарт,
Семетейднн өлгөнүн,
Келген менен кеткенден,
Укkан экен Кызылсарт.
Бир кабарлап келсем – деп,
Улук Букар шаарынан,
Чыккан экен Кызылсарт.
Нар төөлөргө асыл пул,
Арткан экен Кызылсарт.
Күн чыгышты карата,
Тарткан экен Кызылсарт.
Жедигердин Кыязга,
Олжо болуп Айчүрөк,
Кеткенин угуп Кызылсарт,
Арамдан бүткөн Канчоро
Семетейдин түбүнө,
Жеткенин угуп Кызылсарт,
Каныкей менен Бакайдын
Кордугун угуп Кызылсарт,
Багыштын уулу Кыяздын,
Адам кылбас мыкаачы,
Зордугун угуп Кызылсарт,
Күлчоронун жарым жан,
Болгонун угуп Кызылсарт,

Аргын менен ногойго,
Ала-Тоодой чоң кайгы,
Толгонун угуп Кызылсарт,
Курсакта келип Сейтектин,
Эр Кыяздын колунда,
Туулганын угуп Кызылсарт,
Аргын менен ногойдун,
Башынан туман арылбас,
Чуулганын угуп Кызылсарт,
Букардан чыгып жол жүрүп,
Күндөп-түндөп мол жүрүп,
Жет-Кайт жерге барууга,
Күлчоро менен Чүрөктөн,
Жетип кабар алууга,
Жет-Кайттын жетти жерине.
Жедигер элдин четине,
Сурамалдап отуруп,
Эр Кыяздын көп жылкы,
Жүрүп келди Кызылсарт,
Күлчоро, Сейтек үстүнө,
Салам айтып ийилип,
Кирип келди Кызылсарт.
Кызылсартты Күлчоро,
Көргөн жерден тааныды,
Тааныганда наалыды:
«Абакемдин жолдошу,
Акыреттик болжошу.
Асыл Сарт аба келдиңби?
Келгениң көзүм көрдүмбү?!
Абакемден айрылып,
Канатым сынып кайрылып,
Карып болуп турамын.
Өөдө болуп тура албай,
Арык болуп турамын.
Жал, куйруктан айрылып,
Сопол болуп турамып.
Мүйүзүм сынып башымдан,
Токол болуп турамын!
Мына бул турган жаш бала,
Аты Сейтек жетимге,
Семетейдин баласы.
Кордукту көрдүм Кыяздан,
Мүчөмдүн көптүр чаласы.
Оң колумдан кечирин
Алып салган эр Кыяз,
Жылкычыга кул кылып
Берип салган эр Кыяз.
Эми жетимим өсүп жетилип,
Шорум кайнап кор болуп,
Ак болотум кетилип».
Күлүстөн мындай сөз угуп,
Карап турган Кызылсарт
Айгай салды бакырып:
«Айрылганым чын экен,
Жан досум!» – деп чакырып,
Өбөктөдү өкүрүп,
Семетейдей досунун,
Өлгөнүнө өкүнүп.
Күлчоро менен Сейтекти,
Кучактап алып Кызылсарт,
Аш бышымга ыйлады,
Ыйлап жашын тыйбады.
Күлүстөн Күлүс ошондо
Боюн күүлөп кеп айтат:
«Өлгөнгө өкүнгөн менен
пайда жок,
Өкүнбөйлүк – деп айтат.
Өлбөгөн жандар болобу,
Өксөбөй адам коебу?!
Баштагылар өлбөсө,
Барбы бирөө канаке?
Оболкулар өлбөсө,

Олордон бирөө канаке?!
Өлбөй жандар калбаган,
Жан бүткөндүн баарысын,
Шум кара жер жалмаган!»
Күлчоро айтты кайратты,
Кызылсарт көзүн жайнатты.
Акылман экен Кызыл сарт,
Ар бир ишке болгон маш.
Кайнатма кара дарыдан,
Кадырдуу дары баарынан,
Кырма кызыл дарыдан,
Кымбаттуу дары баарынан,
Жараатына Күлүстүн,
Дарылардан жапканы.
Жарым жан болгон Күлчоро,
Күн санап шыпаа тапканы.
Толук бир ай болгондо,
Бир ай каркап толгондо,
Арстан Күлүс оңолуп,
Кадимкидей болгону.
Карап туруп Сейтектин,
Күлүскө көөнү толгону.
Жаш тери менен казыга,
Күнү-түнү оронуп,
Өсүп чыкты Күлүстөн,
Кайга баштан торолуп,
Эми Күлүс кеп айтат:
«Кубатымды курган жан,
Сынайынчы» – деп айтат.
Жети катар кетменди,
Койдурду го Күлчоро,
Жаанын огун керилтип,
Чойдурду го Күлчоро.
Жааны чоюп керилип,
Атып калды Күлчоро.
Жети катар кетменден,
Аткан огу өткөнү.
Өтүп алып жаа огу,
Бута атым ары кеткени.
«Күч-кубатым толуптур,
Кызылсарт аба, Сейтегим,
Багыштын уулу Кыязга,
Күрөшөр чагым болуптур,
Булчуң этим толуптур,
Жедигердин Кыязга,
Булкушар чагым болуптур.
Абыдан күчүм толуптур,
Ааламды баскан Кыязга,
Алышар чагым болуптур.
Жедигердин Кыязын
Соер чагым болуптур!
Кара көзүн кашайтып,
Оер кезим болуптур.
Ичиндеги кара кан,
Тоер кезим болуптур.
Заман акыр башына,
Салар кезим болуптур.
Даш казандай кара баш
Алар кезим болуптур.
Торой кармап бутунан,
Чалар кезим болуптур.
Калың кара дүйнөсүн,
Чачар кезим болуптур.
Ит Кыяздын уйкусун
Ачар кезим болуптур.
Орок оргон эмедей
Орор кезим болуптур.
Багыштын уулу Кыязды
Ажыдаардай оп тартып,
Сорор кезим болуптур.
Аргын, ногой көз жашын,
Тыяр кезим болуптур.

Чачылып кеткен эл-журтту,
Баш-аягын чогултуп,
Жыяр кезим болуптур.
Бузуктарды таратып,
Сүрөр кезим болуптур.
Баштагыдай күркүрөп,
Жүрөр кезим болуптур.
Калың журттун жүздөрүн,
Көрөр кезим болуптур.
Канчоро менен Чачыкей,
Айлантып кезек келиптир,
Ушу менен өзүмдөн,
Өлөр кези болуптур.
Аргын, ногой эки журт,
Абакемдин барындай,
Кунан минип, куш салып,
Чатыраш ойноп дың салып,
Сары-Өзөн, Талас жерине,
Жатар кези болуптур.
Көп тамаша-жыргалга,
Батар кези болуптур,
Бет алышкан душманды,
Жөөлөр кези болуптур.
Көмөкөйлүү сыр найза
Боолор кези болуптур.
Кара-Буура, Чаткалды
Жайлаар кези болуптур.
Азган-тозгон баш кошуп,
Эң аягы миң жылкы,
Айдар кези болуптур.
Торгун менен туварды
Кийер кези болуптур.
Бет алышкан жоолорду,
Ылаачындай иргилтпей
Тебер кези болуптур.
Ала-Тоону жол кылып,
Ашар кези болуптур.
Атыша келген душманды,
Басар кези болуптур.
Деп ошонтип Күлчоро,
Күлүстөн баатыр шер чоро,
Сөздөрүн айтып турду эле,
Кубанычтуу сөздөн урду эле.
Анда Сейтек кеп айтат
«Аяш ата Кызылсарт,
Ичим толгон арбын дарт,
Төөдөй болгон Кыязга,
Эми токтолбостон баралы.
Томкоруп башын алалы.
Ач албарсты имерип,
Курмандыкка чалалы.
Карап бекер турбайлы,
Кайра моюн бурбайлы!»
Күлүстөн Күлүс кеп айтат:
«Айчүрөккө бир киши,
Чаптыралы деп айтат.
Карып болгон Күлчоро,
Калыбына келди деп,
Кызылсарт келип эмдеди,
Бизге кудай берди – деп,
Тоо торудай бууданды
Эптеп сурап минсин деп.
Тоо тору тийсе колуна
Токтобой жолго кирсин – деп,
Баш кошуп алып баарыбыз
Кеңешти мыктап кылалы.
Кабар болбой Чүрөктөн
Кыймылдабай туралы.
Ак боз бээден алдырып,
Ай туякка чалдырып,
Сары улактан таптырып,
Күлчоронун өзүнө,

Садагасын кактырып,
Кийимдерин талатып,
Кара торпок кескилеп,
Иттерге берди таратып.
Жылкычыдан бирөөнү,
Аттан тандап мингизди.
Катуулап кабар алууга
Айчүрөккө жүргүздү.
Ал жылкычы аттанып,
Ат болушка салды ошол.
Алыстагы Чүрөккө,
Азыр кирип барды ошол.
Күлчоро, Сейтек сөздөрүн,
Төкпөй-чачпай айтты ошол.
Көп турбастан жылкычы,
Кайра тартып кайтты ошол.
Муну мындай таштайлы,
Эмки болор окуя,
Айчүрөктөн баштайлы.
Акындын кызы Айчүрөк,
Кереметтүү кашка эле.
Керээти жандан башка эле
Айчүрөк акыл ойлонуп,
Ойлонгондо толгонуп:
«Акмак көөдөк Кыяздын,
Канатынан кайырып,
Жанга өлчөгөн Тоо тору,
Тоо торудан айырып,
Башына дүмөк салайын,
Кап-кайда кегим алайын.
Өткөн өчүм алайын,
Өксүтүп муну салайын,
Күүгүм кире күн бата,
Элдин алды жуп жата,
Аңга кеткен эр Кыяз
Азыр келди үйүнө,
Амалы артык Айчүрөк:
«Келдиңби төрөм – деп айтып,
Күлүмсүрөп кашкайып,
Алдынан чыкты түйүлө,
Үйгө токтоп турбастан,
Ар качандан бир качан,
Аңга кетип каласың,
Анте берсең сен төрөм,
Азапка бизди саласың!
Атыша келген жоо болсо,
Атпай журтун жедигер
Канткенде айрып аласың
Сенин кирип жолуңа,
Балаң да кеткен талаага,
Бул жоругуң койбосоң
Балаң экөөң бир күнү,
Каларсыңар го балаага!»
Айтып сөзүн Айчүрөк,
Баяндос салып астына,
Мамык коюп башына,
Тышкы тонун чечинтип,
Олтургузуп калыптыр.
Шамдагайы болжолсуз,
Алып келип алдына,
Дасторконун салыптыр.
Казы кертип, жал коюп,
Сыр аякка бал коюп,
Ар жемиштин баарысын,
Дасторконго чачтырып,
Арак менен шараптан,
Алмак-салмак куйдуруп,
Алып келип сундуруп,
Буту-колун ушалап,
Мамыкка бөлөп жаткырып,
Жыргалдын даамын таттырып,
Шамаласын жандырып,

Эртеси чак түш болгончо,
Уйкусун мыктап кандырып,
Чарчап келген төрөсүн,
Үч күнү катар бакты ошол.
Эр Кыязга Айчүрөк,
Кызмат кылып жакты ошол.
Багыштын уулу эр Кыяз,
Үч күнү жыргап оңгондо,
Төртүнчү күнгө толгондо,
Кыязга Чүрөк кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Баатыр төрөм убарлаш,
Сөз айтамын куп ырас,
Сейтек үйдөн аттанып,
Жылкыны көздөй кеткени,
Таамай жыйырма күн болду.
Кайда кетти дайынсыз,
Баландын аты ким болду?
Каракчы бар, душман бар,
Кармап алып баланы,
Кокус майып бир кылса,
Ушу турган бу бизге,
Арылбаган бушман бар.
Тоо тору берчи минейин,
Токтолбой жолго кирейин.
Мен талаага барайын,
Сейтекти издеп табайын!»
Чүрөк айтат мындай кеп:
«Менин сөзүм кандай» – деп.
Айчүрөктөн кеп угуп,
«Тоо тору бергин» – деп угуп,
Багыштын уулу Кыяздын,
Боконо, жүрөк болк этти,
Боор, ичеги солк этти.
Жүрөгү кетти кабынан,
Билеги кетти сабынан,
Ошондо Кыяз күүлөнүп,
Айчүрөккө сүйлөнүп:
«Айчүрөк кандай мазагың.
Тоо торуну бергин деп,
Аргынга салган азабың!
Тоо торуну сураба,
Андай амал кураба!
Баатыры минген Тоо тору,
Катындар мннген болобу?!
Катынга берсе Тоо тору,
Кыяздын иши оңобу?!
Бу кебинди ким уксун,
Кап-караңгы түн уксун!
Төбөсү түшкөн көр уксун,
Андан бөлөк ким уксун!
Тоо тору берди дегиче,
Кыязды өлдү десеңчи.
Калың кара жедигер,
Кан Кыяз өлгөн экен – деп
Батасын кыла келсечи!
Канатым сынып кайрылбайм,
Тоо торудан айрылбайм!»
Эр Кыяз айтып басылды,
Аркасынан токтолбой,
Айчүрөк оозу ачылды:
«Арам кыял ит Кыяз,
Алдың жерге жит Кыяз,
Адам болбой кет Кыяз.
Кара нээт-арамза,
Ар качандан бир качан,
Арам оюң койбойсуң,
Ачып ийсем сырыңды
Арам өлүп сойлойсуң,
Антты кылдың бир канча,
Акмак адам экенсиң,
Эми айтасың сөздү бир мынча.

Айтып сөзүң тактаба,
Баатыр элем өзүм деп,
Карарган кара көзүм деп,
Катын-катын деп айтып,
Калжырап сөздү көп айтып,
Таң каламын мен Чүрөк
Кылып турган оюңа,
Ант өзүңдүн мойнуңа!»
Деп ушундай сөз айтып,
Каарданып турганда,
Катуулап сөздөн урганда,
Багыштын уулу эр Кыяз
Тоо торудай тулпарды,
Бербеймин деп айталбай,
Чүрөктүн сөзүн кайтарбай.
«Берейин Чүрөк берейин,
Айтканыңа көнөйүн,
Айтканыңа көнбөсөм,
Ант уруп акыр өлөйүн!»
Жедигердин Кыязы,
Амалы ашык Чүрөктүн,
Айтканына көндү ошол,
Айбандан тулпар Тоотору,
Токутуп акыр берди ошол,
Тоо торуну токуду,
Багыштын уулу эр Кыяз,
Айчүрөккө сөздөрүн,
Булбул болуп окуду.
«Эрте барып тез келгин,
Эриктирбей бат келгин.
Кечигип кокус калбагын,
Кейишке мени салбагын.
Барып жатып албагын,
Балаага мени салбагын.
Каракчы бар, ууру бар,
Кан ичерлер ушулар».
Амалы артык Айчүрөк,
Тооторуга миңгени,
Толукшуп жолго киргени.
Айтайын десе тили жок,
Адамдан эстүү Тоотору,
Тоо тору туруп кеп айтат:
«Союлдуң, Кыяз – деп айтат.
Катынга атын алдаткан,
Карып болгон сен Кыяз,
Акылы жок кем Кыяз!»
Бир кишенеп Тоо тору,
Токтой калып турганда,
Ушундай сөздү ургаңда,
Жедигердин Кыязы,
Токто Чүрөк дей албай:
«Кудайдын салган буйругун,
Башыма келсе көрөйүн,
Ажалым жетсе өлөйүн!»
Деп ушундай сөз айтып,
Токтоп туруп калганы.
Амалы артык Айчүрөк,
Тоо торудай тулпарды,
Чач мончок менен ошондо,
Как чокуга бир салып,
Бастырып жөнөп калганы.
Кыяздын чыгып бөлүнүп,
Каран калган Тоо тору,
Закым болуп көрүнүп,
Араандай оозун ачыптыр,
Кан аралаш ак көбүк,
Омуроого чачыптыр.
Баскан таштар быркырап,
Чоң казаңдай даңканы,
Асманды карай чаркырап.
Айбандан башка Тоо тору,
Ала качып союлгур,

Өлүм кылып коюуга,
Ташка уруп союуга,
Тоого карай жөнөдү.
Түз басууга көнбөдү,
Ойго кирди буркурап.
Айчүрөктүн ошондо,
Чымындай жаны чыркырап,
Түз талаага келгенде,
Учкан куш менен жарышып,
Амалы кетти Айчүрөк,
Арам өлгөн доңуздун,
Оозу менен алышып.
«Атаңа наалат Кыяздын,
Аты да душман болду бейм!
Аманат курган жанымды,
Ай талаада сойду бейм.
Мал да душман болду бейм.
Базарым, Күлүс, Сейтекке,
Бардырбай мени сойду бейм!»
Деп ушундай сөз айтып,
Тоо тору оозун буралбай,
Токтолуп бир дем туралбай,
Аманат жанын көп кыйнап,
Кетип барат Айчүрөк.
Тооторунун кылганын,
Көрүп барат Айчүрөк.
Сандап жаткан жылкыдан,
Өтүп барат Айчүрөк.
Ал аңгыча болбоду,
Чүрөктүн иши оң болду,
Жылкы айдаган Бозбала,
Күлчорого дос бала.
Бозбаланын көзүнө,
Айчүрөк анык көрүндү.
Көрөр замат Бозбала,
Көңүлү башка бөлүндү.
Астындагы Кер-Чунак,
Кер-Чунакты чур атып,
Артынан чаңын буратып,
Тууradан чыгып калганы.
Айта-буйта дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Тоо торудай тулпарды,
Чылбырынан алганы.
Чылбырдан алып токтотту,
Кишен салып бутуна,
Кетирип шайын окшотту,
Айчүрөктү Бозбала,
Жетелеп алып келиптир.
Сейтек менен Күлчоро,
Келгенин да көрүптүр.
Акмак, көөдөк Кыяздан
Алдап минип Тоо тору
Желгенин айтат Айчүрөк.
Ала качып Тоо тору,
Абыдан шайын кетирип,
Келгенин айтат Айчүрөк.
Багыштын уулу Кыяздын,
Акылы кетип башынан.
Шашканын айтат Айчүрөк.
Айбандан эстүү Тоо тору,
Өлүм кылып салууга,
Кетирбей кегин алууга,
Ойго-тоого урунтуп
Качканын айтат Айчүрөк.
Айчүрөктөн кеп угуп,
Кыяз эрдин Тоо тору
Душмандыгын көргөзүп,
Ала качты деп угуп,
Сейтектин келди каары,
Бетинен чыгып заары,
Абыдан келди жаалы.

«Атаңа наалат Кыяздын,
Аты да душман турбайбы.
Адамдан эстүү доңузду,
Абакеме багыштап,
Чалбасам кудай урбайбы.
Айбанда болсо кегимди,
Албасам кудай урбайбы!»
Деп ушундай сөз айтып,
Тургузуп башын чаларда,
Семетейге багыштап,
Абыдан ичин жарарда,
Анда Күлүс кеп айтат:
«Сабырдын түбү сары алтын,
Сабыр кыл Сейтек – деп айтат.
Айбандан өчүң албагын.
Душмандын аты ушу деп,
Өлүм кылып салбагын!
Соога баатыр соога дейм,
Атка кылба коога дейм».
Күлчородон өтө албай,
Чаап таштап кеталбай.
Токтолуп Сейтек калыптыр.
Кызыл сарттын үстүнө,
Кирип барды Айчүрөк,
Башталды муңдуу бир дүмөк:
«Арстанымдан айрылып,
Башыма түшкөн алаамат.
Арстанымдын жан досу,
Айланайын аяшым,
Жүрөсүңбү саламат.
Уктуң бекен аяшым,
Башыма түшкөн заманды,
Аяшым эсен-аманбы?
Арман кылып көп жүрдүм,
Арстанымдын жан досу,
Адамдан асыл Кызылсарт,
Аламат көргөн бизбиз деп,
Келер бекен деп жүрдүм».
Арманын айтат Айчүрөк,
Арстанынан айрылып,
Армандуу болуп кайгырып,
Калганын айтат Айчүрөк.
Аргын, ногой элине,
Жетим, жесир, бечара,
Эл ичинде кемсинтет,
Атаңа наалат ит Кыяз,
Адам көрбөс азапты,
Салганын айтат Айчүрөк.
Абасы Бакай, Канукей,
Ит көрбөгөн кордуктар,
Көргөнүн айтат Айчүрөк.
Арамдан бүткөн Канчоро,
Арстандан калган сан дүйнө
Бөлгөнүн айтат Айчүрөк.
Ит Кыязга кор болуп,
Турганын айтат Айчүрөк.
Күлчорону кор кылып,
Оң далысын ойдуруп,
Кара суудан ичирип,
Урганын айтат Айчүрөк.
Амал менен Кыязга,
Жакканын айтат Айчүрөк.
Канаттуга кактырбай,
Тумшуктууга чектирбей,
Акыл менен Сейтекти,
Бакканын айтат Айчүрөк.
Кызылсарт турат кайгырып,
Айчүрөктү көргөндө,
Акылынан айрылып.
«Арстанынан айрылып,
Арман кылып кайгырып,
Аяшым асыл Айчүрөк,

Сен ушундай болдуңбу?!
Арстанга ажал жеткенде,
Аттанып сапар кеткенде,
Кол уучкашып турушпай,
Керээз кептен урушпай,
Мен ушундай болдумбу?!»
Асмандан мунар болжошум,
Арманда кылып бул мени,
Акырет кеткен жан досум.
Эгиз козу түгөйүм,
Түгөйүмдөн айрылып,
Түпөйүл болуп кайгырып,
Дүмөктү тартып жүрөйүн!»
Эр Күлчоро кеп айтат:
«Кызыл аба, Айчүрөк,
Өткөн ишке кайгырба,
Акылыңдан айрылба!
Кайгырууну таштайлы,
Кара нээт Кыязга,
Кандай кылып биз эми,
Калабаны баштайлы?
Кайгырууну коелу,
Калабалуу Кыязды,
Кандай кылып соелу!
Акылды кандай табабыз,
Алаптаган Кыязды,
Амалын кандай кылабыз?!
Аны кандай жоготуп,
Анан кийин тынабыз.
Анда Чүрөк кеп сүйлөйт,
Ар бир сөзүн төп сүйлөйт:
«Жедигердин Кыязы,
Алты сан кара кол жыят,
Аянбастан мол жыят.
Жети сан кара кол жыят,
Жер майышып мол жыят.
Төрт киши уруш кылчу эмес,
Сан түмөнгө төрт киши,
Уруш кылса оңчу эмес.
Кара дөңдүн элине,
Катуулап кабар салгыла.
Жезде болор эр Манас,
Кол чакырып алгыла.
Жедигердин көп эли,
Кара дөңдүн элине,
Кордукту катуу салганы.
Колундагы дүйнөсүн
Койбой туртып алганы.
Багыштан баштан кордугу,
Кара дөндун элине,
Башкача өттү зордугу».
Айчүрөктөн кеп угуп,
Кара дөңдүн элинен,
Кол чакыргын деп угуп.
Кызыл сарт, Сейтек,
Күлчоро узун боюн теңешип,
Алар турду кеңешип,
Чүрөктүн сөзү акыл деп
Уга турган акыл деп,
Бозбалага кеп айтып:
«Карадөңдүн Жарманас,
Кабарга баргын деп айтып,
Бизден салам айта көр,
Айтып туруп кабарды,
Анда турбай кайта көр,
Токтолбостон кол келсин,
Кол келгенде мол келсин,
Жедигердин Кыязды,
Төбөсүнөн басат де.
Берсе кудай кезекти,
Төрт түлүгүн чачат де».
Айтып туруп көп сөздү,

Бозбаланы аткарып,
Жарманаска чаптырды,
Акылды Чүрөк таптырды.
Эр Бозбала аттанып,
Колуна кылыч, камчы алып,
Ашып-шашып жол басып,
Ашуусу бийик тоону ашып,
Агымы катуу суу кечип,
Кара дөңдүн элине,
Кара тоонун белине,
Боз дөбөнүн башында,
Олтурган экен Жарманас,
Айткан сөзгө шар Манас.
«Салоодон салом алайкум,
Сандыргалуу кан жезде,
Кара дөңдүн элине
Айткан сөзүң даңк жезде!
Ой, жездеке, сүйүнчү,
Тон-өтүгүң кийинчи!
Сейтегиң келди төр өлүп,
Күлчороң келди оңолуп,
Семетейдин Сейтеги,
Эрешен тартып эр болду,
Эл уулу менен тең болду.
Эсирип жаткан жылкычы,
Эсер акмак Сарбан кул,
Сейтегиңден сомдолду
Ишибиз кайта оңдолду.
Букардан келди Кызылсарт,
Боло турган окшоду,
Эр Кыяздын өзүнө,
Айыкпас оору-кезел дарт.
Тооторуну Айчүрөк,
Кыяздан алдап миниптир,
Токтолбой жолго кириптир.
Калыптыр Кыяз уңкуюп,
Тарапка конгон талаада
Көк жорудай зуңкуюп.
Алты сан кара кол алып,
Ат майышкан туу алып,
Жети сан кара кол алып,
Жер майышкан туу алып,
Келип бизге калсын деп,
Жедигердин Кыязга,
Бирге туруп биз менен,
Тамашаны салсын деп,
Өткөрбей өчтү алууга,
Өкүмсүгөн Кыязды,
Жерге кагып салууга
Акылыбыз ушудур,
Токтолбостон жездеке,
Кол жыйып барар тушуңдур!»
Кара дөңдүн Жарманас,
Бозбаладан кеп угуп,
Сүйүнчүлүү кабарды,
Төгүнү жок төп угуп,
Калкына кабар салды эми.
Кара дөңдүн калың кол
Жарманастын үстүнө,
Кайнап келип калды эми.
Жарманас элге кеп айтат:
«Сүйүнчүлүү бир сөздү,
Кулак коюп жакшылап,
Уккула журтум – деп айтат.
Арстан Манас өлгөндө,
Акыретти көргөндө,
Жедигердин Багыштын,
Көрдүк эле кордугун,
Эң артыкча зордугун.
Жайынкысын болгондо,
Жалдуу байтал мингизбей,
Кышынкысын болгондо

Куйруктуу токту жедирбей,
Жок жеринен доо чыгып,
Эр Багыш деген жоо чыгып,
Семетейдин тушунда,
Кордуктан такыр кутулуп,
Эс алып жаттык ушунда,
Жедигердин Кыязы,
Семетейди сойгондо,
Аргын менен ногойдун
Кара көзүн ойгондо,
Кара дөң сени соо койбой
Кыяз кирди кол салып,
Кол салганда мол салып,
Жер каратты баарыңды,
Жашың менен карыңды,
Адалдан мал койбостон,
Тартып алды малыңды,
Кетирди антип санынды,
Бизге кудай бериптир,
Кыязга кезек келиптир.
Күлчоро кайта оңолуп,
Калыптыр Сейтек торолуп,
Аттанып азыр барабыз
Амандашып аларга,
Алыбыз келсе Кыязга,
Акыр заман салабыз.
Бизден алган мал, булду
Кайтарып колго албыз!
Жарманастан кеп угуп,
Сүйүнчү кепти көп угуп,
Кара дөңдүн калың кол
Аттанып чыкты жол алып,
Аял-уял кылбастан,
Алты сан кара кол алып,
Туу көтөрүп алкылдап,
Жөнөй калды шаркылдап,
Кара дөңдөн кол келди,
Жер союлуп мол келди.
Жарманас келип көрүшүп,
Күлчоро, Сейтек, Кызыл сарт
Кучакташып өбүшүп,
Айчүрөк келип жүгүнүп,
Тизеси жерге бүгүлүп,
Амандашып калышыл,
Армандуу сөздөн салышып,
Ак боз бээден алдырып,
Ай туягын чалдырып,
Ак майына тоюшуп,
Алакан жайып, кол ачып,
Бата кылып коюшуп,
Күлчоро, Сейтек, Кызылсарт
Кара боюн тыңданып,
Беттешүүгө Кыязга,
Жоо жарагын чыңданып,
Кандагайды шымданып,
Айчүрөк амал ашырып,
Эр Кыяздын жарагын,
Ала келген эмеспи,
Куржунга салып жашырып.
Белдемчи деген себилди,
Беш кабырга темирди,
Карыпча деген себилди,
Карыга койчу темирди,
Кара болот сулпукор,
Ала келген эмеспи.
Канжыгага капшырып,
Чала келген эмеспи.
Туулга деген себилди,
Туташ болот себилди,
Чарайна деген себилди,
Жалаң болот темирди,
Айбалта менен ач албарс,

Көмөкөйлүү сыр найза,
Көк байтал менен келгенде,
Күлүстөн Күлүс келгенде,
Баарын берген Айчүрөк.
Багыштын уулу Кыязга,
Акыры салмак чоң дүмөк.
Акылы ашык Айчүрөк,
Камдап келген эмеспи,
Акыл менен баарысын
Жамдап келген эмеспи,
Аккан дайра тунук суу,
Бойлоп келген эмеспи,
Ар шумдукту Кыязга,
Ойлоп келген эмеспи,
Багыштын уулу Кыязды,
Бала Сейтек, Күлчоро,
Соерун билген Айчүрөк.
Кара көзүн кашайтып,
Оерун билген Айчүрөк.
Ичиндеги кара кан,
Кош уучтап акыры,
Тоерун билген Айчүрөк.
Заман акыр Кыязга,
Саларын билген Айчүрөк,
Кетип калган кезекти,
Аларын билген Айчүрөк.
Кесер Кыяз түбүндө,
Өлөрүн билген Айчүрөк.
Көргүлүктү жедигер,
Көрөрүн билген Айчүрөк.
Бөлүмгө түшүп жедигер,
Кетерин билген Айчүрөк.
Кылгандары башына,
Жетерин билген Айчүрөк.
Акыры бир шумдуктун,
Болорун билген Айчүрөк.
Сейтек менен Күлчоро,
Кайра Талас бир барып,
Семетейдин тууруна,
Конорун билген Айчүрөк.
Адамдан аяр Кызылсарт
Ар шаймандын баарысын,
Ок, дарынын жамысын,
Мылтык менен найзаны,
Калабалуу күн түшсө,
Баатырларга пайдалуу,
Бар жарактын баарысын,
Жүктөп келген турбайбы.
Нар төөлөргө жашырып,
Үптөп келген турбайбы.
Бир шумдуктун болорун,
Билип келген турбайбы.
Мыйыгынан Кызыл сарт,
Күлүп келген турбайбы.
Жедигердин Кыязы,
Аларын билген турбайбы.
Заман акыр башына,
Саларын билген турбайбы.

КЫЯЗДЫН ЖЕҢИЛИШИ

Муну мындай таштайлы,
Жедигердин Кыяздын,
Алда кандай иши бар,
Андан кабар баштайлы.
Тоо тору минип Айчүрөк,
Кеткени кыйла күн болуп,
Эр Кыяздын ошондо,
Ичи кыйла дүм болуп,
Канатымдан кайрылып,
Айчүрөккө алдатып,

Тоо торудан айрылып,
Кандай заманм болот деп,
Башыма балаа конот деп,
Санаасы санга бөлүнүп,
Ажал, өлүм Кыяздын
Көзүнө ачык көрүнүп,
«Балакетти башына,
Салган экен Айчүрөк.
Ала көөдөн өзүмдөн,
Алдап-соолап Тоо тору
Алган экен Айчүрөк.
Эсебимди бир жолу,
Тапкан экен Айчүрөк.
Акылымды саткан экен Айчүрөк.
Кайра багып чыккысыз,
Терең орго башымды
Салып кеткен турбайбы.
Тоо торуму амалдап,
Алып кеткен турбайбы.
Кылкыймалуу камандай,
Кыя тартып чарбымдан,
Жарып кеткен турбайбы.
Айчүрөктүн амалы,
Ашып кеткен турбайбы.
Алдап минип Тоо тору,
Болжоп кеткен жерине,
Шашып кеткен турбайбы!»
Деп кайгырып эр Кыяз,
Каарын төгүп бакырып,
Калың кара жедигер,
Жедигер элди чакырып,
Атаңдын көрү жедигер,
Аябай бокту жединер,
Акылымды жазгырып,
Ай ааламды чайкаган,
Амбалы ашкан чоң дүмөк.
Алдатып койдум атымды,
Айтамын журтум дартымды.
Эми карап турбаймын,
Качып моюн бурбаймын,
Ажалдуу киши өлбөйбү,
Башка келген балааны,
Адам чиркин көрбөйбү?!
Жети сан кара кол менен,
Жер майышкан туу менен,
Алты сан кара кол менен,
Ат майышкан туу менен,
Жылкыга карай баралы.
Кара жолтой Күлчоро,
Кара чунак Сейтекти,
Барып кармап алалы,
Алмадай башын алалы,
Өлүм кылып салалы!»
Деп ушундай сөз айтып,
Жедигерден кол жыйды,
Кол жыйганда мол жыйды.
Балбандарын камдады,
Баатырларын жамдады.
Аргымак аттар алкылдап,
Алты сан кара жедигер,
Туу көтөрүп калкылдап,
Жедигерлер айкырып,
Багыштап ураан чакырып,
Жөнөп калды бер жакка,
Жылкылар жаткан жер жакка.
Кыяздын кошун келди деп,
Чөптөй көрдүк элди деп,
Кароолчу кабар салыптыр.
Өң баатырлар баш болуп,
Кара дөңдүн калкына,
Кайда жоосу кайда – деп,
Сапырылып калыптыр.

Аттанышты жабырап,
Аламан койду дабырап,
Мандайлашты эки кол.
Түз талаа толду колго мол.
Майдан тартып турушту,
Жекелешип урушуп,
Жедигердин элинен,
Кадиктүү баатыр Кадырбай,
Баатырдыгы бир далай,
Найзаны колго алганы,
«Жеке, жеке!» – деп айтып,
Жекеге чыгып калганы,
Аны көрүп Күлчоро,
Тоо торуну имерип,
Сундуруп алып найзаны
Кадырбай көздөй жиберип,
Күлчоро кирди бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Арбагын баштан учуруп,
Сыймыгын баштан качырып,
Жетти найза сундуруп,
Кадырбай жанын тындырып,
Найзанын учу жеткени.
Кадырбайдай баатырды,
Сур тулпардын үстүнөн,
Тебетей сайган эмедей,
Ыргыта коюп өткөнү.
Кадырбай калды жыгылып,
Топого башы тыгылып,
Өөдө тура калганы.
Оңдонуп атка мингиче,
Жоо бүрүсү Күлчоро,
Аткан октой жеткени,
Башын чаап өткөнү.
Кадырбай өлдү нан болуп,
Жыгылган жери кан болуп,
Карап турган эки кол,
Күлчоронун ишине,
Айран азыр таң болуп,
Көптөн бери жоо көрбөй,
Буулугуп калган Күлчоро,
Кадырбайды жайлады.
Карап турган жедигер,
Эр Кыязы баш болуп,
Шакардай ичи кайнады,
Тоо бас келгис Күлчоро,
Тооторуну ойнотуп,
Айсал-буйсал болгуча,
Кадырбайды сойлотуп,
Тооторуну көргөндө,
Жедигердин Кыязы,
Ардыгына чыдабай,
Өз башын өзү урганы,
Сакалын кармап жулганы.
«Өз атымдан өлдүм бейм,
Экүнүчтүү кулду көрдүм бейм!
Белиме таңуу Кадырбай,
Оболтон бери карата,
Агам Толтой жолдошу,
Акыреттик болжошу.
Көрүндү го көзүмө,
Ушу турган өзүмдү,
Күлчоро кулдун оңдошу.
Колума түшүп кор болуп,
Айланасы бул кулдун,
Темирден тарткан тор болуп,
Мүшкүр болуп калганда,
Оң далынын кечирин,
Ойдуруп тамам салганда,
Анда өлтүрбөй калганым,
Азапты башка салганым.
Жоо аяган жаралуу,

Катыны калат каралуу!»
Ал сөздү айтып эр Кыяз,
Айкырыкты салды ошол:
«Чыккын Төлөк жекеге,
Ажалы жеткен күнүңдө
Аял кылып турбастан,
Кадырбай -кетти Мекеге!»
Барбаймын деп айталбай,
Кыяздын сөзүн кайтарбай,
Чыкты Төлөк жекелеп,
Күлчорону мекелеп,
Жедигерлеп бакырып,
Багыштап ураан чакырып,
Ак кызыл атын аргытып,
Алтындуу желек жаргытып,
Майданга келип жетти ошол.
Төлөк менен Күлчоро,
Бет алыша кетти ошол.
Күлчоро найза сундурду.
Он эки жылы жоо көрбөй
Буулугуп калган көк жалың
Төлөктүн жанын тындырды.
Камгак илген өңдөнтүп,
Ак найзанын учуна,
Азыр илип алды ошол.
Баатырсыган Төлөктү,
Өлүм кылып салды ошол.
Чылбырдан илип шамдагай,
Ак кызыл атын коштоду.
Алапайын таба албай,
Айкырып Кыяз боздоду.
«Кадырбай, Төлөк өлдү деп,
Атаңа наалат кытай кул!
Аралап кирип тартынбай,
Жедигерди бөлдү – деп,
Боконо сөөгүн толтуруп,
Болгон экен Күлчоро.
Баштагыдай күч кирип,
Толгон экен Күлчоро.
Өз эркинче бээлерден,
Жарган экен Күлчоро.
Казысына бөлөнүп,
Картасына жөлөнүп,
Баштагы толук күчүнө,
Барган экен Күлчоро.
Кандай кылсам эп болот,
Заманым башка айланды,
Кандай шумдук кеп болот.
Беттешип бенде бара албайт,
Жакалашып алышып,
Далайга чейин эрендер,
Чоюн баш менен чабышып,
Кайраттанып эр Кыяз,
Айкырган үнү таш жарып,
Кыйкырык үнү баш жарып,
Каптагыла дегени,
Каптоонун камын жегени.
Аламан койгун дегени,
Аламан камын жегени.
Калың кара жедигер,
Кыяздын үнүн укканда,
Катуулап доошу чыкканда,
Аламан койду баарысы,
Баатыр, балбан анысы.
Аламанды токтобой,
Коюп кирди жедигер.
Мылтык атып, жаа тартып
Чоюп кирди жедигер.
Тегерегин бек курчап
Камап кирди жедигер.
«Кайда Чүрөк, Сейтек», – деп
Карап кирди жедигер.

Семетейдин Сейтеги,
Жой болотун байланып,
Каар бетине айланып,
Ак жолборстой чамынып,
Карагерге камчы уруп,
Урушка кирди камынып,
Ак найзаны сундуруп.
Беттеген баатыр ала албайт.
Өлсөм акыр өлөйүн,
Өзүм барып көрөйүн.
Кайратын жыйып боюна,
Астындагы Суркашка,
Тоотору менен туушкан,
Жылкыдан түрү бир башка.
Жаалы чыгып жүзүнөн,
Жалыны чыгып көзүнөн,
Күлчорого бет алып,
Качырып кирди камынып,
Кабыландай чамынып,
Күлчоро кирди бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Эки баатыр жетишти,
Найза менен нетишти.
Найзанын учу майышып,
Кайта кайта сайышып,
Аттары итче чочоюп,
Эки баатыр чалкалап
Отуруп калат очоюп,
Кайра атына минишип,
Айбалта менен киришип,
Айбалта башка шака-шак,
Найзалар төшкө така-так,
Кылычты колго алышып,
Кыймалашып чабышып,
Кылычтын мизи кыркырап,
Кызыл жалын шыркырап,
Манастап ураан чакырып,
Айгай кулак тундуруп,
Бөрү тийген кой өңдүү,
Бөлүп кирди бул Сейтек.
Ителги тийген таандай
Ийрип кирди бул Сейтек.
Кара дөңдүн Жарманас,
Ада кирди акырып,
Манастап ураан чакырып.
Кара доңдүн калың кол
Ада коюп каптады.
Бир жагынан жапырып,
Орто жерин Күлчоро,
Оюп кирип келгени.
Оң тарабын Сейтеги,
Союп кирип келгени,
Аркасынан Бозбала,
Алеңгир жаа, сыр жебе
Чоюп кирип келгени.
Найза жеген жерлерин,
Найза менен уратып,
Оңуна кирип келгенди,
Айбалта чаап башына,
Өлүм кылып сулатып,
Ыгына келген кээ бирөөн,
Кылыч менен кыймалап,
Жааны керип чойгулап,
Чоюнбаш менен чокуга
Чубалтып мээсин койгулап,
Калың кара жедигер,
Чуркурап кайра калганы.
Туруштукту бере албай,
Акылынан шашканы.
Баатыр Кыяз алдында,
Баштап кетип баратат,
Күлчоро, Сейтек, Бозбала,

Кара долдун калын кол,
Карагай найза, көк сүңгү,
Жедигердин жонуна,
Аштап кетип баратат.
Өөдө тартып жедигер
Өрүп кетип баратат.
Миңден, жүздөн ар жерге,
Өлүп кетип баратат.
Кара белес – Катанды
Ашып кетип баратат.
Акылы кетип башынан,
Шашып кетип баратат.
Кылагар көзүн кылайтып,
Кыл мурутун шыйпайтып,
Өлүп жаткан андан көп.
Өкүмүнө эрлердин,
Көнүп жаткан андан көп.
Далай аттар бош калып,
Туйлап жүргөн андан көп.
Эсил кайран бир боорум,
Эми кайдан көрөм – деп,
Ыйлап жүргөн андан көп.
Кара жанын карч уруп,
Кыйнап жүргөн мындан көп.
Эки көздөн айрылып,
Олойгондор дагы бар.
Кулаганан айрылып,
Молойгондор дагы бар.
Кол, бутунан айрылып,
Чолойгондор дагы бар.
Мурундары шылынып,
Шаңырайган дагы бар.
Бетинин оту оюлуп,
Аңырайган дагы бар.
Эрин-уурту кемип,
Чулчуйгандар дагы бар.
Бели сынып туралбай,
Боздоп жаткан дагы бар.
Аккан жашы сел болуп,
Тоздоп жаткан дагы бар.
Ичеги, карды эшилип,
Чубалгандар дагы бар.
Жан талашып тыбырап,
Кубаргандар дагы бар.
Башын жерге койгулап,
Туйлагандар дагы бар.
Баштарын жөлөп кайбүрөөн,
Ыйлагандар дагы бар.
Калпакка сууну куюшуп,
Ичиргени дагы бар.
Жөлөп-таяп атынан,
Түшүргөнү дагы бар.
Аңгек менен чүңкүрда,
Чойлоп качкан андан көп.
Агын суунун бойлорун,
Бойлоп качкан андан көп.
Кара кыя бетеге,
Сойлоп чыккан андан көп.
Азууларын аркайтып,
Ата өлүгү тоо түшүп,
Муруттарын шыйпайтып,
Эр өлүгү боо түшүп,
Өлүп жаткан сансыз жан.
Кара жердин бетине,
Суудай агып кызыл кан.
Аттардын баары бозуп жүр.
Ар шылуун азамат,
Топтотуп айдап тозуп жүр.
Жедигердин Кыязы,
Эки көзү алактап,
Качарына жер таппай,
Эки буту салактап,

Качарына жер таппай,
Ашарына бел таппай,
Кирерине көр таппай,
Акыланан шашыптыр,
Адырды карай качыптыр.
Арстан Күлүс куткарбай
Адырдан жетип такымдап,
Ойду карай качканда,
Ойдон жетип жакындап,
Тооторуну чуратып,
Күлүстөн Күлүс жеткени,
Ат үстүнөн Кыязды,
Ыргыта коюп кеткени,
Тоодой Кыяз кулады,
Жерге барып сулады.
Токтонбостон Күлчоро,
Аттан түшүп чурады.
Сейтек жетип акырып.
Манастап ураан чакырып,
Ачалбарсты жалмантып,
Кыяздын башын алууга,
Эл куруткан канкорду,
Тындым кылып салууга.
Анда Күлүс айкырып:
«Чаппа Сейитим бул итти,
Тарт колунду» – деп айтып.
Алсам өзүм алайын,
Алдырсам өлүп калайын.
Жан талашкан бул акмак,
Таңда машар күнүндө,
Өкөөлөп сойду дебесин,
Аны айтып бокту жебесин.
Бедө болуп эр Кыяз,
Күлчоро менен күрөштү,
Кара боюн тирешти.
Эки баатыр алышып,
Жан аябай калышып,
Билектерин түрүшүп,
Көк букадай сүзүшүп,
Кармашкан жери коо болуп,
Топурагы тоо болуп,
Ары-бери булкушуп,
Арстан өңдүү жулкушуп,
Жарым күн күрөш салышты,
Жан аябай калышты.
Эр Күлчоро камынып,
Ачарстандай чамынып,
Тиреш кылган Кыязды
Тегеретип турганы.
Тегеретип теңселтип,
Көтөрүп жерге урганы.
Көтөрүп жерге бек уруп,
Көөдөндөн басып ныгырып,
Ныгырып Күлүс турганда
Оозунан кетти кара кан.
Артынан кетти сары зил.
Белиндеги дүңгө кур,
Эки колун Кыяздын,
Дүңгө кур менен байлады.
Баатыр Кыяз ошондо,
Өлөт деген ушу деп,
Алактап көзү жайнады.
Алып келип Күлчоро,
Кишен салды бутуна.
Зоолу салды мойнуна,
Карап турат Сейтеги,
Күлчоронун Кыязга,
Кылып турган ойнуна.
Сарбан кулга кылганды
Кыязга баарын кылыптыр,
Көксө сууп ошондо,
Күлчоро жаны тыныптыр.

Кыязга Күлүс сөз айтып,
Каратып туруп көз айтып:
«Канчородой досуңа,
Эсен-аман апарып,
Көрүштүрөм – деп айтып,
Кыяздын жанын тындырып,
Жедигер белин сындырып,
Атына минип акырып,
Ойдо, тоодо жедигер
Айдап кирди сапырып.
Жан талашып жедигер,
Акылынан шашыптыр,
Адырга, чыга качыптыр,
Жаман түрбөп шашыптыр,
Жакага түшө качыптыр.
Өз жанынан шекинип,
Аңгек менен чүңкүрга,
Кыйласы кирген бекинип.
Токойго толгон андан көп,
Качарына дарман жок,
Жарадар болгон сандан көп.
Бирин койбой топтотуп,
Сөзүдү ортого салышып,
Тапкычташып отуруп,
Кимиси бузук, ким түзүк
Аларды ылгап калышып,
Семетей өлүм болгондо,
Аргын, ногой эки журт,
Кайгыга каркап толгондо,
Жедигер элдин ичинен,
Кыянат ишти көп кылып,
Көөдөнүн өөдө көтөрүп,
Кырдангандар бар экен.
Жазыксызды ыйлатып,
Сурдангандар бар экен.
Бекер мал айдап өтүшкө,
Салгандары бар экен.
Башка олжону көп алып
Кангандары бар экен.
Каркап тоюп олжого,
Бай болгондор бар экен.
Көңүлдөрү аябай,
Жай болгондор бар экен.
Эми бизге недир деп,
Көпкөндөрү бар экен.
Каныкей менен Бакайды,
Оозго алгыс сөз айтып,
Сөкөндөрү бар экен.
Жазыксызды өлтүрүп.
Шаркыратып кандарын,
Төкөндөрү бар экен.
Катын, кыздан олжого
Алгандары бар экен.
Эң башкача азапты,
Салгандары бар экен.
Журт бузгандын баарысын,
Жашы менен карысын
Ичинен терип топтоду.
Кандарын төгүп агызып
Өлтүрө турган окшоду.
Эл кыйратып ыйлаткан,
Бир миң болду баарысы,
Жашы менен карысы.
Эми Күлүс кеп айтат:
«Калың кара жедигер
Уккула сөзүм – деп айтат.
Ар качандан бир качан,
Бузуктугуң койбойсуң,
Ичип канга тойбойсуң,
Баатырың Багыш тим турбай,
Кара дөңгө кол салды,
Кол салганда мол салды.

Тартып алып малдарын,
Зарлантты го жандарын,
Эр Толтоюң шүк жүрбөй,
Чүрөктү тартып алам деп,
Акундун элин камады.
Камап турган чагында,
Калың кара Ооганга,
Кылбаганы калбады.
Бул Кыязың тим турбай,
Таласты бузуп талады.
Аргын менен ногойду
Дым чыгарбай камады.
Семетейди союшту,
Канын ичип тойгону,
Бир кылбастан үч кылды,
Аргын менен ногойго,
Аянбастан күч кылды.
Кереге, уугун кыйраттып,
Кемпир менен чалдарын
Кемшиңдетип ыйлаттып,
Уландарын кууратты.
Урулуу журттун уясын,
Такыр бузуп кыйраттың.
Артыкча кылдың кордукту,
Бей момундун баарына
Башкача кылдың зордукту.
Мындан кийин жедигер,
Тынчытамын өзүңдү,
Аша бузук болгондор,
Кашайтам кара көзүндү!»
Жедигердин ичинен,
Чукуп алган бир миңди.
Кылгандарын жеткирди,
Бирөөн да аман куткарбай,
Жылма кылып өлтүрдү.
Баштары кетти өлүмгө,
Жырык ийне калбастан
Малдары кетти бөлүмгө.
Кара дөң менен Таластан,
Талап алган олжону,
Бирин койбой төлөттү.
Бузуктардын баарысын,
Мингизип итке жөөлөттү.
Кыяздын мялы, булдарын,
Баарын алды колуна.
Айдатып салды жолуна.
Өлтүргөн бир миңдин,
Үй жайы, бала-чакасын,
Жаккан отун өчүрттү,
Таласты карай көчүрттү.
Толтой менен Кыяздын,
Өздөрүнүн башында,
Эркек тукум жок экен,
Копшоп койгон ок экен.
Бей момун элге тийбеди,
Тиймек турган сүйгөнү,
Жайланып оокат кыл деди.
Бузуктарга кылганды,
Көзүң көрүп бил деди.
Күлүстөн чоро, Кызылсарт,
Айчүрөк, Сейтек болушуп,
Акылдарын толушуп,
Сандаган малдар сойдурду.
Азган менен тозгонду
Аппак майга тойдурду.
Ат чаптырып той кылды,
Адам таппас ой кылды.
Кара дөңдүн Жарманас
Башында болуп карысы,
Жедигердин элинен,
Бузукту сүйбөс карысы.
Тамаша менен таң атты,

Күлкү менен күн батты.
Кара дөң менен жедигер,
Ал эки элге ошондо,
Бозбаланы кан кылды,
Кандыгын журта даң кылды.
Эр Кыяздын кызы экен,
Оймоктуудан уз экен,
Бозбалага бул кызды,
Зайып кылып беришти.
Кара дөң менен жедигер,
Өкүмүнө көнүштү.
Өкүмгө көнбөс бузуктар,
Токтолбостон өлүштү.
Бозбаланын колуна,
Кара дөңдүн элинен,
Бар жарагын шай кылып,
Бир миң жигит баатырды,
Шайдооттонтуп жам кылып,
Так өткөрүп бериптир,
Бергенин көңкү көрүптүр.
Жедигердин элине,
Мылтык, кылыч жарагын,
Соот, чопкут, чарайна,
Баарын алды карагын.
Туткунга келген кул, күңдүн
Азаттык берди башына,
Кыязга куйрук болгондор,
Кутурган экен ашына.

КҮЛЧОРО, СЕЙТЕКТИН КӨЧҮШҮ

Жаккан отун өчүрүп,
Сейтек менен Күлчоро,
Ак ордо үйүн чечтирип,
Атадан калган мурас жер,
Таласты карай көчүрүп,
Кызыл куйрук нарларды,
Жаткырып жерге чөгөрүп,
Жез казанды көмкөрүп,
Нарларга жүгүн арттырып,
Ар атандын үстүнө,
Калы килем жаптырып,
Ак ордону бүктөтүп,
Атандарга жүктөтүп,
Жебилгеси жер чийип,
Жеке саны баш жарып,
Жердин бети союлуп,
Аттанып чыкты Айчүрөк.
Ак маралдай чоюлуп,
Жердин жүзү чаң болуп,
Айчүрөктүн көчкөнү,
Атпай журтка даң болуп,
Сарбан кул менен Кыяздын,
Чымындай жаны чыркырап,
Сайсөөктөрү зыркырап,
Төө мингизип алыптыр,
Айдап жолго салыптыр,
Күлчоро менен Кызылсарт,
Бала Сейтек көч баштап,
Көч баштаса деп баштап,
Жет-Кайттан көчүп жөнөлдү.
Атадан калган мурас жер,
Кең Талас карай өмөлдү.
Азгана эмес мол көчүп,
Арада канча жол көчүп,
Эки күн көчүп алыптыр.
Өрүүн болуп бир күнү
Эс алып саан алыптыр.
Чаткалдын тоосун таянып,
Чаткал тоонун түбүнө,
Өрүүн болуп жай алып,

Кол, буттарын чоюшуп,
Жатып жыргап оңушуп,
Байтал бээден сойдуруп,
Баш бышырым койдуруп,
Суусунга арак жутушуп,
Ордо салып атышып,
Бирин-бири утушуп,
Эми Сейтек кеп айтат:
«Аргын менен ногойго,
Көч алды болуп кабарлап
Мен барайын – деп айтат.
Туйгун жаткан ал элге,
Сыр алдырбай сыртынан,
Барып чалгын чалайын.
Кимиси эл, кими жоо,
Жетип кабар алайын».
Макул болду баарысы,
Кызылсарт баштап карысы,
Жөнөдү Сейтек ээлигип,
Олуя Бакай абасын,
Канукей каныш энесин,
Бир көрсөм деп желигип.
Атына камчы салганы,
Аша коюп Чаткалды,
Таласка кирип барганы.
Бала Сейтек ошондо,
Таласты көргөн окшоду.
Токтоно албай жүрөгү
Тулку бою бошоду.
Көзүнүн жашын көл кылып,
Мурунунан көк сууну,
Булак кашка суу кылып,
Муңканып ыйлап калды эми.
Айлананын баарына,
Карап көздү салды эми:
«Атаны көрбөй калганым,
Ардыгым кантип арылат.
Адамга опо кылбагам,
Алакчы дүйнө жалганың,
Атаке жүзүн көрбөдүм.
Алакчы дүйнө оңбой кал!
Олжого кеттим курсакта,
Армандуу күндү көргөнүм.
Не кылганым бар эле,
Жатында жатып кор болдум.
Ушундай укмуш болобу?
Маңдайым калың шор болдум.
Эс билбестен көп жүрдүм.
Багыштын уулу Кыязды,
Атам экен деп жүрдүм.
Жет-Кайт жерди мен шордуу,
Жерим экен деп жүрдүм.
Калың кара жедигер,
Элим экен деп жүрдүм.
Канатымдан курсакта,
Кайрылганым билбеймин.
Кара тумшук курган жан,
Курсакта жатып атадан
Айрылганым бим билбепмин.
Курсакта жатып азапты,
Тартканымды билбепмин.
Каардуу душман колунда,
Олуя Бакай абакем,
Канукей каныш энекем,
Жаткандыгын билбепмин.
Арамдан бүткөн Канчоро,
Ит Кыязга кошулуп,
Атакемдин көп дүйнө,
Чачкандыгын билбепмин.
Чоң атам Манас экенин,
Билбей жүргөн экенмин.
Тозоктун башта экенин

Көрбөй жүргөн экемин.
Курсакта жатып атаны,
Жуткандыгы курусун!
Менден башка пендеге,
Бербесинчи мунусун!
Ата жүзүн көрбөгөн,
Башка элге барып төрөлгөн,
Барганда иши оңолгон,
Бизге мурза иш экен.
Бул өңдөгөн укмуштуу,
Адам көрбөс түш экен.
Курсакта куурап кетипмин.
Кайран Талас жеримден,
Айрылыпмын арман ай!
Чоң атамдан калган эл,
Аргын, ногой элимден,
Жер соорусу кең Талас,
Жерден башка турбайбы!
Таласта аргын, көп ногой,
Элден башка турбайбы!
Тунук булак кашка суу,
Жерден артык башка бу,
Суусу тунук шар экен.
Муңдуу болгон курсакта,
Мендей шордуу бар бекен?!
Эгиздин башы кар бекен?!
Энеден туулбай кор болгон,
Эл-журтта мендей бар бекен?!
Кызыл тоо башы кар бекен?!
Кыямат көргөн курсакта,
Кылымда мендей бар бекен?!»
Семетейдин Сейтеги,
Арманын айтып токтолду.
Астындагы бууданды,
Атырылтып аргытып,
Илгери карай октолду.

Төрт-Күлдүн төмөн жагында.
Төрө атасы чоң Манас .
Манастын тиккен багына.
Кайнардын кара көзүнө,
Манастан калган кадимки,
Как чынардын өзүнө,
Салып кирип келгени.
Боз дөбөдөй тигилген,
Ак ордону көргөнү.
Катар-катар ак ордо
Катарынан көрүндү.
Карап туруп Сейтектин,
Көңүлү башка бөлүндү.
Абай кылып караса,
Канчоро арам бул күндө
Кыйын болгон кези экен.
Аргын, ногой үстүнө,
Жыйын болгон кези экен.
Обурагы өөдөлөп,
Толкуну катуу теңиздей,
Ташып турган кези экен.
Үн чыгарбай бир ооздон,
Аргын менен ногойду,
Басып турган кези экен.
Каш кайтарган ким болсо,
Кыл кыймака май өңдөнүп,
Чарбасынан бир жолу,
Жарып турган кези экен.
Кырк кулач келген оруна,
Салып турган кези экен.
Эшигине ак таяк,
Күтүп турган кези экен.
Аргын, ногой аки журт,
Канчоронун каарына,
Түтүп турган кези экен.
Орок менен оргондой,

Оруп турган кези экен.
Ажыдаардай оп тартып
Соруп турган кези экен.
Айылдын оолак четинде,
Жандоо боордун бетинде,
Бир топ музоо ичинде,
Бир кемпир көзгө көрүндү.
Көрө салып Сейтектин,
Көңүлү башка бөлүндү.
Жакын кирип барганы,
Ак чач болгон кемпирге,
Аныктап көзүн салганы.
Үстүндө кара кементай,
Далбаа болуп бөлүнгөн,
Этинин көбү көрүнгөн,
Малакай бар башында,
Сексен чама жашында,
Ит башындай бутунда,
Шири чокой бар экен.
Сейтек ойлойт бечараай,
«Бул кемпирдин башында,
Арылбас шор бар экен!»
Кошоктолуу кош музоо,
Ушу турган кемпирди,
Сүйрөп алып жөнөлдү.
Тоңкучуктап бул кемпир,
Токтото албай өмөлдү.
Бала Сейтек ошондо,
Жакын кирип барганы.
Камчы сап менен музоону,
Илип кармай калганы,
Кемпирден Сейтек кеп сурайт,
Кеп сураса деп сурайт:
«Жериң менен элиңдин,
Жөнү кандай? – деп сурайт.
«Ала-Тоолуу ушу жер,
Не деген жер энеке?
Артык башка сөөлөттүү,
Ушу жаткан элиңиз,
Не деген эл энеке?
Бийлейин турпан бул элди
Каны ким болот энеке?
Акылманы чечени,
Даты ким болот энеке?»
Анда кемпир муну айтат.
Адам укпас шумду айтат:
«Бул жердин жайын билбеген
Кайдан келген баласың?
Кайсы жакка барасың?»
Жалт карады бул кемпир,
Шайы кеткен куу кемпир:
«Өтүп кеткен жалгызга,
Неден окшош баласың?
Жердин, элдин жөн-жайын,
Менден сурап каласың.
Чарчап турган өзүмдөн,
Бул жердин жайын сурадың.
Ушу кезде мен балам,
Убара болуп турамын.
Айтайын балам кебимди,
Келтирген кудай эбимди.
Канчоро кескен демимди,
Талас деген жер ушул.
Бул Таласты жердеген,
Аргын, ногой эл ушул.
Бул Таласты жер кылып,
Манас деген кан чыккан.
Манастын атын укканда,
Каардуу душмандар,
Жүрөгүнөн жан чыккан,
Ошол Манас канышы,
Канукей деген мен болом.

Каралдыдан айрылып,
Жүрөгүм түшүп жан чыккан.
Кайгыны тарткан кем болом.
Менин балам Семетей,
Телегейи тең эле,
Атасын тарткан шер эле.
Жалгызынан айрылган,
Арман кылып кайгырган,
Канykей шордуу мен эле.
Ушу Талас башында,
Семетей, Манас жери эле.
Ушу турпан Таласта,
Аргын, ногой эки журт,
Семетей, Манас эли эле.
Семетей, Манас өткөндө,
Мен Канykей шордунун,
Башына балаа жеткенде,
Ушу турган кең Талас,
Канчоро канга жер болгон.
Аргын, ногой ушул эл,
Дагы ошого эл болгон.
Каралдылардан айрылып,
Карыпчылык бул башка,
Түшүп турган убагым.
Сүйүнөр көзүм көп тартат,
Ким экениң билбеймин,
Айт жөнүңдү чырагым?
Кебетиң жандан бир башка,
Келбетиң артык көйкашка.
Жан жагыңдан карасам,
Жакшылап сынап байкасам,
Жаркынымдай сүрүң бар,
Жаркыным болор түрүң бар.
Кыр-кырыңдан карасам,
Кыбалап сынап байкасам,
Кыраанымдай сүрүң бар,
Кырааным болор туруң бар.
Сууга чыккан жалбызга,
Не окшош эле жалгызга,
Айтчы балам чыныңды,
Ичиңдеги сырыңды!»
Ал аңгыча болбоду,
Кошоктолуу кош музоо,
Канykейди ошондо,
Дыркыратып сүйрөдү,
Карап туруп Сейтектин,
Сөөгү сыздап күйгөнү.
Бала Сейтек токтолбой,
Ачалбарс колго күүлөдү.
Ачалбарс колго алганы,
Кошоктолуу музоону,
Бөлөп чаап салганы.
Канykей турат кайгырып,
Акылынан айрылып:
«Кандай журган баласың,
Өлалбай жүргөн башымды
Балакетке саласың.
Эми Канчоро кылат кордукту,
Өлтүрдүң музоо каапыр – деп,
Чачykей кылат зордукту!»
Кайгырып Каныш турганда,
Кайгылуу сөздөн урганда,
Анда Сейтек муну айтат:
«Музоо өлүп калды деп,
Кайгырбачы энеке,
Каралдың Сейтек мынаке.
Күйүнбөчү энеке,
Күсөгөн Сейтек мынаке.
Сейтек менин өз атым,
Семетейдин баласы
Эми энеке кайгырба.
Канчоро менен Чачykей

Келбей калар чамасы!»
Сейтек мындай дегенде,
Жүрөгү оозго тыгылып,
Үстүмөндөп тик түшүп,
«А» деп оозун бир ачып,
Канык ей калды бүктүшүп,
Семетейдин Сейтеги,
Башын жөлөп отуруп,
Кайгыга башын толтуруп,
Эс алдырып алганы.
Баш көтөрүп Канык ей.
Сейтекке көзүн салганы.
Канык ей анда кеп айтат:
«Ээ, айланайын кудурет,
Өңүм бекен түшүмбү,
Же болбосо мен шордуу,
Түшүмдө керген ишимби?!
Сууга чыккан жалбызым,
Ой, Семетей жалгызым,
Жалгыздан калган туягым.
Жарык берер чырагым,
Атка каткан жүгөнүм,
Алыска кеткен олжого,
Айланайым күмөнүм,
Айчүрөктөн айрылып,
Арман кылып кайгырып,
Азаптуу күндө жүрөмүн.
Арманым арбын, дартым зор,
Арамдан бүткөн Канчоро,
Абыдан бизди кылды кор.
Айтсам сөзүм зар бекен,
Айчүрөк менен Күлчоро,
Алар аман бар бекен,
Адам санга кошулуп,
Калды бекен Күлчоро.
Абасынан өч-кегин,
Атана наалат Кыяздан,
Алды бекен Күлчоро.
Азапка башын Кыяздын,
Салды бекен Күлчоро.
Же болбосо көзү ачык,
Акыретке бет алып,
Барды бекен Күлчоро.
Энекем кандай күндө – деп
Билди бекен Айчүрөк.
Азап тартып кайгырып
Жүрдү бакен Айчүрөк.
Он эки жылы эсебин,
Сүрдү бекен Айчүрөк?»
Анда Сейтек кеп айтат:
«Ой, энеке – деп айтат.
Күлчоронун өзү аман,
Айчүрөктүн көзү аман,
Арстан балаң Күлчоро,
Ак болотун майлады,
Жедигердин Кыязды,
А дедирбей жайлады,
Жердин жүзүн майлады,
Жедигердин көп колун,
Демге койбой жайлады.
Жедигердин Кыязды,
Белден бекем бүктөдү.
Сарбан кул экөөн теңдетип,
Атан төөгө жүктөдү.
Чаткал тоонун оюна,
Көчүп келип кондук биз,
Угакөр эне муну сиз.
Канык ейдин үстүнөн,
Каментайды алганы,
Капшыра кармап колуна,
Кара сууга салганы.
Чокойду сууруп ыргытты,

Аңгекти карай дыргытты,
Сууга боюн жуунтту,
Суп менен белин буунтту.
Акылга дыйкан Айчүрөк,
Асыл кийим баарысын,
Куржунга салып табыштап,
Абакең, энең кийсин деп,
Бүктөп берген эмеспи.
Канжыгага бек байлап,
Үптөп берген эмеспи.
Бар кийимди так кылып,
Шайлап берген эмеспи.
Канжыгага табыштап,
Байлап берген эмаспи.
Ар санааны көңүлгө,
Алып берген эмеспи.
Ак куржундун ичине,
Салып берген эмеспи.
Кийимдерди Канышка,
Кийиндирди Сейтеги.
Айчүрөк манен Күлүстүн,
Аман-эсен келгенин,
Билиндирди Сейтеги.
Андай-мындай дегиче,
Ачып көздү жумгуча,
Күлчоро келип калыптыр.
Тоо торуну каргытып,
Атырылтып аргытып,
Күлчоро келди айкырып,
Абакелеп кыйкырып.
Оң бөйрөгүн таянып,
Оенум абам деп ыйлап,
Оолугуп Күлүс көп ыйлап,
Сол бойрөгүн таянып,
Солтонум абам деп ыйлап,
Солкулдап Күлүс көп ыйлап,
Камчы сабын таянып,
Калбады жанын аянып,
Абакемден айрылып,
Арман кылып кайгырып,
Адамдан катуу сөз укпас,
Сен ушундай болдуңбу?!
Атаңа наалат Кыязга,
Олжого кетип оюлуп,
Он кечирим союлуп,
Мен ушундай болдумбу?!
Ар адамдын башына,
Азап менен мүшкүл иш,
Түшөт экен ар кандай.
Айланайын энеке,
Жүрдүңбү куурап зарлап ай!»
Сейтек менен Күлчоро
Каныкейден кеп угуп,
Чеп алачык ичинде,
Олуя Бакай абакең,
Өлүү десе көрдө жок,
Тирүү десе санда жок,
Арман кылып кайгырып,
Арстандардан айрылып,
Зарлап жатат деп угуп,
Аккан суунун боюнда,
Калың токой ичинде,
Карып болгон Бакайга,
Алар жетип келгени.
Чөп алачык ичинде,
Бакайды булар көргөнү.
Кирип барып Каныкей,
Абасына кеп айтат:
«Аманбы аба – деп айтат,
Карап алып кан Бакай:
«Башка түшкөн заманбы,
Балам өзүң аманбы?

Кабагың ачып сүйүнүп,
Торгун менен тувардан ,
Катар-катар кийинип,
Кудайдын берген багындай,
Өтүп кеткен илгерки,
Кутманым Манас барындай.
Теңирдин берген багындай,
Теңизим Манас барындай,
Кабагың карыш ачылып,
Бетиңе нуруң чачылып,
Жүрүптүр чериң жазылып,
Ачылганың көрүнөт.
Башыңдагы балекет,
Чачылгандай көрүнөт.
Кара туман башыңдан,
Кеткендиги көрүнөт.
Бир жакшылык башыңа,
Жеткендиги көрүнөт.
Көрүп туруп мен Бакай,
Көңүлүм башка бөлүнөт.
Арстан Манас айкөлдүн,
Арбагы азыр жар болуп,
Колдогону көрүнөт.
Аман болсо Күлчором,
Айдың даңгыр шар жолду,
Жолдогону көрүнөт.
Соолуп калган көлчүгүм,
Кайта толкуп калыптан,
Ашкандыгы көрүнөт.
Айланайын Күлчором,
Айгайы чыгып ааламды,
Баскандыгы көрүнөт.
Аман-эсен Күлчором
Жүргөндүгү көрүнөт.
Алыша чыккан душманды,
Арбагын баштан учуруп,
Сыймыгын баштан качырып,
Сүргөндүгү көрүнөт.
Азулуу арстан каманды,
Чалгандыгы көрүнөт.
Ажыдаарды кишендеп,
Бенде кылып колуна
Алгандыгы көрүнөт.
Айчүрөк менен Күлчоро,
Жет-Кайт жерди сапырып,
Көчкөндүгү көрүнөт.
Жедигердин жалындуу от
Каптагандай сел дайра,
Өчкөндүгү көрүнөт.
Сан жетпеген олжону,
Алгандыгы көрүнөт.
Жедигердин Кыязды,
Чалкасынан тургузбай,
Салгандыгы көрүнөт.
Кең Таластын өзөнгө,
Дүйүм чөптүн баарысы,
Жер союлуп ыкшалып,
Толгондугу көрүнөт.
Аргын, ногой эки журт,
Манастын бар чагындай,
Калың кара чоң жыйын,
Болгондугу көрүнөт.
Асамандап учуп ак шумкар,
Шаңшыганы көрүнөт.
Булбулдар сайрап токойдо
Таңшыганы көрүнөт.
Кайнардын кара көзүнө,
Как чынардын өзүнө,
Кабылан Манас ордосу,
Ак дөбөдөй заңкайып
Тигилгени көрүнөт.
Арамдан бүткөн Канчоро,

Бели үзүлүп туралбай,
Бүгүлгөнү көрүнөт,
Жандуу мылтык Ак келте,
Октолгону көрүнөт.
Аткылап Күлүс киргенде,
Алты кара калың кол,
Токтолгону көрүнөт.
Арстандан калган сыр найза,
Арстаным Күлүс сундуруп,
Сайылганы көрүнөт.
Атасы башка душмандын,
Талпактары таштарга,
Жайылганы көрүнөт.
Арстандан калган Ач албарс,
Арстаным Күлүс колуңда,
Каршы-терши кыймалап,
Чабылганы көрүнөт.
Ала-Тоодой душмандан,
Эсептери чоп чогуу,
Табылганы көрүнөт.
Арстандан калган Ак олпок
Кайра баштан жаңырып
Октолгону көрүнөт.
Каары катуу душмандар,
Кабыланым Күлүстөн
Сомдолгону көрүнөт.
Арстандан калган Ак шумкар,
Кайта айланып тууруна,
Конгондугу көрүнөт.
Кабылан Манас дөөлөтү,
Кадимкидей араандап,
Көл дайрадай толкундап,
Толгондугу көрүнөт.
Арстандан калган Кумайык,
Алтындан каргы мойнунда,
Тагылганы көрүнөт.
Азуулунун баарысы,
Ал Кумайык кыраандан,
Чалынганы көрүнөт.
Ичеги, карды эшилип,
Жарылганы көрүнөт.
Арстандан калган Желмаян,
Арстаным Манас барындай,
Боздогону көрүнөт.
Калың кара душманды,
Кара башыл ак буура.
Кабактан чыгып качырып,
Калжаң уруп киргенде,
Боздогону көрүнөт.
Асмандагы канаттуу
Канаттуулар баарына,
Айкөлдөн калган Ак шумкар,
Аябастан кыргынды,
Салгандыгы көрүнөт.
Көрүп туруп мен Бакай,
Көңүлүмө нур толуп,
Көзүмдүн жашы төгүлдү,
Өлүмгө жакын турганда,
Кандай айтам төгүндү!»
Уйкуда кирген бир катар
Түшүн айтты кан Бакай.
Түшүндө көргөн эң сонун,
Ишин айтты кан Бакай.
Каныкей анда кеп айтат:
Ой абаке сүйүнчү!
Тон, өтүгүң кийинчи.
Курсакта кеткен олжого,
Аты Сейтек бир бала,
Жетимиң келди жетилип.
Калган эле башында,
Ак болотуң кетилип.
Күлүсүңдүн, Күлчоро

А да келип калганы.
Жалгачу кудай бир өзү,
Бизди жалгап салганы.
Түшүңүз туура түш экен,
Түшүндө көргөн иштериң,
Туура келген иш экен.
Айчүрөк келип кашыңа,
Нур шамы куйду башына»,
Деп Каныкей муну айтып,
Кан Бакайды кубантып,
Сейтек менен Күлчоро
Тыңшап турган эшиктен,
Шыкаалап турган тешиктен.
Ал жөө кирди айкырып,
Абакелеп чакырып,
Кол алышып көрүшүп,
Кучакташып өбүшүп.
Көрүшпөй бул ар калганы,
Он эки жыл бүп бүтүн,
Катар өтүп калыптыр.
Кыяз менен Канчоро,
Азапты катуу салыптыр,
Бала Сейтек, Күлчоро,
Жууп-тарап абасын,
Олуя заада бабасың,
Асылдан кийим кийгизди,
Айтып сөзүн билгизди.
Армандуу болгон Айчүрөк,
Өрүүн болуп жайланып,
Көчүп жөнөп калганы.
Чаткал тоону таянып,
Кара-Буура, Чаткалды,
Ашып келет Айчүрөк,
Кең Таласты көрсөм деп,
Кайнап келет Айчүрөк.
Кара-Буура белинен,
Айчүрөктүн көзүнө,
Таластын бети көрүндү.
Көргөндө көөнү сөгүлүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Санаасы санга бөлүнүп,
Салаалып агып көз жашы,
Жакасын жуун төгүлүп.
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Жерди көрүп дагы ыйлап,
Кара-Буура, Үч-Кошой,
Белди көрүп бир ыйлап.
Толкуп жаткан Бар-Көлү,
Көлдү көрүп дагы ыйлап.
Калың аргын, көп ногой
Элди көрүп дагы ыйлап,
Маңдайкы жак баткалда,
Баатыр Манас султандын,
Багын көрүп дагы ыйлап,
Алты бакса чоң дубал,
Тамын көрүп дагы ыйлап,
Орто Кен-Кол оюнда,
Кең Таластын боюнда,
Кайнарды көрүп дагы ыйлап,
Арстандар баскан кадамы,
Жайларды көрүп дагы ыйлап.
Айчүрөк Жет-Кайт кеткени,
Он эки жылга толуптур.
Карап туруп Айчүрөк
Калтырап бою солуптур.
Арстан Мамас баатырдын,
Күмбөсүн көрүп күйүндү.
Чурап түшүп атынан,
Жалгызыңды колдо деп,
Тооп кылып жүгүндү.
Ак боз бээни алдырып,
Ай туякка чалдырып,

Көргөндөрдөн кеп угуп,
Аргын, ногой эки журт
Айчүрөк менен Күлчоро,
Жет-Кайт деген жеринен,
Жедигердин элинен,
Көчүп келди деп угуп,
Аман-эсен баласын,
Алып келди деп угуп,
Акыр заман Кыязга,
Салып келди деп угуп,
Көчүп Жет-Кайт жеринен,
Жылып келди деп угуп,
Өз билгенин душманга,
Кылып келди деп угуп,
Жедигерден көп малды
Айдап келди деп угуп,
Багыштын уулу Кыяздын,
Колу, буту кишенден,
Байлап келди деп угуп.
Аргын, ногой жабырап,
Аттанышып дабырап,
Колу колго кошулуп,
Таластын бети жошулуп,
Аргын, ногой буркурап,
Аламан чаап чуркурап,
Калың токой ичинде,
Бакайдын чөп алачык,
Алачыкка келишти.
Күлчоро менен Сейтекти,
Келгенин да көрүштү.
Көпчүлүктүн баарысы,
Жашы менен карысы,
Айкырыкты салышып,
Жер көчүрүп калышты.
Аргын, ногой буркурап,
Жеп ийчүдөй чуркурап,
Жандын баары ыйлады,
Ыйлашып жашын тыйбады.
Күлүстөн эле Күлчоро,
Ошо келген турбайбы.
Арстандан калган бир туяк,
Кошо келген турбайбы.
Олжого кеткен Айчүрөк,
Кайта айланып келиптир.
Аргын менен ногойго,
Кадиксиз кудай бериптир.
Учуп кеткен Буудайык,
Кайта айланып тууруна,
Азыр келип конуптур.
Аргын менен ногойдун,
Тилеги кабыл болуптур.
Душмандын бели сыныптыр.
Армандуу болгон бул элдин
Абыдан көөнү тыныптыр.
«Олжо болуп Жет-Кайтта
Кеткен Күлүс келдиңби?
Артык кордук башыңа,
Жеткен Күлүс келдиңби?
Багыштын уулу Кыязды
Сойгон Күлүс келдиңби?
Кара көзүн кашайтып,
Ойгон Күлүс келдиңби?
Жылкычынын баарысын,
Кырган Күлүс келдиңби?
Өлүктөрүн аңгекке,
Жыйган Күлүс келдиңби?
Жедигер элде бузукту
Тапкан Күлүс келдиңби?
Кара жалын тап такыр,
Каккан Күлүс келдиңби?
Семетейдин күмөнү,
Башыңа тушкөн кураста,

Ит Кыяздын дүмөгү,
Ала-Тоолуу кең Талас
Жериң мында турганы.
Аргын, ногой эки журт
Элиң мында турганы.
Элдин баарын куруткан,
Арамдан бүткөн Канчоро
Бегиң мында турганы.
Семетейден айрылып,
Карып калган чагында,
Карып болуп кайгырып,
Калк атасы кан Бакай,
Дагы аман турганы.
Канықей энең бой боздоп,
Көзүмөн аккан кара жаш.
Булактай агып кап тоздоп,
А дагы аман турганы.
Атаңдан калган жериңди,
Айланып кайра сен таптың,
Аргын, ногой элиңди,
Элиңе келдиң арман жок,
Эми кенедей арман калган жок.
Жарык кандай, түн кандай,
Жакшылык менен жамандык,
Жумур баштуу адамга,
Келет экен ар кандай!»
Деп ошентип көпчүлүк,
Кайрат сөз айтып жоботуп.
Күлчоро менен Сейтекти,
Жайлуу сөз айтып сооротуп.
Ал аңгыча күңгүрөп,
Чаткал жактан көрүндү.
Чүрөктүн көчү дүңгүрөп,
Самсып келип калганы.
Аргын, ногой чапкылап,
Алдынан тозо барганы.
Алдынан барды буркурап,
Атпай көңкү чуркурап,
«Жет-Кайттан Чүрөк келдиңби?
Атпай калың журтуңдун
Айланып жүзүн көрдүңбү?
Атпай аргын, көп ногой
Элиң аман Айчүрөк.
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас,
Жериң аман Айчүрөк.
Аргын, ногой элиңе
Арамдан бүткөн Канчоро
Ошол ит салды чоң дүмөк.
Канчоронун кордугун,
Көрүп калдык Айчүрөк!
Өкүмүнө ал иттин
Көнүп калдык Айчүрөк!
Кара нээт Канчоро
Жазыксызды сабады,
Караңгы жайга камады,
Касташкан жоодой талады.
Ай караңгы бүркөлүп,
Түн ушундай болгону.
Арстандардан айрылып,
Атпай калың журтуңдуң,
Күнү ушумдай болгону.
Абакең Бакай, Канықей
Кайгыга каркап толгону!»
Бирине бири жол бербей,
Айчүрөк менен көрүшүп,
Күлчоро менен Сейтекти
Колдорунан өбүшүп,
Армандуу болгон Айчүрөк
Атпайды көрүп алсырап,
Бакайды көрүп бакырып,
Энесин көрүп эчкирип,
Бөдөнөдөй бөгүлүп,

Эки көздөн аккан жаш
Кашка суу болуп агылып,
Кара жерге төгүлүп,
Ушу дүйнө көзүнө
Тутамчалык көрүнүп,
Эми Айчүрөк муну айтат:
«Адамдан чыккан олуя,
Айланайын абакем,
Акылы тунук энекем.
Арстандардан айрылып,
Азап тартып кайгырып,
Алакчы дүйнө оңбой кал,
Сен ушундай болдуңбу?
Олжого кетип Жет-Кайтка,
Он эки жылы сарыгып,
Мен ушундай болдумбу?
Арам итке кор болуп,
Атпай калың көп журтум,
Теги ушундай болдуңбу?!»
Күлчоро, Сейтек, Айчүрөк,
Эл-журту мемен көрүшүп,
Талыкшып бойлор эришип,
Эбедейлер эзилип,
Эт тырмактар жазылып,
Армандын баары басылып,
Бүркөлгөн кабак ачылып,
Күйүттүн баары чачылып,
Күптүлүү жүрөк ачылып.
Эми Канчоро канга барууга,
Кара нээт канкорду,
Кармап колго алууга,
Өзү кылган кордукту
«Кезек иш мындай болот – деп,
Өз башына салууга,
Кетирбей кекти алууга,
Кесирөттүү арамды
Өлүм кылып керсейтип,
Кескилеп итке салууга,
Кара көзүн оюуга,
Ичиндеги кара кан
Кочучтап ичип тоюуга,
Күлүстөн Күлүс, жаш Сейтек
Капкасы темир коргонго,
Манастан калган кадимки,
Канчоро жаткан ордого,
Ал экөө басты камынып,
Ач арстандай чамынып,
Алиги турган көпчүлүк,
Кошо барды жабылып.
Кара нийет Канчоро,
Күлчоро, Сейтек келгенин,
Билбей жаткан кези экен.
Мага недир деп ойлонуп,
Тушарына бир жанды,
Илбей жаткан кези экен.
Канчоро менен Чачыкей,
Мамык олпок астында.
Манастан калган кандык так,
Кандык тактын үстүндө.
Чак түш убак болгуча,
Турбай жаткан кези экен.
Башка жакка көңүлдү,
Бурбай жаткан кези экен,
Эшигинде ак таяк,
Бут атым бир жан жолотпой,
Туруп калган кези экен.
Жакын барган ким болсо,
Уруп калган кези экен.
Ырчылары какылдап,
Ырдап жаткан кези экен.
Арызга, муңга келгендер,
Тай жарышым алыста

Туруп калган кези экен.
Кызыр эмди тайлардан,
Союп жаткан кези экен.
Желдеттердин баарысы,
Казысына бөлөнүп,
Картасыта жөлөнүп,
Тоюп жаткан кези экен.
Камбардын уулу Канчоро
Чукуранып ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Ушалатып кол, бутун,
Тулку боюн керилтип,
Чоюп жаткан кези экен.
Канчорону ырчылар,
Мактап жаткан кези экен.
Акылы жандан башкача,
Деп ушундай ырыңды,
Жактап жаткан кези экен.
Ачык айтып сөздөрүн,
Тактап жаткан кези экен.
Күлчоро, Сейтек барганда,
Ак таяктар баарысы
Качып калды дыркырап.
Кирерине тешик жок,
Чымындай жаны чыркырап
Капкадан кирди эки шер.
Ажыдаардай октолуп,
Курдап турган ак таяк,
Тура албастан токтолуп,
Ач арстандай чамынып:
«Арам акмак кайда деп,
Канчоронун үстүнө
Азыр кирди камынып.
Канчоро менен Чачыкей,
Сунган бутун тартпастан,
Жумган көзүн ачпастан,
Кучакташып кыналып,
Бир, биринин мойнуна,
Колдорун артып суналып,
Жаткан экен айкалып.
Күлүстөн Күлүс айкырды:
«Өлүүсүңбү? тирсиңби?!
Ушубакка турбастан,
Же өлгөн жандын бирсиңби?!»
Көлпүгүп жаткан Канчоро,
Умачтай көзү ачылып,
Жыргалы кетти чачылып,
Ачып көзүн караса,
Артык шумдук тамаша,
Күлчоро келип калыптыр.
Ач арстандай айкырып,
Ак ордонун ичине,
Ашкере бүлүк салыптыр.
Кара нийет камандын,
Күлчорону көргөндө,
Жүрөгү кетип кабынан,
Билеги кетип сабынан
Боконо сөөгү болк этип,
Боор, ичеги солк этип,
Көзү кетти алактап.
Бир сөз кирбей оозуна,
Буту кетти тайгылып,
Кулады тактан шалк этип.
«Кудай уруп койгон го,
Жедигердин Кыязды,
Кармап алып сойгон го,
Кара көзүн ойгон го.
Канына мыктап тойгон го,
Төбөсүнөн баскан го.
Дым чыгарбай Кыязды,
Тындым кылып салган го,
Андан кийин токтолбой,

Мында келип калган го?
Кара жерге жит Кыяз,
Жоо аяган жаралуу,
Катының калат каралуу,
Күлчорону токтоптой,
Алмадай башын албайбы,
Бул мыкачы Күлчоро
Өлүм кылып салбайбы,
Эми жалынсам жаным коебу?
Жалбарган менен болобу?
Айчүрөккө алдатып,
Койгон Кыяз турбайбы,
Алдап жүрүп Айчүрөк
Сойгон Кыяз турбайбы,
Айчүрөккө алдатып,
Өлгөн Кыяз турбайбы,
Кыяматтын тар жолун
Көргөн Кыяз турбайбы,
Алдап жүрүп Айчүрөк
Саткан Кыяз турбайбы,
Кара жерге бир жолу
Баткан Кыяз турбайбы,
Кайта чыкпас терең ор,
Кеткен Кыяз турбайбы,
Кара тоодой балакет
Күлчородон башына
Жеткен Кыяз турбайбы,
Бул дүйнөдөн аттанып,
Кыяматты карата,
Кеткен Кыяз турбайбы,
Эки колун Чүрөккө,
Арткан Кыяз турбайбы,
Кыяматтын кыстоосун
Тарткан Кыяз турбайбы,
Шаатемир кызы Чачыкей
Чукуранып ойгонуп,
Оң жагына толгонуп,
Карап алып Күлүстү,
Тактадан кулап так түштү,
Бетин басып калтырап,
Эки көзү жалдырап,
Мууну бошоп шалдырап
«Ажалдын огу жетипир,
Жетпегенде нетиптир,
Сыймык баштан учуптур,
Жедигердин Кыязы,
Кудай алсын кесирдүү,
Айчүрөккө алдатып,
Кара жерди кучуптур.
Арстандын уулу Күлчоро,
Ала көөдөн Кыязды,
Кайра туйлап чыккысыз,
Темир торго салыптыр,
Кап кайда кегин алыптыр.
Согум кылып Кыязды,
Жедигерди кырган бейм.
Каары катуу Күлчоро
Билген ишин кылган бейм,
Ойрон кылып Жет-Кайтты
Бери карай жылган бейм.
Кезек экөө, кудай бир
Кезек бизге келген бейм.
Кайыр айткан бирөөнү,
Санап туруп Күлчоро
Кирпиктерин терген бейм,
Талпагын ташка керген бейм,
Акыр заман акыры,
Келип калды бул башка,
Тийди го тумшук как ташка!»
Кырап Күлүс, жаш Сейтек
Кылычын күүлөп имерип,
Өтүп кеткен иштерден,

Жүйөсүн айтып жиберип:
«Ой, Канчоро аманбы,
Кайда айдап жибердиң,
Кабылан султан абамды,
Өз энекем Канықей
Эмчегин сага эмизди,
Качан башка дегизди,
Супка салып ороду,
Адам болсун ушу деп,
Жакшылыкка жороду.
Сандап жаткан дүйнөсү,
Экөөбүзгө короду,
Жубар менен жуудурду,
Бош болбосун бели деп,
Белибизди Канықей
Сарбан менен буудурду.
Казы, карта, жал берди,
Суусалыкка бал берди,
Күн абтабы өтөт деп,
Серүүн жайга бактырды.
Карагай оту чачырап,
Этине учуп түшөт деп,
Тийген жери күйөт деп,
Кургак арча жактырды.
Ак мамыкка бөлөдү,
Уйкусу жакшы кансын деп,
Башыбызды Канықей
Сылап-сыйпап жөлөдү.
Асылдан кийим кийгизди,
Чайкалып мазей суусун деп,
Жоргодон танаап мингизди.
Жарыкка чырак жандырды,
Ойнотуп кумар кандырды.
Экөөбүзгө ар жума
Сары улактан таптырды.
Арууркап балдар калат деп,
Садаганы чаптырды.
Дүнүйөсүн сапырсак
Эч кабагын жыйбады,
Көрдүң беле Канчоро
Качан бизди тыйганы.
Оймак ооз, бото көз,
Ойкуштаган сулуудан
Алып берди абакем.
Алдыбызга сан кара
Салып берди абакем.
Олжоларду аябай
Дагы берди абакем,
Үстүбүзгө ак ордо
Тигип берди абакем.
Жибектен килем, барча бул
Бүгүп берди абакем.
Жалган беле бу сөзүм,
Айтчы кана сен өзүң.
Дагы айтам Канчоро,
Акырында жер жүзүн
Кан агыздың Канчоро,
Эми айтайын өзүмдү,
Угуптур айтан сөзүмдү.
Каканакта убакта,
Тар төшөктө жатыштык,
Тамашага батыштык,
Бир төшөктө жатыштык,
Бирге тамак татыштык,
Дария сууну бойлодук,
Даң салып эркин ойнодук,
Жоргону бирге миништик,
Торкону бирге кийиштик,
Кайсы жерде экөөбүз,
Көңүл калып кейиштик.
Тоорумду бирге тооруштук,
Кай жерде көңүл ооруштук,

Чалгынды бирге чалыштык.
Кай жерде көңүл калыштык,
Жоону бирге жоолаштык.
Доону бирге доолаштык,
Көңүл калып экөөбүз
Качан кеттик оолашып.
Эрди сайса тең сайдык,
Кана кимден кем сайдык.
Олжону бирге алыштык
Ойронду бирге салыштык,
Ок өтпөс тонду кийиштик,
Оңбогон жоого тийиштик,
Акырысы түбүндө,
Душманга колтук сен ачтың,
Качан колтук мен ачтым.
Кара нийет Канчоро,
Өттүго сенин мазагың,
Атпай журттун баарына
Артыкча болду азабың,
Олжого бердиң өзүмдү,
Абакемден айырып,
Ойдуң го эки көзүмдү.
Жарым жан кылдың өзүмдү,
Жалынсам укпай сөзүмдү.
Кечиримди алдырдың,
Өлүү десе көрдө жок,
Тирүү десе сайда жок,
Жарым жан кылып салдырдың.
Жылкычыда мен жүрүп,
Отун алып кор болуп,
Маңдайым калың шор болуп,
Туйласам баш чыккысыз
Түшкөнүм темир ор болуп,
Абакем Бакай, Канықей
Аларга кылдың азапты,
Адам көрбөс мазакты!

Атпай журтту ыйлаттың,
Сары канды баш кылып,
Аргын менен ногойду,
Баштарын кесип туйлаттың.
Алаптаган кара ниет,
Азыр демиң басайын,
Умачтай көзуң ачайын,
Кыязыңды кыйраттым,
Жолдош болгон Кыязга
Жедигердин бузугун
Кесип башын туйлаттым.
Кылмыштууларын өлтүрдүм,
Өздөрүнүн кылганын,
Баштарына жеткирдиң.
Өл гөндөрдүн бүлөсүн,
Жаккан отун өчүрдүм,
Коңшу Жет-Кайт жеринен,
Таласты карай көчүрдүм.
Сен сыйынган Кыязды
Көзүн тештим олойтуп,
Кулагын кесип чунайтып,
Мурдун кестим молойтуп,
Баарын суурдум тиштерин,
Көөдөндө жаным тим коюп,
Бүтүрдүм чогуу иштерин.
Алып келдим Таласка,
Азыркы болгон кайратты,
Канчоро менден талашпа.
Алып келдим өзүңө,
Көргөзөмүн көзүңө,
Бул Чачыкей экөөңдү,
Кыяздын кебин кийгизем,
Кыйнап жүрүп тирүүлөй
Кара жерге киргизем.
Жүйө сөзүн айтамын,
Айтып туруп Канчоро

Кыяматка кайт эми.
Жооп кайтарбай Канчоро,
Алактады көздөрү,
Оозуна кирбей сөздөрү.
Не кыларын биле албай,
Аалам уруп турганы.
Колдон алып Күлчоро
Кара жерге урганы.
Оозунан кетти кара кан,
Артынан кетти сары зил,
Канчорону оң колго.
Чачыкейди сол колго,
Бекем кармап алды ошол.
Талпак өңдүү сүйрөтүп,
Эшикке чыгып барды ошол.
Сүйрөп чыгып талаага,
Канчоро менен Чачыкей,
Калды мындай балаага.
Калк көзүнчө кармашты,
Карсылдатып байлатты,
Эки көзүн жайнатты,
Шорлорун чогуу кайнатты.
Эл ичинде жөөлөттү,
Эки бетин көөлөттү,
Азаматтан чаптырды,
Алып келгин ыкчам деп,
Кыяз менен Сарбанды,
Эл куруткан дардаңды.
Азаматтар ат минип,
Аялдабай бат минип,
Сарбан кул менен Кыязды,
Алып жетип келишти.
Келгенин атпай көрүштү.
Эми Күлүс кеп айтат:
«Учураш достор – деп айтат,
Көрүшкүн достор көрүшкүн,
Көптөн бери көрүшпөй
Сагынышып калдыңар,
Кучакташып өбүшкүн.
Кеңешти мыктап кылгыла,
Душманга тузак кургула,
Беймун элди чапкыла
Олжону кабат тапкыла!»
Кара нийет чорого,
Катаалдык кылган жорого,
Кыязды анык көргөздү.
Атпай турган көпчүлүк,
Көргөзгөнүн көз күрдү,
Таааныtып туруп Күлчоро,
Күлүс баатыр шер чоро,
Кыяздын кебин кийгизди,
Кыйналып жатып өлсүн деп,
Терең орго киргизди.
Чачыкейге Айчүрөк,
Канчоро кийген сый тонду,
Алып келип кийгизди.
Канчоро кирген терең ор,
Сүйрөтүп барып киргизди.
Карап турган көпчүлүк
Таба сөз айтты баарысы,
Жашы менен карысы.
Ай туякка бээ чалып,
Ай мүйүзгө уй чалып,
Ак сарбашыл көп чалып,
Түнү жарык түш болуп,
Түшүнө көрбөс жакшылык
Өңдөрүндө туш болуп,
Түлөөсүн туштан жеткирип,
Кеткендер кайта келишип,
Келип баары көрүшүп,
Кол кармашып өбүшүп,
Кабактар карыш ачылып,

Кайгынын баары чачылып,
Камсыккан жүрөк басылып,
Күптүнүн баары жасылып,
Күйүттүн баары чачылып,
Абыр-шабыр ат минип,
Атк а минди көпчүлүк,
Аялдабай бат минип,
Ак боз бээден жетелеп,
Ашып-шашып энтелеп,
Абакең Бакай жол баштап,
Ак күмбөз көздөй жөнөдү.
Атпай турган – көпчүлүк
Аркасынан өмөлдү,
Күмбөзгө барды жарышып,
Үзөңгүлөр кагышып,
Аттарын оолак байлашты,
Абдан көөнү жайлашып.
Арстан Манас баатырдын
Арбагына багыштап,
Ак боз бээни чалганы.
Кырк кулактуу жез казан,
Этин бүтүн салганы.
Ак көбүк чыгып туурулуп,
Баркылдап казан кайнады.
Карап турган Канык ей
Ботодой көзү жайнады.
Жөрөлгө жакшы болуптур,
Бакай менен Канык ей,
Карап туруп казанды,
Көңүлдөрү толуптур.
Күлүстөн Күлүс чамынып,
Уйдай болгон чоң ташка
Басып барды камынып,
Ташты жерден алыптыр,
Чакмал кылып ойнотуп,
Алаканга салыптыр.
Ары-бери ыргытып,
Кайта жерге коюптур.
Карап турган көпчүлүк,
Көңүлдөрү тоюптур.
Күлүстөн Күлүс, жаш Сейтек
Күмбөзгө кирип барганда,
Күмбөздүн ичи күңгүрөп,
Шоокум берди дүңгүрөп.
Күмбөздүн ичи күүлөнөт.
Күңгүрөнүп сүйлөнөт,
Сейтек байкап караса,
Айландырып санаса,
Төр жагында күмбөздүн,
Аккуладай ат минген,
Ак олпок чопкун тон кийген,
Алтындан кемер курчанган,
Каарданып сурданган,
Ач албарс жанга байлаган,
Кайра жаачу булуттай,
Каар жүзүнө айланган,
Бет алдынан караса
Ажыдаардын түрү бар,
Тулку боюн караса,
Ач арстандын сүрү бар,
Кабагы бийик, өңү саз
Калк атасы шер Манас
Каттап койгон каты бар,
Кабылан Манас аты бар.
Оң жагында Манастын
Ак сакалы чүчтөдөй,
Устукан сөөгү мистедей,
Качырган жоого шаңдуу кул,
Кармаганы кандуу кул,
Кабылан Бакай мына бул,
Арстан Манас баатырдын
Ар качандан бир качан

Акыл тапчуу сырдашы,
Акыреттик курдашы.
Анын быяк жагында,
Алтын айдар, чок-белбоо,
Азиз кандын Алмамбет
Айсарала ат минген,
Сарынжы чопкут тон кийген,
Албарстан кылыч байлаган,
Асмандагы булуттай
Аркы терки айланган,
Билеги жоон, таш жүрөк.
Душманга салган чоң дүмөк.
Бил мүчөлүү бадирек.
Кызыл сакал, тик мурут,
Кызыл чийкил өңү бар.
Айтылса мындай жөнү бар.
Кыжылдата сүйлөсө,
Кытайдын тили өзүндө.
Кыя тартып караса,
Кытайдын сүрү көзүндө.
Анын быяк жагында,
Акбалтанын Чубагы,
Арстандын бири бу дагы,
Көк ала тулпар ат минген,
Көк күбө чопкут тон кийген,
Эңчегер бойлуу, көзү үңкүр,
Сейрек сакал, тик мурут.
Алышып адамдын алы жетпеген,
Арстандын тиши өтпөгөн,
Айкырык үнү таш жарган,
Кыйкырык үнү баш жарган.
Анын быяк жагында,
Акылга дыйкан Ажыбай,
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Сыргак менен Сереги.
Чыңалышкан жоолорго,
Ар качан тийген кереги.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргынчал баштык карысы,
Кыйгактуу найза, көк түпөк,
Кылымды бузган кара көк,
Сүрөтүндө көрүнүп,
Баары катар туруптур.
Санаасы сайлап бөлүнүп,
Бала Сейтек баарысын,
Жалдырап моюн буруптур.
Сол жагында Манастын,
Каракан кызы Канықей,
Баржаңдап күлүп алдында,
Балтыр бешик Семетей.
Сейтек байкап караса.
Баарысынын астында,
Каттап койгон каты бар,
Как өзүнүн аты бар.
Бала Сейтек буларды
Көргөндө көңүл бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Астын-үстүн күн болду,
Ай жарыгы түн болду,
Андай-муңдуу ким болду.
Киргендердин барысы,
Канықей баштап чуркурап,
Кайра чыкты буркурап.
Эми Сейтек кеп айтып,
Кеп айтканда деп айтып:
«Атамдын өлгөн жерин сен,
Көрсөткүн аба – деп айтып,
Өлгөн жерин көрөйүн,
Өкүрүп ыйлап жөнөйүн!»
Сейтек мындай дегенде,
Күлчоро баштап тез келди,
Өлгөн жерге кез келди.

Күлчоро айтып туйгузду.
Жаш Сейтекти күйгүздү:
«Май-Булактын башынан,
Бакайдын кызыл ташынан,
Кызыл желек туу менен,
Кыяздаган чуу менен.
Кыйкырып кирип келген жер.
Кызыталак Канчоро,
Суркоенду бат минип,
Кошулул кирип кеткен жер.
Кара тумшук Канчоро
Жеткен жери ушу жер,
Качырып келип бир коюп,
Неткен жери ушу жер.
Баарың бери келе бер.
Аныктап байкап көрө бер,
Жаткан жери жөлөңкө,
Эки терек көлөкө,
Белгиси турат бул экөө.
Баары көрүп буркурап,
Байтеректин түбүндө,
Бака-шака чуркурап,
Бала Сейтек токтолбой,
Айбалтасын таянып,
Кайдан турсун аянып.
Оң бөйрөгүн таянып,
Оенум атам деп ыйлап,
Оолугуп Сейтек көп ыйлап,
Сол бөйрөгүн таянып,
Солтонум атам деп ыйлап.
Солкулдап жетим көп ыйлап.
Атакелеп акырып,
Баласы турат бакырып,
Канықей какшап кеп айтат:
«Каралдым ботом! – деп айтат,
Кармай кеткин колуна,
Какшатпагын соңуна
Бир баланды көрбөдүм,
Көрүп туруп өлбөдүм!»
Ушуну айтып болгуча,
Кайыптан доош угулду.
Аныктап кулак укканда
Жүрөгү оозго тыгылды,
Кулак салып селейип,
Баарысы турду элейип,
Ошол доош кеп айтат.
«О, Канықей, Айчүрөк
Анте бербе кеп сүйлөп,
Узунду кечке көп сүйлөп,
Май-Булактын башында,
Бакайдын кызыл ташында,
Капчыгайдын оозунда,
Калың арча башында,
Семетей жатат ошондо.
Кайып пирлер апарып,
Канаттууга кактырбай,
Бөлөк жанга бактырбай,
Манасты койгон үңкүрдө.
Өзуң көргөн чуңкурда,
Кыбыланы баштанып,
Оң мүрүсүн жазданып,
Эмеле жаткан эмедей.
Уктап жатат Семетей».
Ушу доошту укканда,
Кайыптан сөздү укканда,
Ат-атына миништи.
Азыр жолго киришти.
Май-Булакты өрдөшүп,
Баштан алып жүрүшүп,
Кереге таштын түбүнө,
Аттарын байлап салышып.
Манасты койгон үңкүргө,

Болжол алып барышып.
Калың арча бадалды
Болжоп баары карады,
Кайда болор экен деп,
Топ-топ баары карады.
Бир тектирдин башында,
Манасты койгон ташында,
Тайбурулга окшогон,
Тарбайган арча көрүндү,
Ошону кайрай жармашып,
Баары жөнөп калышты,
Этек колдон кармашып.
Абай кылып караса,
Кыбыланы баштанып,
Оң мүрүсүн жазданып,
Эки бети нурданып,
Карап турса Семетей,
Уктап жаткан немедей,
Карап турса кызарып,
Болжоп турса бозоруп,
Төрт кубулуп көрүндү.
Көргөндөр көөнү бөлүндү,
Каныкейди караса
Тегеренип жүгүрүп,
Чымындай жаны чыркырап,
Тизеси жерге бүгүлүп.
Ал аңгыча Байтайлак
Сөзүн айтып баркылдап,
Ачууланып шартылдап:
«Кокуй эне нетесин,
Сен канетип кетесиң,
Шейит өткөн балаңды,
Дагы азапка саласың.
Минете берсең энеке,
Бир балаага каласың,
Бирин-бири тыйышып,
Ыйлаган ыйын коюшуп,
«Тирүү экенин билели,
Же өлгөнүн анык көрөлү!»
Маңдай жагын караса
Ак шумкардай болкоюп,
Кадимкидей койкоюп,
Боз ала таш болуптур.
Сүрөтү туруп калыптыр.
Андай мындай караса,
Кыбыланы бет алып,
Жаткан экен комдонуп,
Каран калган Кумайык
Кандай айтса ылайык,
Турган экен белгиси,
Баргандар келди көргүсү.
Эми келди башына,
Семетейдин кашына.
Тегерене басышып,
Ар белгисин табышып.
Өөдө кылып көрсөкбү,
Же өңөрүп үйгө барсакпы?!
Жакын келип тыңшаса,
Бүгүн өлгөн эмедей,
Былк этпеди Семетей,
Буту, колун кармаса
Уктап жаткан кишидей,
Таңкалышып турушту,
Көргөн мындай ишенбей,
Күн аптабын жетирбей,
Тайбуурул турат көлөкө,
Бөрү, жору келтирбей,
Кумайык менен Акшумкар,
Кайтарып турат бул экөө,
Төгүн чынын ким билген,
Оболкунун сөздөрү,
Жомокчулар айтышат,

Көргөнү жок көздөрү
Ал аңгыча Семетей
Муруттары чычайып,
Оозу, мурду былкылдап,
Өөдө болду шылкылдап,
Кыбыланы каранып,
Сакал сурут таранып.
Ар кайсы жерин оңдонуп,
Кыбыла жакка комдонуп,
Бир аз сүйлөп үшкүрүп:
«Көбүрөөк уктап калыпмын
Жарыкчылык дегенди,
Такыр көрбөй калыпмын.
Ошону айтып күбүрөп.
Ичинен доошу дүңгүрөп.
Булар менен иши жок,
Же сүйлөшкөн сөзү жок
Маңдайында Канықей,
«Кагылайын Семетей,
О, айланайын Семетей.
«Эмне болду сага дейм,
Кебиңди айтчы мага дейм!!»
Кеп сураса үндөбөйт,
Буларды сен ким дебейт.
Баары катар турушуп,
Ортосуна алды эми.
Буту, колу чоюлуп,
Эки көзү коюлуп,
Дагы жатып калды эми.
Кыбыланы баштанып,
Оң тарабын жазданып,
Дагы жатты дым чыкпай.
Ошобойдон унчукпай,
Жана доош чыкканы.
Доошту баары укканы:
«Куруп калган Канықей,
Сенин балан, Семетей
Шейит өлгөн адамдыр.
Керели кечке бой-боздоп
Бул кылыгың жамандыр!»
Турушну баары үшкүрүп.
Ары-бери байпаңдап,
Басалы деп тайтаңдап,
Ачып көздү жумгуча.
Карап турган Семетей
Кайып болуп жок болду.
Карап турган арчасы,
Көргөн белги канчасы,
Баары бирдей жоголду,
Минетип иши оңолду.
Алакан жазып, кол ачып
Бата кылып салышып,
Кайра тартып калышып,
Ат -атына мини шип,
Кайта жолго киришип,
Ал түнү анда жатышып.
Эртесинде кайтышып,
Конуш -бирге жакшысын,
Кол бийлеген кашкасын,
Кожо, молдо чогултуп,
Арбакка куран окутуп,
Бурак аттар токутуп,
Карып менен мизгинди
Баарын жыйып тон берип,
Кол кайырды мол берип.
Казына оозун ачтырып,
Аябастан чачтырып.
Аргын, ногой эки журт
Күлчоро келип оңолуп,
Күйдүргү душман жоголуп.
Айчүрөк келип оңолуп,
Азаптуу душман жоголуп,

Сейтек келип оңолуп.
Серпишкен душман жоголуп
Каныкей, Бакай оңолуп,
Каардуу душман жоголуп.
Сүлөөсүндөй тебетей
Ыргап жатып калышты,
Семетей, Манас барындай
Жыргап жатып калышты.
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Жайлап жатыл калышты.
Жай алышып жандары
Жайнап жатып калышты.
Манастан калган кең Талас,
Конуп жатып калышты.
Семетей, Манас барындай
Оңуп жатып калышты.
Эр азамат, боз балдар
Кунан минип, куш салып,
Кутуруп ойноп даң салып.
Ордону салып атышып.
Ойноп, күлүп жатышып.
Тогуз коргоол салышып.
Топ таш чакмак алышып,
Адырдан аркар атышып.
Аңгемеге батышып,
Будурдан бугу атышып,
Буруксуп ойноп жатышып.
Эриксе элик атышып,
Эркин ойноп жатышып.
Эчки, теке-кийигин
Эгиздин издеп бийигин,
Өзөндү бойлоп конушуп,
Өз алдынан болушуп.
Кууга кушту салышып,
Куу алдырып алышып,
Казга кушту салышып,
Каз алдырып алышып,
Башынан кетти балаасы
Базар кылып турганы
Анжиян, Ташкен калаасы.
Жылгындуу Кен-Кол, Таластын,
Талында – булбул таңшыды,
Таңыркап муңдуу жашыды.
Токойдо булбул сайрады,
Толукшуп гулдөр жайнады.
Торгойлор сайрап жыбырап,
Курт, кумурска кыбырап,
Чалчыкта бака чардашып,
Жан-жаныбар жардашып.
Суучулдар чабак урушуп,
Суудан балык тутушуп,
Дыйкандар эгин салышып,
Кур болуп калган бул жерден
Эгиндин калып алдында,
Береке таап калышып.
Күлчоронун зайыбы,
Өзүнүн аты Акбала,
Жамгырчы кандын кызы экен,
Оймоктуудап уз экен,
Күлчоро колго түшкөндө,
Чачыкейдин колунда.
Аш бышырып, үй кармап,
Кызмат кылып туруптур.
Күлүсүнөн айрылып,
Артыкча зарлап жүрүптур.
Акылы тунук Акбала
Күлүс келип оңолул,
Күйүттүн баары жоголуп,
Кайгысы кетип чачылып,
Кабагы күлдөй ачылып.
Арстан Манас тукуму
Өлгөн сайын өөрчүгөн,

Өзүн Кыдыр ээрчиген,
Түгөндү десе түтөгөн,
Түбүнөн Кыдыр даарыган,
Түбүнөн кайра күчөгөн.
Душманды оттой каарыган,
Азирет Кыдыр даарыган,
Атышкан жоону каарыган.
Тукумунан укуму,
Туйлап чыккан башынан,
Арбак конуп башына,
Аттары чыккан жашынан.
Антип-минтип отуруп,
Арадан үч жыл өтүптүр.
Бала Сейтек толукшуп,
Он беш жашка жетиптир.
Он беш жашы билинип,
Оендун өзү болгону,
Эл көзүнө илинип.

СЕЙТЕКТИН ҮЙЛӨНҮШҮ

Бир күндөрдүн өзүндө,
Абакең, Бакай, Кызылсарт.
Каныкей каныш Айчүрөк,
Күлүстөнү Күлчоро
Кеңеш кылып бул бешөө.
Кеңеш кылып калышып,
Кепти ортого салышып,
Ушу Сейтек балага
Зайып алып берүүгө.
Ар кандай иштер болсо да,
Бет алдында көрүүгө,
Журттан тандап кыз издеп,
Оймоктуудан уз издеп,
Калыңды кабат берсек деп,
Жакшылык менен жамандык
Өз тушунда көрсөк деп,
Кеңештерин бүтүрүп.
Калың журтту кыдырып.
Кыз издөөгө күтүнүп.
Эми Чүрөк кеп айтат:
«Абакем Бакай ак жолтой,
Акылман аяш Кызылсарт,
Олуя заада энекем,
Күлүстөнүм Күлчоро,
Уккула сөзүм – деп айтат.
Атам кандын жеринде,
Ордолуу Ооган элинде,
Атамдын жакын тууганы
Ороз кан акем бар эле,
Касийеттүү жан эле,
Ошонун кызы Урпейим,
Азаада туулган бала эле.
Ошого жуучу жиберсек.
Урпейим кызды имерсек.
Кыязда турган тушумда,
Жансыздан кабар жиберип,
Айттырдым эле ушунда:
«Сейтекке кызын берсин – деп,
Арбакты сыйлап көрсүн – деп,
«Берейин – деп кызымды»
Убада берген сөзү бар.
Ушу кезде Ороздун
Аман-эсен көзү бар».
Отургандар баарысы,
Жашы менен карысы:
«Андай болсо эп экен,
Ушу жакшы кеп экен».
Кабылан Күлүс, Байтайлак
Атка минди камынып,
Аттанып чыкты камынып,

Ак жолборсотой чамынып.
Беш жолдош алып бул экөө,
Кийимдердин баарысын,
Торгун тувар күрөккө.
Кубаныч кирип жүрөккө.
Таластан чыгып аттанып.
Уккан сөзүдү жатка алып,
Азык алып алты бээ,
Тойго соер тогуз бээ.
Күлчоронун мингени,
Тоорулга минер Тойтору,
Байтайлактын мингени,
Башынан берки Суркоен,
Жолго кирди каргытып,
Байтайлак, Күлүс эки оен
Беш жолдошу кашында,
Сыймык кушу башында,
Дабаан ашып, таш басып,
Түстөрү катып түн катып,
Аз гана эмес мол жүрүп,
Арада көп күн жол жүрүп,
Жет-Кайттын жетти жерине,
Жедигердин элине,
Жедигер элди бийлеген,
Жарманастын баласы,
Бозбаладай бегине.
Эки жигит чапкылап,
Бозбалага барыптыр:
«Күлчоро келип калды» – деп
Айтып барып салыптыр.
А дегенде кызарып,
Андан кийин Бозбала
Алда канча кубанып:
«Падышанын баласы,
Баатырлардын сарасы.
Баягым досум Күлчоро,
Ошо келип калыптыр,
Кудай жалгап салыптыр»,
Уккан жерден сүйүнүп.
Ыргып турду түйүлүп.
Желбеген жорго минди эми,
Желкинип жолго кирди эми.
Тоспой койсом бекер деп,
Он чакты киши чабышып,
Алдын тозо барышып,
Саламдашып көрүшүп,
Кучакташып өбүшүп,
Төрт төбөлүү көк чатыр,
Коноктору киргизип.
Сый-сыпатын көргөзүп,
Жекен дос жерден алдырып,
Баяндос мамык салдырып.
Даңканга чайды кайнатып,
Дастарконун жайнатып,
Туу байталдан сойдуруп,
Тууратып нарын койдуруп,
Арак-шарап ачкыл аш,
Адам татса болгон мас,
Байтал бээнин бал кымыз,
Баса куюп сунушуп.
Ичкендер жыргап турушуп.
Ырчылары ырдашып,
Сагынышкан баатырлар
Сөз сүйлөшүп жыргашып,
Бийчилери бийлешип,
Комузчулар чертишип,
Куудулдар сөзүн сүйлөшүп,
Карадөң менен жедигер,
Эки уруу элдин баарысы,
Эл эскирткен ичинде
Ак сакалдуу карысы,
Кардыгач менен Жарманас

Баары келип калышып,
Амандык-соолук сурашып,
Учурашып алышып,
Кара дөң менен жедигер,
Ак буудайдын унундай,
Жуурулушуп калыптыр,
Ак бөкөндүн кылындай,
Суурулушуп калыптыр.
Койлору бирге короолош,
Эгиндери ороолош,
Аш-тамагы жоролош,
Мамырчылык болуптур.
Бей-бечара момундар,
Абыдан тынчып оңуптур.
Эл бузгучтар жоголуп,
Кара дөң менен жедигер
Калган экен оңолуп.
Кара кылды как жарган
Калыс болуп Бозбала,
Жалганчы менен бузуктан
Алыс болуп Бозбала,
Айткан сөзү аткан ок
Бадыл болуп Бозбала,
Кыйшык жолго баспаган,
Адил болуп Бозбала.
Тындырып элди салыптыр,
Кара дөң менен жедигер
Бир тууган болуп калыптыр.
Алыстан барган эрендер
Беш, алты күнү эс алып,
Өөрүүн болуп жатышып,
Бозбаланын колунан
Ар түрдүү даамды татышып,
Бозбалага Байтайлак,
Келип калган ишинин,
Жөнүн айтты баяндап.
Байтайлактан кеп угуп:
«Семетейдин Сейтеги
Эрешен тартып эр болуп,
Эл уулу менен тең болуп,
Толуп калды» – деп угуп.
Жуучулукка Орозго
Келгендигин бек угуп,
«Өзүм бирге барам – деп
Барбай кантип калам – деп
Барбасам болор жаман» – деп.
Суксур моюн кара жал,
Билериктүү сур аттан,
Баары бирдей кур аттан,
Макмал жүндүү кап-кара,
Баары текши кара аттан,
Бир жеринде буруу жок
Тийген күндөй сары аттан,
Буурул, күрөң, торудан,
Чаңкай боз менен чаардан,
Жээрде менен куладан,
Тогуздан атты окшотту,
Даярдатып топтотту.
Кызыл куйрук нарлардан
Кыркты камдап алды ошол,
Ороз канга барууга,
Токтолбой жолго салды ошол.
Көкүлүнө аттардын
Аяктай кебез байлатып,
Сарамжалдын баарысын
Бирин койбой жайлатып.
Кырк киши болду баарысы,
Жашы менен карысы,
Алдынан кетти кабарчы:
«Кудалар келе жатат» – деп
Куда башы Жарманас,
Жетип кабар салыптыр,

Ороз канга кабарчы.
Кабарчыдан кеп угуп,
Аргын менен ногойдон
Байтайлак, Күлүс баш болуп
Кудалар келет деп угуп
«Кудалар келет экен – деп,
Тоотпогон өңдөнүп,
Турушубуз бекер» – деп
Ороз кан өзү ат минип,
Аялдабай бат минип,
Сар кердеси сандан көп,
Ак таяктар мындан көп,
Бир жүз киши жол тозуп,
Көрүшүүгө жол кошуп,
Кудалар келди закымдап.
Бет алышты жакындап,
Аттан түшүп алышып,
Кол куушуруп боорго
Салам айтып салышып,
Амандык-соолук сур ашып,
Жүз көрүшүп куунашып,
Ороз кандын ордого
Келип түшүп калышты,
Желдеттер атын алышты,
Отуруп орун алганча,
Ону-муну кылганча,
Дастаркондор жайылып,
Албан турдуу аш келди,
Аялдабай бат келди.
Зире, шекер, шербет аш
Таткан адам болгон мас,
Казы кертип, жал коюп,
Суусалыкка бал коюп,
Ар уруу жемиш чачтырып,
Күрүчтөн палоо бастырып,
Мамык төшөк үстүндө
Коноктор жатты сулашып.
Мемиреп уктап куунашып.
Эс алышып кудалар
Жети күнү жатышып,
Ороз кандын колунан
Ар түрдүү даамын татышып,
Абыдан сыйга батышып,
Кудалардын келгени
Жетинчи күнгө толуптур.
Зеригип тынып кудалар
Кайтар маалы болуптур.
Ороз кан кийит камдады,
Баш-аягын жамдады.
Торгул, тувар барчадан,
Булум, бута, дүрүйө,
Толуп жаткан канчадан,
Макмал менен манаттан,
Кымкап менен дейилде.
Алда канча кабаттан
Суп тондон жүздү кийгизди,
Султандыгын билгизди.
Алакан жайып, кол ачып
Бата кылды баарысы,
Ак тилекке келишкен
Көпчүлүктүн баарысы.
Кош айтышып кудалар,
Кайта чыкты аттанып,
Көңүлү тынып шаттанып,
Азгана эмес мол жүрүп,
Арада канча жол жүрүп,
Жетти Талас жерине,
Тынчып оңуп жайланган.
Аргын, ногой элине.
Байтайлак менен Күлчоро
Ооганга барып кайтканы,
Орозго куда болгонун.

Аргын менен ногойго
Төкпөй-чачпай айтканы.
Абасы Бакай карысы,
Бири калбай угушту.
Аргын, ногой баарысы.
Арстан заада Күлүстун
Ар кылган иши бир башка,
Адамзаттык жагынан
Ааламды баккан көй кашка.
Аргын, ногой эки журт
Ата уулунан бөлүнүп,
Аныктап көзгө көрүнүп,
Кеңеш кылып калышып.
Кепти ортого салышып:
«Ороз кандын алдына
Куда болуп мал айдап,
Кандай жол менен барабыз
Барып кызын алабыз».
Анда Бакай мындай дейт:
«Менин сөзүм кандай – дейт,
Бир миң кур ат, он миң кой
Калың малга айдайлы,
Ороз кан көөнүн жайлайлы.
Атан төөдөн бир жүздү,
Ак жамбыдан бир миңди,
Барып калың берели.
Башка келген сөөлөттү,
Өз тушунда көрөлү.
Дүнүйө болсо табылар,
Өлбөй жүргөн эр киши
Ар бир ишке кабылар.
Тойго токсон бээ болсун.
Тогуз жүз чаркар ирик болсун,
Күрүч менен жер жемиш,
Жүз атанга жүктөлсүн!»
Кан Бакай айткан бул сөзгө,
Макул болду баарысы,
Жашы менен карысы.
Ак боз бээден алдырып,
Аргын, ногой чуркурап
Ай туякка чалдырып.
Ак боз бээни сойгону,
Аппак майга тойгону.
Алакан жайып, кол ачып
Бата кылып койгону.
Семетейден калган мал
Канчоро канкор жутуптур,
Аябай кол салганда
Көптүгүнөн түтүптүр.
Күлчоро, Сейтек келгенде,
Кайтадан өсүп толуптур,
Калыбындай болуптур.
Казына оозун ачтырып,
Четинен алып жамбыны
Атандарга арттырып,
Кан айткан калың мал,
Четинен бөлүп айдатып,
Баргандын ичин майлатып,
Аргын, ногой жамдалып.
Урук-урук болушуп,
Кошумча малдар камдалды.
Ага уулдан кудага
Отуз зайып, жүз эркек
Азыр болду баарысы.
Куда башы болгону
Букардан келген Кызылсарт,
Ак сакал Бакай карысы.
Малчылар малын айдашты,
Ар сарамжал баарысын
Баарын текши камдашты,
Кудагый башы болгону
Кан Бакайдын Барча жан.

Канықей менен Айчүрөк,
Акбала болуп жолдошу,
Ар качандан бир качан
Тайгылар жерде болжошу.
Ак тилекке мал айдап,
Агарып ичи кез жайнап,
Калың малдын баарысын
Жолго салып айдатып,
Жердин жүзүн жайнатып,
Жөнөштү Ооган жерине,
Ороз кандын элине.
Кудалар бармак болду» – деп,
Алдынан кетти кабарчы,
Ашыгып жетти чабарчы.
Кабарчыдан кеп угуп,
Кудалар келет деп угуп,
Бирмиң киши козголду,
Утурулап жол тозду,
Утурулап келишти.
Салам айтып баарысы,
Кол кармашып көрүшүп.
Айдалган малдар дүңгүрөп,
Жер көчүрүп күңгүрөп,
Кудалары белсенип,
Жорголору теңселип.
Камдалып койгон ордого,
Баарысы кирди ошого.
Ак ордого киришип,
Орун алып жайланып,
Конок аш менен чайланып,
Коноктордун алдына,
Баяндос мамык салдырып,
Жарыкка чырак жандырып,
Башына жаздык коюлуп,
Чарчап келген кудалар,
Уйкуга кирди баарысы
Колу, буту чоюлуп.
Уктап уйку канышып,
Чоң шашкеде турушуп,
Бет, колдорун жуушуп,
Аш-тамака тойгон соң,
Бата кылып койгон соң,
Кан Бакай сөздү баштады,
Түйүндүү сөздүн баарысын,
Калтырбай сөздүн баарысын,
Калтырбай айтып таштады.
Кан Бакай сайрап кеп айтат:
«Кан кудам Ороз – деп айтат,
Алдыңа келдик мал айдап,
Батын бузбай жай айдап.
Топтогон малды сойдурам,
Калың журтту чакырып,
Тоюма мыкты тойдурам.
Ооган-Мыргап атагы,
Жер сеники Ороз кан,
Ушу жерди жердеген
Эл сеники Ороз кан,
Тоюңду союп камдагын.
Кылар ишиң жамдагын».
Айта турган сөздөрүн,
Кан Бакай айтып таштады,
Кан Ороз кан камынып,
Калың кара элине,
Жарлык кыла баштады.
Ак ордосун тиктирип,
Сарамжалдын баарысын,
Шайдоот кылып бүтүрүп,
Тоюна толкуп эл келди,
Толкуган дайра сел келди.
Ала-Тоодой эт болду,
Ала-Көлдөй чык болду.
Тойго келген көпчүлүк

Четин ойбой жык тойду.
Ырчыларын ырдатып,
Тойго келген көпчүлүк
Текши баары жыргашып,
Карып-казар тоюнуп,
Кайгылары жоюлуп.
Отуз күнү ойнотуп,
Таамай кырк күн кыңшытып,
Кыдырата шимшитип,
Тамаша менен таң атып.
Күлкү менен күн батып.
Урпейим кыздын ак ордо,
Акордону тиктирип.
Бар шайманын бүтүрүп,
Ак ордо жайы ушундай
Ар шайманы табылган,
Ак манат менен жабылган.
Боолорун жибек чалдыргын,
Көргөндүн көзүн талдырган.
Ороз кан кызы Урпейим
Аткан таңдай кылайып,
Алкым эти булайып,
Күлсө күрөктөй тиши кашкайып,
Күзгүдөй бети тастайып,
Күймөлсө жыпар жыттанып,
Айтылып жүргөн нур кызы,
Андай болот ким кызы.
Карангынын жылдызы.
Кадимки бейиш нур кызы.
Жабык баштын жээгине,
Беш карыш кундуз карматкан,
Таң калтырып ак ордо,
Көпчүлүктү жардаткан.
Жыгачын кооз сырдаган,
Чийлеринин баарысын,
Түр жибек менен чырмаган,
Каалгасы сом калай,
Салтанаты бир далай,
Торгуй, тувар асылдан,
Башайы менен барчадан,
Кырк кертим жүктү жыйдырып,
Сейтек менен Урпейим
Молдого нике кыйдыртып.
Бирмиң ичик баш кылып,
Жана берди Ороз кан.
Беш миң сарпай, кийитти,
Санаасы бузук душмандын
Ичине салып күйүттү.
Ак ордону бүктөтүп,
Атан нарга жүктөтүп,
Жебилгеси жер чийип,
Жеке сан үнү баш жарып,
Дабышы кетти таш жарып,
Жердин бети союлуп,
Аттанып чыкты Урпейим
Ак маралдай чоюлуп,
Аз гана эмес мол жүрүп,
Арада канча жол жүрүп,
Келип тушту ордого.
Кең Таласта коргонго
Ордону тикти жанаша,
Өң жаштардын баарысы
Оюн-күлкү тамаша,
Таң-тамаша болушуп,
Отко кийрүү тоюна,
Кыйла малдар союшуп.
Аргын менен ногойдун
Жыргалы башка күч болуп,
Самаган колго туш болуп,
Атыш кылган душмандар
Өзүнөн өзү мыш болуп,
Аргын, ногой кеңешип,

Акылдарын теңешип,
Арабыздан бир эрди
Кан көтөрүп алсак деп,
Акылдашты баарысы.
Эл эскирткен акылман
Кары-жаштын баарысы,
Калың кара көпчүлүк,
Бакайдын уулу Байтайлак,
Кандыкка аны каалашты,
Кан болсун деп баалашты.
Байтайлакты көтөрүп
Ак кийизге салышты,
Калың кара көп элди
Жети жолу айлантып,
Кандык тактын үстүнө
Олтургузуп калышты.
Байтайлак элге кан болду,
Кандыгы журтка даң болду.

КАРА ДӨӨНҮН УРУШУ

Индистандын четинде,
Жеркен жаккы бетинде.
Кара дөө деген шер болуп,
Беттешкендин баарысын
Оруну кара жер болуп.
Чайнарына таш таппай,
Кесерине баш таппай,
Уруша турган эр таппай,
Барарына жер таппай,
Өтөрүнө чөл таппай,
Ашарына тоо таппай,
Атыша турган жоо таппай
«Жердин жүзүн чалсам – деп,
Жетик олжо тапсам – деп.
Тоону бузуп жол салсам
Толкуган элге кол салсам!»
Деп ойлонуп Кара дөө
Кара боюн күүлөнүп,
Каарданып сүйлөнүп,
Кара дөө жатты ушундай.
Даш казандай башы бар,
Кере карыш, беш эли
Маңдайында кашы бар.
Чөйчөктөй эки көзү бар,
Кебетеси эң жаман
Адамдан башка өзү бар.
Кыл чылбырдай чачы бар,
Отузга келген жашы бар,
Карагайдай бою бар,
Ай-ааламдын баарысын
Аламын деген ою бар.
Кылычы келет кырк кулач.
Кыйрына келбей оолак кач.
Үйдөй чокмор колунда,
Каарданган каапырдын
Адам турбайт жолуна.
Балтасынын жазысы
Каалгадай эни бар.
Жер жүзүндө дөөлөрдөн
Кай жеринде кеми бар.
Тырмактары араадай,
Муруттары барадай,
Сулп темирден кийинген
Жоо дегенде сүйүнгөн.
Кериктен башка минбеген,
Керишпей бекер жүрбөгөн,
Кармашканды койбогон,
Беш камандын этине
Бир жегенде тойбогон,
Арактан ичет үч күптү.

Ал өңдөнгөн капырга
Алышып кандай дөө түттү.
Бет алганын Кара дөө
Алып турган кезинде,
Жер жүзүнө аламат
Салым турган кезинде.
Обурагы кылымды
Басып турган кезинде,
Бет алганын талкалап,
Чачып турган кезинде.
Кабардан кабар кеп угуп,
Кара дөө капыр эми угуп,
Ак болоттун тукулу,
Ай-аалам бас келбеген.
Арстан Манас тукуму,
Көк болоттун тукулу.
Көп душманын кыйраткан
Көк жал Манас тукуму.
Кең Таластын жеринде,
Аргын, ногой элинде.
Аты Сейтек чыкты деп.
Алыша чыккан жоолорду
Аңгекке башын тыкты деп,
Эрдин көбүн сойду деп,
Кара көзүн ойду деп,
Кандарын ичип тойду деп,
Жедигердин Кыязды
Алам саатка жеткирбей,
Алмадай башын алды деп,
Апарып орго салды деп,
Жедигерди тепседи,
Азууга салып кепшеди,
Жедигерди жапырды,
Жет-Кайттын жерин сапырды.
Беттешкенди жеңгени,
Бет алганды эңгени,
Ала-Тоону талкалап,
Жол кылганы көрүндү,
Алышканда душманды,
Кор кылганы көрүндү.
Кайра чыкпас мөңкүсө
Айланасын темирден
Тор кылганы көрүндү,
Маңдайынан арылгыс,
Шор кылганы көрүндү,
Ордо кылып отурат,
Чоң бабасы шер Манас
Манастан калган Таласты,
Жер жүзүндө алп-дөөлөр
Сейтекке кайдан жанашты.
Кабарын угуп күйүндү,
Камандай болгон Кара дөө
Каарын жыйып боюна
Кабыландай түйүлдү.
Каарданып бакырды:
«Азыр чогул кашыма!»
Калың элин чакырды.
Кара дөө мындай дегенде,
Желдеттери ат минип,
Аялдабай бат минип.
Калкка кабар салганы.
Тополоңун тоз кылып,
Уюп жаткан көп колду
Көздөрүн ачып умачтай,
Токтотпой айдап алганы.
Келди колу бүгүлүп,
Кара дөөнүн алдына
Таазим кылып жүгүнүп.
Келип карап турганы,
Каарданган Кара дөө
Каарданып сөзүн урганы:
«Мен Кара дөө болгону,

Беттешкен дөөлөр оңбоду,
Беттешкенди койбодум,
Кандарын ичип тойгомун.
Алышканды алганмын,
Ала-Тоодой дөөлөрдү
Азапка башын салганым.
Керишкенди кем кылдым,
Керише келген жоолорду
Ичтерин толгон дем кылдым.
Олжо кылдым малдарын,
Ойрон кылдым жандарын,
Оодардым дөөнүн чанданын,
Кабарчыдан кеп уктум,
Кадимки Манас тукуму,
Кең Таластын жеринен.
Аргын, ногой элинен.
Сейтек чыкты деп уктум.
Беттешкен дөөнү алды дейт,
Жедигердин Кыязды
Кайсооруна келтирбей,
Өлүм кылып салды дейт.
Беттешкенди жыкты дейт,
Баатырлыгы Сейтектин,
Манастан да мыкты дейт,
Ошо Сейтек баатырга
Беттешейин деп турам.
Уктай албай өзүм мен
Кайгы-убайым жеп турам.
Таласын талкан кылайын,
Талкалап жаным тынайын,
Малдарын олжо кылайын,
Баары журтун кырайын,
Токтолбостон баралы,
Ала-Тоодой болсо да
Томкоруп жерге салалы!»
Мына мындай сөз айтып,
Айдап колун жөнөлдү.
Кой барбаймын дей албай,
Калың кара кошуну
Аттанып алып жөнөлдү.
Каары катуу Кара дөө
Аркасынан өмөлдү.
Доолбасын урдуруп,
Сурнай кулак тундуруп.
Азаба туулар калкылдап,
Мылтыктын огу тарсылдап,
Жөнөп калды көп кошун
Жолго түшүп шартылдап.
Касыреттүү Кара дөө
Керикти минип камынып,
Ач арстандай чамынып,
Колундагы кармаган
Бир карагай найзасы,
Ар кандай баатыр болсо да
Акыры кетет айласы.
Шамал чыгып оозунан,
Өрт жалын чыгып көзүнөн,
Мингени тоодой кара керик,
Барбайбыз деп айтууга
Кол-кошунда барбы эрк.
Түмөндөгөн кол менен
Жердин жүзүн чаң кылып,
Көргөн жанды таң кылып,
Айдап алып жөнөдү.
Алдынан чыккан адамды
Байлап алып жөнөдү.
Кетенчиктеп тартынса,
Жайлап алып жөнөдү.
Таласты чабам деп келди,
Жолуна туура келгенди,
Убалына карабай
Азык кылып жеп келди.

Каарданган Кара дөө
Азгана эмес мол жүрүп.
Тыным алып жол жүрүп,
Жеркенди өттү жемирип,
Каарын төгүп Кашкарга,
Кайсап өттү кемирип.
Азык кылды чоп-чогуу
Эгин менен малдарын,
Кайра айткан жан болсо
Өлүм кылды барларын.
Анжиян түшүп Кара дөө,
Анжиянды жапырды.
Чаң асманын чыгарып
Талкалап кирип сапырды.
Союш кылды малдарын,
Союп салды жандарын.
Ороодон эгин ачтырып,
Оңолбогон Кара дөө
Олжого алды дүйнөнү,
Ою менен таптырып,
Талап олжо кылдырды,
Беш көкүлдү кыздарын,
Татытты абдан туздарын.
Айры өркөчтүү төөнү алды,
Сүрөктөн койбой бээни алды,
Саанга койбой уйду алды,
Соерго койбой койду алды:
Кызмат Кылып берүүгө,
Азаматтан бойду алды.
Бет алганды жапырып,
Анжиян менен Кашкарды
Астын үстүн сапырып,
Анжияндан жөнөдү,
Чаткалды ашып өтүүгө.
Ашып өтүп Чаткалды,
Таласта, аргын, ногойдун,
Түбүнө чогуу жетүүгө.
Сейтекти кармап союуга,
Кара көзүн оюуга,
Каары катуу Кара дөө
Чаткалга келип конгону.
Саадактын огун жонгону,
Сандаган малды кырдырып.
Канды булоон болушуп,
Жатып жыргап оңгону.
Кезиккенди карматып,
Кесиреттүү Кара дөө
Кесирдүү чырын арбытып.
Атын олжо кылдырып,
Жазыксыз жүргөн байкушту
Минтип жанын тындырып.
Тил түшүрүп салат деп,
Тил түшүп калса кокустан,
Аргын, ногой камынып,
Тозо чыгып сайышып,
Тополоңду салат деп.
Туйгун басып калууга,
Аргын менен ногойго
Туюнтпай ойрон салууга.
Бир жума жатты тыңданып,
Кара боюн чыңданып.
Ашуунун баарын тоздуруп,
Айласын мыктап оздуруп,
Кара дөө жатты камынып,
Карк алтындан куйдурган
Буттарына табынып.
Муну мындай таштайлы,
Аргын менен ногойдун
Алда эмине кеби бар,
Андан кабар баштайлы.
Аргын, ногой эки журт
Кара боюн чыңданып,

Жоо-жарагын тыңданып,
Найзаларын учташып,
Кылычтын баарын курчташып,
Ак бараң мылтык түздөшүп,
Атышар жоону күзөшүп,
Тулпарларды тапташып,
Туйгун Бакай карынын
Айткан сөзүн жатташып.
Бир күнү Бакай ойлонуп,
Боюн күүлөп оңдонуп,
Эрте туруп кан Бакай
Өзүнөн өзү чочунуп,
Көк тулпарды токунуп.
Жарактарын салынып,
Баарын чогуу камынып,
Орто Кең-Кол оюнан
Аттанып чыкты абакең.
Кең Таластын боюнан
Бөксөлөп Бакай келгени,
Үч-Кошойдун бийик тоо,
Көк тулпарды аргытып,
Салып чыгып калганы.
Бурамалуу чоң дүрбү
Бурап колго алганы.
Абакеңиз эр Бакай
Анжиян багыт карата
Дүрбү салып калганы.
Дүрбү салып караса,
Ажап кызык тамаша,
Чаткал тоонун нар жагы,
Анжиян багыт бер жагы,
Айдай сары талаада
Түмөндөгөн кол көрдү,
Түпөктүү жашыл туу көрдү,
Акыл жеткис кол көрдү,
Айгайлаган чуу көрдү,
Азаба желек туу көрдү,
Асман жарган дуу көрдү,
Аныктап байкап караса,
Анжиян, Кашкар эл эмес.
Кара кытай-манжуурлар
Туура жактан айланып,
Каптап келер кези эмес.
Ыраңдары башкача
Алыстан келген кол окшойт,
Ага калса капталып,
Азаптуу элдин шору окшойт.
Ичинде Кара дөө жүрөт,
Туткун болуп далай жан,
Отун алып, от жагып
Кыйла адамдар жөө жүрөт,
Артынган олжо сан жетпейт,
Айдаган малга кам жетпейт,
Анда ойлонот абакең:
«Бейкут жаткан бир элди
Ушу жаткан калың кол
Төбөсүнөн баскам бейм,
Төрт түлүгүн чачкан бейм,
Төшүнө казан аскан бейм,
Эсебин чогуу тапкан бейм,
Эңшерип кирип чапкан бейм,
Акыры болду бол боду,
Бул колдун иши оңбоду.
Таласты беттеп ашууга,
Аргын менен ногойду
Сапырылтып чачууга,
Бет алып келген кези бейм,
Беттешер жоонун өзү бейм».
Аны ойлонуп кан Бакай,
Аптыга түштү бир далай.
Карап туруп кан Бакай,
Калтырай түштү бир далай.

Аргын менен ногойго
Жеткире кабар салууга,
Бейкут жатып албастан,
Камынып келген душмандын,
Алдынан каршы барууга,
Көк тулпарды каргытып,
Акылман Бакай абакең
Ак сакалын жаргытып.
Абакең келди ордого,
Бак, баксалуу коргонго.
Кабар берди калкына,
Кара, төрө жалпыга:
«Айтканымды туюнчу,
Аргын, ногой көп журтум,
Акыл-эсиң жыйынчы,
Кара тааңдай эл келди,
Каптаган кыян сел келди,
Калың кара кол келди,
Кара курттан мол келди,
Керик минген дөө келди,
Кенебей жатып албаңар
Кесиреттүү жоо келди,
Керик минген эр келди,
Керишерге кез келди!»
Деп ушундай сөз айтып,
Кабарды катуу салды ошол.
Абаңдан кабар укканда,
Аргын, ногой ошондо
Сапырылып калды ошол.
Бала Сейтек, эр Күлүс
Кышкы суук шамалдай
Каар жүзүнө айланып.
А дегенде ме деген,
Жоо дегенде жатпаган,
Бөрк ал десе баш кескен,
Суу төк десе кан төккөн,
Кандагайды шымданып,
Жоо дегенде шаңданып,
Муздай темир кийинип,
Буттай темир курчанып,
Кызыл өңү сур чалып,
Кылкандай найза колго алып,
Берендер чыкты жол алып,
Алты сан кара кол менен,
Аз гана эмес мол менен,
Ногойдон калган кызыл туу
Асманды көздөй сайылтып,
Кармады тууну Бакай кан.
Душманга беттей барууга
Атпай эл эми болду жам.
Аттанып чыкты күңгүрөп,
Жер жарылып дүңгүрөп,
Чаткал тоону ашканы,
Ашып түшүп калың кол
Айдай сары талааны,
А дедирбай басканы.
Карааны колдун көрүндү.
Көргөндө көөнү бөлүндү,
Күлчоро, Сейтек камынып.
Ач арстандай чамынып,
Ажыдаардай октолуп,
Тура албастан токтолуп,
Добулбасты урдуруп.
Сурнай кулак тундуруп,
Найзанын учу чабышып.
Адамдын башы кагышып,
«Манас-Манас» – бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Кара дөө колун каптады.
«Капыстан кандай жетти?» – деп,
Кара дөө башчы калың кол
Акылынан шашканы.

Чакчылекей будуң чаң
Аттарына камынып,
Аттанышып жабылып,
Бет алышты эки кол.
Беттешип майдан курган жер.
Айдай талаа жер ошол,
Көңгөй дөө деген бир баатыр
«Жеке-жеке-жеке» – деп,
Жекеге чыгып келгени,
Келгенин көңкү көргөнү.
Каарданган Көңгөйдүн,
Колундагы күрсүсү,
Алачыктай чоюн баш,
Үксөйүп башка чыккан чач.
Кырк кулач найза сундуруп,
Кыйкырык кулак тундуруп,
Он кулач кылыч байланып,
Ободогу булуттай
Оодарылып айланып,
Үнү күндөй күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Керигин минип күүлөнүп.
Кесиреттүү чоң Көңгөй:
«Келгин бачым жеке» – деп
Каарын төгүп сүйлөнүп.
Качыргандан кайтпаган,
Камандан таалим алган кул.
Сайган жоону ныктаган
Билеги күчтүү балбан кул,
Кирпик ирмеп, көз жумбас
Семеңден таалим алган кул,
Караганы илбирстей,
Кайсаганы албарстай,
Качырганы жолборстой,
Тоо торуну, моюндап,
Томогосун коюндап,
Арстан Күлүс качырды.
Сыр найзаны сындырып,
Доошу кулак тундуруп,
Эки көзүн ирмебей,
Алдыңкы ээрдин кашы деп,
Как жүрөктүн башы деп,
Өлөр жериң ушу деп,
Жандын үйүн туштады,
Жан жүрөккө муштады.
Бир сайгандан чыгарбай.
Көмө коюп таштады.
Будаланып жатканда,
Сууруп кылыч алды эми,
Башын кесип салды эми.
Керик туйлап мойноду,
Аныдагы Күлчоро
Аман тирүү койбоду.
Ач албарсты имерди,
Башын чаап жиберди.
Кара дөөнүн ошондо
Айкырык үнү таш жарып,
Кыйкырык үнү баш жарып:
«Жекеге Боотай баргын, – деп,
Барып сайып келгин – деп
Келбес болсо кубатың,
Өлүп алгын тынгын» – деп.
Барбаймын деп айталбай,
Кара дөө сөзүн кайтарбай,
Кара керик минип камынып,
Каарданып чамынып,
Текши темир кийими,
Узундугу болжолсуз
Мунарадай бийиги,
Колунда үйдөй чоюн баш,
Найзасы бар кырк кулач.
Качырып кирди бу дагы,

Эми келди баатырлар
Карсылдашар убагы.
Бала Сейтек турбастан,
Боотайга беттеп барууга,
Майданда сайыш салууга,
Ажал жетсе өлүүгө,
Башка келген кандай иш
Учурунда көрүүгө:
«Уруксат бергин абаке,
Жаштык менде канаке?!»
«Барсаң балам баргының,
Кайраттанган капырга
Барып сайыш салгының.
Атадан уулу туулмак бар.
Адам болор азамат
Ата жолун куумак бар.
Барба деп тыйып нетейин,
Арстан Манас барындай.
Тобокелден айрылба
Дүйнөдөн Бакай өтөйүн!»
Бала Сейтек ошондо
Абасынан бата алып,
Айткан сөзүн жат алып,
Сур коенго камчы уруп,
Ак найзаны сундуруп,
Манастап ураан чакырып,
Айгай кулак тундуруп,
Боотайды беттеп жапырып,
Күрөң керикке чоң Боотай
Оңдоп-солдоп камчы уруп,
Оң-тетири теминип,
Качырып бу да жеткени.
Бет алышып эки дөө
Найза менен неткени.
Керк турат солк этпей,
Сейтек минген Сур коен
Бута атым жерге чалкалап,
Сүрдүккөн бойдон кеткени.
Мактаныч кылып Боотай дөө
Чоюн башын күүлөдү.
«Жарайын мунун өтүн» – деп,
Жаалданып сүйлөдү.
Оңолуп Сейтек алганы,
Сур коенго камчы уруп,
Жаалданган Боотайга
Качырып жетип бул Сейтек
Кайтадан найза салганы.
Ээрден арты кыйшайып,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Тоодой болгон Боотайдын
Буту кетти салактап,
Көзү кетти алактап.
Кулап кериктен кеткени,
Токтоно албай жаш Сейтек
Боотай минген керктин
Башын чаап өткөнү,
Жетип дөөнү соердо,
Өлүм кылып коердо,
Көп балбандар жеткени,
Жөлөп калган Боотайды
Башка керикке мингизип,
Аман алып кеткени.
Сейтек турду айкырып
«Сайыш кылчуу ким болсоң
Жекеге кел» – деп чакырып.
Апсалаң аттуу бир баатыр
Кара керик минип камынып,
Катуу айкырып чамынып,
Сейтек кирди бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Найзаларын сундуруп,
Эки баатыр сайышты.

Карап турган көпчүлүк
Найзалар кетти быркырап.
Асманды көздөй чыркырап,
Кылыч менен чабышып.
Кылчтары быркырап,
Чаңы колдо калышып.
Айбалта белден үзүлүп,
Сабы колдо калышып,
Жакадан муунта кармашып,
Буттарына жармашып.
Эки баатыр колуна
Кайтадан жабдык берилди,
Кайта баштан сайышып,
Астындагы көлүктүн
Белдери бекем майышып.
Айбалта башка шака-шак,
Найзалар төшкө така-так
Чоюн баш менен чабышты,
Сабы сынып анын да
Куру кол болуп калышты.
Кайта тартып калышты,
Качырып найза салышты.
Сейтектен найза жеткени,
Чоң кериктин үстүнөн
Тоодой болгон Арсалаң
Тоголонуп кеткени.
Токтолбостон жаш Сейтек
Башын кесин өткөнү.
Арсалаң жерге сойлоду,
Мөңкүп керик мойноду.
Керик мойноп жөнөлдү,
Артынан Сейтек өмөлдү,
Ылаачындай жеткени,
Мойноп качкан керик аттын
Башын кесип өткөнү.
Кара дөө турду бакырып:
«Кайта чыккын Боотай» — деп,
Жаалданып бакырып.
Керикти минип камынып,
Кайтадан чыкты Боотай дөө
Сейтек менен Боотай дөө
Жана кайта сайышты.
Качырып келип сайганда
Мингендери майышты.
Ажырашып кетишип,
Айкырышып эки дөө
Кайтадан найза нетишип,
Кабылан Сейтек күүлөнүп,
Качырып келип сайганы,
Жагалданган Боотайдын,
Талпагын ташка жайганы.
Боотай кериктен кулады,
Ооз, мурдунан кан кетип,
Кара жерге сулады.
Качырып Сейтек жетиптир,
Кулап жаткан Боотайдын
Башын кесип өткөнү.
Бакай келди бакырып:
«Эми Сейтек токто!» – деп,
Айгай салып бакырып,
Ат чылбырга жеткени,
Кайра тартып Сейтекти
Коштоп жүрүп кеткени.
Жаалы катуу Кара дөө
Өзүнүн башын койгулап,
Атып жаасын чойгулап
«Эки дөөнү сойду го
Жашканакай бир бала
Өлүм кылып койду го!»
Жаалын төгүп күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Керигине камчы уруп,

Устундан найза сундуруп,
Айгай кулак тундуруп,
Жекеге чыкты камынып,
Ак жолборстой чамынып.
Күлүстөн баатыр Күлчоро
Арстандай көзү жайнады,
Каалгадай кашка тиш
Качырата чайнады.
Ок өтпөс тонду кийинип.
Жеке десе сүйүнүп.
Жарагын кайта байланып,
Жекеге чыкты камданым,
Арбагы чыгып шаңданып,
Атка камчы салганы,
Кара дөөгө бет алып
Качырып Күлүс калганы.
Кара керткти теминип,
Кара дөө келип жеткени,
Эки баатыр токтоосуз
Бет алыша кеткени.
Найза менен сайышып.
Найзалар белден үзүлүп,
Сабы колдо калышып,
Кылыч менен чабышып,
Кылычтар кетип быркырап,
Асманга учуп чыркырап,
Чаңы колдо калышып,
Айбалта менен чабышып,
Айбалта сынып уңгудан
Сабы колдо калышып,
Кайта тартып жанышып,
Чоюн баш менен салышып,
Этектен алып тутушуп,
Эт бышымга булкушуп,
Жакалашып уучташып,
Далайга чейин мушташып,
Кайра тартып жанашып,
Кайратын жыйып боюна
Качырышып калышып,
Көтөрүп найза алышып,
Койгулашып салышып.
Кайра тартып Күлчоро,
Кара дөөдөй баатырды
Качырып келип бек сайды,
Кайсадым кулду деп сайды.
Күлүстөн найза жеткени.
Каарданган Кара дөө
Кара кериктин үстүнөн
Тоо кулаган эмедей,
Калдайып кулап кеткени.
Оңдонуп Күлүс жетерде,
Жетип башын кесерде.
Балбандар каптап жеткени,
Кара дөөнү чаптырбай
Кара керикке мингизди,
Аман алып кеткени.
Айкырып Дангыл дөө чыкты,
Адамдан башка тоо чыкты,
Астындагы Саргын ат
Аябай камчы салыптыр,
Кайраттанып артыкча
Качырып бу да калыптыр.
Ээринин кашы деп.
Как жүрөктүн башы деп,
Күлчоро барат бер жактан
Тикирейип тиктешип,
Эрдинин кесе тиштешип.
Акка кылып өкүмдү
Айкырышып жеңишип,
Көргөндөр анда таң калды.
Көөдөнгө коюп кетишти,
Коюшканы кочкордой,

Кагышканы чочмордой,
Ошондо да эки дөө
Ат үстүнөн козголбой,
Үзөңгүнү чирешип,
Төшкө найза тирешип,
Балбандык эмей неткени,
Астындагы тулпарлар
Сүрдүккөн бойдон артына
Эки бута кеткени.
Сүрдүгө түшүп оңолуп,
Тозонго кирип жоголуп,
Атына камчы салышып,
Айкырган бойдон барышып,
Кайтадан найза салышып,
Тулпардын бели майышып.
Эки баатыр беттешип,
Ат үстүндө чочоюп,
Найза төшкө тийгенде,
Астындагы тулпарлар
Отурган иттей чочоюп.
Астындагы тулпарлар
Белдери кетти майышып,
Калың кара көпчүлүк
Кантер экен булар деп,
Кабыргалар кайышып.
Камчы салды атына.
Кара санга батыра,
Каңгып дөөдөй капырга
Кабылан Күлүс болбосо,
Ким чыдаар анын баркына.
Өнөрүн жоого баштаган,
Үйдөй ташты бир чапса,
Үбөлөнтүп таштаган.
Күрсүсүн күүлөп алганы,
Күмүрөй болгон Даңгыл дөө,
Туйгун Күлүс баатырды
Качырып башка салганы.
Тогуз кабат кылдырган,
Чапканда көңүл тындырган,
Тегереги төрт кулач,
Арстан Күлүс баатырың
Калкан тозду акыры.
Күч менен найза урдуруп,
Калкан башка жабылды,
Калканга келип карс этип,
Сыртынан күрсү чабылды.
Калкандын сырты карк болот,
Болотко болот чабылып,
Туш-туш жакка ширенди
От төгүлдү жабылып.
Аны көргөн адамдар
Акылынан жаңылып.
Күркүрөшү күн болуп,
Карарышы түн болуп,
Аман калып акыры
Арстан Күлүс баатыры,
Таш көмүргө таптаган,
Как ыргайга саптаган,
Көөкөрчө кылып ийдирген,
Кыл кыялдап чийдирген,
Чагарак алтын сомдогон,
Чапкан жоосун оңдогон,
Эшик эндүү айбалта,
Имерип колго алганы,
Оройго Күлүс салганы.
Айбалта катуу чабылды,
Жаалданган Дангыл дөө
Акылынан жаңылды.
Ар тарапка жайнаган
Ширендиси жабылды.
Оңоло түшүп Даңгыл дөө
Кылычын сууруп кыйкырып,

Кыраан эрге келатыр.
Аны көрүп Күлчоро
Ач албарс колго алганы,
Кыйкырышып бири-бирин
Кылыч созуп калганы.
Кылычка кылыч чабылып,
Миздеринен кылычтын,
Кып-кызыл жалын чагылып.
Көргөндөр эстен жаңылып,
А да мылтык октоду,
Көк милтени чоктоду.
«Мергенсиген бу кулду
Оң көзүн кадай атайын,
Тамашага батайын»,
Муну ойлонуп Күлчоро,
Буда машаа имерди,
Бул экөөнүн машасы
Бир кылчалык оошпой
Казанчыкка киргени,
Көк бараң үнү күркүрөп,
Алма баштын доошун
Уккан калың кошундун
Азат бою дүркүрөп.
Мылтыктын үнү күп этти,
Экөөнүн огу дүп этти,
Жетпей октор сүзүштү,
Орто жолго түшүштү.
Жана дүрмөт салышты,
Жаалданып калышты,
Калкан жапкан бетине,
Туулганын четине,
Көк коргошун жабышты.
Көрүп турган көпчүлүк:
«Өлөт эми бирөө» деп,
Көңүлүнө алышты.
Көпчүлүк көзүн салганы,
Бир-бирине айкырып,
Ат коюшуп калганы.
Жаалданып экөө тең,
Эми салды эңишти,
«Айрып салсак экен» – деп,
Кара дөөнүн колунан,
Көп балбандар бөлүнүп,
Ат коюшуп келишти,
Аларга көзүн салганы,
Кызыл баштап жүз киши.
Ат коюшуп калганы.
«Жүз кишиси жетер – деп,
Даңгыл баатыр бул дөөнү,
Өлтүрүп салып кетер» – деп,
Кара дөө баштап калың кол,
Түп көтөрө ат койду,
«Капырды кудай урду – деп,
Каптагыла эми» – деп,
Кан Бакай үн салганы.
Аргын, Ногой көп колу
Аламан коюп калганы.
Эки жактан эки кол
Аламан коюп киргендер.
Топурак учуп асманга,
Каптады кара туман кол.
Тозоңу тоодой бурулду,
Жоосу кайсы, эл кайсы,
Ким экени билинбей,
Эки кол эпсиз урунду.
Чаң созулуп асманга,
Табылбады чоло жер
Ат аягын басканга.
Мылтыктан түтүн булады,
Мыктыдан кыйла сулады.
Айбалта башка шак этип,
Найзалар төшкө так этип,

Кыйкырып кылыч чабылып,
Кызыл кан бойго жабылып,
Кансырап эстен жаңылып,
Туу түбүнө турушуп,
Туу такандап урушуп,
Колтуктар баары чоюлуп,
Колдордун баары жоюлуп,
Этектери түгөнүп,
Ээрдип башы үбөлүп,
Эриндин баары кесилип,
Эмчектин баары эзилип,
Көздөрдүн баары тешилип,
Кол, аяктар кесилип,
Баштын көбү алжайып,
Ич айрылган жалжайып,
Баш, көздөрү кып кызыл
Тулку бойлор кан жайып,
Колу сынып кокуйлап,
Шалактаган дагы бар,
Качарына жер таппай,
Алактаган дагы бар.
Буту сынып алсырап,
Башы айрылып кансырап,
Шалактаган дагы бар.
Эси кетип эндиреп,
Элеңдеген дагы бар.
Кокус бирөө жетет деп,
Мылтык, кылыч жаракты
Белендеген дагы бар.
Чоюн тийип ууртуна,
Булчуйгандар дагы бар.
Айбалта тийип мурдуна,
Былчыйгандар дагы бар.
Найза тийип көзүнө,
Олойгондор дагы бар.
Кылыч тийип кардына,
Булайгандар дагы бар.
Кулагы түшүп кулжуюп,
Чунайгандар дагы бар.
Эчак өлүп дени сууп,
Агып каны шорголоп,
Сулайгандар дагы бар.
Урушту көрүп таң калган,
Уюган жерде кан калган,
Жылга – өзөндөн суу аккан,
Жазайылды жаткырып,
Туш-тушунан аттырып,
Шаркыраган кан чыгып,
Коркурай түшүп жан чыгып,
Азууларын аркайтып,
Астыңкы эрдин шалпайтып,
Кең соорусун даңкайтып,
Жолдо калган өлүктү,
Ат тебелеп жалпайтып.
Ат өлүгү тоо түшүп,
Муруттарын чычайтып,
Ооздорун ырсайтып,
Эр өлүгү боо түшүп,
Мылтыктарын кучактап,
Мергендер өлгөн бир мынча.
Найзаларын кармашып,
Эрендер өлгөн бир мынча.
Күрсүлөрүн жазданып,
Балбандар өлгөн бир мынча,
Караламан жүргөндөн,
Сандап өлгөн бир мынча.
Чылбырын сүйрөп ат кеткен,
Үркүп алып бат кеткен.
Бир убакта Күлчоро
Кара Дөөгө кабылды,
Капыстан ыгы табылды.
Тоо торудай тулпарга

Камчыны катуу салганы,
Кара дөө менен Күлчоро
Качырышып бир бирин,
Бет алышып барганы.
Кара Дөөнү Күлчоро
Кемер курдам алыптыр.
Тебетейдей көтөрүп,
Жерге уруп салыптыр.
Жерге тийип нан болду,
Тегереги кан болду,
Кара дөө өлдү нан болуп,
Өлгөн жери кан болуп,
Кара дөө өлдү коркурап.
Ичиндеги кара кан
Агып калды оргуштап,
Булак болуп шаркырап,
Аралашкан урушта
Ичеги, карды эшилип,
Эки көзү тешилип,
Чоң Даңгыл дөө өлүптүр,
Караңгы жайды көрүптүр.
Кара дөө, Даңгыл өлгөн соң,
Кайрылып кайта келбестен
Караңгы жайды көргөн соң.
Кара дөөнүн калган кол
Жалпы баары буркурап,
Жер көчүрүп чуркурап,
Өлгөнүнөн калгандар
Аттан түшүп камынып,
Эки колдор боорунда
Жан соогалап зарылып.
Анда Бакай кеп айтат:
«Оболтодон бер жакка,
Кескен эмес акыры
Сунуп турган моюнду.
Суурган кылыч –деп айтат,
Эми тийиш болбостур,
Тийгенде иштер оңбостур!»
Кан Бакай айтып салыптыр.
Абасы айткан акыл сөз
Аргын, ногой кошуну
Баарысы макулдук,
Макулдукка алыптыр.
Кара дөөнүн калган кол,
Бирин койбой жыйнады,
Жандарын өлүм кылбады,
Кашкар менен Анжияндан
Олжого алган малдарды,
Туткун кылып айдаган
Бошотту туткун жандарды,
Туткун болуп келгендин
Малдарын берди колуна,
Кашкарлык менен Анжияндык
Бирин койбой бошотуп,
Кайтарды баарын жолуна.
Жеңилгендин көлүгүн,
Бирин койбой өзүнө
Баарын алды колуна,
Жөө чууртуп баарысын
Аларды салды жолуна.
Кара дөөнүн колунун,
Өлгөнүнөн калганы,
Баары текши жөө кетип:
«Убалыбыз чопчогуу
Кара дөөгө» – деп кетти.
«Тынч жаткан элге кол салган
«Биздей акмак болобу?!
Биз өңдөнгөн капырды
Адам деп айткан оңобу,
Өлүктөр калды талаада,
Ит менен кушка жем болуп,
Жөө чубуруп жөнөдүк
Адамдан башка кем болуп!»

КУЯЛЫНЫН УРУШУ

Курч болоттун тукулу,
Кадимки баатыр Коңурбай,
Коңурбайдын тукуму.
Ишинде жоктур чаласы,
Кара кытай манжудан,
Кашкая чыккан Коңурбай,
Коңурбайдын баласы,
Куялы аттуу эр чыгып,
Кара кытай манжууга
Кара кулак шер чыгып,
Эрдик менен шердиги
Коңурбайга тең чыгып,
Обурагы Бээжинди
Басып чыгып Куялы.
Кара кытай-манжуудан,
Ашып чыгып Куялы,
Каптаган кыян сел өңдүү
Ташып чыгып Куялы,
Кара кытай-манжуунун,
Оруп чыгып Куялы,
Каш кайтарган ким болсо
Ажыдаардай оп тартып,
Соруп чыгып Куялы.
Каканчындын көп калкын,
Баш көтөртпөй бул кезде
Билген экен Куялы.
Жер жүзүндө адамдан,
Ким теңдешер мага деп,
Жүргөн экен Куялы.
Бет алышкан эрлерди
Сойгон экен Куялы,
Ичиндеги кара кан
Тойгон экен Куялы.
Бет алганды талкалап,
Кйсоорунга келтирбей
Алган экен Куялы.
Ар кандай дөөлөр болсо да,
Акыр заман башына
Салган экен Куялы.
Коңурбайдын өзүндөй
Болгон экен Куялы,
Жашы келип отузга
Толгон экен Куялы,
Коңурбайдын өзүнөн
Жаш калыптыр Куялы,
Акыл-эстен ошондо
Бош калыптыр Куялы,
Атасынан айрылып.
Боз калыптыр Куялы
Эрешен тартып, эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Каканчынга кан болуп,
Куялынын жүрүшкө
Каканчын-Бээжин таң болуп.
Коңурбай кимден өлгөнүн
Уккан экен Куялы,
Коңурбай жайын укканда,
Бетиндеги түктөрү
Теменедей тик туруп,
Көзүнөн жалын шыркырап.
Чыккан экен Куялы.
Өч алууну оюна
Алган экен Куялы.
Таластагы Сейтектен
Сураштырып кабарды
Билген экен Куялы.
Калабалуу дүмөктү
Кара кытай манжууга

Салган экен Куялы.
Бир куну туруп Куялы
Каарын төгүп айкырып,
Калдай, доотай, амбалдан
Бирин койбой чакырып,
Толкун жаткан Бээжинге
Катуулап кабар салдырып.
Кара кытай-манжуунун
Калтырбастан чоңдорун
Кашына жыйып алдырып.
Чакыртканда Куялы
Кара кытай калк келди,
Канча түрлүү алп келди,
Качыр минген дөө келди,
Канча түрдүү жөө келди.
Бир кулагын жамынып,
Бир кулагын төшөнгөн,
Түрү адамдан башкача,
Ит жээр менен бит жээрден
Санатына сан жетпейт,
Ар кайсысы ар башка,
Баарын колго чакырган
Куялы баатыр көй кашка.
Темир аркан тордуудан,
Текши канжар колдуудан,
Мындан келген бир илек.
Көптүгү канча экенин
Аны санап ким билет?
Чоң Бзэжиндин коргонго,
Келип толду көп кытай.
Капкасы болот, таш дубал
Куялынын ордого
Кытай кайнап толгон соң.
Көпчүлүгү кытайдын
Кара курттай болгон соң,
Эр Куялы кеп айтат:
«Калайык элим – деп айтат,
Сөз айтамын баарыңа
Кара кытай-манжуу журт
Улук, кичик, карыңа
Кабар уктум-кеп уктум.
Менин атам Коңурбай
Күн батышта буруттар
Канча жылдар кармашып,
Акырында атамды
Манастын уулу Семетей
Союп салган деп уктум.
Кара кытай-манжууну
Манастан бери карата
Кыргын кылган деп уктум.
Акырында Коңурду,
Тындым кылган деп уктум.
Жана журтум угуптур,
Кабарчыдан кеп уктум.
Катасы жок мен уктум,
Семетейдин баласы
Сейтек чыкты деп уктум.
Сейтек деген чыкты дейт,
Баатырдыгы – шердиги
Семетейден мыкты дейт,
Кара дөө менен Кыязды
Кайсоорунга келтирбей
Кара жерге тыкты дейт,
Жетим жүрүп жетилип,
Атадан калган Таласты
Жер кылыптыр деп уктум.
Алмамбет качкын баласы,
Арамдан бүткөн Күлчоро
Жан жолдошу ал болуп,
Эр кылыптыр деп уктум.
Канчоро деген чоросун
Жер кылыптыр деп уктум.

Чачылган аргын, ногойду
Кайра баштан чогултуп,
Эл кылыптыр деп уктум.
Кадимки Бакай куу сакал
Кайра баштан оңолтуп,
Кан кылыптыр деп уктум.
Жедигердин көп журтун
Таш-талканын чыгарып,
Нан кылыптыр деп уктум.
Жедигерди жемирип,
Индинин элин ыйлатып,
Кырып салды деп уктум.
Өлүктөрүн тоо кылып,
Жыйып салды деп уктум.
Атын уккан башка журт
Чочуп калды деп уктум.
Коркуу кирип ичине,
Козуп калды деп уктум.
Белимди бекем буусам дейм,
Таласта аргын, ногойдон
Коңурбай кунун куусам дейм.
Туюк тоону талкалап,
Жол кылсамбы деп турам.
Түптүү кытай Бээжинден
Түмөндөгөн жасалуу
Кол жыйсамбы деп турам.
Кара зоону кыйратып,
Жол салсамбы деп турам.
Кан Коңурбай кунун кууп,
Таласта аргын, ногойго,
Кол салсамбы деп турам.
Компоңдогон Сейтекке
Кол салбай кантип коемун.
Колума тийген бурутту,
Ичиндеги кара кан.
Кош уучтап ичип тоемун,
Кара көзүн оемун.
Кадимки буркан жар берсе,
Каратпай кантип коемун.
Жана калкым сүйлө деп,
Карап турбай жалдырап,
Кара боюң күүлө!» – деп,
Куялы айтып токтолду.
Аркасынан токтобой,
Ыраң көөдөң карыя
Сөз айтууга октолду.
Ыраң көөдөң сайрады,
Кызыл тилин кайрады:
«Мен айтайын көргөнүм,
Уккула журтум сөздөрүм,
Мүрөктүн суусун ашадым,
Төрт жүз жашты жашадым,
Көп жашаган карымын,
Көптү көргөн сарымын,
Ала албайсын, Таласты.
Жеңе албайсың кытай журт
Аргын менен ногойду,
Көрүп келдик көз менен,
Башынан ногой оңойбу.
Кабылан Манас төрөсү
Билегин түрүп Бээжинге
Келгендиги белгилүү,
Сенин атаң Коңурду
Жеңгендиги белгилүү,
Жеңилген соң Эсен кан,
Чет- Бээжиндин кандыгын
Кабылан Манас канкорго
Бергендиги белгилүү,
Найзаларын буруттар
Майлаганы белгилүү,
Кара кытай-манжууну
Санатына сан жетпей

Жайлаганы белгилүү
Семетейдин Коңурду
Сойгондугу белгилүү,
Кара көзүн кашайтып
Ойгондугу белгилүү,
Каканчындын Бээжинди,
Чапкандыгы белгилүү»
Кара кытай кыргызды
Тапкандыгы белгилүү,
Каканчындын Бээжинде
Калабаны буруттар
Салгандыгы белгилүү,
Калың кара көп олжо
Алгандыгы белгилуу,
Коңурбайдан Манастын,
Өлгөндүгү белгилүү,
Буруттар айткан кыямат
Көргөндүгү белгилүү.
Манаска кудай жар болгон,
Ар кылган иши шар болгон,
Ушу күндө Манастын
Арбагы тирүү бар болгон,
Кырк чилтен кайып дем болгон,
Алышкан жоолор кем болгон,
Алыша келген душмандар
Ичтери толгон дем болгон»,
Көөдөң айтты көп сөздү,
Жалганы жок төп сөздү.
Куялы турду күүлөнүп,
Көөдөң чалга сүйлөнүп
«Мен карымын-дейсиң-сен,
Калжырап бокту-жейсиң-сен,
Манасты мактап зордодуң,
Коңурбайды кордодуң,
Алжыган Көөдөң оңбодуң.
Эми баскын үнүңдү,
Бирден терип таштаймын
Тулку бойдо жүнүңдү.
Эми кытай сүйлөбө,
Алжыган Көөдөңгө окшоп
Кара боюң күүлөбө.
Айтканыма көнөсүң,
Айдагыма басасың»
Деп ошондо сөз айтып,
Колду сайга салдырды,
Кол эсебин алдырды.
Жыйган колун санаса
Алты түмөн болуптур,
Кара курттай толуптур,
Дүркүн-дүркүн кол болуп,
Кумурскадай быжырап,
Жердин жүзү мол болуп,
Жети асаба туу болуп,
Жер майышкан кол болуп,
Желек туудан бөлүнбөй,
Жердин жүзү көрүнбөй,
Асаба, желек бөлүнбөй,
Айдын көзү көрүнбөй,
Күн көрүнбөй күүгүмдөп,
Ай көрүнбөй бүлбүлдөп,
Топурак учуп, тоз болуп,
Түбүнөн кытай козголуп.
Кара жердин топурак
Казылып даңкан изине
Караган жандар таңданып,
Кан Куялы ишине.
Куялы жайы ушундай,
Отузга келген жашы бар,
Даш казандай башы бар,
Кан Коңурдан кем эмес,
Кайраты кара таш жарган
Кабылан экен каркы бар,

Үнү күндөй күркүрөп,
Уккандын бою дүркүрөп,
Козу эгеген темирдей,
Мурду тоонун сеңирдей,
Күйгөн оттой көзү бар,
Ажыдаардай түздөнүп,
Адамдан башка өзү бар.
Алтын айдар көкүлү,
Аркасына жайылган,
Отогот, диңсе-асыл таш
Төбөсүндө сайылган.
Колдо буркан колдо – деп.
Бурканына тайынган,
Чоор тулпарын токунган,
Жалгай көргүн эми – деп
Чоң бурканга Чокунган.
Кара сур келген ыраңы,
Кандай жандар бет алып
Куялыга турарбы.
Кара курттай кыжылдап,
Кайнап чыкты көп кытай.
Кумурскадай быжырап,
Жайнап чыкты көп кытай.
Толкуган дайра көл болуп,
Көргөндүн башы тел болуп,
Бир дүркүнү көк болуп,
Кош артканы лөк болуп,
Каптап чыккан жери ошол.
Кумурскадан көп болуп,
Бир дүркүнү ак болуп,
Жаратар бойго карк толуп,
Бир дүркүнү кап кара
Кошуунга толуп ай талаа,
Бир дүркүнү кып кызыл
Жолуккан жандан куп түңүл,
Бир дүркүнү сапсары

Бул кошунга кез келген
Ойрону чыгат барлары.
Качырдан башка минишпейт,
Темирден башка кийишпейт.
Качырдын жайын айтайын,
Айта түшүп кайтайын:
Кырк күнчүлүк чөлдөрдө,
От оттоп, суу ичпестен,
Түтөтөт экен качырлар.
Он күндө бир оонаса,
Ошону менен тынуусу
Бүтөт экен качырлар.
Качыр минген кишилер
Жүрүшүнөн качырдын
Чыдабастан эзилет,
Тулку бою эшилет.
Ысыганда туягы
Жүрүшүнө мал жетпейт,
Оозуна ал жетпейт.
Минген киши тыңданып,
Тулку боюн чырманып,
Бир кап кумду салынып,
Бастырат экен камынып,
Кытайдан чыккан көп черүү
Аз гана эмес көп жүрдү,
Бака жылан, коңузду
Баарып терип жеп жүрдү»
Тоодон кийик койбостон,
Куруп кетсин ушулар
Эгердем карды тойбостон.
Азгана эмес мол жүрүп,
Арада үч ай жол жүрүп,
Алтай тоону басыптыр,
Өгүз-Кечүү, Тай-Ашуу
Баарын катар басыптыр
Текестен өтүп теминип,

Кабылган жолдо жандарды,
Жемиштин баарын кемирип.
Ысык-Көлдү жээктеп,
Учураган жандарды
Алыптыр баарын тээктеп.
Сапырылып көп черүү
Сары-Өзөн, Чүйгө жетиптир,
Алдына туура келгенди
Селдей каптап өтүптүр,
Сары-Өзөнгө толуптур,
Көпчүлүгү кытайдын,
Жердеги чөптөй болуптур.
Аларды таштап коелу,
Таласта аргын, ногойдун
Алардын кандай иши бар,
Кабарынан бололу.
Аргын, ногой жам болуп,
Акыл айткан аларга
Ак сакал Бакай кан болуп,
Жоодон коргоп тургандар
Күлчоро, Сейтек эр болуп,
Бет алышкан душмандар
Орду кара жер болуп,
Кабарын укkан душмандар
Чочуп калган убагы,
Өзүнөн өзү шек санап,
Козуп калган убагы.
Аргын менен ногойго
Бакайдын сөзү эп болуп,
Ала чыкпай ичинен
Курч темирдей бек болуп,
Абакең Бакай кеп айтып
«Аргын, ногой эки журт
Ар качандан бир качан
Сак болгула – деп айтып,
Сактын жаны калуучу,
Саңыроонун төгүлуп
Сайда каны калуучу.
Биз урунар тоо да көп,
Ушу бизге кол салып
Баса келер жоо да көп.
Капталда турат каңгай эл,
Каптаган кыян кара сел.
Кыр жакта турат кытай эл,
Кылкылдап аккан кыян-сел.
Маңгул менен каңгай бар,
Баса келип кол салчуу
Басырык жоолор далай бар.
Кыжылдап жаткан кытайлар
Кызыгып бизге кол салып,
Кыйратчу жоолор далай бар.
Кызыл баш, ооган, калча бар,
Кармаша келип кол салчу
Каардуу душман канча бар.
Бейкут жатып албайлы,
Капыстан жоого бастырып.
Балаага башты салбайлы.
Жоонун келер бетине.
Сары-Өзөн, Талас четине,
Кароолдоп жолду тозолу.
Э дегенде ме кылып,
Идерлүү жигит-азамат
Баарын шайдоот кылалы.
Жоо жаракты тыңдайлы,
Кара бойду чыңдайлы!»
Деп абакең айтканда,
Бакайдын сөзүн эп дешип,
Акылга сыяр кеп дешип,
Ар тараптын баарына
Кароолду кабат коюшуп.
Чыңоолу чыңап болушуп,
Жоо жаракты шайлашып,

Тулпарлардын баарысын
Келтирип таптап байлашып.
Сары-Өзөн – Чүйдүн өзөнү,
Калың колго толгону,
Көптүгүнө көз жетпей
Кара курттай болгону,
Кароолчулар көргөнү.
Ашып-шашып чапкылап,
Ордодо жаткан эрлерге
Кабар салып келгени.
Кароолчулар кеп айтат:
«Сары-Өзөндүн ичине
Жердеги чөптөй жык толуп,
Кошун толду – деп айтат,
Калмактын колу көрүнөт,
Карасак көңүл бөлүнөт.
Кытайдын колу көрүнөт,
Кыбалап көңүл бөлүнөт!»
Ордодо жаткан оендор,
Кароолчудан кеп угуп,
Калың кара көп кошун,
Каптап түштү деп угуп,
Шайдоот турган эрендер
Арбып-дарбып дүрбөшүп,
Аттангыла жүр дешип,
Эр-азамат жигиттер
Бар жарагын байланып,
Жоо жарагын шайланып,
Чопкут тондор кийинип,
Жоо дегенде сүйүнүп,
Тулпарларга минишип,
Турбастан жолго киришип,
Туулга деген себилди,
Туташ болот темирди,
Бекемдеп башка кийишти.
Каар бетине айланып,
Кабакты карыш түйүшүп,
Чарайна төшкө тартынып,
Кайраттар кабат артылып,
Белдемчи деген себилди,
Беш кабырга темирди,
Белдерге тартып байланып,
Берендер көөнү жайланып.
Беттешүүгө душманга
Бел булуттай айланып,
Доолбас белге байланып,
Топ башы көөнү жайланып.
Согушууга душманга,
Тоо булуттай айланып,
Карыпчы деген себилди,
Кара болот темирди
Карыга тартып байланып.
Кайра жаар булуттай
Каар бетине айланып,
Асаба желек туу менен,
Асман жарган чуу менен,
Желеги алтын туу менен,
Жер жарылган чуу менен,
Туусу тууга урунуп,
Кара туман чаң басып,
Чаң асманга бурулуп,
Найзанын учу чабышып,
Адамдын башы кагышып,
Керней, сурнай тартылып,
Аттанып чыкты калың кол.
Нарларга азык артылып,
Жери чүйгүн, суу тунук,
Азаматтын баарысы
Эригип жаткан кутуруп.
Аттанып кошуун жаткан да
Таластын бети чаң болуп,
Караган адам таң болуп,

Толкуган дайра кол болуп,
Тоону бузган сел болуп,
Тоолордон ашып өткөнү,
Сары-Өзөнгө түшкөнү.
Түшкөнү чексиз кол көрдү,
Жер бетинде чоло жок
Жердеген чөптөн мол көрдү.
Баш-аягы көз жетпей,
Абакең дүрбү салганы,
Кара түмөн көп колду
Байкап карап калганы.
Тиктеп байкап караса,
Айландыра санаса,
Кара туман сел экен,
Кара кытай эл экен.
Толкуган дайра сел экен,
Тоону бузуп томкоргон,
Топтолгон кытай эл экен.
Карыпчысын калдайтып,
Калдайлары көрүндү,
Күрмөлөрүн күдүйтүп,
Күчтүүлөрү көрүндү.
Чоптор өтүк такасыз,
Торгуй, күрмө жакасыз,
Жаң-жуңдары көрүндү.
Малакайы башында,
Чампа шымдар бутунда
Тыйтайлары көрүндү.
Амбалдары албайып,
Кечилдер турат керсейип,
Дуудуулары теңселип,
Ит жээр, бит жээр көп жүрөт,
Чымын менен чиркейди,
Бака, жылан, коңузду,
Терип баарын жеп жүрөт.
Айдаганга баспастан,
Айткан сөзгө көнбөстөн,
Шалпаң кулак баарысы,
Ит жээр, бит жээр жамысы,
Талаага өрүп кетиптир,
Ошонтип түпкө жетиптир.
Абасы Бакай кеп айтып:
«Азаматтар сөзүмө,
Салыңар кулак – деп айтат,
Кара кытай эл экен,
Көптүгүнө шаа жетпес
Толкуган дайра көл экен.
Кара кытай-манжууну,
Кадимден бери аралап,
Көргөн Бакай мен элем.
Каршылашып келгенде
Кара таандай ийрилтип,
Бөлгөн Бакай мен элем.
Чоң Бээжинди аралап,
Жүргөн Бакай мен элем.
Толкуган кара кытайды
Тополоңун тоз кылып,
Сүргөн Бакай мен элем.
Тоодоюм Манас барында,
Тоолорду бузган шер элем.
Каканчындын Бээжинди
Аралап жүргөн жол элем,
Ар качандан бир качан
Ала жүргөн кол эле!
Кара кытай, көп манжуу,
Белдерин бекем бууган бейм,
Белсенип чыгып Бээжинден,
Берени калча Коңурбай,
Коңурбай кунун кууган бейм.
Абайлап байкап карасам,
Каары жандан башкача,
Кара кытай, манжуудан

Кашкая чыккан көй кашка,
Сымбаты жандан бир башка.
Солон, Шибе, Тырготтон
Суурула чыккан көй кашка,
Минген чаар аты бар,
Адамдан башка заты бар,
Сулп темирден кийинген,
Жоо дегенде сүйүнгөн,
Астындагы чаар тулпар
Аткан октой түйүлгөн,
Отузга келген жашы бар,
Ойротту бузган каркы бар,
Коңурбай уулу көрүнөт,
Көргөндө көөнүм бөлүнөт.
Бээжинден бери келиптир,
Ит жээр менен бит жээрлер
Бака, жылан, коңузду
Калтырбай жерден териптир.
Жортқондо жолуң болуптур,
Дозоку кара кытайлар
Ала-Тоону уратып,
Томкорор кези болуптур.
Тобокел кылып көрөлү,
Алдырсак да, алсак да,
Чогуу каптап кирели.
Өзү келген кытайга
Керишти кенен салалы,
Кетирбей кезек алалы,
Кара кытай манжуулар
Кара боюн чыңданып,
Сергип жатып эс алып,
Жаткан экен тыңданып.
Сары-Өзөн тоосун ашууга,
Бейкут жаткан Таласты
Төбөсүнөн басууга,
Төрт түлүктү чачууга,
Баатырларды союуга,
Калың кара көп журттун
Кара көзүн оюуга,
Эр бүлөнүн баарысын
Дене кул кылып кетүүгө,
Түпкө чогуу жетүүгө,
Ургаачыдан түк койбой
Баарын олжо кылууга,
Аргын менен ногойду
Жылма кылып тынууга,
Каптап келген турбайбы.
Капыстан басып алам деп,
Кара боюн бекемдеп,
Чактап келген турбайбы.
Жолуна туура келгенди
Аймап келген турбайбы,
Кашкайтарган адамды,
Дым чыгарбай баарысын
Жайлап келген турбайбы.
Кезиккенге алаамат
Салып келген турбайбы,
Каш кайтарган жандардын
Коондой кылып ичтерин
Жарып желген турбайбы,
Кыяматты кызылдай
Жазыксыздын башына
Чачып келген турбайбы,
Жер жүзүндө кишини,
Оруп келген турбайбы.
Алдынан каршы чыкканды
Ажыдаардай оп тартып,
Соруп келген турбайбы.
Бака, жылан, коңузду
Терип келген турбайбы,
Туш келгендин сазайын
Берип келген турбайбы.

Шалпаң кулак капырлар,
Ит жээр, бит жээр жакырлар
Башкарууга баш бербей
Өрүп кеткен турбайбы,
Ойго-тоого тентиреп,
Бака, жылан, коңузду
Терип кеткен турбайбы.
Бул капырды жеңбесең,
Аргын, ногой эки журт,
Силерди кудай урбайбы.
Айтканымды угуңар,
Бир даарың тоого чыгыңар,
Ит жээр менен бит жээрди,
Ошо жерден иттерди
Терип жүрүп кырыңар.
Бөрү, жору, кузгунга
Тыйпыл азык кылыңар.
Баатыр балбан-эрине,
Жоого кирер шерине
Бир даарың каптап калгыла.
Майданга уруш салгыла,
Өзү,келген душмандан
Кетирбей кекти алгыла!»
Абакең Бакай акылман
Деп ошондой сөз айтып.
Бир айтпастан көп айтып,
Каны айтып токтолду.
Баатырлардын баарысы
Жаалы чыгып жүзүнөн,
Жалыны чыгып көзүнөн,
Аламан коюп кытайга
Ат коюуга октолду.
Аргын, ногой кошуну
Бир дүркүнү бөлүнүп,
Бөлүнүп көзгө көрүнүп,
Тоолорго кирди аралап,
Ит жээр менен бит жээрди
Тополоңун тоз кылып,
Кырып кирди жаралап,
Бир дүркүнү бөлүнүп,
Ойго кирди аралап,
Ойдо тентип жүргөнүн
Ойдон кырды жаралап.
Кандарын суудай агызып,
Бөрү, жору, кузгунга
Тоюн кылды баарысын.
Чымын, чиркей, кумурска
Тоюндурду жамысын.
Тоону, түздү жойлоду,
Ит жээр менен бит жээрден
Бирин аман койбоду.
Асмандан мунар жошулуп,
Ой-тоого кеткен калың кол
Кайра баштан кошулуп,
Ат куйругун түйүшүп,
Алдын, артын жыйышып,
Кара кытай-манжууга
Аламанды коюуга,
Жаачылар жааны чоюуга,
Мергендер мылтык атууга,
Тамашага батууга,
Найзакерден ыктуулар,
Айбалта чабар мыктылар,
Кылыч чабар кырандар,
Кылымды бузчу тынарлар,
Алдына түшүп жөнөлдү.
Аркасынан көп кошун,
Айгай салып өмөлдү.
Калың колдун баарысы
Манас-Манас бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Кара таандай кытайга

Аламан койду жабылып.
Арстан эрлер алдында
Ач арстандай чамынып,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Жебенин огу зыркырап,
Мылтыктын огу чыркырап,
Доолдун уну карсылдап,
Мылтыктын үнү тарсылдап,
Керней үнү бапылдап,
Сурнай үнү тарсылдап,
Азабалар калкылдап,
Каптап кирди жапырып,
Чаң асманга сапырып.
Бет алышып эки кол
Маңдай, тескей турушту,
Ортого майдан курушту.
Эки кол эки бөлүндү,
Эрлердин каны төгүлдү.
Кытай жактан бир баатыр
Жекеге чыгып келатыр,
Аркы атасы Кожожаш,
Атышууга болгон маш,
Чоң казаттын тушунда
Мергендиги ашынып,
Баатырлардын кыйынын,
Окко учурган ушунда.
Анын уулу Чаңдаяк
Семетейдин тушунда,
Урушка кирген ушунда.
Анын уулу Чабалдай
Таласка Коңур келгенде,
Семетей менен Күлчоро
Коңурбайды жеңгенде,
А да чыккан жекеге,
Ажал туура келген соң,
Айбалта тийген чекеге.
Чабалдайдын уулу экен
Баатырлыгы башкача,
Балбандыгы ашыкча,
Кайраты кабат бул экен.
Карагайдай устунга
Үйдөй чоюн аштаган,
Кандай жанды чапса да,
Жерге кийрип таштаган.
Бир миң колду бир өзү
Жан ойлонуп шашпаган,
Устундан найза сундуруп,
Доошу кулак тундуруп,
Аты Соорун эр экен,
Урушканда душмандын
Жулуп башын жээр экен.
Майданга кирип акырды
«Буруттардын колунда,
Баатыр, балбан бар болсоң
Кел бери» – деп чакырды.
Койчагырдай көк бараң,
Атса жарым замбирек
Асынып алып бадирек.
Алеңгир жаасы колунда,
Алтымыш кулач найзасын
Алган сүйрөп карыга.
Байнектери баары алтын,
Учун кайкы келтирген,
Урушканын өлтүргөн,
Сабын күмүш чыгарган,
Заар менен сугарган,
Чапкан жоосу кулаган,
Узун кылыч байланып,
Көкө теңир колдо деп,
Каар жүзүнө айланып.
Минген аты чамбыл ат,

Сүйрөлгөн жерге жалы бар,
Болжоп көрсө мүчөсү
Бир сеңирдей шаңы бар.
Ураанын бийик салганы,
Жекеге кирип калганы:
«Келгин, Сейтек, эр болсон,
Кара кулак шер болсоң,
Жетимиш башың бир жаның
Бир өзүңдө болсо да.
Бирин койбой алайын.
Бүтүлүү тоо болсоң да
Көмө чаап салайын.
Анда Сейтек кеп айтат:
«Мактанып турган капырга
Барайын өзүм – деп айтат,
Жекеге чыгып барайын,
Барып сайыш кылайын,
Бата бергин аба – деп,
Сайыш кылам ага» – деп,
Сейтек мындай дегенде:
«Барсаң Сейтек, барып көр,
Барып сайыш салып көр,
Чамааң келсе алгының,
Мактанып турган капырды
Чалкасынан салгының.
Мындан мурун үч жолу
Уюган чаңга киргенсиң,
Уруштун ыгын билгенсиң,
Чабышка үч кур киргенсиң,
Чабыштын ыгын билгенсиң,
Он сегизде жашың бар,
Эми жаштык жок сенде,
Ата жолун жолдосоң,
Ойротту бузар башың бар,
Балтыр этиң толду го,
Балбан чагың болду го,
Жүрөк майың толду го,
Жүткүнөр чагың болду го».
Бели катуу Тоотору
Токутуп оңдоп бул атты,
Тоодой болгон кур атты,
Бар жаракты байланып,
Жоо жаракты шайланып,
Кайра жаар булуттай,
Каар жүзүнө айланып,
Минди Сейтек атына.
Карап турса бу дагы
Жан теңелбей баркына,
Тоотору минип болкоюп,
Наакер бутта чойкоюп,
Ач албарс белде кыңгырап,
Айбалта жанда шыңгырап,
Сыр найза колдо зыңгырап,
Ак келте жондо жаркылдап,
Ак асаба, сур желек
Асабасы жалтылдап,
Майданга чыкты бакырып,
Манастап ураан чакырып:
«Чоң Бээжин сенин жериң го,
Толкуган кытай элиң го,
Атам Манас, Сейтек мен
Обу жок мактанч сөз айтып
Компоюп кайдан келдиң сен!»
Ошону айтып жаш Сейтек,
Жаадай болгон Тоотору,
Атка камчы салганы,
Акырган бойдон ошондо
Качырып кирип барганы.
Астындагы чамбыл ат
Соорун камчы салганы,
Каарданып эр Соорун
Качырып буда калганы.

Калмак ээр кашы деп,
Как жүрөктүн башы деп,
Сейтек барат бер жактан.
Алтын ээр кашы деп,
Айбалканын башы деп,
Тикирейип тиктешип,
Эринин кесе тиштешип,
Атка кылып өкүмдү,
Айгайлашып жетишти,
Болот учтуу найзалар
Көөдөнгө коюп кетишти.
Коюшканы кочкордой,
Кагышканы чочмордой,
Ошондо да эки дөө
Ат үстүнөн козголбой,
Үзөңгүнү чирешип,
Төшкө найза тирешип,
Күчтөр эмей неткени,
Астындагы аттары
Сүрдүккөн бойдон бут атым
Аркасын көздөй кеткени.
Сүрдүгө түшүп оңдонуп,
Тозоңго кирип жоголуп,
Атына камчы салышып,
Айкырган бойдон барышып,
Найзаны төшкө сайышып,
Эки дөө атта очоюп,
Найза төшкө тийгендер,
Астындагы буудандар,
Олтурган иттей чочоюп.
Жал, тизгинден кармашып,
Чакырайып карашып,
Астындагы буудандар
Багалчагы майышып,
Эки баатыр сайышып,
Карай турган эки кол
Кантээр экен булар деп,
Кабыргалар кайышып,
Көтөргөндө найзалар
Көк чыбыктай майышып,
Камчы салды атына,
Кара санга батыра,
Кытайлардын Сооруну,
Кабылан Сейтек болбосо,
Ким чыдайт анын датына.
Өнөрүн жоого баштаган,
Үкөк деген жыгачка,
Өзү билип аштаган,
Үйдөй ташты бир чапса
Үбөлөнтүп таштаган,
Күрсүнү күүлөп алганы,
Туйгун Сейтек баланы
Качырып башка салганы.
Тогуз кабат кылдырган,
Чапканда көңүл тындырган,
Айланасы төрт кулач
Бала Сейтек баатырың
Калкан тозду акыры.
Күч менен күрсү чабылды,
Калкан башка жабылды,
Калканга келип карс этип,
Сыртына күрсү чабылды.
Калды болот купасы,
Туулгага кагылды.
Калкандын сырты карк болот,
Болотко болот чабылып,
Туш-Тушуна ширенди
От төгүлдү жагылып,
Аны көргөн адамдар
Акылынан жаңылып.
Күркүрөшү күн болуп,
Кararганы түн болуп,

Беттеринде чырымтал,
Бери болсо капырай
Беш байпактык жүн болуп,
Аман калды акыры,
Арстан Сейтек баатыры.
Таш көмүргө таптаган,
Как ыргайга саптаган,
Көөкөрчө кылып ойдурган
Кыл кыял чаап чойдурган,
Чагарак алтын сомдогон,
Чапкан жоосун оңдогон,
Эшик эндүү айбалта
Имерип колго алганы,
Өтө берген Соорунду
Оройго Сейтек салганы.
Калканынын сыртына
Катуулап балта чабылды,
Каарданган Соорун дөө
Акылынан жаңылды,
Ар тарапка жайнаган
Ширендиси жабылды.
Оңоло түшүп Соорун дөө,
Кылычын сууруп кыйкырып,
Сейтек карай келатат,
Аны көрүп жаш Сейтек
Ач албарс колго алганы,
Кыйкырышып бир бирин
Кылыч тозуп калганы.
Кылычка кылыч чабылып,
Кылычтын тийген мизинен
Кып кызыл жалын чагылып,
Көргөндөр эстен жаңылып.
Анда мылтык октоду,
Милтелерин чоктоду.
«Мергенсиген бу кулду
Оң көзүнөн оеюн,
Ошо жерде соеюн,
Ойрон кылып коеюн!»
А да машаа имерди,
Бу да машаа имерди.
Урушканга болгон маш,
Эки дөөнүн машаасы
Баталашкан немедей,
Казанчыкка киргени.
Көк бараң үнү күркүрөп,
Ак келтенин добушу,
Уккан кытай кошуну,
Тула бою дүркүрөп.
Мылтыктын үнү күп этип,
Экөөнүн огу дүп этип.
Ок ортодо сүзүшүп,
Ара жолго түшүшүп.
Жана дүрмөт салышты,
Жаалданып калышты,
Маңдайы деп, башы деп
Ирмеп мааша алышты.
Машаа тартып салышты.
Калкан жапкан битине,
Туулганын четине
Как коргошун жабышты.
Көрүп турган көпчүлүк:
«Өлөтко эми бирөө» – деп,
Көңүлдөргө алышты.
Баштарына ак менен
Бир бирине айкырып,
Ат коюшуп калышты.
Жаалданып экөө тең
Жакалашып алышты,
Эми салды эңишти,
Айкырыкты салышты,
Жакасынан алышып,
Жакалашып учташып,

Далайга чейин мушташып,
Муунта кармап жаш Сейтек
Аттан алып салганы.
Соорун аттан кулады,
Чалкасынан сулады,
Бала Сейтек баатырдын
Балбандык эмей неткени,
Тоодой болгон Соорундун
Ооз, мурунда кара кан
Оргуштап агып кеткени.
Бала Сейтек токтолбой
Ылаачындай жеткени,
Оңолуп өөдө тургуча,
Башын чаап өткөнү.
Кара кытай-манжуулар
Эр Куялы баш болуп,
Баарысы турду кайгырып,
Акылынан айрылып,
Соорун баатыр өлдү деп,
Кайрылбас жайды көрдү деп,
Кытайдын бели сынды деп,
Буруттар көөнү тынды деп,
Ушу Сейтек эр экен,
Чоң бабасы Манастай
Кара кулак шер экен.
Куялы турду айкырып:
«Кана бирөөң чыкын – деп,
Каарданып бакырып
Жекеге бирөөң чыга көр,
Мактандырбай Сейтекти
Башын кесип, жай кылып,
Кара жерге тыга көр»,
Куялы айтып турганда,
Барбаймын деп айталбай,
Куялы сөзүн кайтарбай,
Дөңгө баатыр камынып,
Көк жолборстой чамынып,
Карагай найза өңөрүп,
Кара көк темир өңдөнүп,
Темирден чопкут кийинип,
Чоң бурканга сыйынып,
Өз дининче окунуп:
«Жалгай көргүн чоң буркан!»
Бурканына чокунуп,
Как качыр минип айкырып,
Айбатып салып бакырып,
Үнү күндөй күркүрөп,
Көргөндүн бою дүркүрөп,
Көзүнөн оту жалындап,
Шамаал чыгып оозунан
Келе жатат закымдап,
Майданга келди бакырып,
Манжуулап ураан чакырып.
Бет алышып Дөңгөөга
Сейтек кирди бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Найзаларын сундуруп,
Доошу кулак тундуруп,
Найзалашып сайышып,
Караган көзү тайышып,
Найзаны таштап жиберип,
Айбалта менен чабышып,
Чоюн баш менен урушуп,
Тоорулушуп турушуп,
Кылыч менен чабышып,
Кыя тартып калышып,
Жакалашып эңишип,
Эки баатыр бир бирин
Ала алышпай эңишип,
Кекиртектен алышып,
Ары-бери жарышып,
Айбалта шака-шак,

Найза төшкө така-так,
Ит урушун салышып,
Имерилип калышып.
Эки баатыр бир бирин
Алыша албай жүрдү эле,
Кара кытай, көп манжуу,
Коңурлап ураан чакырып,
Барабанды урушту.
Барабан катуу кагылды,
Кара кытай кошуну,
Сейтекти карай бет алып,
Аламан коюп жабылды.
Туусу тууга урунуп,
Эки кошун ошондо
Бир бирине урунуп,
Аргын, ногой буркурап,
Аламан колу чуркурап,
Аралашты эки кол,
Көрүнбөдү оңду-сол.
Найзанын башы чабышып,
Кылычтын мизи кагышып,
Жазайылды жаткырып,
Төө мылтыкты аттырып,
Аргын, ногой кошуну
Алеңгир жааны чойгулап,
Ак бараң атып койгулап.
Кытайдын колу кылкылдап,
Жер союлуп былкылдап,
Замбиректи жаткырып,
Шалпаң кулак мылтыкты
Күркүрөтө аттырып.
Дөңгөөнү кудай урганы,
Боз качырды мойнотуп,
Кезиккенди сойлотуп,
Күндүн түрүн бузултуп,
Аргын менен ногойду
Абыдан катуу кысылтып,
Атканы мылтык мерген кул,
Тоодон кийик терген кул,
Жаа тартууга ыктуу кул,
Жандан ашкан мыкты кул,
Ийненин көзүн жара аткан,
Бет алыша келгенде,
Душманын далай жадаткан,
Сапырылтып тараткан,
Беттешкенди сомдогон,
Менменсиген баатырлар
Бери бакпай оңдолгон
Жердин бетин көргөзбөй,
Кара туман түшүрүп,
Кармашам деген үшкүрүп,
Караса көзгө илинбей,
Кай кеткени билинбей,
Жамгыр кылып жаа тартып,
Мөндүр кылып ок атып,
Чагылгандай жылт этип,
Кай кеткени билинбей
Бура тартат кылт этип,
Мылтыктан түтүн булатып,
Далайды жыкты сулатып,
Жердин бети кар болду,
Жер жайнаган калың кол
Бирин бири көрүүгө,
Карайлап баары зар болду.
Мылтыкка адис Күлчоро
Алмабашты октоду,
Азайылдан токтоду,
«Кайда болду капыр?» – деп
Дөнгөө дөөнү жоктоду.
Айландыра санады,
Ар тараптан карады.
Адис мерген ал Дөнгөө

Ак жөкөр мылтык октоптур,
Амалы ашып токтоптур,
Алтымыш атып имерип,
Аркасынан токтолбой
Алеңгир жаа – сыр жебе
Алтымыш чоюп жиберип,
Амалын артык ашырып,
Кара боюн жашырып,
Жааны чоюп керилип,
Далайды жыгып жемирип.
«Дөнгөөнү эптеп керсем – деп,
Кыябына келтирип,
Казатын колго берсем» – деп,
Карап турду Күлчоро.
Ал аңгыча болбоду,
Чагылгандын огундай,
Жазайылдын тобундай
Жааны чоюп керилип,
Мылтыктан түтүн булатып,
Боз качырды чуратып,
Дөнгөө жекип келгени,
Күлчоро байкап көргөнү.
Алма баштын кароолго:
«Жазы маңдай тушу» – деп,
«Өлөр жери ушу» – деп,
Машааны ирмеп калганы.
Алмабаш огу жеткени,
Башын жарып өткөнү,
Мерген Дөнгөө өлгөнүн,
Кайтпас жайды кергөнүн,
Куялы көрүп кайгырып:
«Кандай заман болот – деп,
Кара жолтой бурутка
Беттеп эч кем барбайт ко,
Беттешкенди жалмайт ко!»
Деп кайгырып Куялы,
Куялынын Чаар тулпар,
Айбандан башка бир шумкар,
Өлөрүн билип Куялы
Атына камчы салганы,
Күн чыгышты карата
Созулуп качып калганы.
Куялы качты закымдап,
Күлчоро кууду такымдап.
Каран калган Чаар тулпар
Ар чуркаса бир кадам
Ашып кетип баратат,
Өкүм буудап Тоотору
Көп узатпай артынан
Басып кетип баратат,
Акылынан Куялы
Шашып кетип баратат.
«Жетсем сени соем» – деп,
Күлчоронун кайраты
Ташып кетип баратат.
«Эми жетсе сойду» – деп,
«Сойбой кантип койду» – деп
Аргасы кетип Куялы
Чочуп кетип баратат.
«Эми жетсем соем – деп
Сойбой кантип коем» – деп
Күлчоронун кайраты
Озуп кетип баратат.
Сары-Өзөн өөдө карата
Бойлоп качты Куялы,
«Акыры өлүм болдум» – деп,
Кара жандан түңүлүп
Ойлоп качты Куялы.
Куялы качып отуруп,
Капчыгай Боомдон өткөнү,
Ысык-Көлгө жеткени.
Күнгөйдү бүтүн басканы,

Кызыл-Кыя ашканы,
Кең Каркыра көрүндү.
«Ушу жерде атам өлгөн» – деп
Көргөндө көөнү бөлүндү,
Көзүнөн жашы төгүлдү.
Артындагы Күлчоро
Жетип найза сундурду,
Куялы жанын тындырды.
Колуна бекем түкүрүп,
Сыр найза менен неткени,
Тоодой болгон Куялы
Чаар тулпардан кулады,
Жыгылган жерге сулады.
Оңолуп өөдө болгуча,
Күлүстөн чоро жеткени,
Жой болотту колго алып,
Башын чаап өткөнү.
Койдой башын кескени,
Коондой ичин жарганы,
Ичиндеги кара кан
Кош уучтап жутуп алганы.
Өлүгүн жолго таштады,
Өрнөктү мындай баштады,
Адамдан эстуу Чаар тулпар
Тиштеп алып чылбырын,
Бээжинди карай качканы.
Чаар тулпар качып жөнөлдү,
Күлчоро кууп өмөлдү.
Каракырадан өткөндө
Кең Текеске жеткенде,
Жан аябай камчылап,
Тулку бойдон аккан тер,
Жерди карай тамчылап.
Улуу сууга жеткенде,
Аттап өтүп кетерде,
Жетип чылбыр алганы.
Кубанып Күлүс күлгөнү,
Шапа минип үстүнө,
Кайра тартып жүргөнү.
Кайра келсе Күлчоро
Кабылан Сейтек баш болуп,
Аргын, ногой эренин,
Жоодон коркпос беренин,
Кара кытай-манжууну,
Камап ийрип алыптыр.
Акыр заман-кыямат
Баштарына салыптыр.
Боомдон өтүп кыйласы
Кутулбаска көз жетип,
Көлгө түшүп өлүптүр,
Келбес жайды көрүптүр.
Токтотуп туруп калганын,
Жашы менен карынын,
Бирин да койбой колуна
Мылтык, кылыч жарагын,
Баарын алды карагын.
Жыйып алды койбостон
Астындагы качырды,
Жөө чубатып баарысын
Боомдон ары ашырды.
Жаштары калды кул болуп,
Кара-кытай-манжуунун
Катындары тул болуп.
Туйгун Манас тукуму
Түгөнөт десе түтөдү,
Түйүлүп кайта күчөдү,
Өлөт десе өөрчүдү,
Өздөрүн Кызыр ээрчиди,
Кабылан Чоро, Сейтектин
Кабарын уккан күйүндү,
Кадырлап достор сүйүндү.

КОРУТУНДУ

Каралаев Саякбай,
Мына мындай кеп айтат,
Кеп айтканда деп айтат:
«Сейтектен Кенен деп айтат,
Кененден эки уул болгон дейт,
Алымсарык улуусу,
Кенжеси Кулансарык – деп,
Аттарды мындай койгон – дейт.
Бул экөөнүн тушунда,
Тукумунан Коңурдун,
Чынтемир деген кан чыгып,
Доошунан жан чыгып,
Күн батыштын элдерин,
Күчөп колду калган – дейт.
Каарына чыдабай,
Кабылан Манас тукуму,
Качып чыгып кутулуп,
Түштүккө карай салган – дейт.
Жомокчу Шапак кеп айтат,
Кеп айтканда – деп айтат:
«Айчүрөктү Күлчоро,
Алган экен – деп айтат.
Күлчородон Айчүрөк,
Эки бала тууган – дейт.
Иши оңолуп Күлчоро,
Белин бекем бууган – дейт.
Алымсарык улуусу,
Кененсарык болот кичүүсү.
Сагымбай мындай кеп айткан,
Кеп айтканда – деп айткан,
Арстан Манас тукуму,
Акболоттун тукуму.
Чыңгыз кандын каарынан,
Чыга качып шаарынан.
Дарыя суудан кечиптир,
Талабына жетиптир,
Жаңгели-Мазин-Даранга,
Кутулуп кирип кетиптир.
Мизин-Даран деген жай,
Персиянын өлкөдө,
Болгондугу чын экен,
Ыраматылык Сагымбай,
Кыйла акындын таңы экен.
Кыргыз эли байыртан,
Мындай дешип кеп айткан,
Арстан Манас тукуму,
Капыр кычап бергенде,
Токтолуп турбай кеткен – дейт,
Шашкеликте бир арал,
Аралга барып жеткен – дейт.
Аралдан жай алган – дейт,
Ошо күндөн ушу күн,
Ошондо туруп калган – дейт.

КЫРГЫЗ МАКАЛ-ЫЛАКАПТАРЫ

ТҮЗҮҮЧҮДӨН

Бул китепте белгилүү фольклор жыйноочу, агартуучу, манасчы, санжырачы, акын, тарыхчы, этнограф жана илимпоз Ыбырай Абдырахмановдун эсинде сакталып, өзү тарабынан кагаз бетине түшүрүлгөн кыргыз макал-ылакаптары берилди.

Быйылкы жыл – Ыбырай Абдырахмановдун туулган күнүнүн 130 жылдыгы. Буга чейин биз тарабынан жазылып, «Ыбырай Абдырахмановдун чыгармачылык өмүр таржымалы» (Б., 2018) аттуу китеп жарык көргөн. Анда Ы.Абдырахманов тарабынан жыйналып-топтолгон миңге жакын басма табактык көлөмдөгү фольклордук материалдарынын чети оюлбай, кылымга жакын убакыттан бери академиянын кол жазмалар бөлүмүндө сакталып тургандыгы, бул улуу инсандын эмгектеринин бай казынасынын оозун кеңири ачып, ал алтын байлыкты окурмандарга толук жеткирүү зарылдыгы жөнүндө айтылган. Улуу акыл-ой мурастарыбызга тигилип, ата-бабаларыбыздын ийги ой табылгаларына үңүлүп, аларды казынадан бирден сууруп алып чыгып турсак, аларга да жан кирген болор эле. Ы.Абдырахмановдун ар бир сөз бермети окурмандарыбыздын көзүнө илинип, көкүрөгүнө сиңилип, дилин жаркытып, угарманыбыздын кулагынан кирип боюн балкытып турса, атаганат, канагат алып капшытыбыз чыга түшкөндөй болот беле?! Кезектеги мына ушул эмгекти ошол алдыга коюлган максат-милдеттерди ишке ашыруунун далилдүү чыйыры катары карасак болот. Алдыда дагы башка эмгектерин даярдап, басып чыгаруу аракеттерин көрүүдөбүз.

Элдик оозеки бай айтымдардын асыл сөз көрөңгөлөрүнө карт болгон Ыбырай атабыз кыргыз баласынын калыптанып тарбияланышындагы кылымдап калыпка салынып келген, элдик жобого айланган макал-ылакаптарын өз туюмунда сакталганына ылайык кагаз бетине түшүрүп берген.

Бул маалыматтар Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Кол жазмалар фондунун факт-материалдарынын негизинде даярдалды. Фонддо сакталган кол жазмалар менен таанышканыбызда төмөнкүдөй маалыматтарды алдык. «Бул макал, ылакаптардын бирин да башка бирөөлөрдөн сурабастан, өзүм гана эскерип жаздым. Кулагым бир чалганды тутуп калуу менде бар эле,» – деп эскертет «айтып, жазган Ы.Абдырахманов» (инв. 430, башкы барак). Жазылган иштин 63 пайызы 1956-жылдын апрель, май айларында жазылган. «Манас» эпосуна байланыштуу жана башка иштер менен алагды болсо керек, бул иш ошол боюнча жыйынтыкталбай калып кетип, кийин эс алуу убагында улантылган. Ал: «121-беттен башталган кол жазманы *(2058-номерлүү макалдан 3232-номерге чейин – Н.Ө.)* 1961-жылдын февраль, март айларында жаздым», – дейт (инв. 430, 120-бет). 200-беттеги маалыматына караганда, акыркы 52 макал, ылакап (3233-3284) 1962-жылы жазылган көрүнөт.

Кол жазма башкы баракта сырткары 203 бетти камтыйт. 135-бет кол жазмада болбогондуктан, андагы 2266-2279 номерлүү макал, ылакаптар жок болуп чыкты. Катары менен келген эки бөлөк макалга бир эле номер кайталанып (1781, 1781 жана 2631, 2631), тескерисинче бир эле макал катары менен эки номерге (2143, 2144) түшүп калган учурлар бар. 58-беттеги 1020, 115-беттеги 1978 номериндеги макалдардын орду актай калтырылып кеткен. 73-беттеги 1290 номери менен номерлене турган макал арткы 1271-номер менен кайрадан иреттүү номерленип, 19 макал кемитилип белгиленген. Мына ушундай өйдө-ылдый кеткен (азыркыча айтканда, техникалык) каталардан улам, кол жазманын аягы 3284-макал менен жыйынтыкталып турса дагы, 3290 макал, ылакап кол жазмага түшүрүлгөнүн тактадык. Анын ичинде көптөгөн кайталоолорго да жол берилген. Биз аларды алфавит тартибине түшүрүү менен, кайталоолордон арылтып, редакциялап, кайсы беттерде кайталангандыгын тактап көрсөттүк.

Автордук укукту сактоо менен катар эле, окурмандарга түшүнүктүү болсун үчүн айрым орфографиялык, пунктуациялык оңдоолорду кийирүүгө да туура келди. Вулгаризмдерди ачык бере албай кыйналдык, көп чекитке багындык. Түшүнүксүз сөздөрдүн алдын сыздык. Түзүүчү катары менин, редакторлук кылган филология илимдеринин

кандидаты доцент Ишенбек Султаналиевдин түшүндүрмө-тактоолору *Н.Ө. жана И.С.*түрүндө көргөзүлдү.

Окурмандардын Ы.Абдырахмановдун бай мурасы менен таанышуусуна мүмкүнчүлүк түзүп берүү менен, келечекте илимий иш менен алек болуучуларга мисалдарды даярдап бердик, мындайча айтканда, жем таштадык. Тематикага бөлүнбөдү, фразеологизмдер, учкул сөздөр, көркөм ыр саптары ажыратылбады, мурда жарык көргөн он миңдеген макал-ылакап, учкул сөздөрдүн ичинен кезикпеген баалуулары аныкталбады дегендей, көп нерселерди чийки калтырдык, бирок иштин учугун чубап чыгарып койдук. Бул багытта, буюрса, дипломдук, кандидаттык, докторлук илимий иштердин корголорунан шек кылбайбыз.

Нарынбек Абылович ӨСКӨНАЛИЕВ

КӨӨНӨРБӨС КӨРКӨМ МУРАС

Кылым карыткан кыргыз макал-ылакаптары, фразеологизмдер, учкул сөздөр – калкыбыздын дүнүйөгө болгон көз карашын, ой жүгүртүүсүн, философиясын жана эбегейсиз сөз байлыгын камтып турган көөнөрбөс көркөм мурасыбыз. Аны чогултуп келечек муунга калтыруу, элибизге тартуулоо, илимий изилдөө иштерин жүргүзүү маанилүү маселелерден. Кыргыз эли турмуш-тиричилигинде кездешкен көрүнүштөрдү, кайгы-муңун, кубанычын, ак менен караны, жакшы менен жаманды ташка тамга баскандай таамай, кыска жана нуска айта билген. Бир эле макалдын маанисин чечмелеш үчүн канчалаган кара сөз сарпталар эле. Алардын тилдик-этимологиялык, тарыхый этнографиялык, таанып билүүчүлүк, философиялык, тарбиялык, этнопедагогикалык, ж. б. мааниси чексиз. Мындай көз караштан алып караганда, Нарынбек Өскөналиевдин кыргыз маданиятына ат көтөргүс салым кошкон Ыбырай Абдырахмановдун мурасына кайрылып жатышы мактоого татыйт. Анткени эски кол жазмалар менен иштөө, ага текстологиялык иликтөө жүргүзүү – оңбогондой оор жумуш: ага адамдын канчалаган убакыты, көз майы коройт, айлап-жылдап отуруп ден соолугунан ажырайт. Бирок кайтарымы аз түйшүктүү эмгек, себеби ага илимий наам, даража ыйгарылбайт, ЖАКта илимий иш катары эсепке алынбайт, тек гана «түзүүчү» деген бир ооз сөз ыйгарылат.

Акыркы жылдарда Илимдер академиясынын Кол жазмалар фондундагы материалдарды жарыкка чыгаруу боюнча алгылыктуу иштер жүрүп жатат. Мамлекеттин колдоосу менен «Манас» эпосу баштаган кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгы боюнча бир топ кол жазмалар илимий-текстологиялык изилдөөлөрдөн, анализдерден өтүп жарыкка чыгарылды. Алсак, «Манас» үчилтигинин 80 ге жакын вариантынан учурда 30 га жакын варианты жарык көрдү, кыргыз элинин жалпы фольклордук чыгармаларын камтыган «Эл адабияты» сериясынын

40 томдугу жарыкка чыкты. Кол жазмалар фондундагы материалдарды электрондук нускаларга өткөрүү, магниттик ленталардагы аудиовидео жазуулары азыркы санариптик колдонууга өткөрүү иштери жүргүзүлүүдө. Бул иштердин бардыгы кол жазмаларды сактоо, изилдөө, жайылтуу багытындагы жакшы көрсөткүчтөр деп айтсак болот. Ошону менен бирге Кол жазмалар фондундагы бай адабий мурастардын ичинде чети оюла элек факт-матриалдар да арбын.

Ы. Абдырахманов элибиздин көркөм сөз казынасынын баркбаасын түшүнгөн адам катары көптөгөн элдик оозеки чыгармачылыгыбыздын үлгүлөрүн калтырып кеткен. Анын «Манас» эпосуна кошкон салымы, улуу манасчы Сагынбай Орозбаковдун вариантын жазып алышы эле эмне деген эмгек. Учурда эпоско тиешелүү бул материалдар Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун кызматкерлери тарабынан басмага даярдалып, жарыкка чыгып жатат. Андан сырткары кол жазмалар фондусунда али окулбай, элге жетпей канчалаган көлөмдүү эмгектери жатат. Аларды элге жеткирүү – тилчи окумуштуулардын, адабиятчы жана тарыхчыларыбыздын милдети. Бул ишти, жогоруда эскерткенибиздей, кыргыз тили жана адабияты мугалими, окутуучу, таланттуу педагог Нарынбек Өскөналиев алдыга жылдыра баштады, мен ага чыгармачылык ийгилик, чың ден соолук каалаймын.

Султаналиев Ишенбек – ф. и. к. ,
Ж. Баласагын атындага КУУнун доценти.

АЛФАВИТ ТАРТИБИНЕ САЛЫНГАН, КАЙТАЛООЛОРУ КЫСКАРТЫЛГАН ЖАНА РЕДАКЦИЯЛАНГАН ВАРИАНТЫ

А

Ала канат киши аңыртка чабат. 122-б.
Абыра-сабыра ашка орток,
атанын сүйбөс уулу малга орток. 61, 195-бб.
Аганын баласы – алкымга чыккан жоо,
ининин баласы – ийинге чыккан жоо. 92-б.
Агач көркү – жапырак, адам көркү – чүпүрөк. 48-б.
Адалдын тамыры – миң, арамдын тамыры – бир. 166-б.
Адалсыган молдонун үйүнөн алты камандын башы чыккан. 64-б.
Адам ачтан өлбөйт, ардан өлөт. 116-б.
Адам маңдайга жазылгандан өтө албайт. 195-б.
Адам ниетинен табат. 189-б.
Адам сүйлөшкүчө, айбан кашынышкыча. 197-б.
Адамга кылган жакшылык айда тийген ай эмес,
күндө тийген күн эмес. 93-б.
Адамдын көзү өлгөндө топуракка тоёт. 89-б.
Адамдын убадалуу сөзү өлгөнү – өзү өлгөнү. 94-б.
Адашкандын айыбы жок, кайтып үйрүн тапкан соң,
ачылгандын айыбы жок, өзү билип жапкан соң. 10-б.
Адын билбеген алек. 13-б.
Ажы болмок кырк жылда, пенде болмок бир күндө. 24-б.
Ажырар карындаш астыңкы ээрдин кашын сурайт. 2-б.
Ажырар карындашыңа унуткусуз сөз айт. 2-б.
Азаптын кайдан келерин ким билет. 145-б.
Азык-түлүгүңдү жеринен сүрө. 190-б.
Ай жүр, аман жүр. 91-б.
Ай орток, күн орток, жакшы орток. 145-б.

Ай толгонун билбейт, жигит болгонун билбейт. 19, 24-бб.
Ай, күн баарыга тең. 15-б.
Айга кол сунба, момунга чоңсунба. 111-б.
Айгыр баатыр үйрүндө, арам баатыр үйүндө. 105-б.
Айгырдан качкан байталдай, аалимден качкан шайтандай. 138-б.
Айда айыл болбойт, күндө коңшу болбойт. 62, 121-бб.
Айда тийген ай эмес, күндө тийген күн эмес. 56-б.
Айдай келдики алды менен өлөт, өрмөчүнүкү өзү өлөт. 53-б.
Айдаса баспас ак атан, кудай айдап жеткирди. 29-б.
Айдын он беши караңгы, он беши жарык,
темирдин бир башы ысык, бир башы суук. 83, 176-бб.
Айлаш катын муңдаш. 124-б.
Аймаганга кара уруштан айтпайт. 196-б.
Айран ичкен сийгек кул, айгыр минген көйрөң кул. 152-б.
Айран сураган челегин жашырбайт. 7-б.
Айран-жуурат жогунда, арча бышып жатканда,
кайдан келдиң, жан боорум. 12-б.
Айт болор, анын эртеси да болор. 159-б.
Айта албаган ооздон чыча албаган көт ийги. 89-б.
Айтар атка бир санат, учар кушка бир канат. 19-б.
Айткан сөз – аткан ок. 30-б.
Айткандын оозу жаман, ыйлагандын көзү жаман. 132-б.
Айтмайынча ким билет, ачмайынча ким көрөт. 153-б.
Ай(*т – Н.Ө.*)паганга кара уруштан айтпайт. 196-б.
Айтып кылган уурунун айыбы жок. 130-б.
Айыгардын бакшысы өзү келет. 22-б.
Айыл болбой сырдаш болбойт, коно жатпай кепке тойбойт. 47-б.
Айыл болсо бололу, үйүбүзгө киришпейли. 36-б.
Айыл конбой, сырдаш болбойт, коно жатпай, кепке тойбот. 190-б.
Айыл консоң байларга, бир тармагың майларга.
Айыл консоң чеченге, кеп түйүнүн чечерге. 173-б.
Айылчы катын – абийирсиз катын. 161-б.
Айып – айдагандыкы, кун – куугандыкы. 184-б.
Ак буудай салып (айдап) өндүрөт, ар жорукка көндүрөт. 122, 201-бб.
Ак дегенге айла жок. 194-б.
Ак жолтойдун канжыгасы кара сеңсел. 130-б.

Ак ит, кара ит – баары бир ит. 149-б.
Ак көңүл киши мурун айткандын тилине кирет. 72-б.
Ак көңүлдүн аты арыкчаал. 20-б.
Ак көрпө жайыл, аты элге дайын. 97-б.
Ак шумкар чабытына карайт, кара шумкар кардына чабат. 183-б.
Ак шумкарга кара куш табы менен теңелет,
жакшы кызга жаман кыз багы менен теңелет,
жакшы эрге жаман эр малы менен теңелет. 24-б.
Аке деген көөнгө жакшы. 121-б.
Акка кыл сынбайт. 42-б.
Аккан арыктан суу жүрөт. 168-б.
Аккула жандан кайранбы. 26-б.
Аккулага бир сын. 60-б.
Акмак достон акылдуу душман артык. 22-б.
Акмакка айткан сөз аккан суудай. 116-б.
Акмакка токмок, болбогонго болушпа. 43-б.
Аксак кой кечинде маарайт. 111-б.
Акты кара, караны чара кылат. 182-б.
Акыл – тозбогон тон, билим – түгөнбөгөн кенч. 116-б.
Акыл артса, жин болот. 44-б.
Акыл оошот, ырыс жугушат. 23-б.
Акыл тоону бузат, баатыр жоону бузат. 112-б.
Акыл чоңдо болсо төөдө, сакалда болсо текеде. 112-б.
Акылдуу отту карайт, акмак казанды карайт. 71, 104, 127-бб.
Акылды дөөлөт мас кылат, адамды шайтан азгырат. 60-б.
Акылды шайтан азгырат, адамды дөөлөт мас кылат. 193-б.
Акылсыз акмак достон душман артык,
өлүп калган арстандан чычкан артык.
Кээ жамандын колуна кавхар түшсө,
баасын айыра албайт, мистен артык. 191-б.
Акылсыз арам сөзгө семирет. 164-б.
Акылсыз баатыр чорго чабат. 22-б.
Акылсыз тойгон жерине кул болот. 150-б.
Акылсыздын мээси жок, карыганча эси жок. 143-б.
Акылы жок арам сөзгө семирет,
катыны жок караңгы үйгө теминет. 60-б.

Акылы жок күлкүчү, санаасы жок уйкучу. 9-б.
Акыр заман болордо айткан киши келет. 26-б.
Ал тапкыча жал тап, эшектин көчүгүн кашып мал тап. 14-б.
Ал, ал деп отуруп, алты сарт өлүптүр. 100-б.
Ала бата шарга бүтөт, акылсызга сакал бүтөт. 175-б.
Ала болсоң, алдырарсың. 70-б.
Ала булут барында малым бар деп ишенбе,
азирейил барында жаным бар деп ишенбе. 28-б.
Ала кап менен бир кебим бар, жайып жиберсем,
Чүйдүн бетине батпайт. 48, 148-бб.
Ала койду бөлө кыркан жүнгө жарыбайт. 21-б.
Ала кушту атынан чакырат. 46-б.
Ала таба каш жаман, ынтымаксыз баш жаман. 122-б.
Ала табак бай жаман, суу акпаган сай жаман. 56-б.
Алабата шорго бүтөт, акылсызга сакал бүтөт. 30-б.
Алакандай бейишти кожо менен молдо алды. 47-б.
Алам(ын) деп алдага калат (калыптыр). 60, 99-бб.
Алган эри жарашса, кара катын ак болот,
баккан ээси жарашса, кара күчүк сак болот. 166-б.
Алган эрим сен болсоң, көргөн күнүм не болот. 137-б.
Алдар көсөө шайтанды алдаптыр. 155-б.
Алдаса болот жаш башты, канетсе болот как башты. 95-б.
Алдын алып чычырканак менен мурдун корооло. 74-б.
Алдында, артында чыргоолу бар. 126-б.
Алдыңа келсе, атаңдын кунунан кеч. 15-б.
Алдыңда казган терең ор, ажал деген – адамга айланта тарткан темир тор. Торго бир күн түшөсүң, жалган дүйнө чиркинден такыр күдөр үзөсүң. Турамын десең болбойт ко*(го – Н.Ө.)*, туюктап ажал торгойт ко*(го – Н.Ө.)*, келемин десең болбойт ко*(го – Н.Ө.)*, камынтпай ажал торгойт ко*(го – Н.Ө.)*. 142-б.
Алдырар күнү жаздырар. 93-б.
Алдырган анасынын коюнун ачат. 74-б.
Алма быш, оозума түш. 96-б.
Алма сабагынан ашык эмес. 18-б.
Алманын көгүнөн богу, жамандын барынан жогу. 96-б.
Алооке деген кан чыккан, айбатынан жан чыккан. 106-б.

Алты алгысы, беш белгиси жок. 62-б.
Алты катын асага барса, ар кимиси өз муңун айтат. 32-б.
Алты койдун (коюмдун) куйругу азыгым бар,
ар кошко барсам кет дебейт. 27, 178-бб.
Алты олоңум бек болсо, атым туйлап не кылат,
алганым өзүң деген соң, абысын (элим) айтып не кылат. 8, 183-бб.
Алты ооз бир болсо, бир ооз тек турат. 117-б.
Алты черик тондору менен батпайт,
бир чоң багыш бутун тырмалап жатпайт. (чокоюн чечкени) 187-б.
Алтыга алып, бирге (бешке) сат, атың болсун соодагер. 70, 146-бб.
Алтын баштуу катындан бака баштуу эр ийги. 156-б.
Алтын жерде калбайт, жакшылык талаада калбайт. 110-б.
Алтын ээр ак кабак, ат жоорутар болгон соң, алтынын алып отко жак, айланар тууган болбосо, арсаңдап күлүп жатка жак. Күмүш ээр ак кабак, ат жоорутар болгон соң, күмүшүн алып, отко жак, күйөр туугган болбосо, күлүмсүрөп жатка жак. 104-105, 191-192-бб.
Алтынды ала билген бөлө (да) билет. 21, 57-бб.
Алтынды чыккан жерден каз. 22-б.
Алтындын зери учурат. 78-б.
Алы келбеген акыретчил. 10-б.
Алын билбеген алек. 13, 70-б.
Алына карай (жараша) шүгүр,
оорусуна (а...) карай (жараша) түкүр. 93, 148-бб.
Анда бол, мында бол, аш ичерде пайда бол. 76-б.
Андан ага, мындан буга тийип жаны кайда калат. 114-б.
Анык кандан кыныккан ууру болот,
оолуккандан соолуккан жинди болот. 45-б.
Аңдабай сүйлөгөн оорубай өлөт. 9-б.
Аңдышкан айыл болбойт, эсептешкен коңшу болбойт. 66-б.
Аңырт сөз ааламга дүрбөөн салат. 157-б.
Ар бир ишти жеринен сүрөө маакул. 84-б.
Ар ким өз үйүндө кан. 77-б.
Ар ким өзүнө жакканын кылат. 91-б.
Ар кимде бар бир кыял, ал кыялды ким тыяр. 11-б.
Ар кимдики өзүнө ай көрүнөт көзүнө. 5-б.
Ар кимдин жери – өзүнө мисир. 174-б.

Аргимдин *(Ар кимдин – Н.Ө.)* колуна карга чычат. 115-б.
Ар кимдин көрү ар башка. 155-б.
Араба май менен жүгүрөт. 56-б.
Арак масынан качпа, мал масынан кач. 16-б.
Арам жеген бура баспайт. 42-б.
Арамдын тамыры бир. 37-б.
Арамзанын этеги узарбайт. 58-б.
Арачачыга алты таяк. 112-б.
Аргымакка жал бүтөр, азаматка мал бүтөр. 7-б.
Аргымакты жал жок деп жолго таштап кетпеңер,
азаматта мал жок деп журтка таштап кетпеңер. 7-б.
Аргымактын азганы – аркы-терки басканы,
азаматтын азганы – көчкөндө жөө басканы. 45-б.
Арзандын сорпосу татыбайт. 41-б.
Аркаңды бай жеди, тапканыңды ит жеди. 53-б.
Аркар, кулжа – зоонуку, арпа, буудай – боонуку,
эчки, теке – чердики, атып алган эрдики. 182-б.
Арпа, буудай аш болот, алтын, күмүш таш болот. 15-б.
Арпа, жазы, ат эрдин масы. 55-б.
Арстан алганына кубанбай, чалганына кубанат. 15-б.
Артык дөөлөт баш жарбайт. 138-б.
Артык кылам деп тыртык кылат. 63-б.
Артык шашкан албарстыча карганат. 155-б.
Арыган ат семирер, ачкан курсак тоюнар. 16-б.
Аса карыбайт, алтын чирибейт. 40, 162-бб.
Асан кайгы киши өз үйүнө жек көрүндү болот. 84-б.
Аста бырылданын казаны акырын кайнап, тез бышат. 85-б.
Асылган оору албай койбойт. 181-б.
Асылкечтин оюну зая. 167-б.
Асылуу казан бышылуу аш, ашмалтай жоош. 49-б.
Асыранды баланы айылчы катын чыгарат. 67-б.
Ат акырына айланат. 59-б.
Ат алтоо (көп) болсо, минерге ат табылбайт,
ат бирөө болсо, бararга жер табылбайт. 59, 136-бб.
Ат арыбас болсочу, эр карыбас болсочу. 123-б.
Ат арытмак оңой, эр арытмак кыйын. 65-б.

Ат арытып мине элек, ат кадырын биле элек,
тон тоздуруп кие элек, тон кадырын биле элек. 99-б.
Ат асмандан. 32-б.
Ат атыңдан айрылба, аты жокко кайрылба. 36-б.
Ат аяган жер карайт, куш аяган көк карайт. 36, 159-бб.
Ат баспайм деген жерин үч басат,
конбойм дегенди караңгы түн кыстап кондурат. 34, 169-б.
Ат башы менен эр башы, кайда калбайт бир башы. 55-б.
Ат башына иш түшсө, ооздугу менен суу ичет,
эр башына иш түшсө, өтүгү менен суу кечет. 13-б.
Ат жакшысы боз болот, эр жакшысы таз болот. 33-б.
Ат жоорумак тердиктен, найза салмак эрдиктен. 46-б.
Ат жүгөнү кан болгуча салыш. 39-б.
Ат казыгына айланат. 201-б.
Ат качаган болгон соң, аштан-тойдон калган соң,
болуп-болбой не пайда. 68-б.
Ат көрбөгөн чаап өлтүрөт, катын көрбөгөн уруп өлтүрөт. 38-б.
Ат мүдүрүлбөй жер тааныбайт. 55-б.
Ат оонаган жерде түк калат. 22-б.
Ат өлсө, соору керек, ага өлсө, жеңе керек. 147-б.
Ат өткөндөн ит өтөт, ийне өткөндөн жип өтөт. 25-б.
Ат сыйлабаган киши да сыйлабайт. 72-б.
Ат табылгыча аякылоо, тай табылгыча таякылоо. 9-б.
Ат табылса да, ээр, токум табылмагы кыйын. 96-б.
Ат ээсин тапты, катын эрин тапты. 97-б.
Ат, аттан кийин жат. 16-б.
Ата көргөн ок жонот, эне көргөн тон бычат. 29-б.
Ата тилин албаган, эне тилин албаган,
киши айткан тилге кирген. 156-б.
Атадан алтоо болсо, ар жалгыздык башта бар. 11-б.
Атадан арта туулдум деген уулдун бир боконосу кем. 46-б.
Атадан уул туумак керек, ата жолун куумак керек. 67-б.
Атаке кызга ботоке күйөө, анчике кызга мүнчүкө күйөө. 26-б.
Атакенин даңы уруп, ак жылкынын чаңы уруп. 130-б.
Атакенин тушунда минбейт элең күлүктү,
Сүрүкөнүн тушунда тарта албадың чүлүктү.

(боор жерде уй минген аялга айтылган сөз) 130-б.
Аталга керким жоголду, керкимди таап алгандыр,
сыртынан бүлөп салгандыр. 138-б.
Аталуу жетим – аргасыз жетим, энелүү жетим – эрке жетим. 52-б.
Аталуу уул – кожолуу кул. 68-б.
Атам, энем бар болсун, оозу-мурду жок болсун. 118-б.
Атамдын өлөрүн билсем, бир табак кебекке сатпайт белем. 101-б.
Атан өлсө-тайлак бар, кому жерде калбайт ко*(го – Н.Ө.)*,
ага өлсө, ини бар орду куру калбайт ко*(го – Н.Ө.)*. 65-б.
Атан төө мас болсо, тайлак төө менен дос болот. 15-б.
Атан этин оордобойт, султан сөөгүн кордобойт. 30, 138-бб.
Атаныкы балага. 96-б.
Атанын ардагы, эненин эркеси, кой ичинде серкеси. 129-б.
Атанын каргышы – балага ок,
өрттөп ийчүү *(ийчү/ийүүчү – Н.Ө.)* чок. 8, 164-бб.
Атанын көөнү балада, баланын көөнү талаада. 13-б.
Атанын малы – чатанын малы. 14-б.
Атанын сүйбөс уулу түн тутат. 35-б.
Атанын сыймыгын арам уул кетирет. 165-б.
Атанын уулу азарында бакшы болот. 12-б.
Атаң алтымышка чыкканда, алдап-соолоп күчүн ал. 58-б.
Атаң жаман киши эле, энең жаман киши эле,
эт бергендин күңү эле. 170-б.
Атаң сенин май сени, жаманды жакшы кылган мал сени. 165-б.
Атаңа эмне кылсаң, балаңдан ошону көрөсүң. 4-б.
Атаңды өлтүргөнгө энеңди алып бер. 60-б.
Атасы башка аттан түш. 36-б.
Атасы башка менен коён уулаба. 59-б.
Атасы топко кирбеген сөзгө кулак салбайт. 50-б.
Атка бергис кунан бар, кызга бергис жубан бар.
Өгөөгө бергис бүлөө бар, экөөгө бергис бирөө бар. 48, 179-бб.
Атка жапкан үртүктөй, жалгыз туума бүркүттөй. 126-б.
Аткан окту жеткен ок табат. 59-б.
Аттан түштү, жоо өлдү. 121-б.
Аттанганда көчүгү кыйшык эле. 54-б.
Аттаң сени, май сени, жаманды жакшы кылган мал сени. 45-б.

Аттууну жөө демитет, эрди катын кемитет. 9-б.
Атты арыганда көр, эрди карыганда көр. 70, 175-бб.
Аттын аты улук, төөнүн талпагы улук. 38-б.
Аты кашка, атам башка. 158-б.
Атын атаса, куту сүйүнөт. 36, 144-бб.
Атын минип жүрүп издептир. 100-б.
Атың барда жер тааны, атаң барда эл тааны. 65-б.
Ач болсоң алда де, тойсоң тобо кыл. 106-б.
Ач кадырын ток билбейт, оору кадырын соо билбейт. 9-б.
Ач капыр, ач капырдан кач капыр. 22, 105-бб.
Ач көздүн өзү тойсо да, көзү тойбойт. 63-б.
Ач кулактан (кулагымдан) тынч кулак(кулагым). 60, 203-бб.
Ачканын аңы жүрбөйт. 63-б.
Ачкөздүн өзү тойсо да, көзү тойбойт. 193-б.
Ачта жеген куйкаңды токто унутпа,
токто жеген куйкаңды тепти (?) унутпа. 119, 201-бб.
Ачта кеңеш табылбайт, токто кеңеш табылат. 40-б.
Ачтын тогу, арыктын семизи болот. 28-б.
Ачуу менен түчүнү таттуу кылган – туз,
ыраак менен жуукту жакын кылган – кыз. 51-б.
Ачуу менен түчүүнү татты*(уу – Н.Ө.)* кылган туз экен,
ыраак менен жуукту жакын кылган кыз экен. 160-б.
Ачуу – шайтан, акыл – дос, акылыңа акыл кош. 93-б.
Ачуулуунун астынан чыкпа. 16-б.
Ачуусу келген чакчыгай өгүздүн терисин айыра чокуптур. 84-б.
Ачык айтып, ак сүйлө. 148-б.
Аш аз болсо, ээсин сыйлайт. 194-б.
Аш – аттууунуку, той – тондуунуку. 2-б.
Аш ичкиче алам саат. 45, 129-бб.
Аш ичсең, акылың менен. 30-б.
Аш көп болсо, каада көп. 46-б.
Аш ээси менен, баш мээси менен. 47-б.
Аша тентек, ар качан тиет башына келтек. 112-б.
Аштан алакчы калгыча (болгуча), аттан жөө,
тондон жылаңач кал. 58, 188-бб.
Аштык айда жазында, айдабасаң жазында,

ачка өлөсүң күзүндө. 15, 169-бб.
Аштыкты чегиртке жеген күзүндө,
бир табак буудай бир дилде. 26-б.
Ашык айткан азат, топ ойногон тозот, кой кайтарган озот. 48-б.
Ашык жолунда, мышык жолунда. 153-б.
Ашыккан кыз эрге жетпейт, этек-жеңи жерге жетпейт. 69-б.
Ашыккан ууру ачка өлөт. 116-б.
Ашыкмактык – шайтандык. 19-б.
Ашың болбосо, кашың жокпу. 122-б.
Ашыңды ичейин, кадырыңа чычайын. 154-б.
Ашып барып нары өлбөй, же аша электе бери өлбөй,
бейпай болуп белде өлдүң, бейсарамжал жерде өлдүң. 64-б.
Ашыркынын аты озгуча, айылдагынын тайы озсун. 23-б.
Аюудан качсаң, дөңгөккө, дөңгөктөн качсаң, зөңгөккө. 20-б.
Аягы жебей башы жейт, аркандап койсо жакшы жейт.
Туягы жебей башы жейт, тушап койсо жакшы жейт. 38, 139-бб.
Аяз баштакы жоругуңду унутпа, шири чарыгыңды курутпа.134-б.
Аяк кишини жылкыга салса, кагылып орто болот,
орто кагылып баш болот, жылкынын зери бар. 92-б.
Аяк, табак кагышат, ага-ини чабышат, аягында табышат. 203-б.

Б

Баары шумдук баладан чыгат. 124-б.
Баатыр баатыр эмес, мал баккан – баатыр. 160-б.
Баатыр болмок маңдайдан, чечен болмой таңдайдан. 48-б.
Баатыр көтү жик-жик. 119-б.
Баатыр табат, батман жейт. 179-б.
Баатыр табат, батман жейт. 32-б.
Багы байланып, базары түгөнүп. 194-б.
Багы жоктун баары жок. 50-б.
Багыштын богун жеген ит кутурат. (Сары багыш уруусунан чыккан манаптар чектен тыш мыкачы болуп, көрүнгөнгө уусун чачып өрттөгөндүктөн айтылган лакап.) 117-б.
Базар бар, бактыңдан көр. 40-б.
Базарлуу жоо менен байкуш уул кармашат. 9-б.

Бай бай жандын таттуусу, боорунун катуусу. 149-б.
Бай болсоң, жардылыгыңды жашырба. 127-б.
Бай дээр бажа жок, кой дээр кожо жок. 136-б.
Бай жарды болсо, үч жылы байлыгын коё бербейт,
жарды бай болсо, үч жылы жардылыгын коё бербейт. 25-б.
Бай мактанса, бир жуттук, эр мактанса, бир октук. 28, 160-бб.
Бай мактанса, табылат, жок мактанса, чабылат. 22-б.
Бай салык салса, кул чарык салат. 44-б.
Байботонун ойсоң кыз, бу жоругуң койсоң кыз, бу жоругуң койбосоң,
камчы тиет мойнуңа, кан шорголойт койнуңа. 103-б.
Байга балаа барбы. 88-б.
Байга кошомат кылам деп, жардынын улактуу эчкиси чыгат. 8-б.
Байгамбар *(пайгамбар – Н.Ө.)* барына азыр. 81, 166-бб.
Байге аты караалдаш. 182-б.
Байге аты караандаш. 81-б.
Байгеден озгон орок баш,
машкүлдө (машкулу) болгон чолок чач. 29, 176-бб.
Байда *(пайда – Н.Ө.)* тапкан жериңе балпаңда да жүргүнүң,
залал тапкан жериңден кылчаңда да качкының. 105-б.
Байды кудай урарда конок келсе, жашынат,
атты кудай урарда аягынан басынат. 111-б.
Байды кул десе күлкүсү келет, кулду бай десе өлгүсү келет. 24-б.
Байдын ашын байкуш аяйт. 58-б.
Байдын баласы, айраның, айраның болбосо,
чыгарар элем ойронуң. 31, 177-бб.
Байдын баянасы жугат, жоктун жоорутмагы жугат. 25-б.
Байдын малын аяба, өлсө менин к...яма. 33-б.
Байдын уулу назар ач, ыймандуу киши андан кач. 34-б.
Байдын уулусуң, чаап токтогондо жоктоорсуң. 4-б.
Байлыгыңа батегим, бийлигиңе сийдигим. 161-б.
Байлык мурат эмес, жоктук (жокчулук) уят эмес. 37, 155-бб.
Байтал жуушап, балдар уктасын. 79-б.
Байтал чуркап байге албайт. 63-б.
Байталым, жаның үчүн чуркайсың. 200-б.
Байы өлгөн кул дардактайт. 147-б.
Байы чоңдун кулу чоң. 90-б.

Байына шилтеп кулу жеп, кулуна шилтеп байы жеп. 90-б.
Байыркынын алпы көп, алпынын толгон калпы көп. 110-б.
Байыры аш күйүптүр, ушу убакка чейин жыты чыгат. 38-б.
Бак карабай, кыдыр даарыбайт. 138-б.
Бака жеп көлгө, жылан жеп ийинге кирет. 48-б.
Бака майрыгын билбей, жыланды ийри дейт. 14-б.
Бакпай балаандан, жаппай жалаандан. 158-б.
Бакпай балааңдан, жаппай жалааңдан сакта. 10-б.
Бакшы жакшы болобу, жакшы бакшы болобу. 6-б.
Бакшыга барса, бак дейт, бүбүгө барса, бүк дейт. 188-б.
Бакылдаган текени суу кечкенде көрөрбүз,
какылдаган катынды кыз бергенде көрөрбүз. 10-б.
Бакыр алдуу, кой шыйрактуу. 23-б.
Бакыр болсоң, макмал кий. 30-б.
Бакыр киши маанада, сокур киши шоолада. 30-б.
Бакырчаак төөнүн бары жакшы. 31-б.
Бала болсун мал менен, аргымак болсун жал менен,
ар ким ишин кылбайбы, өзүнө туштук ал менен. 123-б.
Бала калса, мал табат, катын калса, эр табат,
кайран башың не табат. 123-б.
Бала уйду эмсе, үйдө сүт төгүлөт. 143-б.
Бала ыйлабай, эмчек жок. 67-б.
Бала, баланын иши чала. 67-б.
Балаага сабыр, казаага ыраазы, бергенине шүгүр. 134-б.
Балааны кайдан деп болбойт. 134-б.
Балага ата сынчы. 4-б.
Балакеттен машайык качып кутулат (качат). 2, 174-б.
Балаалуу көткө бармагыңды катпа. 13-б.
Балалуу үй – күлүстөн, баласыз үй – көрүстөн. 16-б.
Баланы жашынан, катынды (келинди) башынан. 46, 175-бб.
Баланын аптисине карай ат коюлат. 26, 89-бб.
Баланын бары да балаа, жогу да балаа. 35-б.
Баланын үйү бапанын алачыгы. 33-б.
Балга (балдын сөзүнө) ишенбе, балсыз да жүрбө. 100, 193-бб.
Балта көтөргүчө, дөңгөч эс алат. 15, 139-б.
Балык жеген багышпайт,

бейили*(пейили – Н.Ө.)* кеткен беришпейт. 76, 126-бб.
Балыкка тил киргизип, дөңгөчкө жан салып отурат. 112-б.
Балыкка тил, дөңгөчкө тил киргизет. 130-б.
Балыктын тиричилиги суу менен. 20-б.
Балырлуу көлдө бака бар, тулпар атта така бар,
дарыя сууда балык бар, биз укпаган калык бар. 128-б.
Бапылдаган текени суу кечкенде көрөсүң,
бакылдаган катынды кыз бергенде көрөсүң. 150-б.
Бар балтаң, жок калтаң. 23-б.
Бар барынча, жок алынча. 188-б.
Бар карындаш батууда болбосун,
жок карындаш жолдо отурбасын. 18-б.
Бар качаган кутулбайт, жок качаган тутулбайт. 40-б.
Барган жериң бакты, кыз көөнүңө жактыбы. 195-б.
Бардык шумдук баладан чыгат. 124-б.
Барын айтам деп баарын айтат. 85-б.
Барыңа мактанба, жокко шашпа. 113-б.
Баскан аяк бок басат. 154-б.
Баскандан эринсең, чуркаарсың. 9-б.
Баш айрылса (жарылса), бөрк ичинде,
кол сынса, жең ичинде. 8, 78-бб.
Баш ичеби, баштык ичеби. 90-б.
Башка келген балаага кулак, мурун садага. 13-б.
Башка келсе, байтал жорго болот. 52-б.
Башка тийсе, өлдүк, көчүккө тийсе, көтөрүлүп бир учтук.
(бөдөнөнүн сөзү) 59, 100-бб.
Баштагы күнүңдү унутпа, шири чарыгыңды курутпа. 16-б.
Баштык ичпей, баш ичет. 58-б.
Башчы(сы) болбой марыбайт, баш аламан жарыбайт. Эпчили болбой эл болбойт, эгерим жаман бел болбойт, бактысы жок кишинин эгерим сөзү эм болбойт. 64, 140-бб.
Башы бапан, аягы сапан. 90-б.
Башы бар киши үйүрү өскөн айгырдай. 162-б.
Башы барга мал токтойт. 168-б.
Башы баш, багалчагы кара таш. 138-б.
Башы жок бака, көзү жок көгөөн. 118-б.

Башы жоктун баары жок. 84-б.
Баян да болсо мал менен, бучук кар *(кара?-И.С.)* нар менен. 133-б.
Бедери жок торкодон бек токуган бөз артык,
медери жок туугандан бек кармашкан жат артык. 191-б.
Беймаал чакырган тооктун башын жул. 82-б.
Бек байлагын атыңды,
жайына коё бербегин эси жок эсер катынды. 140-б.
Бекер – кудайдын душманы. 4-б.
Бекер ашка доочу, белен кызга жуучу. 118-б.
Бекер кепин табылса, өлмөк керек. 5-б.
Бекер киши таз болобу. 106-б.
Бекердин чолоосу жок, устанын тогоосу жок. 21-б.
Белге чапкан жыландай болду. 139-б.
Белге чапкан жыландын өлгүсү жок,
шум жалган бир айланып келгиси жок. 133-б.
Бербегенди берип уялт. 63-б.
Бербес жооп өзүмдөн болсун дейт. 123-б.
Бербестин ашы бышпас. 73-б.
Бергенге беш да көп, алганга алтымыш да аз. 5-б.
Бергенди кудай жакшы көрөт. 88-б.
Береген колум – алаган, майлуу колум жалаган. 17-б.
Берейин деген кулуна белен кылат жолуна,
бербейин деген кулуна сатса келбейт пулуна. 57-б.
Берейин – калп, белсиздин иши. 143-б.
Берерге бешимде кымыз, бербеске эртең менен саамал. 7-б.
Берип берен болгуча, бербей сараң бол. 109-б.
Берип убара берен болгуча, бербей сараң бол. 168-б.
Берсе тойбос, куйса толбос. 168-б.
Бетегесиз жерден түңүл, берекесиз элден түңүл. 143-б.
Бетке айткандын заары жок. 34-б.
Бечарага жөтөлдүн пайдасы эмне. 88-б.
Бечел турса, жер өрттөйт. 4-б.
Беш камчы кимде болсо, береке ошондо. 3, 102-бб.
Беш кол тегиз эмес. 42-б.
Беш колду оозго салса, береке кетет. 73-б.
Беш тогоол албай бел чечпейт. 158-б.

Бешик баласы беш түлөйт. 28, 57-бб.
Бешик көргөн бери кел, эшик көргөн нары кет. 160-б.
Бийик болсоң, жапыз бол, улук болсоң, кичик бол. 48-б.
Билбеген киши уу ичет. 66-б.
Билбес, билгендин тилин албас. 60-б.
Билген миңди башкарат, билбеген өзүнүн жөнүн билбейт. 116-б.
Билгизбеген бийден сулуу. 114-б.
Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат. 50-б.
Билек бирге болсо, манжа башка. 70-б.
Билимдүү миң балаадан кутулат,
билимсиз миң балаага тутулат. 72-б.
Билими бар миң балаадан кутулат. 116-б.
Билимсиз миң балаага тутулат. 116-б.
Бир агарган сакалың кайрадан чыгып карарбас. 17-б.
Бир айткан сөздү кабыл кылганды падыша де. 179-б.
Бир ит көрүп үрөт, бир ит көрбөй үрөт. 26-б.
Бир кап курутту бир сасык (чирик) курут чиритет,
миң кишини бир бузук иритет. 33, 145-бб.
Бир карыдан бөз кетет, бир карыдан кыз кетет. 160-б.
Бир катындын мекери кырк эшекке жүк болот. 33-б.
Бир колуңду ачып, бир колуңду жум. 48-б.
Бир көргөн – билиш, эки көргөн – тааныш,
үч көргөн менен тура калып көрүш. 54-б.
Бир күндө үч көчкөн журттай түңүлдү. 196-б.
Бир күнү туз таткан жериңе миң күнү салам айт. 151-б.
Бир күнү укмуш укпаса, кулак дүлөй болот. 107-б.
Бир кыялың санасам, күйгүм келет,
бир кыялың санасам, көрүңдүн төбөсүнө сийгим келет. 138-б.
Бир мунарга жете албай жатып, бир мунарга бутун артат. 42-б.
Бир сырдуу, кырк кырдуу болуш керек. 72-б.
Бир уйдун мүйүзү сынса, миң уйдун мүйүзү зыркырайт. 17-б.
Бир устаныкын бир уста балта,
керкилик иши бар экен дейт. 25, 190-бб.
Бир үйдүн жарыгы бир үйгө тийбейт. 15-б.
Бир чайнасаң май чайна, былпылдасын оозуңда. 31, 168-бб.
Бир энеден так, жумурткадан ак. 125-б.

Бир эрден чыккан жакшыраак, эки эрден как шыйрак,
үч эрден чыккан катындан даңгыл эшек жакшыраак. 21, 163-бб.
Бирге жатпа бит көргө, соода кылба сүткорго. 173-б.
Бирди бакса, миң болот, миңди бакса, сан болот. 29-б.
Бирдики миңге, миңдики түмөнгө. 65-б.
Бири жаман бир жакшы ар кайда бар,
эки жакшы баш кошор күн кайда бар. 66-б.
Бирөө кечерге кечүү таба албайт,
бирөө ичерге суу таба албайт. 1, 189-бб.
Бирөө өлүп жатат, бирөө күлүп жатат. 70-б.
Бирөөгө чуңкур казсаң, тайыз каз, өзүң түшсөң, чыгарга. 7-б.
Бирөөнүн айдамалуу малы бар,
бирөөнүн ат көтөргүс даңы бар. 147-б.
Бирөөнүн бүлөсүн кеп кылба, башыңа келет. 122-б.
Бирөөнүн жеринде султан болгуча, өз элиңде ултан бол. 49-б.
Бирөөнүн зайыбы бирөөнө кыз көрүнөт. 55-б.
Бирөөнүн көзүндө болот, бирөөнүн сөзүндө болот. 78-б.
Бирөөнүн өлүмүн тилегиче, өз өмүрүңдү тиле. 181-б.
Бирөөнүн тоогун жесең, каз байла,
малын жесең (жетер), кыз байла. 74, 125-бб.
Битке өчөшүп, көйнөгүңдү отко салба. 33-б.
Боёкчу десе, сакалын кошо боёйт. 34-б.
Бозала борук, болбогон жорук. 198-б.
Бозодогу сөз бокко турбайт. 95-б.
Бойлукта байлык жок. 22-б.
Бок жесең (жеген), күрөгүңдү (күрөгүн)
байлана жүр (жүрүш керек). 58, 77-бб.
Бокту чапса, бетке чачырайт. 61, 150-бб.
Болбогонго болушпа. 96-б.
Болду, болду кыз, үйдүн ичи толду кыз, эми бербе кудай кыз, эми кудай алба кыз! Кара болсо, болсун, карап олтурган ал жаман, тору болсо, болсун, томсоруп олтурган ал жаман. 104-б.
Болом деген баланды (уулуңа) базар жолун көргөзбө, болбойм деген баланды (уулуңду) коё бергин казанга. 56, 170-бб.
Болор кулун желеде болкуйт, болор бала бешикте болкуйт. 67-б.
Болот бычак кынга жатпайт. 40-б.

Боорсок жебес Бокубий бок жегидей болуптур. 126-б.
Боору ооруса, боорго тебет. 108-б.
Боор(у)тко жүнү боорунда, чырым тал жүнү бетинде,
балапан жүнү маңдайда, эненин сүтү таңдайда. 75, 127-бб.
Бороондуу күнү бок кычайт. 9-б.
Бою бир карыш, сакалы эки карыш. 79-б.
Бою бокор, үнү жокор. 79-б.
Бою келтенин ою келте. 101-б.
Бөдөнө бөлтөйүп, кыргоол кымпыйып, тоодак да томпоюп, мындай жаткыла, эки сартка бир тартар, бир саны бизге артар. 93-б.
Бөдөнөнүн үйү жок, кайда болсо бытпылдык. 6-б.
Бөлүнгөндү бөрү жейт, жарылганды ууру алат. 53-б.
Бөөдө соку издетти. 197-б.
Бөрк ал десе, баш кесет. 86-б.
Бөрү алгандын баласы ширилебей түлкү алат. 132-б.
Бөрү атар уулдун бөркүнөн тааны. 44-б.
Бөрү баласы ит болбойт. 32-б.
Бөрү баласына баш тоголот. 50-б.
Бөрү жок десе, бөрк алдынан, ууру жок десе, жар алдынан. 74-б.
Бөрү карыса, бир койлук алы бар. 21-б.
Бөрү карысын жектейт. 15-б.
Бөрү койго тойбойт, адам ойго тойбойт. 116-б.
Бөрү күндөн желден жейт, жети күндөн кийин элден жейт. 142-б.
Бөрү сууну шалпылдатып, кой кечкен суу экен дептир. 91-б.
Бөрүгө кой кайтарт(кан)(па). 109, 169-бб.
Бөрүнүн ажалы көтү күйүк иттен. 136-б.
Бөрүчү бүркүт өлүчү. 57-б.
Бу жүрүшүң койбосоң, көчпөй көлүк өлтүрдүң,
бу күлүшүң койбосоң, үйгө жыйын толтурдуң. 58-б.
Бузук иштер жала(*аа – Н.Ө.*)дан чыгат. 125-б.
Бузуктун бар жүрүшү чуу менен. 142-б.
Бузулган элге бучуктан бий. 29-б.
Буйга минген төөсү бар, чабаганчы жөөсү бар. Саманын көрдөй чаптаган, чокоюн кер тору аттай таптаган. 103-б.

Эскертүү: Кашкар, Какшал территориясы таш менен капталган жана шамаал кой (?) *(шамалкөй – Н.Ө.)* тоолуу болгондуктан, андагы

кыргыз уруулары дайыма чокой тартынып, колуна таяк алып, алда канча кырларды жөө баса берет. Саманын ороо казып көмөт. Көбүнчө төө минет.

Буйруксуз ашка мурун канайт. 17-б.
Букада кайын жок, инекте төркүн жок. 16-б.
Буканын мурду карыбайт, эрдин көөнү карыбайт. 14-б.
Букарда булу *(пулу – Н.Ө.)* бардын көөнү ток. 33-б.
Бул элди кара көпөлөк айдады. 88-б.
Буламыкты кылган катын кылат. 198-б.
Булбулдун мукам үнү бар, торгойдун доош тили бар. 173-б.
Булбулдун үнүн укпай, жайкалып талаа ачылбайт. Күкүктүн үнүн укпай, күн чайыттай ачылбайт. Күйүт тарткан кишинин күндө арманы басылбайт. 109-б.
Булду *(пулду – Н.Ө.)* берсең, сүткө бер.
(сүт кайнап ташыганда өзүбектин айтканы) 97-б.
Булут ала, жер чоло. 86-б.
Булут чайнап, муз бүрккөн. 177-б.
Бура сүйлөгөн күлөргө жакшы. 86-б.
Бутунан мүдүрүлгөн турат, оозунан мүдүрүлгөн турбайт. 105-б.
Буудайдын барар жери – тегирмен. 33-б.
Буюрбаган ашыңа, жөө конок келсин кашыңа. 17-б.
Бүлүнгөндөн бүлдүргө алба. 27, 122-бб.
Бүркүт карыса, чычканчы (болот). 6, 167-бб.
Бүркүттүн ээси болсо, түлкүнүн теңири бар. 21-б.
Бүтөр ишке сааттуу аралжы болот. 106-б.
Бүтүн басыстын намысын чолок уйлуу Айталай талашкан. 122-б.
Быламыкка тиш сынат, кыламыкка бут сынат. 109-б.
Быламыкты кылган катын кылат. 23-б.
Бышарына күйүп, чыгарарына күйбөө болбойт. 86-б.
Бээ баласын берте теппейт. 6-б.
Бээ десе, төө дебе. 113-б.

Д

Дабаан ашырат, дарыя кечирет. 95-б.
Дабыр-дубур, дабыр таш, дарбаза оозу темир таш, жан күйөрүң жок болсо, туу түбүндө туйлап калат кайран баш. 50-б.

Дайыны жок достун кереги жок. 87-б.
Далилсиз сөз бүркөлгөн күндөй. 109-б.
Дарыянын жанынан кудук казылбайт. 39-б.
Дем кыял, дем кыялда кем кыял. 84-б.
Доодон тийгенин ал. 102-б.
Дос айрылат, сөөк кайрылат, эң жаманы суу кечирет. 14, 185-бб.
Дос анданы ант урат, куданданы бата урат. 8-б.
Дос таарынса, бергенин алат. 12-б.
Достун түбү – доо. 193-б.
Досум деп сыр(ыңды) айтпа, досуңдун досу бар. 46, 126-бб.
Досуң баягыдай эмес, бар болсо аягыдай эмес. 66-б.
Досуңа ичкениңден бер. 138-б.
Дөөлөр келсе, шаалар көчүгүн кысат. 191-б.
Дөөлөт (топ) томолок, мээнет – жашыкка илешкен чөп. 54, 185-бб.
Дөөлөтүңө да ишенбе, мээнетиңе да ишенбе. 76-б.
Дөөнү көрсөң, иерсиң, ыштаныңа сиерсиң. 38, 154-б.
Душман*(га?-И.С.)* эгер *(эгерим?-И.С.)* ишенбе, айбалдаң *(айбалтаң?-И.С.)* белиңде болуп, колуңдан келсе кишенде. 129-б.
Душманга ишенбе, түшөрсүң кишенге. 150-б.
Душмандан өтөм десең, эгин бак,
туугандан өтөм десең, кой бак. 14-б.
Дүлөй ооз караса, сокур тыңшайт. 109-б.
Дүлөй укканын койбойт, сокур көргөнүн койбойт. 11-б.
Дүлөйгө салам айтса, эмне дейт. 109-б.
Дүнүйө арабадай айланат, бир оң иш, бир сол иш. 65-б.
Дүнүйө оомалуу, төкмөлүү. 89-б.
Дүнүйөнү сел алса, акмактын тушарына чыкпайт. 3-б.
Дүнүйөнүн түбүнө дүмпөкү какбаш жетиптир. 90, 149-бб.

Ж

Жаа сынарында катуу. (Суук чыгарында катуу.) 57-б.
Жаактууга жай бербес, жайдак атка бой бербес. 60, 96-бб.
Жаакты баштан айырба. 52-б.
Жаба-жаба-жаба деп, жал, куйругу коюу деп, жабадан айгыр салбаңар, жаздыгы бийик жакшы деп, жамандын кызын албаңар. Жабадан

айгыр салсаңар, жаманчылык күн тууса, жанга өлчөөр ат туубайт, жамандын кызын алсаңар, жаманчылык күн тууса, жаныңа күйөр эр туубайт. 35-б.
Жабууласа жал калат, жал астында жан калат. 3-б.
Жабуулуу кара инген зайыптан чыгат. 95-б.
Жабулуу *(жабылуу – Н.Ө.)* аяк жабулуу *(жабылуу – Н.Ө.)* бойдон калды. 117-б.
Жаз – жарыш, күз – күрөш. 62, 157-бб.
Жазакер катын жаткыча таяк жейт. 72-б.
Жазбай аткан мерген бар, алыскы ишти көргөн бар. 128-б.
Жаздыктан өлгөн – жаманат, жоодон өлгөн – салтанат. 68-б.
Жазында жоон сүзүлөт, ичке үзүлөт. 49-б.
Жазында сайга, кышында кырга конбо. 109-б.
Жай – бейиштин белгиси, кыш – тозоктун белгиси. 189-б.
Жай жарагы менен, куш конуусу менен. 8, 163-бб.
Жай кийгенин кыш кийген жарды кайдан байысын. 38-б.
Жака, жең алты карыш, жаңылбаңар, жеңелер. 98-б.
Жакшы азамат белгиси – нары мырза, нары кул. 38-б.
Жакшы ата алысты жакын кылат. 115-б.
Жакшы атка бир камчы, жаман атка миң камчы. 71-б.
Жакшы атты ууга мин, жаман атты буйга мин, түнөп калган уйга мин. 103-б.
Жакшы бакса, кара күчүк сак болот, кара катын ак болот. 20-б.
Жакшы болчу азамат жатып алып бий болот, жаман болчу азамат качып жүрүп ий болот. 94-б.
Жакшы деген бир атты кууса жетпейт, жаман деген бир атты жууса кетпейт. 1-б.
Жакшы жаңылса, өзүн жемелейт, жаман жаңылса, жолдошун жемелейт. 114-б.
Жакшы жүк көтөргөн лөк болот, жамандын жароосуз иши көп болот. 101-б.
Жакшы зайып алмадай камыр аш этет, айылдын көөнүн кош этет, жаман зайып тулгадай камыр жуурат, тутамдап кылын суурат, эшиктен эки бала кирсе, эринин аманат жанын куурат. 185-б.
Жакшы зайып тартарды таап, бөдөнөнү бөлө кылат. 145-б.
Жакшы ит өлүгүн көргөзбөйт. 80, 143-бб.

Жакшы катын – кенч. 114-б.
Жакшы келик болот, жүк көтөргөн көлүк болот. 88-б.
Жакшы кол – ийик, жаман – жылбаган кыйык. 54-б.
Жакшы менен дос болсоң, чыгарсың мураска,
жаман менен жолдош болсоң, каларсың уятка. 10-б.
Жакшы менен жүргөн жарыйт,
жаман менен жүргөн убай менен карыйт. 80-б.
Жакшы санаа – жарым ырыс. 6, 133-бб.
Жакшы сөз жан семиртет, жаман сөз жан секиртет. 7-б.
Жакшы төөнүн мурду жырылбайт. 80-б.
Жакшы ургаачы жоого түшсө, күң болбойт. 17-б.
Жакшы элпек болот, жамандын колунда келтек болот. 101-б.
Жакшыга кызмат кылса, кылынды дейт,
жаманга кызмат кылса, жалынды дейт. 2-б.
Жакшыга бара *(пара – Н.Ө.)* бергиче, алдына улам бар. 22-б.
Жакшыда жалуу жок, жаманда каруу жок. 5-б.
Жакшыда кек жок, жаманда эп жок. 101-б.
Жакшыда кек жок, жетим кызда сеп жок. 71-б.
Жакшыдан асыл сөз калат, соодагерден боз калат. 141-б.
Жакшыдан бөөн, жамандан жан. 28-б.
Жакшыдан жаман туулса – чыгаша,
жамандан жакшы туулса – киреше. 117-б.
Жакшыдан мөөн туулат, жамандан жаан. 175-б.
Жакшылардан сөз калат, соодагерден бөз калат,
усталардан дат калат, молдолордон кат калат. 180-б.
Жакшылардын сөздөрү май сепкендей,
жамандардын сөздөрү тай тепкендей. 178-б.
Жакшылык жакшылык менен кайтпайт. 104-б.
Жакшылык жолдо калбайт, асыл таш жерде калбайт. 116-б.
Жакшылык кылгандын үйүнө өрт кой. 149-б.
Жакшылыкка жакшылык ар кишинин иши(дир),
жамандыкка жакшылык эр кишинин иши(дир). 12, 155-бб.
Жакшыны жатым дебе, жаманды өзүм дебе. 46-б.
Жакшыны отко салса, ойноп турат, күлгө салса, күлүп турат. 32-б.
Жакшыны сөз өлтүрөт, жаманды таяк өлтүрөт. 116-б.
Жакшыныкын сатып ич, жамандыкын басып ич. 46-б.

Жакшынын аттан жыгылганы да жакшы. 132-б.
Жакшынын иши жугат, жамандын бити жугат. 141-б.
Жакшынын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт. 6-б.
Жакшынын сөзү – ташка баскан тамга. 109-б.
Жакшынын сөзү жатык болот, жамандын сөзү кычык болот. 101-б.
Жакшынын сөзү жугат, жамандын неси жугат. 141-б.
Жакшынын сөзү таш эритет, жамандын сөзү баш чиритет. 116-б.
Жакшынын шарапаты, жамандын кесепети. 57-б.
Жакшысы өлсө, баары өлөт, жаманы өлсө, бири өлөт. 86-б.
Жакын досуңа ат коюп сына. 66-б.
Жакын жол – жакын да болсо, ыраак жол,
ыраак жол – ыраак да болсо, жакын жол. 189-б.
Жалакордон жаа бою кач. 106-б.
Жалган куранда жалама айран, бугуда буксуган кымыз,
текеде телмирген кымыз. 100-б.
Жалгаса, жамгыр, каргаса, кар жаайт. 73-б.
Жалгыз аттуу жарышчаак, жаман киши урушчаак. 11-б.
Жалгыз бала атка чапса, атасы көчүгүн көтөрөт. 33-б.
Жалгыз баш жаман аш, эки башка тезек аш. 39-б.
Жалгыз жыгач кереге болбойт. 1-б.
Жалгызга кудай жар. 62-б.
Жалдуу болсо ат, жакалуу болсо тон. 176-б.
Жалпы жылдыз бириксе (биригип), жарыктыгы айча жок,
жалпы кедей бириксе (биригип), берекеси байча жок. 50, 199-бб.
Жалт берген(и) жылкыдай, мант берген(и) түлкүдөй. 101, 177-бб.
Жалчы жумшаган жарыбайт, кул жумшаган куруйт. 101-б.
Жаман айтпай, жакшы жок. 67-б.
Жаман айгак жанынан тартат. 18-б.
Жаман айгыр энесине тап. 194-б.
Жаман айыл болгонун милдет кылат. 102-б.
Жаман аңыртка чабат. 105-б.
Жаман атка жал бүтсө жанына торсук байлатпайт,
жаман эрге мал бүтсө, жанына коңшу кондурбайт. 11-б.
Жаман атты буйга мин, түнөп калган уйга мин. 198-б.
Жаман бергенин доолайт. 2-б.
Жаман болбой, жакшы болбойт. 71-б.

Жаман жарасын көрсөтөт. 1-б.
Жаман жарманын ысыгы менен черүүгө аттанат. 5-б.
Жаман ит жайлоодогу жармадан үмүт кылат. 6, 154-бб.
Жаман ит күндүз үрөт. 109-б.
Жаман ит ууга жарабайт. 130-б.
Жаман ит ыркырап буттан алат,
жаман катын аркырап беттен алат. 89-б.
Жаман иттин аты – Бөрүбасар. 54-б.
Жаман катын алгандын жоо үйүндө,
эки катын алгандын доо үйүндө. 183-б.
Жаман киши өз үйүнө коноксуйт,
жаман кыз төркүнүнө манапсыйт. 8-б.
Жаман киши төрчүл. 65-б.
Жаман кой жайытын бир күндө түгөтөт. 13-б.
Жаман кой тишегенде карыйт. 16-б.
Жаман көргөндүн бөркү казанбактай. 30-б.
Жаман күн жакшы болот, кудай урган бакшы болот. 43-б.
Жаман ой жүрөгүн тешпеген,
башынан жаманчылык кетпеген. 112-б.
Жаман сөз – сөөккө баскан тамга. 168-б.
Жаман тамашадан жылкы алганда (алып келгенде),
таңданбаган киши жок, таңда күнү ээси айдап кеткенде,
табалабаган киши жок. 19, 159-бб.
Жаман түшүндү жалаярга жору. 34-б.
Жаман уй жарда музоолойт. 8-б.
Жаман ууга чыкса, артынан коога чыгат. 37-б.
Жаман уул атасы өлгөндө көбөт. 16-б.
Жаман үйдүн коногу билет. 11-б.
Жаман чарылдак болот, кабаган иттей арылдаак болот. 89-б.
Жаман шыбагасына кулдук кылат. 37, 143-бб.
Жаман ыроо баштаба,
жаныңдагы жолдошуң жылаңачтап таштаба. 31-б.
Жаман эрге мал бүтсө, жанына коңшу кондурбайт,
жаман атка жал бүтсө, жанына торсук байлатпайт. 177-б.
Жаман эрден мал тайса, жаздыктан башын көтөрбөйт. 71-б.
Жаманга жакшылык кылба, жоорго бок сыйпаба. 10, 174-бб.

Жаманга жата берсе, үйүнө айта барат. 21-б.
Жаманга кеп айтса, теңтушсуп кетет. 33-б.
Жаманга күн салгыча, көтөрүп көргө салсын. 46-б.
Жаманга олжо түшсө, үлөшө албай көпкө түшөт. 145-б.
Жаманга өчөшпө, жардыга таарынба. 56-б.
Жаманга чоң аягыңды көргөзбө. 15-б.
Жаманга эш тарткыча, камчы менен беш тарт. 3-б.
Жамандан жакшы туулса – киреше,
жакшыдан жаман туулса – чыгаша. 157-б.
Жамандан жакшылык артпайт. 37-б.
Жаманды мактаса, жардан алыс кетет. 61-б.
Жаманды үч өпсө, не алы калат. 23-б.
Жамандын бир аты жоош, бир аты момун. 7-б.
Жамандын жай табары көп. 37-б.
Жамандын жаманы, адам таппас амалы бар. 19, 154-б.
Жамандын жан досу көп, жанына пайдасы жок. 71-б.
Жамандын жан сактаары – айыл,
жан жыргатары – уйку, жалаңгычы – мал баккан. 13-б.
Жамандын жаны татты *(таттуу – Н.Ө.)*,
жакшынын ары татты *(таттуу – Н.Ө.)*. 187-б.
Жамандын жароосуз жерде
дыкандыгы *(тыкандыгы – Н.Ө.)* болот. 3-б.
Жамандын жаштыгы өлгүчө калбайт. 50-б.
Жамандын жер өрттөп аты чыгыптыр (чыгат). 117, 147-бб.
Жамандын киймин кийсең, тойдо же айтта доолайт. 71-б.
Жамандын кою да өлөт, өзү да өлөт. 182-б.
Жамандын таламын талашам деп, жакшы менен араз болбо. 87-б.
Жамандын эмгеги талаада. 139-б.
Жаманчылыкта үч аяк ичкен үч күнү мурун, эки аяк ичкен
эки күнү мурун өлүп, бир аяк ичкен жыл көрөт. 107-б.
Жамап кий, жалап ич. 9, 118-бб.
Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көбөйөт. 8-б.
Жан бергендин жанына турба. 61, 185-бб.
Жан кейибей, иш бүтпөйт. 109-б.
Жан конок, жалган чолок. 131-б.
Жан көчүгүнө жабагы жалынса деле баягы. 201-б.

Жандоочу кийик аттырат. 181-б.
Жандуудан балык чоң, жаны жоктон камыш чоң. 75, 157-бб.
Жандуунун жайы башка. 78, 99-бб.
Жандын баары ырчы экен, мындай кудай урчу экен. 131-б.
Жаны барда жалынган – жаман эрдин белгиси. 11-б.
Жаны жай алып, жамбашы май алып. 88-б.
Жаныңа ким күйсө, жандай досуң – ошол. 35-б.
Жаңдоочу кийик аттырат. 35-б.
Жаңы туулган баланын бий болорун ким билет,
бешиктеги баланын кан болорун ким билет. 24, 177-бб.
Жаңылбас – бир кудай, жазбас – кара жер. 95-б.
Жаңылбас жаак болбойт. мүдүрүлбөс туяк болбойт. 186-б.
Жап көтүнө жабагы, жалынса дале баягы. 118, 125-бб.
Жар башында жапалак, жапалак көрсөң, атып өт,
жаманды көрсөң, качып өт, жакшыга (жакшыны көрсөң,)
азат боюң сатып өт. 54, 173-бб.
Жар жыгылса, суу бөгөйт, жалгыз өлсө, ким жөлөйт. 61-б.
Жар жыгылса, суу чыкпайт, жалгыз өлсө, чуу чыкпайт. 192-б.
Жаранын оозу ачылса, ырбайт, ырчынын оозу ачылса, ырдайт. 124-б.
Жараткандын бир күнү бар жарым айга бергисиз. 159-б.
Жарды болсоң кооз бол, бай жанынан түңүлсүн.
Жалгыз болсоң чогоол бол, көп жанынан түңүлсүн. 36, 127-бб.
Жарды болсоң, ардуу болбо. 5-б.
Жарды жакага жайлайт, жалгыз эчкисин мойнунан байлайт. 123-б.
Жардыга бай чоң, жалгызга көп чоң. 133-б.
Жардыга таарынба, жаманга өчөшпө. 173-б.
Жардылыгын жашырган байыбайт,
жалгыздыгын жашырган көбөйбөйт. 109-б.
Жардылык жанга тынч экен, жатып ичер аш болсо. 3-б.
Жардымын десең доочуң койбойт,
жалгызмын десең кудайың койбойт. 119-б.
Жардымын десең, доочу койбойт,
жалгызмын десең, ажал койбойт. 75-б.
Жардыны жашырып кыйнайт. 88-б.
Жардынын бир тойгону – орто байыганы. 44-б.
Жардынын жалгыз аты – буудан көк,

келди бекен буудан көк, калды бекен буудан көк. 131-б.
Жардынын үйүнө коёндун жарты кулагы батпаптыр. 94-б.
Жарма берсең, суюк бер, сийгелектеп өлсүн чөн чөй чал,
төшөк салсаң, талпак сал, тайгаланып өлсүн чөн чөй чал. 105-б.
Жарма тамыр жарытпайт. 148-б.
Жарма, жарма болсо да карма. 109, 166-бб.
Жармага таарынып, бирөөгө жамандык издебе. 148-б.
Жароосуз ишке жайланба, сасык санды байланба. 128-б.
Жарыбагандын кызын жалчыбаган алыптыр,
экөө биригип журтта калыптыр. 111-б.
Жасакер катын жатканча таяк жейт. 174-б.
Жаталак өлөт, чычалак көнөт. 28-б.
Жатканга жаан жукпайт. 4-б.
Жатканым – капшыт, укканым – какшык,
ичкеним – сары суу, кулагым – чуру-чуу. (күңдүн сөзү) 97-б.
Жатып өлгүчө, атып өл. 30-б.
Жаш, жаш да болсо баш. 143-б.
Жашта берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү. 40-б.
Жашында үйрөнбөгөн карыганда үйрөнбөйт. 121-б.
Жашында кылсаң көнөрсүң, карыганда кылсаң өлөрсүң. 200-б.
Жебесе да май жакшы, бербесе да бай жакшы. 127-б.
Жеген иттин бетине элге чарык табылар. 40, 61-бб.
Жеген малың кут болсун, ала жай күнү жут болсун. 158-б.
Жеген оозго жарашат. 8-б.
Жегендин көтү жеңдей. 38-б.
Жегенин кускан – чабалдын иши,
көргөнүн айткан – жамандын иши. 168-б.
Жегениңди көп көрбөйм, алыштырганда аз болбосо. 183-б.
Жеке өтүктүү жете албайт, соору өтүктүү бата албайт. 60, 75-бб.
Жекендүү көлдүн бал камыш, жылкы салса от жанат,
уулу жаман болгон соң, атасын төө үстүнөн ит кабат. 37-б.
Жел болбой, чөптүн башы шуудурабайт. 59-б.
Жел өпкөнүн жели сууйт. 62-б.
Жел сөзгө семирген – делбенин иши. 152-б.
Жел чыкпаса, жан чыгат. 27-б.
Желгенимди жел билип,

конгонумду кокту-кокту жер билет. (камгак сөзү) 50-б.
Желмогуздун улам кийинкиси кыйын (чыгат) (болот). 39, 125, 201-бб.
Жемелесе жерге кирбеген, көтөрмөлөсө көккө учпаган көтөрүңкү көк чолок деген болуптур. 108-б.
Жең жаздыктуу, жер төшөктүү (бол). 23, 134-бб.
Жеңенин бир буту – кайын ининики. 142-б.
Жеңил барып, оор кел, жегениңден ала кел. 117-б.
Жеп жети (жетөө) болбойт, алып алты (алтоо) болбойт. 38, 169-бб.
Жер акыны жебейт. 51-б.
Жер дүнүйөнү сел алса, акмактын тушарына чыкпайт. 156-б.
Жер жалмаган неченди, падыша, төрө, чеченди,
оозунан кудай түшпөгөн зикир айткан эшенди. 137-б.
Жер кулагы – жети (жетөө), эл кулагы – элүү. 34, 171-бб.
Жер тамырынан эл тамыры. 65-б.
Жер тоосуз болбойт, эл доосуз болбойт,
бычак кынсыз болбойт, эл сынсыз болбойт. 128-б.
Жергелеген боткок баш, жер куруткан түйдөк баш. 79-б.
Жергелеше жети баш, жер куруткан түйдөк баш. 149-б.
Жерден чыккан жек, суудан чыккан сук. 106-б.
Жеримде жейрен сакал бий элем,
эми саткан кул болдум. (чийдин сөзү) 68-б.
Жерине карай жыланы сойлойт. 76-б.
Жеринен азганга жети жылы конуш жок. 49-б.
Жесе да, жебесе да бөрүнүн оозу кандуу. 41, 190-бб.
Жесир, жесирде болот кесир. 121-б.
Жетесинде жокту жетелесе да болбойт. 89-б.
Жетим жетилет, жергеге кошулат. 124-б.
Жетим киндигин өзү кесет. 86-б.
Жетимдин акысы – тозоктун оту. 53, 136-бб.
Жетимдин сүйгөн ашын ким берет. 18, 102-бб.
Жигит үйдө туулуп, жоодо өлөт. 66-б.
Жижаң байтал эки айгырды атчы кылат. 138-б.
Жоболоңдуу жолго чычса, эмгектүүнүн этеги суу болот. 31-б.
Жоголгон бычактын сабы – алтын. 23-б.
Жойбурланган – анык душман. 85-б.
Жок жамандыкты моюнга алба, сасык сан байланба. 102-б.

Жок ишке соку издетпе. 95-б.
Жоктун жону катуу, өгүздүн моюну катуу. 10-б.
Жокчулдун түбү жок болот, жаман сөз сөөктү жарган ок болот. 109-б.
Жокчулук эрди жоботот. 108-б.
Жол азабы, көр азабы. 79, 126-бб.
Жол болгондо мол болот. 20-б.
Жолдо сокур көрүнсө, жолобогун кашына,
момундун кайры жетер башыңа.
Жолдо тамактын оордугу жок. 96-б.
Жолдуу болсо – ат, жакалуу болсо – тон. 60-б.
Жолоочуну ээрчип ит өлөт. 85-б.
Жолоочунун бий экенин ким билет, кул экенин ким билет. 77-б.
Жолоочунун жолдогусу жакшы,
жолдо болбосо, үйдөгүсү жакшы. 63-б.
Жолоочунун үзөнгү боосу (үзөнгүсү) алты кабат. 11, 122-бб.
Жоо аяган жаралуу, катыны калат каралуу. 5-б.
Жоо кеткен соң, кылычыңды бокко чап. 5-б.
Жоо түбү – эл, жар түбү – кечүү. 46-б.
Жоого ант жок. 55-б.
Жоого барсаң, баарың бар, доого барсаң, бириң бар. 110-б.
Жоолук болсо да жолго (жакшы). 33, 117-бб.
Жоомарт менен калыстын төрт тарабы кыбыла. 140-б.
Жоомарттын жайы бейиште, сараңдар калат кейиште. 128, 136-бб.
Жоон болсоң, кап курсак дейт,
ничке болсоң жылан жуткан жип курсак дейт. 92-б.
Жоонду жонуп же. 42-б.
Жоону көрсөң, басмарла, эчкини көрсөң, тасмала. 52-б.
Жоону сайса кырк чоро сайды, аты калды Манаска. 27-б.
Жоонун малы жашык татыбайт. 75-б.
Жоонун малынын тезеги жугат. 22-б.
Жоорду таап алдым, жоошту чаап алдым.
Асылуу казан, бышылуу аш, ашмалтай жоош. 130-б.
Жоорду таап алдым, жоошту чаап алдым. 49-б.
Жоордун жайын жакыр билет. 24-б.
Жооштон жоон чыгат. 85-б.
Жорго минген жолдошунан айрылат,

көп жашаган курдашынан айрылат. 31-б.
Жорго минген менен жолдош болбо,
жоон жаптык *(жабдык – Н.Ө.)* менен айыл конбо. 42-б.
Жоргодон жорго чыкса, төрт аягы тыбырайт. 39-б.
Жортуулчу башы жолдо калат. 66-б.
Жору тарпка конот. 73-б.
Жору-жору, жорумун, аты куштун зорумун,
баш тырмагым жогунан аты куштун корумун. 51, 190-бб.
Жөнү жок жойбурланганды душман де. 110-б.
Жөө жүргөнчө төө минген жакшы. 65-б.
Жөөнүн топурагы чачылбайт, жалгыздын сөзү өтпөйт. 1-б.
Жумган көзүн ачпас, сунган бутун тартпас. 133-б.
Жумурткадан кыр табат. 45-б.
Жумуру башта нелер жок. 42-б.
Жумурунда уузу жок өмүрүндө тойдум дебейт. 77-б.
Жумурунда уузу жоктон пайда жок. 184-б.
Журт – мазар, журттан чыккан – азар. 4-б.
Журт арасын атанын арам сийдик уулу бузат. 73-б.
Журт ичинде нелер жок, шумурай токту мага жок. 153-б.
Журт темир талкуу. 63, 94-бб.
Журтка жек көрүнгөндү кудай да жек көрөт. 98-б.
Журтту жалгасын, журт ичинде бечара бизди жалгасын. 94-б.
Жуткан жумурда, ичкен ичегиде. 35-б.
Жуткан (жутаган) журтун мактайт. 56, 176-бб.
Жуткан жутабайт. 35-б.
Жуттан жук калат. 26-б.
Жуурат төгүлсө, жугу калат. 1-б.
Жууруп там кылган, сайып бак кылган. 80-б.
Жуучулукка кордук жок, элчиликке өлүм жок. 28-б.
Жүгөн таккан тогоо бар, аны да кесер эгөө *(өгөө-И.С.)* бар. Каргылалуу тайган бар, адамдан чыккан айбан бар. Жерде жүргөн коңуз бар, адамдан чыккан доңуз бар. Өзөн жерде сайлар бар, чык татырбас байлар бар. Мергендерде бараң бар, кол кайырсыз сараң бар. 127-б.
Жүгү оогон оңолбойт. 107-б.
Жүгүргөн албайт, буюрган алат. 4-б.
Жүз, жүздөн кийин (жүзгө барганда, кудайдан) күдөрүңдү үз. 43, 141-бб.

Жүзүң бар уял, жүрөгүң бар корк. 141-б.
Жүйөлүү каргыш жүйөсүн табат, жүйөсүз каргыш ээсин табат. 28-б.
Жүйөлүү сөз жүлүнгө тиет. 93-б.
Жүктү лөк көтөрөт, мээнетти эр көтөрөт. 110-б.
Жүктү нар көтөрөт, кыйынчылыкты эр көтөрөт. 86-б.
Жүргөн аяк бок басат. 43-б.
Жүрөктүн сырын көз билгизет. 110-б.
Жыгачка мөмө бүткөн сайын салбырайт. 133-б.
Жыгачтын жумшагын курт жейт,
кишинин жумшагын киши жейт. 31-б.
Жыгылган оогонго күлөт, жыртык тешикке күлөт. 7, 28-бб.
Жыгылган күрөшкө тойбойт. 41, 136-б.
Жыгылсаң, сынды дейт, сынсаң, өлдү дейт,
ач болсоң, бере албайт, ток болсоң, көрө албайт. 92-б.
Жыйганы жылас, тапканы талаан. 51-б.
Жыкмак бар, баш аттамак жок. 136-б.
Жылан жерине жараша сойлойт. 145-б.
Жылан жылың алдында, жылкы жылың кийининде,
кишенебе, тору айгыр. 52-б.
Жылан чакпай, жылкы теппей. 62-б.
Жыланга да ак чачылат. 122-б.
Жыланды үч кессе, кескелдириктик алы бар. 21, 190-бб.
Жылкы – берен, жылкыны баккан – эрен. 56-б.
Жылкы менен катынга ишенбе. 33-б.
Жылкы менен катындын көкүрөгүнөн көтөрүп,
көчүгүнөн баса мин. 108-б.
Жылкы суудан калбасын. 62-б.
Жылкыдан качыр, мусулмандан капыр. 48-б.
Жылкы-жылкы жылкыдыр, жылкы эрдин мүлкүдүр.
Кара кыяк, бетеге казысы экен жылкынын,
кара мурут күл жигит ээси экен жылкынын. 64-б.
Жылкыны жыландай уул багат. 67-б.
Жылкынын ачуусу кулагынан, иттин ачуусу куйругунан билинет. 110-б.
Жылкыңа карап ышкыр. 4-б.
Жылуу-жылуу сүйлөсө, жылан ийинден чыгат,
катуу-катуу сүйлөсө, капыр динден чыгат. 31, 185-бб.

Жыртык кийимдин бити ачуу, жамандын тили ачуу. 128-б.
Жырык ийненин да кереги тиет. 159-б.
Жээн киргиче, жети бөрү кирсин. 61-б.
Жээн эл болбойт, желке тон болбойт. 47, 183-бб.
Жээриңе келгенде жети көкжал бөрү элең,
жебесиңе келгенде жете окуган молдо элең. 45-б.

З

Залимдер жыланча арбайт, момундар зарлайт. 103-б.
Залимдин тырмагы уу, баатырдын иштери чуу. 134-б.
Заманың сокур болсо, көзүңдү жум. 34-б.
Зарылдын булу (*пулу – Н.Ө.*) күйөт. 57, 156-бб.
Зорго сыйынсаң кудайга сыйын. 146-б.
Зордукчуга теңдик жок. 136-б.
Зордун түбү кор болот, байдын түбү ачка өлөт. 31-б.

И

Издечүү*(издечү – Н.Ө.)* белек жок белек, ителги кара көздүүнү, издегенге кез кылсын ит кыялдуу сөздүүнү. Тандачуу (*тандачу– Н.Ө*) белек жок белек, тал-тал кара чачтууну, тандаганга кез кылсын таргыл бука баштууну. 144-б.
Изин санагандан жакшылык келбейт. 101-б.
Ийгиликтин кечи жок. 1-б.
Ийибеген эмчек болбойт. 110-б.
Ийри тумшуктун ырысы кайышта. 143-б.
Илгери келердин ити чөп жейт,
кедери кетердин келини ууру кылат. 46-б.
Илгеркинин жакшысы элдин-журттун камын жейт,
эмдигинин жакшысы өзүнүн кара жанын жейт. 103-б.
Индостан ыраак болсо да, байгеси жакын. 58-б.
Иниси бардын ырысы бар. 10-б.
Ириген ооздон чириген сөз чыгат,
жаман үйдөн жаман түтүн чыгат. 171-б.
Ит алы келгенин талайт. 6-б.

Ит бири бирин көрсө, кабышат. 124-б.
Ит бок жебесе, башы оорйт. 88-б.
Ит жалдаган сууга кетет. 57-б.
Ит жеңгенин талайт. 165-б.
Ит жүгүрүгүн түлкү сүйбөйт, оору киши күлкү сүйбөйт. 9, 174-бб.
Ит жыйыны бирикпейт. 41-б.
Ит итаягын жалабай алымсынбайт. 77-б.
Ит ичпеген ашынан үмүт кылат. 6-б.
Ит кулагын кескенге үйүр. 94-б.
Ит кутурса, ээсин кабат. 38, 183-бб.
Ит менен бала тойгон жеринде. 162-б.
Ит менен жеген аш кустурбай койбойт. 68-б.
Ит менен куда болсо, бок менен той. 162-б.
Ит өлөрүндө кайышчы. 32-б.
Ит семирсе, ээсин кабат. 44-б.
Ит тойгон жеринде. 71-б.
Ит тумшугуна суу жеткенде суучул болот. 116-б.
Ит ырыстуу киши болот. (жакшы) 144-б.
Итке берген ашыңды, иттей тартсын башыңды. 36-б.
Итке сый жарашпайт. 34-б.
Итке темирдин баркы жок. 4-б.
Итке теңдик жок. 47-б.
Иттен илгери, кишиден кийин. 166-б.
Итти сыйласа, төргө чычат. 42-б.
Иттин богу дары десе, дарыянын башына чыгат. 44-б.
Иттин суук тумшугу көчүгүңө тийсе,
атаңдын төрү тургай, көрүнө кире качасың. 52, 194, 201-бб.
Иттин тезеги дары болсо, дарыянын түзүнө чыгат. 145-б.
Иттин теңи – бит. 117-б.
Иттин этин иттен аяба. 158-б.
Иттүү конок батпайт, биттүү конок жатпайт. 43-б.
Иче турган ашыңа какырба да, түкүрбө. 74-б.
Ичердин ырысын ичпес кыркат. 30, 85-бб.
Ичи жаман итине бок бербейт. 2-б.
Ичи өткөндүн ыштаны билет. 11, 145-бб.
Ичик-ичик түлкү алган иттин аты – Кубагыш. 54-б.

Ичип берүүчүгө ченеп берүүчү бар. 90-б.
Ичкенин кузган – чабалдын иши,
көргөнүн айткан – жамандын иши. 28-б.
Ичпе, жебе, бол бакыл, байыбасаң мен кепил. (шайтандын сөзү) 60-б.
Ичпес жерде суу бар, жебес жерде чөп бар. 26-б.
Ишенген молдоң сууга акса, алды-алдыңдан тал карма. 19-б.
Иши оңолордун (жөнөгөндүн) чүкөсү алчы конот. 62, 124-бб.
Иши илгерилегендин (оңолгондун) ташы өйдө кулайт. 57, 131-бб.
Иши түгөнгөн киши соодасы түгөнгөн сарттай,
чымынын кактырган бакшыдай болду. 130-б.
Ишиң оңолгуча, итиңе кош арт. 87, 201-бб.
Ишиңди акка сал, андан кийин көпкө сал. 39-б.
Ишиңди көпкө сал, көп билбесе, акка сал. 148-б.

К

Каарына алса, кар, жалгаса, жамгыр жаайт. 152-б.
Кабагына кар жаап, мурутуна муз тоңуп. 107-б.
Кабанын аты качса, кармаба. 117-б.
Кажаак айгыр үйрүн түгөтөт, көчөгөн төрө журтун түгөтөт. 27-б.
Каз каркылдайт саз жерде, эр баркылдайт тар жерде. 36-б.
Казага ыраазы, балаага сабыр. 201-б.
Казак, кыргыз жоо болсун, кара жаным соо болсун. 152-б.
Казан ашын жакшы башкара албай иттен көрөт,
көйнөгүн жакшы күтө албай биттен көрөт. 90-б.
Казанга жакын барганга (болсо,) көөсү жугат. 37, 170-бб.
Казандын кулагы кайда болсо төртөө. 18-б.
Казанчынын эрки бар, кайдан кулак чыгарса,
жасагандын эрки бар, таштан булак чыгарса. 47, 147-бб.
Казаны бөлөктүн камы бөлөк. 110-б.
Казаны жок кайдак, катыны жок бойдок. 80-б.
Казга тенелемин деп, карганын буту сынат. 24-б.
Казык жерге кирет, калыс көргө кирбейт. 162-б.
Казысына бөлөнүп, картасына жөлөнүп. 100-б.
Кайгы төлөө болбойт. 32-б.
Кайда барса, Мамаярдын (Мамайдын) көрү. 18, 143-бб.

Кайда барса, таш тараза тең. 90-б.
Кайда барсам бир эшик, калпагымдын түбү тешик. 143-б.
Кайда көрдүм кара эшек, жолдо көрдүм жоор эшек. 43, 73-б.
Кайдан келдим найманга, каада билбес айбанга.
Кайдан келдим конокко тил билбеген нонокко. 121-б.
Каймакка куймак куйгандай, калмакка нике кыйгандай иш. 194-б.
Каймактан күйгөн ооз сүткө да күйөт. 95-б.
Кайратсызда ыйман жок. 145-б.
Кайтып кире турган эшикти катуу жаппа. 110-б.
Кайын эненин камырынан. 89-б.
Кайың эмес, тал эмес, арча чалыш, кыргыз эмес,
сарт эмес, калча чалыш. 78-б.
Какаганга муштаган(дай). 28, 139-бб.
Какшыкчылдын түбү какшыйт. 104-б.
Какыраган сайда өскөн, каада билбей кайда өскөн,
уят билбей кайда өскөн. 80-б.
Каласа, кар күйөт. 85-б.
Калган көңүл, чыккан жан кайтып (кайра) келбейт. 61, 156-бб.
Калк ордунда, кан тактасында. 79-б.
Калмактын журту кайрыкер. 77-б.
Калп ырыс кыркат. 3-б.
Калпты чындай, аксакты тыңдай кылат (кылба). 107, 134-бб.
Калптын казаны кайнабайт. 3-б.
Калпты-чынды көп айтып, сеники ала кеттиби,
каза элечек оронуп, меники ала кеттиби? 64-б.
Калыс кар болбойт. 193-б.
Камчы кайраттуу болсо, катын уяттуу болот. 56, 140-б.
Камырдан кыл алмак кыйын, молдодон пул алмак кыйын. 33-б.
Кан башы көпүрө болсо, аттап өтпө. 26-б.
Кан казанын көп астым, кана колум көөсү. 55-б.
Кан кашына барганда кан кеспеген тилимди,
бек кашына барганда бек кеспеген тилимди,
от кашына келгенде итке берсин күнүмдү. 121-б.
Кан менен энчисин бирге жыйган
ээр, токумун көтөрүп бош калат. 92, 133-бб.
Кан эшиги тоң темир, эритүүгө эр керек. 1-б.

Канаат курсак тойгузат. 174-б.
Канаттууга кактырбай, тумшуктууга чектирбей,
камчылууга чаптырбай. 114, 137-бб.
Кандан капкалуу шаар калат (калыптыр). 52, 97-бб.
Кандектин карылыгы билинбейт. 116-б.
Кандын каары жаман, жыландын заары жаман. 106-б.
Кандын каарынан сакта, карачанын дооматынан сакта. 158-б.
Кандын казабасынан, каранын дооматынан. 45-б.
Кандын коюнунда калтырап жаткыча,
кулдун коюнунда кутуруп жат. 37-б.
Кандын үйүнүн тардыгы, кара алачыгымдын кеңдиги. 5-б.
Канжыгада көрүшөлү.
(баласынан бөлүнгөндөгү коёндун сөзү) 53, 130-бб.
Канжыганын катканын каптал билбей, ат билет,
азаматтын азганын тууган билбей, жат билет. 65-б.
Капарың кимден (кайда) болсо, кадигиң ошондон. 20, 167-бб.
Каптын кагынчыгы, карындын түбү. 181-б.
Кар да кетер, кадыры да өтөр. 27, 203-бб.
Кара атан өлсө, союлар, кан атам өлсө, коюлар,
он эки айда бир келген кан сонор кайдан табылар. 48-б.
Кара беттин бир кылганы жеткендир. 39-б.
Кара болсо болсун, карап турган ал жаман,
тору болсо болсун, томсоруп олтурган ал жаман. 63-б.
Кара жемсөө адамда калыстык жок. 132-б.
Кара жылкы кайтадан ала болбойт, өз дениңден чыкпаган бала болбойт, өз денеңден чыккандай баана болбойт. 128-б.
Кара зоо боору түз болбойт, карыганда катындар кыңшылап сүйлөп кыз болбойт. 54-б.
Кара калмак, катуу душман. 95-б.
Кара кандуу, көк биттүү. 49-б.
Кара кетер, кадырым да өтөр. 203-б.
Кара көңүл, чорт кыял карматпаган азоо. 112, 136-бб.
Кара куш канча кыраан болсо да, бүркүттөн өтпөйт. 87-б.
Кара куштун багы билет. 43-б.
Кара өгүз минсем камчым жок, үйгө келсем тынчым жок. 41-б.
Кара өзгөй болбой доо болбойт, капсалаң болбой жут болбойт,

каркилең болбой кар кетпейт. 23, 181-бб.
Кара саба көрөңгө казакта калган турбайбы,
куу бишкекти куу кыргыз суура качкан турбайбы. 77-б.
Кара укмушта *(укмуш да – Н.Ө.)* бар бекен, кары кулак укпай кал, тирүү *(тири – Н.Ө.)* укмушта*(укмуш да –Н.Ө.)* бар бекен, тирүү кулак укпай кал. 74-б.
Кара шумкар кардына чабат, ак шумкар чабытына чабат. 16-б.
Караганга кушуң түшпөсүн, жаманга ишиң түшпөсүн. 9-б.
Караганга чымчык корголойт. 29-б.
Караганым – бир кудай, кармганганым – бир тынай. 133-б.
Карада кан тамбайт. 143-б.
Кара жолтой башына келген таалайды качырат. 110-б.
Караптаган карга таш чокуйт. 84-б.
Кара-кура жебеген, катуу кирик көрбөгөн. 126-б.
Караңгынын көзү жок, жамандын кулакка сыяр сөзү жок. 102, 178-бб.
Карга баласын аппагым дейт, кирпи баласын жумшагым дейт. 5-б.
Карга карганын көзүн ойбойт. 39-б.
Карга көргөнүн чокуйт, молдо билгенин окуйт. 68-б.
Каргайын деймин, балаң жалгыз,
каргабайын деймин, өзүң байкуш. 194-б.
Карганы миң күнү майга тойгузса, бир күнү бок чокурун койбойт. 24-б.
Карганын как эткени – өзүнө кубаныч. 5-б.
Кардалдуу жерде карындашың болсо, кара жерде кемең жүрөт. 18-б.
Кардын какаары бар, эрден чыга турган катындын такоолу бар. 35-б.
Кардың ачса, карындаш изде. 181-б.
Кары билет кааданы, карчыга илет сонону. 70-б.
Кары десең, кары де, калы дебе бейбакты,
эски десең, эски де, эсер дебе бейбакты . 106-б.
Кары келсе ашка, жаш келсе ишке. 47-б.
Кары кызга таң атпайт. 27-б.
Карыган бир жемек. 126-б.
Карыганда дүнүйө маңдайга келет. 125-б.
Карыганда катындар кыңшылап сүйлөп кыз болбойт. 193-б.
Карыганча балалык калбайт. 152-б.
Карыз арасына суу жүрбөйт. 178-б.
Карында камчы жеген, курсакта куугунтук жеген. 81-б.

Карында качы көкбөрү, курсакта куугунтук жеген көкбөрү. 198-б.
Карынын кебин капка сал. 44, 192-б.
Карысаң мендей бол, казылган кара көрдөй бол. 67-б.
Карысаң, кара көрдөй бол. 51-б.
Карысаң, эрдигиңди айтпа. 4-б.
Карыш ажыраган карыганча (карыгыча) көрүшпөйт (кошулбайт). 53, 174-бб.
Карышкырдын ажалы көтү күйүк иттен. 96-б.
Карышты ыраак, сөөмдү жакын көрбө. 173-б.
Каса шумкар баласы саркыт койбой жем жебейт,
кара куштун баласы карды тойбой кел дебейт. 168-б.
Катардан калгандын башына ыргыткан сөөк тийбейт. 154-б.
Катын алганча, кайын ал. 68-б.
Катын алсаң, отун ал. 41-б.
Катын арак ичкени – болбогону, бала арак ичкени – оңбогону,
андай үйгө сыймыктын конбогону. 100-б.
Катын жаманы эр коруйт, эр жаманы жер коруйт. 33-б.
Катын жапаа *(кыйналуу маанисинде – Н.Ө.)*,
ит вапа *(бапа – жакшылык маанисинде – Н.Ө.)*. 66-б.
Катын жапаа, ит упаа *(диал. үзүр маанисинде – Н.Ө.)*. 50-б.
Катын калп айтпайт, каңырыш угат. 61-б.
Катын калса, эр табат, бала калса, мал табат,
кайран жаның не табат. 69-б.
Катын карга, бала сагызган. 41-б.
Катын карыбаспы, каны коюлбаспы. 40, 176-бб.
Катын намыс *(ынан?-И.С.)* кара киет. 201-б.
Катын өлсө, камчы сап, кайтып төшөк жаңырат. 52-б.
Катын төркүнү төрдөн кайтат, эр төркүнү эшиктен кайтат. 67-б.
Катын үндүү эркектен түңүл, эркек үндүү катындан түңүл. 182-б.
Катын чанган эрде ырыс жок, эр чанган катында ырыс жок. 166-б.
Катын эрден табат, эр пирден табат. 90-б.
Катын эрди карайт, эр жерди карайт. 29-б.
Катын эринен кетсе да, элинен кетпейт. 68-б.
Катынга кеңеш (акыл) салса, төркүнгө көчөлү дейт. 3, 192-бб.
Катынды эрке сактаган кан Шырдак сенден кезесин, үйүнө балалуу
жолборс бактырган Тооке кан сенден кезесин. 106, 164-бб.

Катындын кесири эрге, эрдики элге (болот). 44, 149-бб.
Катындын чачы узун, акылы кыска. 43-б.
Катыны жок караңгы үйгө теминет,
акылы жок арам сөзгө семирет. 13-б.
Катыны менен урушкан кайынына салам бербейт. 70-б.
Катыны өлгөн соң, кайын издеген тентек, энеси өлгөн соң,
тайын издеген тентек. 29-б.
Качкан да кудай дейт, кууган да кудай дейт. 52, 156-бб.
Качкан жоону катын саят. 126-б.
Качканга кара жер куурулат. 52-б.
Качканды айтпай, кууганды айт, карадан төрө тууганды айт. 139-б.
Качканды атпай, кууганды ат. 74-б.
Качсаң, чач. 87-б.
Кашаң өрдөк мурда учат. 78-б.
Кашкулак, төрт байчасын кесип салса, адал улак.
(молдонун ач болгондо айтканы) 64-б.
Кедейден кешик артпайт. 38-б.
Кедейдин бир тойгону – орто байыганы. 180-б.
Кедейдин кекиргени кээ, оосурганы шум болот. 124-б.
Кежир келген бактыны качырат. 85-б.
Кезүүң келсе, кетмен чап. 129-б.
Кекил болгуча, кемин кий. 186-б.
Кекиликче атын чакырат. 49-б.
Кекиргени кээ болот. 73-б.
Кекиртектен өткөндүн баары – тамак. 110-б.
Кекти капырга берген. 184-б.
Кекти кара ниетке берген. 15-б.
Кел дебеген үйдөн кетмендеген көр жакшы. 7-б.
Кел демек бар, кет демек жок,
келдемиян жеген соң, эт жемей жок. 41, 147-бб.
Кел, кели бар адамдын дөөлөт куш конот башына, кеткен душман дос болуп, кайта келет кашына. Кет, кети бар адамдын дөөлөт куш учат башынан, жан жолдошу баарысы токтобой кетет кашынан. 98-б.
Келген дөөлөт – кеткен мээнет. 40-б.
Келген жериңден кеткен жериң аруу болсун. 32, 202-бб.
Келген журттан көчө элек, келин аты өчө элек. 66-б.

Келеңкер соргок куудулдукка салып тоёт. 80-б.
Келеңкер соргок эптеп ичет. 131-б.
Келин келген жылкыдай, малай алган күнкүдөй болбойт. 5-б.
Келин келтейсе, кайнага калтаят. 51-б.
Келинди келгенде көр, же тезек терип жүргөндө көр. 27-б.
Келиндин аягынан, койчунун таягынан. 170-б.
Келме кезек, терме тезек. 99-б.
Кеми жок киши болбойт, кемери жок жер болбойт. 110-б.
Кемтиксиз киши жок. 85-б.
Кең жер, улуу, кичүүгө тең жер. 15-б.
Кең кеңешип жыртылат, тар тартышып жыртылат. 23-б.
Кең пейилдүү кемибейт, тар пейилдүү жарыбайт. 23-б.
Кеңге кең дүйнө, тарга тар дүйнө. 63-б.
Кеңешериң болбосо, бөркүң менен кеңеш. 23-б.
Кеңешип кескен кол оорубайт. 21-б.
Кеп келгенде кеп айтпаса, кептин атасы өлөт. 119-б.
Кепил болгуча, кемин кий. 32-б.
Кербен кечет, ит үрөт. 87-б.
Керегеде кулак бар, кеңешер болсоң, ыраак бар. 34-б.
Керегем, сага айтам, келиним, сен ук,
уугум, сага айтам, уулум, сен ук. 67-б.
Керегени басып көктөгөндөй иш болот. 129-б.
Керегени басып көктөгөндөй иш болуптур. 80-б.
Керегеси кердеп турат, ыңырчагы ырдап турат. 66-б.
Кереги тийсе, тереги жыгылат. 34, 121-б.
Керек жокту таптырат. 122-б.
Керектүү таштын оору жок. 34-б.
Кересен күүсүн тартпа, керегеге бутуң артпа. 156-б.
Керкисинде да, кемтигинде да бар. 63-б.
Керкисине карай сабы. 89-б.
Керме кезек, терме тезек. 28-б.
Кесип алса, кан чыкпас (чыкпайт). 88, 118-бб.
Кесирдүү кесепетке кабылат. 113-б.
Кесирдүүдөн келте оорудай сөз чыгат. 72-б.
Кесирлүүдөн кез бою кач. 106-б.
Кетер кызды кеңкип кал. 194-б.

Кетинди бийлер кетилди, чапчакта бозо жетилди,
жалгыздын башы кесилди. 198-б.
Кеткен келип, кемтик толуп. 76-б.
Кет-кет болсо, кесепет даяр. 134-б.
Кетмен чапкан нанын жейт, ууру кылган жанын жейт. 96-б.
Кеч көргөн жарды элең, бүгүн кайдан байыдың. 142-б.
Кеченин тилин энеси билет. 85-б.
Кечтим байдын кызынан. 102, 126-б.
Кийгени топу, өзү мышык сопу. 138-б.
Кийиз кимдики болсо, билек – ошонуку. 86-б.
Кийик атып, эт бербесе, тоодогусу жакшы,
бээ саап, кымыз бербесе, жоодогусу жакшы. 14, 201-бб.
Кийиктин көөнү бийикте, мергендин көөнү кийикте. 79-б.
Кийимдин да бийи, кулу болот. 78-б.
Ким мекижан *(мекиян – Н.Ө.)*, ким короз,
таңда машар *(маш болуу маанисинде – Н.Ө.)* күнүндө. 37-б.
Кимдин айгырына ким кайгырат. 151-б.
Кимдин жерин жердесең, ошонун ырын ырда. 34-б.
Кирбей туруп, чыгарыңды ойло. 110-б.
Киреrди ойлоордон мурун чыгарыңды ойло. 86-б.
Кичик чоңоёт, кийиз созулат. 67-б.
Киши болор кишинин киши менен иши бар,
киши болбос кишинин киши менен не иши бар. 8, 141-бб.
Киши десем, сарт экен. 93-б.
Киши жаманы кирип-чыкканча билинет,
өзүнүн жаманы өлгөнчө билинбейт. 86-б.
Киши өлүмдүү жерде молдо семирет,
мал өлүмдүү жерде ит семирет. 50-б.
Киши чоңоёт, кийиз созулат. 92-б.
Кишинин аты терчил, кишинин кийими кирчил. 177-б.
Коёнго камыш, эрге намыс. 45-б.
Коёндун териси бир жылы (күнү) чарыкка чыдайт. 39, 180-бб.
Кожонун бергенин коюнга сал. 47-б.
Козусунда тойбогон токтусунда да
уңгучулугун (түрткөнүн) койбойт. 73, 95-бб.
Кой ичкен суу. 62-б.

Кой көтөрөт өлүмдү, журт көтөрөт көңүлдү. 12-б.
Кой оозунан чөп албас жоош. 84-б.
Кой оозунан чөп албас коңур да бар,
корсулдаган бой бербес доңуз да бар. 131-б.
Кой үстүнө торгой жумурткалаган заман. 79, 134-бб.
Кой, Байбото, калбаңды, куйба, катын, жармаңды. 103-б.
Койдон койдун неси артык, кол башындай эти артык. 128-б.
Койлуу катын куйрук жейт, эрлүү катын таяк жейт. 12-б.
Койчунун кызы кой келгенде иш кылат. 30, 189-бб.
Кол – кудайдын мөөрү. 26-б.
Кол ийрисине чабат. 65, 162-бб.
Кол колду билет, ат жолду билет. 91-б.
Колго карга чычат. 84-б.
Колго тийген коёнду коё берген оңорбу. 197-б.
Колго түшкөн казакмын, калай кылсаң алай кыл. 196-б.
Колдо жоктун кордугу чоң. 202-б.
Колдо малың бар болсо, бүрдөп турган терексиң,
колдо малың жок болсо, үрүп чыккан серексиң. 145-б.
Колдогу алтындын баркы жок. 111-б.
Колу ачыктын жолу ачык. 140-б.
Колу байлуу болгон. 91-б.
Колу менен берип, аягы менен суу болот. 16-б.
Колу ойногондун оозу ойнойт. 20-б.
Колунан келбегендин оозунда маскарасы бар. 112-б.
Колунда иши бардын кайырмагы сууда. 141-б.
Колунда талканы бар бала сүйгүнчүк. 43, 165-бб.
Колуң менен иштебей, оозуң менен орок орбо. 85-б.
Колуң менен кылганды моюнуң менен тарт. 155-б.
Конбойм дегенди караңгы түн кыстап кондурат. 169-б.
Конгон жерге (жериңе) коргон сал,
түнөгөн жерге (жериңе) түркүк орнот. 52, 97-бб.
Коногум, үйүңдү ойлой отур. 56-б.
Конок айтып келбейт, өлүм кам жедирбейт. 12-б.
Конок койдон жоош. 11-б.
Конок тандап конот, ууру басынып уурдайт. 50-б.
Конок тойбодум дебейт, сойбодуң дейт. 93-б.

Конокко аш кой, эки колун бош кой. 45-б.
Конокко колуңда барыңды бер. 166-б.
Конокту аткар, башыңдан куткар. 55-б.
Коңшунун акысы бар. 54-б.
Коркконго кош көрүнөт, кошогу менен беш көрүнөт. 66-б.
Корккондон кой башындай жүрөк кол башындай болот. 151-б.
Коркоктун аты – Жообасар. 54-б.
Коркоктун ыйманы жок. 39-б.
Коркосо да, коркпосо да, кой өлөт. 198-б.
Котур колдон, жоор жолдон. 29-б.
Кош, кош десе, куяңкы кой кошокко кирет. 27, 138, 194-бб.
Кошконго үйүр эмес, сүйгөнгө үйүр. 7-б.
Кошоматка кой (союп), өкүл кызга тай соёт. 85, 193-бб.
Кошунун *(кошунанын? – И.С.)* акы*(сы)*, кудайдын акы*(сы)*. 136-б.
Кою бирге короолош, эгиндери ороолош. 96-б.
Коюн алдырып, короосуна сак болот. 17-б.
Коюнда жатып катындан жаман душман жок. 107-б.
Коюндан төгүлсө, кончко. 33, 125-бб.
Көбүнө шүгүр, азына канаат кыл. 199-б.
Көз коркок, кол баатыр. 66-б.
Көздөн кетет, жүрөктөн кетпейт. 87-б.
Көздүн жашы – көкүрөктүн дарты, жетимдин акы, теңирдин огу. 93-б.
Көздүн сокуру көрөт, көкүрөк сокуру көрбөйт. 61-б.
Көздүү мончок жерде калбайт. 69-б.
Көзү бозоргон таш (там) сүзөт. 27, 196-бб.
Көзү сокур угат, көңүлү сокур укпайт. 129-б.
Көзүм көрбөсө, көтүмдү бөрү жесин. 95-б.
Көйнөгү башканын (бөлөктүн) көөнү башка,
чапаны башканын (бөлөктүн) санаасы башка (бөлөк). 62, 99-бб.
Көйнөктүн кирин жууса, кетет,
көңүлдүн кирин айтса, кетет. 13, 101, 179-бб.
Көйнөкчөнгө камчы чабылса, чапанчанга доо кетет. 17-б.
Көк күчүк арабага корголоп, көлөкөлөп жатып,
арабаны мен тартып жүрөм деп айтыптыр. 199-б.
Көкөлөп учат көк кытан, дүнүйө жалган бир тутам. 125-б.
Көктө жарык жылдыз көп, кара сууда кундуз көп. 128-б.

Көктүн суусу көп айлык, көп мактанса, бир айлык. 93-б.
Көл тойгондо чайпалат. 83-б.
Көл толкуса, тоо токтотот, тоо толкуса, ким токтотот. 137-б.
Көлөкөгө тон бычпа. 74-б.
Көлөкөдөгү көк күчүк арабаны мен сүйрөп бара жатам дейт. 80-б.
Көңүлү туура келсе – көл, туура келбесе – чөл. 87-б.
Көңүлчөөктүн көчүгү ачык. 145-б.
Көөнү жоктун сүйүшү. 69-б.
Көп асыла бербегин тоодо жүргөн кайыпка,
сырыңды айта бербегин бейакыл жаман зайыпка. 144-б.
Көп бергендин өзү билет, аз бергендин көөнү билет. 113-б.
Көп биригип Ажаанды кармаптыр. 88-б.
Көп бириксе, көлдөтөт. 1-б.
Көп жашаган билбейт көптү көргөн билет. 66-б.
Көп жойлогон түлкү капканга түшөт. 44-б.
Көп ичинде оосурган көтүм, сенден түңүлдүм.
Көрдү-жерди көп жейсиң, мен да сенден түңүлдүм. 167-б.
Көп ичкендин көөнү билет, аз ичкендин мейли билет. 49, 51-бб.
Көп көлдөтөт, терең чөгөрөт. 132-б.
Көп менен көргөнгө өкүнүч жок. 153-б.
Көп түкүрсө – көл. 1-б.
Көп чабыттаган куш торго түшөт. 87-б.
Көпкөнү көтүнөн (көчүгүнөн) чыгат. 80, 168, 200-бб.
Көптү көргөн көнөктүн түбүн тешкен. 67-б.
Көптү көргөн, көнөктүн түбүн тешкен. 92-б.
Көпүрө – көлдүн бурагы, көз – адамдын чырагы. 127-б.
Көрбөгөн жол – көрүстөн. 58-б.
Көрбөгөн ногой журт беле. 99-б.
Көрбөгөнгө көтөн таң, көгала итке куйрук таң. 45, 178-бб.
Көрбөс төөнү көрбөйт. 27-б.
Көргөн жолду атаңа бербе. 41-б.
Көргөн көз, жеген ооз. 142-б.
Көргөндөн көрө элек, уккандан уга элек көп. 55, 151-бб.
Көргөнү жаман бергенин алат. 39-б.
Көрдү(ң) бердиң, урду(ң) өлдүң. 100, 114, 159-бб.
(Же: «Көрдү - бердиң, урду – өлдүң». - И.С.)

Көрө койгондой, көмө чапкандай. 134-б.
Көрө-көрө көсөм болот, сүйлөй-сүйлөй чечен болот. 19-б.
Көрпөнү күндө кийсе, түлкү, түлкүнү күндө кийсе, күлкү. 194-б.
Көрсө, күрөөкөсү күбүлбөйт. 102-б.
Көрүнбөгөн көздөн жардын тешиги артык. 111-б.
Көрүнгөн тоонун ыраагы жок. 72, 81-бб.
Көсөө – кудай буйругу, сакал – иттин куйругу. 150-б.
Көсөө узун болсо, кол күйбөйт. 3-б.
Көсөөнү үйгө кийирбе, көтүн жерге тийирбе. 121-б.
Көсөөнүн акылы түштөн кийин. 37-б.
Көт чычарда керек. 146-б.
Көтөнү бөлөктү көктөсө, болбойт,
жатыны бөлөктү жамаса, болбойт. 78-б.
Көтөрмөлөсө көккө учпаган,
жемелесе жерге кирбеген жетесинде жок. 141-б.
Көтү жаман кара каз көлдүн баарын сасытат. 55-б.
Көч жүрө-жүрө оңолот. 83-б.
Көчкөн журттун кадыры конгон журтта билинет. 4-б.
Көчкөндөн отун артат, өлгөндөн катын артат. 1, 140-б.б
Көч-көчтө(н) кабар келсе, уйкунун тынчы кетет. 55, 142-бб.
Көчкүдөн сагызган гана кутулат. 90, 156-бб.
Көчөгөн төрө журтун түгөтөт. 121-б.
Көчпөй, конбой каралуу катын жоголот. 97-б.
Көчтүң, өчтүң. 49-б.
Көчүгү бир эле тутам. (колунан иш келбейт маанисинде) 81-б.
Кубагыш ыркыраарсың, каппассың, мендей ээ таппассың. 171-б.
Куда болгуча кулу, бийиңди сураш,
куда болгондон кийин кул да болсо сыйлаш. 14-б.
Кудага ыраактан сыйлаш. 40-б.
Кудагыйдын куту бар, куйругунда жыты бар. 86-б.
Кудай – бирөө, кезек – экөө. 28-б.
Кудай айдаса, турамын, адам айдаса, басамын. 195-б.
Кудай берейин десе, казынасы кенен. 94-б.
Кудай деген кул (ачка) өлбөйт. 133, 160, 172-бб.
Кудай деген кулбуз, намаз, орозону билбейбиз, шайтанды тилдейбиз.
Бирөөгө кастыгыбыз жок, арак ичкен мастыгыбыз жок. 129-б.

Кудай кошкон куда болот, пайгамбар кошкон дос болот. 29-б.
Кудай кулум десе, Маамбет *(Мукамбет – Н.Ө.)* үмөтүм дебей турган көтү барбы? 89-б.
Кудай кылганга кудай урган теңелет. 30-б.
Кудай кылды куш кылды, курган эрге туш кылды. 92-б.
Кудай кылса, кубарыңдын акысы барбы. 137-б.
Кудай кылса, тоо күл болот, токой талаа болот. 46, 96-бб.
Кудай тозсоң да, тебетейиңе салып бербейт. 87-б.
Кудайдан коркпогондон корк. 40-б.
Кудайдын бергенин билбей, урганда билет. 94-б.
Кудайдын күнү таруудан көп болсо да, иш бүтпөйт. 87-б.
Кудайдын ме деген үнү угулбайт, берген колу көрүнбөйт. 94-б.
Кудайсыз кумурсканын буту сынбайт. 160-б.
Кудаңа тартпа, тууралыктан айрылба. 75-б.
Кудукка талкан чалба (чалуу болбойт). 28, 144-бб.
Куйма кулакка куйса укпайт, акма кулакка айтса укпайт. 129-б.
Кул качары менен, күң өлөрү менен коркутат. 44-б.
Кул менен куймак кустурбай койбойт. 192-б.
Кулак укканды көз (да) көрөт. 87, 200-бб.
Кулак укса, курсак кайнайт. 107-б.
Кулактууга сөз айтса, кулагынын учунда (кашында), кулаксызга сөз айтса, кубагырдын башында. 31, 179-бб.
Кулду кул десе, өлгүсү келет, байды кул десе, күлкүсү келет. 178-б.
Кулдун аты кул экен, куюшканы жип экен. 99-б.
Кулдун куну кетсе, көтүнө кыны кетет. 59-б.
Кулжанын куулугу түшөт деп, түлкү ачка өлөт (өлүптүр). 32, 177-бб.
Кумдан чыккан кум булак, а да куят теңизге, кулдан кутура тууду деп, кубанбаңар, жигиттер, а да кетет негизге. 25-б.
Кумурска бел, куурай сан курган эрге жолугат (кез келет). 108, 171-бб.
Кумурскага тузак коёт. 85-б.
Кумурсканын уюгун көөлөбө. 84-б.
Кумурсканын уюгуна жыгач салба. 112-б.
Кун алган куруйт, кун берген жарыйт. 124-б.
Кун – куугандыкы, айып – айдагандыкы. 46-б.
Кунажын көзүн сүзсө, бука жибин үзөт. 87-б.
Курдаштын кудайы бир. 29-б.

Куру аякка бата жүрбөйт. 36-б.
Куру кайрат баш айырат. 72-б.
Курут десе, куу баштан суу келет. 47-б.
Курч бычак менен кескендей иш жакшы. 78-б.
Куттуу үйдөн куру чыкпайт (чыгылбайт). 53, 122-бб.
Куу алган кушта эмне сын. 57-б.
Куу ылачын теппеген, кубулуп жерге түшпөгөн кууда бүтүн бар бекен. Кара ылачын теппеген, калдайып жерге түшпөгөн казда бүтүн бар бекен. Боору бүтүн, башы эсен адамда бүтүн бар бекен. 198-б.
Куурайдын чогу жок, суунун тогу жок. 87-б.
Куш жаңылып торго түшөт, эр жаңылып колго түшөт. 160-б.
Куш жемине какабайт. 132-б.
Куш канаты менен кагынат, адамды адам сагынат. 142-б.
Куш канаты менен учуп, куйругу менен конот. 8-б.
Куш кармаймын деп жүрүп, жалгыз койду жеп жүрүп,
куш кармаган кушуң жок, же бүткөргөн ишиң жок. 78-б.
Куюшканга кыпчылган боктой (тезектей) болбо (болуу). 39, 68-бб.
Күбөлүү иш ташка тамга баскандай. 107-б.
Күзгү күчтү күйөөңө бербе, жазгы күчтү атаңды өлтүргөнгө бер. 55-б.
Күзгү муздун калактайынан качпа,
жазгы муздун жардайынан кач. 84-б.
Күйгөн катын кошокчу болот. 69-б.
Күйөө карыса, жээн. 149-б.
Күлгөнгө күлө жетет,
артынан куба *(кубалай/кубалап – Н.Ө.)* жетет. 25, 137-бб.
Күлгөндү сурасаң, көргөнү бар, ыйлаганды сурасаң, өлгөнү бар. 17-б.
Күлойрон, күйбөйүн эле десем, өзүң күйгүзүп жатасың. 199-б.
Күлү додо болбоо жаман. 68-б.
Күлүк жардыга туулуп, байга токтойт. 63-б.
Күлүк күнүндө, жорго тайында (жолунда). 45, 188-бб.
Күлүк күнүндө, тулпар тушунда. 116-б.
Күлүп кирип, күңгүрөнүп чыккандан түңүл. 84-б.
Күмүш үйлүү кыз чоң алачыктагы кайын атасынан үмүт кылат. 83-б.
Күн ачык күнү эчки жардын бооруна чыгып алып, койго карап: «Мен – шаа мүйүз, таш кулатайынбы», – деп коркутуптур. Жаан жаганда: «Кой аке, колтугуңду ач, » – деп жалыныптыр. 73-б.

Күн тийгендин чоросу. 61-б.
Күндөн күнгө күн арман. 24-б.
Күндүк жолго чыксаң, айлык азык ал. 97-б.
Күндүк өмүрүң болсо, түштүгүнө жорго мин. 2-б.
Күндүн жаманы кетер (кетет),
кишинин жаманы кетпес (кетпейт). 16, 91-бб.
Күнү күйүшкөн жоо, абысын аңдышкан жоо. 84-б.
Күнүнүн күлү (да) жоо. 12, 144-бб.
Күң саткан жерин төркүнсүйт. 44-б.
Күңгө күлө бакса, ыштандык бөз сурайт. 43-б.
Күңдү коёт эркине, күндө чычат бөркүнө. 91-б.
Күңдүн артында күмүш жылтырайт. 163-б.
Күрүчтүн шары менен күрмөк суу ичет. 18-б.
Күтүн, күтүнбөсөң, көтүңө кирет түтүн. 92-б.
Күч атасын жыгат. 86-б.
Күч күйөө уктаганын калыңга тоойт. 36-б.
Күчөнөргө күң жакшы. 6-б.
Күчтүү болдум, күрөктөй алтын көтөрдүм.
(кумурсканын сөзү) 107, 130-бб.
Күчтүү күчөсө, күчүнө келет, күчү жок күчөнсө, бели сынат. 113-б.
Күчтүү менен күрөшпө, таалайлуу менен талашпа. 24-б.
Күчтүүнүн күнү тууса, күлөгөчтүн алды катат. 9-б.
Кыдыр назар кылбай, эшек базарына далдалчы болбойт. 56-б.
Кыдырма аяк кырып келет,
кыйындууга мурун келет, доор аяк сүрүп келет. 137-б.
Кыз – буйлалаган төө. 58-б.
Кыз – конок. 67-б.
Кыз боосуп, энесин коркутат. 11-б.
Кыз жаманы – кыроо, келин жаманы – кетпес балаа,
уул жаманы – уйгак. 67-б.
Кыз калыңсыз болсо да, каадасыз болбойт. 149-б.
Кыз түшүмдөн айлансын. 144-б.
Кыз уяты сатуу. 49-б.
Кызаргандын баарысы манат болот (турбайбы),
кылган иштин баарысы адат болот (турбайбы). 49, 158-бб.
Кыздуу киши кыр ашат. 67, 187-бб.

Кыздуу үйдө кыл жатпайт. 203-б.
Кыздуу үйдө кыякчы, кымыздуу үйдө аякчы. 100-б.
Кызды берсең, корго бер, кызды алсаң, зордон ал. 62, 150-бб.
Кызды ыйлаткан оңбойт. 161-б.
Кыздын баары эле жакшы, жаман катын кайдан чыгат. 22, 147-бб.
Кыздын көзү кызылда. 79-б.
Кыздын кырк чачы улуу. 63, 197-бб.
Кыздын сыры төркүнгө маалим. 4-б.
Кызы бардын назы бар, кызы талактын неси бар. 26-б.
Кызыганды кымыз чыгарат. 44, 200-бб.
Кызыл кишиде уят жок. 94-б.
Кызыл короз – кый короз кырманда экен,
кыз албаган жигиттер арманда экен. 96, 171-бб.
Кызыл өңгөч кекиртек, кыйла жерге секиртет. 80-б.
Кызылды кийим дебеңер ашта-тойдо бир киер,
кызды балам дебеңер кайда өлгөнүн ким билер. 47-б.
Кызылды кыз киет, жоргону уул минет, өксүгөн чалга не тиет. 154-б.
Кызым кыялыңдан. 12-б.
Кызынын аты – Кымызбек, кылт этерге кымыз жок,
уулунун аты – Жууратбек, шимирүүгө айран жок. 193-б.
Кызыр назар кылбай, эшек базарына далдалчы болбойт. 186-б.
Кыйшык иш кырк жылда да билинет. 42-б.
Кыйшык иш кырк жылдан кийин да билинбей калбайт. 149-б.
Кылган жакшылык күндө тийген күн, айда тийген ай эмес. 146-б.
Кылгылыкты кылып, кымызга ууну куюп. 194-б.
Кылдан кыйкым табат. 141-б.
Кылып ичсе кыйын аш, кыдырып ичсе оңой аш. 24, 195-бб.
Кылыч кырк жылы жатса, кынынча пайдасы жок,
кыябына келгенде, кырк байталга табылбайт. 53-б.
Кылычын алып кыш келет. 158-б.
Кымыз – адамдын (кишинин) каны, эт – адамдын жаны,
токоч – тоют, жарма – оокат. 71, 88, 163-бб.
Кымызды ичкенге бер, кызды сураганга бер. 35, 161-бб.
Кымызды ким ичейин дебесин, кызды ким алайын дебесин. 61-б.
Кыңаракта кын жок, ыңырчакта сыр жок. 66-б.
Кыргыек кырында, турумтай тушунда. 28-б.

Кыргыз кыл ичет, сарт топо ичет. 98-б.
Кыргыз үй айлангыча, сарт там айлангыча. 88-б.
Кыргыздыкы кырк жылда. 124-б.
Кыргыздын атасын эт өлтүргөн. 97-б.
Кыргыздын сорпосу кырк жылда ооз күйгүзөт. 95-б.
Кыргый кыба кандырат, турумтай кунан, тайды курутат. 122-б.
Кыргый кырында, турумтай тушунда. 153-б.
Кырк жылы кыргын болсо, бейажал чымын өлбөйт. 19-б.
Кырк иттин куйругун кыркып, чолок итке куйрук таккан. 176-б.
Кырк кадам бастырган кыяматтык жолдош. 54-б.
Кырмандан шыпырынды калат. 145, 199-бб.
Кырчын өзүн талсынат, кемер өзүн жарсынат.
Акмак өзүн менсинет, акмакты кимдер теңсинет. 161-б.
Кыска жип күрмөөгө жарабайт. 83-б.
Кыска жип күрмөөгө келбейт. 112-б.
Кыш кийгенин жай кийген жарды кайдан байысын. 162-б.
Кыштын кыштайы (жакшы), кыздын кыздайы жакшы. 76, 117-бб.
Кыянаттын кабы жарылат. 62-б.

М

Мааранкуп-яранкубүңдү билбейм, насибай берчи.
(сурakчы бериштеге өлгөндүн айтканы) 152-б.
Маарасыктын коргондо калган даадысы. 95-б.
Май кармаган бармагын жалайт. 22, 145-бб.
Майдан колум жооруду, көптөн көөнүм ооруду. 42-б.
Мактаган жеткирет, чаккан өлтүрөт. 67-б.
Мактаган кыз тойдо оосурат. 19-б.
Мактанчаактын көтү ачык. 151-б.
Мактанчаактын көтү ачык. 64-б.
Мал аласы тышында, адам аласы ичинде. 21-б.
Мал арстандын оозунда, дүттүкөндүн түбүндө. 187-б.
Мал арстандын оозунда. 42-б.
Мал арыгын сактаса, ооз майлайт,
киши арыгын сактаса, ооз каңдайт. 14-б.
Мал аягы саяк. 47-б.

Мал башка бүтөт, эңилчек ташка бүтөт. 80-б.
Мал башка садага. 115-б.
Мал бир боктон сасыкка, бир таштан (?) катыкка бүтөт. 136-б.
Мал боор эт менен тең. 126-б.
Мал колдун кириндей. 47-б.
Мал маарап чоңоёт, бала ыйлап чоңоёт. 176-б.
Мал ээси Малаке таз. 43, 127-бб.
Малга ишенбе, өнөргө ишен. 116-б.
Малга мал, адамга адам окшош. 88-б.
Малдуунун өңү жарык, малсыздын өңү чарык. 18, 162-бб.
Малды баккан билет, отунду алып жаккан билет. 6-б.
Малды көрүп пайгамбар жолунан чыгат. 132-б.
Малды табат эрдин эри, малдын күнүн көрөт катындын соңку эри. 51-б.
Малдын аласы да, куласы да болот. 197-б.
Малың барда мына дос, малыңдан кийин кана дос. 14-б.
Малың болсо, бүрдөп турган терексиң,
малың жок болсо, үрүп чыккан Серексиң. 18-б.
Манап алжыса, төө дейт. 45-б.
Мандалакка башым бышып, жоогазынга ишим түштү беле. 75-б.
Мант берген түлкүдөй, жалт берген жылкыдай. 40-б.
Мастан жинди качат. 16-б.
Мейли кимге жоо болсун, кара жаным соо болсун. 48-б.
Мен кайсы каадалуу кыз элем, өзүм эле басып барайын. 125-б.
Мен карымын, карымын, көптү көргөн сарымын, Бөдөнөтөй,
Бөргөлтөй муну көргөн карымын, саганатай, саргалтай аны
көргөн карымын. 99-б.
Мен көргөмүн чан данды (*чанданды-И.С.*), бой көтөргөн дардаңды.
Мен көргөнмүн көпкөндү, көп чогулуп келгенде төөчө жатып чөккөндү. 16, 182-бб.
Меники эле, сеники болду, кичине берчи дары болду. 161-б.
Менин балам алыстан алып жеп жүрөт, көрө албаган кой душман көгөн жат экен деп жүрөт. 161-б.
Менин жолум кайыптан, жинди болгон зайыптан. 140-б.
Менменсиген катындын бешик берсин сазайын. 31-б.
Менменсингендин тобосу жүрбөйт. 29-б.
Меңмурат, меңмуратты ким урат. 107-б.

Мингениң – айгыр, жатып да кайгыр, туруп да кайгыр. 200-б.
Миң катындын акылы бир тоокчо жок, тооктун акылы болсо,
чокуур беле бок. 43-б.
Миң койду бир чыбык менен айдайт. 180-б.
Миң койлууга карышкыр тийсе, бир койлуу бычак ала чуркайт. 32-б.
Миң күнкү бейиштен бир күнкү жарыкчылык. 45, 184-бб.
Миң ооз бириксе (бир болсо), бир ооз тек турат. 67, 85-бб.
Миң чеченди бир тантык жеңет. 10-б.
Миңди илдиргиче бирди жире. 115-б.
Митайым шайтандын тилин билет. 155-б.
Молдо ач болсо, богун жейт. 13-б.
Молдо жокто молдосуң, молдо барда жолдосуң. 118-б.
Молдо молдону көрсө, котур эчкидей жөөлөшөт. 70-б.
Молдонун айтканын кыл, кылганын кылба. 33-б.
Молдонун көөнү өлүмдө, бакшынын көөнү көрүмдө. 79-б.
Момундун ишин теңирим актайт. 20-б.
Момундун сары жыланча зыяны жок. 169-б.
Моңолдорду кыйнаса, коломтонун түбүнөн күкүрт табат. 57-б.
Моюнунан байлаган ит ууга жарабайт. 71-б.
Музоо муз жалайт, торпок тоз жалайт. 118-б.
Музоосунда корккон өгүз болгондо да коркот. 151-б.
Музоосунда сүздүргөн (корккон)
өгүзүндө (өгүз болгондо) да коркот. 12, 151-бб.
Муңдуу эрге бузукчулуктуу күн туусун. 20, 152-бб.
Мурдунун суусу жетти го (жетиптир). 75, 92-бб.
Мурун туулуп, кийин калат (калган),
мурунтугу жерде калат (калган). 55, 74-бб.
Мурун чыккан кулактан кийин чыккан мүйүз озуптур. 112-б.
Мурунку конок кийинки конокту сүйбөйт. 3-б.
Мурунку көч кайда барса, кийинки көч ошондо барат. 1-б.
Мурутун сылап, сакалын алат. 79-б.
Мурутуң өссө, өзүң капыр, чачың өссө, айылың капыр. 151-б.
Мусулманды салабатынан тааны. 49-б.
Мусулманчылык акырындык менен. 105-б.
Мүрөктүн суусун ичкен көп жашайт. 155-б.
Мылтык деген жан деген, мылтыктан кийин өл деген. 76, 186-бб.

Мылтык менен окууга карылык жок. 123-б.
Мындай ура берсең, биздин элден кийиши келбейт. 152-б.
Мындан ары эмчек кара таш болобу. 92-б.
Мындан жаманымда тойго баргамын. 103-б.
Мытандан калган буламык ичейин деген ашым эмес, токсон беш сени көрөйүн деген жашым эмес. 99-б.
Мытандан кылган быламык, ичейин деген аш эмес, токсон беш, сени көрөйүн деген жаш эмес. 59-б.
Мээнет жашыкка илешкен чөптөй. 13-б.
Мээнет кетпейт бечелден, кеп кутулбайт чеченден. 174-б.

Н

Набайчы нанын айтат, мал баккан малын айтат. 111-б.
Намаз бекердин иши экен. 56-б.
Нан – ыйман. 151-б.
Нанбай өлүп жатса, наны коюнунан чыгат. 73-б.
Нанды ысыгында, пулду кызыгында. 61-б.
Наны жок чайдан без, кайыры жок байдан без. 17-б.
Ноктолуунуку бүтөт, бокчолуунуку житет. 56-б.

О

О деген төөгө сүйөнүч. 8-б.
Обозгер жакшы – кан жакшы, катын жакшы – эр жакшы. 31-б.
Обоо менен шыйпаң дос, бучук менен жыртак дос. 29-б.
Обу жок катын орсок уй саайт. 37-б.
Обужок сөзгө ооз ачпа. 113-б.
Озунган таз бөрк алат. 60-б.
Ойдо музоо мөөрөсө, жүгүрүп турат биздин кыз, тоодо музоо мөөрөсө, жүгүрүп турат биздин кыз, эңчегер бойлуу Эр Эшим, эсен барып соо келсин, биздин кыздын кептерин киер бекен сиздин кыз. 134-б.
Ойдо оосурган көт тоодо да оосурат. 55-б.
Ойлобогон оосурган танадай болот. 107-б.
Ойлонгон иш оңколотпойт. 113-б.
Ойноп айттым деп, оюндагысын айтат. 76-б.

Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө. 9-б.
Ойнош оттон ысык, калса, боктон сасык. 112-б.
Окуу менен мылтыкка карылык жок. 55-б.
Олдоксон төөнү жаза муштайт. 82-б.
Олпок салганга олпок сал, талпак салганга талпак сал. 20-б.
Олуя жакынын колдойт. 65-б.
Олуяга чырак. улукка тамак. 81-б.
Омурткасын оркойтуп, орокчу болот кембагал, кабыргасынкаркайтып, карулуу*(карылуу/карууллуу – Н.Ө.)*болот кембагал.Көк аштыкты көп оруп, көнүп калат кембагал, көтөрүлүп келгенде өлүп калат кембагал. 111, 123-бб.
Он теңге берип айттыра албайт, бир теңге берип койдура албайт. 36-б.
Он эки аякка бир каруу. 72-б.
Он эки койдун териси ойлоп бычса, тон болот. (чоркок аялдын сөзү) 107-б.
Он экинин бири жок, уй байларга жиби жок. 197, 200-бб.
Оң колуңдун ачуусу келсе, сол колуң менен карма. 19-б.
Оңко ойногон көбүнөн ажырайт, топ ойногон баарынан ажырайт. 112-б.
Ооз – дарбаза, сөз – бороон. 33-б.
Ооздон чыкты, алаамдан чыкты. 26-б.
Оозу ашка тийгенде, тумшугу ташка тиет. 59-б.
Оозу жаман эл булгайт, буту жаман жер булгайт. 5-б.
Оозу карага да жетерсиң, оозуңду ачыпта *(ачып да – Н.Ө.)* турарсың. 118, 178-бб.
Оозу күйгөн чебердеп ууртайт. 87-б.
Оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн. 23-б.
Оозу менен орок оруп, буту менен машак терет. 70, 91-бб.
Оозу чоңго аш, көзү чоңго жаш. 35-б.
Оозуна алы келбеген оңколойт. 113-б.
Оозунан алдырган бөрүдөй болду. 60-б.
Оомалуу, төкмөлүү дүнүйө. 199-б.
Оор ташты жеңил таш менен бошотот. 25-б.
Оору батмандап түшүп, мыскалдап чыгат. 70-б.
Оору кайда болсо, жан ошол жерде. 70-б.
Оору калат, адат калбайт. 184-б.
Оору кор кылат, өлүм зар кылат. 168-б.

Оорубаган жамбашы менен жатат. 63-б.
Оорубаган жамбашы(ң) менен жат(ат). 63, 128-бб.
Ооруган башка темир тарак. 160-б.
Ооруда чан-чуу (жанчуу) жаман, сөздө каңкуу жаман. 72, 199-бб.
Ооруну сураса, айыкканчалык. 20, 30-бб.
Ооруп айыккан баш берсин, өлүп көбөйгөн мал берсин. 84-б.
Ооруп турдум, ойноп турдум. 84-б.
Оорутпай кебез менен мууздоо. 140-б.
Оосурактын башында от күйөт. 20-б.
Оосурактын уяты жок, аз гана бетке чиркөөсү бар. 27-б.
Оосурбаса, (сасык) жыт кайдан чыгат. 102, 150-бб.
Оосурган танадай болду. 132-б.
Опсуздун оюну жаман энесин көткө саят. 85-б.
Оргу-баргы көрүнөсүң, айтып(-айтып) коёт көрүнөсүң. 30, 152-бб.
Орду жок сөзгө ооз ачпа. 84-б.
Ордунда бар оңолот. 40-б.
Ородойдун он тамыры бир келет. 39, 201-бб.
Ороздуку (Ороздуунуку) он бешинде баш,
Чыт(й)ырдыкы жыйырма бешинде жаш. 37, 153-бб.
Ороздуу менен оттош бол, ырыстуу менен жолдош бол. 131-б.
Орозо ачкалыктын иши экен. 56-б.
Орозодо көчкөн – эрмек. 37-б.
Орой уруш десе уугун, кериш десе керегесин ала чуркайт. 131-б.
Ороктон качкан сарт ыраак чычат. 28, 162-бб.
Оромол олжо эмес жолго. 26-б.
Орточолук озот, катуулук тозот. 84-б.
Орус араба менен коён уулайт. 77-б.
Орус менен дос болсоң, ак балтаң белиңде болсун. 34-б.
Орус, орус келгени оңолду конуш. 86-б.
От менен ойносоң, күйөрсүң. 159-б.
Отолотсо, отолотсо экен, отолотпосо,
торпогумду кайтарат элем. 88-б.
Отор-оторду оюнчук көрөсүң,
ичкиликтин кызы тууй албай жат.(?) 58-б.
Оттой орокчу, суудай каракчы. 101-б.
Отту көөлөсө өчөт, коңшуну көөлөсө көчөт. 36-б.

Отуз уулду бир ата асырайт, бир атаны отуз уул асырай албайт. 164-б.
Отуз уулум болгуча, оосурак чалым болсочу. 112-б.
Отун – олжо, суук – кордук. 13-б.
Отун албаганга от жактырба. 84-б.
Отурган кыз ордун табат (орун алат). 32, 175-бб.
Ою кысканын жолу кыска. 143-б.
Ою тереңдин жолу терең. 143-б.
Оюн (эле) чын болот, ойнош (эле) эр болот. 127, 200-бб.
Оюндан от чыгат. 76, 134-бб.

Ө

Өгөйдүкү өөнчүл. 14-б.
Өгөөгө бергис бүлөө бар, экөөгө бергис бирөө бар. 170-б.
Өгөөдөн бүлөө өткөн жок, экөөнө бирөө жеткен жок. 53-б.
Өгүз баштаса, өлөң чөпкө, инек баштаса, ийри жарга. 181-б.
Өгүз өлбөгүдөй, инек соолбогудай болсун (болуш). 91, 140, 201-бб.
Өгүз өлдү, орток айрылды. 39-б.
Өгүздүн өлгөн жерине өкүр. 115-б.
Өз агасын агалай албаган киши агасын сагалайт. 10-б.
Өз акылың – өзөк менен тамыр, киши акылы – кишен менен тушоо. 44-б.
Өз башын аябаган киши башын дал-дал кылат. 13-б.
Өз башындагы чокту көрбөй, кишинин башындагы чөптү көрөт. 42-б.
Өз боюңа сакыт бол, коңшуңду ууру тутпа. 85-б.
Өз жаманы өлгүчө билинбейт,
кишинин жаманы кирип чыкканча билинет. 185-б.
Өз кылганың өзүңө, өйдө карап түкүрсөң, кайтып түшөт жүзүңө. 80-б.
Өз өлтүрбөйт, жат жарытпайт. 70, 104-бб.
Өз тууганды кор көргөн жатка зар болот. 136-б.
Өз үйүндө ашың болсо, кишинин үйүндө касың барбы. 3-б.
Өз ээсине көтөн гүч *(күч – Н.Ө.)*. 101, 132-б.
Өздөн көрө жат жакшы, өзбектен көрө сарт жакшы. 199-б.
Өздү жаттай сыйлагын, жат жанынан түңүлсүн. 18, 183-бб.
Өзөктөн күйгөн өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман. 77-б.
Өзү билбес, билгендин тилин албас, тил билбеген макоо. 136-б.
Өзү билбес, билгендин тилин албас. 179-б.

Өзү болгон уулдун атасын сурап нетесиң (сураш не керек). 6, 170-бб.
Өзү жыгылган бала ыйлабайт. 56-б.
Өзү тойсо да, көзү тойбойт. 49-б.
Өзүмдөн алыс төркүнүмө. 17-б.
Өзүмдүкү дегенде өгүздөй кара күчүм бар,
кишиники дегенде кол тийбеген ишим бар. 48-б.
Өзүмө тийбеген көтөн богу менен кайнасын. 132-б.
Өзүн өзү билген өтүгүн төргө илет. 156-б.
Өзүнөн мурун коноктун атын сыйла. 111-б.
Өзүнүн башындагы төөнү көрбөй,
кишинин башындагы чөптү көрөт. 119-б.
Өзүң бычак, өзүң касап. 83-б.
Өзүң кылган иш, сакалыңа муш. 126-б.
Өзүңдөн жогоруга каршы пикир кыл,
төмөнкүгө карап шүгүр кыл. 199-б.
Өзүңдү эр ойлосоң, өзгөнү шер ойло. 72, 112-бб.
Өзүңө бычак ур, оорубаса, кишиге ур. 7-б.
Өзүңө сүйгөндү кишиге да сүй. 58-б.
Өйдө караса, тирмек көз дейт, ылдый караса, сүзмөк көз дейт. 52-б.
Өйдө тартса, өгүз өлөт, ылдый тартса, араба сынат. 75-б.
Өксүбөгөн кандын бир татым тузу кемийт. 39-б.
Өктөгөн жанга өлүм бар. 27-б.
Өкүмдүн өтү жарылат. 62-б.
Өлбөгөн адам көрүшөт. 71-б.
Өлбөгөн киши(кул) алтын аяктан суу ичет. 70, 159-бб.
Өлбөстүн күнүн көрүп, өчпөстүн отун жагат. 104-б.
Өлгөн менен кыз бергенге намыс кылба. 56, 125-бб.
Өлгөн өксүтөт, кеткен кемитет. 157-б.
Өлгөн тирилбейт, өчкөн тамбайт. 44-б.
Өлгөнгө өкүнбө, жетпести кууба. 115-б.
Өлгөнгө ыйлаган кайран көз, жаманга айткан кайран сөз. 22-б.
Өлгөндү топурак суутат. 143-б.
Өлгөндү тууган жеңет, жоону кууган жеңет. 115, 141-бб.
Өлгөндүн артынан кошо өлмөк жок. 70-б.
Өлгөндүн жүзү нары, тирүүнүн жүзү бери. 63-б.
Өлгөндүн үстүнө көмгөн. 12-б.

Өлдүң, өчтүң. 159-б.
Өлмөйүнчө ырыскы түгөнбөйт. 71-б.
Өлө тирил, Боку бийдин кызын ал. 102, 126-бб.
Өлөңдү өрттөп, кара сууга кан куйган. 196-б.
Өлөңдүү жерди өрттөгөн, кара сууга кан куйган. 156-б.
Өлөр уйдун көзү жаман. 75-б.
Өлөр эчки койчунун таягына сөйкөнөт. 5-б.
Өлөр-өлбөс жан(ы) менен, өпкө-жүрөк (боор) сан(ы) менен. 120, 197-бб.
Өлсө ат териси, өлбөсө кой териси. 30-б.
Өлсөң, көрүң кең болсун. 44-б.
Өлүк мээнбей, тирик кубанбайт. 56-б.
Өлүм бардын малын чачат, жоктун абийирин ачат (чачат). 9, 125-бб.
Өлүм кабак-кашты ирмегиче. 51-б.
Өлүм (көз ирмегиче,) кабак менен каштын ортосунда. 93, 118-бб.
Өлүм өксүтөт. 34-б.
Өлүп тапкан баламды өрдөк чокуп жок кылды. 74-б.
Өлүп-өлүп аз калып, эки бирдей таз калып. 118-б.
Өлҷ *(өлүү – Н.Ө.)* арстандан тирүү чычкан артык. 34-б.
Өлүүнүн жүзү нары, тирүүнүн жүзү бери. 34-б.
Өлүүнүн сөзүн тирүү сыйлабайт,
талаадагынын сөзүн үйдөгү сыйлабайт. 11-б.
Өнөр алды – кызыл тил. 86-б.
Өнөрлүү өлбөйт. 6-б.
Өң көрсө, жүз таят. 84, 122-б.
Өңөрүп жүрүп кой өлөт, өбөктөп жүрүп ырчы өлөт. 57-б.
Өңү кара болсо да, өзү сары. 88, 125-б.
Өөдө чыкса, белим деп, ылдый түшсө, тизем деп,
мүңкүр кылды карылык, ооздогу отуз эки тишти алды,
талпайган кызыл бетти сөөк кылды. 129-б.
Өпкө жокто карын бий, өрдөк жокто чулдук бий. 13-б.
Өпкө кызыл кеч оңот, өтө кызыл тез оңот. 171-б.
Өпкө, өпкө жетет көпкө. 112-б.
Өрдөктүн өзү көктө болсо да, көзү көлдө. 6-б.
Өсөр өзүн сыйлайт, өспөс жатын сыйлайт. 18-б.
Өткөн ишке өкүнбө. 42-б.
Өткөн күндө белги жок, салып койгон тамга жок. 23-б.

Өткөн өмүр – качкан куш, кайра келбейт ал кайтып. 71, 160-бб.
Өтө кызыл бат оңот, өпкө кызыл кеч оңот. 69, 90-б.
Өтөгөнүн териси өзү жүрүп ий болот, өтөгөң кимге бий болот. 94-б.
Өтпөс бычак алгыча, тиштеп жегин тойгуча,
жаман катын алгыча, бойдок (султан) өткүн өлгүчө. 22, 180-бб.
Өтпөс бычак кол кесер. 42-б.
Өтүгү жаман төргө өтө албайт,
жеңи жаман аяк (тамак) алып иче албайт. 35, 148-бб.
Өтүгү жокко өзүм барам, тону жокко айта бар. (суук) 28-б.
Өтүкчүнүн өтүгүнүн такасы жок,
уз зайыптын күйөөсүнүн жакасы жок. 115-б.
Өчпөстүн отун жагып, өлбөстүн күнүн көрөт. 197-б.

П

Пайгамбардын көзүн көргөн кузгун го. 89-б.
Пайдасыз тууган – чекеге чыккан чыйкан. 153-б.
Пенденин оозунан чыкса, периштенин кулагына аян болот. 98-б.

С

Сааганың Байбагыштын бээси,
таңда күнү болгондо айдап кетет ээси. 62-б.
Сааныңды камдаганча, сабаңды камда. 2-б.
Сабасын бишкеги менен көтөрүптүр. 75-б.
Сабасына жараша бишкеги, мурутуна жараша искеги. 160-б.
Сабасына карай бишкеги, мурутуна карай искеги. 105-б.
Сабырдуу тоодой балаадан кутулат. 115-б.
Сагызган жоорго жабышат. 124-б.
Сагызган сактыгынан өлбөй, суктугунан өлөт. 14-б.
Садаганы ден соолукта. 78-б.
Садаганы соосунда. 61-б.
Сай сайга куят, бай байга куят. 31-б.
Сайда саны жок, кумда изи жок. 38-б.
Сакадай бою сары алтын. 83-б.
Сакалдуу киши жоого түшөрбү. 42-б.

Сакалыңдын агы бар, балалыгың дагы бар. 12, 152-бб.
Сактансаң, соо каларсың, сактыкка кордук жок. 115-б.
Сактын саны калып, саңыроонун сайда каны калат. 15-б.
Самаркан жактан шамал болду десе,
Самарканды жоо чааптыр, же саман учуптур дейт. 157-б.
Самаркандан шамал болду десе,
Самарканды жоо чапты дейт. 80-б.
Сан санатка жеткирет, жегени аппак май болот,
ичкени кызыл чай болот. 29-б.
Санаа жеткенге кол жетпейт. 113-б.
Санаа жетсе, ой жетпейт. 83-б.
Санаа күлүк, изи жок. 83-б.
Санаамда жүргөн сенсиңби, сагынганда келдиңби. 142-б.
Сапарбайдын сан жылкысынан
Кулансарыктын кула байталы көрүнөт (көрүнүптүр). 33, 149-бб.
Сараңга конгуча, молого кон. 113-б.
Сараңдын колу тар, кайда барса, жолу тар. 140-б.
Саратан жардан куласа, чаң асманга чыкпайбы,
оттон казан жыгылса, күл асманга чыкпайбы. 75-б.
Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң. 63-б.
Сарсанаа эрди саргартат, сары шамал чөптү кубартат. 11-б.
Сарт бышырсын, кыргыз туурасын, казак ашасын. 97-б.
Сарт даңкы менен бөз өтөт, ата баркы менен кыз өтөт. 19-б.
Сарт санаасы менен байыйт. 63-б.
Сартка сапыраңдын кадыры жок,
моңолдорго эмчектин кадыры жок. 88-б.
Сартпыз, сартта (*сартда- Н.Ө.*) болсо(к), бир уруу журтпуз. 113, 136-бб.
Сарттын аты жемкор болсо,
дорбонун (добуранын) түбүн тешет. 108, 119, 158-бб.
Сарттын ашына күйгүчө, атаңдын башына күй. 90-б.
Сарттын суусу сатылуу. 43-б.
Сары жоонун баары жоо. 53-б.
Сары короолу чөптүн башына конуп олтуруп чалкалап алып асманды
мен токтотуп турам деп айтыптыр. 91-б.
Сасык байдын куну жок. 102-б.
Сатарсың, мактаарсың, аларсың, кордоорсуң. 84-б.

Саткан малың айылыңда болбосун,
ажырашкан катын элиңде болбосун. 68-б.
Сая албаган ийне тандайт, саптай албаган учук тандайт. 18-б.
Саяк жүрсөң, таяк жээрсиң. 38, 186-б.
Сезбеген тозоктун ичинде от чачып ойнойт. 32-б.
Семиздин аягы – сегиз. 15-б.
Сен – каркыра, мен – турна, мен турган жерге сен турба. 190-б.
Сен сыйласаң карыңды, кудай сыйлайт баарыңды. 27-б.
Сеники, меники дечү белек, узун моюндардын бири жок.
(каркыранын баласын жеп алып, түлкүнүн айтканы) 51-б.
Сийдиги булут айланды. 75-б.
Сийдиги күл тешпейт.
(колунан иш келбейт, чабал, алы начар маанисинде) 81-б.
Сийдиги тентектин бири тентек, жатыны тентектин баары тентек. 25-б.
Силер кетти деп ыйласаңар, мен кайра келет деп ыйлап жатам.
(жаман кызды бергендеги сөз) 180-б.
Сиңер жерге суу сал, угар жерге (кишиге) сөз айт. 22, 120-бб.
Согончогу канабаган катынды катын дебе, качаган атты атым дебе. 127-б.
Согумдун башы, чечемдин ашы. 63-б.
Согумуң чүйгүн чыкса, ичиңден тын. 74-б.
Сокмок да болсо жол жакшы, сокур да болсо кыз жакшы.
Кайрылыш да болсо жол жакшы, кашак да болсо кыз жакшы. 25-б.
Сокулуу катын – зор катын, сокусуз катын – кор катын. 61-б.
Сокур ит аксак түлкүдөн үмүт кылат. 115-б.
Сокур ит бок жалаганчалык иш. 125-б.
Сокур көргөнүн койбойт, дүлөй укканын койбойт. 202-б.
Сокур орой, таз кыйык, бучукта бардыр аз кыйык. 33-б.
Сокур тоом жол, бара-бара даңгыр жол. 107-б.
Сокур уй кудук көргөндөй болбо. 4-б.
Сокур уйду жарга камагандай болду. 53-б.
Сокурга күн, түн бирдей. 113-б.
Сокурдан кароол койсоң, элиңди жоого чаптырат. 7-б.
Сокурдун тилегени – эки көз, чекирдин тилегени – кара көз. 15, 172-бб.
Солдун оңу бар. 60-б.
Сологойдун оңу да болот. 200-б.
Солто – журттун тогу, саяк – журттун шогу, кылжырдын барынан жогу. 57-б.

Сом темирге балка бар, чоңсунганга кудай бар. 36-б.
Сомдогон соку моюндуу, бок сасыган кандуу,
аны алган жигиттин эки көзү оюлду. 144-б.
Сомдогон соку моюндуу, бок сасыган коюндуу,
аны алган жигиттин эки көзү оюлду. 75-б.
Соодада достук (көңүл) жок, саламда борчтук жок. 70, 195-бб.
Соодасы түгөнгөн сарттай болду. 60-б.
Соолгон көлгө бака айгыр, тул катынга жалчы айгыр. 13-б.
Сопунун иши асанда, соргоктун көөнү казанда. 79-б.
Соргок суусак, долу ыйлаак. 30-б.
Сөз келгенде сөздү айтпаса, сөздүн атасы өлөт. 2-б.
Сөз маанисин билбеген сөздү өзүнө келтирет. 113-б.
Сөз сөздөн чыгат, сүйлөбөсө, кайдан чыгат. 116-б.
Сөз тапкан колко бербейт. 39-б.
Сөзгө сөлтүк, кепке кемтик болбо. 192-б.
Сөздү сөздө, артынан көздө. 18-б.
Сөздү чын токтотот, сууну таш токтотот. 83-б.
Сөздүн алдында кароолу, артында чыңгоолу бар. 117-б.
Сөздүн жөнүн билбеген сөздү өзүнө келтирет. 2-б.
Сөздүн сандыгы – көңүл. 87-б.
Сөзүндө ырыс болбосо, эткени эм болбойт. 98-б.
Сөөк менен ыраактан сыйлаш. 131-б.
Сөөк өчтү жоо агарышпайт. 100-б.
Сөөккө бычак сатпа. 19-б.
Сөөктүн бир учу майлуу, бир учу кандуу. 113-б.
Сөөктүн эң жаманы суу кечирет. 14-б.
Сөөлдүн пайдалуусунун (пайдалуу дегенинин)
улактуу эчкилик зыяны бар. 77, 188-б.
Сөөмдү жакын көрүп, карышты ыраак көрбө. 32-б.
Суламада сууга (ууга) кеткен малым. 103, 187-бб.
Сулуу кыз, кыраан бүркүт, алгыр тайган таалайлууга туш келет. 146-б.
Сулуу сулуу эмес, сүйгөн сулуу. 15-б.
Сулуулуктан жылуулук артык. 77-б.
Сунган моюнду суурган кылыч кеспейт. 28-б.
Сураганга эки бер, суусаганга жеке бер,
кыла көрбө текебер. 6, 187-бб.

Сурадым акыл карыдан, өз давасы болбос(о),
жазылбайт экен дарыдан. 162-б.
Сурай-сурай Мекеге барат. 58-б.
Сурап ичип тойбогон, сугалагын койбогон. 170-б.
Сурап ичкен – суу ичкен, тартып өпкөн – жел өпкөн. 69-б.
Суу – тили жок жоо. 48, 111-бб.
Суу башынан ылайлайт. 13-б.
Суу көрбөй өтүк чечпе. 36-б.
Суу менен ойносоң, чөгөрсүң, от менен ойносоң, күйөрсүң. 83-б.
Сууга жакын кудайга жакын. 50-б.
Суук сөз тууганга да жакпайт. 77-б.
Суук сөз тууганга да жакпайт. 88-б.
Суулар агат сай менен, шам жанат го май менен. 181-б.
Сууну көп кечсе – чалчык, кепти көп айтса – тантык. 18-б.
Суунуку сууга. 187-б.
Суунун башы – булак, жолдун башы – туяк, сөздүн башы – кулак. 42-б.
Суюк аял карыса, бүбү болот. 6-б.
Суюк аялдан шылдыңчыл уул туулат. 20-б.
Сүйбөс конок төргө өт. 35-б.
Сүйүнгөндөн маңдай жарылбайт, корккондон жүрөк айрылбайт. 64-б.
Сүлөсүндөй керилген, сүйлөргө сөздөн эринген. 126-б.
Сүт менен бүткөн адат сөөк менен кетет. 67-б.
Сыйга сый, сырага бал. 53, 99-бб.
Сыйды кылсаң сыдыра. 20-б.
Сыймыгы качкандын үй-бүлөсүнө баркы болбойт. 175-б.
Сыйыр сыйлаганды билбейт. 74-б.
Сылап сакал, сыйпап мурут чыгарган (чыгарып,
адам катарына коштум эле). 80, 86-бб.
Сынбасты уста жасабайт,
өлбөстү кудай жаратпайт (жасабайт). 37, 171-бб.
Сындуу болсун өтүгүм, сыздатпасын бутумду. 36-б.
Сынчынын сыңар өтүгү майрык. 4-б.
Сыпаанын астында сөөк жатсын. 29-б.
Сыпайы сырын жашырбайт. 84-б.
Сыр аяктын сыры кетсе да, сыны кетпейт. 189-б.
Сырын алган байталдын сырт жагына чыкпагын. 6-б.

Т

Тааныбагандын ой-чуңкуру көп. 165-б.
Тааныбасты сыйлабас. 53-б.
Тааныбасаң Тынайыңмын, тааныбасаң кудайыңмын. 106-б.
Таарынгандыкы таттуу. 13-б.
Таарынсаң, таргалакка өт. 147-б.
Таарыныч айткан жезде чыгат (айтканда чыгат). 74, 179-б.
Таба албаган жумурткадан кыр табат. 134-б.
Таба жолу тар, таңда күнү бар. 31-б.
Табарына сүйүнбөй, турарына сүйүн. 195-б.
Табасы канып, ташы тегеренет. 52-б.
Таз тарангыча, той таркайт. 7-б.
Таза болсоң, суудай бол баарын жууп кетирген.
Балбан болсоң, жердей бол баарын койбой көтөргөн. 51-б.
Таза десе, жиндидей, жинди десе, тазадай. 98-б.
Тазалагын жолуңду, тарта жүргүн колуңду.
Напсиге кул болбо, ар ишиңли өзүң оңдо. 142-б.
Таздын бити саналуу. 197-б.
Таздын көөнү жок болсо, кыздын көөнү жок бекен. 69-б.
Тай табылгыча таяк ылоо, ат табылгыча аяк ылоо. 175-б.
Тай туйлап такка чыкпайт. 41-б.
Тайлуу бээге жолобо, тайы тебет башыңа. 199-б.
Такымчылдын такымы куруйт. 84-б.
Такыялуу башка далай иш. 12-б.
Талаада бармакка үч оролгон кайыш – олжо. 49-б.
Талаадагыны үйгө болжобо. 83-б.
Талпынбай, тилекке жетпейт. 109-б.
Там үй, тар босого. 169-б.
Тама, тама көл болот. 93-б.
Тамагын тартпаган таттуусунан айрылат. (кыргыз ооруганда көпчүлүгү суу ичет, ошого байланыштуу айтылган) 97-б.
Тамак үчүн көктөгү (асмандагы) куш торго түшөт. 82, 115-бб.
Тамакты бир тууш ичет, бир кууш ичет. 49, 186-бб.
Тамакты кабак көрөт. 34-б.
Тама-тама көл болот. 165-б.

Тандаган тазга жолугат. 59-б.
Тандап алган катының тайлак минип олтурат, көрүп алган катының көсөө камчыланып отурат. 59-б.
Тандачуу *(тандачу – Н.Ө.)* белек – жок белек, тал-тал кара чачтууну, тандаганга кез келсин таргыл буга баштууну, издечүү *(издечү– Н.Ө.)* белек – жок белек, ителги кара көздүүнү, издегенге кез кылсын ит кыялдуу сөздүүнү. 59-б.
Тантык сөз жарыштырба. 105-б.
Таңда күнү таң атар, саамал ичер күн тубар. 95, 133-бб.
Тапкан сүйүнөт, тааныган алат. 54-б.
Тапканды ит жеп, арканы бит жеп. 74-б.
Тапкандын түбү тешик. 138-б.
Тапканын ит жеп, аркасын бит жеп. 90-б.
Таш койгон ташын алат, кыш койгон кышын алат. 46, 100-бб.
Таш менен урганды аш менен ур. 20-б.
Таш тараза тоң, ... 61-б.
Ташка сал, таалайыңдан көр. 19-б.
Ташка салса тайгылбас, музга салса бурулбас. 40, 146-бб.
Таштан чыккан таш булак, а да куят теңизге, жамандан жакшы тууду деп, сүйүнбөңөр жигиттер, а да кетет негизге. 25-б.
Таштандыга таш тийбейт. 151-б.
Ташты эриткен – аш. 21-б.
Таяк тайга, тай атка жеткирет. 172-б.
Тегеренме теңге таш, делбе болдук бала жаш. 179-б.
Тегин жаткан текемди сенин эчкиң ала кетти. 102-б.
Тез жанында ийри жыгач жатпайт. 10, 186-бб.
Тейиттер эми тоюптур, тоюп уурусун коюптур. 117-б.
Тек сурамак сүннөттөн, нарк сурамак келбеттен. 70-б.
Теке болсун, сүтү болсун. 41-б.
Текебер башка кээ болор, тулпарды тууган бээ болор. 187-б.
Темене тартып, төө алат. 122-б.
Теминген сайын бир боорсок. 72-б.
Темир токмок күчтүү болсо, кийиз казык жерге кирет. 38-б.
Темирден кылган үзөнгү тең теппеген өзүңдөн,
тең атанын баласын тең көрбөгөн өзүңдөн. 139-б.
Темирди кызуусунда сок. 45-б.

Темирдин бир башы ысык, бир башы суук. 14-б.
Тең атанын уулу – теңиринин уулу. 172-б.
Тең көргөндү теңирим сүйөт. 7-б.
Тең теңи менен, тезек кабы менен. 26-б.
Тең туугандын жаманы болгуча, ак буудайдын саманы бол. 20, 172-бб.
Тепме адал иш болду. 121-б.
Тереги бир жарасы, теңири(си) эки жаайт. 34, 159-бб.
Терек бир жерде көктөйт. 174-б.
Терек бир орунда тамырлайт. 76-б.
Теректей бой бергиче, теменедей акыл берсин. 15-б.
Тери тондун ичинде тердесин жигит, өлбөсүн.
Куур тондун ичинде куурасын жигит, өлбөсүн. 8-б.
Тетиги аял ултаң сурап келе жатат, сен тосуп туруп шири сура. 74-б.
Тетиги катын тарамыш сурап келе жатат,
сен тосуп туруп ултаң сура. 161-б.
Тешик ооз тек турбайт. 61-б.
Тизе жерге тийсе, бет кара болот. 62-б.
Тийип туруп жааган күндөн түңүл, күлүп сүйлөгөн кишиден түңүл. 20-б.
Тил албасты жумшагыча, тына-тына өзүң бар. 83-б.
Тил билги жүйөкөч, кол ийиктей элпек. 137-б.
Тил болоттон курч. 114-б.
Тилде сөөк жок, кандай сүйлөсө бара берет. 111-б.
Тилден бал да, уу да тамат. 114-б.
Тили буруунун ашын ичип, отурган шырдагын бычакта. 196-б.
Тили таттуу, боору катуу. 118-б.
Тили таттуунун боору катуу. 74-б.
Тилинде мөөрү, тишинде сөөлү бар, каргышы ката кетпейт. 77-б.
Тилинин заары, бетинин чаары. 115-б.
ТирҰҰ *(и – Н.Ө.)* укмушта бар бекен, тирүү кулак укпай кал. 52-б.
Тирүүгө да мал керек, өлгөнгө да мал керек. 91-б.
Тирүүдө сыйлашпаган өлгөндө ыйлашпайт. 71-б.
Тирүүдө сыйы болбосо, өлгөндө ыйы болбойт. 68-б.
Тирүүдө сыйы жоктун өлгөндө ыйы жок. 126-б.
Тирүүлүктө жыйгандаш, өлүп кетсе, ыймандаш. 138-б.
Тирүүлүктө мал керек,
өлүмүлүк тирүү мал өлгөндөн кийин не керек. 123-б.

Тирүүлүктө мал таттуу, өлмөйүнчө жан таттуу. 149-б.
Тиши кетик болсо да, көңүлү тетик,
өңү кары болсо да көңүлү жарык. 114-б.
Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт. 67-б.
Тишиң барда таш чайна, тишиңден кийин аш кайда. 17-б.
Тишиңди жашырба, тилиңди чыгарарсың. 113-б.
Тобо тирүүлүктө, жан ооруган жерде. 122, 150-бб.
Тобокелде кайгы жок. 33-б.
Тогуз катар торко менен үшүп отурам,
көңдөй көт кантти экен. (шилби сөңгөк куурайды айтканы) 96-б.
Тогуз катар торкодон токтучактын териси ийги. 1-б.
Тогуз сарт бир ороого сиет. 118-б.
Тогуз толгоо бир келсе, аргаңдын кеткени. 114-б.
Тогуз черик тону менен батпайт,
бир чоңбагыш бутун тырмалап жатпайт. 114-б.
Тозокко үйрөнгөн от чачып ойнойт. 115-б.
Тойго тоюп бар, ашка ачып бар. 42-б.
Тойгон, татканокшош. 174-б.
Тойгондо токтунун эти топурак татыйт. 21-б.
Тойгондон алгын зайыбыңды, топ ардан кылба кайыныңды. 147-б.
Тойгонуңа сүйүнбө(кубанба), сиңерин ойло. 83, 113-бб.
Тойгуча жеген өлгөнчө карганат. 155-б.
Токойдо жүрүп сайраган булбулдан муңдуу куш барбы,
өлгөндөн жаман иш барбы. 173-б.
Токойдо жүрүп сайраган булбулдан муңдуу куш барбы?!
Өлгөндөн жаман иш барбы?! 32-б.
Токойлуу жер аңсыз болбойт, кыргыз малсыз болбойт. 116-б.
Токол эчки мүйүз сурайм деп, кулагынан айрылган (ыптыр). 7, 190-бб.
Токсон толгоо бир кирет. 162-б.
Толбоско куйба, тойбоско бербе. 4-б.
Тон жакасынан кийилет. 55-б.
Тон сактаган киет, ат сактаган минет. 114-б.
Тондун жылуусун ээси билет. 7-б.
Тондууга тондуу суук, тону жокко тону жок суук. 39-б.
Тоң айырган май жейт, дос айырган бок жейт. 62-б.
Тоо томкорулат, деңиз соолот, чоң кичиреет. 143-б.

Тоок түшүндө таруу көрөт. 82-б.
Тооксуз эле таң атат. 23-б.
Тоолуу жер аңсыз болбойт, көчмөн эл малсыз болбойт. 82-б.
Тоону, ташты сел бузат, адам уулун кеп бузат. 47-б.
Тоонун бөрүсү, токойдун каракчысы көп. 124-б.
Тоорумду бирге тооруштук, качан көңүл ооруштук.
Чалгынды бирге чалыштык, качан көңүл калыштык. 108-б.
Тоосу бийик кийиктин көзү кызыл. 87-б.
Тоосуз жер болбойт, доосуз эл болбойт. 64-б.
Топук кылсаң, тоёрсуң, төлөп ууруң коёрсуң. 193-б.
Топук кылсаң, тоёрсуң. 12-б.
Топурак бел, шыбак бел, күйөө жатар жер экен. 124-б.
Торко тозот, туяк озот. 26-б.
Тотукуш бутун көрүп корунат, куйругун көрүп сыланат. 89-б.
Төгүлгөн аяк толуусу (толугу) менен тийбейт. 1, 185-бб.
Төгүлгөн сарттын бозосу, сынган сарттын көсөөсү,
суудан алып, сууга куй. 26-б.
Төгүн жерден өрт чыкпайт. 49, 159-бб.
Төлгөгө да ишенишет. 100-б.
Төө канча болсо, жүк ошончо. 89-б.
Төө көп болуп конокко сойбойт, эгин көп болуп эки жылы ичпейт. 24-б.
Төө көрбөгөн жүктөп өлтүрөт. 38-б.
Төө *(төө – Н.Ө.)* көрбөгөн жүктөп өлтүрөт,
катын көрбөгөн уруп өлтүрөт. 121-б.
Төө көрдүңбү, маёо, бээ көрдүңбү, маёо. 100-б.
Төө кыядан чыккан соң, өкүнүчтөн не пайда. 101-б.
Төөгө минип, эчкиге жашынат. 3-б.
Төөнү көрсөң иерсиң, ыштаныңа сиерсиң. 38-б.
Төөнү сел алса, эчкини асмандан көр. 21-б.
Төөнүн куйругу жерге түшүп,
эчкинин куйругу көккө чыкканда болот. 37-б.
Төөнүн куйругу жерге түшкөндө, эчкинин куйругу көккө чыккан(да) боло турган иш, *же* төө жаңгак чычканда *(б.а. Төө жаңгак чычканда, эчкинин куйругу көккө чыкканда боло турган иш. Маани си: Эч качан ишке ашпай турган иш. – И.С.)* 183-б.
Төөнүн мазар менен иши жок. 41-б.

Төөчө артыңдан сийбе. 19-б.
Төөчө чайнаганды билип, жутканды билбей калба. 30-б.
Төрдө орун болсо, эшикке отурба. 115-б.
Төркүнү жакындын төшөгү жыйылбайт. 54, 152, 191-бб.
Төркүнүң ит, төзүң ит, төркүлөгөн кызың ит. 18-б.
Төрө тогоол болуп турат. 68-б.
Төрөбөгөн катындан улактуу эчки өйдө. 190-б.
Төртөө түгөл болсо, төбөдөгү келет, алтоо ала болсо, ооздогу кетет. 43-б.
Төшөгүңө карап аягыңды сун. 4-б.
Төшөктүн жылуусун ээси билет. 196-б.
Туздун өчүн турнадан ал(ды). 131, 167-бб.
Туйгундун жаманы карга ала албайт,
манаптын жаманы атын токуп мине албайт. 54-б.
Тулпар аттын туягы ташты басып кетилсе, сазды басып жетилер. 65-б.
Тулпар минген турарбы, тууганга жетпей тынарбы. 161-б.
Тулпардын изи жоголбойт, акылман чечендин сөзү жоголбойт,
арамзанын иши эгерим оңолбойт. 83-б.
Тулпардын изи жоголбойт, арамзанын иши оңолбойт. 113-б.
Турунадан *(турнадан –Н.Ө.)* бий койсоң,
кыйгый кетпейт башыңдан. 3-б.
Туу кандагандыктан тууган деген. 96-б.
Туу куйруктун тунук суу, тулпар чурап өткөн жок, атаң – Мекке, энең – нур, эч кызматың жеткен жок, кызматы жеткен эрендер Меккеден алыс кеткен жок. 69, 144-бб.
Туубаган бээнин байтал аты калбайт,
туубаган катындын келин аты калбайт. 68-б.
Туубаган катындан улактуу эчки артык. 32-б.
Туубагандын түбү чий. 195-б.
Туубаса да, тутунган. 133-б.
Тууган ай, туураган эт. 93-б.
Тууган бар болсо көрө албайт, жок болсо асырай албайт. 36-б.
Тууган күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп (күлдүрүп) айтат. 66, 107-бб.
Тууган менен жамандашып топурак салышпа. 102-б.
Тууганга кара санаган туура жарыбайт. 14, 169-бб.
Тууганды азары болсо да, безери болбойт. 202-б.
Тууганды топурагы алтын. 34-б.

Туугандын урушу – торконун жыртышы. 12-б.
Туулдум, өлдүм. 71-б.
Туумайынча уул, сатмайынча кул болбойт. 130-б.
Туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок. 23-б.
Тууруна сүйүнбө, турарын тиле. 35-б.
Туягы бүтүн тулпар жок, канаты бүтүн шумкар жок. 34-б.
Түбү тууган түтө албайт. 77-б.
Түгөнөр уй түгүн жейт, андан кийин жанын жейт. 83-б.
Түз ийгиден түңүлбө. 88-б.
Түлкү ийинин(ин түбүн) карап үрбөсө, котур болот. 29, 162-бб.
Түлкүнүн адамдан бир эле амалы кем. 112-б.
Түн бакырдыкы. 183-б.
Түн – бир, ууру – миң. 91-б.
Түндөгү түлкү, бүгүнкү күлкү. 115-б.
Түнттү түртмөйүнчө билбейт. 41-б.
Түңүлбөгөн ч...м (түңүлбөгөнүм) түндө жатып үч турат. 117, 196-бб.
Түркөй кишинин напсиси бир, молдонуку экөө, ажыныкы үчөө. 131-б.
Түтүнү башканын түйшүгү башка. 78-б.
Түшкө не кирбейт, душман не дебейт. 66-б.
Түштөн кийин келип, жууркан меники дейт. 39-б.
Түштүн башы казандай, мойну кылдай, жоруган жакка оойт. 131-б.
Түшү оңолгондун иши оңолот. 30-б.
Түшүнөн чочуган түлөө кылат. 107-б.

У

Убададан тайба, жан ооздон чыгат. 151-б.
Угар кулак, көрөр көз. 89, 95-бб.
Угулбайт деп ууру кылба, билинбейт деп ушак айтпа. 42-б.
Узаткандын жолдоштукка катары жок. 82-б.
Уй мурдун сасык деп кесип салбайт (таштабайт). 49, 122-бб.
Уй сойсоң, үч күнү үйүңдөн кач, жылкы сойсоң,
үйүңө үч күнү баса жат. 76-б.
Уй териси тон болбойт, урушчаак киши чоң болбойт. 172-б.
Уй телиген эки ишин бүтөйт. 39-б.
Уй уйдан калса, кулагын кес, катын катындан калса, бармагын кес. 26-б.

Уйдун куймулчагына келгенде
бычак сындырба (уу болбойт). 86, 120-бб.
Уйдун кыркы кыр ашырбайт. 49-б.
Уйку – жарым өлүм (өлүк). 71, 123-бб.
Уйку менен тамакта ар жок. 78-б.
Уйку төшөк тандабайт. 82-б.
Уйкудагы жыландын куйругун баспа. 82-б.
Уккан кулакта жазык жок. 45-б.
Уккан уламыш, көргөн анык. 46-б.
Укмуштуунун төөсү жорго. 62-б.
Укурук бою кар жааса, кулдун малы жутабайт. 43-б.
Улак маарап суу кечет, тумалак жетим болгон соң,
ыйлап-сыктап күн өтөт. 104-б.
Улукман жашка тойбогон, Карымбай малга тойбогон. 89, 172-бб.
Улуу сөздө уят жок. 67-б.
Улууну аке де, кичүүнү үкө де. 101, 117-бб.
Унутчаак өзүн унутат. 100-б.
Урайын десе кудайың, уулуң душман жудайын, кызың салар кыйынга, кебиң өтпөй жыйынга. Келиниң чыгар кер айтып, кемпириң жыгар тырайтып, жат бутуңду сырайтып, жамбы берген жакының, жакшылык кылбайт кылайтып. 98-б.
Ургаачынын ак көңүлү бергич болот,
эркектин ак көңүлү жарды болот. 165-б.
Урган киши дөң менен, урдурган киши жол менен. 58-б.
Урганыңдан (да) тап бергениң өттү. 58, 100-бб.
Уругумдун уругу, богумдун курагу. 92-б.
Уруулуу журт – уялуу жыгач. 94-б.
Уруш десе, уугун, кериш десе, керегесин ала чуркайт. 76-б.
Уруш эки кишиден(ге) тең. 64, 134-бб.
Урушпай айрылган уялбай кошулат. 184-б.
Урушпас уул, керишпес келин болбойт. 203-б.
Уруштун башы – бок жебе. 48, 174-бб.
Уста менен дос болсоң, нар кескенин аларсың,
ууру менен дос болсоң, бир балаага каларсың. 10-б.
Устадан дат калат, молдодон кат калат. 53-б.
Устадан шекит озот. 6-б.

Устанын үйү какырык менен чимкирик,
өтүкчүнүн үйү кашек менен шашек. 35-б.
Уугум сага айтам, уулум сен ук,
керегем сага айтам, келиним сен ук. 171-б.
Уул бар жерде уруш бар, келин бар жерде кериш бар. 20-б.
Уул богунан. 163-б.
Уул өссө урумга, кыз өссө кырымга. 60, 155-бб.
Уулдан уят кетсе, келинден келбет кетет. 180-б.
Уулдун уулу, улактын шыйрагы. 79-б.
Уулу жакшы менен жүрсөң, уулуң,
кызы жакшы менен жүрсөң, кызың жакшы. 1-б.
Уулу жоктун мууну жок. 102-б.
Уурдап алган таап алдым дейт,
калп айткан ойноп айттым дейт. 2, 184-бб.
Ууру карыса, сопу болот, жалап карыса бүбү болот. 6, 175-б.
Ууруну каракчы урат. 27-б.
Уурунун бир бети кара, айгактын эки бети кара. 9, 184-бб.
Уурунун көтү кууш. 22, 133-б.
Уурусу күч болсо, ээси өлөт. 14-б.
Учкашкан түшөргө кыйын. 29-б.
Учпас тоок, көчпөс там. 43-б.
Учук, учуктун түбү бучук. 93, 181-б.
Ушакчыдан узак кач. 106-б.
Ушакчынын үйү күйөт. 72-б.
Ушу жарык дүнүйө устаранын мизиндей оодарылат күнүгө. 78-б.
Уяда эмнени көрсө, учканда ошону кылат. 1-б.
Уядан сасыткы чыгат. 49-б.
Уялбаган – үйдүн бети, упарабаган – төөнүн таманы. 16, 167-бб.
Уялбаган (киши) буюрбаган аш ичет. 51, 90-бб.
Уят барда ыйман бар. 40-б.
Уят өлүмдөн катуу. 19-б.

Ү

Үй кооз болуп бейиш болбойт. 129-б.
Үй тикпес жерди шыпырба, үн жетпес жерге кыйкырба. 82-б.

Үйдө баатыр жоодо жок. 5-б.
Үйдө калган менен кош артпа. 11, 201-бб.
Үйдө отуруп ой ойлосом, кулундуу бээлүү тай тиет.
Талаага чыгып ойлосом, аягым анда-мында бир тиет. 17, 183-бб.
Үйдүн чоңу – жут, казандын чоңу – кут. 95-б.
Үйрөнбөгөн бейиштен үйрөнгөн тозок жакшы. 16-б.
Үйрөнгөн адат калабы, уйга жүгөн салабы. 21-б.
Үйрөнгөн жоо атышарга ийги. 12-б.
Үйрөнгөн ит жолборско үрөт. 41-б.
Үйү жакын иттин куйругу узун. 44-б.
Үйүндө көптү талаада киши урбайт. 3-б.
Үйүндө тынчы жоктун талаада кош баракаты бар. 11-б.
Үйүң толо аш болсо,
буюрганын ашарсың *(ашаарсың – Н.Ө.)*. 12, 169-бб.
Үйүрүн сагынбас ат болбос, элин сагынбас эр болбос. 63-б.
Үндөбөгөн үйдөй балаадан кутулат. 13-б.
Үндөгөндүн үйүнө бар, үйдөй бети карарсын,
дагынкысын дагы бар, дагы бети карарсын. 106-б.
Үңкүр да болсо үйүм бар, аюу да болсо эрим бар. 42-б.
Үркөр үйдөн көрүнсө, үч ай токсон кышың бар. 72-б.
Үттүү мончок жерде калбайт. (кыз) 171-б.
Үч бүлөсө бокко өтпөс. 121-б.
Үч күнү конок, үч күндөн кийин (андан кийин) жомок. 44, 97-бб.

Ч

Чагылгандай көздөнгөн, чак эткендей сөздөнгөн. 197-б.
Чайнаганын билип, жутканын билбейт. 24-б.
Чакты чаян, чыкты бөйөн. 53-б.
Чакырса келбес шыкаалайт, берсе жебес чымчылайт. 138-б.
Чала доорук болбосун, чал жыгылып калбасын. 106-б.
Чала жорго жол бузар, чала молдо дин бузар. 119-б.
Чаң созулат тамандан, жакшылык келбейт жамандан. 54-б.
Чапкан калат, бастырган барат. 39-б.
Чапкан сайын көз чыкпайт. 200-б.
Чачың өссө айылың капыр, мурутуң өссө өзүң капыр. 37-б.

Чегирткеден корккон эгин экпейт. 38-б.
Чегирткенин алын көрүп, канын сор. 2-б.
Черик – журттун ыйыгы. 57-б.
Чечен алжыса, богун жейт. 2-б.
Чечен менен чебер көпкө орток. 82-б.
Чечендин сөзү, чебердин колу орток. 111-б.
Чилденин бирөө калса да жут. 53-б.
Чириген ооздон ириген сөз чыгат, жаман үйдөн жаман түтүн чыгат. 2-б.
Чок кармагандын колу күйөт. 44-б.
Чокойлуу черик чоң болду, чоюлган бугу кор болду. 61-б.
Чоку барда мал жокпу, чогулуп арак ичели. 72, 196-бб.
Чоң болуп тоо болбойт, көп болуп чөп болбойт. 79, 160-бб.
Чоң деп акылды тоодон сурабайт,
сакалы бар деп текеден сурабайт. 151-б.
Чоң ташты кичине таш менен бошотот. 158-б.
Чоң үйдөгү күлсө, кичүү үйдөгү ырсаят. 32, 168-бб.
Чоңго чоң аягыңды атап ич. 12, 132, 202-бб.
Чоркок төөнү жаза муштайт. 187-б.
Чочуганда эрдик жок, чоюлганда кеңдик жок. 36, 146-бб.
Чөкпөгөн төөнүн тизесин кесип чөгөрбөйт. 61, 142-бб.
Чөпкө бергис такыр бар, байга бергис жакыр бар. 170-б.
Чөптү кор көрсө, көзгө зыян. 14-б.
Чыгара албаган буудай өңдүү дейт. 8-б.
Чыгашалуу малга ээси баш. 81-б.
Чыдаганга чыгарган. 197-б.
Чыйкандан жаман оору жок, аны сурар киши жок. 79-б.
Чыйрактын шыйрагы калат. 40, 45-бб.
Чыккан кыз чийден тышкары. 41-б.
Чыккан сынгандан жаман. 113-б.
Чыккан тооң бийик болсо, ыргыткан ташың ыраак кетет. 15-б.
Чылбыр чайноо иш жаман. 78-б.
Чылпагын ааарчыймын деп көзүн чукуйт. 82-б.
Чымчык чоңоюп бүркүт болбойт. 37-б.
Чымчып жесе да, тамакка пайда, чырым этсе да, көзгө пайда. 78-б.
Чымын майга конот. 56, 150-бб.
Чымын тийген төөгө Ойсул ата не керек. 112-б.

Чымындан жооң болсо, (тоодой) кадик кыл. 22, 167-бб.
Чымынды дөө кылба, бетиңди көө кылба. 82-б.
Чымынын кактырган бакшыдай болду. 59-б.
Чындап ыйласа, сокур көздөн жаш чыгат. 118-б.
Чырагына май тамды. 57-б.
Чырайды чылап ичпейт. 88-б.
Чырпыгы сынса, сынсын, чынары эсен болсун. 36-б.
Чырпык өзүн тал ойлойт, чымчык өзүн куш ойлойт,
кемер өзүн жар ойлойт, акмак өзүн эр ойлойт. 73-б.
Чырымтал жүнү бетинде, боорутка жүнү боорунда. 96-б.
Чычкан ийнине кире албай жатып, куйругуна калбыр байлайт. 81-б.
Чычкан көчүгүн көрүп аксайт. 105, 107-бб.
Чычканга кебек алдырбайт. 82-б.
Чычканга өлүм, мышыкка күлкү. 4, 190-бб.

Ш

Шагылы болбой тоо болбойт, шайыры болбой эл болбоайт. 65-б.
Шакары бар, май жок, мендей муңдуу бар бекен. 69-б.
Шалтуруктун шайы жок, камдуунун алы көп. 97-б.
Шам башка түбөлүк күйбөйт. 150-б.
Шамал менен жарышпа, көлөкөнү кууба. 110-б.
Шамдын жарыгы түбүнө түшпөйт. 151-б.
Шарак-шурак делбе кыяк. 98-б.
Шардуу кулдун аты өлсө, мердүү (?) кул ашайт. 151-б.
Шекмендүү (*шектүү –Н.Ө.*) күлөт. 32-б.
Ширгелүү тайлар ат болду, сирке баш күңдөр баш болду. 44-б.
Шок болсоң, жок болорсуң. 82-б.
Шокодойдун бүркүтүндөй теминет. 102-б.
Шордуу кулдун аты өлөт. 38-б.
Шумкарды жүнүнөн тааны,
эрди (жакшыны) үнүнөн тааны. 32, 182-бб.
Шуркуя катындан шылдыңчыл уул туулат. 179-б.
Шыбырап сүйлөгөн, жылмайып күлгөн. 134-б.
Шылтоого шынаа. 62-б.
Шылуун эпчил, жетим кекчил. 68-б.

Ы

Ыбы кыз, табын тапса күндө кыз, табын таба албаса,
мээлейиң алып көтүң кыс. (бүркүт) 89, 138-бб.
Ыдыраңдагы кушчуга опуза кылсак, күн жайлаганын коёр бекен. 91-б.
Ый менен күлкү шерик. 115-б.
Ыйкы-тыйкы болсоң, чачыларсың. 112-б.
Ыйлаганды соорот, уктаганды ойгот. 139-б.
Ыйлагандын өлгөнү бар, күлгөндүн көргөнү бар. 169-б.
Ыйлап айттым ырымды, ыймандай айттым сырымды. 118-б.
Ыйлар бала атасынын сакалы менен ойнойт. 5-б.
Ыйлашарга өз жакшы, сыйлашарга жат жакшы. 177-б.
Ыклас кылса, ит мазар. 199-б.
Ымыркай бала куштун көлөкөсүнө тоңот. 180-б.
Ынсапсыз колу менен алып, буту менен шилеп, көзү менен ымдайт. 77-б.
Ынсапсыз төөнү жүгү менен, каманды түгү менен аймайт. 85-б.
Ынсапсыз ыйманына камчы урат. 104-б.
Ынсапсызга кашык салсаң, беш ууртайт. 4-б.
Ынтымак бар жерде (барда) ырыс бар. 21, 202-бб.
Ынтымаксыздан ырыс качат. 146-б.
Ыңырчагынан ээри көп, ырсаңдаган жээни көп,
кара малдан төөсү көп, кажырдай болгон күйөөсү көп. 73-б.
Ырдап айтам ырымды,
иймандай *(ыймандай – Н.Ө.)* айтам сырымды. 118-б.
Ырооң жоро болот, ыйласаң, атаң өлөт. 33-б.
Ырчы жарыбайт, тулпар арыбайт. 161-б.
Ырчынын бычагы чыгат кынынан, т...гы чыгат шымынан. 161-б.
Ырыс алды – ден соолук, андан кийин ак жоолук. 188-б.
Ырыс алды ынтымак, эринчекке *(эринчээкке – Н.Ө.)* конбос бак. 115-б.
Ырыс качса, тууш койбойт. 52-б.
Ырыскы кайып, нике кайып. 95, 158-бб.
Ырыстууга жуучу келет, ырысы жокко доочу келет. 5-б.
Ырыстуунун кызы сулуу, аты күлүк чыгат. 50, 159-бб.
Ырыстын алды – ден соолук, андан кийин ак жоолук. 22-б.
Ырысы жоктун аты куру чабуулда чыгат. 22-б.
Ырысы жоктун ырымы күч. 51-б.

Ырысы жоктун этегине буудай салса,
арты туруп (көтү к...п) төгүлөт. 41, 165-бб.
Ысык ичип, суюк чычкан. 129-б.
Ышкысы жоктун ыйманы жок. 37-б.
Ыштаны булганган колун аябайт. 145-б.
Ыштаны жоктун түшүнө кары бою бөз кирет. 6-б.
Ыштанын булгаган колун аябайт. 11-б.
Ышык (?) жолунда, мышык жолунда. 153-б.

Э

Эби жоктун кеби жок. 112-б.
Эбин тапкан эки ичет, эңсеси каткан бир ичет. 4-б.
Эгиз улакка айры шыбак. 158-б.
Эгин бер дейт, эгин берсе, капка салып бер дейт, капка салып берсе, артып бер дейт, артып берсе, аяктап кой дейт, аяктаса, төшкө тебет. 108-б.
Эдигенин байталы, эптеп минип кайталы. 62-б.
Эже кийген тонду сиңди киет. 69-б.
Эки бээ эл багат, бир бээ жан багат. 55-б.
Эки жакшы жайлоого чыкса, кудалашып түшөт,
эки жаман жайлоого чыкса, кубалашып түшөт. 44-б.
Эки жол айры болсо, ит башы каңгы болот. 25-б.
Эки катын алгандын доо үйүндө,
жаман катын алгандын жоо үйүндө. 3-б.
Эки катын алыпмын, не (чоң) балаага калыпмын. 17, 172-бб.
Эки кокуй, бир налат, эми муну ким алат. 99-б.
Эки кочкордун башы бир казанга кайнабайт. 81-б.
Эки молдо – бир киши, бир молдо – катын киши. 162-б.
Эки нар жөөлөшсө, ортосунда кашка чымын кырылат. 81, 167-бб.
Эки ногойдун айрылышындай болушту. 108-б.
Эки ой бир көөдөнгө сыйбайт. 58-б.
Эки өчтүүнү бир күчтүү кошот. 29-б.
Эки тоо кошулбайт, эки адам (киши) кошулат. 29, 187-бб.
Эки тоонун башын самаган түлкү ачка өлөт. 76-б.
Эки чокуп, бир кара. (сагызгандын баласына айтканы) 69, 95-бб.

Эки эр өлтүргөн бир эр өлтүргөндү кандуу моюн дейт. 27-б.
Эккен эгинимди көрөм, баракор *(паракор – Н.Ө.)* бийди көмөм. 104-б.
Эл байынан жер байы. 4-б.
Эл дарбыса, эшек кошо дарбыйт. 26-б.
Эл ичинде нелер жок, эгиз токту мага жок.
Журт ичинде нелер жок, шумурай токту мага жок. 38, 121-бб.
Эл ичинде эл жүрөт, эт ичинде курт жүрөт. 47-б.
Эл көчкөндө өрүүн болгон, өрүүн болгондо көчкөн тентек. 56-б.
Эл оозу(нда) элек. 46, 168-бб.
Эл эскирткен – калк карыткан карылар. 104-б.
Элге берген куруттан мага бербей курутту. 143-б.
Элге ылайык эр туулат, эрге ылайык ат туулат. 65-б.
Элден эсер безет. 150-б.
Элди жалга, эл ичинде мени жалга. 132-б.
Элдүү түлкү ачка өлбөйт. 23-б.
Элебай элге теңелет, эчки койго теңелет. 27-б.
Элиң бөрү болсо, бөрү бол, түлкү болсо, түлкү бол. 34-б.
Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы. 32, 151-бб.
Эмдик боз минсең, оозун тарт, элдүү жерде тилиң тарт. 2-б.
Эмчек берген нары жат, амсак берген бери жат. 38, 147-бб.
Эмчек мындан ары (кара) таш болобу. 45, 129-бб.
Энеге жакын – кыз, этке жакын – туз. 122-б.
Энеке көмөчүңдү көп жебе, көп жеймин деп көмөчтү,
жазга маал болгондо уулжан деген чөп жебе. 26-б.
Энеме ишенип, эрсиз калдым. 118-б.
Энеңдин баткакта жатканын айтып келгенге сүйүн.
(бала атасына айтканы) 79-б.
Эңкейгенге эңкей, атаңдан калган кул эмес,
кайкайганга кайкай, пайгамбардын уулу эмес. 30-б.
Эп келбес ишке этек жыртпа. 159-б.
Эптүү оосуракка оозуңду тос. 32, 165-бб.
Эпчил кебез менен мууздагандай иш кылат. 82-б.
Эпчили болбой эл болбойт, эгерим жаман бел болбойт,
бактысы жок кишинин эгерим сөзү эм болбойт. 140-б.
Эраяк, чокой баш жеткирер бекен Какшаалга. 55-б.
Эр тайын тартат, ит атасын тартат. 151-б.

Эр азамат бөрү жолдуу болот. 143-б.
Эр азамат эл четинде, жоо бетинде. 53, 133, 162-бб.
Эр айткандан кайтпайт. 143-б.
Эр башына иш түшсө, өтүгү менен суу кечет,
ат башына иш түшсө, ооздугу менен суу ичет. 164-б.
Эр башына не келбейт. 108-б.
Эр болсоң, көк бол, айткан сөзгө бек бол. 11-б.
Эр бөрү жолдуу. 49-б.
Эр деп этектен (этегинен), нар деп буйласын(ан) карма(йт). 60, 95-бб.
Эр жакшысы кошто бар. 184-б.
Эр кадырын эр билет, эр билбесе, ким билет. 23-б.
Эр карып эшек түшөбөйт,
катын карып пакта *(пахта – Н.Ө.)* түшөбөйт. 119, 183-бб.
Эр колунан куш тойбойт. 68-б.
Эр коңураттан жер коңурат өтүптүр,
ана катындан бала катын өтүптүр. 88-б.
Эр көөсөр болот. 45-б.
Эр ортону – элүү. 153-б.
Эр сыйлаган эшикке отурбайт, ат сыйлаган жөө баспайт. 4-б.
Эр сынаар кучкачмын, бир сынабай учпасмын. 25, 125-бб.
Эр чегишпей, бекибейт. 55-б.
Эр эгиз, эмгектүү жалгыз. 29, 202-бб.
Эр эки аттуу болот: митайым, капыр, жаман бир аттуу болот. 57-б.
Эр эмгелбей мал кайда, кетмен чаппай дан кайда. 24-б.
Эр энөө болот. 72-б.
Эрге ишенбе, эки колуңа ишен. 111-б.
Эрге келет бир кезек, жерге келет бир кезек. 96-б.
Эрге кылган кызмат жерде калбайт. 55-б.
Эрге намыс, коёнго камыш. 41-б.
Эрге тиймек (бармак) бат экен, өтүк ултармак кеч экен. 21, 146-бб.
Эрден ыйман качып кутулбайт. 145-б.
Эрден эшек үркпөйт. 63-б.
Эрди катын урушат, эси кеткен болушат. 20, 28, 202-бб.
Эрдигиң бар, эсиң жок, эчтеке менен ишиң жок. 68-б.
Эрдигиңди эр болсоң сатпа. 111-б.
Эрдик кылып кой союп, иттик кылып төш тартып. 120-б.
Эрдин аты жүгүрбөсө да, ийсесин. 19-б.

Эрдин даңкын ыраактан ук. 61, 196-бб.
Эрдин күчү – эшектин оосурагы. 47-б.
Эрдин малы эрде жүрсүн, эриккенде колго тийсин. 51-б.
Эрдин эрдиги тизелешкен доодо, тизгиндешкен жоодо билинет. 164-б.
Эрдин эрдигин билбеген кудайдын бирдигин билбейт. 5-б.
Эрдин эри, эгөөнүн сыныгы. 125, 172-бб.
Эрегишсең, энеңди ал. 98-б.
Эрегиштен эр өлөт, кагылыштан кан өлөт. 82-б.
Эри өлсө, эрге тиймек – элдин адаты,
эрин таштап эрге тийген – беттин карасы. 69-б.
Эриксең от жак, үшүсөң от жак. 13, 196-бб.
Эринсең, ишиң ким кылат. 9-б.
Эринчектин*(эринчээктин – Н.Ө.)* шылтоосу көп. 109-б.
Эришине жараша аркагы. 76-б.
Эркек бала шок болсун, шок болбосо жок болсун. 118-б.
Эркек козу туулганда, курмандыкка жараткан,
эркек бала туулганда, намыс үчүн караткан. 16-б.
Эркек менен оң караса, оң караса жүзү, сол караса соорусу ысык. 107-б.
Эркек соргогу үй толтурат, катын соргогу үй курутат. 3-б.
Эркектин ак көңүлү жарды болот,
ургаачынын ак көңүлү сураса бергич болот. 81-б.
Эркенин жашы кургабайт, жоргонун тери кургабайт. 11, 166-бб.
Эрте оңбогон кеч оңбойт, кеч оңбогон эч оңбойт. 40-б.
Эрте турган адамдын насибеси артык. 69-б.
Эрте чыкса, алдыдан күн чыгат, кеч чыкса, алдыдан түн чыгат. 111-б.
Эртеңки ашка күй, кечки ашка күйбө. 139-б.
Эртеңки ашка күт, кечки ашка күтпө. 9-б.
Эртеңки ишке (эртеңкиге) эшек кайгырат(ыптыр). 26, 77-бб.
Эртеңки куйруктан бүгүнкү өпкө. 73-б.
Эртеңкинин эрте-кечи жок. 81-б.
Эсен уул ыйлабас. 57-б.
Эсептүү дос айрылбайт, эсепсиз дос кайрылбайт. 57-б.
Эси, дартым эримде (эрменде), эки көзүм балтамда. 41, 126-бб.
Эсиң барда этегиңди жап. 20, 92, 148-бб.
Эсиң кетсе, эчки бак. 82-б.
Эсиңе алсаң, эски сүрүңдөн сактабас белең. 68, 181-бб.
Эт болбосо, сорпо жокпу, эки сөздүн бири жокпу. 64, 154-бб.

Эт жакшысы картадыр, бир чалымын тартадыр. 2-б.
Эт кеткенде бет калат, элге жаманат калат. 43-б.
Эт көрбөгөн чоң сугунат. 41-б.
Эт көрбөгөнгө өпкө таңсык. 41-б.
Эт тургай табагын таппай калды. 37-б.
Эт чокубас куш болбойт, эки жакшы туш болбойт. 111-б.
Эт экен деп жебегин, алалы арамдан,
малы бар деп сураба кан чыкпаган сараңдан. 113-б.
Этекти кессе, жең болбойт, эсели душман эл болбойт. 173-б.
Эти тийген катын*(га – Н.Ө.)*,
бети тийген балага эрдин баркы жок. 46-б.
Эти тургай табагын таппай калыптыр. 192-б.
Этке жакын – туз, энеге жакын – кыз. 52-б.
Этке жетпей туз тынбайт, эрге жетпей кыз тынбайт. 41-б.
Эткени эм. 98-б.
Эттин жарасы бүтөт, көңүлдүн жарасы бүтпөйт. 88-б.
Эчки (өзү) тууй албай жатып, койго аначы кирет. 81, 189-бб.
Эчки эгизди тууйт, ит сегизи тууйт, жолборс бирди тууйт,
бир жолборс миң иттин жолун буулт. 191-б.
Эчки, теке – чердики, атып жеген эрдики.
Аркар, кулжа – зоонуку, арпа, буудай – боонуку. 43-б.
Эчкинин миң күнү көчүгү көрүнгөнү билинбей,
койдун бир күнү көчүгү көрүнгөнү айтылат. 85-б.
Эшеги беш теңгелик, токуму он теңгелик. 45-б.
Эшегине жараша тушагы, соодасына жараша кашкасы. 30-б.
Эшек сайда диңкилдейт, маалим болсун баткакта. 4-б.
Эшекти отко айдаса, бокко качат. 200-б.
Эшектин жүгү жеңил болсо, жатак болот. 44-б.
Эшектин күчү адал, сүтү арам. 132-б.
Эшигин көрүп, төрүнө өт, энесин көрүп, кызын ал. 10-б.
Эшиктен кирип, төр меники дейт, жолдон келип,
тон меники дейт. 111-б.
Ээн жердин сууру алты айгырга жүк болот. 27-б.
Ээси келсе, бээсин бер. 62, 159-бб.
Ээсин сыйласаң итине сөөк сал (ташта). 111, 201-бб.
Ээсине керек болсо, коңшусу таарынбайт. 62-б.

Ы. АБДЫРАХМАНОВДУН ЭСИНДЕ САКТАЛЫП ЖАЗЫЛГАН КЫРГЫЗ МАКАЛ-ЫЛАКАПТАРЫНЫН КОЛ ЖАЗМАСЫ

Эскертүү: Биринчиси – кол жазманын инвентар номери (№1253), экинчиси – катар номери.

№ 1253. 1. Кан эшиги тоң темир, эритүүгө эр керек. 1-б.

2. Көчкөндөн отун артат, өлгөндөн катын артат. 1-б.

3. Жаман жарасын көрсөтөт. 1-б.

4. Уулу жакшы менен жүрсөң, уулуң, кызы жакшы менен жүрсөң, кызың жакшы. 1-б.

5. Жуурат төгүлсө, жугу калат. 1-б.

6. Төгүлгөн аяк толуусу менен тийбейт. 1-б.

7. Жакшы деген бир атты кууса жетпейт, жаман деген бир атты жууса кетпейт. 1-б.

8. Жөөнүн топурагы чачылбайт, жалгыздын сөзү өтпөйт. 1-б.

9. Көп түкүрсө – көл. 1-б.

10. Көп бириксе, көлдөтөт. 1-б.

11. Бирөө кечерге кечүү таба албайт, бирөө ичерге суу таба албайт. 1-б.

12. Тогуз катар торкодон токтучактын териси ийги. 1-б.

13. Ийгиликтин кечи жок. 1-б.

14. Жалгыз жыгач кереге болбойт. 1-б.

15. Уяда эмнени көрсө, учканда ошону кылат. 1-б.

16. Мурунку көч кайда барса, кийинки көч ошондо барат. 1-б.

№ 1254. 17. Эт жакшысы картадыр, бир чалымын тартадыр. 2-б.

18. Сааныңды камдаганча, сабаңды камда. 2-б.

19. Балакеттен машайык качып кутулат. 2-б.

20. Эмдик боз минсең, оозун тарт, элдүү жерде тилиң тарт. 2-б.

21. Ажырар карындашыңа унуткусуз сөз айт. 2-б.

22. Ажырар карындаш астыңкы ээрдин кашын сурайт. 2-б.

23. Жакшыга кызмат кылса, кылынды дейт, жаманга кызмат кылса, жалынды дейт. 2-б.

24. Чириген ооздон ириген сөз чыгат, жаман үйдөн жаман түтүн чыгат. 2-б.

25. Чегирткенин алын көрүп, канын сор. 2-б.
26. Сөздүн жөнүн билбеген сөздү өзүнө келтирет. 2-б.
27. Сөз келгенде сөздү айтпаса, сөздүн атасы өлөт. 2-б.
28. Чечен алжыса, богун жейт. 2-б.
29. Ичи жаман итине бок бербейт. 2-б.
30. Аш аттуунуку, той тондуунуку. 2-б.
31. Күндүк өмүрүң болсо, түштүгүнө жорго мин. 2-б.
32. Жаман бергенин доолайт. 2-б.
33. Уурдап алган таап алдым дейт, калп айткан ойноп айттым дейт. 2-б.

№1255. 34. Калп ырыс кыркат. 3-б.
35. Калптын казаны кайнабайт. 3-б.
36. Төөгө минип, эчкиге жашынат. 3-б.
37. Дүнүйөнү сел алса, акмактын тушарына чыкпайт. 3-б.
38. Жабууласа жал калат, жал астында жан калат. 3-б.
39. Эркек соргогу үй толтурат, катын соргогу үй курутат. 3-б.
40. Катынга кеңеш салса, төркүнгө көчөлү дейт. 3-б.
41. Жамандын жароосуз жерде дыкандыгы *(тыкандыгы – Н. Ө.)* болот. 3-б.
42. Эки катын алгандын доо үйүндө, жаман катын алгандын жоо үйүндө. 3-б.
43. Жаманга эш тарткыча, камчы менен беш тарт. 3-б.
44. Турунадан *(турнадан –Н. Ө.)* бий койсоң, кыйгый кетпейт башыңдан. 3-б.
45. Көсөө узун болсо, кол күйбөйт. 3-б.
46. Үйүндө көптү талаада киши урбайт. 3-б.
47. Беш камчы кимде болсо, береке ошондо. 3-б.
48. Мурунку конок кийинки конокту сүйбөйт. 3-б.
49. Өз үйүндө ашың болсо, кишинин үйүндө касың барбы. 3-б.
50. Жардылык жанга тынч экен, жатып ичер аш болсо. 3-б.

№1256. 51. Чычканга өлүм, мышыкка күлкү. 4-б.
52. Жатканга жаан жукпайт. 4-б.
53. Бекер – кудайдын душманы. 4-б.
54. Ынсапсызга кашык салсаң, беш ууртайт. 4-б.
55. Толбоско куйба, тойбоско бербе. 4-б.
56. Сокур уй кудук көргөндөй болбо. 4-б.
57. Эбин тапкан эки ичет, эңсеси каткан бир ичет. 4-б.

58. Жүгүргөн албайт, буюрган алат. 4-б.
59. Эл байынан жер байы. 4-б.
60. Байдын уулусуң, чаап токтогондо жоктоорсуң. 4-б.
61. Көчкөн журттун кадыры конгон журтта билинет. 4-б.
62. Карысаң, эрдигиңди айтпа. 4-б.
63. Итке темирдин баркы жок. 4-б.
64. Эшек сайда диңкилдейт, маалим болсун баткакта. 4-б.
65. Бечел турса, жер өрттөйт. 4-б.
66. Кыздын сыры төркүнгө маалим. 4-б.
67. Балага ата сынчы. 4-б.
68. Сынчынын сыңар өтүгү майрык. 4-б.
69. Атаңа эмне кылсаң, баландан ошону көрөсүң. 4-б.
70. Эр сыйлаган эшикке отурбайт, ат сыйлаган жөө баспайт. 4-б.
71. Журт – мазар, журттан чыккан – азар. 4-б.
72. Жылкыңа карап ышкыр. 4-б.
73. Төшөгүңө карап аягыңды сун. 4-б.

№ 1257. 74. Бекер кепин табылса, өлмөк керек. 5-б.
75. Ырыстууга жуучу келет, ырысы жокко доочу келет. 5-б.
76. Оозу жаман эл булгайт, буту жаман жер булгайт. 5-б.
77. Карганын как эткени – өзүнө кубаныч. 5-б.
78. Карга баласын аппагым дейт, кирпи баласын жумшагым дейт. 5-б.
79. Ар кимдики өзүнө ай көрүнөт көзүнө. 5-б.
80. Кандын үйүнүн тардыгы, кара алачыгымдын кеңдиги. 5-б.
81. Жарды болсоң, ардуу болбо. 5-б.
82. Жаман жарманын ысыгы менен черүүгө аттанат. 5-б.
83. Үйдө баатыр жоодо жок. 5-б.
84. Жоо кеткен соң, кылычыңды бокко чап. 5-б.
85. Жоо аяган жаралуу, катыны калат каралуу. 5-б.
86. Жакшыда жалуу жок, жаманда каруу жок. 5-б.
87. Эрдин эрдигин билбеген кудайдын бирдигин билбейт. 5-б.
88. Келин келген жылкыдай, малай алган күнкүдөй болбойт. 5-б.
89. Өлөр эчки койчунун таягына сөйкөнөт. 5-б.
90. Ыйлар бала атасынын сакалы менен ойнойт. 5-б.
91. Бергенге беш да көп, алганга алтымыш да аз. 5-б.

№1258. 92. Өзү болгон уулдун атасын сурап нетесиң. 6-б.
93. Сураганга эки бер, суусаганга жеке бер, кыла көрбө текебер. 6-б.

94. Жакшынын өзү өлсө да, сөзү өлбөйт. 6-б.
95. Өнөрлүү өлбөйт. 6-б.
96. Бүркүт карыса, чычканчы болот. 6-б.
97. Ууру карыса, сопу болот. 6-б.
98. Суюк аял карыса, бүбү болот. 6-б.
99. Бакшы жакшы болобу, жакшы бакшы болобу. 6-б.
100. Малды баккан билет, отунду алып жаккан билет. 6-б.
101. Устадан шекит озот. 6-б.
102. Бөдөнөнүн үйү жок, кайда болсо бытпылдык. 6-б.
103. Ит алы келгенин талайт. 6-б.
104. Күчөнөргө күң жакшы. 6-б.
105. Ыштаны жоктун түшүнө кары бою бөз кирет. 6-б.
106. Сырын алган байталдын сырт жагына чыкпагын. 6-б.
107. Жаман ит жайлоодогу жармадан үмүт кылат. 6-б.
108. Ит ичпеген ашынан үмүт кылат. 6-б.
109. Жакшы санаа – жарым ырыс. 6-б.
110. Өрдөктүн өзү көктө болсо да, көзү көлдө. 6-б.
111. Бээ баласын берте теппейт. 6-б.
№1259. 112. Жакшы сөз жан семиртет, жаман сөз жан секиртет. 7-б.
113. Өзүңө бычак ур, оорубаса, кишиге ур. 7-б.
114. Бирөөгө чуңкур казсаң, тайыз каз, өзүң түшсөң, чыгарга. 7-б.
115. Таз тарангыча, той таркайт. 7-б.
116. Токол эчки мүйүз сурайм деп, кулагынан айрылган. 7-б.
117. Жыгылган оогонго күлөт, жыртык тешикке күлөт. 7-б.
118. Тең көргөндү теңирим сүйөт. 7-б.
119. Жамандын бир аты жоош, бир аты момун. 7-б.
120. Берерге бешимде кымыз, бербеске эртең менен саамал. 7-б.
121. Кел дебеген үйдөн кетмендеген көр жакшы. 7-б.
122. Аргымакты жал жок деп жолго таштап кетпеңер, азаматта мал жок деп журтка таштап кетпеңер. Аргымакка жал бүтөр, азаматка мал бүтөр. 7-б.
123. Тондун жылуусун ээси билет. 7-б.
124. Кошконго үйүр эмес, сүйгөнгө үйүр. 7-б.
125. Сокурдан кароол койсоң, элиңди жоого чаптырат. 7-б.
126. Айран сураган челегин жашырбайт. 7-б.
№1260. 127. Жай жарагы менен, куш коногу менен. 8-б.
128. Куш канаты менен учуп, куйругу менен конот. 8-б.

129. Алты олоңум бек болсо, атым туйлап не кылат, алганым өзүм деген соң, элим айтып не кылат. 8-б.

130. Дос анданы ант урат, куданданы бата урат. 8-б.

131. Баш айрылса, бөрк ичинде, кол сынса, жең ичинде. 8-б.

132. О деген төөгө сүйөнүч. 8-б.

133. Тери тондун ичинде тердесин жигит, өлбөсүн. Куур тондун ичинде куурасын жигит, өлбөсүн. 8-б.

134. Жамгыр менен жер көгөрөт, бата менен эл көбөйөт. 8-б.

135. Атанын каргышы – балага ок. 8-б.

136. Жаман киши өз үйүнө коноксуйт, жаман кыз төркүнүнө манапсыйт. 8-б.

137. Жеген оозго жарашат. 8-б.

138. Жаман уй жарда музоолойт. 8-б.

139. Киши болор кишинин киши менен иши бар, киши болбос кишинин киши менен не иши бар. 8-б.

140. Чыгара албаган буудай өңдүү дейт. 8-б.

141. Байга кошомат кылам деп, жардынын улактуу эчкиси чыгат. 8-б. №1261. 142. Ач кадырын ток билбейт, оору кадырын соо билбейт. 9-б.

143. Ит жүгүрүгүн түлкү сүйбөйт, оору киши күлкү сүйбөйт. 9-б.

144. Күчтүүнүн күнү тууса, күлөгөчтүн алды катат. 9-б.

145. Өлүм бардын малын чачып, жоктун абийрин ачат. 9-б.

146. Бороондуу күнү бок кычайт. 9-б.

147. Уурунун бир бети кара, айгактын эки бети кара. 9-б.

148. Аттууну жөө демитет, эрди катын кемитет. 9-б.

149. Ат табылгыча аякылоо, тай табылгыча таякылоо. 9-б.

150. Баскандан эринсең, чуркаарсың. 9-б.

151. Эртеңки ашка күт, кечки ашка күтпө. 9-б.

152. Эринсең, ишиң ким кылат. 9-б.

153. Караганга кушуң түшпөсүн, жаманга ишиң түшпөсүн. 9-б.

154. Аңдабай сүйлөгөн оорубай өлөт. 9-б.

155. Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө. 9-б.

156. Жамап кий, жалап ич. 9-б.

157. Акылы жок күлкүчү, санаасы жок уйкучу. 9-б.

158. Базарлуу жоо менен байкуш уул кармашат. 9-б. №1262. 159. Иниси бардын ырысы бар. 10-б.

160. Жакшы менен дос болсоң, чыгарсың мураска, жаман менен жолдош болсоң, каларсың уятка. 10-б.

161. Уста менен дос болсоң, нар кескенин аларсың, ууру менен дос болсоң бир балаага каларсың. 10-б.

162. Алы келбеген акыретчил. 10-б.

163. Жоктун жону катуу, өгүздүн моюну катуу. 10-б.

164. Бакпай балааңдан, жаппай жалааңдан сакта. 10-б.

165. Жаңылбас жаак болбос, мүдүрүлбөс туяк болбос.

166. Адашкандын айыбы жок, кайтып үйрүн тапкан соң, ачылгандын айыбы жок, өзү билип жапкан соң. 10-б.

167. Миң чеченди бир тантык жеңет. 10-б.

168. Өз агасын агалай албаган киши агасын сагалайт. 10-б.

169. Тез жанында ийри жыгач жатпайт. 10-б.

170. Эшигин көрүп, төрүнө өт, энесин көрүп, кызын ал. 10-б.

171. Жаманга жакшылык кылба, жоорго бок сыйпаба. 10-б.

172. Бакылдаган текени суу кечкенде көрөрбүз, какылдаган катынды кыз бергенде көрөрбүз. 10-б.

№1263. 173. Ар кимде бар бир кыял, ал кыялды ким тыяр. 11-б.

174. Жаны барда жалынган – жаман эрдин белгиси. 11-б.

175. Үйүндө тынчы жоктун талаада кош баракаты бар. 11-б.

176. Жолоочунун үзөнгү боосу алты кабат. 11-б.

177. Үйдө калган менен кош артпа. 11-б.

178. Өлүүнүн сөзүн тирүү сыйлабайт, талаадагынын сөзүн үйдөгү сыйлабайт. 11-б.

179. Дүлөй укканын койбойт, сокур көргөнүн койбойт. 11-б.

180. Эркенин жашы кургабайт. 11-б.

181. Жалгыз аттуу жарышчаак, жаман киши урушчаак. 11-б.

182. Жаман үйдүн коногу билет. 11-б.

183. Конок койдон жоош. 11-б.

184. Атадан алтоо болсо, ар жалгыздык башта бар. 11-б.

185. Сарсанаа эрди саргартат, сары шамал чөптү кубартат. 11-б.

186. Жаман атка жал бүтсө жанына торсук байлатпайт, жаман эрге мал бүтсө, жанына коңшу кондурбайт. 11-б.

187. Эр болсоң, көк бол, айткан сөзгө бек бол. 11-б.

188. Ыштанын булгаган колун аябайт. 11-б.

189. Ичи өткөндүн ыштаны билет. 11-б.

190. Кыз боосуп, энесин коркутат. 11-б.

№1264. 191. Кызым кыялыңдан. 12-б.

192. Музоосунда сүздүргөн өгүзүндө да коркот. 12-б.

193. Өлгөндүн үстүнө көмгөн. 12-б.
194. Күнүнүн күлү жоо. 12-б.
195. Дос таарынса, бергенин алат. 12-б.
196. Чоңго чоң аягыңды атап ич. 12-б.
197. Топук кылсаң, тоёрсуң. 12-б.
198. Кой көтөрөт өлүмдү, журт көтөрөт көңүлдү. 12-б.
199. Койлуу катын куйрук жейт, эрлүү катын таяк жейт. 12-б.
200. Туугандын урушу – торконун жыртышы. 12-б.
201. Жакшылыкка жакшылык ар кишинин ишидир, жамандыкка жакшылык эр кишинин ишидир. 12-б.
202. Атанын уулу азарында бакшы болот. 12-б.
203. Үйрөнгөн жоо атышарга ийги. 12-б.
204. Үйүң толо аш болсо, буюрганын ашарсың *(ашаарсың – Н. Ө.)*. 12-б.
205. Сакалыңдын агы бар, балалыгың дагы бар. 12-б.
206. Сынчынын сыңар өтүгү майрык. 12-б.
207. Айран-жуурат жогунда, арча бышып жатканда, кайдан келдиң, жан боорум. 12-б.
208. Конок айтып келбейт, өлүм кам жедирбейт. 12-б.
209. Такыялуу башка далай иш. 12-б.
№1265. 210. Үндөбөгөн үйдөй балаадан кутулат. 13-б.
211. Өз башын аябаган киши башын дал-дал кылат. 13-б.
212. Эриксең, от жак, үшүсөң, от жак. 13-б.
213. Отун – олжо, суук – кордук. 13-б.
214. Ат башына иш түшсө, ооздугу менен суу ичет, эр башына иш түшсө, өтүгү менен суу кечет. 13-б.
215. Катыны жок караңгы үйгө теминет, акылы жок арам сөзгө семирет. 13-б.
216. Соолгон көлгө бака айгыр, тул катынга жалчы айгыр. 13-б.
217. Өпкө жокто карын бий, өрдөк жокто чулдук бий. 13-б.
218. Алын билбеген алек. 13-б.
219. Жамандын жан сактаары – айыл, жан жыргатары – уйку, жаланғычы – мал баккан. 13-б.
220. Көйнөктүн кирин жууса кетет, көңүлдүн кирин айтса кетет. 13-б.
221. Балаалуу көткө бармагыңды катпа. 13-б.
222. Мээнет жашыкка илешкен чөптөй. 13-б.
223. Атанын көөнү балада, баланын көөнү талаада. 13-б.

224. Таарынгандыкы таттуу. 13-б.

225. Жаман кой жайытын бир күндө түгөтөт. 13-б.

226. Суу башынан ылайлайт. 13-б.

227. Башка келген балаага кулак, мурун садага. 13-б.

228. Молдо ач болсо, богун жейт. 13-б.

№1266. 229. Сагызган сактыгынан өлбөй, суктугунан өлөт. 14-б.

230. Сөөктүн эң жаманы суу кечирет. 14-б.

231. Дос айрылат, сөөк кайрылат. 14-б.

232. Куда болгуча кулу, бийиңди сураш, куда болгондон кийин кул да болсо сыйлаш. 14-б.

233. Уурусу күч болсо, ээси өлөт. 14-б.

234. Атанын малы – чатанын малы. 14-б.

235. Тууганга кара санаган туура жарыбайт. 14-б.

236. Кийик атып, эт бербесе, тоодогусу жакшы, бээ саап, кымыз бербесе, жоодогусу жакшы. 14-б.

237. Бака майрыгын билбей, жыланды ийри дейт. 14-б.

238. Чөптү кор көрсө, көзгө зыян. 14-б.

239. Темирдин бир башы ысык, бир башы суук. 14-б.

240. Мал арыгын сактаса, ооз майлайт, киши арыгын сактаса, ооз каңдайт. 14-б.

241. Өгөйдүкү өөнчүл. 14-б.

242. Буканын мурду карыбайт, эрдин көөнү карыбайт. 14-б.

243. Душмандан өтөм десең, эгин бак, туугандан өтөм десең, кой бак. 14-б.

244. Ал тапкыча жал тап, эшектин көчүгүн кашып мал тап. 14-б.

245. Малың барда мына дос, малыңдан кийин кана дос. 14-б.

№1267. 246. Бир үйдүн жарыгы бир үйгө тийбейт. 15-б.

247. Ай, күн баарыга тең. 15-б.

248. Жаманга чоң аягыңды көргөзбө. 15-б.

249. Кең жер, улуу, кичүүгө тең жер. 15-б.

250. Арстан алганына кубанбай, чалганына кубанат. 15-б.

251. Алдыңа келсе, атаңдын кунунан кеч. 15-б.

252. Чыккан тооң бийик болсо, ыргыткан ташың ыраак кетет. 15-б.

253. Аштык айда жазында, айдабасаң жазында, ачка өлөсүң күзүндө. 15-б.

254. Кекти кара ниетке берген. 15-б.

255. Бөрү карысын жектейт. 15-б.

256. Сокурдун тилегени – эки көз, чекирдин тилегени – кара көз. 15-б.

257. Балта көтөргүчө, дөңгөч эс алат. 15-б.

258. Сактын саны калып, саңыроонун сайда каны калат. 15-б.

259. Атан төө мас болсо, тайлак төө менен дос болот. 15-б.

260. Семиздин аягы – сегиз. 15-б.

261. Теректей бой бергиче, теменедей акыл берсин. 15-б.

262. Сулуу сулуу эмес, сүйгөн сулуу. 15-б.

263. Арпа, буудай аш болот, алтын, күмүш таш болот. 15-б.

№1268. 264. Кара шумкар кардына чабат, ак шумкар чабытына чабат. 16-б.

265. Эркек козу туулганда, курмандыкка жараткан, эркек бала туулганда, намыс үчүн караткан. 16-б.

266. Колу менен берип, аягы менен суу болот. 16-б.

267. Букада кайын жок, инекте төркүн жок. 16-б.

268. Үйрөнбөгөн бейиштен үйрөнгөн тозок жакшы. 16-б.

269. Балалуу үй күлүстөн, баласыз үй – көрүстөн. 16-б.

270. Жаман уул атасы өлгөндө көбөт. 16-б.

271. Жаман кой тишегенде карыйт. 16-б.

272. Ачуулуунун астынан чыкпа. 16-б.

273. Мастан жинди качат. 16-б.

274. Арак масынан качпа, мал масынан кач. 16-б.

275. Уялбаган – үйдүн бети, упарабаган – төөнүн таманы. 16-б.

276. Баштагы күнүңдү унутпа, шири чарыгыңды курутпа. 16-б.

277. Арыган ат семирер, ачкан курсак тоюнар. 16-б.

278. Күндүн жаманы кетер, кишинин жаманы кетпес. 16-б.

279. Ат, аттан кийин жат. 16-б.

280. Мен көргөнмүн чанданды, бой көтөргөн дардаңды. Мен көргөнмүн көпкөндү, көп чогулуп келгенде, төөчө барып чөккөндү. 16-б.

№1269. 281. Үйдө отуруп ой ойлосом, кулундуу, бээлүү тай тиет. Талаага чыгып ойлосом, аягым анда-мында бир тиет. 17-б.

282. Көйнөкчөнгө камчы чабылса, чапанчанга доо кетет. 17-б.

283. Бир уйдун мүйүзү сынса, миң уйдун мүйүзү зыркырайт. 17-б.

284. Тишиң барда таш чайна, тишиңден кийин аш кайда. 17-б.

285. Бир агарган сакалың кайрадан чыгып карарбас. 17-б.

286. Өзүмдөн алыс төркүнүмө. 17-б.

287. Коюн алдырып, короосуна сак болот. 17-б.

288. Наны жок чайдан без, кайыры жок байдан без. 17-б.

289. Буюрбаган ашыңа, жөө конок келсин кашыңа. 17-б.

290. Буйруксуз ашка мурун канайт. 17-б.

291. Жакшы ургаачы жоого түшсө күң болбойт. 17-б.

292. Эки катын алыпмын, не балаага калыпмын. 17-б.

293. Күлгөндү сурасаң, көргөнү бар, ыйлаганды сурасаң, өлгөнү бар. 17-б.

294. Береген колум алаган, майлуу колум жалаган. 17-б.

№1270. 295. Сая албаган ийне тандайт, саптай албаган учук тандайт. 18-б.

296. Кайда барса, Мамаярдын көрү. 18-б.

297. Казандын кулагы кайда болсо төртөө. 18-б.

298. Малдуунун өңү жарык, малсыздын өңү чарык. 18-б.

299. Малың болсо, бүрдөп турган терексиң, малың жок болсо, үрүп чыккан Серексиң. 18-б.

300. Жетимдин сүйгөн ашын ким берет. 18-б.

301. Сууну көп кечсе чалчык, кепти көп айтса тантык. 18-б.

302. Күрүчтүн шары менен күрмөк суу ичет. 18-б.

303. Төркүнүң ит, төзүң ит, төркүлөгөн кызың ит. 18-б.

304. Жаман айгак жанынан тартат. 18-б.

305. Кардалдуу жерде карындашың болсо, кара жерде кемең жүрөт. 18б.

306. Бар карындаш батууда болбосун, жок карындаш жолдо отурбасын. 18-б.

307. Алма сабагынан ашык эмес. 18-б.

308. Сөздү сөздө, артынан көздө. 18-б.

309. Өздү жаттай сыйлагын, жат жанынан түңүлсүн. 18-б.

310. Өсөр өзүн сыйлайт, өспөс жатын сыйлайт. 18-б.

№1271. 311. Оң колуңдун ачуусу келсе, сол колуң менен карма. 19-б.

312. Сөөккө бычак сатпа. 19-б.

313. Ашыкмактык – шайтандык. 19-б.

314. Ташка сал, таалайыңдан көр. 19-б.

315. Кырк жылы кыргын болсо, бейажал чымын өлбөйт. 19-б.

316. Жамандын жаманы – адам таппас амалы. 19-б.

317. Жаман тамашадан жылкы алып келгенде, таңданбаган киши жок. таңда күнү ээси айдап кеткенде, табалабаган киши жок. 19-б.

318. Айтар атка бир санат, учар кушка бир канат. 19-б.

319. Эрдин аты жүгүрбөсө да, ийсесин. 19-б.

320. Көрө-көрө көсөм болот, сүйлөй-сүйлөй чечен болот. 19-б.
321. Уят өлүмдөн катуу. 19-б.
322. Сарт даңкы менен бөз өтөт, ата баркы менен кыз өтөт. 19-б.
323. Төөчө артыңдан сийбе. 19-б.
324. Ай толгонун билбейт, жигит болгонун билбейт. 19-б.
325. Мактаган кыз тойдо оосурат. 19-б.
326. Ишенген молдоң сууга акса, алды-алдыңдан тал карма. 19-б. №1272. 327. Суюк аялдан шылдыңчыл уул туулат. 20-б.
328. Тийип туруп жааган күндөн түңүл, күлүп сүйлөгөн кишиден түңүл. 20-б.
329. Таш менен урганды аш менен ур. 20-б.
330. Эсиң барда этегиңди жап. 20-б.
331. Капарың кимден болсо, кадигиң ошондон. 20-б.
332. Сыйды кылсаң сыдыра. 20-б.
333. Олпок салганга олпок сал, талпак салганга талпак сал. 20-б.
334. Ак көңүлдүн аты арыкчаал. 20-б.
335. Жол болгондо мол болот. 20-б.
336. Колу ойногондун оозу ойнойт. 20-б.
337. Тең туугандын жаманы болгуча, ак буудайдын саманы бол. 20-б.
338. Оосурактын башында от күйөт. 20-б.
339. Эрди катын урушат, эси кеткен болушат. 20-б.
340. Уул бар жерде уруш бар, келин бар жерде кериш бар. 20-б.
341. Ооруну сураса, айыкканчалык. 20-б.
342. Муңдуу эрге бузукчулуктуу күн туусун. 20-б.
343. Жакшы бакса, кара күчүк сак болот, кара катын ак болот. 20-б.
344. Момундун ишин теңирим актайт. 20-б.
345. Балыктын тиричилиги суу менен. 20-б.
346. Аюудан качсаң, дөңгөккө, дөңгөктөн качсаң, зөңгөккө. 20-б. №1273. 347. Үйрөнгөн адат калабы, уйга жүгөн салабы. 21-б.
348. Ташты эриткен – аш. 21-б.
349. Бир эрден чыккан жакшыраак, эки эрден чыккан как шыйрак, үч эрден чыккан катындан даңгыл эшек жакшыраак. 21-б.
350. Жаманга жата берсе, үйүнө айта барат. 21-б.
351. Кеңешип кескен кол оорубайт. 21-б.
352. Эрге тиймек бат экен, өтүк ултармак кеч экен. 21-б.
353. Тойгондо токтунун эти топурак татыйт. 21-б.
354. Бекердин чолоосу жок, устанын тогоосу жок. 21-б.

355. Бүркүттүн ээси болсо, түлкүнүн теңири бар. 21-б.
356. Бөрү карыса, бир койлук алы бар. 21-б.
357. Жыланды үч кессе, кескелдириктик алы бар. 21-б.
358. Ала койду бөлө кырккан жүнгө жарыбайт. 21-б.
359. Ынтымак бар жерде ырыс бар. 21-б.
360. Ташка сал, таалайыңдан көр. 21-б.
361. Төөнү сел алса, эчкини асмандан көр. 21-б.
362. Алтынды ала билген бөлө да билет. 21-б.
363. Бака майрыгын билбей, жыланды ийри дейт. 21-б.
364. Мал аласы тышында, адам аласы ичинде. 21-б.
№1274. 365. Чымындан жооң болсо, кадик кыл. 22-б.
366. Ач капырдан кач какыр. 22-б.
367. Бай мактанса, табылат, жок мактанса чабылат. 22-б.
368. Өлгөнгө ыйлаган кайран көз, жаманга айткан кайран сөз. 22-б.
369. Уурунун көтү кууш. 22-б.
370. Айыгардын бакшысы өзү келет. 22-б.
371. Акмак достон акылдуу душман артык. 22-б.
372. Кыздын баары эле жакшы, жаман катын кайдан чыгат. 22-б.
373. Жоонун малынын тезеги жугат. 22-б.
374. Ырысы жоктун аты куру чабуулда чыгат. 22-б.
375. Акылсыз баатыр чорго чабат. 22-б.
376. Сиңер жерге суу сал, угар жерге сөз айт. 22-б.
377. Алтынды чыккан жерден каз. 22-б.
378. Жакшыга б̲ара *(пара – Н. Ө.)* бергиче, алдына улам бар. 22-б.
379. Ырыстын алды – ден соолук, андан кийин ак жоолук. 22-б.
380. Өтпөс бычак алгыча, тиштеп жегин тойгуча, жаман катын алгыча, бойдок өткүн өлгүчө. 22-б.
381. Бойлукта байлык жок. 22-б.
382. Таарынгандыкы таттуу. 22-б.
383. Май кармаган бармагын жалайт. 22-б.
384. Ат оонаган жерде түк калат. 22-б.
№1275. 385. Акыл оошот, ырыс жугушат. 23-б.
386. Эр кадырын эр билет, эр билбесе, ким билет. 23-б.
387. Элдүү түлкү ачка өлбөйт. 23-б.
388. Кара өзгөй болбой доо болбойт, капсалаң болбой жут болбойт, каркилең болбой кар кетпейт. 23-б.
389. Туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок. 23-б.

390. Жаманды үч өпсө, не алы калат. 23-б.
391. Жоголгон бычактын сабы – алтын. 23-б.
392. Өткөн күндө белги жок, салып койгон тамга жок. 23-б.
393. Ашыркынын аты озгуча, айылдагынын тайы озсун. 23-б.
394. Оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн. 23-б.
395. Бар балтаң, жок калтаң. 23-б.
396. Быламыкты кылган катын кылат. 23-б.
397. Тооксуз эле таң атат. 23-б.
398. Бакыр алдуу, кой шыйрактуу. 23-б.
399. Жең жаздыктуу, жер төшөктүү. 23-б.
400. Кеңешериң болбосо, бөркүң менен кеңеш. 23-б.
401. Кең кеңешип жыртылат, тар тартышып жыртылат. 23-б.
402. Кең пейилдүү кемибейт, тар пейилдүү жарыбайт. 23-б.
№1276. 403. Күндөн күнгө күн арман. 24-б.
404. Төө көп болуп конокко сойбойт, эгин көп болуп эки жылы ичпейт. 24-б.
405. Ак шумкарга кара куш табы менен теңелет, жакшы кызга жаман кыз багы менен теңелет, жакшы эрге жаман эр малы менен теңелет. 24-б.
406. Жаңы туулган баланын бий болорун ким билет, бешиктеги баланын кан болорун ким билет. 24-б.
407. Күчтүү менен күрөшпө, таалайлуу менен талашпа. 24-б.
408. Ажы болмок кырк жылда, пенде болмок бир күндө. 24-б.
409. Жоордун жайын жакыр билет. 24-б.
410. Кылып ичсе кыйын аш, кыдырып ичсе оңой аш. 24-б.
411. Ай толгонун билбейт, жигит болгонун билбейт. 24-б.
412. Эр эмгелбей мал кайда, кетмен чаппай дан кайда. 24-б.
413. Чайнаганын билип, жутканын билбейт. 24-б.
414. Өзүмдөн алыс төркүнүмө. 24-б.
415. Казга теңелемин деп, карганын буту сынат. 24-б.
416. Карганы миң күнү майга тойгузса, бир күнү бок чокурун кой-бойт. 24-б.
417. Байды кул десе күлкүсү келет, кулду бай десе өлгүсү келет. 24-б.
№1277. 418. Оор ташты жеңил таш менен бошотот. 25-б.
419. Ат өткөндөн ит өтөт, ийне өткөндөн жип өтөт. 25-б.
420. Бир устанын бир уста балта, керкилик иши бар экен дейт. 25-б.

421. Эки жол айры болсо, ит башы каңгы болот. 25-б.

422. Байдын баянасы жугат, жоктун жоорутмагы жугат. 25-б.

423. Бай жарды болсо, үч жылы байлыгын коё бербейт, жарды бай болсо, үч жылы жардылыгын коё бербейт. 25-б.

424. Таштан чыккан ташбулак, а да куят теңизге, жамандан жакшы тууду деп, сүйүнбөңөр жигиттер, а да кетет негизге.

Кумдан чыккан кум булак, а да куят теңизге, кулдан кутура тууду деп, кубанбаңар жигиттер, а да кетет негизге. 25-б.

425. Сийдиги тентектин бири тентек, жатыны тентектин баары тентек. 25-б.

426. Сокмок да болсо жол жакшы, сокур да болсо кыз жакшы. Кайрылыш да болсо жол жакшы, кашак да болсо кыз жакшы. 25-б.

427. Күлгөнгө күлө жетет, артынан куба *(кубалай/кубалап – Н. Ө.)* жетет. 25-б.

428. Эр сынаар кучкачмын, бир сынабай учпасмын. 25-б.

№1278. 429. Эртеңкиге эшек кайгырат. 26-б.

430. Кан башы көпүрө болсо, аттап өтпө. 26-б.

431. Баланын аптисине карай ат коюлат. 26-б.

432. Тең теңи менен, тезек кабы менен. 26-б.

433. Атаке кызга ботоке күйөө, анчике кызга мүнчүкө күйөө. 26-б.

434. Жуттан жук калат. 26-б.

435. Ичпес жерде суу бар, жебес жерде чөп бар. 26-б.

436. Аштыкты чегиртке жеген күзүндө, бир табак буудай бир дилде. Энеке көмөчүңдү көп жебе, көп жеймин деп көмөчтү, жазга маал болгондо уулжан деген чөп жебе. 26-б.

437. Уй уйдан калса, кулагын кес, катын катындан калса, бармагын кес. 26-б.

438. Кызы бардын назы бар, кызы талактын неси бар. 26-б.

439. Оромол олжо эмес жолго. 26-б.

440. Кол – кудайдын мөөрү. 26-б.

441. Ооздон чыкты, алаамдан чыкты. 26-б.

442. Бир ит көрүп үрөт, бир ит көрбөй үрөт. 26-б.

443. Эл дарбыса, эшек кошо дарбыйт. 26-б.

444. Торко тозот, туяк озот. 26-б.

445. Акыр заман болордо айткан киши келет. 26-б.

446. Төгүлгөн сарттын бозосу, сынган сарттын көсөөсү, суудан алып, сууга куй. 26-б.

447. Аккула жандан кайранбы. 26-б.
№1279. 448. Жоону сайса кырк чоро сайды, аты калды Манаска. 27-б.
449. Алты койдун куйругу азыгым бар, ар кошко барсам кет дебейт. 27-б.
450. Бүлүнгөндөн бүлдүргө алба. 27-б.
451. Кары кызга таң атпайт. 27-б.
452. Кош, кош десе, куяңкы кой кошокко кирет. 27-б.
453. Элебай элге теңелет, эчки койго теңелет. 27-б.
454. Кажаак айгыр үйрүн түгөтөт, көчөгөн төрө журтун түгөтөт. 27-б.
455. Сен сыйласаң карыңды, кудай сыйлайт баарыңды. 27-б.
456. Кар да кетер, кадыры да өтөр. 27-б.
457. Өктөгөн жанга өлүм бар. 27-б.
458. Келинди келгенде көр, же тезек терип жүргөндө көр. 27-б.
459. Оосурактын уяты жок, аз гана бетке чиркөөсү бар. 27-б.
460. Жел чыкпаса, жан чыгат. 27-б.
461. Ууруну каракчы урат. 27-б.
462. Эки эр өлтүргөн бир эр өлтүргөндү кандуу моюн дейт. 27-б.
463. Көрбөс төөнү көрбөйт. 27-б.
464. Көзү бозоргон таш сүзөт. 27-б.
465. Ээн жердин сууру алты айгырга жүк болот. 27-б.
№1280. 466. Жаталак өлөт, чычалак көнөт. 28-б.
467. Өтүгү жокко өзүм барам, тону жокко айта бар. (суук) 28-б.
468. Ачтын тогу, арыктын семизи болот. 28-б.
469. Кудай – бирөө, кезек – экөө. 28-б.
470. Керме кезек, терме тезек. 28-б.
471. Бай мактанса, бир жуттук, эр мактанса, бир октук. 28-б.
472. Ала булут барында малым бар деп ишенбе, азирейил барында жаным бар деп ишенбе. 28-б.
473. Сунган моюнду суурган кылыч кеспейт. 28-б.
474. Жуучулукка кордук жок, элчиликке өлүм жок. 28-б.
475. Эрди катын урушат, эси кеткен болушат. 28-б.
476. Ичкенин кузган – чабалдын иши, көргөнүн айткан – жамандын иши. 28-б.
477. Ороктон качкан сарт ыраак чычат. 28-б.
478. Кыргыек кырында, турумтай тушунда. 28-б.
479. Жүйөлүү каргыш жүйөсүн табат, жүйөсүз каргыш ээсин табат. 28-б.

480. Какаганга муштаган. 28-б.

481. Жакшыдан бөөн, жамандан жан (*жаан–И. С.)*. 28-б.

482. Кудукка талкан чалуу болбойт. 28-б.

483. Жыгылган оогонго күлөт, жыртык тешикке күлөт. 28-б.

484. Бешик баласы беш түлөйт. 28-б.

№1281. 485. Обоо менен шыйпаң дос, бучук менен жыртак дос. 29-б.

486. Кудай кошкон куда болот, пайгамбар кошкон дос болот. 29-б.

487. Эки тоо кошулбайт, эки адам кошулат. 29-б.

488. Эки өчтүүнү бир күчтүү кошот. 29-б.

489. Бузулган элге бучуктан бий. 29-б.

490. Айдаса баспас ак атан, кудай айдап жеткирди. 29-б.

491. Бирди бакса, миң болот, миңди бакса, сан болот. Сан санатка жеткирет, жегени аппак май болот, ичкени кызыл чай болот. 29-б.

492. Байгеден озгон орок баш, машкүлдө болгон чолок чач. 29-б.

493. Катыны өлгөн соң, кайын издеген тентек, энеси өлгөн соң, тайын издеген тентек. 29-б.

494. Менменсигендин тобосу жүрбөйт. 29-б.

495. Эр эгиз, эмгектүү жалгыз. 29-б.

496. Курдаштын кудайы бир. 29-б.

497. Ата көргөн ок жонот, эне көргөн тон бычат. 29-б.

498. Түлкү ийинининн түбүн карап үрбөсө, котур болот. 29-б.

499. Учкашкан түшөргө кыйын. 29-б.

500. Караганга чымчык корголойт. 29-б.

501. Сыпаанын астында сөөк жатсын. 29-б.

502. Котур колдон, жоор жолдон. 29-б.

503. Катын эрди карайт, эр жерди карайт. 29-б.

№1282. 504. Эшегине жараша тушагы, соодасына жараша кашкасы. 30-б.

505. Айткан сөз – аткан ок. 30-б.

506. Түшү оңолгондун иши оңолот. 30-б.

507. Ооруну сураса айыкканчалык. 30-б.

508. Бакыр киши маанада, сокур киши шоолада. 30-б.

509. Өлсө ат териси, өлбөсө кой териси. 30-б.

510. Кудай кылганга кудай урган теңелет. 30-б.

511. Жатып өлгүчө, атып өл. 30-б.

512. Алабата шорго бүтөт, акылсызга сакал бүтөт. 30-б.

513. Эңкейгенге эңкей, атаңдан калган кул эмес, кайкайганга кай-кай, пайгамбардын уулу эмес. 30-б.

514. Балалуу үй – күлүстөн, баласыз үй – көрүстөн. 30-б.

515. Койчунун кызы кой келгенде иш кылат. 30-б.

516. Соргок суусак, долу ыйлаак. 30-б.

517Аш ичсең, акылың менен. 30-б.

518. Төөчө чайнаганды билип, жутканды билбей калба. 30-б.

519. Бакыр болсоң, макмал кий. 30-б.

520. Жаман көргөндүн бөркү казанбактай. 30-б.

521. Атан этин оордобойт, султан сөөгүн кордобойт. 30-б.

522. Оргу-баргы көрүнөсүң, айтып коёт көрүнөсүң. 30-б.

523. Ичердин ырысын ичпес кыркат. 30-б.

№1283. 524. Жоболоңдуу жолго чычса, эмгектүүнүн этеги суу болот. 31-б.

525. Обозгер жакшы – кан жакшы, катын жакшы – эр жакшы. 31-б.

526. Менменсиген катындын бешик берсин сазайын. 31-б.

527. Жылуу-жылуу сүйлөсө, жылан ийинден чыгат, катуу-катуу сүйлөсө, капыр динден чыгат. 31-б.

528. Жыгачтын жумшагын курт жейт, кишинин жумшагын киши жейт. 31-б.

529. Бакырчаак төөнүн бары жакшы. 31-б.

530. Бир чайнасаң, май чайна, былпылдасын оозуңда. 31-б.

531. Жорго минген жолдошунан айрылат, көп жашаган курдашынан айрылат. 31-б.

532. Сай сайга куят, бай байга куят. 31-б.

533. Жаман ыроо баштаба, жаныңдагы жолдошуң жылаңачтап таштаба. 31-б.

534. Байдын баласы-айраның, айраның болбосо, чыгарар элем ойронуң. 31-б.

535. Зордун түбү кор болот, байдын түбү ачка өлөт. 31-б.

536. Кулактууга сөз айтса, кулагынын учунда, кулаксызга сөз айтса, кубагырдын башында. 31-б.

537. Таба жолу тар, таңда күнү бар. 31-б.

№1284. 538. Отурган кыз ордун табат. 32-б.

539. Кулжанын куулугу түшөт деп, түлкү ачка өлөт. 32-б.

540. Жакшыны отко салса, ойноп турат, күлгө салса, күлүп турат. 32-б.

541. Алты катын асага барса, ар кимиси өз муңун айтат. 32-б.

542. Элүү жылда эл жаңы. 32-б.

543. Эптүү оосуракка оозуңду тос. 32-б.

544. Келген жериңден кеткен жериң аруу болсун. 32-б.

545. Бөрү баласы ит болбойт. 32-б.

546. Шумкарды жүнүнөн тааны, эрди үнүнөн тааны. 32-б.

547. Туубаган катындан улактуу эчки артык. 32-б.

548. Баатыр табат, батман жейт. 32-б.

549. Ит өлөрүндө кайышчы. 32-б.

550. Токойдо жүрүп сайраган булбулдан муңдуу куш барбы?! Өлгөндөн жаман иш барбы?! 32-б.

551. Сөөмдү жакын көрүп, карышты ыраак көрбө. 32-б.

552. Кепил болгуча, кемин кий. 32-б.

553. Шекмендүү (*шектүү–Н. Ө.)* күлөт. 32-б.

554. Чоң үйдөгү күлсө, кичүү үйдөгү ырсаят. 32-б.

555. Сезбеген тозоктун ичинде от чачып ойнойт. 32-б.

556. Кайгы төлөө болбойт. 32-б.

557. Ат асмандан. 32-б.

558. Миң койлууга карышкыр тийсе, бир койлуу бычак ала чуркайт. 32б.

№1285. 559. Жалгыз бала атка чапса, атасы көчүгүн көтөрөт. 33-б.

560. Битке өчөшүп, көйнөгүңдү отко салба. 33-б.

561. Сапарбайдын сан жылкысынан Кулансарыктын кула байталы көрүнөт. 33-б.

562. Ырооң жоро болот, ыйласаң, атаң өлөт. 33-б.

563. Букарда булу *(пулу – Н. Ө.)* бардын көөнү ток. 33-б.

564. Буудайдын барар жери тегирмен. 33-б.

565. Катын жаманы эр коруйт, эр жаманы жер коруйт. 33-б.

566. Жоолук болсо да жолго жакшы. 33-б.

567. Баланын үйү бапанын алачыгы. 33-б.

568. Жаманга кеп айтса, теңтушсуп кетет. 33-б.

569. Ооз – дарбаза, сөз – бороон. 33-б.

570. Жылкы менен катынга ишенбе. 33-б.

571. Тобокелде кайгы жок. 33-б.

572. Бир катындын мекери кырк эшекке жүк болот. 33-б.

573. Бир кап курутту бир сасык курут чиритет, миң кишини бир бузук иритет. 33-б.

574. Байдын малын аяба, өлсө менин к. . . яма. 33-б.

575. Сокур орой, таз кыйык, бучукта бардыр аз кыйык. 33-б.

576. Ат жакшысы боз болот, эр жакшысы таз болот. 33-б.

577. Молдонун айтканын кыл, кылганын кылба. 33-б.

578. Камырдан кыл алмак кыйын, молдодон пул алмак кыйын. 33-б.

579. Коюндан төгүлсө, кончко. 33-б.

№1286. 580. Жер кулагы жетөө. 34-б.

581. Керегеде кулак бар, кеңешер болсоң, ыраак бар. 34-б.

582. Бир ит көрүп үрөт, бир ит көрбөй үрөт. 34-б.

583. Кимдин жерин жердесең, ошонун ырын ырда. 34-б.

584. Элиң бөрү болсо, бөрү бол, түлкү болсо, түлкү бол. 34-б.

585. Заманың сокур болсо, көзүңдү жум. 34-б.

586. Туягы бүтүн тулпар жок, канаты бүтүн шумкар жок. 34-б.

587. Туугандын топурагы алтын. 34-б.

588. Ат баспайм деген жерин үч басат, конбойм дегенди караңгы түн кыстап кондурат. 34-б.

589. Тереги бир жааса, теңири эки жаайт. 34-б.

590. Өлүм өксүтөт. 34-б.

591. Бетке айткандын заары жок. 34-б.

592. Керектүү таштын оору жок. 34-б.

593. *Өлҳ (өлүү – Н. Ө.)* арстандан тирүү чычкан артык. 34-б.

594. Кереги тийсе, тереги жыгылат. 34-б.

595. Тамакты кабак көрөт. 34-б.

596. Өлүүнүн жүзү нары, тирүүнүн жүзү бери. 34-б.

597. Итке сый жарашпайт. 34-б.

598. Орус менен дос болсоң, ак балтаң белиңде болсун. 34-б.

599. Боёкчу десе, сакалын кошо боёйт. 34-б.

600. Байдын уулу назар ач, ыймандуу киши андан кач. 34-б.

601. Жаман түшүңдү жалярга жору. 34-б.

№1287. 602. Сүйбөс конок төргө өт. 35-б.

603. Атанын сүйбөс уулу түн тутат. 35-б.

604. Оозу чоңго аш, көзү чоңго жаш. 35-б.

605. Тууруна сүйүнбө, турарын тиле. 35-б.

606. Кымызды ичкенге бер, кызды сураганга бер. 35-б.

607. Чөптү кор көрсө, көзгө зыян. 35-б.

608. Жаныңа ким күйсө, жандай досуң – ошол. 35-б.

609. Өтүгү жаман төргө өтө албайт, жеңи жаман аяк алып иче албайт. 35-б.

610. Сыйды кылсаң сыдыра. 35-б.

611. Устанын үйү какырык менен чимкирик, өтүкчүнүн үйү кашек менен шашек. 35-б.

612. Кардын какаары бар, эрден чыга турган катындын такоолу бар. 35б.

613. Жаңдоочу кийик аттырат. 35-б.

614. Жаба-жаба-жаба деп, жал, куйругу коюу деп, жабадан айгыр салбаңар, жаздыгы бийик жакшы деп, жамандын кызын албаңар. Жабадан айгыр салсаңар, жаманчылык күн тууса, жанга өлчөөр ат туубайт, жамандын кызын алсаңар, жаманчылык күн тууса, жаныңа күйөр эр туубайт. 35-б.

615. Баланын бары да балаа, жогу да балаа. 35-б.

616. Жуткан жутабайт. 35-б.

617. Жуткан жумурда, ичкен ичегиде. 35-б.

№1288. 618. Ат аяган жер карайт, куш аяган көк карайт. 36-б.

619. Атасы башка аттан түш. 36-б.

620. Ат атыңдан айрылба, аты жокко кайрылба. 36-б.

621. Атын атаса, куту сүйүнөт. 36-б.

622. Сом темирге балка бар, чоңсунганга кудай бар. 36-б.

623. Чочуганда эрдик жок, чоюлганда кеңдик жок. 36-б.

624. Суу көрбөй өтүк чечпе. 36-б.

625. Куру аякка бата жүрбөйт. 36-б.

626. Каз каркылдайт саз жерде, эр баркылдайт тар жерде. 36-б.

627. Жарды болсоң кооз бол, бай жанынан түңүлсүн. Жалгыз болсоң чогоол бол, көп жанынан түңүлсүн. 36-б.

628. Отту көөлөсө өчөт, коңшуну көөлөсө көчөт. 36-б.

629. Күч күйөө уктаганын калыңга тоойт. 36-б.

630. Айыл болсо бололу, үйүбүзгө киришпейли. 36-б.

631. Тууган бар болсо көрө албайт, жок болсо асырай албайт. 36-б.

632. Чырпыгы сынса сынсын, чынары эсен болсун. 36-б.

633. Итке берген ашыңды, иттей тартсын башыңды. 36-б.

634. Он теңге берип айттыра албайт, бир теңге берип койдура албайт. 36-б.

635. Сындуу болсун өтүгүм, сыздатпасын бутумду. 36-б.

№1289. 636. Обу жок катын орсок уй саайт. 37-б.

637. Сынбасты уста жасабайт, өлбөстү кудай жаратпайт. 37-б.

638. Ышкысы жоктун ыйманы жок. 37-б.

639. Ким мекижан *(мекиян – Н. Ө.)*, ким короз, таңда машар *(маш болуу маанисинде – Н. Ө.)* күнүндө. 37-б.

640. Жамандан жакшылык артпайт. 37-б.

641. Байлык мурат эмес, жоктук уят эмес. 37-б.

642. Көсөөнүн акылы түштөн кийин. 37-б.

643. Жаман ууга чыкса, артынан коога чыгат. 37-б.

644. Орозодо көчкөн эрмек. 37-б.

645. Жамандын жай табары көп. 37-б.

646. Төөнүн куйругу жерге түшүп, эчкинин куйругу көккө чыкканда болот. 37-б.

647. Казанга жакын барганга көөсү жугат. 37-б.

648. Ороздуку он бешинде баш, Чытырдыкы жыйырма бешинде жаш. 37-б.

649. Эт тургай табагын таппай калды. 37-б.

650. Жаман шыбагасына кулдук кылат. 37-б.

651. Арамдын тамыры бир. 37-б.

652. Кандын койнунда калтырап жаткыча, кулдун койнунда кутуруп жат. 37-б.

653. Жекендүү көлдүн бал камыш, жылкы салса от жанат, уулу жаман болгон соң, атасын төө үстүнөн ит кабат. 37-б.

654. Чымчык чоңоюп бүркүт болбойт. 37-б.

655. Чачың өссө айылың капыр, мурутуң өссө өзүң капыр. 37-б. №1290. 656. Темир токмок күчтүү болсо, кийиз казык жерге кирет. 38-б.

657. Кедейден кешик артпайт. 38-б.

658. Жакшы азамат белгиси нары мырза, нары кул. 38-б.

659. Шордуу кулдун аты өлөт. 38-б.

660. Байыры аш күйүптүр, ушу убакка чейин жыты чыгат. 38-б.

661. Эмчек берген нары жат, амсак берген бери жат. 38-б.

662. Чегирткеден корккон эгин экпейт. 38-б.

663. Жай кийгенин кыш кийген жарды кайдан байысын. 38-б.

664. Аттын аты улук, төөнүн талпагы улук. 38-б.

665. Эл ичинде нелер жок. 38-б.

666. Жегендин көтү жеңдей. 38-б.

667. Ат көрбөгөн чаап өлтүрөт, катын көрбөгөн уруп өлтүрөт. 38-б.

668. Жеп жети болбойт, алып алты болбойт. 38-б.

669. Аягы жебей башы жейт, аркандап койсо жакшы жейт. Туягы жебей башы жейт, тушап койсо жакшы жейт. 38-б.

670. Дөөнү көрсөң иерсиң, ыштаныңа сиерсиң. 38-б.

671. Сайда саны жок, кумда изи жок. 38-б.

672. Ит кутурса, ээсин кабат. 38-б.

673. Саяк жүрсөң, таяк жээрсиң. 38, 186-б.
674. Төө көрбөгөн жүктөп өлтүрөт. 38-б.
№1291. 675. Ишиңди акка сал, андан кийин көпкө сал. 39-б.
676. Жалгыз баш жаман аш, эки башка тезек аш. 39-б.
677. Жаманды үч өпсө, не алы калат. 39-б.
678. Кара беттин бир кылганы жеткендир. 39-б.
679. Ат жүгөнү кан болгуча салыш. 39-б.
680. Коркоктун ыйманы жок. 39-б.
681. Куюшканга кыпчылган боктой болбо. 39-б.
682. Уй телиген эки ишин бүтөйт. 39-б.
683. Өксүбөгөн кандын бир татым тузу кемийт. 39-б.
684. Көргөнү жаман бергенин алат. 39-б.
685. Коёндун териси бир жылы чарыкка чыдайт. 39-б.
686. Ородойдун он тамыры бир келет. 39-б.
687. Чоң үйдөгү күлсө, кичүү үйдөгү ырсаят. 39-б.
688. Түштөн кийин келип, жууркан меники дейт. 39-б.
689. Жоргодон жорго чыкса, төрт аягы тыбырайт. 39-б.
690. Карга карганын көзүн ойбойт. 39-б.
691. Дарыянын жанынан кудук казылбайт. 39-б.
692. Сөз тапкан колко бербейт. 39-б.
693. Желмогуздун улам кийинкиси кыйын чыгат. 39-б.
694. Өгүз өлдү, орток айрылды. 39-б.
695. Тондууга тондуу суук, тону жокко тону жок суук. 39-б.
696. Чапкан калат, бастырган барат. 39-б.
№1292. 697. Жол болгондо мол болот. 40-б.
698. Бар качаган кутулбайт, жок качаган тутулбайт. 40-б.
699. Ордунда бар оңолот. 40-б.
700. Кудайдан коркпогондон корк. 40-б.
701. Эрте оңбогон кеч оңбойт, кеч оңбогон эч оңбойт. 40-б.
702. Чыйрактын шыйрагы калат. 40-б.
703. Жеп жети болбойт, алып алты болбойт. 40-б.
704. Мант берген түлкүдөй, жалт берген жылкыдай. 40-б.
705. Катын карыбаспы, каны коюлбаспы. 40-б.
706. Жеген иттин бетине, элге чарык табылар. 40-б.
707. Базар бар, бактыңдан көр. 40-б.
708. Жашта берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү. 40-б.
709. Уят барда ыйман бар. 40-б.

710. Кудага ыраактан сыйлаш. 40-б.
711. Ташка салса тайгылбас, музга салса бурулбас. 40-б.
712. Келген дөөлөт – кеткен мээнет. 40-б.
713. Ачта кеңеш табылбайт, токто кеңеш табылат. 40-б.
714. Болот бычак кынга жатпайт. 40-б.
715. Аса карыбайт, алтын чирибейт. 40-б.
№1293. 716. Катын алсаң, отун ал. 41-б.
717. Арзандын сорпосу татыбайт. 41-б.
718. Кара өгүз минсем камчым жок, үйгө келсем тынчым жок. 41-б.
719. Чыккан кыз чийден тышкары. 41-б.
720. Тай туйлап такка чыкпайт. 41-б.
721. Төөнүн мазар менен иши жок. 41-б.
722. Ит жыйыны бирикпейт. 41-б.
723. Этке жетпей туз тынбайт, эрге жетпей кыз тынбайт. 41-б.
724. Жесе да, жебесе да бөрүнүн оозу кандуу. 41-б.
725. Кел демек бар, кет демек жок, келдемиян жеген соң, эт жемей жок. 41-б.
726. Эт көрбөгөнгө өпкө таңсык. 41-б.
727. Эт көрбөгөн чоң сугунат. 41-б.
728. Түнттү түртмөйүнчө билбейт. 41-б.
729. Көргөн жолду атаңа бербе. 41-б.
730. Теке болсун, сүтү болсун. 41-б.
731. Эрге намыс, коёнго камыш. 41-б.
732. Үйрөнгөн ит жолборско үрөт. 41-б.
733. Катын карга, бала сагызган. 41-б.
734. Ырысы жоктун этегине буудай салса, көтү к. . . п төгүлөт. 41-б.
735. Жыгылган күрөшкө тойбойт. 41-б.
736. Эси, дартым эримде, эки көзүм балтамда. 41-б.
№1294. 737. Беш кол тегиз эмес. 42-б.
738. Өтпөс бычак кол кесер. 42-б.
739. Өз башындагы чокту көрбөй, кишинин башындагы чөптү көрөт. 42-б
740. Жумуру башта нелер жок. 42-б.
741. Бир мунарга жете албай жатып, бир мунарга бутун артат. 42-б.
742. Өткөн ишке өкүнбө. 42-б.
743. Үңкүр да болсо үйүм бар, аюу да болсо эрим бар. 42-б.

744. Суунун башы –булак, жолдун башы –туяк, сөздүн башы – кулак. 42-б

745. Тойго тоюп бар, ашка ачып бар. 42-б.

746. Мал арстандын оозунда. 42-б.

747. Акка кыл сынбайт. 42-б.

748. Кыйшык иш кырк жылда да билинет. 42-б.

749. Арам жеген бура баспайт. 42-б.

750. Угулбайт деп ууру кылба, билинбейт деп ушак айтпа. 42-б.

751. Жоонду жонуп же. 42-б.

752. Жорго минген менен жолдош болбо, жоон жаптык *(жабдык – Н. Ө.)* менен айыл конбо. 42-б.

753. Итти сыйласа, төргө чычат. 42-б.

754. Майдан колум жооруду, көптөн көөнүм ооруду. 42-б.

755. Сакалдуу киши жоого түшөрбү. 42-б.

№1295. 756. Укурук бою кар жааса, кулдун малы жутабайт. 43-б.

757. Эчки, теке чердики, атып жеген эрдики. Аркар, кулжа зоонуку, арпа, буудай боонуку. 43-б.

758. Күңгө күлө бакса, ыштандык бөз сурайт. 43-б.

759. Эт кеткенде бет калат, элге жаманат калат. 43-б.

760. Кайда көрдүм кара эшек, жолдо көрдүм жоору эшек. 43-б.

761. Жүргөн аяк бок басат. 43-б.

762. Мал ээси малаке таз. 43-б.

763. Акмакка токмок, болбогонго болушпа. 43-б.

764. Катындын чачы узун, акылы кыска. 43-б.

765. Миң катындын акылы бир тоокчо жок, тооктун акылы болсо, чокуур беле бок. 43-б.

766. Кара куштун багы билет. 43-б.

767. Жаман күн жакшы болот, кудай урган бакшы болот. 43-б.

768. Төртөө түгөл болсо, төбөдөгү келет, алтоо ала болсо, ооздогу кетет. 43-б.

769. Иттүү конок батпайт, биттүү конок жатпайт. 43-б.

770. Сарттын суусу сатылуу. 43-б.

771. Учпас тоок, көчпөс там. 43-б.

772. Жүз, жүзгө барганда, кудайдан күдөрүңдү үз. 43-б.

773. Колунда талканы бар бала сүйгүнчүк. 43-б.

№1296. 774. Ит семирсе, ээсин кабат. 44-б.

775. Иттин богу дары десе, дарыянын башына чыгат. 44-б.

776. Акыл артса, жин болот. 44-б.
777. Кул качары менен, күң өлөрү менен коркутат. 44-б.
778. Чок кармагандын колу күйөт. 44-б.
779. Күң саткан жерин төркүнсүйт. 44-б.
780. Үч күнү конок, андан кийин жомок. 44-б.
781. Үйү жакын иттин куйругу узун. 44-б.
782. Бай салык салса, кул чарык салат. 44-б.
783. Бөрү атар уулдун бөркүнөн тааны. 44-б.
784. Эки жакшы жайлоого чыкса, кудалашып түшөт, эки жаман жайлоого чыкса, кубалашып түшөт. 44-б.
785. Көп жойлогон түлкү капканга түшөт. 44-б.
786. Өлсөң көрүң кең болсун. 44-б.
787. Карынын кебин капка сал. 44-б.
788. Катындын кесири эрге, эрдики элге. 44-б.
789. Өз акылың өзөк менен тамыр, киши акылы кишен менен тушоо. 44-б
790. Өлгөн тирилбейт, өчкөн тамбайт. 44-б.
791. Эшектин жүгү жеңил болсо, жатак болот. 44-б.
792. Кызыганды кымыз чыгарат. 44-б.
793. Ширгелүү тайлар ат болду, сирке баш күңдөр баш болду. 44-б.
794. Жардынын бир тойгону – орто байыганы. 44-б.
№1297. 795. Эшеги беш теңгелик, токуму он теңгелик. 45-б.
796. Эр көөсөр болот. 45-б.
797. Анык кандан кыныккан ууру болот, оолуккандан соолуккан жинди болот. 45-б.
798. Жээриңе келгенде жети көкжал бөрү элең, жебесиңе келгенде жете окуган молдо элең. 45-б.
799. Миң күнкү бейиштен биркүнкү жарыкчылык. 45-б.
800. Эмчек мындан ары таш болобу. 45-б.
801. Көрбөгөнгө көтөн таң, көгала итке куйрук таң. 45-б.
802. Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө. 45-б.
803. Аш ичкиче алам саат. 45-б.
804. Кандын казабасынан, каранын дооматынан. 45-б.
805. Уккан кулакта жазык жок. 45-б.
806. Манап алжыса, төө дейт. 45-б.
807. Күлүк күнүндө, жорго тайында. . 45-б.
808. Темирди кызуусунда сок. 45-б.

809. Чыйрактын шыйрагы калат. 45-б.

810. Конокко аш кой, эки колун бош кой. 45б

811. Жумурткадан кыр табат. 45-б.

812. Аргымактын азганы – аркы-терки басканы, азаматтын азганы көчкөндө жөө басканы. 45-б.

813. Аттаң сени, май сени, жаманды жакшы кылган мал сени. 45-б.

814. Коёнго камыш, эрге намыс. 45-б.

№1298. 815. Жакшыны жатым дебе, жаманды өзүм дебе. 46-б.

816. Жаманга күн салгыча, көтөрүп көргө салсын. 46-б.

817. Кун куугандыкы, айып айдагандыкы. 46-б.

818. Атадан арта туулдум деген уулдун бир боконосу кем. 46-б.

819. Кудай кылса, тоо күл болот. 46-б.

820. Ала кушту атынан чакырат. 46-б.

821. Аш көп болсо, каада көп. 46-б.

822. Уккан уламыш, көргөн анык. 46-б.

823. Эл оозунда элек. 46-б.

824. Баланы жашынан, катынды башынан. 46-б.

825. Жакшыныкын сатып ич, жамандыкын басып ич. 46-б.

826. Илгери келердин ити чөп жейт, кедери кетердин келини ууру кылат. 46-б.

827. Эти тийген катын *(га – Н. Ө.)*, бети тийген балага эрдин баркы жок. 46-б.

828. Какаганга муштаган. 46-б.

829. Жоо түбү эл, жар түбү кечүү. 46-б.

830. Досум деп сыр айтпа, досуңдун досу бар. 46-б.

831. Ат жоорумак тердиктен, найза салмак эрдиктен. 46-б.

832. Ордунда бар оңолот. 46-б.

833. Таш койгон ташын, кыш койгон кышын алат. 46-б.

№1299. 834. Алакандай бейишти кожо менен молдо алды. 47-б.

835. Аш ээси менен, баш мээси менен. 47-б.

836. Ишенген молдоң сууга аккса, алды алдыңдан тал карма. 47б.

837. Кожонун бергенин коюнга сал. 47-б.

838. Казанчынын эрки бар, кайдан кулак чыгарса, жасагандын эрки бар, таштан булак чыгарса. 47-б.

839. Тоону, ташты сел бузат, адам уулун кеп бузат. 47-б.

840. Итке теңдик жок. 47-б.

841. Кары келсе ашка, жаш келсе ишке. 47-б.

842. Эрдин күчү эшектин оосурагы. 47-б.

843. Курут десе, куу баштан суу келет. 47-б.

844. Кедейден кешик артпайт. 47-б.

845. Жээн эл болбойт, желке тон болбойт. 47-б.

846. Кызылды кийим дебеңер ашта-тойдо бир киер, кызды балам дебеңер кайда өлгөнүн ким билер. 47-б.

847. Мал колдун кириндей. 47-б.

848. Айыл болбой сырдаш болбойт, коно жатпай кепке тойбойт. 47-б.

849. Мал аягы саяк. 47-б.

850. Эл ичинде эл жүрөт, эт ичинде курт жүрөт. 47-б.

№1300. 851. Баатыр болмок маңдайдан, чечен болмой таңдайдан. 48-б.

852. Бийик болсоң, жапыз бол, улук болсоң, кичик бол. 48-б.

853. Бака жеп көлгө, жылан жеп ийинге кирет. 48-б.

854. Бир колуңду ачып, бир колуңду жум. 48-б.

855. Агач көркү жапырак, адам көркү чүпүрөк. 48-б.

856. Суу – тили жок жоо. 48-б.

857. Мейли кимге жоо болсун, кара жаным соо болсун. 48-б.

858. Ашык айткан азат, топ ойногон тозот, кой кайтарган озот. 48-б.

859. Уруштун башы бок жебе. 48-б.

860. Атка бергис кунан бар, кызга бергис жубан бар, Өгөөгө бергис бүлөө бар, экөөгө бергис бирөө бар. 48-б.

861. Өзүмдүкү дегенде өгүздөй кара күчүм бар, кишиники дегенде кол тийбеген ишим бар. 48-б.

862. Жылкыдан качыр, мусулмандан капыр. 48-б.

863. Ала кап менен бир кебим бар, жайып жиберсем, Чүйдүн бетине батпайт. 48-б.

864. Кара атан өлсө, союлар, кан атам өлсө, коюлар, он эки айда бир келген кан сонор кайдан табылар. 48-б.

№1301. 865. Көчтүң, өчтүң. 49-б.

866. Жеринен азганга жети жылы конуш жок. 49-б.

867. Уй мурдун сасык деп кесип салбайт. 49-б.

868. Жазында жоон сүзүлөт, ничке үзүлөт. 49-б.

869. Кызаргандын баарысы манат болот, кылган иштин баарысы адат болот. 49-б.

870. Бирөөнүн жеринде султан болгуча, өз элиңде ултан бол. 49-б.

871. Кыз уяты сатуу. 49-б.

872. Уйдун кыркы кыр ашырбайт. 49-б.
873. Талаада бармакка үч оролгон кайыш олжо. 49-б.
874. Кара кандуу, көк биттүү. 49-б.
875. Эр бөрү жолдуу. 49-б.
876. Мусулманды салабатынан тааны. 49-б.
877. Уядан сасыткы чыгат. 49-б.
878. Кекиликче атын чакырат. 49-б.
879. Төгүн жерден өрт чыкпайт. 49-б.
880. Көп ичкендин көөнү, аз ичкендин мейли билет. 49-б.
881. Тамакты бир тууш, бир кууш ичет. 49-б.
882. Өзү тойсо да, көзү тойбойт. 49-б.
883. Асылуу казан бышылуу аш, ашмалтай жоош. 49-б.
884. Жоорду таап алдым, жоошту чаап алдым. 49-б.
№1302. 885. Конок тандап конот, ууру басынып уурдайт. 50-б.
886. Багы жоктун баары жок. 50-б.
887. Жалпы жылдыз бириксе, жарыктыгы айча жок, жалпы кедей бириксе, берекеси байча жок. 50-б.
888. Сууга жакын кудайга жакын. 50-б.
889. Киши өлүмдүү жерде молдо семирет, мал өлүмдүү жерде ит семирет. 50-б.
890. Дабыр-дубур, дабыр таш, дарбаза оозу темир таш, жан күйөрүң жок болсо, туу түбүндө туйлап калат кайран баш. 50-б.
891. Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат. 50-б.
892. Атасы топко кирбеген сөзгө кулак салбайт. 50-б.
893. Желгенимди жел билип, конгонумду кокту-кокту жер билет. (камгак сөзү) 50-б.
894. Бөрү баласына баш тоголот. 50-б.
895. Жамандын жаштыгы өлгүчө калбайт. 50-б.
896. Катын жапаа, ит упаа. 50-б.
897. Ырыстуунун кызы сулуу, аты күлүк чыгат. 50-б.
№1303. 898. Карысаң, кара көрдөй бол. 51-б.
899. Таза болсоң, суудай бол баарын жууп кетирген. Балбан болсоң, жердей бол баарын койбой көтөргөн. 51-б.
900. Эрдин малы эрде жүрсүн, эриккенде колго тийсин. 51-б.
901. Жору-жору, жорумун, аты куштун зорумун, баш тырмагым жогунан аты куштун корумун. 51-б.
902. Арам жеген бура баспайт. 51-б.

903. Уялбаган буюрбаган аш ичет. 51-б.

904. Малды табат эрдин эри, малдын күнүн көрөт катындын соңку эри. Жыйганы жылас, тапканы талаан. 51-б.

905. Ачуу менен түчүнү таттуу кылган – туз, ыраак менен жуукту жакын кылган – кыз. 51-б.

906. Ырысы жоктун ырымы күч. 51-б.

907. Көп ичкендин көөнү билет, аз ичкендин мейли билет. 51-б.

908. Келин келтейсе, кайнага калтаят. 51-б.

909. Өлүм кабак-кашты ирмегиче. 51-б.

910. Сеники, меники дечү белек, узун моюндардын бири жок. (каркыранын баласын жеп алып, түлкүнүн айтканы) 51-б.

911. Жер акыны жебейт. 51-б.

№1304. 912. Жылан жылың алдында, жылкы жылың кийининде, кишенебе, тору айгыр. 52-б.

913. Табасы канып, ташы тегеренет. 52-б.

914. Жаакты баштан айырба. 52-б.

915. Кандан капкалуу шаар калат. 52-б.

916. Конгон жерге коргон сал, түнөгөн жерге түркүк орнот. 52-б.

917. Тирүү *(и – Н. Ө.)* укмушта бар бекен, тирүү кулак укпай кал. 52-б.

918. Башка келсе, байтал жорго болот. 52-б.

919. Ырыс качса, тууш койбойт. 52-б.

920. Этке жакын – туз, энеге жакын – кыз. 52-б.

921. Аталуу жетим – аргасыз жетим, энелүү жетим – эрке жетим. 52-б.

922. Качканга кар жер куурулат. 52-б.

923. Качкан да кудай дейт, кууган да кудай дейт. 52-б.

924. Иттин суук тумшугу көтүнө тийсе, атаңдын төрү түгүл көрүнө кире качасың. 52-б.

925. Өйдө караса, тирмек көз дейт, ылдый караса, сүзмөк көз дейт. 52-б.

926. Катын өлсө, камчы сап, кайтып төшөк жаңырат. 52-б.

927. Жоону көрсөң, басмарла, эчкини көрсөң, тасмала. 52-б.

№1305. 928. Аркаңды бай жеди, тапканыңды ит жеди. 53-б.

929. Өгөөдөн бүлөө өткөн жок, экөөнө бирөө жеткен жок. 53-б.

930. Бөлүнгөндү бөрү жейт, жарылганды ууру алат. 53-б.

931. Сары жоонун баары жоо. 53-б.

932. Карыш ажыраган карыганча көрүшпөйт. 53-б.

933. Канжыгада көрүшөлү. (баласынан бөлүнгөндөгү коёндун сөзү) 53-б.

934. Кылыч кырк жылы жатса, кынынча пайдасы жок, кыябына келгенде, кырк байталга табылбайт. 53-б.

935. Кызыганды кымыз чыгарат. 53-б.

936. Эр азамат эл четинде, жоо бетинде. 53-б.

937. Сыйга сый, сырага бал. 53-б.

938. Сокур уйду жарга камагандай болду. 53-б.

939. Чилденин бирөө калса да жут. 53-б.

940. Куттуу үйдөн куру чыкпайт. 53-б.

941. Устадан дат калат, молдодон кат калат. 53-б.

942. Жетимдин акысы – тозоктун оту. 53-б.

943. Чакты чаян, чыкты бөйөн. 53-б.

944. Айдай келдики алды менен өлөт, өрмөчүнүкү өзү өлөт. 53-б.

945. Тааныбасты сыйлабас. 53-б.

№1306. 946. Бир көргөн – билиш, эки көргөн – тааныш, үч көргөн менен тура калып көрүш. 54-б.

947. Кырк кадам бастырган кыяматтык жолдош. 54-б.

948. Коңшунун акысы бар. 54-б.

949. Жар башында жапалак, жапалак көрсөң, атып өт, жаманды көрсөң, качып өт, жакшыны көрсөң, азат боюң сатып өт. 54-б.

950. Чаң созулат тамандан, жакшылык келбейт жамандан. 54-б.

951. Жакшы кол ийик, жаман жылбаган кыйык. 54-б.

952. Кара зоо боору түз болбойт, карыганда катындар кыңшылап сүйлөп кыз болбойт. 54-б.

953. Жаман иттин аты – Бөрүбасар. 54-б.

954. Ичик-ичик түлкү алган иттин аты –Кубагыш. 54-б.

955. Коркоктун аты – Жообасар. 54-б.

956. Туйгундун жаманы карга ала албайт, манаптын жаманы атын токуп мине албайт. 54-б.

957. Аттанганда көчүгү кыйшык эле. 54-б.

958. Дөөлөт топ томолок, мээнет жашыкка илешкен чөп. 54-б.

959. Төркүнү жакындын төшөгү жыйылбайт. 54-б.

960. Тапкан сүйүнөт, тааныган алат. 54-б.

№1307. 961. Ойдо оосурган көт тоодо да оосурат. 55-б.

962. Көтү жаман кара каз көлдүн баарын сасытат. 55-б.

963. Тон жакасынан кийилет. 55-б.

964. Мурун туулуп, кийин калат, мурунтугу жерде калат. 55-б.
965. Көч-көчтөн кабар келсе, уйкунун тынчы кетет. 55-б.
966. Ат мүдүрүлбөй жер тааныбайт. 55-б.
967. Конокту аткар, башыңдан куткар. 55-б.
968. Жоого ант жок. 55-б.
969. Кан казанын көп астым, кана колум көөсү. 55-б.
970. Эр чегишпей, бекибейт. 55-б.
971. Көргөндөн көрө элек көп. 55-б.
972. Окуу менен мылтыкка карылык жок. 55-б.
973. Эрге кылган кызмат жерде калбайт. 55-б.
974. Ат башы менен эрбашы, кайда калбайт бир башы. 55-б.
975. Арпа, жазы, ат эрдин масы. 55б.
976. Эраяк, чокой баш жеткирер бекен Какшаалга. 55-б.
977. Күзгү күчтү күйөөңө бербе, жазгы күчтү атаңды өлтүргөнгө бер. 55-б.
978. Бирөөнүн зайыбы бирөөнө кыз көрүнөт. 55-б.
979. Эки бээ эл багат, бир бээ жан багат. 55-б.
№1308. 980. Жуткан журтун мактайт. 56-б.
981. Өлгөн менен кыз бергенге намыс кылба. 56-б.
982. Ноктолуунуку бүтөт, бокчолуунуку житет. 56-б.
983. Коногум, үйүңдү ойлой отур. 56-б.
984. Камчы кайраттуу болсо, катын уяттуу болот. 56-б.
985. Эл көчкөндө өрүүн болгон, өрүүн болгондо көчкөн тентек. 56-б.
986. Айда тийген ай эмес, күндө тийген күн эмес. 56-б.
987. Болом деген уулуңа базар жолун көргөзбө, болбойм деген уулуңду коё бергин казанга. 56-б.
988. Өлүк мээнбей, тирик кубанбайт. 56-б.
989. Жылкы – берен, жылкыны баккан – эрен. 56-б.
990. Сыйды кылсаң сыдыра. 56-б.
991. Жаманга өчөшпө, жардыга таарынба. 56-б.
992. Намаз бекердин иши экен. 56-б.
993. Орозо ачкалыктын иши экен. 56-б.
994. Кыдыр назар кылбай, эшек базарына далдалчы болбойт. 56-б.
995. Чымын майга конот. 56-б.
996. Араба май менен жүгүрөт. 56-б.
997. Өзү жыгылган бала ыйлабайт. 56-б.
998. Ала табак бай жаман, суу акпаган сай жаман. 56-б.

№1309. 999. Жатып өлгүчө, атып өл. 57-б.

1000. Куу алган кушта эмне сын. 57-б.

1001. Куру аякка бата жүрбөйт. 57-б.

1002. Бөрүчү бүркүт өлүчү. 57-б.

1003. Бешик баласы беш түлөйт. 57-б.

1004. Өңөрүп жүрүп кой өлөт, өбөктөп жүрүп ырчы өлөт. 57-б.

1005. Жаа сынарында катуу. (Суук чыгарында катуу.) 57-б.

1006. Эсен уул ыйлабас. 57-б.

1007. Эр эки аттуу болот (миттайым, капыр), жаман бир аттуу болот. 57-б.

1008. Чырагына май тамды. 57-б.

1009. Эсептүү дос айрылбайт, эсепсиз дос кайрылбайт. 57-б.

1010. Иши илгерилегендин ташы өйдө кулайт. 57-б.

1011. Ит жалдаган сууга кетет. 57-б.

1012. Жакшынын шарапаты, жамандын кесепети. 57-б.

1013. Берейин деген кулуна белен кылат жолуна, бербейин деген кулуна сатса келбейт пулуна. 57-б.

1014. Алтынды ала билген бөлө билет. 57-б.

1015. Моңолдорду кыйнаса, коломтонун түбүнөн күкүрт табат. 57-б.

1016. Солто – журттун тогу, саяк – журттун шогу, кылжырдын барынан жогу. 57-б.

1017. Черик – журттун ыйыгы. 57-б.

1018. Зарылдын булу *(пулу – Н. Ө.)* күйөт. 57-б.

№1310. 1019. Отор-оторду оюнчук көрөсүң, ичкиликтин кызы тууй албай жат. (?) 58-б.

1020. *(Бул сап актай калган. – И. С.)*

1021. Көрбөгөнгө көтөн таң, көгала итке куйрук таң. 58-б.

1022. Көрбөгөн жол – көрүстөн. 58-б.

1023. Сурай-сурай Мекеге барат. 58-б.

1024. Эки ой бир көөдөнгө сыйбайт. 58-б.

1025. Арамзанын этеги узарбайт. 58-б.

1026. Урган киши дөң менен, урдурган киши жол менен. 58-б.

1027. Атаң алтымышка чыкканда, алдап-соолоп күчүн ал. 58-б.

1028. Кыз – буйлалаган төө. 58-б.

1029. Бок жеген күрөгүн байлана жүрүш керек. 58-б.

1030. Катын алсаң, отун ал. 58-б.

1031. Өзүңө сүйгөндү кишиге да сүй. 58-б.

1032. Байдын ашын байкуш аяйт. 58-б.

1033. Индостан ыраак болсо да, байгеси жакын. 58-б.

1034. Баштык ичпей, баш ичет. 58-б.

1035. Бу жүрүшүң койбосоң, көчпөй көлүк өлтүрдүң, бу күлүшүң койбосоң, үйгө жыйын толтурдуң. 58-б.

1036. Аштан алакчы калгыча, аттан жөө, тондон жылаңач кал. 58-б.

1037. Урганыңдан да тап бергениң өттү. 58-б.

№1311. 1038. Башка тийсе, өлдүк, көчүккө тийсе, көтөрүлүп бир учтук. 59-б.

1039. Жел болбой, чөптүн башы шуудурабайт. 59-б.

1040. Үйдө баатыр, жоодо жок. 59-б.

1041. Ат алтоо болсо, минерге ат табылбайт, ат бирөө болсо, бараргa жер табылбайт. 59-б.

1042. Жолдо сокур көрүнсө, жолобогун кашына, момундун кайры жетер башыңа. 59-б.

1043. Кулдун куну кетсе, көтүнө кыны кетет. 59-б.

1044. Аткан окту жеткен ок табат. 59-б.

1045. Оозу ашка тийгенде, тумшугу ташка тиет. 59-б.

1046. Тандаган тазга жолугат. 59-б.

1047. Тандап алган катының тайлак минип олтурат, көрүп алган катының көсөө камчыланып отурат. 59-б.

1048. Тандачуу̱ *(тандачу – Н. Ө.)* белек – жок белек, тал-тал кара чачтууну, тандаганга кез келсин таргыл буга баштууну, издечүү̱ *(издечү– Н. Ө.)* белек – жок белек, ителги кара көздүүнү, издегенге кез кылсын ит кыялдуу сөздүүнү. 59-б.

1049. Мытандан кылган быламык, ичейин деген аш эмес, токсон беш, сени көрөйүн деген жаш эмес. 59-б.

1050. Ат акырына айланат. 59-б.

1051. Атасы башка менен коён уулаба. 59-б.

1052. Чымынын кактырган бакшыдай болду. 59-б.

№1312. 1053. Жеке өтүктүү жете албайт, соору өтүктүү бата албайт. 60-б.

1054. Соодасы түгөнгөн сарттай болду. 60-б.

1055. Оозунан алдырган бөрүдөй болду. 60-б.

1056. Алам деп алдага калат. 60-б.

1057. Озунган таз бөрк алат. 60-б.

1058. Сөз тапкан колко бербейт. 60-б.

1059. Акылы жок арам сөзгө семирет, катыны жок караңгы үйгө теминет. 60-б.

1060. Ичпе, жебе, бол бакыл, байыбасаң мен кепил. (шайтандын сөзү) 60-б.

1061. Малдуунун өңү жарык, малсыздын өңү чарык. 60-б.

1062. Билбес, билгендин тилин албас. 60-б.

1063. Ач кулактан тынч кулак. 60-б.

1064. Солдун оңубар. 60-б.

1065. Эр деп этектен, нар деп буйласын карма. 60-б.

1066. Жаактууга жай, жайдак атка бой бербес. 60-б.

1067. Менменсинген катындын бешик берсин сазайын. 60-б.

1068. Бакыр болсоң, макмал кий. 60-б.

1069. Атаңды өлтүргөнгө энеңди алып бер. 60-б.

1070. Акылды дөөлөт мас кылат, адамды шайтан азгырат. 60-б.

1071. Жолдуу болсо ат, жакалуу болсо тон. 60-б.

1072. Уул өссө урумга, кыз өссө кырымга. 60-б.

1073. Аккулага бир сын. 60-б.

№1313. 1074. Садаганы соосунда. 61-б.

1075. Чөкпөгөн төөнүн тизесин кесип чөгөрбөйт. 61-б.

1076. Жан бергендин жанына турба. 61-б.

1077. Көздүн сокуру көрөт, көкүрөк сокуру көрбөйт. 61-б.

1078. Катын калп айтпайт, каңырыш угат. 61-б.

1079. Сокулуу катын зор катын, сокусуз катын кор катын. 61-б.

1080. Бокту чапса, бетке чачырайт. 61-б.

1081. Таш тараза тоң, . . . 61-б.

1082. Жеген иттин бетине элге чарык табылар. 61-б.

1083. Калган көңүл, чыккан жан кайтып келбейт. 61-б.

1084. Нанды ысыгында, пулду кызыгында. 61-б.

1085. Кымызды ким ичейин дебесин, кызды ким алайын дебесин. 61-б.

1086. Эрдин даңкын ыраактан ук. 61-б.

1087. Жаманды мактаса, жардан алыс кетет. 61-б.

1088. Жар жыгылса, суу бөгөйт, жалгыз өлсө, ким жөлөйт. 61-б.

1089. Тоону, ташты сел бузат, адам уулун кеп бузат. 61-б.

1090. Тешик ооз тек турбайт. 61-б.

1091. Күн тийгендин чоросу. 61-б.

1092. Абыра-сабыра ашка орток, атанын сүйбөс уулу малга орток. 61-б.

1093. Жээн киргиче, жети бөрү кирсин. 61-б.

1094. Чокойлуу черик чоң болду, чоюлган бугу кор болду. 61-б. №1314. 1095. Жаз жарыш, күз күрөш. 62-б.

1096. Укмуштуунун төөсү жорго. 62-б.

1097. Тизе жерге тийсе, бет кара болот. 62-б.

1098. Жылан чакпай, жылкы теппей. 62-б.

1099. Кызды берсең, корго бер, кызды алсаң, зордон ал. 62-б.

1100. Алты алгысы, беш белгиси жок. 62-б.

1101. Шылтоого шынаа. 62-б.

1102. Жылкы суудан калбасын. 62-б.

1103. Кой ичкен суу. 62-б.

1104. Өлсөң, көрүң кең болсун. 62-б.

1105. Айда айыл болбойт, күндө коңшу болбойт. 62-б.

1106. Көйнөгү башканын көөнү башка, чапаны башканын санаасы башка. 62-б.

1107. Тоң айырган май жейт, дос айырган бок жейт. 62-б.

1108. Ээсине керек болсо, коңшусу таарынбайт. 62-б.

1109. Ээси келсе, бээсин бер. 62-б.

1110. Сааганың Байбагыштын бээси, таңда күнү болгондо айдап кетет ээси. 62-б.

1111. Өкүмдүн өтү жарылат. 62-б.

1112. Кыянаттын кабы жарылат. 62-б.

1113. Жел өпкөнүн жели сууйт. 62-б.

1114. Жалгызга кудай жар. 62-б.

1115. Эдигенин байталы, эптеп минип кайталы. 62-б.

1116. Иши жөнөгөндүн чүкөсү алчы конот. 62-б. №1315. 1117. Согумдун башы, чечемдин ашы. 63-б.

1118. Кара болсоболсун, карап турган ал жаман, тору болсо болсун томсоруп олтурган ал жаман. 63-б.

1119. Эрден эшек үркпөйт. 63-б.

1120. Кыздын кырк чачы улуу. 63-б.

1121. Журт темир талкуу. 63-б.

1122. Кеңге кең дүйнө, тарга тар дүйнө. 63-б.

1123. Сарт санаасы менен байыйт. 63-б.

1124. Күлүк жардыга туулуп, байга токтойт. 63-б.

1125. Ач көздүн өзү тойсо да, көзү тойбойт. 63-б.

1126. Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң. 63-б.

1127. Жолоочунун жолдогусу жакшы, жолдо болбосо, үйдөгүсү жакшы. 63-б.

1128. Байтал чуркап байге албайт. 63-б.

1129. Үйүрүн сагынбас ат болбос, элин сагынбас эр болбос. 63-б.

1130. Өлгөндүн жүзү нары, тирүүнүн жүзү бери. 63-б.

1131. Айтар атка бир санат, учар кушка бир канат. 63-б.

1132. Оорубаган жамбашы менен жатат. 63-б.

1133. Артык кылам деп, тыртык кылат. 63-б.

1134. Эрдин аты жүгүрбөсө да ийсесин. 63-б.

1135. Бербегенди берип уялт. 63-б.

1136. Ачканын аңы жүрбөйт. 63-б.

1137. Керкисинде да, кемтигинде да бар. 63-б.

№1316. 1138. Мактанчаактын көтү ачык. 64-б.

1139. Калпты-чынды көп айтып, сеники ала кеттиби, каза элечек оронуп, меники ала кеттиби? 64-б.

1140. Ашып барып нары өлбөй, же аша электе бери өлбөй, бейпай болуп белде өлдүң, бейсарамжал жерде өлдүң. 64-б.

1141. Башчы болбой марыбайт, башаламан жарыбайт. 64-б.

1142. Уруш эки кишиден тең. 64-б.

1143. Өктөгөн жанга өлүм бар. 64-б.

1144. Эки катын алыпмын, не балаага калыпмын. 64-б.

1145. Адалсыган молдонун үйүнөн алты камандын башы чыккан. 64-б.

1146. Кашкулак, төрт байчасын кесип салса, адал улак. (молдонун ач болгондо айтканы) 64-б.

1147. Байдын уулу назар ач, ыймандуу киши андан кач. 64-б.

1148. Эт болбосо, сорпо жокпу, эки сөздүн бири жокпу. 64-б.

1149. Тоосуз жер болбойт, доосуз эл болбойт. 64-б.

1150. Ит жалдаган сууга кетет. 64-б.

1151. Сүйүнгөндөн маңдай жарылбайт, корккондон жүрөк айрылбайт. 64-б.

1152. Жылкы-жылкы жылкыдыр, жылкы эрдин мүлкүдүр. Кара кыяк, бетеге казысы экен жылкынын, кара мурут күл жигит ээси экен жылкынын. 64-б.

№1317. 1153. Олуя жакынын колдойт. 65-б.

1154. Жер тамырынан эл тамыры. 65-б.

1155. Атан өлсө, тайлак бар, кому жерде калбайт ко *(го – Н. Ө.)*, ага өлсө, ини бар орду куру калбайт ко *(го – Н. Ө.)*. 65-б.

1156. Дүнүйө арабадай айланат, бир оң иш, бир сол иш. 65-б.

1157. Кол ийрисине чабат. 65-б.

1158. Жаман киши төрчүл. 65-б.

1159. Элге ылайык эр туулат, эрге ылайык ат туулат. 65-б.

1160. Жөө жүргөнчө төө минген жакшы. 65-б.

1161. Канжыганын катканын каптал билбей, ат билет, азаматтын азганын тууган билбей, жат билет. 65-б.

1162. Тулпар аттын туягы ташты басып кетилсе, сазды басып жетилер. 65-б.

1163. Шагылы болбой тоо болбойт, шайыры болбой эл болбоайт. 65-б.

1164. Ат арытмак оңой, эр арытмак кыйын. 65-б.

1165. Атың барда жер тааны, атаң барда эл тааны. 65-б.

1166. Бирдики миңге, миңдики түмөнгө. 65-б.

№1318. 1167. Катын жапаа, ит вапа *(бапа – Н. Ө.)*. 66-б.

1168. Кыңаракта кын жок, ыңырчакта сыр жок. 66-б.

1169. Керегеси кердеп турат, ыңырчагы ырдап турат. 66-б.

1170. Тандап алган катының тайлак минип олтурат, көрүп алган катының көсөө камчыланып отурат. 66-б.

1171. Жигит үйдө туулуп, жоодо өлөт. 66-б.

1172. Аңдышкан айыл болбойт, эсептешкен коңшу болбойт. 66-б.

1173. Жортуулчу башы жолдо калат. 66-б.

1174. Тууган күйдүрүп айтат, душман сүйдүрүп айтат. 66-б.

1175. Жакын досуңа ат коюп сына. 66-б.

1176. Досуң баягыдай эмес, бар болсо аягыдай эмес. 66-б.

1177. Түшкө не кирбейт, душман не дебейт. 66-б.

1178. Бири жаман бир жакшы ар кайда бар, эки жакшы баш кошор күн кайда бар. 66-б.

1179. Көз коркок, кол баатыр. 66-б.

1180. Коркконго кош көрүнөт, кошогу менен беш көрүнөт. 66-б.

1181. Билбеген киши уу ичет. 66-б.

1182. Келген журттан көчө элек, келин аты өчө элек. 66-б.

1183. Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет. 66-б.

№1319. 1184. Көптү көргөн көнөктүн түбүн тешкен. 67-б.

1185. Жаман айтпай, жакшы жок. 67-б.

1186. Миң ооз бириксе, бир ооз тек турат. 67-б.

1187. Улуу сөздө уят жок. 67-б.

1188. Мактаган жеткирет, чаккан өлтүрөт. 67-б.

1189. Асыранды баланы айылчы катын чыгарат. 67-б.

1190. Атадан уул туумак керек, ата жолун куумак керек. 67-б.

1191. Бала, баланын иши чала. 67-б.

1192. Бала ыйлабай, эмчек жок. 67-б.

1193. Болор кулун желеде болкуйт, болор бала бешикте болкуйт. 67-б.

1194. Кичик чоңоёт, кийиз созулат. 67-б.

1195. Жылкыны жыландай уул багат. 67-б.

1196. Карысаң мендей бол, казылган кара көрдөй бол. 67-б.

1197. Катын төркүнү төрдөн кайтат, эр төркүнү эшиктен кайтат. 67-б.

1198. Керегем, сага айтам, келиним, сен ук, уугум, сага айтам, уулум, сен ук. 67-б.

1199. Кыз – конок. 67-б.

1200. Кыздуу киши кыр ашат. 67-б.

1201. Кыз жаманы – кыроо, келин жаманы – кетпес балаа, уул жаманы – уйгак. 67-б.

1202. Сүт менен бүткөн адат сөөк менен кетет. 67-б.

1203. Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт. 67-б.

№1320. 1204. Жеримде жейрен сакал бий элем, эми саткан кул болдум. (чийдин сөзү) 68-б.

1205. Эрдигиң бар, эсиң жок, эчтеке менен ишиң жок. 68-б.

1206. Жаздыктан өлгөн – жаманат, жоодон өлгөн – салтанат. 68-б.

1207. Ит менен жеген аш кустурбай койбойт. 68-б.

1208. Аталуу уул, кожолуу кул. 68-б.

1209. Тирүүдө сыйы болбосо, өлгөндө ыйы болбойт. 68-б.

1210. Эсиңе алсаң, эски сүрүңдөн сактабас белең. 68-б.

1211. Күлү додо болбоо жаман. 68-б.

1212. Куюшканга кыпчылган тезектей болуу. 68-б.

1213. Төрө тогоол болуп турат. 68-б.

1214. Карга көргөнүн чокуйт, молдо билгенин окуйт. 68-б.

1215. Эр колунан куш тойбойт. 68-б.

1216. Шылуун эпчил, жетим кекчил. 68-б.

1217. Ат качаган болгон соң, аштан-тойдон калган соң, болуп-болбой не пайда. 68-б.

1218. Туубаган бээнин байтал аты калбайт, туубаган катындын келин аты калбайт. 68-б.

1219. Катын алганча, кайын ал. 68-б.

1220. Катын эринен кетсе да, элинен кетпейт. 68-б.

1221. Саткан малың айылыңда болбосун, ажырашкан катын элиңде болбосун. 68-б.

№1321. 1222. Күйгөн катын кошокчу болот. 69-б.

1223. Өтө кызыл бат оңот, өпкө кызыл кеч оңот. 69-б.

1224. Сурап ичкен суу ичкен, тартып өпкөн жел өпкөн. 69-б.

1225. Көөнү жоктун сүйүшү. 69-б.

1226. Таздын көөнү жок болсо, кыздын көөнү жок бекен. 69-б.

1227. Көздүү мончок жерде калбайт. 69-б.

1228. Катын калса, эр табат, бала калса, мал табат, кайран жаның не табат. 69-б.

1229. Эже кийген тонду сиңди киет. 69-б.

1230. Эри өлсө, эрге тиймек – элдин адаты, эрин таштап эрге тийген – беттин карасы. 69-б.

1231. Эрте турган адамдын насибеси артык. 69-б.

1232. Шакары бар, май жок, мендей муңдуу бар бекен. 69-б.

1233. Эки чокуп, бир кара. (сагызгандын баласына айтканы) 69-б.

1234. Туу куйруктун тунук суу, тулпар чурап өткөн жок, атаң – Мекке, энең – нур, эч кызматың жеткен жок, кызматы жеткен эрендер Меккеден алыс кеткен жок. 69-б.

1235. Ашыккан кыз эрге жетпейт, этек-жеңи жерге жетпейт. 69-б.

№1322. 1236. Билек бирге болсо, манжа башка. 70-б.

1237. Өз өлтүрбөйт, жат жарытпайт. 70-б.

1238. Катыны менен урушкан кайынына салам бербейт. 70-б.

1239. Атты арыганда көр, эрди карыганда көр. 70-б.

1240. Оозу менен орок оруп, буту менен машак терет. 70-б.

1241. Молдо молдону көрсө, котур эчкидей жөөлөшөт. 70-б.

1242. Бирөө өлүп жатат, бирөө күлүп жатат. 70-б.

1243. Кары билет кааданы, карчыга илет сонону. 70-б.

1244. Тек сурамак сүннөттөн, нарк сурамак келбеттен. 70-б.

1245. Соодада достук жок, саламда борчтук жок. 70-б.

1246. Алтыга алып, бирге сат, атың болсун соодагер. 70-б.

1247. Ала болсоң, алдырарсың. 70-б.

1248. Оору батмандап түшүп, мыскалдап чыгат. 70-б.

1249. Оору кайда болсо, жан ошол жерде. 70-б.
1250. Алын билбеген алек. 70-б.
1251. Өлбөгөн киши алтын аяктан суу ичет. 70-б.
1252. Өлгөндүн артынан кошо өлмөк жок. 70-б.
№1323. 1253. Өткөн өмүр – качкан куш, кайра келбейт ал кайтып. 71-б.
1254. Өлбөгөн адам көрүшөт. 71-б.
1255. Тирүүдө сыйлашпаган өлгөндө ыйлашпайт. 71-б.
1256. Туулдум, өлдүм. 71-б.
1257. Уйку – жарым өлүм. 71-б.
1258. Өлмөйүнчө ырыскы түгөнбөйт. 71-б.
1259. Жакшыда кек жок, жетим кызда сеп жок. 71-б.
1260. Моюнунан байлаган ит ууга жарабайт. 71-б.
1261. Акылдуу отту карайт, акмак казанды карайт. 71-б.
1262. Ит тойгон жеринде. 71-б.
1263. Жакшы атка бир камчы, жаман атка миң камчы. 71-б.
1264. Кымыз – кишинин каны, эт – кишинин жаны, токоч – тоют, жарма – оокат. 71-б.
1265. Тобокелде кайгы жок. 71-б.
1266. Жаман эрден мал тайса, жаздыктан башын көтөрбөйт. 71-б.
1267. Жамандын жан досу көп, жанына пайдасы жок. 71-б.
1268. Жамандын киймин кийсең, тойдо же айтта доолайт. 71-б.
1269. Жаман болбой, жакшы болбойт. 71-б.
№1324. 1270. Бир сырдуу, кырк кырдуу болуш керек. 72-б.
1271. Көрүнгөн тоонун ыраагы жок. 72-б.
1272. Кесирдүүдөн келте оорудай сөз чыгат. 72-б.
1273. Он эки аякка бир каруу. 72-б.
1274. Чоку барда мал жокпу, чогулуп арак ичели. 72-б.
1275. Ушакчынын үйү күйөт. 72-б.
1276. Багы жоктун баары жок. 72-б.
1277. Жазакер катын жаткыча таяк жейт. 72-б.
1278. Ооруда чан-чуу жаман, сөздө каңкуу жаман. 72-б.
1279. Мал таштан катыкка, боктон сасыкка бүтөт. 72-б.
1280. Куру кайрат баш айырат. 72-б.
1281. Камчы кайраттуу болсо, катын уяттуу болот. 72-б.
1282. Теминген сайын бир боорсок. 72-б.
1283. Ак көңүл киши мурун айткандын тилине кирет. 72-б.
1284. Эр энөө болот. 72-б.

1285. Ат сыйлабаган киши да сыйлабайт. 72-б.

1286. Билимдүү миң балаадан кутулат, билимсиз миң балаага тутулат. 72-б.

1287. Өзүңдү эр ойлосоң, өзгөнү шер ойло. 72-б.

1288. Шылтоого шыноо. 72-б.

1289. Үркөр үйдөн көрүнсө, үч ай токсон кышың бар. 72-б.

№1325. 1271 *(Эскертүү:Кол жазмада № 1290 эмес, №1271 коюлуп калгандыктан биз аны сактадык – И. С.)*. Журт арасын атанын арам сийдик уулу бузат. 73-б.

1272. Кайда көрдүм кара эшек, жолдо көрдүм жоор эшек. 73-б.

1273. Кекиргени кээ болот. 73-б.

1274. Чырпык өзүн тал ойлойт, чымчык өзүн куш ойлойт, кемер өзүн жар ойлойт, акмак өзүн эр ойлойт. 73-б.

1275. Бербестин ашы бышпас. 73-б.

1276. Эртеңки куйруктан бүгүнкү өпкө. 73-б.

1277. Нанбай өлүп жатса, наны коюнунан чыгат. 73-б.

1278. Козусунда тойбогон токтусунда түрткөнүн койбойт. 73-б.

1279. Беш колду оозго салса, береке кетет. 73-б.

1280. Жору тарпка конот. 73-б.

1281. Чымын майга конот. 73-б.

1282. Жалгаса, жамгыр, каргаса, кар жаайт. 73-б.

1283. Ыңырчагынан ээри көп, ырсаңдаган жээни көп, кара малдан төөсү көп, кажырдай болгон күйөөсү көп. 73-б.

1284. Күн ачык күнү эчки жардын боорына чыгып алып, койго карап: «Мен – шаа мүйүз, таш кулатайынбы», - деп коркутуптур. Жаан жааганда: «Кой аке, колтугуңду ач», - деп жалыныптыр. 73-б.

№1326. 1285. Бирөөнүн тоогун жесең, каз байла, малын жесең, кыз байла. 74-б.

1286. Иче турган ашыңа какырба да, түкүрбө. 74-б.

1287. Мурун туулуп, кийин калган, мурунтугу жерде калган. 74-б.

1288. Бөрү жок десе, бөрк алдынан, ууру жок десе, жар алдынан. 74-б.

1289. Көлөкөгө тон бычпа. 74-б.

1290. Согумуң чүйгүн чыкса, ичиңден тын. 74-б.

1291. Алдырган анасынын коюнун ачат. 74-б.

1292. Тили таттуунун боору катуу. 74-б.

1293. Тетиги аял ултаң сурап келе жатат, сен тосуп туруп шири сура. 74-б.

1294. Алдын алып чычырканак менен мурдун корооло. 74-б.

1295. Сыйыр сыйлаганды билбейт. 74-б.

1296. Качканды атпай, кууганды ат. 74-б.

1297. Өлүп тапкан баламды өрдөк чокуп жок кылды. 74-б.

1298. Кара укмушта *(укмуш да –Н. Ө.)* бар бекен, кары кулак укпай кал, тирүү *(тири – Н. Ө.)* укмушта *(укмуш да –Н. Ө.)* бар бекен, тирүү кулак укпай кал. 74-б.

1299. Таарыныч айтканда чыгат. 74-б.

1300. Тапканды ит жеп, арканы бит жеп. 74-б.

№1327. 1301. Сийдиги булут айланды. 75-б.

1302. Өйдө тартса, өгүз өлөт, ылдый тартса, араба сынат. 75-б.

1303. Кудаңа тартпа, тууралыктан айрылба. 75-б.

1304. Мурдунун суусу жетти го. 75-б.

1305. Боорутка жүнү боорунда, чырымтал жүнү бетинде. 75-б.

1306. Жардымын десең, доочу койбойт, жалгызмын десең, ажал койбойт. 75-б.

1307. Мандалакка башым бышып, жоогазынга ишим түштү беле. 75-б.

1308. Жоонун малы жашык татыбайт. 75-б.

1309. Сомдогон соку моюндуу, бок сасыган коюндуу, аны алган жигиттин эки көзү оюлду. 75-б.

1310. Саратан жардан куласа, чаң асманга чыкпайбы, оттон казан жыгылса, күл асманга чыкпайбы. 75-б.

1311. Сабасын бишкеги менен көтөрүптүр. 75-б.

1312. Жеке өтүктүү жете албай, соор (*соору- Н. Ө.)* өтүктүү бата албай. 75-б.

1313. Өлөр уйдун көзү жаман. 75-б.

1314. Жандуудан балык чоң, жаны жоктон камыш чоң. 75-б.

№1328. 1315. Уй сойсоң, үч күнү үйүңдөн кач, жылкы сойсоң, үйүңө үч күнү баса жат. 76-б.

1316. Дөөлөтүңө да ишенбе, мээнетиңе да ишенбе. 76-б.

1317. Эришине жараша аркагы. 76-б.

1318. Оюндан от чыгат. 76-б.

1319. Уруш десе, уугун, кериш десе, керегесин ала чуркайт. 76-б.

1320. Кандын коюнунда калтырап жаткыча, кулдун коюнунда кутуруп жат. 76-б.

1321. Кеткен келип, кемтик толуп. 76-б.

1322. Ойноп айттым деп, оюндагысын айтат. 76-б.

1323. Мылтык деген жан деген, мылтыктан кийин өл деген. 76-б.

1324. Жерине карай жыланы сойлойт. 76-б.

1325. Балык жеген багышпайт, бейили кеткен беришпейт. 76-б.

1326. Терек бир орунда тамырлайт. 76-б.

1327. Эки тоонун башын самаган түлкү ачка өлөт. 76-б.

1328. Анда бол, мында бол, аш ичерде пайда бол. 76-б.

1329. Кыштын кыштайы, кыздын кыздайы жакшы. 76-б.

№1329. 1330. Орус араба менен коён уулайт. 77-б.

1331. Тилинде мөөрү, тишинде сөөлү бар, каргышы ката кетпейт. 77-б.

1332. Сөөлдүн пайдалуу дегенин (ин)-? И. С.) улактуу эчкилик зыяны бар. 77-б.

1333. Ынсапсыз колу менен алып, буту менен шилеп, көзү менен ымдайт. 77-б.

1334. Жумурунда уузу жок өмүрүндө тойдум дебейт. 77-б.

1335. Түбү тууган түтө албайт. 77-б.

1336. Сулуулуктан жылуулук артык. 77-б.

1337. Эртеңки ишке эшек кайгырыптыр. 77-б.

1338. Калмактын журту кайрыкер. 77-б.

1339. Кара саба көрөңгө казакта калган турбайбы, куу бишкекти куу кыргыз суура качкан турбайбы. 77-б.

1340. Суук сөз тууганга да жакпайт. 77-б.

1341. Бок жесең, күрөгүңдү байлана жүр. 77-б.

1342. Ит итаягын жалабай алымсынбайт. 77-б.

1343. Ар ким өз үйүндө кан. 77-б.

1344. Жолоочунун бий экенин ким билет, кул экенин ким билет. 77-б.

1345. Өзөктөн күйгөн өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман. 77-б.

№1330. 1346. Алтындын зери учурат. 78-б.

1347. Кийимдин да бийи, кулу болот. 78-б.

1348. Сындууболсун өтүгүм, сыздатпасын бутумду. 78-б.

1349. Ушу жарык дүнүйө устаранын мизиндей оодарылат күнүгө. 78-б.

1350. Кайың эмес, тал эмес, арча чалыш, кыргыз эмес, сарт эмес, калча чалыш. 78-б.

1351. Уйку менен тамакта ар жок. 78-б.

1352. Баш жарылса, бөрк ичинде, кол сынса, жең ичинде. 78-б.

1353. Көтөнү бөлөктү көктөсө болбойт, жатыны бөлөктү жамаса болбойт. 78-б.

1354. Түтүнү башканын түйшүгү башка. 78-б.

1355. Жандуунун жайы башка. 78-б.

1356. Курч бычак менен кескендей иш жакшы. 78-б.

1357. Чылбыр чайноо иш жаман. 78-б.

1358. Садаганы ден соолукта. 78-б.

1359. Чымчып жесе да, тамакка пайда, чырым этсе да, көзгө пайда. 78-б.

1360. Кашаң өрдөк мурда учат. 78-б.

1361. Ырысы жоктун ырымы күч. 78-б.

1362. Бирөөнүн көзүндө болот, бирөөнүн сөзүндө болот. 78-б.

1363. Куш кармаймын деп жүрүп, жалгыз койду жеп жүрүп, куш кармаган кушуң жок, же бүткөргөн ишиң жок. 78-б.

№1331. 1364. Кыздын көзү кызылда. 79-б.

1365. Сопунун иши асанда, соргоктун көөнү казанда. Молдонун көөнү өлүмдө, бакшынын көөнү көрүмдө. Кийиктин көөнү бийикте, мергендин көөнү кийикте. 79-б.

1366. Энеңдин баткакта жатканын айтып келгенге сүйүн. (бала атасына айтканы) 79-б.

1367. Бою бокор, үнү жокор. 79-б.

1368. Бою бир карыш, сакалы эки карыш. 79-б.

1369. Уулдун уулу, улактын шыйрагы. 79-б.

1370. Жергелеген боткок баш, жер куруткан түйдөк баш. 79-б.

1371. Чоң болуп тоо болбойт, көп болуп чөп болбойт. 79-б.

1372. Байтал жуушап, балдар уктасын. 79-б.

1373. Калк ордунда, кан тактасында. 79-б.

1374. Кой үстүнө торгой жумурткалаган заман. 79-б.

1375. Чыйкандан жаман оору жок, аны сурар киши жок. 79-б.

1376. Жол азабы, көр азабы. 79-б.

1377. Мурутун сылап, сакалын алат. 79-б.

№1332. 1378. Жууруп там кылган, сайып бак кылган. 80-б.

1379. Сылап сакал, сыйпап мурут чыгарган. 80-б.

1380. Келеңкер соргок куудулдукка салып тоёт. 80-б.

1381. Мал башка бүтөт, эңилчек ташка бүтөт. 80-б.

1382. Самаркандан шамал болду десе, Самарканды жоо чапты дейт. 80-б.

1383. Жакшы ит өлүгүн көргөзбөйт. 80-б.

1384. Жакшы төөнүн мурду жырылбайт. 80-б.

1385. Казаны жок кайдак, катыны жок бойдок. 80-б.

1386. Көпкөнү көтүнөн чыгат. 80-б.

1387. Жакшы менен жүргөн жарыйт, жаман менен жүргөн убай менен карыйт. 80-б.

1388. Аккулага бир сын. 80-б.

1389. Жумур башта нелер жок. 80-б.

1390. Какыраган сайда өскөн, каада билбей кайда өскөн, уят билбей кайда өскөн. . 80-б.

1391. Кызыл өңгөч кекиртек, кыйла жерге секиртет. 80-б.

1392. Көлөкөдөгү көк күчүк арабаны мен сүйрөп бара жатам дейт. 80-б.

1393. Керегени басып көктөгөндөй иш болуптур. 80-б.

1394. Өз кылганың өзүңө, өйдө карап түкүрсөң, кайтып түшөт жүзүңө. 80-б.

1395. Ит жалдаган сууга кетет. 80-б.

№1333. 1396. Көчүгү бир эле тутам. (колунан иш келбейт маанисинде) 81-б.

1397. Сийдиги күл тешпейт. (колунан иш келбейт, чабал, алы начар маанисинде) 81-б.

1398. Балалуу көткө бармагыңды катпа. 81-б.

1399. Эркектин ак көңүлү жарды болот, ургаачынын ак көңүлү сураса бергич болот. 81-б.

1400. Эчки өзү тууй албай жатып, койго аначы кирет. 81-б.

1401. Эртеңкинин эрте-кечи жок. 81-б.

1402. Көрүнгөн тоонун ыраагы жок. 81-б.

1403. Байге аты караандаш. 81-б.

1404. Пайгамбар барына азыр. 81-б.

1405. Олуяга чырак, улукка тамак. 81-б.

1406. Эки кочкордун башы бир казанга кайнабайт. 81-б.

1407. Эки нар жөөлөшсө, ортосунда кашка чымын кырылат. 81-б.

1408. Чычкан ийнине кире албай жатып, куйругуна калбыр байлайт. 81-б.

1409. Карында камчы жеген, курсакта куугунтук жеген. 81-б.

1410. Чыгашалуу малга ээси баш. 81-б.

1411. Алдырар күнү жаздырар. 81-б.

№1334. 1412. Чылпагын аарчыймын деп көзүн чукуйт. 82-б.

1413. Чымынды дөө кылба, бетиңди көө кылба. 82-б.

1414. Шок болсоң, жок болорсуң. 82-б.

1415. Үй тикпес жерди шыпырба, үн жетпес жерге кыйкырба. 82-б.

1416. Беймаал чакырган тооктун башын жул. 82-б.

1417. Узаткандын жолдоштукка катары жок. 82-б.

1418. Эпчил кебез менен мууздагандай иш кылат. 82-б.

1419. Олдоксон төөнү жаза муштайт. 82-б.

1420. Тоолуу жер аңсыз болбойт, көчмөн эл малсыз болбойт. 82-б.

1421. Чычканга кебек алдырбайт. 82-б.

1422. Эсиң кетсе, эчки бак. 82-б.

1423. Эрегиштен эр өлөт, кагылыштан кан өлөт. 82-б.

1424. Чечен менен чебер көпкө орток. 82-б.

1425. Уйку төшөк тандабайт. 82-б.

1426. Уйкудагы жыландын куйругун баспа. 82-б.

1427. Тоок түшүндө таруу көрөт. 82-б.

1428. Тамак үчүн көктөгү куш торго түшөт. 82-б.

№1335. 1429. Тулпардын изи жоголбойт, акылман чечендин сөзү жоголбойт, арамзанын иши эгерим оңолбойт. 83-б.

1430. Суу менен ойносоң, чөгөрсүң, от менен ойносоң, күйөрсүң. 83-б.

1431. Күмүш үйлүү кыз чоң алачыктагы кайын атасынан үмүт кылат. 83-б.

1432. Тил албасты жумшагыча, тына-тына өзүң бар. 83-б.

1433. Талаадагыны үйгө болжобо. 83-б.

1434. Тойгонуңа сүйүнбө, сиңерин ойло. 83-б.

1435. Айдын он беши караңгы, он беши жарык, темирдин бир башы ысык, бир башы суук. 83-б.

1436. Көл тойгондо чайпалат. 83-б.

1437. Түгөнөр уй түгүн жейт, андан кийин жанын жейт. 83-б.

1438. Өзүң бычак, өзүң касап. 83-б.

1439. Кыска жип күрмөөгө жарабайт. 83-б.

1440. Көч жүрө-жүрө оңолот. 83-б.

1441. Санаа жетсе, ой жетпейт. 83-б.

1442. Санаа күлүк, изи жок. 83-б.

1443. Сакадай бою сары алтын. 83-б.

1444. Сөздү чын токтотот, сууну таш токтотот. 83-б.

№1336. 1445. Караптаган карга таш чокуйт. 84-б.

1446. Ачуусу келген чакчыгай өгүздүн терисин айыра чокуптур. 84-б.

1447. Өң көрсө, жүз таят. 84-б.

1448. Күзгү муздун калактайынан качпа, жазгы муздун жардайынан кач. 84-б.

1449. Кумурсканын уюгун көөлөбө. 84-б.

1450. Күлүп кирип, күңгүрөнүп чыккандан түңүл. 84-б.

1451. Колго карга чычат. 84-б.

1452. Орду жок сөзгө ооз ачпа. 84-б.

1453. Отун албаганга от жактырба. 84-б.

1454. Ооруп турдум, ойноп турдум. 84-б.

1455. Ооруп айыккан баш берсин, өлүп көбөйгөн мал берсин. 84-б.

1456. Кирери эл, чыгары жоо. 84-б.

1457. Орточолук озот, катуулук тозот. 84-б.

1458. Сатарсың мактаарсың, аларсың кордоорсуң. 84-б.

1459. Дем кыял, дем кыялда кем кыял. 84-б.

1460. Башы жоктун баары жок. 84-б.

1461. Сыпайы сырын жашырбайт. 84-б.

1462. Күнү күйүшкөн жоо, абысын аңдышкан жоо. 84-б.

1463. Такымчылдын такымы куруйт. 84-б.

1464. Ар бир ишти жеринен сүрөө маакул. 84-б.

1465. Асан кайгы киши өз үйүнө жек көрүндү болот. 84-б.

1466. Кой оозунан чөп албас жоош. 84-б.

№1337. 1467. Барын айтам деп баарын айтат. 85-б.

1468. Опсуздун оюну жаман энесин көткө саят. 85-б.

1469. Ынсапсыз төөнү жүгү менен, каманды түгү менен аймайт. 85-б.

1470. Колуң менен иштебей, оозуң менен орок орбо. 85-б.

1471. Миң ооз бир болсо, бир ооз тек турат. 85-б.

1472. Кошоматка кой, өкүл кызга тай соёт. 85-б.

1473. Эчкинин миң күнү көчүгү көрүнгөнү билинбей, койдун бир күнү көчүгү көрүнгөнү айтылат. 85-б.

1474. Өз боюңа сакыт бол, коңшуңду ууру тутпа. 85-б.

1475. Кумурскага тузак коёт. 85-б.

1476. Ичердин ырысын ичпес кыркат. 85-б.

1477. Кежир келген бактыны качырат. 85-б.

1478. Кемтиксиз киши жок. 85-б.

1479. Кеченин тилин энеси билет. 85-б.

1480. Жойбурланган – анык душман. 85-б.

1481. Каласа кар күйөт. 85-б.
1482. Астабырылданын казаны, акырын кайнап тез бышат. 85-б.
1483. Жолоочуну ээрчип ит өлөт. 85-б.
1484. Жооштон жоон чыгат. 85-б.
№1338. 1485. Жакшысы өлсө, баарыөлөт, жаманы өлсө, бири өлөт. 86-б.
1486. Жүктү нар көтөрөт, кыйынчылыкты эр көтөрөт. 86-б.
1487. Жетим киндигин өзү кесет. 86-б.
1488. Булут ала, жер чоло. 86-б.
1489. Бура сүйлөгөн күлөргө жакшы. 86-б.
1490. Кийиз кимдики болсо, билек ошонуку. 86-б.
1491. Киши жаманы кирип-чыкканча билинет, өзүнүн жаманы өлгөнчө билинбейт. 86-б.
1492. Киреrди ойлоордон мурун чыгарыңды ойло. 86-б.
1493. Бөрк ал десе, баш кесет. 86-б.
1494. Кудагыйдын куту бар, куйругунда жыты бар. 86-б.
1495. Орус, орус келгени оңолду конуш. 86-б.
1496. Өнөр алды – кызыл тил. 86-б.
1497. Сылап сакал, сыйпап мурут чыгарып, адам катарына коштум эле. 86-б.
1498. Багы жоктун баары жок. 86-б.
1499. Күч атасын жыгат. 86-б.
1500. Бышарына күйүп, чыгарарына күйбөө болбойт. 86-б.
1501. Уйдун куймулчагына келгенде бычак сындырба. 86-б.
№1339. 1502. Кулак укканды көз көрөт. 87-б.
1503. Көздөн кетет, жүрөктөн кетпейт. 87-б.
1504. Сөздүн сандыгы – көңүл. 87-б.
1505. Куурайдын чогу жок, суунун тогу жок. 87-б.
1506. Кербен кечет, ит үрөт. 87-б.
1507. Тоосу бийик кийиктин көзү кызыл. 87-б.
1508. Көңүлү туура келсе – көл, туура келбесе – чөл. 87-б.
1509. Жамандын таламын талашам деп, жакшы менен араз болбо. 87-б.
1510. Ишиң оңолгуча, итиңе кош арт. 87-б.
1511. Көп чабыттаган куш торго түшөт. 87-б.
1512. Дайыны жок достун кереги жок. 87-б.
1513. Качсаң, чач. 87-б.
1514. Кунажын көзүн сүзсө, бука жибин үзөт. 87-б.
1515. Оозу күйгөн чебердеп ууртайт. 87-б.

1516. Кара куш канча кыраан болсо да, бүркүттөн өтпөйт. 87-б.
1517. Кудайдын күнү таруудан көп болсо да, иш бүтпөйт. 87-б.
1518. Кудай тозсоң да, тебетейиңе салып бербейт. 87-б.
1519. Көөнү жоктун көт бериши. 87-б.
№1340. 1520. Жардыны жашырып кыйнайт. 88-б.
1521. Бечарага жөтөлдүн пайдасы эмне. 88-б.
1522. Байга балаа барбы. 88-б.
1523. Бергенди кудай жакшы көрөт. 88-б.
1524. Кесип алса, кан чыкпас. 88-б.
1525. Түз ийгиден түңүлбө. 88-б.
1526. Көп биригип Ажаанды кармаптыр. 88-б.
1527. Сартка сапыраңдын кадыры жок, моңолдорго эмчектин кадыры жок. 88-б.
1528. Чырайды чылап ичпейт. 88-б.
1529. Жаны жай алып, жамбашы май алып. 88-б.
1530. Отолотсо отолотсо экен, отолотпосо торпогумду кайтарат элем. 88-б.
1531. Бул элди кара көпөлөк айдады. 88-б.
1532. Эттин жарасы бүтөт, көңүлдүн жарасы бүтпөйт. 88-б.
1533. Өңү кара болсо да, өзү сара. 88-б.
1534. Кымыз адамдын каны, эт адамдын жаны, токоч тоют, жарма оокат. 88-б.
1535. Кыргыз үй айлангыча, сарт там айлангыча. 88-б.
1536. Ит бок жебесе, башы оорйт. 88-б.
1537. Малга мал, адамга адам окшош. 88-б.
1538. Эр коңураттан жер коңурат өтүптүр, ана катындан бала катын өтүптүр. 88-б.
1539. Суук сөз тууганга да жакпайт. 88-б.
1540. Жакшы келик болот, жүк көтөргөн көлүк болот. 88-б.
№1341. 1541. Жаман чарылдак болот, кабаган иттей арылдаак болот. 89-б.
1542. Угар кулак, көрөр көз. 89-б.
1543. Кайын эненин камырынан. 89-б.
1544. Керкисине карай сабы. 89-б.
1545. Баланын аптисине карай ат кой. 89-б.
1546. Айта албаган ооздон чыча албаган көт ийги. 89-б.
1547. Дүнүйө оомалуу, төкмөлүү. 89-б.

1548. Кудай кулум десе, Маамбет *(Мукамбет – Н. Ө.)* үмөтүм дебей турган көтү барбы? 89-б.

1549. Жетесинде жокту жетелесе да болбойт. 89-б.

1550. Пайгамбардын көзүн көргөн кузгун го. 89-б.

1551. Адамдын көзү өлгөндө топуракка тоёт. 89-б.

1552. Улукман жашка, Карымбай малга тойбогон. 89-б.

1553. Тотукуш бутун көрүп корунат, куйругун көрүп сыланат. 89-б.

1554. Жалгыз баш жаман аш, эки башка тезек аш. 89-б.

1555. Ыбы кыз, табын тапса, күндө кыз, табын таппаса, мээлейиң алып көтүң кыс. 89-б.

1556. Жаман ит ыркырап буттан алат, жаман катын аркырап беттен алат. 89-б.

1557. Төө канча болсо, жүк ошончо. 89-б.

№1342. 1558. Дүнүйөнүн түбүнө дүмпөкү какбаш жетиптир. 90-б.

1559. Баш ичеби, баштык ичеби. 90-б.

1560. Өткөн күндө белги жок, салып койгон тамга жок. 90-б.

1561. Көчкүдөн сагызган гана кутулат. 90-б.

1562. Байына шилтеп кулу жеп, кулуна шилтеп байы жеп. 90-б.

1563. Өтө кызыл бат оңот, өпкө кызыл кеч оңот. 90-б.

1564. Коркконго кош көрүнөт, кошогу менен беш көрүнөт. 90-б.

1565. Байы чоңдун кулу чоң. 90-б.

1566. Уялбаган киши буюрбаган аш ичет. 90-б.

1567. Атанын уулу азарында бакшы болот. 90-б.

1568. Кайда барса, таш тараза тең. 90-б.

1569. Катын эрден табат, эр пирден табат. 90-б.

1570. Теминген сайын бир боорсок. 90-б.

1571. Сарттын ашына күйгүчө, атаңдын башына күй. 90-б.

1572. Казан ашын жакшы башкара албай иттен көрөт, көйнөгүн жакшы күтө албай биттен көрөт. 90-б.

1573. Тапканын ит жеп, аркасын бит жеп. 90-б.

1574. Башы бапан, аягы сапан. 90-б.

1575. Ичип берүүчүгө ченеп берүүчү бар. 90-б.

№1343. 1576. Кол колду билет, ат жолду билет. 91-б.

1577. Түн бир, ууру миң. 91-б.

1578. Билек бирге болсо да, манжа башка. 91-б.

1579. Беш колду оозго салса, береке кетет. 91-б.

1580. Ар ким өзүнө жакканын кылат. 91-б.

1581. Өгүз өлбөгүдөй, инек соолбогудай болсун. 91-б.

1582. Колу байлуу болгон. 91-б.

1583. Ай жүр, аман жүр. 91-б.

1584. Жакшыны отко салса, ойноп турат, күлгө салса, күлүп турат. 91-б.

1585. Күндүн жаманы кетет, кишинин жаманы кетпейт. 91-б.

1586. Оозу менен орок оруп, буту менен машак терет. 91-б.

1587. Тирүүгө да мал керек, өлгөнгө да мал керек. 91-б.

1588. Сийдиги булут айланды. 91-б.

1589. Ыдыраңдагы кушчуга опуза кылсак, күн жайлаганын коёр бекен. 91-б.

1590. Күңдү коёт эркине, күндө чычат бөркүнө. 91-б.

1591. Сары короолу чөптүн башына конуп олтуруп чалкалап алып асманды мен токтотуп турам деп айтыптыр. 91-б.

1592. Бөрү сууну шалпылдатып, кой кечкен суу экен дептир. 91-б. №1344. 1593. Кудай кылды куш кылды, курган эрге туш кылды. 92-б.

1594. Эсиң барда этегиңди жап. 92-б.

1595. Күтүн, күтүнбөсөң, көтүңө кирет түтүн. 92-б.

1596. Кан менен энчисин бирге жыйган ээр, токумун көтөрүп бош калат. 92-б.

1597. Мурдунун суусу жетиптир. 92-б.

1598. Аяк кишини жылкыга салса, кагылып орто болот, орто кагылып баш болот, жылкынын зери бар. 92-б.

1599. Алтындын зери учурат. 92-б.

1600. Көптү көргөн, көнөктүн түбүн тешкен. 92-б.

1601. Кесип алса, кан чыкпас. 92-б.

1602. Уулдун уулу, улактын шыйрагы. 92-б.

1603. Уругумдун уругу, богумдун куругу. 92-б.

1604. Аганын баласы алкымга чыккан жоо, ининин баласы ийинге чыккан жоо. 92-б.

1605. Киши чоңоёт, кийиз созулат. 92-б.

1606. Мындан ары эмчек кара таш болобу. 92-б.

1607. Менменсингендин тобосу жүрбөйт. 92-б.

1608. Жоон болсоң, кап курсак дейт, ничке болсоң жылан жуткан жип курсак дейт. 92-б.

1609. Жыгылсаң, сынды дейт, сынсаң. өлдү дейт, ач болсоң, бере албайт, ток болсоң, көрө албайт. 92-б.

№1345. 1610. Тама, тама көл болот. 93-б.

1611. Такыялуу башка далай иш. 93-б.

1612. Көздүн жашы көкүрөктүн дарты, жетимдин акы, теңирдин огу. 93-б.

1613. Ачуу шайтан, акыл дос, акылыңа акыл кош. 93-б.

1614. Көктүн суусу көп айлык, көп мактанса, бир айлык. 93-б.

1615. Адамга кылган жакшылык айда тийген ай эмес, күндө тийген күн эмес. 93-б.

1616. Чегирткенин алын көрүп канын сор. 93-б.

1617. Алына карай шүгүр, оорусуна карай түкүр. 93-б.

1618. Алдырар күнү жаздырар. 93-б.

1619. Конок тойбодум дебейт, сойбодуң дейт. 93-б.

1620. Учук, учуктун түбү бучук. 93-б.

1621. Жүйөлүү сөз жүлүнгө тиет. 93-б.

1622. Тууган ай, туураган эт. 93-б.

1623. Өлүм көз ирмегиче, кабак менен каштын ортосунда. 93-б.

1624. Бөдөнө бөлтөйүп, кыргоол кымпыйып, тоодак да томпоюп, мындай жаткыла, эки сартка бир тартар, бир саны бизге артар. 93-б.

1625. Киши десем, сарт экен. 93-б.

№1346. 1626. Адамдын убадалуу сөзү өлгөнү – өзү өлгөнү. 94-б.

1627. Жардынын үйүнө коёндун жарты кулагы батпаптыр. 94-б.

1628. Калк ордунда, кан тактасында. 94-б.

1629. Журтту жалгасын, журт ичинде бечара бизди жалгасын. 94-б.

1630. Кызыл кишиде уят жок. 94-б.

1631. Өтөгөнүн териси өзү жүрүп ий болот, өтөгөң кимге бий болот. 94-б.

1632. Жакшы болчу азамат жатып алып бий болот, жаманболчу азамат качып жүрүп ий болот. 94-б.

1633. Ит кулагын кескенге үйүр. 94-б.

1634. Өксүбөгөн кандын бир татым тузу кемиптир. 94-б.

1635. Уруулуу журт – уялуу жыгач. 94-б.

1636. Атан төө мас болсо, тайлак төө менен дос болот. 94-б.

1637. Жалгаса, жамгыр, каргаса, кар жаайт. 94-б.

1638. Журт – темир талкуу. 94-б.

1639. Кудайдын ме деген үнү угулбайт, берген колу көрүнбөйт. 94-б.

1640. Кудай берейин десе, казынасы кенен. 94-б.

1641. Кудайдын бергенин билбей, урганда билет. 94-б.

1642. Эки ой бир көөдөнгө сыйбайт. 94-б.
№1347. 1643. Каймактан күйгөн ооз сүткө да күйөт. 95-б.
1644. Бозодогу сөз бокко турбайт. 95-б.
1645. Жел чыкпаса, жан чыгат. 95-б.
1646. Кыргыздын сорпосу кырк жылда ооз күйгүзөт. 95-б.
1647. Үйдүн чоңу – жут, казандын чоңу – кут. 95-б.
1648. Жабуулуу кара инген зайыптан чыгат. 95-б.
1649. Козусунда тойбогон токтусунда да уңгучулугун койбойт. 95-б.
1650. Алдаса болот жаш башты, канетсе болот как башты. 95-б.
1651. Таңда күнү таң атар, саамал ичер күн тубар. 95-б.
1652. Угар кулак, көрөр көз. 95-б.
1653. Көзүм көрбөсө, көтүмдү бөрү жесин. 95-б.
1654. Кара калмак, катуу душман. 95-б.
1655. Жок ишке соку издетпе. 95-б.
1656. Жаңылбас – бир кудай, жазбас –кара жер. 95-б.
1657. Дабаан ашырат, дарыя кечирет. 95-б.
1658. Ырыскы, ника кайып. 95-б.
1659. Маарасыктын коргондо калган даадысы. 95-б.
1660. Эки чокуп, бир кара. 95-б.
1661. Эр деп этегинен, нар деп буйласынан кармайт. 95-б.
№1348. 1662. Атаныкы балага. 96-б.
1663. Эрге келет бир кезек, жерге келет бир кезек. 96-б.
1664. Карышкырдын ажалы көтү күйүк иттен. 96-б.
1665. Кудай кылса, тоо күл болот, токой талаа болот. 96-б.
1666. Болбогонго болушпа. 96-б.
1667. Алманын көгүнөн богу, жамандын барынан жогу. 96-б.
1668. Алма быш, оозума түш. 96-б.
1669. Чырымтал жүнү бетинде, боорутка жүнү боорунда. 96-б.
1670. Жаактууга жай бербес, жайдак атка бой бербес. 96-б.
1671. Тогуз катар торко менен үшүп отурам, көңдөй көт кантти экен. (шилби сөңгөк куурайды айтканы) 96-б.
1672. Кетмен чапкан нанын жейт, ууру кылган жанын жейт. 96-б.
1673. Туу кандагандыктан тууган деген. 96-б.
1674. Кызыл короз - кый короз кырманда экен, кыз албаган боз балдар арманда экен. 96-б.
1675. Кою бирге короолош, эгиндери ороолош. 96-б.
1676. Ат табылса да, ээр, токум табылмагы кыйын. 96-б.

1677. Жолдо тамактын оордугу жок. 96-б.
№1349. 1678. Күндүк жолго чыксаң, айлык азык ал. 97-б.
1679. Шалтуруктун шайы жок, камдуунун алы көп. 97-б.
1680. Үч күнү конок, үч күндөн кийин жомок. 97-б.
1681. Булду *(пулду – Н. Ө.)* берсең, сүткө бер. (сүт кайнап ташыганда өзүбектин айтканы) 97-б.
1682. Кандан калкалуу шаар калыптыр. 97-б.
1683. Конгон жериңе коргон сал, түнөгөн жериңе түркүк орнот. 97-б.
1684. Көчпөй, конбой каралуу катын жоголот. 97-б.
1685. Бу жүрүшүң койбосоң, көчпөй көлүк өлтүрдүң, бу күлүшүң койбосоң, үйгө жыйын толтурдуң. 97-б.
1686. Саргара жортсоң, кызара бөртөсүң. 97-б.
1687. Ат ээсин тапты, катын эрин тапты. 97-б.
1688. Жатканым – капшыт, укканым – какшык, ичкеним – сары суу, кулагым – чуру-чуу. (күндүн сөзү) 97-б.
1689. А. . . бар, не камым бар. (жаман катындын сөзү) 97-б.
1690. Кыргыздын атасын эт өлтүргөн. 97-б.
1691. Сарт бышырсын, кыргыз туурасын, казак ашасын. 97-б.
1692. Ак көрпө жайыл, аты элге дайын. 97-б.
1693. Тамагын тартпаган таттуусунан айрылат. (кыргыз ооруганда көпчүлүгү суу ичет, ошого байланыштуу айтылган) 97-б.
№1350. 1694. Кыргыз кыл ичет, сарт топо ичет. 98-б.
1695. Эрегишсең, энеңди ал. 98-б.
1696. Эткени эм. 98-б.
1697. Сөзүндө ырыс болбосо, эткени эм болбойт. 98-б.
1698. Журтка жек көрүнгөндү кудай да жек көрөт. 98-б.
1699. Пенденин оозунан чыкса, периштенин кулагына аян болот. 98-б.
1700. Шарак-шурак делбе кыяк. 98-б.
1701. Таза десе, жиндидей, жинди десе, тазадай. 98-б.
1702. Жака, жең алты карыш, жаңылбаңар, жеңелер. 98-б.
1703. Кел, кели бар адамдын дөөлөт куш конот башына, кеткен душман дос болуп, кайта келет кашына. Кет, кети бар адамдын дөөлөт куш учат башынан, жан жолдошу баарысы токтобой кетет кашынан. 98-б.
1704. Урайын десе кудайың, уулуң душман жудайын, кызың салар кыйынга, кебиң өтпөй жыйынга. Келиниң чыгар кер айтып, кемпириң жыгар тырайтып, жат бутуңду сырайтып, жамбы берген жакыныңың, жакшылык кылбайт кылайтып. 98-б.

1705. Көптү көргөн, көнөктүн түбүн тешкен. 98-б.
№1351. 1706. Көрбөгөн ногой журт беле. 99-б.
1707. Ат арытып мине элек, ат кадырын биле элек, тон тоздуруп кие элек, тон кадырын биле элек. 99-б.
1708. Аңдышкан айыл болбойт, эсептешкен коңшу болбойт. 99-б.
1709. Келме кезек, терме тезек. 99-б.
1710. Олпок салганга олпок сал, талпак салганга талпак сал. 99-б.
1711. Сыйга сыр, сырага бал. 99-б.
1712. Түтүнү башканын түйшүгү башка. 99-б.
1713. Жандуунун жаны башка. 99-б.
1714. Көйнөгү бөлөктүн көөнү бөлөк, чапаны бөлөктүн санаасы бөлөк. 99-б.
1715. Кулдун аты кул экен, куюшканы жип экен. 99-б.
1716. Мен карымын , карымын, көптү көргөн сарымын, Бөдөнөтөй, Бөргөлтөй муну көргөн карымын, саганатай, саргалтай аны көргөн карымын. 99-б.
1717. Мытандан калган буламык ичейин деген ашым эмес, токсон беш сени көрөйүн деген жашым эмес. 99-б.
1718. Эки кокуй, бир налат, эми муну ким алат. 99-б.
1719. Аламын деп алдага калыптыр. 99-б.
№1352. 1720. Таш койгон ташын алат, кыш койгон кышын алат. 100-б.
1721. Урганыңдан тап бергениң өттү. 100-б.
1722. Башка тийсе, өлдүк, көчүккө тийсе, көтөрүлүп бир учтук. (бөдөнөнүн сөзү) 100-б.
1723. Ал, ал деп отуруп, алты сарт өлүптүр. 100-б.
1724. Сыйга сый, сырага бал. 100-б.
1725. Төө көрдүңбү, маёо, бээ көрдүңбү, маёо. 100-б.
1726. Көрдүң бердиң, урдуң өлдүң. 100-б.
1727. Катын арак ичкени болбогону, бала арак ичкени оңбогону, андай үйгө сыймыктын конбогону. 100-б.
1728. Жаман түшүңдү жалаярга жору. 100-б.
1729. Жалган куранда жалама айран, бугуда буксуган кымыз, текеде телмирген кымыз. 100-б.
1730. Казысына бөлөнүп, картасына жөлөнүп. 100-б.
1731. Бак карабай, кыдыр даарыбайт. 100-б.
1732. Сөөк өчтү жоо агарышпайт. 100-б.
1733. Унутчаак өзүн унутат. 100-б.

1734. Атын минип жүрүп издептир. 100-б.

1735. Балдын сөзүнө ишенбе, балсызда жүрбө. 100-б.

1736. Төлгөгө да ишенишет. 100-б.

1737. Кыздуу үйдө кыякчы, кымыздуу үйдө аякчы. 100-б. №1353. 1738. Ак көрпө жайыл, аты элге дайын. (аял) 101-б.

1739. Жалчы жумшаган жарыбайт, кул жумшаган куруйт. 101-б.

1740. Көпкөнү көтүнөн чыгат. 101-б.

1741. Изин санагандан жакшылык келбейт. 101-б.

1742. Эт көрбөгөнгө өпкө таңсык. 101-б.

1743. Көйнөктүн кирин жууса кетет, көңүлдүн кирин айтса кетет. 101-б.

1744. Улууну аке де, кичүүнү үкө де. 101-б.

1745. Кекти капырга берген. 101-б.

1746. Жакшыда кек жок, жаманда эп жок. 101-б.

1747. Жакшы жүк көтөргөн лөк болот, жамандын жароосуз иши көп болот. 101-б.

1748. Жакшынын сөзү жатык болот, жамандын сөзү кычык болот. 101-б.

1749. Жакшы элпек болот, жамандын колунда келтек болот. 101-б.

1750. Бою келтенин ою келте. 101-б.

1751. Төө кыядан чыккан соң, өкүнүчтөн не пайда. 101-б.

1752. Оттой орокчу, суудай каракчы. 101-б.

1753. Жалт бергени жылкыдай, мант бергени түлкүдөй. 101-б.

1754. Өз ээсине көтөн күч. 101-б.

1756. Атамдын өлөрүн билсем, бир табак кебекке сатпайт белем. 101-б. №1354. 1757. Желгенимди жел билет, конгонумду кокту-кокту жер билет. (камгактын сөзү) 102-б.

1758. Шокодойдун бүркүтүндөй теминет. 102-б.

1759. Караңгынын көзү жок, жамандын кулакка сыяр сөзү жок. 102-б.

1760. Уулу жоктун мууну жок. 102-б.

1761. Сасык байдын куну жок. 102-б.

1762. Оосурбаса, жыт кайдан чыгат. 102-б.

1763. Жок жамандыкты моюнга алба, сасык сан байланба. 102-б.

1764. Тууган менен жамандашып топурак салышпа. 102-б.

1765. Жаман айыл болгонун милдет кылат. 102-б.

1766. Көрсө күрөөкөсү күбүлбөйт. 102-б.

1767. Беш камчы кимде болсо, береке ошондо. 102-б.

1768. Түлкү ийинининин түбүн карап үрбөсө, котур болот. 102-б.

1769. Доодон тийгенин ал. 102-б.

1770. Жетимдин сүйгөн ашын ким берет. 102-б.

1771. Тегин жаткан текемди сенин эчкиң ала кетти. 102-б.

1772. Кечтим байдын кызынан. 102-б.

1773. Өлө, тирил, Боку бийдин кызын ал. 102-б.

№1355. 1774. Кой Байбото калбаңды, куйба катын жармаңды. 103-б.

1775. Байботонун ойсоң кыз, бу жоругуң койсоң кыз, бу жоругуң койбосоң, камчы тиет мойнуңа, кан шорголойт койнуңа. 103-б.

1776. Мындан жаманымда тойго баргамын. 103-б.

1777. Суламада сууга кеткен малым. 103-б.

1778. Залимдер жыланча арбайт, момундар зарлайт. 103-б.

1779. Илгеркинин жакшысы элдин-журттун камын жейт, эмдигинин жакшысы өзүнүн кара жанын жейт. 103-б.

1780. Жакшы атты ууга мин, жаман атты буйга мин, түнөп калган уйга мин. 103-б.

1781. Буйга минген төөсү бар, чабаганчы жөөсү бар. Саманын көрдөй чаптаган, чокоюн кер тору аттай таптаган. 103-б. Эскертүү:Кашкар, Какшал территориясы таш менен капталган жана шамаал кой (?) *(шамалкөй – Н. Ө.)* тоолуу болгондуктан, андагы кыргыз уруулары дайыма чокой тартынып, колуна таяк алып, алда канча кырларды жөө баса берет. Саманын ороо казып көмөт. Көбүнчө төө минет.

№1356. 1781. Уурусу күч болсо, ээси өлөт. 104-б. *(Эскертүү: кол жазмада №1781 эки жолу коюлуп калган. – И. С.)*.

1782. Согумдун башы, чечемдин ашы. 104-б.

1783. Акылдуу отко карайт, Акылсыз казанга карайт. 104-б.

1784. Жол болгондо мол болот. 104-б.

1785. Эккен эгинимди көрөм, баракор *(паракор – Н. Ө.)* бийди көмөм. 104-б.

1786. Болду, болду кыз, үйдүн ичи толду кыз, эми бербе кудай кыз, эми кудай алба кыз! Кара болсо, болсун, карап олтурган ал жаман, тору болсо, болсун, томсоруп олтурган ал жаман. 104-б.

1787. Эл эскирткен – калк карыткан карылар. 104-б.

1788. Улак маарап суу кечет, тумалак жетим болгон соң, ыйлап-сыктап күн өтөт. 104-б.

1789. Өлбөстүн күнүн көрүп, өчпөстүн отун жагат. 104-б.

1790. Ынсапсыз ыймanына камчы урат. 104-б.

1791. Какшыкчылдын түбү какшыйт. 104-б.

1792. Жакшылык жакшылык менен кайтпайт. 104-б.

1793. Ишиң оңолгуча этиңе кош арт. 104-б.

1794. Өз өлтүрбөйт, жат жарытпайт. 104-б.

1795. Алтын ээр ак кабак, ат жоорутар болгон соң, алтынын алып отко жак, айланар тууган болбосо, арсаңдап күлүп жатка жак. Күмүш ээр ак кабак, ат жоорутар болгон соң, күмүшүн алып отко жак, күйүшөр тууган болбосо, күлүмсүрөп жатка жак. 104-105-бб.

№1357. 1796. Канжыганын катканын каптал билбей ат билет, азаматтын азганын тууган билбей жат билет. 105-б.

1797. Байда *(пайда – Н. Ө.)* тапкан жериңе балпаңда да жүргүнүң, залал тапкан жериңден кылчаңда да качкының. 105-б.

1798. Ач капыр, ач капырдан кач капыр. 105-б.

1799. Тантык сөз жарыштырба. 105-б.

1800. Сабасына карай бишкеги, мурутуна карай искеги. 105-б.

1801. Мусулманчылык акырындык менен. 105-б.

1802. Айгыр баатыр үйрүндө, арам баатыр үйүндө. 105-б.

1803. Ар кимде бар кыял, ал кыялды ким тыяр. 105-б.

1804. Бутунан мүдүрүлгөн турат, оозунан мүдүрүлгөн турбайт. 105-б.

1805. Жарма берсең, суюк бер, сийгелектеп өлсүн чөн чөй чал, төшөк салсаң, талпак сал, тайгаланып өлсүн чөн чөй чал. 105-б.

1806. Жаман аңыртка чабат. 105-б.

1807. Чычкан көчүгүн көрүп аксайт. 105-б.

№1358. 1808. Кары десең, кары де, калы дебе бейбакты, эски десең, эски де, эсер дебе бейбакты. 106-б.

1809. Кекиликче атыңды чакырба. 106-б.

1810. Жерден чыккан жек, суудан чыккан сук. 106-б.

1811. Бекер киши таз болобу. 106-б.

1812. Кандын каары жаман, жыландын заары жаман. 106-б.

1813. Бүтөр ишке сааттуу аралжы болот. 106-б.

1814. Кесирлүүдөн кез бою кач. 106-б.

1815. Жалакордон жаа бою кач. 106-б.

1816. Үндөгөндүн үйүнө бар, үйдөй бети карарсын, дагынкысын дагы бар, дагы бети карарсын. 106-б.

1817. Ушакчыдан узак кач. 106-б.

1818. Чала доорук болбосун, чал жыгылып калбасын. 106-б.

1819. Чала доорук болбосун, чал жыгылып калбасын. 106-б.

1820. Катынды эрке сактаган кан Шырдак сенден кезесин, үйүнө балалуу жолборс бактырган Тооке кан сенден кезесин. 106-б.

1821. Ач болсоң алда де, тойсоң тобо кыл. 106-б.

1822. Алооке деген кан чыккан, айбатынан жан чыккан. 106-б.

1823. Таанысаң Тынайыңмын, тааныбасаң кудайыңмын. 106-б.

№1359. 1824. Меңмурат, меңмуратты ким урат. 107-б.

1825. Кулак укса, курсак кайнайт. 107-б.

1826. Бир күнү укмуш укпаса, кулак дүлөй болот. 107-б.

1827. Чычкан көчүгүн көрүп аксайт. 107-б.

1828. Акыр заман болордо айткан киши келет. 107-б.

1829. Түшүнөн чочуган түлөө кылат. 107-б.

1830. Капты чындай, аксакты тыңдай кылат. 107-б.

1831. Жүгү оогон оңолбойт. 107-б.

1832. Күбөлүү иш ташка тамга баскандай. 107-б.

1833. Сокур тоом жол, бара-бара даңгыр жол. 107-б.

1834. Он эки койдун териси ойлоп бычса, тон болот. (чоркок аялдын сөзү) 107-б.

1835. Кара беттин бир кылганы жеткендир. 107-б.

1836. Ойлобогон оосурган танадай болот. 107-б.

1837. Күчтүү болдум, күрөктөй алтын көтөрдүм. (кумурска) 107-б.

1838. Тууган күйдүрүп айтат, душман күлдүрүп айтат. 107-б.

1839. Бузулган элге бучуктан бий. 107-б.

1840. Жаманчылыкта үч аяк ичкен үч күнү мурун , эки аяк ичкен эки күнү мурун өлүп, бир аяк ичкен жыл көрөт. 107-б.

1841. Кабагына кар жаап, мурутуна муз тоңуп. 107-б.

1842. Коюнда жатып, катындан жаман душман жок. 107-б.

1843. Эркек менен оң караса, оң караса жүзү, сол караса соорусу ысык. 107-б.

№1360. 1844. Жылкы менен катындын көкүрөгүнөн көтөрүп, көчүгүнөн баса мин. 108-б.

1845. Эки ногойдун айрылышындай болушту. 108-б.

1846. Жемелесе жерге кирбеген, көтөрмөлөсө көккө учпаган көтөрүңкү көк чолок деген болуптур. 108-б.

1847. Кумурска бел, куурай сан, курган эрге жолугат. 108-б.

1848. Боору ооруса боорго тебет. 108-б.

1849. Эгин бер дейт, эгин берсе, капка салып бер дейт, капка салып берсе, артып бер дейт, артып берсе, аяктап кой дейт, аяктаса, төшкө тебет. 108-б.

1850. Сарттын аты жемкор болсо, добуранын түбүн тешет. 108-б.

1851. Эр башына не келбейт. 108-б.

1852. Тоорумду бирге тооруштук, качан көңүл ооруштук. Чалгынды бирге чалыштык, качан көңүл калыштык. 108-б.

1853. Жокчулук эрди жоботот. 108-б.

1854. Бергенди кудай жакшы көрөт. 108-б.

№1361. 1855. Берип берен болгуча, бербей сараң бол. 109-б.

1856. Колу менен берип, аягы менен суу болот. 109-б.

1857. Жокчулдун түбү жок болот, жаман сөз сөөктү жарган ок болот. 109-б.

1858. Бөрүгө кой кайтартпа. 109-б.

1859. Быламыкка тиш сынат, кыламыкка бут сынат. 109-б.

1860. Булбулдун үнүн укпай, жайкалып талаа ачылбайт. Күкүктүн үнүн укпай, күн чайыттай ачылбайт. Күйүт тарткан кишинин күндө арманы басылбайт. 109-б.

1861. Далилсиз сөз бүркөлгөн күндөй. 109-б.

1862. Дүлөй ооз караса, сокур тыңшайт. 109-б.

1863. Дүлөйгө салам айтса, эмне дейт. 109-б.

1864. Жазында сайга, кышында кырга конбо. 109-б.

1865. Жакшынын сөзү – ташка баскан тамга. 109-б.

1866. Эринчектин *(эринчээктин – Н. Ө.)* шылтоосу көп. 109-б.

1867. Жаман ит күндүз үрөт. 109-б.

1868. Жан кейибей, иш бүтпөйт. 109-б.

1869. Талпынбай, тилекке жетпейт. 109-б.

1870. Жардылыгын жашырган байыбайт, жалгыздыгын жашырган көбөйбөйт. 109-б.

1871. Жарма, жарма болсо да карма. 109-б.

№1362. 1872. Шамал менен жарышпа, көлөкөнү кууба. 110-б.

1873. Көлөкөгө тон бычпа. 110-б.

1874. Жоого барсаң баарың бар, доого барсаң бириң бар. 110-б.

1875. Жооштон жоон чыгат. 110-б.

1876. Жүктү лөк көтөрөт, мээнетти эр көтөрөт. 110-б.

1877. Жүрөктүн сырын көз билгизет. 110-б.

1878. Ийибеген эмчек болбойт. 110-б.

1879. Байыркынын алпы көп, алпынын толгон калпы көп. 110-б.

1880. Жылкынын ачуусу кулагынан, иттин ачуусу куйругунан билинет. 110-б.

1881. Алтын жерде калбайт, жакшылык талаада калбайт. 110-б.
1882. Казаны бөлөктүн камы бөлөк. 110-б.
1883. Кайтып кире турган эшикти катуу жаппа. 110-б.
1884. Каражолтой башына келген таалайды качырат. 110-б.
1885. Кекиртектен өткөндүн баары тамак. 110-б.
1886. Кеми жок киши болбойт, кемери жок жер болбойт. 110-б.
1887. Жөнү жок жойбурланганды душман де. 110-б.
1888. Кирбей туруп, чыгарыңды ойло. 110-б.
№1363. 1889. Айга кол сунба, момунга чоңсунба. 111-б.
1890. Өзүнөн мурун коноктун атын сыйла. 111-б.
1891. Ээсин сыйласаң итине сөөк сал. 111-б.
1892. Колдогу алтындын баркы жок. 111-б.
1893. Аксак кой кечинде маарайт. 111-б.
1894. Көрүнбөгөн көздөн жардын тешиги артык. 111-б.
1895. Чечендин сөзү, чебердин колу орток. 111-б.
1896. Байды кудай урарда конок келсе жашынат, атты кудай урарда аягынан басынат. 111-б.
1897. Жарыбагандын кызын жалчыбаган алыптыр, экөө биригип журтта калыптыр. 111-б.
1898. Эрдигиңди эр болсоң сатпа. 111-б.
1899. Тилде сөөк жок, кандай сүйлөсө бара берет. 111-б.
1900. Эрге ишенбе, эки колуңа ишен. 111-б.
1901. Эрте чыкса, алдыдан күн чыгат, кеч чыкса, алдыдан түн чыгат. 111-б.
1902. Суу тили жок жоо. 111-б.
1903. Эт чокубас куш болбойт, эки жакшы туш болбойт. 111-б.
1904. Эшиктен кирип, төр меники дейт, жолдон келип, тон меники дейт. 111-б.
1905. Омурткасын оркойтуп, орокчу болот кембагал, кабыргасын каркайтып, каруулуу болот кембагал. 111-б.
1906. Набайчы нанын айтат, мал баккан малын айтат. 111-б.
№1364. 1907. Жаман ой жүрөгүн тешпеген, башынан жаманчылык кетпеген. 112-б.
1908. Чымын тийген төөгө Ойсул ата не керек. 112-б.
1909. Ыйкы-тыйкы болсоң, чачыларсың. 112-б.
1910. Аша тентек, ар качан тиет башына келтек. 112-б.
1911. Акыл тоону бузат, баатыр жоону бузат. 112-б.

1912. Арачачыга алты таяк. 112-б.
1913. Отуз уулум болгуча, оосурак чалым болсочу. 112-б.
1914. Акыл чоңдо болсо төөдө, сакалда болсо текеде. 112-б.
1915. Түлкүнүн адамдан бир эле амалы кем. 112-б.
1916. Чок кармагандын колу күйөт. 112-б.
1917. Өпкө, өпкө жетет көпкө. 112-б.
1918. Ойнош оттон ысык, калса, боктон сасык. 112-б.
1819. Балыкка тил киргизип, дөңгөчкө жан салып отурат. 112-б.
1820. Кыска жип күрмөөгө келбейт. 112-б.
1821. Кумурсканын уюгуна жыгач салба. 112-б.
1822. Колунан келбегендин оозунда маскарасы бар. 112-б.
1823. Эби жоктун кеби жок. 112-б.
1824. Кара көңүл, чорт кыял карматпаган азоо. 112-б.
1825. Өзүңдү эр ойлосоң, өзгөнү шер ойло. 112-б.
1826. Мурун чыккан кулактан кийин чыккан мүйүз озуптур. 112-б.
1827. Оңко ойногон көбүнөн ажырайт, топ ойногон баарынан ажырайт. 112-б.
№1365. 1828. Санаа жеткенге кол жетпейт. 113-б.
1829. Сокурга күн, түн бирдей. 113-б.
1830. Тойгонуңа кубанба, сиңерин ойло. 113-б.
1831. Чыккан сынгандан жаман. 113-б.
1832. Тулпардын изи жоголбойт, арамзанын иши оңолбойт. 113-б.
1833. Сөөктүн бир учу майлуу, бир учу кандуу. 113-б.
1834. Суу менен ойносоң, чөгөрсүң, от менен ойносоң, күйөрсүң. 113-б.
1835. Сараңга конгуча, молого кон. 113-б.
1836. Барыңа мактанба, жокко шашпа. 113-б.
1837. Бээ десе, төө дебе. 113-б.
1838. Оосурактын башында от күйөт. 113-б.
1839. Сөз маанисин билбеген сөздү өзүнө келтирет. 113-б.
1840. Сартпыз, сартта (*сартда- Н. Ө.)* болсо*,* бир уруу журтпуз. 113-б.
1841. Жаныңа ким күйсө, жандай досуң ошол. 113-б.
1842. Күчтүү күчөсө, күчүнө келет, күчү жок күчөнсө, бели сынат. 113-б.
1843. Көп бергендин өзү билет, аз бергендин көөнү билет. 113-б.
1844. Обужок сөзгө ооз ачпа. 113-б.

1845. Эт экен деп жебегин, алалы арамдан, малы бар деп сураба кан чыкпаган сараңдан. 113-б.

1846. Тишиңди жашырба, тилиңди чыгарарсың. 113-б.

1847. Оозуна алы келбеген оңколойт. 113-б.

1848. Ойлонгон иш оңколотпойт. 113-б.

1949. Кесирдүү кесепетке кабылат. 113-б.

№1366. 1950. Тиши кетик болсо да, көңүлү тетик, өү кары болсо да көңүлү жарык. 114-б.

1951. Жакшы жаңылса, өзүн жемелейт, жаман жаңылса, жолдошун жемелейт. 114-б.

1952. Тогуз толгоо бир келсе, аргаңдын кеткени. 114-б.

1953. Тогуз черик тону менен батпайт, бир чоңбагыш бутун тырмалап жатпайт: Кашкар территориясы таштак эң болгондуктан андагы чоң багыш уруусу дайыма шири чокой киет, ощого карата айтылган. 114-б.

1954. Көрдү бердиң, урдуң өлдүң. 114-б.

1955. Билгизбеген бийден сулуу. 114-б.

1956. Эдигенин байталы, эптеп минип кайталы. 114-б.

1957. Андан ага , мындан буга тийип жаны кайда калат. 114-б.

1958. Бала, баланын иши чала. 114-б.

1959. Тил болоттон курч. 114-б.

1960. Тилден бал да, уу да тамат. 114-б.

1961. Көчтүң, өчтүң. 114-б.

1962. Жакшы катын – кенч. 114-б.

1963. Канаттууга кактырбай, камчылууга чаптырбай. 114-б.

1964. Боору ооруса боорго тебет. 114-б.

1965. Тон сактаган киет, ат сактаган минет. 114-б.

№1367. 1966. Ый менен күлкү шерик. 115-б.

1967. Тилинин заары, бетинин чаары. 115-б.

1968. Тозокко үйрөнгөн от чачып ойнойт. 115-б.

1969. Сокур ит аксак түлкүдөн үмүт кылат. 115-б.

1970. Төрдө орун болсо, эшикке отурба. 115-б.

1971. Сактансаң, соо каларсың, сактыкка кордук жок. 115-б.

1972. Сабырдуу тоодой балаадан кутулат. 115-б.

1973. Өтүкчүнүн өтүгүнүн такасы жок, уз зайыптын күйөөсүнүн жакасы жок. 115-б.

1974. Өлгөндү тууган жеңет, жоону кууган жеңет. 115-б.

1975. Ырыс алды ынтымак, эринчекке *(эринчээкке – Н. Ө.)* конбос бак. 115-б.

1976. Өлгөнгө өкүнбө, жетпести кууба. 115-б.

1977. Өгүздүн өлгөн жерине өкүр. 115-б.

1978. *(актай калган. – И. С.)*

1979. Тамак үчүн асмандагы куш торго түшөт. 115-б.

1980. Түндөгү түлкү, бүгүнкү күлкү. 115-б.

1981. Билбес, билгендин тилин албас. 115-б.

1982. Ооруп турдум, ойноп турдум. 115-б.

1983. Аргимдин *(Ар кимдин – Н. Ө.)* колуна карга чычат. 115-б.

1984. Жакшы ата алысты жакын кылат. 115-б.

1985. Мал башка садага. 115-б.

1986. Миңди илдиргиче бирди жире. 115-б.

№1368. 1987. Ашыккан ууру ачка өлөт. 116-б.

1988. Адам ачтан өлбөйт, ардан өлөт. 116-б.

1989. Акмакка айткан сөз аккан суудай. 116-б.

1990. Акыл – тозбогон тон, билим – түгөнбөгөн кенч. 116-б.

1991. Малга ишенбе, өнөргө ишен. 116-б.

1992. Билими бар миң балаадан кутулат. 116-б.

1993. Билимсиз миң балаага тутулат. 116-б.

1994. Билген миңди башкарат, билбеген өзүнүн жөнүн билбейт. 116-б.

1995. Бөрү койго тойбойт, адам ойго тойбойт. 116-б.

1996. Жакшынын сөзү таш эритет, жамандын сөзү баш чиритет. 116-б.

1997. Жакшыны сөз өлтүрөт, жаманды таяк өлтүрөт. 116-б.

1998. Сөз сөздөн чыгат, сүйлөбөсө, кайдан чыгат. 116-б.

1999. Кандектин карылыгы билинбейт. 116-б.

2000. Ит тумшугуна суу жеткенде суучул болот. 116-б.

2001. Жакшылык жолдо калбайт, асыл таш жерде калбайт. 116-б.

2002. Күлүк күнүндө, тулпар тушунда. 116-б.

2003. Токойлуу жер аңсыз болбойт, кыргыз малсыз болбойт. 116-б.

№1369. 2004. Жабулуу *(жабылуу – Н. Ө.)* аяк жабулуу *(жабылуу – Н. Ө.)* бойдон калды. 117-б.

2005. Жамандын жер өрттөп аты чыгыптыр. 117-б.

2006. Алты ооз бир болсо, бир ооз тек турат. 117-б.

2007. Бечел турса, жер өрттөйт. 117-б.

2008. Отун – олжо, суук – кордук. 117-б.

2009. Сууга жакын кудайга жакын. 117-б.

2010. Сөздүн алдында кароолу, артында чыңгоолу бар. 117-б.

2011. Түңүлбөгөн ч. . . м, түндө жатып үч турат. 117-б.

2012. Кыштын кыштайы жакшы, кыздын кыздайы жакшы. 117-б.

2013. Жакшыдан жаман туулса – чыгаша, жамандан жакшы туулса – киреше. 117-б.

2014. Тейиттер эми тоюптур, тоюп уурусун коюптур. 117-б.

2015. Багыштын богун жеген ит кутурат. (Сары багыш уруусунан чыккан манаптар чектен тыш мыкачы болуп, көрүнгөнгө уусун чачып өрттөгөндүктөн айтылган лакап.) 117-б.

2016. Кабанын аты качса, кармаба. 117-б.

2017. Жоолук болсо да жолго. 117-б.

2018. Бербестин ашы бышпас. 117-б.

2019. Жеңил барып, оор кел, жегениңден ала кел. 117-б.

2020. Улууну аке, кичүүнү үкө де. 117-б.

2021. Иттин теңи бит. 117-б.

№1370. 2022. Бекер ашка доочу, белен кызга жуучу. 118-б.

2023. Атам, энем бар болсун, оозу-мурду жок болсун. 118-б.

2024. Музоо муз жалайт, торпок тоз жалайт. 118-б.

2025. Молдо жокто молдосуң, молдо барда жолдосуң. 118-б.

2026. Жамап кий, жалап ич. 118-б.

2027. Эл ичинде эл жүрөт, эт ичинде курт жүрөт. 118-б.

2028. Башы жок бака, көзү жок көгөөн. 118-б.

2029. Кара укмушта бар бекен, карыган кулак укпай кал, тири укмушта бар бекен, тирүү кулак укпай кал. 118-б.

2030. Жап көтүнө жабагы, жалынса дале баягы. 118-б.

2031. Ырдап айтам ырымды, иймандай *(ыймандай – Н. Ө.)* айтам сырымды. 118-б.

2032. Өлүм кабак менен каштын ортосунда. 118-б.

2033. Энеме ишенип, эрсиз калдым. 118-б.

2034. Оозу карага да жетерсиң, оозуңду ачыпта *(ачып да – Н. Ө.)* турарсың. 118-б.

2035. Тешик ооз тек турбайт. 118-б.

2036. Кесип алса, кан чыкпайт. 118-б.

2037. Чындап ыйласа, сокур көздөн жаш чыгат. 118-б.

2038. Үйү жакын иттин куйругу узун. 118-б.

2039. Тили таттуу, боору катуу. 118-б.

2040. Өлүп-өлүп аз калып, эки бирдей таз калып. 118-б.

2041. Эркек бала шок болсун, шок болбосо жок болсун. 118-б.

2042. Тогуз сарт бир ороого сиет. 118-б.

№1371. 2043. Чала жорго жол бузар, чала молдо дин бузар. 119-б.

2044. Сарттын аты жемкор болсо, добуранын түбүн тешет. 119-б.

2045. Кеп келгенде кеп айтпаса, кептин атасы өлөт. 119-б.

2046. Эр карып эшек түшөбөйт, катын карып пакта *(пахта – Н. Ө.)* түшөбөйт. 119-б.

2047. Көйнөгү бөлөктүн көөнү бөлөк, чапаны бөлөктүн санаасы бөлөк. 119-б.

2048. Күн тийгендин чоросу. 119-б.

2049. Баатыр көтү жик-жик. 119-б.

2050. Ачта жеген куйкаңды токто унутпа. 119-б.

2051. Өзүнүн башындагы төөнү көрбөй, кишинин башындагы чөптү көрөт. 119-б.

2052. Жардымын десең доочуң койбойт, жалгызмын десең кудайың койбойт. 119-б.

2053. Күлгөнгө күлө жетет, артынан куба жетет. 119-б.

№1372. 2054. Сиңер жерге суу сал, угар кишиге сөз айт. 120-б.

2055. Өлөр-өлбөс жаны менен, өпкө-жүрөк саны менен. 120-б.

2056. Эрдик кылып кой союп, иттик кылып төш тартып. 120-б.

2057. Уйдун куймулчагына келгенде бычак сындыруу болбойт. 120-б.

Эскертүү: Бул макал, ылакаптардын бирин да башка бирөөлөрдөн сурабастан, өзүм гана эскерип жаздым.

- -

121-беттен башталган кол жазманы 1961-жылдын февраль, март айларында жаздым.

Абдрахманов И.

№1373. 2058. Сөөккө бычак сатпа. 121-б.

2059. Айда айыл, жылда коңшу болбойт. 121-б.

2060. Аттан түштү, жоо өлдү. 121-б.

2061. Тепме адал иш болду. 121-б.

2062. Үч бүлөсө бокко өтпөс. 121-б.

2063. Кан кашына барганда кан кеспеген тилимди, бек кашына барганда бек кеспеген тилимди, от кашына келгенде итке берсин күнүмдү. 121-б.

2064. Көчөгөн төрө журтун түгөтөт. 121-б.

2065. Кайдан келдим найманга, каада билбес айбанга. Кайдан келдим конокко тил билбеген нонокко. 121-б.

2066. Төө *(төө – Н. Ө.)* көрбөгөн жүктөп өлтүрөт, катын көрбөгөн уруп өлтүрөт. 121-б.

2067. Жашында үйрөнбөгөн карыганда үйрөнбөйт. 121-б.

2068. Эл ичинде нелер жок, эгиз токту мага жок. Журт ичинде нелер жок, шумурай токту мага жок. 121-б.

2069. Аке деген көөнгө жакшы. 121-б.

2070. Көсөөнү үйгө кийирбе, көтүн жерге тийирбе. 121-б.

2071. Жесир, жесирде болот кесир. 121-б.

2072. Кереги тийсе, тереги жыгылат. 121-б.

№1374. 2073. Керек жокту таптырат. 122-б.

2074. Өң көрсө, жүз таят. 122-б.

2075. Бирөөнүн бүлөсүн кеп кылба, башыңа келет. 122-б.

2076. Куттуу үйдөн куру чыгылбайт. 122-б.

2077. Жыланга да ак чачылат. 122-б.

2078. Ашың болбосо, кашың жокпу. 122-б.

2079. Жолоочунун үзөнгүсү алты кабат. 122-б.

2080. Темене тартып, төө алат. 122-б.

2081. Бүлүнгөндөн бүлдүргө алба. 122-б.

2082. Кыргый кыба кандырат, турумтай кунан, тайды курутат. 122-б.

2083. Бүтүн басыстын намысын чолок уйлуу Айталай талашкан. 122-б.

2084. Энеге жакын – кыз, этке жакын – туз. 122-б.

2085. Бербегенди берип уялт. 122-б.

2086. Ак буудай салып өндүрөт, ар жорукка көндүрөт. 122-б.

2087. Ала таба каш жаман, ынтымаксыз баш жаман. 122-б.

2088. Тобо тирүүлүктө, жан ооруган жерде. 122-б.

2089. Ала канат кищи аңыртка чабат. 122-б.

2090. Сыпайы сырын жашырбайт. 122-б.

2091. Уй мурдун сасык деп кесип таштабайт. 122-б.

2092. Ат арыбас болсочу, эр карыбас болсочу. 123-б.

2093. Уйку – жарым өлүк. 123-б.

2094. Бербес жооп өзүмдөн болсун дейт. 123-б.

2095. Анда бол, мында бол, аш ичерде пайда бол. 123-б.

2096. Жарды жакага жайлайт, жалгыз эчкисин мойнунан байлайт. 123-б.

2097. Омурткасын оркойтуп, орокчу болот кембагал, кабыргасын каркайтып, карұлуу *(карылуу/каруулуу – Н. Ө.)* болот кембагал. Көк аштыкты көп оруп, көнүп калат кембагал, көтөрүлүп келгенде өлүп калат кембагал. 123-б.

2098. Тирүүлүктө мал керек, өлүмүлүк тирүү мал өлгөндөн кийин не керек. 123-б.

2099. Мылтык менен окууга карылык жок. 123-б.

2100. Бала калса, мал табат, катын калса, эр табат, кайран башың не табат. 123-б.

2101. Бала болсун мал менен, аргымак болсун жал менен, ар ким ишин кылбайбы, өзүнө туштук ал менен. 123-б.

№1375. 2102. Кедейдин кекиргени кээ, оосурганы шум болот. 124-б.

2103. Кун алган куруйт, кун берген жарыйт. 124-б.

2104. Тоонун бөрүсү, токойдун каракчысы көп. 124-б.

2105. Сарттын суусу сатылуу. 124-б.

2106. Кыргыздыкы кырк жылда. 124-б.

2107. Жаранын оозу ачылса, ырбайт, ырчынын оозу ачылса, ырдайт. 124-б.

2108. Айлаш катын муңдаш. 124-б.

2109. Эрдин малы эрде жүрсүн, эриккенде колго тийсин. 124-б.

2110. Топурак бел, шыбак бел, күйөө жатар жер экен. 124-б.

2111. Иши оңолордун чүкөсү алчы конот. 124-б.

2112. Жетим жетилет, жергеге кошулат. 124-б.

2113. Кичик чоңоёт, кийиз созулат. 124-б.

2114. Көсөөнүн акылы түштөн кийин. 124-б.

2115. Орозодо көчкөн – эрмек. 124-б.

2116. Сагызган жоорго жабышат. 124-б.

2117. Ит бири бирин көрсө, кабышат. 124-б.

2118. Баары шумдук баладан чыгат. 124-б.

2119. Бузук иштер жала (*аа – Н. Ө.)*дан чыгат. 125-б.

2120. Эр коңураттан жер коңурат өтүптүр, ана катындан бала катын өтүптүр. 125-б.

2121. Эрдин эри, эгөөнүн сыныгы. 125-б.

2122. Сокур ит бок жалаганчалык иш. 125-б.

2123. Коюндан төгүлсө, кончко. 125-б.

2124. Жап көтүнө жабагы, жалынса дале баягы. 125-б.

2125. Желмогуздун улам кийинкиси кыйын болот. 125-б.

2126. Эр сынаар кучкачмын, бир сынабай учпасмын. 125-б.

2127. Бирөөнүн тоогун жесең, каз байла, малың жетер кыз байла. 125-б.

2128. Көкөлөп учат көк кытан, дүнүйө жалган бир тутам. 125-б.

2129. Өңү кара болсо да, өзү сары. 125-б.

2130. Чырайды чылап ичпейт. 125-б.

2131. Мен кайсы каадалуу кыз элем, өзүм эле басып барайын. 125-б.

2132. Карыганда дүнүйө маңдайга келет. 125-б.

2133. 2134. Өлүм бардын малын чачат, жоктун абийирин чачат. 125-б.

2134. Өлгөн кыз бергенге намыс кылба. 125-б.

2135. Бир энеден так, жумурткадан ак. 125-б.

№1376. 2136. Мал боор эт менен тең. 126-б.

2137. Балык жеген багышпайт, бейили *(пейили – Н. Ө.)* кеткен беришпейт. 126-б.

2138. Кара-кура жебеген, катуу кирик көрбөгөн. 126-б.

2139. Жол азабы, көр азабы. 126-б.

2140. Сүлөсүндөй керилген, сүйлөргө сөздөн эринген. 126-б.

2141. Кечтим байдын кызынан. 126-б.

2142. Качкан жоону катын саят. 126-б.

2143. Өзүң кылган иш, сакалыңа муш. 126-б.

2144. Өзүң кылган иш, сакалыңа муш. 126-б.

(Эскертүү: №2143-2144 эки кайталанган – И. С.)

2145. Эси-дартым эрменде, эки көзүм балтамда. 126-б.

2146. Карыган бир жемек. 126-б.

2147. Атка жапкан үртүктөй, жалгыз туума бүркүттөй. 126-б.

2148. Алдында, артында чыргоолу бар. 126-б.

2149. Кеткен келип, кемтик толуп. 126-б.

2150. Тирүүдө сыйы жоктун өлгөндө ыйы жок. 126-б.

2151. Досум деп сырыңды айтпа, досуңдун досу бар. 126-б.

2152. Боорсок жебес Бокубий бок жегидей болуптур. 126-б.

2153. Өлө тирил, Бокубийдин кызын ал. 126-б.

2154. Боортко жүнү боорунда, чырым тал жүнү бетинде, балапан жүнү маңдайда, эненин сүтү таңдайда. 127-б.

2155. Жебесе да май жакшы, бербесе да бай жакшы. 127-б.

2156. Мал ээси Малаке таз. 127-б.

2157. Акыл от карайт, акмак казан карайт. 127-б.

2158. Бай болсоң, жардылыгыңдыжашырба. 127-б.

2159. Жарды болсоң, кооз бол, бай жанынан түңүлсүн, жалгыз болсоң, чогоол бол, көп жанынан түңүлсүн. 127-б.

2160. Согончогу канабаган катынды катын дебе, качаган атты атым дебе. 127-б.

2161. Көпүрө – көлдүн бурагы, көз – адамдын чырагы. 127-б.

2162. Оюн эле чын болот, ойнош эле эр болот. 127-б.

2163. Жүгөн таккан тогоо бар, аны да кесер эгөө *(өгөө – И. С.)* бар. Каргылалуу тайган бар, адамдан чыккан айбан бар. Жерде жүргөн коңуз бар, адамдан чыккан доңуз бар. Өзөн жерде сайлар бар, чык татырбас байлар бар. Мергендерде бараң бар, кол кайырсыз сараң бар. 127-б.

№1377. 2164. Жоомарттын жайы бейиште, сараңдар калат кейиште. 128-б.

2165. Көктө жарык жылдыз көп, кара сууда кундуз көп. 128-б.

2166. Жазбай аткан мерген бар, алыскы ишти көргөн бар. 128-б.

2167. Балырлуу көлдө бака бар, тулпар атта така бар, дарыя сууда балык бар, биз укпаган калык бар. 128-б.

2168. Жер тоосуз болбойт, эл доосуз болбойт, бычак кынсыз болбойт, эл сынсыз болбойт. 128-б.

2169. Жыртык кийимдин бити ачуу, жамандын тили ачуу. 128-б.

2170. Оорубаган жамбашың менен жат. 128-б.

2171. Койдон койдун неси артык, кол башындай эти артык. 128-б.

2172. Кара жылкы кайтадан ала болбойт, өз дениңден чыкпаган бала болбойт, өз денеңден чыккандай баана болбойт. 128-б.

2173. Жароосуз ишке жайланба, сасык санды байланба. 128-б.

2174. Оозу чоңго аш, көзү чаңга жаш. 128-б.

2175. Душман (*га-? – И. С.)* эгер *(эгерим? – И. С.)* ишенбе, айбалдаң *(айбалтаң? – И. С.)*белиңде болуп, колуңдан келсе кишенде. 128-129-бб.

2176. Укурук бою кар жааса, кулдун малы жутабайт. 129-б.

2177. Кудай деген кулбуз, намаз, орозону билбейбиз, шайтанды тилдейбиз. Бирөөгө кастыгыбыз жок, арак ичкен мастыгыбыз жок. 129-б.

2178. Атанын ардагы, эненин эркеси, кой ичинде серкеси. 129-б.

2179. Кезүүң келсе, кетмен чап. 129-б.

2180. Өөдө чыкса, белим деп, ылдый түшсө, тизем деп, мүңкүр кылды карылык, ооздогу отуз эки тишти алды, талпайган кызыл бетти сөөк кылды. 129-б.

2181. Куйма кулакка куйса укпайт, акма кулакка айтса укпайт. 129-б.

2182. Көзү сокур угат, көңүлү сокур укпайт. 129-б.

2183. Баштык ичпей, баш ичет. 129-б.

2184. Эмчек мындан ары кара таш болобу. 129-б.

2185. Керегени басып көктөгөндөй иш болот. 129-б.

2186. Ысык ичип, суюк чычкан. 129-б.

2187. Үй кооз болуп бейиш болбойт. 129-б.

2188. Аш ичкиче алам саат. 129-б.

№1378. 2189. Ак жолтойдун канжыгасы кара сеңсел. 130-б.

2190. Канжыгада көрүшөлү. (коёндун баласына айтканы) 130-б.

2191. Иши түгөнгөн киши соодасы түгөнгөн сарттай, чымынын кактырган бакшыдай болду. 130-б.

2192. Айтып кылган уурунун айыбы жок. 130-б.

2193. Жоорду таап алдым, жоошту чаап алдым. Асылуу казан, бышылуу аш, ашмалтай жоош. 130-б.

2194. Атакенин тушунда минбейт элең күлүктү, сүрүкөнүн тушунда тарта албадың чүлүктү. (боор жерде уй минген аялга айтылган сөз) 130-б.

2195. Атакенин даңы уруп, ак жылкынын чаңы уруп. 130-б.

2196. Балыкка тил, дөңгөчкө тил киргизет. 130-б.

2197. Күчтүү болдум, күрөктөй алтын көтөрдүм (кумурсканын сөзү). 130-б.

2198. Туумайынча уул, сатмайынча кул болбойт. 130-б.

2199. Жаман ит ууга жарабайт. 130-б.

2200. Бирөөнүн катыны бирөө кыз көрүнөт. 131-б.

2201. Туздун өчүн турнадан алды. 131-б.

2202. Сөөк менен ыраактан сыйлаш. 131-б.

2203. Ороздуу менен оттош бол, ырыстуу менен жолдош бол. 131-б.

2204. Түркөй кишинин напсиси бир, молдонуку экөө, ажыныкы үчөө. 131-б.

2205. Камырдан кыл алмак кыйын, молдодон бул алмак кыйын. 131-б.

2206. Келеңкер соргок эптеп ичет. 131-б.

2207. Кой оозунан чөп албас коңур да бар, корсулдаган бой бербес доңуз да бар. 131-б.

2208. Иши оңолгондун ташы өөдө кулайт. 131-б.

2209. Жандын баары ырчы экен, мындай кудай урчу экен. 131-б.

2210. Жардынын жалгыз аты – буудан көк, келди бекен буудан көк, калды бекен буудан көк. 131-б.

2211. Түштүн башы казандай, мойну кылдай, жоруган жакка оойт. 131-б.

2212. Жуткан жумурда, ичкен ичегиде. 131-б.

2213. Жан конок, жалган чолок. 131-б.

2214. Өгүз өлдү, орток айрылды. 131-б.

2215. Орой уруш десе уугун, кериш десе керегесин ала чуркайт. 131-б.

№1379. 2216. Чоңго чоң аягынды атап ич. 132-б.

2217. Баш айрылса бөрк ичинде, кол сынса жең ичинде. 132-б.

2218. Эрден эшек үркпөйт. 132-б.

2219. Жакшынын аттан жыгылганы да жакшы. 132-б.

2220. Кайгы төлөө болбойт. 132-б.

2221. Отту көөлөсө, өчөт, коңшуну көөлөсө, көчөт. 132-б.

2222. Эшектин күчү адал, сүтү арам. 132-б.

2223. Малды көрүп пайгамбар жолунан чыгат. 132-б.

2224. Бөрү алгандын баласы ширилебей түлкү алат. 132-б.

2225. Элди жалга, эл ичинде мени жалга. 132-б.

2226. Өзүмө тийбеген көтөн богу менен кайнасын. 132-б.

2227. Өз ээсине көтөн гүч *(күч – Н. Ө.)*. 132-б.

2228. Оосурган танадай болду. 132-б.

2229. Оозунан алдырган бөрүдөй болду. 132-б.

2230. Куш жемине какабайт. 132-б.

2231. Айткандын оозу жаман, ыйлагандын көзү жаман. 132-б.

2232. Көп көлдөтөт, терең чөгөрөт. 132-б.

2233. Өлсөң, көрүң кең болсун. 132-б.

2234. Кара жемсөө адамда калыстык жок. 132-б.

2235. Кудай деген кул ачка өлбөйт. 133-б.

2236. Он эки аякка бир каруу. 133-б.

2237. Жакшы саа (*санаа – Н. Ө.)* жарым ырысы. 133-б.

2238. Кан менен энчисин бирге жыйган ээр-токумун көтөрүп бош калат. 133-б.

2239. Баян да болсо мал менен, бучук кар (*кара? – И. С.)* нар менен. 133-б.

2240. Жыгачка мөмө бүткөн сайын салбырайт. 133-б.

2241. Туубаса да, тутунган. 133-б.

2242. Караганым – бир кудай, кармганым – бир тынай. 133-б.

2243. Жумган көзүн ачпас, сунган бутун тартпас. 133-б.

2244. Жардыга бай чоң, жалгызга көп чоң. 133-б.

2245. Эр азамат эл четинде, жоо бетинде. 133-б.

2246. Таңда күнү таң атар, саамал ичер күн тубар. 133-б.

2247. Уурунун көтү кууш. 133-б.

2248. Белге чапкан жыландын өлгүсү жок, шум жалган бир айланып келгиси жок. 133-б.

2249. Эрге намыс, коёнго камыш. 133-б.

2250. Ойдо музоо мөөрөсө, жүгүрүп турат биздин кыз, тоодо музоо мөөрөсө, жүгүрүп турат биздин кыз, эңчегер бойлуу Эр Эшим, эсен барып соо келсин, биздин кыздын кептерин киер бекен сиздин кыз. 133-б.

№ 1380. 2251. Аяз баштакы жоругуңду унутпа, шири чарыгыңды курутпа. 134-б.

2252. Калпты чындай, аксакты тыңдай кылба. 134-б.

2253. Шыбырап сүйлөгөн, жылмайып күлгөн. 134-б.

2254. Көрө койгондой, көмө чапкандай. 134-б.

2255. Уруш эки кишиге тең. 134-б.

2256. Эр энөө болот. 134-б.

2257. Балаага сабыр, казаага ыраазы, бергенине шүгүр. 134-б.

2258. Жер тамырынан эл тамыры. 134-б.

2259. Кой үстүнө торгой жумурткалаган заман болот. 134-б.

2260. Оюндан от чыгат. 134-б.

2261. Балааны кайдан деп болбойт. 134-б.

2262. Кет-кет болсо, кесепет даяр. 134-б.

2263. Залимдин тырмагы уу, баатырдын иштери чуу. 134-б.

2264. Жең жаздыктуу, жер төшөктүү бол. 134-б.

2265. Таба албаган жумурткадан кыр табат. 134-б.

(Эскертүү: 135-бет, андагы №2266-2279 макалдар жок. – И. С.)

2280. Мал бир боктон сасыкка, бир таштан (?) катыкка бүтөт. 136-б.

2281. Сартпыз, сартта (*сартда- Н. Ө.)* болсок, бир уруу журтпуз. 136-б.

2282. Зордукчуга теңдик жок. 136-б.

2283. Жаман уул атасы өлгөндө көбөт. 136-б.

2284. Бай дээр бажа жок, кой дээр кожо жок. 136-б.

2285. Ат көп болсо минерге ат табылбайт, ат бирөө болсо бараргa жер табылбайт. 136-б.

2286. Чапкан калат, бастырган барат. 136-б.

2287. Жыгылган күрөшкө тойбойт. 136-б.

2288. Жыкмак бар, баш аттамак жок. 136-б.

2289. Өз тууганды кор көргөн жатка зар болот. 136-б.

2290. Кошунун *(кошунанын – И. С.)* акы *(сы)*, кудайдын акы *(сы)*. 136-б.

2291. Жоомарттын жайы бейиште, сараңдар калат кейиште. 136-б.

2292. Жетимдин акы *(акысы – Н. Ө.)*, тозоктун оту. 136-б.

2293. Кара көңүл таш кулак карматпаган асоо. 136-б.

2294. Өзү билбес, билгендин тилин албас, тил билбеген макоо. 136-б.

2295. Бөрүнүн ажалы көтү күйүк иттен. 136-б.

№1381. 2296. Тил билги жүйөкөч, кол ийиктей элпек. 137-б.

2297. Жер жалмаган неченди, падыша, төрө. ченди, оозунан кудай түшпөгөн зикир айткан эшенди. 137-б.

2298. Жоонун малы жашык, татыбайт. 137-б.

2299. Канаттууга кактырбай, тумшуктууга чектирбей, камчылууга чаптырбай. 137-б.

2300. Алган эрим сен болсоң, көргөн күнүм не болот. 137-б.

2301. Үңкүр да болсо үйүм бар, аюу да болсо эрим бар. 137-б.

2302. Кудай кылса, кубарыңдын акысы барбы. 137-б.

2303. Көл тоо токтотот, тоо толкуса, ким токтотот. 137-б.

2304. Кудайдан коркпогондон корк. 137-б.

2305. Сартка сапыраңдын кадыры жок, моңолдорго эмчектин кадыры жок. 137-б.

2306. Кыдырма аяк кырып келет, кыйындууга мурун келет, доор аяк сүрүп келет. 137-б.

2307. Жатканга жан жукпайт. 137-б.

2308. Күлгөнгө күлө жетет, артынан куба *(кубалай/кубалап – Н. Ө.)* жетет. 137-б.

№1382. 2309. Беш колду оозго салса, береке кетет. 138-б.

2310. Бир кыялың санасам, күйгүм келет, бир кыялың санасам, көрүңдүн төбөсүнө сийгим келет. 138-б.

2311. Башы баш, багалчагы кара таш. 138-б.

2312. Артык дөөлөт баш жарбайт. 138-б.

2313. Чакырса келбес шыкаалайт, берсе жебес чымчылайт. 138-б.

2314. Жижиң байтал эки айгырды атчы кылат. 138-б.

2315. Айгырдан качкан байталдай, аалимден качкан шайтандай. 138-б.

2316. Тирүүлүктө жыйгандаш, өлүп кетсе, ыймандаш. 138-б.

2317. Кийгени топу, өзү мышык сопу. 138-б.

2318. Тапкандын түбү тешик. 138-б.

2319. Бак карабай кыдыр даарыбайт. 138-б.

2320. Атан этин оордобойт, султан сөөгүн кордобойт. 138-б.

2321. Досуңа ичкениңден бер. 138-б.

2322. Ыбы кыз, табын тапса күндө кыз, табын таба албаса, мээлейиң алып көтүң кыс. (бүркүт) 138-б.

2323. Аталга керким жоголду, керкимди таап алгандыр, сыртынан бүлөп салгандыр. 138-б.

2324. Кош-кош десе куяңкы кой кошокко кирет. 138-б.

2325. Жаман иттин аты – Бөрүбасар. 139-б.

2326. Балта көтөргүчө дөңгөч эс алат. 139-б.

2327. Көтү жаман кара каз көлдүн баарын сасытат. 139-б.

2328. Какаганга муштагандай. 139-б.

2329. Белге чапкан жыландай болду. 139-б.

2330. Ыйлаганды соорот, уктаганды ойгот. 139-б.

2331. Эртеңки ашка күй, кечки ашка күйбө. 139-б.

2332. Жаман эрден мал тайса, жаздыктан башын көтөрбөйт. 139-б.

2333. Жамандын эмгеги талаада. 139-б.

2334. Мал аягы саяк. 139-б.

2335. Ырыс качса, тууш койбойт. 139-б.

2336. Сокур уй кудук көргөндөй болду. 139-б.

2337. Сары жоонун баары жоо. 139-б.

2338. Темирден кылган үзөнгү тең теппеген өзүңдөн, тең атанын баласын тең көрбөгөн өзүңдөн. 139-б.

2339. Аягы жебей, башы жейт, аркандап койсо, жакшы жейт. Туягы жебей башы жейт, тушап койсо жакшы жейт. 139-б.

2340. Качканды айтпай, кууганды айт, карадан төрө тууганды айт. 139-б.

№1383. 2341. Кошконго үйүр эмес, сүйгөнгө үйүр. 140-б.

2342. Жолоочуну ээрчип ит өлөт. 140-б.

2343. Колу ачыктын жолу ачык. 140-б.

2344. Жоомарт менен калыстын төрт тарабы кыбыла. 140-б.

2345. Сараңдын колу тар, кайда барса, жолу тар. 140-б.

2346. Жол болгондо мол болот. 140-б.

2347. Башчысы болбой марыбайт, баш аламан жарыбайт. Эпчили болбой эл болбойт, эгерим жаман бел болбойт, бактысы жок кишинин эгерим сөзү эм болбойт. 140-б.

2348. Оорутпай кебез менен мууздоо. 140-б.

2349. Өгүз өлбөгөндөй, инек соолбогудай болуш. 140-б.

2350. Котур колдон, жоор жолдон. 140-б.

2351. Менин жолум кайыптан, жинди болгон зайыптан. 140-б.

2352. Көчкөндөн отун артат, өлгөндөн катын артат. 140-б.

2353. Ээн жердин сууру алты айгырга жүк болот. 140-б.

2354. Камчы кайраттуу болсо, катын уяттуу болот. 140-б.

2355. Бек байлагын атыңды, жайына коё бербегин эси жок эсер катынды. 140-б.

2356. Кылдан кыйкым табат. 141-б.

2357. Ээсин сыйласаң, итине сөөк сал. 141-б.

2358. Киши болор кишинин иши бар, киши болбос кишинин киши менен не иши бар. 141-б.

2359. Жакшы менен жүргөн жарыйт, жаман менен жүргөн убай менен карыйт. 141-б.

2360. Жакшынын сөзү жугат, жамандын неси жугат. 141-б.

2361. Жүзүң бар уял, жүрөгүң бар корк. 141-б.

2362. Жакшынын иши жугат, жамандын бити жугат. 141-б.

2363. Бай салык салса, кул чарык салат. 141-б.

2364. Жакшыдан асыл сөз калат, соодагерден боз калат. 141-б.

2365. Көтөрмөлөсө көккө учпаган, жемелесе жерге кирбеген жетесинде жок. 141-б.

2366. Өлгөндү тууган жеңет. 141-б.

2367. Жүз, жүздөн кийин күдөрүңдү үз. 141-б.

2368. Колунда иши бардын кайырмагы сууда. 141-б.

2369. Балыктын тиричилиги суу менен. 141-б.

№1384. 2370. Бузуктун бар жүрүшү чуу менен. 142-б.

2371. Көргөн көз, жеген ооз. 142-б.

2372. Кеч көргөн жарды элең, бүгүн кайдан байыдың. 142-б.

2373. Көч-көчтө кабар келсе, уйкунун тынчы кетет. 142-б.

2374. Санаамда жүргөн сенсиңби, сагынганда келдиңби. 142-б.

2375. Чөкпөгөн төөнүн тизесин кесип чөгөрбөйт. 142-б.

2376. Куш канаты менен кагынат, адамды адам сагынат. 142-б.

2377. Алдыңда казган терең ор, ажал деген – адамга айланта тарткан темир тор. Торго бир күн түшөсүң, жалган дүйнө чиркинден такыр күдөр үзөсүң. Турамын десең болбойт ко *(го – Н. Ө.)*, туюктап ажал торгойт ко *(го – Н. Ө.)*, келемин десең болбойт ко *(го – Н. Ө.)*, камынтпай ажал торгойт ко *(го – Н. Ө.)*. 142-б.

2378. Тазалагын жолуңду, тарта жүргүн колуңду. Напсиге кул болбо, ар ишиңли өзүң оңдо. 142-б.

2379. Жеңенин бир буту кайын ининики. 142-б.

2380. Бөрү күндөн желден жейт, жети күндөн кийин элден жейт. 142-б.

2381. Эр азамат бөрү жолдуу болот. 143-б.

2382. Жаман шыбагасына кулдук кылат. 143-б.

2383. Элге берген куруттан мага бербей курутту. 143-б.

2384. Эр айткандан кайтпайт. 143-б.

2385. Берейин калп белсиздин иши. 143-б.

2386. Кайда барса, мамайдын көрү. 143-б.

2387. Кайда барсам бир эшик, калпагымдын түбү тешик. 143-б.

2388. Ою тереңдин жолу терең. 143-б.

2389. Ою кысканын жолу кыска. 143-б.

2390. Берсе ич, урса өл. 143-б.

2391. Бала уйду эмсе, үйдө сүт төгүлөт. 143-б.

2392. Акылсыздын мээси жок, карыганча эси жок. 143-б.

2393. Жаш, жаш да болсо баш. 143-б.

2394. Тоо томкорулат, деңиз соолот, чоң кичиреет. 143-б.

2395. Карада кан тамбайт. 143-б.

2396. Өксүбөгөн хандын бир татым тузу кемийт. 143-б.

2397. Ийри тумшуктун ырысы кайышта. 143-б.

2398. Өлгөндү топурак суутат. 143-б.

2399. Бетегесиз жерден түңүл, берекесиз элден түңүл. 143-б.

№1385. 2400. Жакшы ит өлүгүн көргөзбөйт. 143-б.

2401. Кыз түшүмдөн айлансын. 144-б.

2402. Туу куйруктун тунук суу, тулпар кечип өткөн жок, атаң Мекке, энең нур, эч кызматың жеткен жок, кызматы жеткен эрендер Меккеден алыс кеткен жок. 144-б.

2403. Издечүү *(издечү – Н. Ө.)* белек жок белек, ителги кара көздүүнү, издегенге кез кылсын ит кыялдуу сөздүүнү. Тандачуу (*тандачу– Н. Ө*) белек жок белек, тал-тал кара чачтууну, тандаганга кез кылсын таргыл бука баштууну. 144-б.

2404. Тандаган тазга жолугат. 144-б.

2405. Сомдогон соку моюндуу, бок сасыган кандуу, аны алган жигиттин эки көзү оюлду. 144-б.

2406. Ит ырыстуу киши болот. (жакшы) 144-б.

2407. Жеке өтүктүү жете албаган, соору өтүктүү бата албаган кыз. 144-б.

2408. Жаманды мактаса, жардан алыс кетет. 144-б.
2409. Атын атаса, куту сүйүнөт. 144-б.
2410. Күңдүн күлү жоо. 144-б.
2411. Кудукка талкан чалба. 144-б.
2412. Көп асыла бербегин тоодо жүргөн кайыпка, сырыңды айта бербегин бейакыл жаман зайыпка. 144-б.
2413. Бир кап курутту бир чирик курут чиритет, миң кишини бир бузук киши иритет. 145-б.
2414. Жаманга олжо түшсө, үлөшө албай көпкө түшөт. 145-б.
2415. Колдо малың бар болсо, бүрдөп турган терексиң, колдо малың жок болсо, үрүп чыккан серексиң. 145-б.
2416. Кеңешериң болбосо, бөркүң менен кеңеш. 145-б.
2417. Ичи өткөндүн ыштаны билет. 145-б.
2418. Ыштаны булганган колун аябайт. 145-б.
2419. Алам деп алдага калат. 145-б.
2420. Кырмандан шыпырынды калат. 145-б.
2421. Май кармаган бармагын жалайт. 145-б.
2422. Иттин тезеги дары болсо, дарыянын түзүнө чыгат. 145-б.
2423. Балалуу көткө бармак катпа. 145-б.
2424. Ай орток, күн орток, жакшы орток. 145-б.
2425. Көңүлчөөктүн көчүгү ачык. 145-б.
2426. Жылан жерине жараша сойлойт. 145-б.
2427. Кайратсызда ыйман жок. 145-б.
2428. Эрден ыйман качып кутулбайт. 145-б.
2429. Азаптын кайдан келерин ким билет. 145-б.
2430. Жакшы зайып тартарды таап, бөдөнөнү бөлө кылат. 145-б. №1386. 2431. Ынтымаксыздан ырыс качат. 146-б.
2432. Тоң айырган май жейт, дос айырган бок жейт. 146-б.
2433. Сиңер жерге суу сал, угар кишиге сөз айт. 146-б.
2434. Өлгөнгө ыйлаган кайран көз, жаманга айткан кайран сөз. 146-б.
2435. Ташка салса тайгылбас, музга салса бурулбас. 146-б.
2436. Зорго сыйынсаң кудайга сыйын. 146-б.
2437. Чочуганда эрдик жок, чоюлганда кеңдик жок. 146-б.
2438. Сындуу болсун өтүгүм, сыздатпасын бутумду. 146-б.
2439. Жаталак өлөт, чычалак көнөт. 146-б.
2440. Жакшы төөнүн мурду жырылбайт. 146-б.
2441. Ооздон чыкты алаамдан чыкты. 146-б.

2442. Кылган жакшылык күндө тийген күн, айда тийген ай эмес. 146-б.

2443. Көт чычарда керек. 146-б.

2444. Эрге бармак бат экен, өтүк ултармак кеч экен. 146-б.

2445. Сулуу кыз, кыраан бүркүт, алгыр тайган таалайлууга туш келет. 146-б.

2446. Алтыга алып, бешке сат, атың болсун соодагер. 146-б.

2447. Жүгүргөн албай, буюрган алат. 147-б.

2448. Тери тондун ичинде тердесин жигит өлбөсүн, куур тондун ичинде куурасын жигит өлбөсүн. 147-б.

2449. Өлүп тапкан баламды өрдөк чокуп жок кылды. 147-б.

2450. Ат өлсө, соору керек, ага өлсө, жеңе керек. 147-б.

2451. Казанчынын эрки бар кайдан кулак чыгарса, жасагандын эрки бар таштан булак чыгарса. 147-б.

2452. Таарынсаң, таргалакка өт. 147-б.

2453. Байы өлгөн кул дардактайт. 147-б.

2454. Тойгондон алгын зайыбыңды, топ ардан кылба кайыныңды. 147-б.

2455. Жамандын жер өрттөп аты чыгат. 147-б.

2456. Алма быш, оозума түш. 147-б.

2457. Обозгер жакшы, кан жакшы, катын жакшы, эр жакшы. 147-б.

2458. Кел демек бар, кет демек жок, келдемиян жеген соң, эт жемек жок. 147-б.

2459. Бирөөнүн айдамалуу малы бар, бирөөнүн ат көтөргүс даңы бар. 147-б.

2460. Эмчек берген нары жат, Амсак берген бери жат. 147-б. №1387. 2461. Кыздын баары эле жакшы, жаман катын кайдан чыгат. 148-б.

2462. Нанды ысыгында, пулду кызыгында. 148-б.

2463. Ала кап менен бир кебим бар, жайып ийсем жерге батпайт. 148-б.

2464. Бетке айткандын заары жок. 148-б.

2465. Алына жараша шүгүр, А. . . жараша түкүр. 148-б.

2466. Эсиң барда этегиңди жап. 148-б.

2467. Өтүгү жаман төргө өтө албайт, жеңи жаман тамак алып ичеалбайт. 148-б.

2468. Өлүп-өлүп аз калып, эки бирдей таз калып. 148-б.

2469. Соолгон көлгө бака айгыр, тул катынга жалчы айгыр. 148-б.
2470. Ишиңди көпкө сал, көп билбесе, акка сал. 148-б.
2471. Жаман кой жайытын бир күндө түгөтөт. 148-б.
2472. Жармага таарынып, бирөөгө жамандык издебе. 148-б.
2473. Жарма тамыр жарытпайт. 148-б.
2474. Ачык айтып, ак сүйлө. 148-б.
2475. Дүнүйөнүн түбүнө дүмпөкү какбаш жетиптир. 149-б.
2476. Сапарбайдын сан жылкысынан Кулансарыктын кула байталы көрүнүптүр. 149-б.
2477. Жергелеше жети баш, жер куруткан түйдөк баш. 149-б.
2478. Бай бай жандын таттуусу, боорунун катуусу. 149-б.
2479. Тирүүлүктө мал таттуу, өлмөйүнчө жан таттуу. 149-б.
2480. Ак ит, кара ит – баары бир ит. 149-б.
2481. Эрегишсең, энеңди ал. 149-б.
2482. Керегеси кердеп, ыңырчагы ырдап турат. 149-б.
2483. Күйөө карыса, жээн. 149-б.
2484. Чыккан кыз чийден тышкары. 149-б.
2485. Кыйшык иш кырк жылдан кийин да билинбей калбайт. 149-б.
2486. Катындын кесири эрге, эрдики элге болот. 149-б.
2487. Котур колдон, жоор жолдон. 149-б.
2488. Ашыркынын аты озгуча, айылдагынын тайы озсун. 149-б.
2489. Кыз калыңсыз болсо да, каадасыз болбойт. 149-б.
2490. Жакшылык кылгандын үйүнө өрт кой. 149-б.
№1388. 2491. Тобо тирүүлүктө. 150-б.
2492. Суу – тили жок жоо. 150-б.
2493. Душманга ишенбе, түшөрсүң кишенге. 150-б.
2494. Оозу ашка тийгенде, тумшугу ташка тийди. 150-б.
2495. Бапылдаган текени суу кечкенде көрөсүң, бакылдаган катынды кыз бергенде көрөсүң. 150-б.
2496. Шам башка түбөлүк күйбөйт. 150-б.
2497. Чымын майга конот. 150-б.
2498. Конок тандап конот, ууру басынтып уурдайт. 150-б.
2499. Кызды берсең, корго бер, кызды алсаң, зардан ал. 150-б.
2500. Акылсыз тойгон жерине кул болот. 150-б.
2501. Элден эсер безет. 150-б.
2502. Эрте оңбогон кеч оңбойт, кеч оңбогон эч оңбойт. 150-б.
2503. Көсөө – кудай буйругу, сакал – иттин куйругу. 150-б.

2504. Жаманга чоң аягыңды көргөзбө. 150-б.

2505. Бокту чапса, бетке чачырайт. 150-б.

2506. Оосурбаса сасык жыт кайдан чыгат. 150-б.

2507. Көйнөгү бөлөктүн көөнү бөлөк, чапаны бөлөктүн санаасы бөлөк. 150-б.

2508. Миң ооз бир болсо, бир ооз тек турат. 150-б.

2509. Чоң деп акылды тоодон сурабайт, сакалы бар деп текеден сурабайт. 151-б.

2510. Музоосунда корккон өгүз болгондо да коркот. 151-б.

2511. Корккондон кой башындай жүрөк кол башындай болот. 151-б.

2512. Убададан тайба, жан ооздон чыгат. 151-б.

2513. Көргөндөн көрө элек, уккандан уга элек көп. 151-б.

2514. Шардуу кулдун аты өлсө, мердүү (?) кул ашайт. 151-б.

2515. Шамдын жарыгы түбүнө түшпөйт. 151-б.

2516. Эр тайын тартат, ит атасын тартат. 151-б.

2517. Отун – олжо, суу – кордук. 151-б.

2518. Нан – ыйман. 151-б.

2519. Мактанчаактын көтү ачык. 151-б.

2520. Балага ата сынчы. 151-б.

2521. Кыздын сыры төркүнгө маалым. 151-б.

2522. Кимдин айгырына ким кайгырат. 151-б.

2523. Таштандыга таш тийбейт. 151-б.

2524. Элүү жылда эл жаңы, жүз жылда жер жаңы. 151-б.

2525. Бир күнү туз таткан жериңе миң күнү салам айт. 151-б.

2526. Мурутуң өссө, өзүң капыр, чачың өссө, айылың капыр. 151-б. №1389. 2527. Каарына алса, кар, жалгаса, жамгыр жаайт. 152-б.

2528. Куру аякка бата жүрбөйт. 152-б.

2529. Баскандан эринсең, чуркарсың. 152-б.

2530. Айран ичкен сийгек кул, айгыр минген көйрөң кул. 152-б.

2531. Оргу-баргы көрүнөсүң, айтып-айтып коёт көрүнөсүң. 152-б.

2532. Кулдун аты кул экен, куюшканы жип экен. 152-б.

2533. Жаман кой тишегенде карыйт. 152-б.

2534. Алдаса болот жаш башты, канетсе болот как башты. 152-б.

2535. Төркүнү жакындын төшөгү жыйылбайт. 152-б.

2536. Жел сөзгө семирген – делбенин иши. 152-б.

2537. Мааранкуп-яранкубүңдү билбейм, насибай берчи. (суракчы бериштеге өлгөндүн айтканы) 152-б.

2538. Мындай ура берсең, биздин элден киши келбейт. 152-б.
2539. Сакалыңдын агы бар, балалыгың дагы бар. 152-б.
2540. Карыганча балалык калбайт. 152-б.
2541. Казак, кыргыз жоо болсун, кара жаным соо болсун. 152-б.
2542. Муңдуу эрге бузукчулуктуу күн туусун. 152-б.
2543. Жака, жең алты карыш, жаңылбаңар жеңелер. (чоркок аялдын сөзү) 153-б.
2544. Сууну көп кечсе – чалчык, кепти көп айтса – тантык. 153-б.
2545. Айтмайынча ким билет, ачмайынча ким көрөт. 153-б.
2546. Эр ортону – элүү. 153-б.
2547. Кыргый кырында, турумтай тушунда. 153-б.
2548. Ышык (?) жолунда, мышык жолунда. 153-б.
2549. Ышкысы жоктун ыйманы жок. 153-б.
2550. Журт ичинде нелер жок, шумурай токту мага жок. 153-б.
2551. Көп менен көргөнгө өкүнүч жок. 153-б.
2552. Чыйкандан жаман оору жок, аны сурар киши жок. 153-б.
2553. Пайдасыз тууган – чекеге чыккан чыйкан. 153-б.
2554. Эр болсоң, көк бол, айткан сөзгө бек бол. 153-б.
2555. Ороздуунуку он бешинде баш, Чыйырдыкы жыйырма бешинде жаш. 153-б.
2556. Таштандыга таш тийбейт. 153-б.
№1390. 2557. Чындап ыйласа, сокур көздөн жаш чыгат. 154-б.
2558. Эт болбосо, сорпо жокпу, эки сөздүн бири жокпу. 154-б.
2559. Ит өлөрүндө кайышчы. 154-б.
2560. Атанын уулу азарында бакшы болот. 154-б.
2561. Кызылды кыз киет, жоргону уул минет, өксүгөн чалга не тиет. 154-б.
2562. Жаман ит жайлоодогу жармадан үмүт кылат. 154-б.
2563. Катардан калгандын башына ыргыткан сөөк тийбейт. 154-б.
2564. Жамандын жаманы, адам таппас амалыбар. 154-б.
2565. Эр бөрү жолдуу. 154-б.
2566. Баскан аяк бок басат. 154-б.
2567. Майдан колум жооруду, көптөн көөнүм ооруду. 154-б.
2568. Дөөнү көрсөң, иерсиң, ыштаныңа сиерсиң. 154-б.
2569. Жеген иттин бетине, элге чарык табылар. 154-б.
2570. Ашыңды ичейин, кадырыңа чычайын. 154-б.
2571. Бакырчаак төөнүн бары жакшы. 154-б.

2572. Уул өссө, урумга, кыз өссө, кырымга. 155-б.
2573. Ашың болбосо, кашың жокпу. 155-б.
2574. Алдар көсөө шайтанды алдаптыр. 155-б.
2575. Митайым шайтандын тилин билет. 155-б.
2576. Артык шашкан албарстыча карганат. 155-б.
2577. Тойгуча жеген өлгөнчө карганат. 155-б.
2578. Байлык мурат эмес, жокчулук уят эмес. 155-б.
2579. Билек бирге болсо да, манжа башка. 155-б.
2580. Ар кимдин көрү ар башка. 155-б.
2581. Мүрөктүн суусун ичкен көп жашайт. 155-б.
2582. Жакшылыкка жакшылык ар кишинин иши, жамандыкка жакшылык эр кишинин иши. 155-б.
2583. Мытандан кылган быламык ичейин деген ашым эмес, токсон беш сени көрөйүн деген жашым эмес. 155-б.
2584. Сөз маанисин билбеген сөздү өзүнө келтирет. 155-б.
2585. Колуң менен кылганды моюнуң менен тарт. 155-б.
№1391. 2586. Түн – бир, ууру – миң. 156-б.
2587. Бала ыйлабай эмчек кайда. 156-б.
2588. Көчкүдөн сагызган гана кутулат. 156-б.
2589. Зарылдын булу (*пулу – Н. Ө.)* күйөт. 156-б.
2590. Жер дүнүйөнү сел алса, акмактын тушарына чыкпайт. 156-б.
2591. Өзүн өзү билген өтүгүн төргө илет. 156-б.
2592. Калган көңүл, чыккан жан кайра келбейт. 156-б.
2593. Мактаган жеткирет, чаккан өлтүрөт. 156-б.
2594. Качкан да кудай дейт, кууган да кудай дейт. 156-б.
2595. Алтын баштуу катындан, бака баштуу эр ийги. 156-б.
2596. Өлөңдүү жерди өрттөгөн, кара сууга кан куйган. 156-б.
2597. Ата тилин албаган, эне тилин албаган, киши айткан тилге кирген. 156-б.
2598. Беш кол тегиз эмес. 156-б.
2599. Жазында жоон сүзүлөт, ичке үзүлөт. 156-б.
2600. Кересен күүсүн тартпа, керегеге бутуң артпа. 156-б.
2601. Жамандан жакшы туулса – киреше, жакшыдан жаман туулса – чыгаша. 157-б.
2602. Чыгашалуу малга ээси баш. 157-б.
2603. Алдырар күнү жаздырар. 157-б.
2604. Жаз – жарыш, күз – күрөш. 157-б.

2605. Туулдум, өлдүм. 157-б.

2606. Өлгөн өксүтөт, кеткен кемитет. 157-б.

2607. Жалгыз баш жаман аш, эки башка тезек аш. 157-б.

2608. Жандуудан балык чоң, жаны жоктон камыш чоң. 157-б.

2609. Өз акыл өзөк менен – тамыр, киши акылы – кишен менен тушоо. 157-б.

2610. Бир ит көрүп үрөт, бир ит көрбөй үрөт. 157-б.

2611. Туугандын топурагы – алтын. 157-б.

2612. Катын калп айтпайт, каңырыш угат. 157-б.

2613. Самаркан жактан шамал болду десе, Самарканды жоо чаап-тыр, же саман учуптур дейт. 157-б.

2614. Аңырт сөз ааламга дүрбөөн салат. 157-б.

№1392. 2615. Жеген малың кут болсун, ала жай күнү жут болсун. 158-б.

2616. Беш тогоол албай бел чечпейт. 158-б.

2617. Кылычын алып кыш келет. 158-б.

2618. Ат арытмак оңой, эр арытмак кыйын. 158-б.

2619. Эгиз улакка айры шыбак. 158-б.

2620. Жегендин көтү жеңдей. 158-б.

2621. Ырыскы кайып, ника кайып. 158-б.

2622. Аты кашка, атам башка. 158-б.

2623. Теке болсун, сүтү болсун. 158-б.

2624. Качканга кара жер курулат. 158-б.

2625. Чоң ташты кичине таш менен бошотот. 158-б.

2626. Кандын каарынан сакта, карачанын дооматынан сакта. 158-б.

2627. Бакпай балааңдан, жаппай жалааңдан. 158-б.

2628. Иттин этин иттен аяба. 158-б.

2629. Иттин теңи – бит. 158-б.

2630. Кызаргандын баарысы манат болот турбайбы, кылган иштин баарысы адат болот турбайбы. 158-б.

2631. Сарттын аты жемкор болсо, дорбонун түбүн тешет. 158-б.

2631. Ат аяган жер карайт, куш аяган көк карайт. 159-б.

(Эскертүү:№2631катар номери эки жолу коюлуп калган. – И. С.)

2632. Ишиң оңолгуча итиңе кош арт. 159-б.

2633. Эп келбес ишке этек жыртпа. 159-б.

2634. Тереги бир жааса, теңириси эки жаайт. 159-б.

2635. Чокойлуу черик чоң болду, чоюлган бугу кор болду. 159-б.

2636. Ырыстуунун аты күлүк, кызы сулуу чыгат. 159-б.

2637. Өлбөгөн кул алтын аяктан суу ичет. 159-б.

2638. Төгүн жерден өрт чыкпайт. 159-б.

2639. Өлдүң, өчтүң. 159-б.

2640. Көрдүң бердиң, урду өлдүң. 159-б.

2641. От менен ойносоң, күйөрсүң. 159-б.

2642. Жаман тамашадан жылкы алганда, таңданбаган киши жок, таңда күнү ээси айдап кеткенде, табалабаган киши жок. 159-б.

2643. Ээси келсе, бээсин бер. 159-б.

2644. Сааганың Байбагыштын бээси, таңда күнү болгондо айдап кетет ээси. 159-б.

2645. Жырык ийненин да кереги тиет. 159-б.

2646. Айт болор, анын эртеси да болор. 159-б.

2647. Жараткандын бир күнү бар, жарым айга бергисиз. 159-б. №1393. 2648. Чоң болуп тоо болбойт, көп болуп чөп болбойт. 160-б.

2649. Кудай деген кул өлбөйт. 160-б.

2650. Кудайсыз кумурсканын буту сынбайт. 160-б.

2651. Сабасына жараша бишкеги, мурутуна жараша искеги. 160-б.

2652. Өткөн өмүр – учкан куш. 160-б.

2653. Бай мактанса бир жуттук, баатыр мактанса бир октук. 160-б.

2654. Атадан арта туулдум деген уулдун бир боконосу кем. 160-б.

2655. Куш жаңылып торго түшөт, эр жаңылып колго түшөт. 160-б.

2656. Баатыр баатыр эмес, мал баккан – баатыр. 160-б.

2657. Бир карыдан бөз кетет, бир карыдан кыз кетет. 160-б.

2658. Кел дебеген үйдөн кетмендеген көр жакшы. 160-б.

2659. Бешик көргөн бери кел, эшик көргөн нары кет. 160-б.

2660. Ооруган башка темир тарак. 160-б.

2661. Ачуу менен түчүүнү татты *(уу)* кылган туз экен, ыраак менен жуукту жакын кылган кыз экен. 160-б.

2662. Меники эле, сеники болду, кичине берчи дары болду. 161-б.

2663. Кымызды ичкенге бер, кызды сураганга бер. 161-б.

2664. Айылчы катын – абийирсиз катын. 161-б.

2665. Ырчынын бычагы чыгат кынынан, т. . . гы чыгат шымынан. 161-б.

2666. Ырчы жарыбайт, тулпар арыбайт. 161-б.

2667. Тулпар минген турарбы, тууганга жетпей тынарбы. 161-б.

2668. Кырчын өзүн талсынат, кемер өзүн жарсынат. Акмак өзүн менсинет, акмакты кимдер теңсинет. 161-б.

2669. Тетиги катын тарамыш сурап келе жатат, сен тозуп туруп ултаң сура. 161-б.

2670. Көкөлөп учат көк кытан, дүнүйө жалган бир тутам. 161-б.

2671. Менин балам алыстан алып жеп жүрөт, көрө албаган кой душман көгөн жат экен деп жүрөт. 161-б.

2672. Кызды ыйлаткан оңбойт. 161-б.

2673. Байлыгыңа батегим, бийлигиңе сийдигим. 161-б.

№1394. 2674. Токсон толгоо бир кирет. 162-б.

2675. Аса карыбайт, алтын чирибейт. 162-б.

2676. Кол ийрисине чабат. 162-б.

2677. Сурадым акыл карыдан өз давасы болбос (о) жазылбайт экен дарыдан. 162-б.

2678. Ороктон качкан сарт ыраак чычат. 162-б.

2679. Түлкү ийинин карап үрбөсө котур болот. 162-б.

2680. Жоого ант жок. 162-б.

2681. Малдуунун өңү жарык, малсыздын өңү чарык. 162-б.

2682. Эки молдо бир киши, бир молдо катын киши. 162-б.

2683. Ит менен бала тойгон жеринде. 162-б.

2684. Казык жерге кирет, калыс көргө кирбейт. 162-б.

2685. Эр азамат эл четинде, жоо бетинде. 162-б.

2686. Кыш кийгенин жай кийген жарды кайдан байысын. 162-б.

2687. Башы бар киши үйүрү өскөн айгырдай. 162-б.

2688. Ит менен куда болсо, бок менен той. 162-б.

2689. Жаны барда жалынган – жаман эрдин белгиси. 163-б.

2690. Кымыз – адамдын каны, эт – адамдын жаны, токоч – тоют, жарма – оокат. 163-б.

2691. Аттууну жөө демитет, эрди катын кемитет. 163-б.

2692. Уул богунан. 163-б.

2693. Алманын көгүнөн богу, жамандын барынан жогу. 163-б.

2694. Өлөр уйдун көзү жаман. 163-б.

2695. Жаман ууга чыкса, артынан коога чыгат. 163-б.

2696. Бир эрден чыккан жакшыраак, эки эрден как шыйрак, үч эрден чыккан катындан даңгыл эшек жакшыраак. 163-б.

2697. Аталуу уул – кожолуу кул. 163-б.

2698. Жай жарагы менен, куш конуусу менен. 163-б.

2699. Сынчынын сыңар өтүгү майрык. 163-б.

2700. Куш канаты менен учуп, куйругу менен конот. 163-б.

2701. Үйрөнбөгөн бейиштен үйрөнгөн тозок жакшы. 163-б.

2702. Күңдүн артында күмүш жылтырайт. 163-б.

№1395. 2703. Күңгө күлө бакса, ыштандык бөз сурайт. 164-б.

2704. Ыштаны жоктун түшүнө кары бою бөз кирет. 164-б.

2705. Олуя жакынын колдойт. 164-б.

2706. Эр башына иш түшсө, өтүгү менен суу кечет, ат башына иш түшсө, ооздугу менен суу ичет. 164-б.

2707. Эрдин эрдиги тизелешкен доодо, тизгиндешкен жоодо билинет. 164-б.

2708. Жаман түшүңдү жалаярга жору. 164-б.

2709. Акылсыз арам сөзгө семирет. 164-б.

2710. Эр колуна куш тойбойт. 164-б.

2711. Атанын каргышы – балага ок, өрттөп ийчүү *(ийчү/ийүүчү – Н. Ө.)* чок. 164-б.

2712. Катынды эрке сактаган, кан Шырдак сенден кезесин, үйүнө балалуу жолборс бактырган Тооке кан сенден кезесин. 164-б.

2713. Отуз уулду бир ата асырайт, бир атаны отуз уул асырай албайт. 164-б.

2714. Коюн алдырып, короосуна сак болот. 164-б.

2715. Эптүү оосуракка оозуңду тоз. 165-б.

2716. Ишиң оңолгуча итиңе кош арт. 165-б.

2717. Ит жеңгенин талайт. 165-б.

2718. Атанын малы – чатанын малы. 165-б.

2719. Атанын сыймыгын арам уул кетирет. 165-б.

2720. Жеринен азганга жети жылы конуш жок. 165-б.

2721. Тааныбагандын ой-чуңкуру көп. 165-б.

2722. Ырысы жоктун этегине буудай салса, арты туруп төгүлөт. 165-б.

2723. Ургаачынын ак көңүлү бергич болот, эркектин ак көңүлү жарды болот. 165-б.

2724. Алы келбеген акыретчил. 165-б.

2725. Тама-тама көл болот. 165-б.

2726. Арам жеген бура баспайт. 165-б.

2727. Колунда талканы бар бала сүйгүнчүк. 165-б.

2728. Атаң сенин май сени, жаманды жакшы кылган мал сени. 165-б.

2729. Буудайдын барар жери – тегирмен. 165-б.

№1396. 2730. Катын чанган эрде ырыс жок, эр чанган катында ырыс жок. 166-б.

2731. Жарма, жарма да болсо карма. 166-б.
2732. Байгамбар *(пайгамбар – Н. Ө.)* барына азыр. 166-б.
2733. Конокко колуңда барыңды бер. 166-б.
2734. Турунадан бий койсоң, кыйкый кетпейт башыңдан. 166-б.
2735. Эркенин жашы кургабайт, жоргонун тери кургабайт. 166-б.
2736. Мастан жинди качат. 166-б.
2737. Букарда пулу бардын көөнү ток. 166-б.
2738. Аш ичсең, акылың менен. 166-б.
2739. Адалдын тамыры – миң, арамдын тамыры – бир. 166-б.
2740. Семиздин аягы – сегиз. 166-б.
2741. Мусулмандык акырындык менен. 166-б.
2742. Алган эри жарашса, кара катын ак болот, баккан ээси жарашса, кара күчүк сак болот. 166-б.
2743. Иттен илгери, кишиден кийин. 166-б.
2744. Чок кармагандын колу күйөт. 166-б.
2745. Жаман айгак жанынан тартат. 166-б.
2746. Кол – кудайдын мөөрү. 166-б.
2747. Уйдун кыркы кыр ашырбайт. 166-б.
2748. Артык кылам деп, тыртык кылат. 167-б.
2749. Уялбаган уйдун бети, упурабаган төөнүн таманы. 167-б.
2750. Көп ичинде оосурган көтүм, сенден түңүлдүм. Көрдү-жерди көп жейсиң, мен да сенден түңүлдүм (көт). 167-б.
2751. Кыз – буйлалаган төө. 167-б.
2752. Бура сүйлөгөн күлөргө жакшы. 167-б.
2753. Асылкечтин оюну зая. 167-б.
2754. Манап алжыса, төө дейт. 167-б.
2755. Бүркүт карыса, чычканчы. 167-б.
2756. Туздун өчүн турнадан ал. 167-б.
2757. Жамандын жай табары көп. 167-б.
2758. Эки нар жөөлөшсө, ортосунда кашка чымын кырылат. 167-б.
2759. Чымындан жооң болсо, тоодой кадык кыл. 167-б.
2760. Капарың кайда болсо, кадигиң ошондон. 167-б.
2761. Алдырган анасынын койнун ачат. 167-б.
2762. Караганга чымчык корголойт. 167-б.
2763. Бакыр киши маанада, сокур киши шоолада. 167-б.
№1397. 2764. Бакыр алдуу, кой шыйрактуу. 168-б.
2765. Берип убара берен болгуча, бербей сараң бол. 168-б.

2766. Жегенин кускан – чабалдын иши, көргөнүн айткан – жамандын иши. 168-б.

2767. Каса шумкар баласы саркыт койбой жем жебейт, кара куштун баласы карды тойбой кел дебейт. 168-б.

2768. Ынсапсызга кашык салса, беш ууртайт. 168-б.

2769. Берсе тойбос, куйса толбос. 168-б.

2770. Сунган моюнду суурган кылыч кеспейт. 168-б.

2771. Жаман сөз – сөөккө баскан тамга. 168-б.

2772. Аккан арыктан суу жүрөт. 168-б.

2773. Ордунда бар оңолот. 168-б.

2774. Бир чайнасаң май чайна, былпылдасын оозуңда. 168-б.

2775. Оору кор кылат, өлүм зар кылат. 168-б.

2776. Башы барга мал токтойт. 168-б.

2777. Түнттү түртмөйүнчө билбейт. 168-б.

2778. Эл оозу – элек. 168-б.

2779. Көпкөндүн көтүнөн чыгат. 168-б.

2780. Кар да кетер, кадыры да өтөр. 168-б.

2781. Чоң үйдөгү күлсө, кичүү үйдөгү ырсаят. 168-б.

2782. Ыйлагандын өлгөнү бар, күлгөндүн көргөнү бар. 169-б.

2783. Оосурактын башында от күйөт. 169-б.

2784. Жаманга жата берсе, үйүнө айта барат. 169-б.

2785. Бөрүгө кой кайтарткан. 169-б.

2786. Миң койлууга карышкыр тийсе, бир койлуу бычак ала чуркайт. 169-б.

2787. Жалгыз бала атка чапса, атасы көчүгүн көтөрөт. 169-б.

2788. Аштык айда жазында, ачка өлөсүң күзүндө. 169-б.

2789. Ат баспайм деген жерин үч басат, конбойм дегенди караңгы түн кыстап кондурат. 169-б.

2790. Момундун сары жыланча зыяны жок. 169-б.

2791. Эки кочкордун башы бир казанга кайнабайт. 169-б.

2792. Өпкө жокто карын бий, өрдөк жокто чулдук бий. 169-б.

2793. Үйүң толгон аш болсо, буюрганын ашарсың *(ашаарсың – Н.Ө.)*. 169-б.

2794. Там үй, тар босого. 169-б.

2795. Жеп жетөө болбойт, алып алтоо болбойт. 169-б.

2796. Тууганга кара санаган туура жарыбайт. 169-б.

№1398. 2797. Береген колум – алаган, майлуу колум жалаган. 170-б.

2798. Болом деген баланды базар жолун көргөзбө, болбойм деген баланды коё бергин казанга. 170-б.

2799. Казанга жакын болсо, көөсү жугат. 170-б.

2800. Койлуу катын куйрук жейт, эрдүү катын таяк жейт. 170-б.

2801. Чөпкө бергис такыр бар, байга бергис жакыр бар. Өгөөгө бергис бүлөө бар, экөөгө бергис бирөө бар. 170-б.

2802. Келиндин аягынан, койчунун таягынан. 170-б.

2803. Сокур орой, таз кыйык, бучукта бардыр аз кыйык. 170-б.

2804. Атаң жаман киши эле, энең жаман киши эле, эт бергендин күңү эле. 170-б.

2805. Сурап ичип тойбогон, сугалагын койбогон. 170-б.

2806. Алты катын асага барса, ар кимиси өз муңун айтат. 170-б.

2807. Өзү болгон уулдун атасын сураш не керек. 170-б.

2808. Арачачыга алты таяк. 170-б.

2809. Катын эрди карайт, эр жерди карайт. 170-б.

2810. Үттүү мончок жерде калбайт. (кыз) 171-б.

2811. Кумурска бел, куурай сан курган эрге кез келет. 171-б.

2812. Өнөрлүү өлбөйт. 171-б.

2813. Бөрүчү бүркүт өлүчү. 171-б.

2814. Кызыл короз, кыт короз кырманда экен, кыз албаган жигиттер арманда экен. 171-б.

2815. Аттан түштү, жоо өлдү. 171-б.

2816. Сынбасты уста жасабайт, өлбөстү кудай жасабайт. 171-б.

2817. Атам, энем бар болсун, оозу, мурду жок болсун. 171-б.

2818. Уугум сага айтам, уулум сен ук, керегем сага айтам, келиним сен ук. 171-б.

2819. Жер кулагы – жети, эл кулагы – элүү. 171-б.

2820. Өпкө кызыл кеч оңот, өтө кызыл тез оңот. 171-б.

2821. Чөптү кор көрсө, көзгө зыян. 171-б.

2822. Жекендүү көлдүн бал камыш жылкы салса, от жанат, уулу жаман болгон соң, атаны төө үстүнөн ит кабат. 171-б.

2823. Кубагыш ыркыраарсың, каппассың, мендей ээ таппассың. 171-б.

2824. Ириген ооздон чириген сөз чыгат, жаман үйдөн жаман түтүн чыгат. 171-б.

№1399. 2825. Арстан алганына кубанбай, чалганына кубанат. 172-б.

2826. Тең атанын уулу, теңиринин уулу. 172-б.

2827. Тең туугандын жаманы болгуча, ак буудайдын саманы бол. 172-б.

2828. Тең көргөндү теңирим сүйөт. 172-б.

2829. Кудай деген кул ачка өлбөйт. 172-б.

2830. Эки катын алыпмын, чоң балаага калыпмын. 172-б.

2831. Күнүнүн күлү жоо. 172-б.

2832. Эрдин эри, эгөөнүн сыныгы. 172-б.

2833. Тоорумду бирге тооруштук, качан көңүл ооруштук, чалгынды бирге чалыштык качан көңүл калыштык. 172-б.

2834. Ажырар карындашыңа унуткусуз сөз айт. 172-б.

2835. Сокурдун тилегени – эки көз, чекирдин тилегени – кара көз. 172-б.

2836. Улукман жашка тойбогон, Карымбай малга тойбогон. 172-б.

2837. Таяк тайга, тай атка жеткирет. 172-б.

2838. Кол колду билет, ат жолду билет. 172-б.

2839. Уй териси тон болбойт, урушчаак киши чоң болбойт. 172-б.

2840. Этекти кессе, жең болбойт, эсели душман эл болбойт. 173-б.

2841. Жар башында жапалак, жапалак көрсөң, атып өт, жаманды көрсөң, качып өт, жакшыга азат боюң сатып өт. 173-б.

2842. Карышты ыраак, сөөмдү жакын көрбө. 173-б.

2843. Токойдо жүрүп сайраган булбулдан муңдуу куш барбы, өлгөндөн жаман иш барбы. 173-б.

2844. Жардыга таарынба, жаманга өчөшпө. 173-б.

2845. Өлбөгөн кул алтын аяктан суу ичет. 173-б.

2846. Жумуру башта нелер жок. 173-б.

2847. Булбулдун мукам үнү бар, торгойдун доош тили бар. 173-б.

2848. Айыл консоң байларга, бир тармагың майларга. Айыл консоң чеченге, кеп түйүнүн чечерге. Бирге жатпа бит көргө, соода кылба сүткорго. 173-б.

№1400. 2849. Канаат курсак тойгузат. 174-б.

2850. Уурусу күч болсо, ээси өлөт. 174-б.

2851. Уруштун башы – бок жебе. 174-б.

2852. Кулдун аты кул экен, куюшканы жип экен. 174-б.

2853. Жаманга жакшылык кылба. жоорго бок сыйпаба. 174-б.

2854. Балакеттен машайык качат. 174-б.

2855. Карыш ажыраган карыгыча кошулбайт. 174-б.

2856. Бөлүнгөндү бөрү жейт, жарылганды ууру алат. 174-б.

2857. Мээнет кетпейт бечелден, кеп кутулбайт чеченден. 174-б.
2858. Тойгон, таткан окшош. 174-б.
2859. Ит жүгүрүгүн түлкү сүйбөйт, оору киши күлкү сүйбөйт. 174-б.
2860. Жасакер катын жатканча таяк жейт. 174-б.
2861. Акылы жок күлкүчү, санаасы жок уйкучу. 174-б.
2862. Күч атасын жыгат. 174-б.
2863. Ар кимдин жери – өзүнө мисир. 174-б.
2864. Терек бир жерде көктөйт. 174-б.
2865. Отурган кыз орун алат. 175-б.
2866. Кары кызга таң атпайт. 175-б.
2867. Бакыр болсоң макмал кий. 175-б.
2868. Теректей бой бергиче, теменедей акыл берсин. 175-б.
2869. Ала бата шарга бүтөт, акылсызга сакал бүтөт. 175-б.
2870. Жакшыдан мөөн туулат (жаман), жамандан жаан (жакшы). 175-б.
2871. Баланы жашынан, келинди башынан (башкар). 175-б.
2872. Сыймыгы качкандын үй-бүлөсүнө баркы болбойт. 175-б.
2873. Багы жоктун баары жок. 175-б.
2874. Карга карганын көзүн ойбойт. 175-б.
2875. Ууру карыса, сопу болот, жалап карыса бүбү болот. 175-б.
2876. Төөнүн мазар менен иши жок. 175-б.
2877. Тай табылгыча таяк ылоо, ат табылгыча аяк ылоо. 175-б.
2878. Атты арыганда көр, эрди карыганда көр. 175-б.
№1401. 2879. Байгеден озгон орок баш, машкулу болгон чолок чач. 176-б.
2880. Айдын он беши жарык, он беши караңгы, темирдин бир башы ысык, бир башы суук. 176-б.
2881. Кырк иттин куйругун кыркып, чолок итке куйрук таккан. 176-б.
2882. Бечел турса, жер өрттөйт. 176-б.
2883. Туягы бүтүн тулпар жок, канаты бүтүн шумкар жок. 176-б.
2884. Каз каркылдайт саз жерде, эр баркылдайт тар жерде. 176-б.
2885. Болбогонго болушпа. 176-б.
2886. Мал маарап чоңоёт, бала ыйлап чоңоёт. 176-б.
2887. Аш аттуунуку, той тондуунуку. 176-б.
2888. Ырыс качса, тууш койбойт. 176-б.
2889. Жалдуу болсо ат, жакалуу болсо тон. 176-б.
2890. Катын карыбаспы, каны коюлбаспы. 176-б.

2891. Сурай- сурай Меккеге барат. 176-б.

2892. Базар бар, бактыңдан көр. 176-б.

2893. Жутаган журтун мактайт. 176-б.

2894. Булут чайнап, муз бүрккөн. 177-б.

2895. Кишинин аты терчил, кишинин кийими кирчил. 177-б.

2896. Ишенген молдоң сууга акса, алды-алдыңдан тал карма. 177-б.

2897. Жаңы туулган баланын кан болорун ким билет, бий болорун ким билет. 177-б.

2898. Жаман эрге мал бүтсө, жанына коңшу кондурбайт, жаман атка жал бүтсө, жанына торсук байлатпайт. 177-б.

2899. Эл байынан жер байы. 177-б.

2900. Ыйлашарга өз жакшы, сыйлашарга жат жакшы. 177-б.

2901. Чегирткенин алын көрүп, канын сор. 177-б.

2902. Кулжанын куулугу түшөт деп, түлкү ачка өлүптүр. 177-б.

2903. Жалт берген жылкыдай, мант берген түлкүдөй. 177-б.

2904. Байдын баласы, айраның, айраның болбосо, чыгарар элем ойронуң. 177-б.

№1402. 2905. Бойлукта байлык жок. 178-б.

2906. Кулду кул десе, өлгүсү келет, байды кул десе күлкүсү келет. 178-б.

2907. Үйүндө тынчы жоктун талаада кош баракаты бар. 178-б.

2908. Ырысы жоктун ырымы күч. 178-б.

2909. Болор кулун желеде болкуйт, болор бала бешикте болкуйт. 178-б.

2910. Көрбөгөнгө көтөн таң, көгала итке куйрук таң. 178-б.

2911. Көргөн жолду атаңа бербе. 178-б.

2912. Жакшылардын сөздөрү май сепкендей, жамандардын сөздөрү тай тепкендей. 178-б.

2913. Төөнү сел алса, эчкини асмандан көр. 178-б.

2914. Караңгынын көзү жок. 178-б.

2915. Алты коюмдун куйругу бар, ар кошко барсам, кет дебейт. 178-б.

2916. Карыз арасына суу жүрбөйт. 178-б.

2917. Ээсине керек болсо, коңшусу таарынбайт. 178-б.

2918. Оозу карага да жетерсиң, оозуңду ачыпта *(ачып да – Н. Ө.)* турарсың. 178-б.

2919. Таарыныч айткан жезде чыгат. 179-б.

2920. Көйнөктүн кирин жууса, кетет, көңүлдүн кирин айтса, кетет. 179-б.

2921. Жоргодон жорго чыкса, төрт аягы тыбырайт. 179-б.

2922. Жуттан жук калат. 179-б.

2923. Атка бергис кунан бар, кызга бергис жубан бар. 179-б.

2924. Баатыр табат, батман жейт. 179-б.

2925. Бар карындаш батууда болбосун, жок карындаш жолдо отурбасын. 179-б.

2926. Кардалдуу жерде карындашың болсо, кара жерде кемең жүрөт. 179-б.

2927. Шуркуя катындан шылдыңчыл уул туулат. 179-б.

2928. Чымчык чоңоюп бүркүт болбойт. 179-б.

2929. Төөчө артыңдан сийбе. 179-б.

2930. Тегеренме теңге таш, делбе болдук бала жаш. 179-б.

2931. Кулактууга сөз айтса, кулагынын кашында, кулаксызга сөз айтса, кубагырдын башында. 179-б.

2932. Бир айткан сөздү кабыл кылганды падыша де. 179-б.

2933. Өзү билбес, билгендин тилин албас. 179-б.

№1403. 2934. Кедейдин бир тойгону – орто байыганы. 180-б.

2935. Жакшылардан сөз калат, соодагерден бөз калат, усталардан дат калат, молдолордон кат калат. 180-б.

2936. Жакшы деген бир атты кууса жетпейт, жаман деген бир атты жууса кетпейт. 180-б.

2937. Ат асмандан. 180-б.

2938. Ымыркай бала куштун көлөкөсүнө тоңот. 180-б.

2939. Коёндун териси бир күнү чарыкка чыдайт. 180-б.

2940. Өтпөс бычак алгыча, тиштеп жегин тойгуча, жаман катын алгыча, султан өткүн өлгүчө. 180-б.

2941. Силер кетти деп ыйласаңар, мен кайра келет деп ыйлап жатам. (жаман кызды бергендеги сөз) 180-б.

2942. Миң койду бир чыбык менен айдайт. 180-б.

2943. Уулдан уят кетсе, келинден келбет кетет. 180-б.

2944. Ырыстууга жуучу келет, ырысы жокко доочу келет. 181-б.

2945. Бирөөнүн өлүмүн тилегиче, өз өмүрүңдү тиле. 181-б.

2946. Жуучулукка кордук жок, элчиликке өлүм жок. 181-б.

2947. Каптын кагынчыгы, карындын түбү. 181-б.

2948. Эсиңе алсаң, эски сүрүңдөн сактабас белең. 181-б.

2949. Асылган оору албай койбойт. 181-б.

2950. Учуктун түбү бучук. 181-б.

2951. Өгүз баштаса, өлөң чөпкө, инек баштаса, ийри жарга. 181-б.

2952. Такыялуу башка далай иш. 181-б.

2953. Түтүнү башканын түйшүгү башка. 181-б.

2954. Тобокелде кайгы жок. 181-б.

2955. Суулар агат сай менен, шам жанат го май менен. 181-б.

2956. Араба май менен жүгүрөт. 181-б.

2957. Жандоочу кийик аттырат. 181-б.

2958. Кара өскөй болбой доо болбойт, капсалаң болбой жут болбойт. 181-б.

2959. Кардың ачса, карындаш изде. 181-б.

2960. Жыгылган күрөшкө тойбойт. 181-б.

№1404. 2961. Аркар , кулжа зоонуку, арпа, буудай боонуку, эчки, теке чердики, атып алган эрдики. 182-б.

2962. Байге аты караалдаш. 182-б.

2963. Алма сабагынан артык эмес. 182-б.

2964. Бир катындын мекери кырк эшекке жүк болот. 182-б.

2965. Шумкарды жүнүнөн тааны, жакшыны үнүнөн тааны. 182-б.

2966. Катын үндүү эркектен түңүл, эркек үндүү катындан түңүл. 182-б.

2967. Малды табат эрдин эри, малдын күнүн көрөт катындын соңку эри. 182-б.

2968. Ширелүү тайлар ат болду, сирке баш күңдөр баш болду. 182-б.

2969. Жамандын кою да өлөт, өзү да өлөт. 182-б.

2970. Мен көргөмүн чан данды (*чанданды – И. С.)*, бой көтөргөн дардаңды. Мен көргөнмүн көпкөндү, көп чогулуп келгенде төөчө жатып чөккөндү. 182-б.

2971. Акты кара, караны чара кылат. 182-б.

2972. Уяда эмне көрсө, учканда ошону кылат. 182-б.

2973. Жээн киргиче, жети бөрү кирсин. 183-б.

2974. Жээн эл болбойт, желке тон болбойт. 183-б.

2975. Жегениңди көп көрбөйм, алыштырганда аз болбосо. 183-б.

2976. Түн бакырдыкы. 183-б.

2977. Эр карып эшек түшөбөйт, катын карып пакта *(пахта – Н. Ө.)* түшөбөйт. 183-б.

2978. Ит кутурса, ээсин кабат. 183-б.

2979. Жаман катын алгандын жоо үйүндө, эки катын алгандын доо үйүндө. 183-б.

2980. Ак шумкар чабытына карайт, кара шумкар кардына чабат. 183-б.

2981. Өздү жаттай сыйлагын, жат жанынан түңүлсүн. 183-б.

2982. Алты олоңум бек болсо, атым туйлап не кылат, алганым өзүң деген соң, абысын айтып не кылат. 183-б.

2983. Төөнүн куйругу жерге түшкөндө, эчкинин куйругу көккө чыккан (да) боло турган иш, төө жаңгак чычканда. *(б. а. Төө жаңгак чычканда, эчкинин куйругу көккө чыкканда боло турган иш. Маанисси: Эч качан ишке ашпай турган иш. – И. С.)* 183-б.

2984. Аста бырылданын казаны акырын кайнап, тез бышат. 183-б.

2985. Үйдө туруп ой ойлосом, кулундуу, бээлүү тай тиет, талаага барсам аягым анда эле мунда бир тиет. 183-б. *(Эскертүү:Жакшы окулбайт, бирок 17-бетте даана жазылган. – И. С.)*

№1405. 2986. Айып айдагандыкы, кун куугандыкы. 184-б.

2987. Жумурунда уузу жоктон пайда жок. 184-б.

2988. Ата көргөн ок жонот, эне көргөн тон бычат. 184-б.

2989. Эр жакшысы кошто бар. 184-б.

2990. Урушпай айрылган уялбай кошулат. 184-б.

2991. Баланын бары да балаа, жогу да балаа. 184-б.

2992. Жоонду жонуп же. 184-б.

2993. Кекти капырга берген. 184-б.

2994. Өктөгөн жанга өлүм бар. 184-б.

2995. Миң күнкү бейиштен бир күнкү жарыкчылык. 184-б.

2996. Жылкыңа карап ышкыр. 184-б.

2997. Тек сурамак сүннөттөн, нарк сурамак келбеттен. 184-б.

2998. Оору калат, адат калбайт. 184-б.

2999. Уурдаган таап алдым дейт, калп айткан ойноп айттым дейт. 184-б.

3000. Ат оонаган жерде түк калат. 184-б.

3001. Уурунун бир бети кара, агактын *(айгактын – И. С.)* эки бети кара. 184-б.

3002. Жан бергендин жанына турба. 185-б.

3003. Дөөлөт томолок, мээнет жашыкка илээшкен чөп. 185-б.

3004. Жашта берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү. 185-б.

3005. Жаман көргөндүн бөркү казанбактай. 185-б.

3006. Жылуу сүйлөсө, жылан ийинден чыгат, катуу сүйлөсө, капыр динден чыгат. 185-б.

3007. Төгүлгөн аяк толугу менен тийбейт. 185-б.

3008. Доодон тийгенин ал. 185-б.

3009. Жакшы зайып алмадай камыр аш этет, айылдын көөнүн кош этет. жаман зайып тулгадай камыр жуурат, тутамдап кылын суурат, эшиктен эки бала кирсе, эринин аманат жанын куурат. 185-б.

3010. Дос айрылат, сөөк кайрылат, эң жаманы суу кечирет. 185-б.

3011. Өз жаманы өлгүчө билинбейт, кишинин жаманы кирип чыкканча билинет. 185-б.

№ 1406. 3012. Саяк жүрсөң, таяк жээрсиң. 186-б.

3013. Тамакты бир тууш ичет, бир кууш ичет. 186-б.

3014. Тез жанында ийри жыгач жатпайт. 186-б.

3015. Мылтык деген жан деген, мылтыктан кийин ал деген. 186-б.

3016. Жоо кеткен соң, кылычыңды бокко чап. 186-б.

3017. Аттын аты улук, төөнүн талпагы улук. 186-б.

3018. Атадан уул туумак керек, ата жолун куумак керек. 186-б.

3019. Жортуулчу башы жолдо калат. 186-б.

3020. Ат мүдүрүлбөй жер тааныбайт. 186-б.

3021. Жаңылбас жаак болбойт, мүдүрүлбөс туяк болбойт. 186-б.

3022. Кыдыр назар кылбай, эшек базарына далдалчы болбойт. 186-б.

3023. Бекер - кудайдын душманы. 186-б.

3024. Иттүү конок батпайт, биттүү конок жатпайт. 186-б.

3025. Кепил (?) болгуча, кемин кий. 186-б.

3026. Конок койдон жоош. 186-б.

3027. Жаман үйдүн коногу билет. 186-б.

3028. Буюрбаган ашыңа жөө конок келсин кашыңа. 186-б.

3029. Текебер башка кээ болор, тулпарды тууган бээ болор. 187-б.

3030. Сураганга эки бер, суусаганга жеке бер, кыла көрбө текебер. 187-б.

3031. Ооз – дарбаза, сөз – бороон. 187-б.

3032. Кербен кечет, ит үрөт. 187-б.

3033. Суунуку сууга. 187-б.

3034. Суламада ууга кеткен малым. 187-б.

3035. Кызылды кийим дебеңер, ашта-тойдо бир киер, кызды балам дебеңер, кайда өлгөнүн ким билер. 187-б.

3036. Мал арстандын оозунда, дүттүкөндүн түбүндө. 187-б.

3037. Тооксуз эле таң атат. 187-б.

3038. Чоркок төөнү жаза муштайт. 187-б.

3039. Жамандын жаны татты *(таттуу – Н. Ө.)*, жакшынын ары татты *(таттуу – Н. Ө.)*. 187-б.

3040. Кыздуу кыр ашат. 187-б.

3041. Атанын сүйбөс уулу түн тутат. 187-б.

3042. Өгөйдүкү өөнчүл. 187-б.

3043. Зордун түбү кор болот, байдын түбү ачка өлөт. 187-б.

3044. Алты черик тондору менен батпайт, бир чоң багыш бутун тырмалап жатпайт. (чокоюн чечкени) 187-б.

3045. Эки тоо кошулбайт, эки киши кошулат. 187-б.

№ 1407. 3046. Опсуздун оюну жаман, энесин көткө саят. 188-б.

3047. Эшегине жараша тушагы, соодасына жараша кашкасы. 188-б.

3048. Бар барынча, жок алынча. 188-б.

3049. Ташты эриткен – аш. 188-б.

3050. Ат жакшысы боз болот, эр жакшысы таз болот. 188-б.

3051. Кырк жылы кыргын болсо, бейажал чымын өлбөйт. 188-б.

3052. Буканын мурду карыбайт, эрдин көөнү карыбайт. 188-б.

3053. Аштан алакчы болгуча, аттан жөө, тондон жылаңач кал. 188-б.

3054. Күлүк күнүндө, жорго жолунда. 188-б.

3055. Сөөлдүн пайдалуусунун улактуу эчкилик зыяны бар. 188-б.

3056. Бакшыга барса, бак дейт, бүбүгө барса, бүк дейт. 188-б.

3057. Ырыс алды – ден соолук, андан кийин ак жоолук. 188-б.

3058. Арпа, буудай аш болот, алтын, күмүш таш болот. 188-б.

3059. Жорго минген жолдошунан айрылат, көп жашаган курдашынан айрылат. 188-б.

3060. Жай – бейиштин белгиси, кыш – тозоктун белгиси. 189-б.

3061. Жакын жол – жакын да болсо ыраак жол, ыраак жол –ыраак да болсо жакын жол. 189-б.

3062. Бирөө кечерге кечүү таба албаса, бирөө ичерге суу таба албайт. 189-б.

3063. Укмуштуунун төөсү жорго. 189-б.

3064. Сыр аяктын сыры кетсе да, сыны кетпейт. 189-б.

3065. Бай жарды болсо, үч жылы байлыгын коё бербейт, жарды бай болсо, үч жылы жардылыгын коё бербейт. 189-б.

3066. Адам ниетинен табат. 189-б.

3067. Эмдик боз минсең, оозун тарт, элдүү жерде тилиң тарт. 189-б.

3068. Бутунан мүдүрүлгөн турат, оозунан мүдүрүлгөн турбайт. 189-б.

3069. Жаман уй жарда музоолойт. 189-б.

3070. Эшек сайда диңкилдейт, маалим болсун баткакта. 189-б.

3071. Эчки тууй албай жатып, койго аначы кирет. 189-б.

3072. Бороондуу күнү бок кычайт. 189-б.

3073. Койчунун кызы кой келгенде иш кылат. 189-б.

№ 1408. 3074. Бир устаныкын бир уста керки , балталык иши бар экен дейт. 190-б.

3075. Жоголгон бычактын сабы – алтын. 190-б.

3076. Бөрү карыса, бир койлук алы бар. 190-б.

3077. Жыланды үч кессе, кескелдириктик алы бар. 190-б.

3078. Сен – каркыра, мен – турна, мен турган жерге сен турба. 190-б.

3079. Өткөн күндө белги жок, салып койгон тамга жок. 190-б.

3080. Чычкан (*га – Н. Ө.)* өлүм, мышыкка күлкү. 190-б.

3081. Кандын үйүнүн тардыгы, кара алачыгымдын кеңдиги. 190-б.

3082. Токол эчки мүйүз сурайм деп, кулагынан айрылыптыр. 190-б.

3083. Жандуунун жаны башка. 190-б.

3084. Бир үйдүн жарыгы бир үйгө тийбейт. 190-б.

3085. Төрөбөгөн катындан улактуу эчки өйдө. 190-б.

3086. Айыл конбой, сырдаш болбойт, коно жатпай, кепке тойбот. 190-б.

3087. Жесе да, жебесе да бөрүнүн оозу кандуу. 190-б.

3088. Жорумун, беш тырмагым жогунан аты куштун корумун. 190-б.

3089. Азык-түлүгүңдү жеринен сүрө. 190-б.

3090. Төркүнү жакындын төшөгү жыйылбайт. 191-б.

3091. Акылсыз акмак достон душман артык, өлүп калган арстандан чычкан артык. Кээ жамандын колуна кавхар түшсө, баасын айыра албайт, мистен артык. 191-б.

3092. Акылсыз арам сөзгө семирет. 191-б.

3093. Эсиң кетсе, эчки бак. 191-б.

3094. Эчки эгизди тууйт, ит сегизи тууйт, жолборс бирди тууйт, бир жолборс миң иттин жолун буйт. 191-б.

3095. Жоо аяган жаралуу, катыны калат каралуу. 191-б.

3096. Дөөлөр келсе, шаалар көчүгүн кысат. 191-б.

3097. Бедери жок торкодон бек токуган бөз артык, медери жок туугандан бек кармашкан жат артык. 191-б.

3098. Алтын ээр ак кабак, ат жоорутар болгон соң, алтынын алып, отко жак, айланар тууган болбосо, арсаңдап күлүп жатка жак. Күмүш ээр ак кабак, ат жоорутар болгон соң, күмүшүн алып, отко жак, күйөр тууган болбосо, күлүмсүрөп жатка жак. 191-192-бб.

№ 1409. 3099. Жөөнүн топосу чачылбайт, жалгыздын сөзү өтпөйт. 192-б.

3100. Жар жыгылса, суу бөгөйт, жалгыз өлсө, ким жөлөйт. Жар жыгылса, суу чыкпайт, жалгыз өлсө, чуу чыкпайт. 192-б.

3101. Сөзгө сөлтүк, кепке кемтик болбо. 192-б.

3102. Жамап кий, жалап ич. 192-б.

3103. Карынын . . . *(кебин – Н. Ө.)* капка сал. 192-б.

3104. Келген жериңден кеткен жериң аруу болсун. 192-б.

3105. Өз агасын агалай албаган киши агасын сагалайт. 192-б.

3106. Катынга акыл салса, төркүнгө көчөлү дейт. 192-б.

3107. Итке темирдин баркы жок. 192-б.

3108. Кул качары менен, күң өлөрү менен коркутат. 192-б.

3109. Кул менен куймак кустурбай койбойт. 192-б.

3110. Жардылык жанга тынч экен, жатып ичер аш болсо. 192-б.

3111. Эти тургай табагын таппай калыптыр. 192-б.

3112. Бөрү баласы ит болбойт. 193-б.

3113. Карыганда катындар кыңшылап сүйлөп кыз болбойт. 193-б.

3114. Үйрөнгөн ит жолборсо үрөт. 193-б.

3115. Базарлуу жоо менен байкуш уул кармашат. 193-б.

3116. Кызынын аты – Кымызбек, кылт этерге кымыз жок, уулунун аты – Жууратбек, шимирүүгө айран жок. 193-б.

3117. Ачкөздүн өзү тойсо да, көзү тойбойт. 193-б.

3118. Балга ишенбе, балсыз да жүрбө. 193-б.

3119. Ат жоорутмак тердиктен, найза салмак эрдиктен. 193-б.

3120. Кошоматка кой союп, өкүл кызга тай соёт. 193-б.

3121. Достун түбү – доо. 193-б.

3122. Калыс кар болбойт. 193-б.

3123. Чечен алжыса, богун жейт. 193-б.

3124. Кардын какаары бар, эрден чыгар катындын такоолу бар. 193-б.

3125. Акылды шайтан азгырат, адамды дөөлөт мас кылат. 193-б.

3126. Топук кылсаң, тоёрсуң, төлөп ууруң коёрсуң. 193-б.

3127. Ачканын аңы жүрбөйт. 193-б.

3128. Арам жеген бура баспайт. 193-б.

3129. Ачтын тогу, арыктын семизи болот. 193-б.

№1410. 3130. Жаман айгыр энесине тап. 194-б.

3131. Ак дегенге айла жок. 194-б.

3132. Мурунку конок кийинки конокту сүйбөйт. 194-б.
3133. Алакандай бейишти кожо менен молдо алды. 194-б.
3134. Кылгылыкты кылып, кымызга ууну куюп. 194-б.
3135. Аш аз болсо, ээсин сыйлайт. 194-б.
3136. Кош-кош десе, куяңкы кой кошокко кирет. 194-б.
3137. Көрпөнү күндө кийсе түлкү, түлкүнү күндө кийсе күлкү. 194-б.
3138. Иттин суук тумшугу көчүккө тийсе, атанын төрү тургай, көрүнө кире качат. 194-б.
3139. Каймакка куймак куйгандай, калмакка нике кыйгандай иш. 194-б.
3140. Кетер кызды кеңкип кал. 194-б.
3141. Кудай кылды, куш кылды, курган эрге туш кылды. 194-б.
3142. Багы байланып, базары түгөнүп. 194-б.
3143. Каргайын деймин, балаң жалгыз, каргабайын деймин . өзүң байкуш. 194-б.
3144. Кеңешип кескен кол оорубайт. 194-б.
3145. Кудай айдаса, турамын, адам айдаса, басамын. 195-б.
3146. Атаң алтымышка чыкканда алдап-соолап күчүн ал. 195-б.
3147. Табарына сүйүнбөй, турарына сүйүн. 195-б.
3148. Алтынды чыккан жеринен каз. 195-б.
3149. Туубагандын түбү чий. 195-б.
3150. Абыра, сабыра ашка орток, атанын сүйбөс уулу малга орток. 195-б.
3151. Барган жериң бакты, кыз көөнүңө жактыбы. 195-б.
3152. Ит итаягын жалабай алымсынбайт. 195-б.
3153. Соодада көңүл жок, саламда борчтук жок. 195-б.
3154. Эт кеткенде бет калат, элге жаман ат калат. 195-б.
3155. Кары келсе, ашка, жаш келсе, ишке. 195-б.
3156. Жеп жети болбойт, алып алты болбойт. 195-б.
3157. Адам маңдайга жазылгандан өтө албайт. 195-б.
3158. Кылып ичкен – кыйын аш, кыдырып ичкен – оңой аш. 195-б. № 1411. 3159. Тили буруунун ашын ичип, отурган шырдагын бычакта. 196-б.
3160. Төшөктүн жылуусун ээси билет. 196-б.
3161. Эриксең от жак, үшүсөң от жак. 196-б.
3162. Көчпөй, конбой каралуу катын жоголот. 196-б.
3163. Сүйүнгөндөн маңдай жарылбайт, корккондон жүрөк айрылбайт. 196-б.
3164. Колго түшкөн казакмын, калай кылсаң алай кыл. 196-б.

3165. Ай (*т – Н. Ө.)*паганга кара уруштан айтпайт. 196-б.
3166. Ала кушту атынан чакырат. 196-б.
3167. Эрдин даңкын ыраактан ук. 196-б.
3168. Чоку барда мал жокпу, чогулуп арак ичели. 196-б.
3169. Өлөңдү өрттөп, кара сууга кан куйган. 196-б.
3170. Бир күндө үч көчкөн журттай түңүлдү. 196-б.
3171. Түңүлбөгөнүм түндө жатып үч турат. 196-б.
3172. Аткан окту житкен ок табат. 196-б.
3173. Көзү бозоргон там сүзөт. 196-б.
3174. Ар ким өзүнө жакканын кылат. 196-б.
3175. Кара болсо болсун, карап отурган ал жаман, тору болсо болсун, томсоруп отурган ал жаман. 197-б.
3176. Каласа, кар күйөт. 197-б.
3177. Кыздын кырк чачы улуу. 197-б.
3178. Он экинин бири жок, уй байларга жиби жок. 197-б.
3179. Колго тийген коёнду коё берген оңорбу. 197-б.
3180. Чыдаганга чыгарган. 197-б.
3181. Күңдү коёт эркине, күндө чычат бөркүнө. 197-б.
3182. Бөөдө соку издетти. 197-б.
3183. Керек жокту таптырат. 197-б.
3184. Чагылгандай көздөнгөн, чак эткендей сөздөнгөн. 197-б.
3185. Таздын бити саналуу. 197-б.
3186. Малдын аласы да, куласы да болот. 197-б.
3187. Адам сүйлөшкүчө, айбан кашынышкыча. 197-б.
3188. Жабылуу аяк жабылуу бойдон калды. 197-б.
3189. Өчпөстүн отун жагып, өлбөстүн күнүн көрөт. 197-б.
3190. Өлөр-өлбөс жан менен, өпкө-боор сан менен. 197-б.
№ 1412. 3191. Жаман ит ууга жарабайт. 198-б.
3192. Жаман ууга чыкса, артынан коога чыгат. 198-б.
3193. Корксо да, коркпосо да, кой өлөт. 198-б.
3194. Куу ылачын теппеген, кубулуп жерге түшпөгөн кууда бүтүн бар бекен. Кара ылачын теппеген, калдайып жерге түшпөгөн казда бүтүн бар бекен. Боору бүтүн, башы эсен адамда бүтүн бар бекен. 198-б.
3195. Бозала борук, болбогон жорук. 198-б.
3196. Этке жетпей туз тынбайт, эрге жетпей кыз тынбайт. 198-б.
3197. Кетинди бийлер кетилди, чапчакта бозо жетилди, жалгыздын башы кесилди. 198-б.

3198. Тапкан сүйүнөт, тааныган алат. 198-б.

3199. Бөрү жок десе бөрк алдынан, ууру жок десе жар алдынан. 198-б.

3200. Аш ээси менен, баш мээси менен. 198-б.

3201. Буламыкты кылган катын кылат. 198-б.

3202. Жаман атты буйга мин, түнөп калган уйга мин. 198-б.

3203. Күйгөн катын кошокчу болот. 198-б.

3204. Конокко аш кой, эки колун бош кой. 198-б.

3205. Аш аз болсо, ээсин сыйлайт. 198-б.

3206. Карында качы көкбөрү, курсакта куугунтук жеген көкбөрү. 198-б.

№ 1413. 3207. Байталым жаның үчүн чуркайсың. 199-б.

3208. Күлойрон күйбөйүн эле десем, өзүң күйгүзүп жатасың. 199-б.

3209. Өздөн көрө жат жакшы, өзбектен көрө сарт жакшы. Өзү билгендерин иштеп жаткан көчмөн элди өзүн өзү билген өзбектер деп айтылган. 199-б.

3210. Ыклас кылса, ит мазар. 199-б.

3211. Бакыр киши маанада, сокур киши шоолада. 199-б.

3212. Жаныңа ким күйсө, жандай досуң – ошол. 199-б.

3213. Ала болсоң, алдырарсың. 199-б.

3214. Өзүңдөн жогоруга каршы пикир кыл, төмөнкүгө карап шүгүр кыл. 199-б.

3215. Жалпы жылдыз биригип жарыктыгы айча жок, жалпы кедей биригип берекеси байча жок. 199-б.

3216. Кырмандан да шыпырынды калат. 199-б.

3217. Ооруда жанчуу жаман, сөздө каңкуу жаман. 199-б.

3218. Оомалуу-төкмөлүү дүнүйө. 199-б.

3219. Көбүнө шүгүр, азына канаат кыл. 199-б.

3220. Тайлуу бээге жолобо, тайы тебет башыңа. 199-б.

3221. Балалуу көткө бармагыңды катпа. 199-б.

3222. Көк күчүк арабага корголоп, көлөкөлөп жатып, арабаны мен тартып жүрөм деп айтыптыр. 199-б.

№ 1414. 3223. Чапкан сайын көз чыкпайт. 200-б.

3224. Сологойдун оңу да болот. 200-б.

3225. Кулак укканды көз да көрөт. 200-б.

3226. Оюн чын болот, ойнош эр болот. 200-б.

3227. Мингениң айгыр, жатып да кайгыр, туруп да кайгыр. 200-б.
3228. Жаңдоочу кийик аттырат. 200-б.
3229. Тизе жерге тийсе, бет кара болот. 200-б.
3230. Жашыңда кылсаң көнөрсүң, карыганда кылсаң өлөрсүң. 200-б.
3231. Он экинин бири жок. уй байларга жиби жок. 200-б.
3232. Эшекти отко айдаса, бокко. 200-б.
1962-ж. жазгандарым
3233. Көрбөгөнгө көтөн таң, көгала итке куйрук таң. 200-б.
3234. Байталым жаның үчүн чуркайсың. 200-б.
3235. Кызыганды кымыз чыгарат. 200-б.
3236. Көпкөндүн көчүгүнөн чыгат. 200-б.
3237. Калпты чындай, аксакты тыңдай кылат. 200-б.
3238. Бетке айткандын заары жок. 200-б.
3239. Бетке айткандын заары жок. 200-б.
№ 1415. 3240. Ак буудай айдап өндүрөт, ар жорукка көндүрөт. 201-б.
3241. Үйдө калган менен каш *(кош – И. С.)* артпа. 201-б.
3242. Ооруп турдум, ойноп турдум. 201-б.
3243. Ээсин сыйласаң, итине сөөк ташта. 201-б.
3244. Өзү болгон уулдун атасын сурап нетесиң. 201-б.
3245. Казага ыраазы, балаага сабыр. 201-б.
3246. Өктөгөн жанга өлүм бар. 201-б.
3247. Иттин суук тумшугу көчүгүңө тийсе, атаңдын төрү тургай, көрүнө кире качасың. 201-б.
3248. Ишиң оңолгуча итиңе кош арт. 201-б.
3249. Жан көчүгүнө жабагы жалынса деле баягы. 201-б.
3250. Катын намыс *(ынан? – И. С.)* кара киет. 201-б.
3251. Ородойдун он тамыры бир келет. 201-б.
3252. Жебесе да май жакшы, бербесе да бай жакшы. 201-б.
3253. Желмогуздун улам кийинкиси кыйын. 201-б.
3254. Кийик атып эт бербесе, тоодогусу жакшы. Бээ саап кымыз бербесе, жоодогусу жакшы. 201-б.
3255. Ат казыгына айланат. 201-б.
3256. Өгүз өлбөгүдөй, инек соолбогудай. 201-б.
3257. Ачта жеген куйкаңды токто унутпа, токто жеген куйкаңды тепти (?) унутпа. 201-б.
3258. Туугандын азары болсо да, безери болбойт. 202-б.
3259. Уят барда ыйман бар. 202-б.

3260. Мактаган жеткирет, чаккан өлтүрөт. 202-б.
3261. Эр эгиз, эмгектүү жалгыз. 202-б.
3262. Иниси бардын ырысы бар. 202-б.
3263. Ынтымак барда ырыс бар. 202-б.
3264. Колдо жоктун кордугу чоң. 202-б.
3265. Чоңго чоң аягыңы атап ич. 202-б.
3266. Он эки аякка бир каруу. 202-б.
3267. Укмуштуунун төөсү жорго. 202-б.
3268. Келген жериңден кеткен жериң аруу болсун. 202-б.
3269. Өзүмдөн ыраак төркүнүмө. 202-б.
3270. Эрди катын урушат, эси кеткен болушат. 202-б.
3271. Менменсингендин тобосу жүрбөйт. 202-б.
3272. Кимдин жерин жердесең, ошонун ырын ырда. 202-б.
3273. Байдын ашын байкуш аяйт. 202-б.
3274. Эшектин күчү адал, сүтү арам. 202-б.
3275. Сокур көргөнүн койбойт, дүлөй укканын койбойт. 202-б.
№ 1416. 3276. Жер кулагы жети. 203-б.
3277. Береген колум алаган, майлуу колум жалаган. 203-б.
3278. Ач кулагымдан тынч кулагым. 203-б.
3279. Сабасына жараша бишкеги, мурутуна жараша искеги. 203-б.
3280. Кар да кетер, кадыры да өтөр. 203-б.
3281. Куру аякка бата жүрбөйт. 203-б.
3282. Кыздуу үйдө кыл жатпайт. 203-б.
3283. Урушпас уул, керишпес келин болбойт. 203-б.
3284. Аяк, табак кагышат, ага-ини чабышат, аягында табышат. 203-б.

МАЗМУНУ

СЕМЕТЕЙ

Семетейдин Үргөнчкө жөнөгөнү 3
Аттар 6
Айчүрөктүн түшү 8
Кыздар 10
Акун кандын шаарынын көрүнүшү 11
Дүрбү 11
Булдурсун 14
Тайбуурулдун чуркашы 14
Үргөнчтүн көрүнүшү 15
Сууну кечүү 15
Күлчоронун Айчүрөккө беттешкени 16
Күлчоро 17
Айчүрөк 18
Күлчоро 18
Айчүрөк 18
Күлчоро 18
Семетейдин Айчүрөккө беттешкени 19
Айчүрөк 21
Семетей Күлчорону жемелегени 21
Күлчоронун сөзү 22
Айчүрөктүн сөзү 22
Семетейдин сөзү 23
Айчүрөктүн сөзү 25
Айчүрөк Семетейди шаарына алып барганы 26
Толтойдун чалгынга калганы 29
Суркоен 33
Толтой 33

ТОЛТОЙДУН ЖОМОГУ

Көкөтөйдүн ашы 38
Бокмурун 38
Ашка элди чакыртканы 39
Мааникер 40
Ашка келгендер 41
Ашка Манастын келиши 43
Агыш менен Нескара баатырларды сынашкандары 45

Калмактын Кара таз ырчысы хандарды мактаганы 52
Коңурбай Мааникерди сураганы 53
Кемегеге ат чабылганы 55
Эт тартканы 58
Аттарды чубатууга салганы 59
Күрөш 61
Кошойдун арманы 63
Каныкей 67
Эңиш 68
Төө чечиш 70
Жамбы атыш 71
Сайыш 71
Аттардын келиши 74
Манастын Акун ханга бел куда болгону 77
Аштын тарашы 78
Чынкожо, Толтойдун өлүмү 79
Чынкожо 80
Кара ат 80
Акун хан Айчүрөктү көчүргөнү 86
Семетейдин элине келиши 88
Коңурбайдын күтүнүшү 89
Семетейдин Коңурбайга жоортулу 90
Семетейдин камынышы 91
Семетейдин сөзү 93
Бакайдын сөзү 94
Сары хандын сөзү 95
Кара Кесектин сөзү 96
Семетейдин сөзү 96
Ормонбектин сөзү 97
Семетейдин аттанганы 98
Айчүрөктүн сөзү 98
Айчүрөктүн каргышы 99
Айчүрөк каргышын кайта кайтарганы 100
Ысык-Көлдүн көрүнүшү 101
Мырадылдын аттарды алганы 103
Мырадылдын жайы 104
Бакайдын арманы 106
Ак кулжаны атканы 108
Кумайыктын түлкүнү тиштегени 109
Акшумкарга куу өрдөктү алдырганы 110
Кыл-Эртиштин көрүнүшү 112
Жылкынын түрлөрү 113
Коңурбайдын келиши 114

Семетейдин Эртишти арзышы 117
Карагулдун сөөлөтү 118
Семетейдин Карагулга алдатканы.....119
От жаккан баланын түшү 119
Семетейдин сууга агышы.....123
Жылкы тийүү 126
Чоролордун кошулушу 127
Карагулдун Коңурбайга барышы 128
Коңурбайдын аттанышы 129
Коңурбайдын Күлчорого алдатышы 131
Семетейге Коңурбайдын огу жаңылганы 136
Мырадылдын өлүмү 140
Семетейдин Таласка келиши 141
Карагулдун Коңурбайды жоктогону 141

КОҢУРБАЙДЫН ТАЛАСКА ЖҮРҮШҮ

Коңурбайдын сөзү 142
Нескарынын сөзү 144
Колдун жүрүшү 145
Колдун Таласты басканы.....146
Айчүрөктүн түшү.....147
Каныкейдин сөзү.....148
Уруш 149
Чабалдай 149
Семетей менен Чабалдайдын сайышы 150
Коңурбайдын өлүшү 154

СЕМЕТЕЙДИН ӨЛҮШҮНҮН БЕШ СЕБЕБИ ҮМӨТӨЙДӨН

Семетей менен Үмөтөйдүн жоо болушу 160
Үмөтөйдүн Таласка жүрүшү.....162
Үмөтөйдүн сөзү.....163
Алымсейиттин сөзү 164
Акэркечтин сөзү.....164
Тынымсейиттин сөзү.....165
Элчилердин сөзү 165
Канчоро менен Чачыкейдин чыккынчылыгы 171

КЫЯЗДЫН КАЛКЫНА КЕҢЕШКЕНИ

Кыяздын сөзү 177
Төлөктүн сөзү.....178

Кыяздын Таласка жүрүшү....180
Семетейдин түшү....181
Айчүрөктүн түшү....182
Каныкейдин сөзү....183
Уруш....184
Кыяз....185
Тоотору....186
Семетейдин өлүмү....187
Канчоронун хан болушу....189
Кыяздын Айчүрөктү алганы....189
Айчүрөктүн көчүшү....190
Элдин арманы....193
Бакайдын арманы....196
Канчоронун кылыгы....197
Кыяздын Жет-Кайтка барганы....198
Күрөш....200
Эңиш....201
Айчүрөктүн Кыяз менен турушу....202

СЕЙТЕК

Эскерме....203
Сейтектин туулушу....204
Сейтектин тою....209
Күлчоронун абалы....216
Сейтектин өсүшү....229
Сейтектин ата жөнүн угушу....233
Жылкычылардын өлүшү,....241
Күлчоронун калыбына келиши....241
Кыяздын жеңилиши....257
Күлчоро, Сейтектин көчүшү....266
Сейтектин үйлөнүшү....290
Кара дөөнүн урушу....297
Куялынын урушу....311
Корутунду....329

КЫРГЫЗ МАКАЛ-ЫЛАКАПТАРЫ

Түзүүчүдөн....332
Көөнөрбөм көркөм мурас....335
Алфавит тартибине салынган, кайталоолору кыскартылган жана редакцияланган варианты....337

А 337
Б 346
Д 354
Ж 355
З 367
И 367
К 369
М 385
Н 388
О 388
Ө 391
П 394
С 394
Т 399
У 405
Ү 407
Ч 408
Ш 410
Ы 411
Э 412
Ы. Абдырахмановдун эсинде сакталып жазылган
кыргыз макал-ылакаптарынын кол жазмасы 417

Илимий-популярдуу басылма

«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер»
сериясы

ЫБРАЙЫМ АБДЫРАХМАНОВ
МАНАС, СЕМЕТЕЙ, МАКАЛ-ЫЛАКАПТАР

Түзгөндөр
Кубат ИБРАИМОВ, Нарынбек ӨСКӨНАЛИЕВ
Тех. редактору *Н. Тилекматова*
Корректору *А. Бекболотов*
Компьютерде терген А. Бекболотов
Компьютердик калыпка салган *Б. Өмүров*

Терүүгө 10.10.2018-ж. берилди.
Басууга 10.12.2018-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 70x100. $^{1}/_{16}$
Көлөмү 33,0 б.т. Нускасы 500. Заказ № _____

«Полиграфбумресурсы» басмаканасында басылды.
720071, Бишкек ш., Сүйүнбаев көч., 144/23
Тел.: (0 312) 43-20-75, (0 312) 43-19-51